КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

*«Окурмандын китеп текчеси» сериясы*

35-том

**ШҮКҮРБЕК БЕЙШЕНАЛИЕВ**

# БОЛОТ КАЛЕМ

Академик Абдылдажан Акматалиевдин
жалпы редакциясы астында

БИШКЕК
«ТУРАР»– 2018

УДК
ББК

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151-б.) негизинде жарык көрдү

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды

Редколлегия:

| | |
|---|---|
| Акматалиев А.А. | Мусаев С.Ж. |
| Байгазиев С.О. | Садыков Т. |
| Жайнакова А.Ж. | Токтоналиев К.Т. |
| Маразыков Т. | Эркебаев А.Э. |

«Окурмандын китеп текчеси» сериясы: 35-том. **Шүкүрбек Бейшеналиев. «Болот калем».** Роман. Экинчи китеп. – Б.: «Турар», 2018. – 646 б.

ISBN

«Окурмандын китеп текчеси» сериясынын бул томуна Шүкүрбек Бейшеналиевдин «Болот калем» романынын экинчи китеби берилди.

Китеп жалпы окурмандарга арналат.

УДК
ББК

ISBN ____________________

© КР УИА, 2018
© «Турар», 2018

## ШҮКҮРБЕК БЕЙШЕНАЛИЕВ
*(1928–2000)*

Кыргыз Республикасынын Эл жазуучусу, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты. Кыргыз Республикасынын адабият жана искусствосуна эмгек сиңирген ишмер жана Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин X чакырылышынын депутаты, көрүнүктүү коомдук ишмер Шүкүрбек Бейшеналиев 1928-жылы Кыргызстандын азыркы Нарын облусуна караштуу Ак-Талаа районундагы Куртка айылында туулган.

Жазуучунун балалык чагы Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарына туш келгендиктен, кыйынчылык жагдай-шартка жараша убагынан эрте жетилген курбалдаштары сыяктуу турмушка эрте аралашып, толук эмес орто мектепти, башкача айтканда 7-классты бүтөөрү менен эмгек жолун баштоого аргасыз болгон.

Ал 1943-жылы Нарын шаарында ачылган алты айлык мугалимдер курсунда окуп, андан соң орто мектепте мугалим, директор болуп иштеген.

Жазуучу 1946-жылы Нарын педагогикалык окуу жайын экстерн бүтүрүп, 1948-жылы университетинин филология факультетине өтүп, аны 1952-жылы ийгиликтүү аяктаган.

Мына ушундан кийин анын ишмердүүлүк, чыгармачылык жолу башталып 1952–53-жылдары СССР Илимдер Академиясынын Кыргызстандагы филиалындагы Тил жана адабият институтунда илимий кызматкери болуп иштеп, 1953-жылы «Жаш ленинчи» журналына редакторлук кызматын аркалап, 1956–59-жылдары «Ленинчил жаш» гезитинин редактору болуп иштеген.

1954-жылы Кыргызстандагы жаштар уюмунун Борбордук комитетинин секретары болуп шайланган.

Мындан кийинки жылдары ал Кыргызстан жазуучулар союзунун секретары, чет өлкөлөр менен достуктун жана маданий байланыштын Кыргызстандагы Коомунун президиумунун төрагасынын орун басары, төрагасы болуп коомдук иштерде активдүү кызмат өтөп, 17 жылдай чет өлкөлөр менен достук жана маданий байланыш коомунун жетекчиси кызматтарында иштеген.

КМШнын Жазуучулар союзунун Эл аралык шериктештигинин башкармасынын жана анын Балдар жана өспүрүмдөр адабияты боюнча Кеңешинин мүчөсү, Кыргызстан Жазуучулар союзунун башкарма мүчөсү, анын алдындагы Балдар жана өспүрүмдөр адабиятынын ассоциациясынын Президенти, коомдук өнөктүктөрдүн демилгелүү катышуучусу болгон.

Анын чыгармачылык жолу 1941-жылы «Колхозчу» гезитине кабарчы болуп эмгектенген убактан башталып, макалалары, очерктери, ырлары облустук, республикалык гезиттерге үзгүлтүксүз жарыяланып турган.

«Чыныгы достук» повести 1950-ж. жарык көргөн. Жазуучунун «Таалай жолу» (1964), «Болот калем» (1981), «Даңкка жараша жүк» (1973) аттуу романдары окурмандардын сүйүп окуган китептерине айланып, «Таалай жолу» романы өз кезинде кыргыз адабиятындагы публицистикалык маанайда жазылган, кыргыз интеллигенциясынын өсүү, калыптануу эволюциясын чагылдырган алгачкы роман катары адабий чөйрөдө да, окурмандар арасында зор кызыгууну жараткан. Ал эми «Болот калем» романында алгачкы кыргыз агартуучуларынын бири, жазгыч акын Тоголок Молдого арналган, анын жашаган доору, чыгармачылык-агартуучулук ишкердүүлүгү, жеке турмушу, акын болуп калыптануусу, адамдык-инсандык өмүрү көркөм сөздүн күчү менен жогорку чеберчиликте берилип, акын-агартуучунун көркөм кайталангыс образы ачылган.

Жазуучу кыргыз балдарына жана чет элдик окурмандарга рухий байлык тартуулаган «Кычан», «Ак тайлак», «Мүйүздүү козу», «Чабалекей», «Аманат», «Сарыбайдын уулу» аттуу көптөгөн чыгармаларын жараткан. «Кычан» аттуу повести,

албетте, советтик түзүлүш кезиндеги жаш жеткинчек балдардын социалисттик түзүлүштү чыңдоого, анын душмандарына каршы күрөшүүгө активдүү катышуусунун Кыргызстандагы үлгүсүн чагылдырган. Ал өз кезиндеги саясий баа-баркы, тарбиялык таасири өзгөчө бааланып, баш каарман Кычан коомго ак кызмат кылуунун үлгү каарманы катары көрүнгөн. Балдар жазуучусу катары Бейшеналиевдин калеминин курчушуна дал ушул «Кычан» повести чоң сыноо болсо, андан кийинки «Мүйүздүү козу» повести анын дүйнө жүзүнө чыгаан балдар жазуучусу катарында таанылуусуна чоң түрткү болгон. Ш.Бейшеналиевдин чыгармаларынын ичинен жогоруда аталган «Кычан» жана «Мүйүздүү козу» аңгемелери дүйнөнүн бир нече тилдерине которулган.

Ал жалаң гана проза жанры менен эле алектенбестен, драматург катары да белгилүү болгон. Анын «Уядан учкандар», «Бойдоктор», «Кычан», «Тоо койнундагы гүл», «Тоо ханышасы», «Дос», «Мейман», «Уста жана шакирттер», «Кайра жашарган өмүр», «Багынбас акын» («Байымбет») пьесалары жазылып, театрларда коюлган.

Шүкүрбек Бейшеналиев котормодо калемин сынап, дүйнөгө белгилүү жазуучулар Л.Н.Толстой, А.П.Чехов, Г.Ибсен, М.Шолохов, К. Федин, М. Айбек, С.Муканов ж.б. чыгармаларын кыргыз окурмандарына тартуулаган.

Ошондой эле анын чыгармалары дагы дүйнөнүн элүүдөн ашык тилине которулган.

Ушундай чыгармачыл даңктуу эмгеги Ш.Бейшеналиевге көптөгөн зор ийгиликтерди алып келген. «Мүйүздүү козу» аңгемеси үчүн 1976-жылы эл аралык Г. Х. Андерсен атындагы ардак диплому ыйгарылган.

Мындан сырткары ал Кыргыз, Украин өлкөлөрүнүн Жогорку кеңештеринин Ардак Грамоталары менен, ошондой эле Монголия, Бүткүл дүйнөлүк Тынчтыкты коргоо Советинин, Бүткүл Союздук достук коомунун, «Тынчтыкты коргоо ишиндеги салымы үчүн» Ардак грамоталары жана көптөгөн орден, медалдар менен сыйланган.

## ДААНЫШМАН АКЫН

Соңку сегиз жылдын ичинде жерден серпилип, көк мелжий дүңкүйгөн ушул бийик даванды Байымбет үчүнчү мертебе таянышы. Ооба, үчүнчү мертебе таянышы. Мурдакы эки жолкусунда асман менен жердин ортосундагы бул заңкайган чокуга көтөрүлгөндө аялдап, жүрөгүнүн өрөпкүгөнүн баскан, атынын жонун сергиткен... Анан Кетмен-Төбө өрөөнүнө шар эңкейген.

Эми мындан аркы жолу мууналып тык токтобоспу. Бу жерге ал эңсөөнүн күчү менен канчалык күүлөнүп жетсе, ошончолук эңгиреди. «Эңсөө». – Адамдын жан, жүрөгүнө сыйбай канат бүтүргөн сыйкыр күч бейм. Ошондой. Эңсөө – түпкүрдөн, тоо, ташты жарып атылган кайнар булак сымал.

Байымбетти бу саам мынчалык эңсеткен Токтогулу, анын адам баласынан өзгөчө жаралган тагдыры.

«Газават чыгарган анжыяндык ак эшендин капшабына шылтоолоп Токтогул акынды «Жети атанын» таламдаш тың азаматтары менен Наманген набагына камаптыр» – деген суук кабарды Курткадагы Байымбет кулагы чалаар замат карбаластап, кантсе да ага жетүүнү көксөдү. Достун ким экендиги кыйынчылыкта билинет. Тор тузакка чалынган шумкардай, камактагы Токтогулдун жылтыраган көзүн көрүп, жүздөшүп, сөз чагыштыра калса көксөөсү суур. Эл, жеринен ажырап мусапырчылык башына түшкөн Токтогулуна жети катар жер түбүнөн сопоюп кур кол барабы. Көчмөн, жоокерчил, ат жалына казан асып көнгөн калктын узак сапар чеккенде бөктөрүнө жүрүүчү, көпкө бузулбай сакталчу «күлазык» тамагын жасатты. Семиз токтунун этин бүтүндөй майда туурата куурутуп кургаттырды. Аны бал кымызга көөлөткөн буудай талканга аралаштырды. Күлазык аралашмадан чөйчөктөгү ысык сууга чымчып салса... алданемедей жыты буруксуп, бал кымыз, токту эти, буудай талкан аралаш даамын арттыра тилине татып оборун тойгузду.

Таппасаң сыйпалап кал. Байыркы элдин сынынан өткөн күлазык набактагы Токосуна өзөк жалгатаар тамактыкка жарайт. Ачуу тагдырлаш жоролору менен кайнак сууга салып, буркурата даам татканда Байымбетин эстээр.

Күлазыкты жаңы быязы куржунга солоп Кашгарысына бөктөрүп, азандан аттанды. Шакылдата катуу жүрүп отуруп акшам күңүртүндө Тогуз-Торого киришти. Булкулдаган кара суунун шаркыратмасына орноткон, жайдыр-кыштыр шакылдап тынбаган тегирмендин ээси, дыйкан досу Тезекбайга байырлашты. Дан, нан жыттанган буйгуттагы тегирменчи аягы үзүлбөгөн ар кыл кардарынан нелерди гана эшитпейт. Айтор, Тезекбай Токтогулдан да кабардар экен.

– Молдо Байымбет, доссуң, тилимди ал. Антаңдабай ушерден тизгиниңди тарт. Айласыз ишке көнбөсө болбос-с. Токтогул ак падышага каршы элди көтөрүп газаватка кошулду деп жыйырма беш жылга кесилиптир. Наманган набактысынан түпкөрүгө кеткен темир жолдогу от арабага шыкалып, колу, буттары кишенделип Шиберге айдалыптыр. Атаганат, жетип жүздөшүп калсаң эмне. Эми кур жер сыйпап кайтканда, ого бетер куруйсуң го. Коштошо албай калган досуңду кошсоң ушерден кош, өксөсөң өксө.

Байымбет аңды-дөңдү карабай жетүүгө зымырап келатканында байкоостон, маңдайына союл урулуп көмөлөнгөндөй талмоорсуду. Үн сөз дебей ымырап-чымырап дулдуйду. Чоң чай кайнамда алдына коюлган, кырма аяктагы көбүргөн арпа максымды калтыраган колуна өйдө көтөрүп шак жутту. Терең үшкүрүнүп, оор обдулду.

– Тилимди албадың деп капа болбо Тезекбайым. Жер сыйпап карайлаган мен кургур тоо булбулу Токтогулду сенин тегирмениңден эмес, аны алпештеп торолткон, булбул авазына термелген, акыры минтип жылуу коюнунан суук колго көз көргүс жайга тарттырган Кетмен-Төбөнүн четине жетип, тоо-ташын кучактап өксөйүн. Көксөөмдү суутайын. Эми менин да танабым тарып бүттү. Кайрылып өзүңө келем Тезекбайым.

Демейде аяп бастырчу Байымбет аттын жанын көзүнө көргөзө, алка-шалка демиккенине карабай, тизгиндеш катарынан

калбаган Кашгарысына да түштүк жол бою эч тил катпай шакылдата жүрүп отуруп, Тогуз-Тородон өтүп, Кетмен-Төбөнү көздөгөн аскар белдин тал чокусуна жеткенде гана тизгинин жыйды. Астындагы чабдар жорго ээсинин өмүрүндөгү мындай кыйноосуна зорго чыдады белем, үстүнөн ээси түшөр замат, омуроосунан тер көбүктөрүн чачырата силкинип, кишенеп, чаткаягын талтайта сийдигин селдетти.

Кашгары күйүккөн аттардын ээрин жайдактады. Байымбет тал чокудан эңиле алакандай тептегиз Кетмен-Төбө өрөөнүнө, салаа-салаа жогору тилкеленген өзөндөргө, Токтогулу мекендеген жайыктарга томсоро телмирди. Карааны чалдыкпай калсын. Кантсе да кулагына Кетмен-Төбөнүн керме тоолорунан калкыган керимсел Токтогулунун кубулжуган авазын, комузунун мукам күүлөрүн катып калгандай элдир-селдир кулагына себелетпейт.

Капталдагы караган черлүү беттен шыйрактуу мылтык асынган жапырак малакай, таар кемсел, жаргак шым, томугун ашыра текенин терисинен чарык тартынган Мерген жайдак ашууда узакка байырлап, негедир түнөөчү ниеттенген жолоочуларга салам айта чыга келди. Ал жайды сураштырса, сарттар уруусунан, Токтогулду жакшы билген эргул экен, Тезекбайдын айтканын бышыктады. Токтогулдар Наманген камагында эки айча жатыптыр. Темир жолдо зырылдаган жыгач үйдөй ичи кенен сүйрөмө арабага шыкап ичкериге кишендеп, ар кимин бирден куралдуу жасоол желкелеп камап кеткенин өз көзү менен көрүп узаткандардын ичинде болуптур. Тоголок Молдо акынды да Токтогулга келип, ээрчишип элге эрмек-зоок куруп жүргөндөрүн эскертип тааныганын айкындады.

– Жайдак белде эңгирегенде эмне чыгат. Мергенчилердин үңкүрүнө байырланыңыздар. Кеч да кирди. Эртең жол тартаарсыздар. Үңкүрдө жаңы аткан кайберендин эти бар. Таш кордодо чүйгүндөлүп бышып жатат. Токомду ыйлап узатып, туугандары биз таппай калдык. Эми сиздер изин да көрбөйсүздөр – деген соң аргасыз үңкүргө барышты.

Мерген жерди оюп, корум таштарды кыпкызыл ысытып, кийиктин карынына толтура ич, сырт эттерден чүйгүндөтө өз

чыгына эзилип бышкыдай корумдаптыр. Эзелтен эт тамагынан даамдуусу ушу мергенчилердин «таш кордосу». Мерген көсөө менен улам үстүңкү үлөшүп кызара ысыган таштарды которуштуруп «таш кордосун», илме кайып жолуктурган насиптеш жолоочуларды дурустап сыйлоо алакетинде.

Кашгары мергендин жанказан сымалданган эски жез чарасын тулгага асып, суу куюп, Токтогулга буюрбаган «күлазыктан» «таш кордо» арашан болуп эзилип бышканча чай ордуна алпейим мерген менен даамдашууга үңкүрдүн коломтосуна от койду.

Адам барга кээде текеберленээр, жокко аргасыз чыдайт эмеспи. Анын сыңары Байымбет жазмыштын катуу өкүмүнө моюн сунуп, акыры Токтогулун көрбөсө да жерине жеткенде ага купуя арыз-муңун төктү.

– Касиеттүү Кетмен-Төбө, кана Токтогулуң?! Айрылдыңбы, тарттырдыңбы. Анын ырысыз, күүсүз, шаан-шөкөтүсүз аңгырап калдыңбы, Эркенди азапка, тозокко кантип жибердиң. О, кутман мекен, эне-жер, ата-асман ушунчалык алсызсыңарбы. Токтогулумдан түбөлүктүү ажыраттыңарбы. Жо-о. Утурумдук. Азабын көрүп, шорун тартып, акыры жердин түбү Шиберден аман кайтарганга кудуретсизсиңби?!.

Курбусунан, ардагынан айрылган акын муң-зарын тоо, ташка, обого, желге айкындап, жедеп ачышкан көкүрөгү басаңдап, көксөөсү сууңку тартканда от жанган коломто жээгиндеги мерген менен шакиртине Токтогулду эскере, качан, кандайча жолугуп, баарлашканы, сынашканы, жактырышканы, ынактыгы жаатында баян курду. Антпесе кантип жаны жай табат да, санаасы тынчыйт. Эскерүү жоготконду табылткандай, алыстаганды жакындаткандай көөндү жооткотоор каниет эмеспи.

Адегенде Токтогулдун кимдигин, ага, элге, жамыятка кандай касиет, күч менен барктуу, ыйык сезилгенинен апчый баштады.

– Токтогул, ким? Атаганат, ордун сыйпап кайсалаганда, карааны көздөн учканда анын салабаты ого бетер барандуу, даана чагылып отурбайбы. Токтогул көркөм өнөрдүн ар кылын: даанышман ырчылыкты, акылман чечендикти, азем комузчу-

лукту, шаанилүү шайырлыкты, ажайып куудулдукту куюлуштура кунунан ашырган пендеден чыккан шайырлардын пири.

Туруктуулугу, жүрөктүүлүгү, өткүрлүгү, жугумдуулугу, таалимдүүлүгүчү. Токтогулдун күчү – өзүлөрүн журттун башы аташып зоболосун көкөлөткөн залим манаптарга тайманбай шамыян кайрып бетме бет кармашка чыкканында. Көпчүлүк букара журттун таламын талашканында. Токтогул андай эр жүрөк акыйкатчылыкка кантип жетишти дээрсиңер. Ойлоп, ойлол башты чагып, мен бу чындыкка такалдым. Токтогул сары ооз балапан чагынан шордогон букаралардын арман, датын оозанып, боюн жерден көтөргөндөн азабын бирге тартып чоңойду.

Адилетсиз ажаан замананын элди бай менен жардыга, азуулуу менен макулуктарга эки ажырым оолак бөлүп, бирөөнө жем, экинчилерине жан керектетип айыгыштырып, тытыштырган ачуу чеңгелдин мыжыгуусунан кутулууну эңсеп эрезеге жетпедиби. Оту менен киргизип, күлү менен чыгарып адал күчүн соруп, семирип, эсирип, кайра өзүлөрүн тепсеп телмирткен зулумдарга калың букаралардын айталбас арыз, даай албас датын Токтогул ачык айкындап жар чакыра, карама-каршы тирешке айбыкпай чыккан эр жүрөк кол башчыга айланбадыбы.

Токтогулдун кор тарткан элди догдото түрүлтүп ээрчиткен жеңиштүү чоң казаты – ыйыкталган төбөлдөрдү «Беш каман» атка кондурган айыгыш. Жергесиндеги тукум кууган бийлөөчүлөрдүн соңку манабы Ырыскулбектин «Беш датка» атыккан уулдары: Дыйканбай, Акмат, Атакан, Миңбай, Мырзакан жегичтерди Токтогул тартынбай «Беш каман» атап жумурай журтка түп көтөртө жатталган мына бул өткүр ырды жардабадыбы.

Ырыскулбектин беш уулу
Жегениң менен шашпагын.
Ынтымак кылып букара
Жедирбес жакка баштаган.
Жеткирбейт сени айлына
Жети атанын таш бараң.

Таш бараңга батпайсың
Ырыскулбектин беш каман.
Пейилиң тар жемекей
Беш жаман эмес – беш каман.–

Топту толкутуп, кайрат, дем байлаткан Токтогулдук касиет мына ушинтип аларды эзген «ыйык даткалар эмес», «беш каман» экендиктерин тааныта үндөп, аларга каршы тирешке чакырганында. Калайык аны ардактап калка туткан, атакка жеткирген да ошол курч кайрык, шаңдуу шаңшыш. Токтогулдун колдоочусу калем ордуна кармаган комузу. Комузу колунда, сөзү оозунда, жүрөгү көөдөнүндө турганда Токтогулдун өнөрү дайыма сымаптай мөлтүр, тирүү, туйлаак, жаңырып, жаңыланып кулпура берет.

Жетим, жесир алсызга
Карабадың беш каман.
Жетилсин деп жардыны
Санабадың беш каман.
Жеп-ичкенден башканы
Каалабадың беш каман.

Кайсы гана акын минтип букаралардын мүдөөсүн сөз жебесине саптап, азуулууларга таамай мээледи экен?!

Тэ-э алгач 1890-жылы Токтогулга жүздөшкөндөгү сөз катышаар замат ышкыны ырбаткан залкарлыктын зээрине кандайча оп тартылганын эскерип, Байымбет азыр да аң-таң. Токтогулдун чийкил кызылдуу жүзү нурданып, учтуураак салыңкы мурду аба жарып алыска кайкуучу шумкардыкындай кырданып, жазы маңдайынын жапсарындагы курч көздөрү кубула ойноктоп, чокчо жээрде сакалы эр азаматтын көрк ачаар белгисиндей тал талынан кулпуруп, дидарынын ыймандуулугун арттырган. Багалчагынан келген чарчы денеси, бүт тулкусу булчуңга чыңалган балбан сымалдантып, оң колун чыканагына дейре түрүнүп комуз кылын не ажайып кубулжута манчаларын ойку-кайкы туйлатканда, күүнү коштогон аваз көкүрөгүнөн өзүнөн өзү ойкуштай жыбылжып жанда жок өзгөчө жаралган шайырлыгын ар отурушта ар башка түрлөнткөнүчү. Ошондо Байымбет Токтогулдун көксөгөнүнчө бар экендигине дароо көөнү толбоспу.

Өңгөсүнөн жыл сүрүштүрө жаштары тең чамал жарык дүйнөгө келген перзенттер так оолжуган отуздун кырында жолугушкандарына курсанттанышпаспы. Баарлашуу, алмак-салмак акындык жосундарга таанышуу, бара-бара сырлашууга айланбаспы. Акыл, шаанилүүлүк жагынан да, курбулук жагынан да жакындыктарын туюшуп, бирин-бири байытып эриш-аркак өзгөчөлүктөрүн өткөрүшүп ынактыка ысуулагандары ай. Токтогулдун манаптарга каршы чыгуусу кошоматчы ырчы Арзымат менен беттешүүдөн, аны жеңгенден башталганын Байымбет ынтаа коюп, өзүнөн сурамжылап купулун толтурбаспы. Атаганат, бул куу заманда элдик шайырды зорлорго жалданган жасакер, жанбакты ырчысы көралбай кодулаган, басмырлаган эки тагдырдын окшоштугун кара.

Керөзөн Чүй сымал, дан эгиндери жайкалып, мөмө, чөмө, жемиш дарактары жапырт өскөн жакасы бышыкчылыктуу жайык өндүр, кыштоо, жайлоолору андан жайлуу Кетмен-Төбөнү титирете бийлеген Дыйканбай манаптын кол алдында Арзымат сөолөтүн көкөлөтө, алакалаш мыктыларын, урук-жуурат, катын-балдарына чейин мактап көзгө басаар, жарп жазаары эле. Токтогул көпчүлүк калайыкка ырдап атагы жылдан-жылга жогорулап, жалпы ардакка айланганда, Арзыматтын ичи күйүп басынтууга кекенет. Машаягына күңкүлдөп томорлордун ырчысы Токтогулду жамандап жек көрүүсүн күчөтөт. Ичинен камынып, беттешүүгө кыжынат.

Токтогулдун уругундагы Сарттардан чыккан Сопу бий атасы Керимкулдун ашына камынат. Балээге калбас үчүн аймактын баш манабы Дыйканбайды сыйлуу мейманга чакырат. Нечен өргөөлөр көтөрүлүп, сансыз мал союлат. Бийлөөчүлөрдүн салты боюнча Сопу бий букараларына чыгым чачат. Бардарларга союшка мал, дыйкандарга нан, боорсоктук ун, жакырларга отун салат. Жону жука Токтогулга төрт өгүзгө баса отун жеткирүүнү буюрат. Токтогул айылдан, өгүз, ыңырчак, аркан, балта, чот чогултуп, ымалалаш курбусун ээрчитип толойлуу тоо жакалай жөнөйт. Каруу күчкө толукшуган эки азамат куураган арчадан додолонто кыйып, чегедектерден жыйнап төрт өгүзгө зыңгырата отунду Сопу бийдин, жаңы журтка, ашка тиктирген

айылына жеткирет. Жалпы элдин намысы сыяктанып, Сарттар уруусундагылар жапырт Сопу бий тууганынын атасынын ашын дурустап өткөрүүгө, конок алууга күтүнүшөт. Казылган кемегелердин жанына отунун жаңыдан түшүрүп, аргамжыларын түрүп туугандык парызынан кутулганына күдүңдөгөн бейкапар жигитти дүпүлдөтүп чаап жеткен бирөө карбаластатпаспы:

– Токтогул, жүрү токтоосуз мени менен.

– Кайда?

– Сопу бийдин үйүнө ашка чакырылган Дыйканбай озунуп келиптир.

Коопсунуп барса дардайган ак өргөөнүн төрүндө Дыйканбай чатырап менменсинүүдө. Салам айтып ийиле кирген Токтгогулду көрмөксөн, укмаксан ыксыроодо. «Айылыңдан Токтогул деген ырчы чыгыптыр, Алдыр, байкайлы» дегенинен, Сопу бий чабаганчы жөнөтпөдү беле. Ошондуктанбы, ал кыйпычыктап баш манапка мекиренди:

– Алиги Токтогул ырчыбыз мына.

Дыйканбай ыңгыранып башындагы кулпурган суусар бөрк менен, жонундагы суп чепкендин алтындалган жакасын тиреген булкуйган моюнун саал кыйшайтыбыраак, кызылдуу эткел бетин бултуйта, магдыраган майлуу көзүн тумандата Арзыматка бурулду.

Көндүм Арзымат ээсинин жаңдоосун дароо түшүнүп чертип жаткан комузун Токтогулга сурдана тигилип үнсүз узатты. Токтогул заар манап менен жытыгышкан ырчысынын тилсиз арбашканын байкады, негедир алигин албай, суук көз менен жылдырган комузду күүлөп, «сынамакчы, сындырмакчы» каарды боолголой, калтаарый да, чыйрала да колун кызытып, жүрөгүн балкытканча «Мырза кербезди» безелентти.

Урматтуу меймандары термелбеген соң, ниетинде өз тукумунун ырчысынын өнөрүнүн артыктыгын айкындатууну каалап, Сопу бий Токтогулга сакалын экчеди:

– Үн кош. Тартынба.

Токтогул ылым санаган сүрөөгө демдене каткан аяздай мисирейген Дыйканбайды нымшытаарлык, жашы улуулугуна карабай өчөгүшү бардай өктөм акыйган Арзымат ырчыны акындык

абийирдин ылайыктыгына үндөөрлүк «нусканаң, салттуулуктан» термөөнү закымга кыялында калкытып өттү да, комуз күүсүн шаңшыта, ага шыңгыр добушун коштото чайкады:

Булбулдун көркү гүлдө бар
Ырчынын көркү үндө бар.
Ак шумкар учса асманга
Амалың болсо үндөп ал.

Аргымак көркү жалында
Алманын көркү шагында
Ак жолборс келсе тартынба
Алтын башың барында.

Акын сөз оттугун болжогонундай тутантканын, чиренген манаптын каткан болук денеси болк эткенин, «бу кандай оңбогур» дегендей одурая ага көз агытканын баамдады.

Сопу бий жайкаңдай, жарадың, «дагы чабаганда» ишааратын туйгуза кымкап чапанынын кең жеңинен бармагын кылтыйта кайкалатып эки-үч ирет жогору серпти.

Токтогул ак көйнөгүн булайта, быязы кемселинин оң жеңин шымалана түрүнүп ондоп комдонуп чабытын кайкытты:

Кужүрмөн эрдин күчү өтөт
Күмүш менен алтынга.
Күчүң барда эр жигит,
Күмүш өңдүү жалтылда.

Кылычтын көркү курчунда
Кундуздун көркү сыртында.
Алышкан душман жоо келсе
Азамат көркү журтунда.

Тааныш, уккан сайын кумар курчуган өз булбулунун доошу аштын камындагы туугандарын үйдү курчалта, үстү-үстүнө чогулта берди. Дыйканбай жал, казы чайнай карышкырдыкындай түбү бекем арсайган тиштерин кычырата акыраңдады:

– Топур-раган арсыз сарттар-р…

Сопу бийдин ичинен кайнаган ызасы жүзүн албыртып, көзүн каканактатты. Дыйканбай канчалык опурулса каяша айтууга

алы кайда. Жыты тууган, уруунун мыкчыгери Сопу бийдин сынган шагын, жалпы эле «топураган арсыз сарттардын» намысын тебелеген эсиргенге Токтогул да тырчыды. Чымырканып «бооруң бирге бурайсың, үйрүң бирге чубайсың» купуя күбүрөп, саамга тына, кайраттана үнүн эргите шаңкылдады:

Ынтымак болсо калкында
Душманыңдан тартынба.
Айбаты бар жигиттин
Атагы калат артында.

Өргөөнүн көркү келинде
Келиндин көркү иренде
Аныгын, чынын билбесең
Азамат сөзгө күүлөнбө.

Акындын көөмөйүндөгү кыйытма маани ким-кимисине жеткенсиди. Бакисинен мансабы пас, көз каранды, ан үстүнө аш ээси Сопу бий катуу чочулай мыртыгый алаканын куушуруп мурутун бурай оозун мөөрлөй басты. Токтогул аңдады: «Арстандын куйругун бастың, балээге башыбызды чырмаба. Бур тизгинди».

Үй ээсинин жаңдоосун, дүрбөлөңүн Дыйканбай да, Арзымат да байкады. Дыйканбай «Томорлордун чымыны чагымыш этти. Битке өчөшүп көйнөгүңдү отко ыргытпа». Астапырылла, тскирендесин дагы. Көрө жатаарбыз. Журт башысынган Сопу бийи титирегени соолгурун сөккөнү» – деген пейилде «Кана дагы уга түшөйүн. Узат» дегендей күржүйгөн чыкыйын кашымыш эте тебетейинин кырын өйдө көтөрүп кулагын ачты.

Токтогул үрпөйгөн Сопу бийин да жайкай, келберсиген улукту да уңгулуу насыятка тундурчудай күүсү менен үнүн жарыштыра жайкаңдай шайбырлатты:

Темирдин көркү өгөөдө
Дарактын көркү мөмөдө.
Баатырдын көркү маңдайда,
Чечендин көркү таңдайда.
Бирер түркүн эр жигит
Жемиштей жүрөт ар кайда.

Арзымат жана тийишип такылдаган Токтогулдун толорсугун кыйдырбай төрөпейили кармап магдыраган олуясына таарынычтуу үтүрөйдү. Анысы кыйыгынан сол көзүн аңтарды. «Кайда сенин жанды койбой, Камбарата айгырымын, сарттардын ырчысын желкеден чайнап чөгөлөтөм деп азууңду кайрап жүргөнүң. Баштабайсыңбы».

Ошону эле күтүп тургансып Арзымат Токтогул безеленткен комузуна колун созуп:

– Көмөкөйүңдү көлкүлдөтүмүш болосуң. Кызыталак мени менен айтышууга кандайсың? – деди.

Токтогул бу капилет качырышка аптыга, бирок заматта кайраттана башын чулгуй күрсүндү:

– Өнөрүң болсо өргө чап. Качмак белек.

Арзымат сөөмөйү тиер тийбесте эле обонго келе, деле укмуштуудай элпек күүлөнгөн комузун шаңгыратып, улагадан берээк, андан төмөнүрөөк отурган Токтогулга бетме-бет алчылана малдаш токунду.

Ажаан Дыйканбайдан айбыгып, аймактагы ырчынын эч кимиси астына чыга элек, азыр да ошол таянган тоосунун бийиктигине чиренип айтышууга батынган Токтогулду топурак мурундатаарына дөөгүрсүгөн Арзымат жардангандарды өзүнө тарта жоон, жумшак үнүн солкулдата таштады.

О-о, Кетмен-Төбө элинин
Хан Дыйканбай туусу ушу.
О-о, сыйынгын мага Токтогул
Мен хан Дыйканбай ырчысы.
Казы, карта чайнаган
Карк дөөлөткө тунчусу.
Касиеттүү ханымдын
Дөөлөтүн мактап турчусу.
Кур какшаган томордун
Зикирин кагып куучусу...
Деңкейген жакыр сарттардын
Демин басып буучусу...

Андан ары Арзымат Токтогулдун тексиз жерден чыккандыгын, жакырлыгын, атасы Сатылгандын айласыз начардыгын,

салтанаттуу шаан-шөкөт хан, датка, манап, байлардын чардоосу менен өтөөрүн, анда жарп жазаар Арзыматтай азуулуу, кастарлуу, ишенимдүү ырчылар гана болорун, Токтогулдай томорлордун эрмеги андай ченге жолой албастыгын, терс аяктанып мартабалууларга тил тийгизсе тилеги таштай катаарын, ошондуктан жылкысына карай ышкырып, ага жүгүнүп пир тутуп күн көрүүсүн, булганыч сөздөрдү кошо шылдыңга каптады.

Эшикте шыбыш-шубуш эбирешип, үйдө үңкүйүп жылдыздары түшкөн сарттарды көрүп Арзымат короздоно «Калтаарып каяша айталбай калдың го» ниетте комузун чийкил жүзү кызара тикирейген Токтогулга маалкай сунуп, маасысынын копчунан чакчасын суурду.

– Улууну урматташым керек эле. Арзыке, сиз, улуулуктун дагы, акындыктын дагы салтын булгадыңыз. Аттуу, баштуу агаиндердин көзүнчө абийирге карабадыңыз. Алдын жетишинче жооп кайрыйын – Токтогул сырткы дидары ызалыкка албырган менен, ичинен чыйралып, комуздун күүсүн узагыраак кайрып, дилинен чубурчу түрмөктөрдү сапырылтып өттү да, толукшуган азамат шаңкылдаган авазын бийиктетe созду:

Кардың тойгон жериңде
Ханды көрсөң мактайсың,
Кошомат кылып ханыңа
Карыпты көрсөң каптайсың
Хан Дыйканбай үйүндө
Жүргөнүңдү ырдадың.
Кошоматка кой союп,
Күлгөнүңдү ырдады.
Бай, болуштун алдында
Сен да билгениңди ырдадың.
Казы менен картага
Тойгонуңду ырдадың.
Хан Дыйканбай ырчысы
Болгонуңду ырдадың.
Кара карга үндөнүп
Каркылдаган урганым!
Манапты ээрчип эт жеген

Мадырайган соргогум.
Мени жакырсың деп кордодуң.
Жакыр да болсом мен өзүм
Жаандан чыккан жоргомун.

Кыбаасы канган көпчүлүк ичтен, тыштан шарактап күлкү аттыра дуулдашты.

Жалпынын шары мененби, же элдин түрпүн байкап жасалма сырттандык, султандык «калыстыкты» көрсөтүү үчүнбү Дыйканбай да мыйыгынан жымыйды. Арзымат муздак терге нымшып алапайын таппай кайпактады. «Жараткан алла, пиримдин томорлорго кошула мени шылдыңдап жылмайганы неси? Ырчысын ызалагандын сазайын тарттырчу эле го. Канча ырчы менен жаакташпадым. Көбүн жеңип көңүлүм шагдан болуп чатырадым. Экен-токондо минтип ээрден оодарылганымда «Менин ырчымды кордогонду буга ким коюптур. Тил айыбын тартсын» дедиртип сууга салдырып көк чаначтай ийлетчү эмес беле. Ошол опузадан айбыккан ырчылар менден жалтайлап «Хандын санжыргалуу шайыры, жолуңуз, жосунуңуз улуу Арзымат акелеп мактай салып кутулчу. Бу Токтогул угуп-билип жүрсө да, антпей өпкө боорумду куушура чеңгелин апчытты. Үйрүлгөндөрдү шашкалактата келекелетип «Төө басты» кылды. Кыйынсынып эдиреңдеген Токтогулду адатынча сууга кердиртип сабатса мобереки топурап кубангандар көз көрүнөө кумсарбайт беле. Бегим, пейилиң мага тарый баштадыбы. Кана, каарыңа келип козголсоң боло». Арзымат канчалык үлүрөйүп ыйламсырап карабасын, ханы караманча кашайып, телмиргенин таназарына албай мисирейди.

Дыйканбайдын туткагы кармап, жинин күч менен тыйып отурганы. Чыкчырылган Токтогулду көкбөрүнүн серкесиндей сууга байлап жанчтырат эле. Чамгарак башка. «Жети ата» биригишип, ансыз деле «таш бараңдашып» жаңжалдарын баса элек. Сарттардын ашына азиз конок болуп тополоң түшүрүш хандык, бектик паразатты төмөндөтөөр. Жаат бөлүп, айыгышка беттери ачылып, колдору тийип калган томорлор Токтогулун карматса жапырт чабышуудан тартынбайт. Тайсалдабаган түгөттүн үгүтчү делгени чындай. Көп болсо Арзыматы дагы бир

жыгылды. Андай экен мындан ары өз арбайын сактап, жолун торгоп өйдөлөп ырдасын.

Дуулдаган жамааттын кубаттоосунан айбыккан Дыйканбай ичинен ызырынып, сыртынан Токтогулду курулай жактырган кыялданып, ниетинде кыжынып, калкка калыс өңдөнүп зымпыйды.

Эл оозунда элек жок. Токтогул Дыйканбайдын ыйыктаган ырчысы Арзыматты жеңгендиги тууралу аңыз алыска жортту. Аксым Арзыматка капысынан кабылып, өзүнүн, элинин абийирин тебелетпес үчүн пикиринде, салтында жок кармашка айласыз түшкөнүн кантсе да, жеңилген жашы улуу шайырдын, жалпы эле жамаатчылыктын жазмыштын чындыгына моюн сунулаарын эскерте көңүлдөрүн жайкап насаат сөзүн маалымдап, айта жүрдү:

...Эр жигит күрөшпөгүн балбан менен
Балбанды жыга албайсың чалган менен
– Ошону бир жыкпастан жыгылдым – деп
Өмүрүң өтүп кетээр арман менен.
Ойлосоң эр жигитке эрөөн болбойт
Жолборстон бир тайгылып калган менен

Ошондон улам да Токтогулдун өчкордук жеңишчилдиги эмес, адамгерчиликтүү, айкөлдүгү даңазаланып, анын акындык даражасынын жогорулугун эл жактырып, сөзүн жатташты.

Байымбет Бошкой ырчы аркылуу Мусакожого текөөрлөшкөнү, Токтогулдун, Арзымат аркылуу Дыйканбайга текөөрлөшкөнүндөй, а аныгы зулумдар менен калың букаранын тирешинин күчөгөнүн божурады.

Токтогул экөө алмак-салмак ушул окуяларын төкпөй-чачпай баяндашып бирин-бири көрүп билишпей алыскы тоо катмарларында бет алдыларынча кармашта бүлөнгөн тагдырларынын окшоштугуна каниеттенишкендеричи. Байымбет колунан көөрү, оозунан мээри төгүлгөн Токтогул шеригине өзүнүн Тоголок Молдо атыккан жөнүн, казал, жанытма, тамсил, ыр, жомок, улама, дастан жазып, орус дарыгеринен эмчиликти да өздөштүргөн чоо жайын копшоду.

Токтогул бажырандап:

– «Бөрү атаар уулду бөркүнөн тааны». Оңор азамат эмесиңди кайдагы Курткадан чыгынып жетип чу деп көрүшкөнүңдө эле байкагам. Байымбет, курбум, окуп, жаза билген өрнөгүң артык. Шарапаты сага далайды билгизип, далайды туйгузгандыр. Жазганың эмне, кайда, кимдерге тартуулайсың? Деги казалдарыңы кадырлап, тиши өткөн жан барбы? Ошол жаңылыктарыңдан баарласаң, бөксөмдү толтуруп, жогумду таптыргандай болоорсуң...

Байымбет а дегенде Токтогулга жалпы маалымат иретинде шарк калкынын миңдеген жылдардан бери жумурай ааламга маалим акындары, алардын китепке сыйгызып, урпактардын энчисине мурастаган дастандары, орустардын жазгыч акылмандары, агартуучулары жаатында жоруптады.

Анан окулган казалдарынын атын атаса, Токтогул затын билүүгө дилгирленип, маңызын жорго сөз, эсте калган ыр түрмөктөрүн куюлуштура күн-түн, апталап... жалгыздатып да, чогулган, чакырган топко да айттырып, чарчатпас үчүн, аны тыныктырып, өзү комузун ала таңшыганычы. Токтогул айрым казалдарды уккан экен. Кошумчалап, тактап ынтаасы арбыды. Бөтөнчө «Көр уулу», «Миң бир түн», «Алпамыш», «Кыз Жибек», «Козу көрпөш Баян сулуу», «Жусуп менен Зулайка», «Фархад Ва Ширин»... бирин калтырбай Байымбеттин көкүрөгүнө жат, чала унутулуп бараткан дастандарды баштан аяк чубап, жандооч катарында жетектеп өнөргө ынтаалуу журтун кумардан чыгарганычы.

– Молдолугуңдан береке тап. Башкалардыкынан суусунду кандырдың. Байымбет бурадар, эми өзүңдүн төл жазмаларыңа түш – Токтогул анын бар дасмиясын аңтарууга кунттанбаспы.

– Сырыңды көрүнгөнгө чачпа. Кадырлап түшүнгөнгө даректе. Токо, сенден аянбайм. – Байымбет «Манастан» тартып, «Куштардын аңгемеси», «Жер жөнүндө аңыз», «Ала-Тоо», «Уй менен музоосу», «Кожонун аңгемеси», «Иттин доолдай тиктирем дегени», «Талым кыз менен Көбөктүн айтышы», «Мергендин аялынын кошогу»... Түркүн маанидеги, түркүн ыкмадагы казалдарын окуп да, жат обондоп канча күн жаңшабады.

– Бар бол, молдо Байымбет бурадар. Оозеки айтымдан таптакыр бөлөк, жазма өнөрүң жаңылык экен. Эмдиги жолугу-

шуубузда үч ай бирге жүргөндөгү менден уккандарыңды сен кайталаба. Сенден уккандарымды мен кайталабайын. Жерибиз алыс. Зарыктырбай кел. Сөөгүм ыраазы. А деп сен таптың. Экинчи жолугуубуз да сен аркылуу болсун. Үчүнчү, андан аркы кездешиш менден. Кол үзүшпөй жүрөлү. Акыреттик доско айландык. Шашсаң жыл маалында. Шашпасаң акыркы чек үч жылдан ашпасын. – Токтогул коштошоордо анын жазмалык өнөрүн жактырып, жаңылыкка тунганына кубана, келерки кездешүүгө жолдонмо насаатын аманаттады.

Байымбет кучак айкашканда экөөнүн тең бойлору чарчысынан бирдейлигин, кантсе да күрөшкө түшүп жүргөн Токтогулдун балчайыңкы булчуңдуу, карылуу экенин бооруна чымырата кысканынан сезип, шадылуу колун узакка коё бербей бажырайды:

– Токо, жаактууда жок деген сөз толук өзүңө ылайык. Чаалыгып, чайналганда даңкыңды алыстан угуп арзып жеттим эле. Сени менен жүргөн үч ай бир күндөй билинбей өттү. Чардап, семирип баратам. Күүнү, обонду, сөздү куюлуштура жалбырттаткан кыргыз, казактын кыйла ырчысын көрдүм эле. Таланты теңдеши жок десем болбос. Сенин бакисинен өйдөлүгүң калың букара элдин мүдөөсүн колдоп, муңун муңдап, ырын ырдаганыңда. Арашан булактай улам оргуп кайнаган күчтү ошо такай чогуу жашаган калкыңан алып, кайра калкыңа берет экенсиң. Ылайым ошо кутуңдан айырбасын. Журтубузда сейрек жазмачылыгымды жерийби деп чочуладым эле. Зерикпедиң. Жаныңды таштап кабылдадың. Эки дүйнөдө тең ыраазымын. Ошол жолумдан тайгылбай уланта берейин. Атаганат, комуз чертсем мен да жалбырттамакмын. Жараткан ар кимге өз шыбагасын ыйгарат. Комуз сенин жаның, канатың. Сыз, чабытыңды чалкыт. Сага комузуң калемден элпек кызмат өтөйт экен. Өмүрүбүз дагы, өнөрүбүз дагы бап, өзөктөш экен. Айтканың моюнума парз. Көрүшкөнчө кош.

Узатып чыккан туу белден көлүктөрүнүн жонун сергитип, эки акын жөө, тамандарын жер эненин мамыгына таканчыктатып, баштарын чаңкайган ачык асман атага айматыша кайырлашкан. Жомоктогу «андай мындай дегенче, ачып көздү

жумганча» деген а деп жолугушканында эле толук үч ай жүзү чогуу жүрүп кандайча тез өткөнүн кийин коштошоордо аңдашып өрөпкүшкөнү ай.

* * *

Алгач жолугуп коштошкондогу туу белде атын тынықтырып, ичкериден чыккан басма жана төл кол китептери салмактаткан, эки көзүндө бөксө теңделген куржунун жаздана, ошондо шерттешип коштошкон убаданын акыркы чегинен өткөрбөй экинчи сапарчылаган Байымбеттин курбусу Токтогулга чукулдаган саттын арзуусу арбууда. Үч жыл оңой мөөнөтпү. Ал өзү эмне апааттарды да, эмне эргүүлөрдү да башынан кечирбеди. Токтогулдун эсен-соо камандарга чалдырбай кайраты артып сайрандап жүргөнүн эшиткен.

Тайманбай күрөшкө кирген Токтогулдай эрдин тагдыры оомал-төкмөл. Өзү болсо ыйык максатка өмүрүн сайып тобокелге башын байлады. Токтогул ошол баатырдыгы үчүн күлпөт көрөбү, же көз жашын төгөбү? Алкоого тунабы, же азапка муунабы? Кыязы, жаалы катуу жазмыш алмак-салмак экөөнөн тең буйтап өтпөс. Даңазалуу акын азыркы тапта карааны арбын калың букара журттун кастарлоосунда, азчылыгына карабай арааны жүргөн ажаан зулумдардын жекирүүсүндө. Кетмен-Төбө, Үч-Терек, Арсланбап, Ачы аймактарындагы элге бийлик жүргүзгөн Дыйканбай, Акмат, Керимбайлар… Токтогулду журт бузаар атап, тилегин катырууга кезенгендери эпсиз.

Акылман баш көз – насаатчы, жүрөктүү колбашы катарында дем байлатып, биримдикке топтогон Токтогулду жети атанын букаралары жанын курмандыкка чала таш бараңын күүлөп коргогонунан гана «беш каман» ачык качырып сыйыртмак салуудан айбыгып, жаагын жап кылуу, жазалоонун ыгын издешүүдө имиш. Андан бери үч мерте кар басты, үч ирет гүл бурап, көктөм көйкөлдү. Токоң торгой таңшыгын күчөнө безеп, жеке Кетмен-Төбө, Үч-Терек элин эмес, Анжыян, Аркытка түшүп, кээде Суусамыр, Таласка оролуп, кээде Тогуз-Торо, Кабак, Сары-Камышты өрдөп Жумгалга ашып… апталап, айлап жүрүп

ордолуу журттун моокумун таркатып, ышкылуу жаштарды ээрчитип өзүндөй адилеттүүлүктү көздөгөн шайырлыкка таптап жүргөнүн билет. Ылайым ырыска шериктеш болсун. Өнөрү өөрчүгөндүр, өңү өзгөрдү бекен? Өзү Токтогулдан кайткан үч жылда өмүрүн жазуусун өркүндөтүүгө сайды. Көз нурун чегелеп, болот калемин таскактатып көшөөрүп отурганынын үзүрү – куржунунда. Токтогулуна, анын ыр, күү жандуу, бапырандаган ак көңүл, кең пейил калайыгына жардоого апаратпайбы.

* * *

Адамдын канчалык өзгөргөнү башка бирөөнүн баамы аркылуу гана дурус таразаланат. Байымбет ортодон түйшүктүү үч жай алмашкан аралыкта Токтогулдун келбетине назар буруп отуруп ушул пикирге байланды. Сыягы, Токтогул да ал жөнүндө ушундай ойдо. Сагынышкан экөө анчалык үзүлүп түшпөй нарк сакташа көкүрөк тийиштире кучак кысыша салабаттуу учурашты. Анык кусалыкты ашыкпай божурашып, өнөр жаңылыктарын эриш аркактата чабууга айдап, чогуу-чаран аста секиндеп таркатышаар. Амандыкты сурашып, чайга отурганда ууртап татыша астыртан тооруша жымыйышууда.

Байымбетке Токтогулдун бүркүт кабагы мурдакыдан салыңкы тартып, шок көзүнүн курчу кайраттуулугун арттырып, жука чечен эриндери сыпаа жээрде сакал мурутун делбирете эбелектеп тынбай ырдоого умтулуп, кызыл чийкил дидары ыйманы ысык нурданып, чактап тигилген күрөң кыл торко кемселине чатырап булчуңдуу тулкусу толо түшкөндөй. Жашыл манат тышталган капкара быжыгыр бөркү кадимки көч баштаган салабаттуу, кастарлуу адамдын кеменгер башынын жарашыгын арттыргансыйт. Түспөлү бөлөк дебесе Байымбеттин үстүндөгүлөрү аныкынан өйдө ылдыйсыз. Эл сураган төбөлдөрдүкүндөй кулпурбаса да, кара жандарына тың, орто оокаттуу эр-азаматтардын турпатындай.

– Токо, анттакан мөөнөттүн акыркы чегин өткөрбөй келдим. Аманат тапшырмаларың куржунда, кызыл тилде. Жайланышкан соң, баягыдай четинен чубап өзүңдүн сыны-

ңан өткөрөм. Айтууңа караганда аяк ичээр улуусуң. Жылдын тогошунда, кышкы аязда төрөлүпсүң. Же миң сегиз жүз элүү тогузунчу кой жылдын он экинчи айы, же алтымышынчы маймыл жылдын биринчи айы. Мен маймыл жылы жайында туулупмун. Күүңдү, үнүңдү сагындым. Жол сеники Токо.

Токтогул өнөгүнө шумкар кабагын түрө, тоо кырынан ачык асманга серпилген күн сымал көзүнөн жаркын күлкү чачырата:

– Байымбет Молдо, мен дагы убадага карыздар эмесмин. Билдим. Сенде жаңылык арбын. Менде да аз эмес. Чиркин, түйшүктүү үч жыл экөөбүздүн теӊ жүрөгүбүздү кайрап курчутпадыбы. Ошо кайрыктан чагылган күүлөрдөн баштайын. Анан дагынкысын көрө жатаарбыз.

Адатынча күрөшкө чыкчудай, оң жеңин чыканагына дейре түрүнүп өзү жасаган өрүк комузун булбул таңшыктан, торгой сайроодон аземин арттырып кубулжута кайрыктарды буктуруп, чалкытып, колу комуздун кулагынын чарасына чейин дирилдек ата күүнүн үндөгүнө карай ойноктоп шилтегени мындай турсун, бүт денеси күү ыргагына кошо эрип жыйрылып, жазылып, чоюлуп адамзат тагдырынын керемет сыйкырын баяндай берди.

Мурдагы келишинде укпаган жаңы чыгарган «Токтогулдун тогуз кайрык», «Кербез», «Миң кыял», «Кыз ойготоор», «Ботой», «Көкөй кести...» күүлөрү Байымбеттин жүрөгүн балкытып ааламды аңтараар, өмүр, жазмыш сырын санжаптап, акыл-сезимди жашартаар, зор окуяларды сапырылтып дастан түрмөктөрүн курчоодо. Черте баштагандан тартып эпилдеген манчалары гана тургай, бүткүл тулку бою күүсү менен кошо эрип, өзү жасаган өрүк комузунун ичине кирип, кайра андан кайкып-сызган не укмуш доошторду сыбызгыткан жандуу канаттуу периштедей кубулууда.

Аны тыңдап, кашында отурган Байымбет сыйкырына талып, чын эле бу күүдөн турмуштун күндөлүк жапасын унутуп, периштелердин улам бир ажайып дүйнөсүн аралагансыды. Тек, аткаруу кылдаттыгы менен күүлөрдүн буктурма маңызы айкалышканда адам көңүлү кантип азгырылбасын да, кантип жубанбасын!

Байымбет шеригинин тил менен эмес дил менен мукамын арттыра табыштаган комузчулук кылдаттыгынын табынан

ашканына, Күрөңкөй карттын өзүнө теңдеш Муратаалы мурасчысы экөөнүн ойлуу тереңдигине бул шаанилүү кол, дидарды куюлуштура ойноткон шайырлыкты, көрктүүлүктү өзгөчө кошконуна, нагызы жалпы кыргыз журтчулугунун соолбос шыбагасына сыймыктана Токтогулдун чимирик аткан сыйкырлуу манчаларын, чыпыйган комузун сылап-сыйпап маңдайына, эринине таптап өпкүлөгүсү келди. «Токтогулдун жасаган комузу шамалга койсо ырдап турат» деген даңаза чын белем. Капырай десең, шарт токтотсо деле зыңылдап күүнүн шаңы улангансыйт.

– Колуңдан айланайын Током. Буралыпсың, уланыпсың. Эмки кезекти эринге бер. Бергенде да менин суроомду канааттандыр.

Ички чалгын канаты зыпылдай ысыган Токтогул, коноор жерин мелжеп жайлана калкыган туйгунча оң колун комузунун капкагына, сол шадысын моюнуна артынта Байымбетке үнсүз маңкайды.

– Өңгөнү билбейм, менин баамымда, жактырганым да, опасыз дүйнөдө атагыңды арттырган оролуң «беш каманга» бетме-бет каршы ырдап, элди көтөрүп чыкканың. Ошол айыгыш да, сенин ырың да күчөгөндөн күчөдү дейт. Өз оозуңдан угууга дилгирмин.

Токтогул бейкут көңүлүн туйлаткан Байымбеттин олуттуу сөзүнөн улам чаңкаганында шербет жуткандай нымшый, көзү чанагына толо бакырайды.

«Байымбетиң түшкүр, баамчылдыгыңа баракелде. Менин толгон топтун, кары-жаштын кумар черин жазган түркүн түрлүү кыраандыгымдын баарынан «беш каманга» текөөрлөшкөн ырларымды жогору баалаганын көр. «Билими күчтүү миңди жыгат». Артыкбаш сүйлөбөгөн билимдүү азаматтын айтканы маанилүү эл арасында. Оолжуган, шайбырлаган шайырлар көп. Кыйласы жарп жазаар жан багаар. Менин кедей-кембагалдарды колдоп, жырткычтардын мизин майтара, ырымды ок кылганымды мактап, элдин медерине айланганымды эскерткен. Кийин ошол медерлик күчтөнгөнүн терип-тепчип билгиси келет... Ар ким мүдөөсүнүн бийиктигине, даражасына жараша

алака жасайт, пикир бөлүшөт. «Байымбеттин талабына уюп, эл сураган азуулуу көркоолорго таймашкан, алиге басылбай курчуган эрегиш жөнүндө маек курду.

Бабасы Нарбото даткадан, атасы Ырыскулбекке өткөн бийликти, орус төрөлөрү түбүнөн бери эл сурагандын тукумдары Дыйканбай, Акмат, Атакан, Миңбай, Мырзакан – беш манапка ыйгарышты. Аталардан тизгин талаша Дыйканбайдын уулу Керимбай мырза кошо чабагандоодо. Алар көпчүлүк букара элге запкы, зулумдукту арттырып, бир четинен жакырлантып жапа чектиришсе, экинчиден жандарын кашайтышты. Өзүнүн запкысын кошо тартып, каржалган эл үчүн жаны күйгөндө Токтогул «Беш манапты», «Беш каман» атап тике атырылып ырдады. Кектүү калайык түбүнөн сураган беш датканы Токтогулдун таамай койгон келеке аты менен «беш камандап» айта башташты.

«Беш камандын» оборлору ачылып, ажыдаардай оп тартма зулумдугунун ички былгымасын ким билет, сыртка белгилүүлөрү мындай. Кимде күлүк ат, чыгаан жорго, кыраан куш, алгыр тайган, адими буюм болсо суратып, бербесе маскаралатып, зордуктатып тарттырып алышат. Чөп от, туяк чыгымы, түтүн, эгин салыгы өзүнчө. Кылдан кынтык таап жазалоо, айыпка жыкмай өнөкөттөрүнүн өөрчүгөнүчү. Дыйканбай өзүн «хан» дедиртип... башка элдин манаптарынын үйүнө жарым, бир чакырымдай жөө барышса, Дыйканбайдын айылына үч чакырымдан аттарын байлап, тебетейлерин шыпырып, жүгүнгөн калыбында пыяда жетүү керек. Окус кимдир бирөөдүр антишпесе тогуздан айып кесип, өзүнө соку жанчтырып кыйнашат. Дыйканбай кыйыктаганда айып чени хан аттуунун баарынан башка. Мисалы, энеси Сайкалга айып башы төө, калган бүлөөлөрүнүн ар кимине бирден асый төлөш керек. Толук төлөй албай, жарым жартылагандар өмүр бою торук болуп куурашат.

Дыйканбайга милдеттүү түрдө, берки бир туугандарына кошумча айыл айылдан согумдук малдар топтолот. Эл тонолуп, жакырланып беш-алты көркоонун кулкунун кантип тарттырууга зарлашканда Токтогул:

Дыйканбай, Акмат – алдамчы

Атакан, Миңбай – жалганчы.
Эгемберди, Бактыяр –
Эл жегенге жардамчы. –

деп, жырткычтардын беттерин тыта маалымдады.

Көпчүлүк Токтогулдун айбатына, зулумдардын беттерине баскан каргыш ыр тамгаларына шерденишип, мындан ары алардын зомбулугун көтөрбөөгө төрт миң түтүн сарттар, багыштар, эзүүдөн тукулжураган башка майда букара топтолушуп «Жети ата» делип уюмдашып чыгымдан баш тарткандыктарын, болушун бөлөөрүн билдиришти.

Букаралардын дымагына жинденген Нарбото – Рыскулбектин уруусу, аларга ымалалаш болгон уруктун манаптары биригип «Бир ата» аталышып, «Жети атаны» биротоло кыңк эткис талкалоого кол курашты. Андан кабардар Токтогул көпчүлүк «Жети атанын» адилеттүү көтөрүлүшүнүн күчтүүлүгүн, «Бир атанын» көнүмүшүндөй талоонго тап коюп келе турган болушса ач тырмактарын жанчаарын шаңдана кекетти:

Кол курады беш каман
Мурункудай чапмакка,
Короодогу кой турмак
Коргоол бербейт жети ата!
...Керимбай менен Мырзакан,
Келсең кардың жарылды.
Төрт миң үйлүү жети ата,
Төкпөй койбойт каныңды.
Жедирмек тургай жети ата,
Аралатпайт Арымды.
Балапандай уйпалап,
Чыгым салып эл жедиң.
Чыркыратып жардыга,
Эч бир тендик бербедиң.
Жалдыратып жардынын,
Жалгыз атын сен жедиң.
...Талап алып тентиттиң,
Боромбайдын Сарысын.
Күндө жейсиң айыптап,

Күлдү журттун барысын.
Жыгып алдың Атакан,
Тоялынын чалышын.
Токтотту далай бечара,
Той менен ашка барышын.
Жетим менен жесирдин,
Тыңдабадың арызын.
Тырмагың уу бүркүттөй,
Тукумуң кантип жарысын.
...Букаранын санаты,
Арыз болуп чийилди,
Курултай кур деп жиберди.
Болушуң менен бийиңди,
Табалбассың беш каман,
Корголоорго ийинди.

Ушинтип Токтогулдун букарараак «жети атага» жол баштап, доо доолап өч алууга үндөгөнүнө, жемекей, таламай жырткычтыктары күчөгөнүн далилдеп, ак падышанын төрөлөрүнө арыз жөнөттүргөнүнө залим манаптар ызырынды. Тополоңчул Токтогулду байлатып, мататып күмжам көзүн тазалайбыз дешип опурулушту. Төбөлдөрүнүн кыжырлуу бүтүмүн Арзымат ажылдап ырдап, иши кылып Токтогулдан өчүн алууга талпынды.

Токтогул кекенген манаптардын өлтүрүүгө, кордоого сырткы бүтүмүнөн да, элдешүүгө алдап чакырган чыгымынан да жалтанбай бардаштуу, намыстуу, аны кара туткан калың «жети атаны» чыйралтып октолгон ырды жаадырды:

Өчөшсөң Миңбай, Атакан,
Мени да жыгып алаарсың.
Токтогул деп кекетсең,
Тогуз айып салаарсың.
Адатыңды карматсаң,
Үй оокатым талаарсың.
Канкордугуң кармаса,
Өлтүрүп каным жалаарсың.
Уу тырмактуу беш канкор,
Өлгөн соң кайта табылбайм.

Өлтүрсөң да жалынбайм.
Эки келбейм жаралып,

Бел байлаган кармаштан баш тартпас, кашык канын аянбас кол башчы акынынын бул жардыгына «жети ата» ого бетер демденип Токтогулун камандарга курмандыкка чалдырбасын, коргоп калаарын билдиришти.

Ал эми манаптар Токтогулдун айтканынан кайтпас көктүгүнө көздөрү жетип, опуза, амалдан эчтеке чыкпаган соң, чындап өчөгүшүп куралган колдорун баштап Дыйканбай тарапка «бир аталар» алабайрак хан туусун булгалап, бапылдата керней тарттырып, айкайлаган чуу менен «жети атаны» талкалоого чабуул коюп качырышты.

Баталашып камынган «жети ата» жер союлта жолдорун торгошуп «бир атанын» чабуулунун мизин майтарып, Токтогул баштап беттешип чочмор, чоюн баш, союл, таш бараңдап карсылдашып сабашты. Баш айрылып, көз чыгып, эки тараптан эрлер сулап жан берди. «Жети атанын» букаралары өжөрлүгү күчөгөндөн күчөп, бай-манаптардын башын кандап үстөмөндөтө баштаганда «бир аталыктар» алсырап кайра качышты.

Ошо ызы-чуу туткакташкан башаламанда күрөш, эңишке түшө коюп жүргөн, карылуу Токоң аялдап турмак беле. Ал колмо кол кызуу чабышка аралашып, «бир атанын» берендеринин төбөсүн уютуп, өзү да союл жеди. Кантсе да таш бараңдай катуу кайрат, намыстуу кармаштын натыйжасында мөрөйдү жеңген элине Токтогул шаңдана кайрылды:

Жети атанын таш бараң,
Таш бараңга батпаган.
Чаап, талап жеп жүрүп
Букарадан айрылган –
Ырыскулбектин беш каман.

«Беш каман» менен эрегиштин маегинин майнабына чыкканча кирпик ирмебей тикийип тыңдаган курбусуна, комузу, ыры гана эмес колмо-кол чабышка катышкан акын, жанына баткан ошо тополоңду эскере сурданган айбаттуу жүзүн бурду.

– Ушинтип биздин тагдыр таймашта. Баш канжыгада. Жан өчүгүштө. Кетмен-Төбө манаптарынын эң жектеген касы

Токтогул досуң. «Беш камандын» алдымдан бууп, артымдан кууп ызырынганы күч. Кыябын табышса кыянаттыктан кайра тартышпайт. Мен болсом өмүр шертимди калкалуу калайыгыма ачык оозангам. – Комузун шып илип, жүрөк тамырынын кылындай зээнди дүркүрөтө солкулдата муңдуу да, кайраттуу да күүнү кайра-кайра элеп, шашпай жылаажын доошун коштотту:

Уу тырмактуу беш канкор
Өлтүрсөң да жалынбайм.
Эки келбейм жаралып
Өлгөн соң кайра табылбайм.

Байымбет калем кармаган кагелес ичке шадыларын нурдуу жүзүнө жаный, тептегиз аппак тиштерин кашкайта толкундана сөз атылтты:

– Сен, как ушул касиетиң, жылас дүйнөнүн жыргалы менен кууралын, алдын ала адалдык менен арамдыкты талдап, белиңди бекем бууп, бет алганыңдан кайтпаган баатырлыгың үчүн Токтогулсуң. Сенин дал ушундай Токтогулдугуң үчүн калкың кадырлайт. Мыкаачылар кекенип кастарын тигет. Сенин нак ушундай Токтогулдугуң үчүн мен Курткамдан көксөп көрүүгө ашыгам. Сен мындан башкача боло албайсың. Жараткан жаныңа кубат берсин! Өчпөс өнөрүңдөн баар тап!

Байымбеттин айылдык карапайым адамдардан кандайдыр айырмалана олчойто ойлуу, жыйынтыктуу сүйлөгөнүнө Токтогул бул саам да каниеттене жазма, окума билимдүүлүгүнүн натыйжасы деп түшүндү.

* * *

Арым жайлоосу. Жайлоо дегендин өзү ыраңы жайкалган табигаттын чатырап толукшуган жаштыгы го. Чокулары асман челген апай мөңгүлүү аскар зоолорду термелтпей көтөргөн алп тулку – кат-кат керме тоолордун улам бери жагындагысы жапыздана мынабереки көк жашыл не дүйүм жапайы жемиш, мөмө дарагы, караган бута, карагай чери дүңгүрөгөн, кымкуут учуп коно безенген канаттуу куш, кайберен, түркүн айбанаттары өрдөгөн адыр-белестерге, алардан куюлган өндүр коктуларга танаптанат.

Таманындагы жылма таштарды, ойноок күмүш балыктарды күзгүдөй чагылткан кашка суунун өйүз-бүйүзүндөгү жайык өзөндөрдө топ-топ жыш айылдар. Жылда бириндеп окчун конушчу. Быйыл алигиче тыйылбаган тополоңдун саатынан, «сактыкка кордук жок» дешип жети ата жети коктуда чокморoктошууда. Малдарын дагы көп алыстатпай чогуу жайышууда. Кыр-кырларда, чокуларда кезметтеше короктогон чалгынчы сакчылар. Күзөтчүлүккө көзү көрөгөч, кулагы уганаак, Сыргактай чыканактап талбаган, чырм этип уйку албаган сергек, шамдагай азаматтар тандалуу. Алар шалк этме, чоюн башын ээринин коңулуна, же бел куруна кыстарып, союлду чатына кысып, кылычын байланып, дүрбүсүн далдап, көзгө атаар мергендерден ээрчитип «бир ата» тарапты саксактоодо.

Айыл-айылдагы союл чабууга жарактуу тестиерлерден айбаттуу, айдыңдуу карыяларга чейин эр бүлө аттарын күндүз откозуп, түнү кермелерге байлап, таңашыра суутуп душмандын капилет чабуулуна шар аттанууга дайым даяр. Сыртынан дүрбөлөңдүү Арымда эл ичи «бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып» мындай ынтымакка ыкканга демдүү, шаңдуу.

Асырссе паразатына, салтына тете Тоголок Молдодой шерикти коштоп көңүлдөрүн көтөргөн Токтогулга жоо коркунучунан камыккан калкы өтө ыраазы.

Шаанилүү эки шайырды канча күндөн мөөнөттөштүрүп аягына чыкпай калгандарына кайыл уккан айыл күткөн айылга кастарлап жеткирүүдө. Кооптуу жаңжал күчөп эгешкен учурда элди коргоого, ынтымакка, намыска, кайратка шердентүүчү Токтогулдун санат, нуска, үлгү ырларынын, күүлөрүнүн таасиринин күчтүүлүгүн жаземдебеген Тоголок Молдо өнөгүн толуктоого, колдоого дилгир.

Каржалып катkаксыган журт санат, терме ырларын токтотуп, бардашка, багынбаска үндөгөн күндөн, аптага созулган «Курманбек», «Жаныш Байыш», «Кедейкан» дастандарын комуз күүсүнө салып эргип, толкуй сабалаткан Токосунун өзү сымалданып алчыланган Молдо Байымбет досу баатырлыкка, биримдикке, айкөлдүккө, кастарын тиккен душманга каршы көтөрүүгө үндөгөн «Манас» дастанынан баштап, «Шырдакбек»,

«Жаңыл мырза», «Эр Тайлакты» элжирете экчегенде, элди эңшерем деп эсиргендердин эсеси табылчудай «таба» эмес, тобого, Манастын арбагына сыйынышууда.

– Токо, сенин тукулжураган элиңдин эстүү-баштуу чоң бүлөлөрүнө эрмек-зоокту дурус эле куруп атабыз. Уңгулуу журттун учугун улоочу бала-чака деген бар. Эгер сага серт учурабаса, ошол бүгүнкү кенжелер, эртеңки туткаларды атайылап өзүнчө чогулттурсаң кантет. Аларды күлдүрөөрлүк, ойлоптоорлук, ойготоорлук, эсине түйүндөөрлүк жанытма, чын казалдар менде бар. Шаанилүү ыр, маанилүү күү сенде бар. Ошолорго тамаша куруп берели. Кандай дейсиң? – Байымбет Курткадан чыгаарда эле чыгынган пикирин маалимдеди.

– Куп, куп. Молдо Байымбет, кат, китепти эле эмес, кишинин көөнүндөгүнү да окуйсуңбу дейм – Токтогул карс-карс күлдү. – Андай болсо жети коктудагы «жети атанын» мадыраларын өз-өзүнчө чогулттурайын. Бөлүп жарсак балдар чоңдордон атаанчыл. Азыр билбейм, кийин азамат болгондо бизди алакчылагансыңар деп таарынчысын айтчу бирди жарымы чыгат.

– Аралыктары алыс эмес ар айылга кабарлат. Каалагандарын, эне-аталары жибергендерин жыйнаттырчы. Зоогубуз жакса көрө жатаарбыз. Сага го даваа жок. Не ырдасаң, не күү чертсең жаш, карыдан сага маашырланбас жан болбос. Мына меники опурталдуураак. Атайылап чүрпөлөргө жаңы чийгендерим бар. Ошолордун жетээр, жетпестигин сынап көрөйүн. Жаштар зээндүү, жактыргандарын дароо илип алышат. Токо, тил алсаң, саамалыктан байкайлы – деди Байымбет.

Дегениндей быязы куржунундагы кол казал китептердин экөө балдар үчүн жазылган ырлар, казалдар, тамсилдер, жомоктор... Курткада кез-кези менен жеткинчектер өзүлөрү топтошуп анын бош маалында келише турган. Аныгы, чоңураак шыктуураактарын башчылыкка дайындап тымызын чогултуп уюштуруп жиберүүчү каралакөз шакирти Кашкары экенин устат алигиче билбейт. Эч качан кенжелерди томсортуп кууган жан эмес. Обондото окуп жаккандарын кайталап... Кээде шакирти Кашкарыга кыраттата окутуп, үн создура ырдатып черлерин жазмай. «Дагы кандайды каалайсыңар» – деп кеңеш-

кенде, тирикарактар, – айбанат, канаттуулар, тентектер, байлардын эсирген өспүрүмдөрү жөнүндө казалдатуусун сүйүктүү акынынан өтүнүшкөндөрүчү.

Улам соңку жолугушууларында акын алды менен – өткөндөгү зоок-кечедегиден жаттап калгандарың барбы? – деп кайрылганда наристелердин арасынан зээндүүлөрү мойтоё эбиреп, кыска ырларын толук, узунураак казалдардан айрым түрмөктөрүн ырдашканда Тоголок Молдонун эт жүрөгү элжирей эмгеги текке кетпей, монтогойлордун жүрөгүнөн өнүм тапканына кубаттанганычы. Анан мотуракайлардын өтүнүчтөрүн орундатып кийинки чогулууда жаңы жазгандарынан шашпай эпилдетет. Кайталайт. Түшүндүңөрбү – деп тактайт.

Ынак бакыраң көздөр эмкиде эмне угууларын медирешет. Ошолордун талабы боюнча жазылган чыгармаларын жаңы үрөн катары Кетмен-Төбө балдарынын капарына себет. Чынында бул далалат Тоголок Молдонун өзүнчө жайдак мектеби, жалпы сабагы эмегенде эмне. Аракети сайлабай, чүрпөлөрдүн тилине жатталып, дилине жеткенине демденчү. Ан үстүнө көчүрмөлөрү колунда Кашкары өз бетинче идиректүүлөргө үйрөтүп, таратуудан тажабайт.

Алыста калган Курткасы, Соң-Көл багыты, анын талантын барктоочу Кашкарысы, кичине мөтүрөкөйлөрү, негизи калайыктын келечеги эсине түшүп, досуна Арым жергесиндеги балдарды чогулттуруп отурбайбы. Сабагына аларды да тартып көрсүн.

Күн чоң шашкеге көтөрүлгөндө чылгый мадыра баштар, сексек саамайлар, өспүрүм агалары, далы, төштөрү толтура майда өрмө чач беш көкүл эжелери менен айылдын колтугундагы көрпөдөй ыктоо секиге топтолушту.

Эгиздей окшошураак эки акын алардын курчоосунда ортодо. Биринин колунда комуз, экинчисиникинде бал китеп. Бири өзүлөрүнүн Токтогулу. Экинчиси – өзүлөрүнүн Кетмен-Төбөсүн аралай күрпүлдөп аккан Нарын дарыясынын жогору жээгиндеги Куртка деген жердик түгөйү Байымбет же Тоголок Молдо.

Кыйласы эне-аталарынын тизесинде, колтугунда кылтыйып отурушуп бу акындарды көрүшкөн, угушкан. Анда акылга сыйбас улуу сөз, залкар күү, зор дастандардан ойсуратышкан.

Меймандыгын сыйлап Токтогул алдыңкы дөөмөттү досуна шыйгарды. Тоголок Молдо обдула чөк түшүп жамыраган наристелерди мулуңдай тегерете карай карегинен өткөзүп, бал китебин ачып алдына койду да, кенжелердикине окшоштуруп, үнүн ичкерте кубулжутту:

Кыдың, кыдың торпогум
Кыдыңдаган торпогум.
Кокус өлүп калат деп,
Торпогумдан коркомун.

Тескейдеги бетеге
Терип жеген торпогум.
Күңгөйдөгү бетеге
Күбүп жеген торпогум.

Күндө үч убак мингенде
Жорголоогон торпогум.
Күн жааганда үйүмө
Корголоогон торпогум.

...Ай төбөдөн тоголду
Жорго торпок жоголду.
Торпогумду жоготтум
Ишим каптип оңолду.

Манаттап баштык тиктирип
Жем илейин дечү элем.
Мамыркандын ашында
Бир минейин дечү элем.

Тоголок Молдо аягын шарт түйүндөп угуучуларына маңкайды. Ныкышып, түрткүлөшүп, чекелерин кашый кытылдаган балдар. Ананчы, чоп-чоң эле сакалдуу акын кудум бала кебетеленип, баланын үнү, баланын торпогун кыдыңдата минип сүйүнүшү, жоготуп күйүнүшү, сүйүнчү айтып издеши, уурудан шектениши, капысынан жайыттан эдиреңдеп желгенде кубанганы, ага торпогунан артык мингичтин жоктугу баланын

кыял-жоругу, кулк-мүнөзү менен берилиши, ар кишинин ыры сыяктуу бакисине жакты.

Өзгөчө алдыңкы катардын четинде бакыраң көзү балбылдаган куур тон, теңирекей кара тестиердин оозу чормоңдоп, бала үнүн лепилдеткен Байымбеттин обону угулаар угулбас жыбылжыган доошуна кайталай, Токтогул экөөнү алмак-салмак сугула тигилүүдө. Эдирейе тыңдагандардын баарынан айырмалана балкыган он-он бир чамалуу жеткинчекти баамдаган Байымбет мээри түшө обдулду:

– Кимдин баласысың?

– Акы устанын. Атым Калык.

– Акы уста? Жумгалда көзгө атар мерген, колунан көөрү төгүлгөн Акы деген бар эле.

– Атам дал ошол Акынын өзү.

Байзак менен Чойбектин чыгымына торукталганда Кабак, Тогуз-Торого пааналап... Кетмен-Төбөгө ооду деп уктум эле. Чын тура. Атаң биздин Курткага жээн.

– Билем. Атама айта барсам болобу?

– Болот. Салам дуба айтты де. Балким жолугуп да калаарбыз. А сага Калык кичине жээн, менин «Торпогум» жактыбы?

– Абдан сонун экен, бүт жаттап алдым.

– Кана айтып көрчү?

– Башынан, аягынанбы?

Байымбет ууртунан бырс эте:

– Аягынан – деди.

Тестиер куур тон, жаргак шымып кулдурата, малакайын башынан шыпыра өйдө чөгөлөй созолонду:

Өз көзүмө жаркырап,
Айдай болгон торпогум,
Кысыр эмди секирген,
Тайдай болгон торпогум,
...Ашка барган катындар,
Алчаңдабай айтыңдар.
Ашта – торпок көргөнүң,
Мен көрдүм деп айтыңар,
Сүйүнчүсү беш теңге

Торпогум өзү ток эле.
Токтобогон шок эле.
Аягы менен жоголду
Алса ууру алгандыр
Көзүм көрбөй калгандыр.
Каргашалуу уурулар
Кайгыга мени салгандыр.
...Ал аңгыча болбоду
Адырдан келди торпогу.
Жайытынан издебей
Жаш баланын корккону.
Торпогун таап сүйүнүп
Эликтей чуркап түйүлүп,
Торпогу тойдон табылды
Торпогуна жалынды.

Байымбет дубанга таанымал Жумгалдагы Байзак баатырдын эпсиз дардайган үйүнүн жыгачын жасаган курткага жээн Акы устанын быякка оогонун эшиткен. Бу чыйрак, зээндүү бала ошо Акынын уулу экенин билгенде пейили жибий жайдаңдады.

– Сен ананайын, дээрлүү өңдөнөсүң, өмүрлүү бол, Уста атаңа айт. Сени молдого берип кат таанытсын.

– Ай-ий. Сөзсүз айтам. Сиздин аманатты аткар дейм.

Байымбет эбедени эзиле маектешкен жүүнү тирүү, такылдаган кара жалпакка Токтогулдун да назары түшө сүймөнчүгү артты. Байымбет кенжелердин ышкысы дароо козголгонуна чүйлүк, жумгалдык, курткалык балдардай эле булар да өз тили, өз түшүнүгүндөгү сабакка жетпей тукулжураганын сезип кайрылды.

– Дагы угасыңарбы?

– Угабыз.

– Улаңыз.

– Көп, көп...

Чыт курсактарды кайсы ырчы тоотуп, ушундай зоок курчу эле. Кайдан айдап өзү келип, минтип ойдо жок ыр кереметтерди чубап, жаккан, жакпаганын, эмнени каалагандарын сурап кеңешке чакырган Тоголок Молдо Кетмен-Төбөлүк жет-

кинчектерге жолбун олуя кейиптенди. Бөтөнчө улам жаңысын баштаарда аларга чоочун кандайдыр бал китебинин барактарын аңтара көз жүгүртүп өткөндө казалдар өзүнөн өзү чубуруп, кудум сыйкырчыдай элестеди.

Каак, каак каргалар
Камыш түбүн жорголоор…
…Куу, куу турумтай…
Жиги, жиги турумтай…
«Жети таз, жеке таз»
«Абышка кемпирди көмөчү…»

АКЫРЫ… Дадаң деген байдын зарлап көргөн уулу Телибай ыксыз эрке өсүп, акыры акылсыз дардаң болгонун баяндаган «Телибай тентек» казалы баарысынын боорун тырматып күлдүрбөспү. Арасындагы оокаттуураактардын эрке-талтаңдарына тийишип бизде да «Телибай тентектер» бар дешип эдиреңдешкендеричи.

Байымбеттин сабагынын маңызы балдардын ышкысын козгоп, угуп, айтышып жүргөн жөө жомок, жаңылмач, табышмактардан башка да эсти ээликтирип, акылды алчылантчу өлөң, казалдар сырлуу китепке уяларын туюшту. Бүт ыкласын коюп жаттап да, суктанып да дилгирленген Акы устанын тирикарак бөпөсүндөй идиректүүлөр китепте куран гана эмес, бакиге түшүнүктүү, жатык ырлар катылаарын, жандалбастап ага умтулаарын баамдатпадыбы.

Токтогул курбусунун балдарга зоок куруута бекеринен суранбаганын, анын көп кырлуу өнөрүнүн дагы бир жаңы сырын ачканына жигерденип, кенжелерге атайын ыр, күү чыгарбай бейкам жүргөнүн эми гана сезе, кантсе да Байымбет балкыткан ыргакты бузбай калкыта көтөрөөрлүк тамаша салууну, эмнеден баштап, эмне менен бүтүрүүнү ойлонуп отуруп, комузун алаардан мурда кемселинин бүчүлүгүн чечип, көгүлтүр макмал топусун аңтара төбөсүн жалпайта чуңкурайтып дандайта кырдырган маңгыл башынын чокусуна кондурду. Күлкүлүү алда немеге камынып купшуңдаганына алдын ала күдүңдөгөн уул, кыздар ата-энелери сыймыктанган акынга жапырт жүткүнүштү.

Токтогул өкчөлүү көөн өтүгүнүн башын кайчылаштыра бутун тизесинен артылта куушурула олтурду да, булчуңдуу

толмоч билектерин кызандата, манчаларын илинээр илинбес үч кылга өйдө төмөн кайкытып ойкута шартылдатып, оңго-солго чайкап, өзү да чайкалып, тилиненби, же күүсүнөнбү кош жаңырыктата ышкырык сыбызгытып шарактабаспы:

Күүнүн башы Чайкама,
Күлпөтүмдү айтам а.
Чайкама, чайкама,
Жайкама, жайкама...

Бүт-тулкусу, күүсү, ыры куюлуша бийлей, чайкалып, жайкалса, төбөсүндөгү топусу так текедей секирип, селкилдеп кулагына чейин жорголоп, кабагына жылып, мурдунун үстүнө сыйыгып, таноосун эдиренте чалкалай түшүп, комузун алмак-салмак элегенде кайра чокусун карай жөрмөлөп чыгууда:

Күүнүн башы Чайкама,
Жигитинде жигит бол.
Эч нерсени байкаба,
Байкаба, байкаба!

Бири-бирин чапчый, көздөрүнөн жаш серпилте, боорун тытмалай күлгөн балдарды коё кал. Ырас эле, мурдуна түшкөн топу «Чайкама» күүнүн, чайкалган дененин, былк-сылк серпилген эткээл жүздүн, ачылып-жумула, аңтарылып-жазыла акшыңдаган көздүн, түйүлүп, түрүлгөн маңдайдын ыргагы менен кайта кулак, чыкыйды чокулап желкеге текилдеп, чүйлүнүн булкканынан чокуга ыргып, бийлей баштабаспы».

Күүнүн башы Чайкама,
Көпчүлүк элге айтам а.

Эми эки тизесинен ашыра кайчылаштырган бутунун баштары сереңдеп:

Ойду коюп, дөңдү бас,
Дөңдү коюп ойду бас.
Ойду бас, дөңдү бас!

– дегенде өзү куушурулуп мандаш токунган бойдон ордунан топтоголок опоң-чычаң көкөлөй ыргып, колунан комуз тайгылбай, сайрап, кайчылаш өтүгүнүн кетмендери шалак-шулак бийлеп, жеткинчектердин күлкүсүн жаңкыдан беш бетер ырбатты.

Токтогул эч нерсени туйбагансып, каш, чекесин жыйрылта

өйдө серпти эле топусу дал оң тизесине конду. Койкондоп арчындалган буттарын тартып жайланып отура, дагы не шумдукту жасайт кыялда боорлору эзиле култуңдаган жеткинчектерге томсоро үңүлдү.

Атың күлүк болгон соң,
Аштан тойдон калган соң.
Күлүктүгү не пайда?!
Не пайда, не пайда.

Жайланыңкы, жанагы ыргактын башка кайрыгын безеленте, «Не пайда дегенде» ичеги кардын бүт эңшере ыргытчудай оң бөйрөгүн сыртка тебилте булк эттире булкканычы. Эл арасында салабаттуу акындын балдарга көз боочудай куулганы, таамай сөзгө таасын күү, укмуштаткан дене кубулушун куюлуштурганы ого бетер бейкапар тентектердин эсин элжиретти.

Жайкалган жалы болбосо,
Аттын көркү болобу.
Жакшы сөзү болбосо,
Карттын көркү болобу.
Буралып шибер чыкпаса,
Жердин көркү болобу.
Жайылып малы толбосо,
Төрдүн көркү болобу.
Каз, өрдөгү болбосо,
Көлдүн көркү болобу.
Болобу, болобу.

– Оң капшыты эңшерилип жулунуп кетчүдөй булт ыргып алеки заматта сол курсагы кампайбаспы. Тобо, ошондо да комузу безеп, тили сайроодо.

Токтогулдун илээлүү шайырлыгына балдар менен кошо Байымбет борс-борс ийнинен титирей, ошончо жайнаган монтогойлордон негедир а дегенде кийиминин салбырактыгынан коруна, четтей томпойгон, өнөр чабышы башталгандан өзгөчө жагалданган жана кайым сөз катышкан Акы устанын теңирекей кара тестиерине дагы маанайын байырлатууда. Анан калса купшуңдаган түгөнгүр Байымбеттин казалдарын оозун чормоңдото кайталай үйрөндүм дегени аз келгенсип, Токто-

гулдун куудулданганын нак өзүндөй туурап, жанындагы жабалактагандардын бар жогун көзүнө илбейт. «Атасы Акы уста уулун өнөрдү барктоого, жалтаң кылбай эркин өстүргөндөй. Кийимдин жыртыгы бүтөлөт, акылдын жыртыгы эч бүтөлбөйт». Байымбет тестиер чагында бабасы Музоокенин, андан нуска үйрөнүүгө, өнөр сынашууга байырлаган ырчы, комузчу, акылман-чечендердин жосундуу жоруктарын жаземдебей как ушу кара эдирекейдей кошо күбүрөп жаттоого далбастаганын эскерди.

– Көбүрөөк күлдүрүп чарчатып койдум. Садагалар, энди кунттанып уккудай күү чертип тыныктырайын. Күүнүн аты «Ак куу» – Токтогул мотураңдаган муңдурбас музоочуктарга жылаңбаш моюнун сozду.

– Чертиңиз, – дешип кенжелер обдула чуулдашса:

– Кар тартпаңыз дешти тестиерлер, каадалуу кишилердей.

Токтогул чөгөлөй, комузун шаңкайта өйдө көтөрүп, муунжүүнү жоктой ийилип, бүгүлүп, кайкаңдаган манжалары менен үч кылды кулагынан чарасына дейре терип тири укмуш чалкыган күүнү термеди. Баскан сол шадылары менен кылды чалкыта тере, черткен оң колун асманды апчыта тегерете чалып, чалкыган көл жатканын табыштады. Комузунун моюнун койкоңдото көтөрүп: «Ак куу, ак куу» дедиртип тапатак күүнү сүйлөтүп, каркылдап сүзүп, бейкут көлдө чардаган суу канаттуусунун сулуусу Ак куунун сайраганын элестетти.

Ошо маалда аларды атууга бөкчөңдөп көл жээгиндеги саздарга жашына мылтыгын октоп өңүп бараткан мергенчини дал өзүндөй туурады. Кылтыя аңдып, бүйрүлө отуруп комузун мылтыктай сундура шыкаалатып, узакка Ак кууга далдады. Ана кароолго илинди. Тарс эттире комуз кылын аттырып «олжолуу мергенди» кубанта атырылтып тургуза, көлгө көз чаптырды. Ошондо да сөөмөй бармагы күү чалып тапырап, көлдү жарадар канаты менен чапкылап кан жайылта жанталашкан Ак куунун боор ачырлык алсыз үн катып, жан кыйып бараткан аянычтуу абалын манчаларын тыпырата, кулачын салбырата, көзүн тунарта маалымдады. Ошондон улам Байымбет казактардын «Кыз Жибек» дастанындагы Жибектин ашык жары Төлөгөнүн

күтүп, тунук көлдө «Гак Куу, Гак Куулап» обон созуп сүзүп ырахаттанганын, ал ырахаттын кайгыга айланганын, акылкарачач, Жибек сулууну талашкан Бекежан ай талаада беттешип жеңилген соң, артынан аңдып жебе согуп кан жөткүрткөндүгү тууралу суук кабар жеткенин эскерди.

Токтогул да бейкут дүйнөнүн алал кушу Ак куунун бейкапар сайранын ойрондоткон, эселек мергендин жырткычтыгын жектеп, бейкүнөө макулукту аяп бүтүргөн күүсүнүн каймана маанисин издеген жазма акын, эмелеки кыткылыктаган жаш тукумдардын каш кабактары үтүрөйө, кылдат чебердин каардуу насыятын туура түшүнүшкөнүн баамдады.

– Тукум, урпактар! Силер аталарыңардан өскүлөң болууңар керектир. Элде «атадан бала акылдуу чыкпаса акыр кыямат түшөт» делет. Андай боло койбос. Инсанат-адамзаты алга, жакшылыкка, теңчиликке талпына берет. Ага силер, силерден кийинкилер акыры азап, талбаган далалат менен жетээр. «Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат». Калетсиз сөз. Орустун, башка элдердин өнүккөн билим, өнөрүн аркалап гана үйрөнө алаарбыз. Монтойгон ананайындар, силердин шыбагаңарга түпкүрдөн түрүлгөн акылман азаматтардын талбаган аракети, таалимдүү шарапаттары бизге жетээр. Мектептер ачылса, жаңыча үлгүдө окутуу жолго коюлса… Мына Токтогул экөөбүздүн кыялыңарды ойготоор ыр, күү насаатыбызды культтанып жагалданган кагылайындар, аныгы билим сабагы берилсе, маңыроо көздөрүңөр ачылып мобу тоолорду гана түгүл андан аркы ар уруу ааламды, адамзаттын миңдеген жылдар катмарланган санжыра сырларын, болочок мүдөөлөрүн өздөштүрөөр элеңер. Жакшылыктан үмүттөнгүлө. Жаштын тилеги орундалат – делет. Тилек, аракет аздыр-көптүр берекетке жеткирээрин өз башыбыздан өткөрүүдөбүз. Тилектүү өскүлө садагалар.

Байымбет балдарга багыштаган оюн көздөрүн бажырайткан мадыроо мотуракайларга жоруптаганда, Токтогул да толгоно өкүттө жактады.

– Атаганат, көкөйдөгү жараны чукуйсуң да. Мактеп, окуу… – Токтогул оозунан көкүрөк дартынын түтүнүн сызылта үшкүрүнүп үйлөй зың-зың комуз кылын термей обон салды.

...Ырыс алды ынтымак
Өлмөйүнчө кол кармаш.
Билими бар азамат
Бир-бириңе жардамдаш.
Билинбей жүрүп бир күнү
Мүдүрүлөт алтын баш.

Байымбет бу түрмөктү досу түпөдөн түз өзүнө багыштаганын, ар сабы өмүрдүн опасыздыгын, адамгерчиликтин, өнүгүүнүн ыйык аземин эскерткенин, коштошуу чукулдап келатканда керээз-мурас катары ой толгоолорун оргуштата ортого салганын туйду.

* * *

Токондун ой толгоосу бир буралып өтүп кеткендей жеңил желпиден эместей. Чамгарак өзүнүкү. Чаканыраак бозомук өргөөнүн төрүндөгү көлдөлөңдө экөө бетмаңдай баарлашууда.

Энеси Бурма байбиченин, караторусунан суйкайган кош бойлуу келини Тотуяны ээрчитип айылга аттанаарындагы кобурун эшитише, эрчише сыртка атыла карбаласташты:

– Окшошкон кулундарым. Кечке өзүңөрчө эркин эрмектешкиле. Эл аралап деле чолоңор тийгени ушу. Бир күн чакырыкка барбай, жаныңарды сеп алдырып алгылачы. Бүгүн алла тааланын жума күнү. Мен Тотушумду мазарга апарып сыйынтып... эмчи-домчу кемпирлер, умай энелер чогулат имиш. Ичин оңдотуп, күүгүмгө дейре кайтабыз. Билем. Кулундарым, ээн калганыңарга кымылдап сүйүнүп атасыңар, – деп, каз элечегин шаңкайтып, кара дукаба чапанын этегинен чыгаар чыкпас көк ырапы көйнөгүнүн этегин намыркен маасынын тумшугун чийдире, эмчи домчунун жолдугуна бышырган тамагы салынуу куржун артылган тору бээнин жалынан аткый – Виссимиллалап, уулунун колтуктап сүйөөсү менен али күүлүү энеси шарт шайы төшөк тартылган ээрге балкайды.

Көкүрөгүндөгү жашыл күрмө шайга улай, бооруна кундуз кыюулап, сары, кызгылт жибек таңдайлаш саймалуу көгүлтүр макмал белдемчисинин боору гана торсойбосо, ичи анчейин билине элек, саркечтеп тиккен үлбүрчөк апай жоолугунан саңоор

чачы үлпүлдөп, коюу кирпигинен капкара көзүн коймолжута, тегерегирээк бетинин кызылдуу отун нурланта Тотуя, аяшы Байымбеттин кол жаңсоосу менен күйөөсүнүн сур жоргосуна, күмүш чач учтугунун шылдырын аттыра шып минди:

– Ырахмат аяш. Досуңуз экөөңүз коңултуктабассыздар. Удаа аттанган кайын энесинен айбыга, апасынын тизгинин колуна берип, жаңы гана бери бурулган күйөөсүнө наздана мөтүрөйдү – Энемдин уулу, жүктүн түбүнө чайкап, оромол жаап койдум, көөкөр толтура кымыз бар. Чыгдандын ичинде дасторкондо бышкан эт, боорсок оролуу. Досуң экөөңөр, курсагыңарды ачырбай түштөнүп алгыла. Жарайбы.

– Жарайт. Андан көрөк Тотуш, энең экөөң жай баргыла. Катуу бастырып, ичиңди козголтуп алба. Топчудай боюңдагы торсойгон перзентимди эсен-соо төрөп бергендей болуп кайт. Ыйык мазар, эмчи-домчу, умай эне эле дейсиңер. Деги көңүлүңөрдү тындырып, көксөөңөрдү суутуп кайткылачы. – Токтогул колуктусуна кончундагы камчысын берди. – Чаппа, атылып кетет. Бу камчы Топчубайымдыкы.

Байымбеттин жүрөгү болк эте өзүнүн Сейдешин, курсактагы перзентин эркелетип күткөн таттуу закымдарын эскере, көз кычыгына толгон ысык толкунга мууну бошой имерилди. Экөө кайтадан өргөөгө кирип ээн-жайкын отураар замат, толгоосу чыйралган Токтогул дароо комузун бурай алиги сырынын чың түйүнүн өнөгүнө эми чечмелей, кылдат чойгон күүгө, доошун секин калкытты:

Мектепке атам берген жок
Мааниге тилим келген жок.

Уюп тындаган Байымбет селт чочуду. «Токтогулуң түш, азаматтыгын, айбаттуулугун кара. Өз тагдырына өзү бий, өзү сот. Өзүн өзү айыптап, өзүн өзү аруулайт. Болбосо минтип: «Мектепке атам берген жок, Мааниге тилим келген жок» дейби. Билимдин күчүн түшүнүп, жогору баалаарын алигинде балдарга баарлашкандан бери туюнтууда. Азыр кандайдыр өкүттө калганын жандатты.

Токтогул досунун кыялын дүүлүктүрүп өткөнүн жайкап, тынымдан соң авазын салмактуу серпти:

Кантсе да менде наалы жок.

«Азамат. Тагдырга наалыганда не пайда. Эгер Токтогул окуп, «Мааниге тили келгенде» Навои, Низами, Пушкин, Крылоп, Алтынсары, Абай катары, ансыз да акылына сыйбай, башына батпай тоо дайрасындай толкуган талантын кагаздын, китептин көркүнө, түбөлүктүүлүктүн кенчине айлантпайт беле. Теңсиз, шум замана оңбо! Муңайып да, кайраттанып да, топуктанып да жазмыштын чындыгын кашкайта айткан сага ыраазымын Токо. Сенин болоттой дат баспас ырларың, миңдин, түмөндүн дилине жазылууда. Баяңкү кара эдирекейдей өспүрүмдөр жетилип өнөрүңдү төкпөй чачпай түгөл түшүрөөр кагазга». Токтогул элирип, узартып жибербес үчүн Тоголок Молдо токтоналбай торгоду:

– Токо, сырыңа, пейлиңе кандыра тойгуздуң. Токтотпосом, дарыя шарындай өркөчтөнүп кеткени турасың. Ошон үчүн саал аялдап, менин соболума жооп бер.

Чын эле үч ичек кылда манжалары тыбырап, ички толгонгон жүрөк күүсүн шаңшытууга тап бере кызууланган Токтогул, күч менен зорго токтолуп, кулагын делдейте курбусуна маңырайды.

– Токо, оң менен солдун санжырасын мыкты ажыратат экенсиң. Мага чаламоңол жерлерин тактап бердиң. Санжыра китебиме толуктайм. Соболум бул – айтылуу акындардан жактыргандарыңды жоруптачы?

Токтогул ойлоно:

– Ар гүлдүн жыты башка. Ар акындын күчү башка. Манасчыдан Тыныбек, уругун угам Бугу деп. Тыңдап койгун аны бек. – Комузун зыңылдата жорго доошун шыбыргактатты:

Кыргызда нечен ырчы өткөн
Кыйласы муңдуу күү черткен.
Биринин жолун бири алып,
Бара-бара күчөткөн…
…Биз өңдөнүп алар да
Биринен-бири үлгү алган.
Мына бүгүн биз үчүн
Ошолордон жол калган.
Музооке булбул ырчыны
Сарбагыш, Солто талашкан.

Союл тийип башына
Суу ордуна кан аккан
«Жети күн тилсиз жаткан» – дейт.
Башындагы жарааттан
Мурунтан бери ырчылар
Кордук көрдүк манаптан...
Чүй боорунда Солтодон
Балык ооз, Бекмурат.
Көргөн, билген адамдар
Акындыгын кеп кылат.
«Манасты» айтып мактаган
Аш, той десе жатпаган.
Букарадан тың чыгып
Манаптан тилин тартпаган.
Балыктын уулу Найманбай
Ырдап жүрөт эми да.
Атасы Балык сыяктуу
Көтөрүлөт деми да.
Меркидеги бир тойдо,
Беттеп калган мени да.
...Көрүнгөнгө асылган
Акмак ырчы болобу?
Карышкырча жулунуп
Капкан ырчы болобу?
Аман болсоң көрөрсүң
Андайдын түбү оңобу?
...Угуп көргөн эл айтат:
«Солтобай сонун ырчы» деп.
«Сарбагыш менен Тынайды
Жамандап ырдап турчу» – деп
«Шабданды кордоп ырдаган,
Жүрөгүнүн курчу» – деп.
Бугунун наамын чоң кылган
Тынчын алган Тынайды
«Жөө Тынай» атка кондурган.
...Ак селдесин чалынып

Көк жибек бүчү тагынып,
Пайгамбар деп бат айтып,
Шарыят деп жат айтып,
Аксыдан келди Нур молдо,
«Акырет жолу мындай – деп
Айта баштап шум молдо –
Ачуум келип туралбай,
Асыла кеттим бир жолдо...
...Ошолордой эчендеп
Тили сүйлөөк чечендеп
Аты калды, өзү жок
Ак кагазга сөзү жок.
Аманат жаның бир кетсе
Айланып келээр кези жок.

Анжыян, Аркада, кыргыздын солу менен оңунда аты-жөнү белгилүү акындарды түгөл сыпаттап, ар кимине өз баасын таамай бычкан көкүрөгү каттай өнөгүнө Байымбет дагы кыбаасы кана демденди.

– Бар бол, Токо. Сенин таразаң Санжы сынчыныкындай кылдат, калыс. Купулуңа толгондорду гана иргедиң. Болбосо, Арымдагы Арзымат, Чүйдөгү Калмурза, Курткадагы Бошкойлор толуп атпайбы. Аларды атаганың жок.

Токтогул курч, көгүлтүр көздөрүн жайлоонун чак түшүндөгү ачык асманындай чаңкайтып, качаңкы оюндагы шертин айкындоочу шартты дал келтирген курбусуна ирмемге токтоло кадала, күрсүндү:

– Туура айтпаса акындык бекер.

Тоголок Молдо жандуу эпкин ургандай, жүрөгү булкуп, эрини өзүнөн өзү эпилдеп ачык кайталанбаспы. – «Туура айтпаса акындык бекер». Дароо чочугансып, жо-о, кубанганын жашыра албай, маңдайындагы чатыраган сөз ээсинин эки мүрүсүнө канатын артылтты.

Токтогул анын кур толкубаганын баамдап шар обдула, тигинин кош ийнине колун арчындатты. Бойлору чак эки акын күлмүңдөшө тигилишип, эмне үчүн тирелише серпилишкенин, капилеттен бышыкталган купуя сырдын дөмөөрүнө балкышты.

Экөөнүн тең туйгусунда «Туура айтпаса акындык бекер» деген ыйыктык кайра-кайра жаңыра берди.

Арийне, туура айткандыктары үчүн аларды көпчүлүк калайык-букара журт колдоодо, азчылык төбөл залимдер кордоодо. Экөөнүн колдоочусу, күчү – элдик мүдөөнү туура түшүнгөн жана түшүндүргөн туурачылдыгында. Бекеринен калайык «Туура бийде тууган жок» дебестир. Эки акындын тирелип айкалышып турушу да бир саам нукура акындык антты бирге бирдей баалап, өмүр бою андан тайбай өтүүгө шерт түйүнүн бекемдешкендигинде.

Байымбет кыйылып, акыры чыдабай, санаасын бураган кыйкымды өнөгүнө угузууга мажбурланды.

– Токо орой, динчил, жасакор акынды жектеп, чынчыл акыйкатчыл акынды жактырганың мүдөөбүздүн бирдейлиги. Баарына макулмун. Бир гана ысык-көлдүк «жүрөктүү» Солтобай акындын кийинки жалт этмесинен кабарсыз окшойсуң. Ошону эсиңе салайын. Биле жүргөнүң оң. Солтобайдын соңку, Токмоктогу топтогу мурда Караколдо кордогон Шабданга кайра жагынып, мактап, сыйга тунганынан улам жийиркенип калган жайым бар. Эки жүздүүлүк акындын беделин түшүрөт. Караколдогу топто жер ээсилик кылып бугунун манабы Чыныбай, Шабданды жеңилди деп сарбагыштардын аттарын жыктырган. Шабдан Токмоктогу бай соодагер Ташматбайдан он беш араба чакыртып, өзү чүмкөмө арабага түшүп, тынайлар чубашып катар жөнөөрдө Тыныбайын көтөрө чалып Солтобай ырчы Шабдандарды «Жөө Тынай» атап келекелеп ырдаганы чын.

Санжыргалуу Чыныбай
Сан жылкылуу Сарыбай.
Миң жылкылуу Каптагай
Биздин Бугу четтен бай.
Келдиң эле жөө Тынай
Аргымак минип жаркылдап.
Эми кеттиң жөө Тынай
Араба минип салпылдап.
Боролдоюңа бардыкпы
Бедеңди тийип алдыкпы.

Бедең турмак атың жок
Жөө Тынай мээнетиңе калдыкпы.

Алматыдагы оёзду макулдатып, кийинки күздө Шабдан топту Чүйдүн ысыгында, Токмокко өткөртүп бугуларды чакыртат. Шабдан сарбагыштардын акылмандарына кеңешип, ыза көргөзгөн бугулардан кек албастан кайра сый-сыпаттан жакшы узатат. Ошондо бугулардын мыктылары менен кошо келген Солтобай ырчы Шабданды мактайт.

Алтындан таккан бүчүңө
Баракелде эр Шабдан
Айлантып соккон күчүңө
Тогуздап таккан бүчүңө
Баракелде эр Шабдан
Тооруп чалгап күчүңө.
Өлөйүн деймин арыман
Чыныбай кулдун жайынан.
Өлбөй тирүү калгамын
Баатыр Шабдан барынан.

Ошондо Шабдан Солтобайга ат мингизип, тон кийгизген. Солтобай ушундай култулдак, сага да жакпас дейм, Токо.

Муюп тыңдаган Токтотул көзүн кыбыңдатты:

– Атаганат, атаганат... Туюнтканыңа ыракмат. Кайрылып Шабданды кийин мактаганын укпаганым ырас. Кантсе да, Солтобайдын «Жөө Тынайы» көөнүмө жакты эле. Кап! Акындын айныкчылы, азгырылчаагы азап э-э, Солтобайың түш, билбепмин. Бекер беделин түшүрүп алган экен да.

* * *

Шайырлардын өнөрлөрүнө канбаган калайык Токтогулдун үйүн тегеректей акырындап чогула берип алар каалагандай ээн-эркин баарлашууну кыскартты. Токтогул түрүлүү эшиктен топтошкон жердештерин чагылтып, Байымбетке кечирим суранчу айыптуудай кирпигин кыбыңдата, сыртка кашын ийкеди:

– Аялдарды эптеп атказып жалгыздап сырдашууга жашынган бир күн да бизге буюрбаптыр. Капа этпе, Байымбет молдо.

Булар – ийбаа сактап унтутушпай ниеттерин ырга чаңкаган кебетелеринен маалымдаган кары, жаш айылдаштарына мулуңдай моюнун созо колун серпти – өзүң жактырган «Жети атанын таш бараңчылары».

– Ооба, окшошкон айланайын жез таңдайлар. «Бир атанын» ач тырмак жырткычтарына, Токомдун үндөөсү, айбаты менен жем болбой, ооздоруна таш ыргытып коргонгон бизбиз. – Канчага каргышып туралабыз. Бир кудаа билбесе. Амалдуу «беш каман» бир эл, бир журтпуз элдешели, Токтогул ырчыны укканыңарды койгула. Анын терисин жакында тескери сыйрабыз деп арачы салууда. – А биз Токобуздун өзүндөй курткалык досу Тоголок Молдо экөөнүн сыртынан акмалап, жалгыз койбой чогуу чараан эрмегине батууга кеңешип чогулдук.

– Силерди күткөн эл анобу жанаша айылда. Колдо бар чоң деген өргөөнү бошоттук, казан астык. Кедейирээк болсок да, эки акынды куштоого кудурет жетет. – Нооча бойлуу көрпө тебетейин шыпыра, тасырайта кырган башын сокойто, көгала сакалын экчей топтун атынан экөөнө кайрылды.

Токтогул аны жайкай күлмүң эте, көңүлү чөгүңкү тарта томсоргон курбусуна бурулду. Байымбет жаңыдан кызыган баарлашууну аягына чыгарбай, жолтоолорун тийгизген өкүлдөргө жадыраган түгөйүнө, андан карегин аябай багжайган карыя өкүттө көлөкөсүн айдай кабагын өйдө серпти:

–Элдин назарынан ыйык не бар акында. Кеттик Токо!

Шагы сынбай оюндагысы орундалган топ күүлдөп алкашып, аттарын тартып акындарды мингизип, ортолоруна жагалданта казганактай коштоп жөнөштү.

Короо толо койго жол баштаган эркечтей өкүлчү карыянын сөзү көңүлүнө чөккөн Байымбет, жолду катары жана котолоп күткөн элдин коштоосунда туурдугу сыйрылган өргөөгө кирип, Токтогул санаттан, термеден туушкандарыңын жарпын жазууга чабыттаган учурунда да, санаага чырмалды. Буларга ал маанилүү түрмөктөн санжаптоо, козголгон азаматтардын олкусолкулугун чыңдоо, зулумдарга алданбоо ишеничин чыйралтуу жаатын ойлоштура, акыры бир бүтүмгө такалып, өзү менен өзү алек. Токтогулдун сайраганын, аны кубаттап, улам демденткен

угуучулардын сүрөөсүн эшиткен менен Байымбеттин кыялы купуя сабалоодо. Кудай жалгап болжогонун жыйынтыктоого, ичинен кайра-кайра жат кайрууга үлгүрдү. Өзүнчө жайланып сээлдегенде дептерине нукулап түбөлүккө түйүндөйт. Мындагыларга жаңылык дагы, сүрөө дагы, бет ачаары дагы караманча бөлөкчө куралуу керек. Көшөрүп суранып калышса, казалдан, дастандан, жанытмадан, кошоктон копшоор.

Анын түйшөлүүсүнө Токтогулдун жанар тоодой илебине балкыган жамыят серп да салбады. Токтогулду минтип көлкүтүп чайкап турганда, алар үчүн мейман акын азырынча бечара эле да. Жапырт делдейип, Токтогулга арбалгандардын илебине тартылып эми араң кулагы ачылгандай ырчынын мукам үнү коштогон тири укмуш шаңшыганын тыңдаса... акыл, насыят, үлгүлүү чакырык, сабак.

...Өнөрүң болсо өргө чап
Кор кылбай асыл жанды бак.
Эрдин көркү эл менен
Эмгегиң менен элге жак.
...Жаман адам белгиси
Өз камы үчүн жүгүрөт.
Жакшы адамдын белгиси,
Эл камы үчүн күйүнөт.
...Кылычтын көркү курчунда
Кундуздун көркү сыртында.
Алышкан душман жоо келсе,
Азамат көркү журтунда.

Баракелде, ал көксөгөн акындык көсөмдүк, акылмандык ушул эмеспи. Жасакерликке сатылган кайран таланттар Калмырза, Арзымат, Бошкойлор... ачык күндү бүркөгөн тумандай карегинен самсып өтүшпөспү. Ана, азамат Токоң, эми эпчи капшытта элечектерин шаңкайтып, жоолуктарын үлпүлдөтүп, сөйкө, чолпуларын жалтылдаткан келиндерге, аларга ыккан беш көкүл чокусунда үкүлөрүн сеңселткен такыячан бийкечтерге чимириктей имерилип, колунда сандугачтай таңшыган комузун безелентken бойдон, кызыган көмөкөйүн жаңшады:

...Жагалмай канат кашыңар
Жайылган кара чачыңар.
Энеси сүйгөн перзенттей
Эркелеп турган назыңар...

Чолпулардын шыңгыры, күлкүнүн шыңгырына үлөшүп, кыз-келиндердин назданган кубаттоолору, шыбыштары экиленди:

– Укмуштуу сөздөрдү кайдан табат ия?
– Комузунун тили барбы?
– Ооба десең, тапа так сүйлөйт экен.
– Колдору, бети, башы бүт күүгө, обонго эрийт.
– Тобо-о, мууну-жүүнү жоктой, бир керемет.

Токтогул кулагы чалаар чалбас комузу, тили, тулкусу кошула ойсоктоп, кумарлары ашынган ургаачы заттарын карай обдула эргиди:

...Ойносоң дүйнө доорунда
Артылса колуң мойнума.
Укуруk моюн, куран көз
Урматтуу эрдин койнунда.
Кадырың барда ойноп күл
Калаарсың жердин боорунда.

Адептүү наздана, уяң түрткүлөшкөн бийкеч, зайыптардан калкып чыгырыктай тескери бурула артына тегеренип, а дегендеги кайрылган төрдөгү карыяларды кайпый өтүп, муунсуз бармактарын дагы эле кылдан ажыратпай безеленткен бойдон оң капталда кермурут керилген жигиттерге, сыртта жылаңач керегеден жабалактаган боз уландарга таңшыды:

...Күрпөң-күрпөң жүгүртүп,
Күлүктү минсең бир кызык.
Айдалыңды кубантып,
Асылды кийсең ал кызык.
Азамат эрге табылса,
Айнектей сулуу жар кызык.
Эмгек этип жашыңдан,
Элге жаксаң эң кызык.
Эки курбу баш кошуп,

Эркелешсең сен кызык
Эрикkенче сүйүшүп,
Элестешсең тең кызык.
Эл чогула келгенде,
Элиришке мен кызык.

Чалкыгандардын ийин жандырбоо пейилинде Токтогул күүсүн, ырын чоё мандаш токунган калыбында көз боёчудай элпек секире Байымбеттин маңдайына жетип, тикирейе какшабаспы:

Алыскы Куртка жеринен,
Айтылуу Саяк элинен,
Буюгуп келген досум бар,
Бурчатпай мага кошулар.
Жазма акын Байымбет
Жалындай өөрчүп созулаар.

Беленденип күтүнгөн Байымбет жазы чекесин кашкайта көк ырапы жеңил топусун чокусуна жылдыра салып, жүккө жөлөнөөр жөлөнбөс, астындагы макмал олпок көрпөчөгө оңдоно көчүк басты. Комузсуз кандай ырдайт дегендей омсоңдой моюн созушкандарга, тамагын жасай күрсүндү:

– Агаиндер, мен Токтогулуңардай күү толгоп сабата албайм.

Током эскертпедиби, жазмачымын. А дегенде тамсил казалдан айтып көрөйүн. Кунт коюп баамдасаңар, маңызын түшүнөсүңөр.

– Тобо, тамсил казал деген неси?

– Жазмачы болсо, арабчадан окуйт го?

– Ошондуктан кунттангыла деп айтпайбы.

Күбүр-шыбыр иретте Тоголок Молдо көпчүлүккө токтоо, топуктуу телмирди. Аны абайлаган Токтогул журтуна эринин кыса, алаканын көтөрө калкытты. «Тынчтангыла. Шүк отургула».

– Тамсилдин аты «Каркыра менен Түлкү». Байымбет а дегенде бышыкулак болгон бырс бышкырыктарга терикпеди. Ар сөзүн таңыркай жабалактагандардын мээсине уютчудай кыраатын салмактуу, жай созду:

Абал баар жаз болуп,
Көлгө батпай каз толуп.
Келгин келген кезинде

Бозго батпай куш толуп.
Жер айрылып, гүл ачып,
Булбул сайрап үн ачып.
Байчечекей гүлдөгөн
Жыгачтын баары бүрдөгөн...

Саал тыным жасап абайласа, чогулган калк жымжырт. Демек табийгаттын жашаң өмүрүн элестеткен жаз баарынын кооз сүрөттөлүшүн маанайлары жазыла жапырт кабылдагандай.

Жан-жаныбар төлдөгөн
Жазгы көктөм мезгилде,
Бир каркыра, бир түлкү
Коңшу болду достошуп
Ачык сырын жашырбай,
Анык сөздөн козгошуп.
Каркырада шумдук жок,
Түлкүнүн көп бузугу.
Түлкү акеңдин бир түрлүү
Эми келет кызыгы...

Дагы демин жыйнай аялдады. Угуучулар уюп, окуялуу казалдын аржагы кантээрлигине кызыга, шыпшына акынга ызаттуу карала көздөрүн жалжылдатпаспы. Дайыма, оозеки жалпылап ырдама өнөргө көнгөн журтчулукту ыргагы да, курулушу да башка жазма адабий үлгүсүнө ушинтип саамыктатып тартканы жөндүүдөй.

...Түлкүдө бар төрт бала,
Каркырада беш бала.
Балдарына жем издеп,
Каркыра кетти бечара.
Түлкү жүрөт жойлонуп,
Шумдуктун баарын ойлонуп.
Убададан тайгылды,
Түлкү жойбур иш бузуп.
Каркырага түлкү акең,
Кылмак болду бир кызык.
Тура калып түлкү акең:

«Эчтеке болбос» – деп койду,
Каркыра кетип калган соң.
Бир баласын жеп койду.
Карды тоюп алган соң,
Карсылдап күлүп ойноду.
Жалган жерден кеп куруп,
Жана шумдук ойлоду.
Каркыра келээр кезинде,
Түлкү акең ыйлап отурду.
Көөнү менен көп ыйлап
Көзүн жашка толтурду:
– «Бирибиз тышка чыкканда
Бирибиз үйдө турбай – деп,
Этиет болуп сактанып,
Эптеп оокат кылбай – деп,
Сен кеткенде мен кетип
Экөөбүз үйдөн тең кетип.
Санап көрдүм биле албайм,
Тогузунан кими жок?
Кандай бетсиз алды экен?
Узун моюндун бири жок.
Бала деген эң кыйын
Баласыздын күнү жок.
Узун моюн баландын
Убайым кылды дарты – деп
Каркыра аке кантелик
Кайырлуу болсун арты – деп
Түрдүү кытмыр сөз баштап
Түлкү турду муну айтып.
Кара күчкө кууланып
Кара жанын муңайтып.
Кири жок ичте каркыра
Ишене калды кебине.
Түндө жортуп жойлогон,
Түлкүнүн кирди эбине.

Акын аягына чыккандай саамга токтолду. Окуяга чырмалып тунжурагандардын арасынан сөз жаңсагандар:

– А момун каркыра куу түлкүгө алданган тура.

– Ошол каркыра акмак түлкүгө достошкон.

– Ыплас, алкы бузук жырткыч, калган балдарын, каркыранын өзүн да жейт акыры.

Максатына жеткенине анык ишенген Тоголок Молдо, үнүн коюуланта жыйынтык саптарын түйүндөдү.

Түлкү сөзгө турбады,
Залимдин бири бул дагы.
Кайда болсо залимден
Залал көрөт ынагы.

– Бали! Акын болбосоң коё кал. Көшөгөң көгөрсүн.

Алиги өкүл карыя башын кашкайта, тегерегиндегилерге тебетейин серпти:

– Жазма акын, баракелде! Тамсилдете куюлуштурганыңдын корутундусу менин баамымда мындайча. Каркыра – аңкоо кедейлер – биз, жети ата. Түлкү – манаптар – залим Рыскулбек тукумдары. Алар бизди алдап четибизден уйпалап жеп атканы чын. Жанытма сабагыңды түшүнүппүзбү, ачык айт айланайын, молдоке?!

Тоголок Молдо жайдактай бажырaң көзүн ирмеди:

– Даана түшүнүпсүз аксакал. Мен көздөгөнүмө жетипмин. Кайталап эскертээрим эч качан төбөлдөр букараларды теңата дос тута албайт.

Токтогул түрүлгөн булчуңдуу шадыларын комузуна өйдө-ылдый жанып кескин шарак-шурак келишкис кармашты элестеткен күүнү шарактата элине кошула досун толук кубаттаганын билгизди.

* * *

«Адамды билгиң келсе сыртында эмес, ичинде бол. Талантты билгиң келсе бүт зикирин кагып күчүңдө бол». Тоголок Молдо экинчи айланып, жанаша айлап жүрсө да Токтогулдун адамдык жана акындык касиетин али дурустап билбептир да. «Жети

ата» куралган айылдардын бу тобунда болбогондо ага Токтогул түпкүрүндөгү уюган асылы алына элек, тышкы катмарлары эле көрүнгөн кен тоо катары гана маалымдалмак тура.

«Жети ата» кочурап намыстуу, учу-кыйры чоюлган улуу тоо, ала тоо, керме тоо коюндарындагы берекелүү өрөөн, жылгаларды, көк кашка албуут дарыялардын бойлорун мекендеген карапайым кыргыздардын жалпы салт-санаасын сактаган журт экен.

Тоо кырларына кезметтештирип кароолго жигиттерин аттантып, талоончу «бир ата» тарапты саксактатууда. Кары, катын, балдарына анчейин билгизбеген менен каруу-күчтүү азаматтары курал-жарактарын даяр кармашып, аттарын кермелерге байлашып чабуулга даяр. Сырттарынан карпаңдашып, кажарлуу. Калкалуу тоолорду түптөй, карагай чер, кашка суулуу өзөндөрдү бойлой айыл-айыл тыгыз конушкандары да ошол кооптуулуктан чогуу сактануу максатында. Кемегелерде карагай, арча оттору чатырап, төө казандарда жаш сорпо буруксуп эт кайнап, май боорсоктордун жыты алда кайдан буруксуп, сабааларда бал кымыздар бышылып, акындардын шарапаты менен чогулган калайыкты туйтунтууну билермандар жөнгө салышкан.

Атайын камылгасын тейлеп, жер ортолой чогулган көпчүлүк Токтогул, Тоголок Молдонун кызыгынан толук чыкмайын аларды да атказчу, өзүлөрү да тарачу кейиптенбейт. Байымбет как ошол калк кастарлаган ырахаттын ысыгынан, апталаган өнөр чабышында Токтогулдун акындыгынын ага белгисиз тереңдигин үңүп, ашып-ташып канагаттанууда.

Акындык тереңдик элдин байыркылыгын, улуулугун, канчалык кармаш, сүрүш, кансыраш, чачылыш, чабылыш, жеңилип, жеңиш, бөксөрүп, толуш… апаат, жыргалды башынан кечирсе да улуттук сапатын, салт-жөрөлгөсүн жоготпой, изин суутпай өзүнчөлүгүн сактап… достошкондорго коюнун ачып, касташкандарга каршы туруп, асылын асырап, арабөктөн арылып намысын коргогон журттун өмүр санжырасынан көлдөй чалкыган, тоодой көк мелжип олчойгон, дарыядай буркандаган дастандарды унутпай улартып, калктын казынасын бөксөртпөй толукташында.

Нак ошо калк казынасын тоздурбаган Токтогулдун кошумчасы, эгедерлиги анын, сейрек, зергер талантынын улуулугун ого бетер шаңдантат. Чачылган кыргызды бириктирип, баскынчы душмандарды ийнине киргизип жердин чегин, элдин улуттук өзүнчөлүгүн коргоп аныктаган байыркы доордогу окуялар «Манас», «Семетей», «Сейтек» дастандарында кең кесири сүрөттөлөт. Айрым даанышман акын, жомокчулардын, манасчылардын аткаруусунда айлап, жылдап айтылган ыр мухити «Манастын» үчилтик дастаны байыркы кыргыздардын узак жол, узак өмүрүндөгү тарыхы, күрөшү, салт-жөрөлгөсү, ой-пикири, пейили, сырткы жана ички алакасы, улуттук жана уруулук түзүлүшү төрт танабынан көп камтылат.

Токтогул Манастан толук кабардар экен. Андагы ар кайсы окуялардан чолуп Байымбеттен сурамжылап, тактап, өз пикирин кошуп, туугандарына мерчемдүү жеринен айттырып да укту.

Анан толукшуп толкундай сөз учугун сөөлөттүү мааниден чойбоспу:

– Манас, Семетей, Сейтектен кийинки доордо кайрадан күн чыгыштан самсыган Чыңгызхандан Жуучуханга, андан Амурсанага, аксак Темирге… чейинки канкор баскынчылардын талоонунда бириндеген кыргыз уруктарын баштап багынбай казабат айыгышка чыгып эл коргогон баатырлар жөнүндө «Эр Табылды», «Курманбек», «Жаныш Байыш», «Жаңыл мырза», «Ширдакбек», «Эр Эшим», «Жодур бешим», «Сейитбек», «Тайлак баатыр» орто, кенже дастандар, бара-бара дарыя куралчу соолбос булактай өмүрүн өчүрбөй улаган калайыктын санжыра баянын курап сайроочулар мына биз. Молдо Байымбет «Манастан» баштап, «Ширдакбек», «Жаңыл Мырза», «Эр Эшим», «Тайлак баатырды» чечендигине салып да, болот калемине байлап да жумурай журттун кенчине чөгөрөт экен. А мен «Курманбек», «Жаныш Байыш», кедейден чыккан, акыл амал менен Азимханды тактан айдап, жалчы кембагалды куштап асыраган «Кедейхан» дастандарын куюлуштурам. Тобо дейли журт, арабтардай асмандан алла тааланын амири менен түшкөн куран, «Миң бир түн», орус, андан аркы ар уруу калайыктар-

дай жазма китебибиз болбосо да, канча башка сыйган, алардан кем сокпос, элибиздин тагдырын, жөндөмүн билгизген акын, шайыр, чечендерди берген кутмандуу элбиз.

Кыска ыр, күүнү аткаргандагы ойкуп, кайкып ойноктогон Токтогул, узун дастанга киргенде кантээр экен? Кубаты, чеберчилиги толкуп ташкан шайыр ар ыргакка карай төбөсүнөн курсагына чейин ийленип булчуңга айланган денесин кошо кыймылга келтирип көрүүчү, угуучуларды көз боочудай сыйкырлайт. А окуясы оор, эл тарыхы, тагдыры, табигат кубулушу, эр, ат, жабдык, катын-бала, карыя мүнөздөрү, кейиптери сыпатталган зор дастанда «жетимиш өнөрдүн жетик азаматы», кубулма өнөрпоз Токтогул кантээр экен? Байымбеттин бу күдүгү сезимин кытыгылаcа да, улам нарылаган сайын Токтогул дастанчыдан ал караманча башкача акынды, аткаруучуну кабылдап, таңдана баштады.

Токоң кадимки ыр, күүлөрүн аткарчудай билегин карууга жеткире түрүнүп, Байымбет көргөн түндүк танаптагы оң канат кыргыз дастанчыларынан өзгөчөлөнө алакандай булбул доош комузун узакка таңшытып, анан секин сыбызгытып обонун кошо «Курманбекти» акындык, чечендик, обончулук, акылмандыктын, санжырачылыктын кунунан ашыра, ажарын ачып, лепилдеди дейсиң... каткаксыган карапайымдар мындай турсун, таасын ырчы, окумал тарыхчы Тоголок Молдо да этине батпай элирип тыңдабаспы.

Токтогул дастанчы салмактуу, сабырдуу, арымдуу. Чү дегенде «Курманбекке» Манастан караманча бөлөк, бирок, «кагылышта хан өлчү» зор окуяларды камтырлык дастандык кең серпим күүнү аргыштатып, кулак төшөгөндөрдүн да, өзүнүн да ички демин кызыта түрмөгү түрүлө дирилдей окторулуп, шар күр асмандан атылчу маалы жеткен долу мухит толкунундай, жедеп күү сүрөөсү жетилип бүткөндө обондуу сөз түрмөктөрүн түрмөктөтө атырылтты дейсиң... Жонгорлордун Дөөлөнханы кыргыздарды кысмактап, жайыт жеринен сүрүп, малын чаап, кыз-келинин олжолоп шайын оодарган кыйын кезең...

Тейитбек кыргыздын уруу башчысы, хан аталганы менен Дөөлөнханга кол куушуруп, жасакерленип, сулуу кыз, алгыр

куш, күлүк аттарды тартуулап «достошуп» журтунун намысын басынтат. Жан багаар карт Тейитбек өз сөөлөтүн гана сакташ үчүн душманга жагынып, көз каранды салык, белек төлөп элин мүңкүрөтөт.

Уулу Курманбек атасынын чыккынчылыгын жактырбайт, өзү сымал жаш, ар-намыстуу азаматтардан кырк жигит курап, курал жарак камдап, атасынын тыюусуна карабастан Дөөлөнгө каршы согуш жарыялап, бетме-бет эрөөлгө чыгат. Касташкандын колун талкалап, Дөөлөндү кан жөткүртүп жарадар кылат. Ал жан соогалап багынып эптеп качып кутулат. Курманбек дөөгүрсүгөн калмактарды экинчи келгис чектен кубалап, мекенин коргойт.

Курманбектин ашыктыкка, достукка, эл коргогондой эле туруктуулугу өмүрлүк жары акылман сулуу Айганыш, акыреттик кайрымдуу досу өзүбектин капкалуу шаарынын ээси Акхан, кырк чоросуна берилген айкөлдүгү, асыл мамилеси аркылуу уккандын делебесин козгоп, зээнин кейитет.

Атасы Тейитбек уулу Курманбектин жеңишин эмес өлүмүн тилеген. Курманбектин чабуулуна Телтору атын бербей мерттентиши, душманы Дөөлөнгө тыңчы жиберип, келини Айганышты алып берүүгө далалаты, кийинки акыры өзүн Курманбектин досу Аккан Телторунун куйругуна сүйрөтүп өлтүрүшү, койчу, ар жагдай ыгына ылайык кыяпталып... айкашта – кайрат, кайгыда – ый, кубанычта – күлкү чакырта акындын комуз, тил жаңсоосу өзүнө арбап, жабалактай кунттана тыңдагандарды алда не алектен өткөрбөдү. А да болсо көп буйгуттуу чыгарманын сезимдерди дирилдеткен таасиринин күчтүүлүгү.

Эл башындагы мүшкүлдүү, оор тагдырды муңдуу, сүрдүү, элестүү баяндаган Токтогул түгөйүнө көп кырлуу шайырлыгына кошумча таасын дастанчылыгын айкындап Байымбет жогору баалаган талант аскаларынын катарына асман мелжиген дагы бир тал чокунун чалкары шаңкайды. «Тыныбек, Музооке, Сагымбай, Күрөңкөй, Муратаалы, Куйручук, Токтогул... балким өзү да... канчалык каржалып чайналса да кажарлуу кыргыздардын ким экендигин, жеке байыркыдан бүгүнкүгө жеткиргени гана тургай, келечегине өлбөс-өчпөс жаназык кенчин байытып

сактаган кутман дөөтүлөрү эмеспи. Ушундай өнөр дөө-шаалары бар кыргыз, тарыхтын эскерүүсүндө гана калып ар улутка сиңип жоголгон айрым элдей (кыпчактар, сактар, караханиттер, огуздар) азбас да, тозбос. Атакөрү, оозеки чыгармачылыктан жазма, китеп окуу өнөрүнө кантип гана жетээр экенбиз. Ошондо гана улуттук ажар кең дүйнөгө таркалаар, таанылаар, түбөлүктүү жашоого ээ болоор. Поронзо, Поярковдордой орустардын ак ниет оңкойгон азаматтары көбөйүп, ташыркаган, бирок, талбаган шыктуу калкыма жардамга тезирээк келсе ээ. Алар азырынча аз. Арбыр бекен. Орусыя ак падышасынын оторчулары андай ак ниет, кең пейилдүүлөрдү да куугун, сүргүнгө тукулжуратууда. Качан баардык улутка калыс умтулган ак ниет агартуучулар өзүлөрү эзүүчүлөргө көз карандычылыктан кутулганда биздей түркөй караңгы журттарга Мукими, Алтынсарыларды көбүрөөк даярдап, илимдин жарыгын кең чачыратышаар».

Байымбет бир жагынан жергесиндеги жетик таланттарга сыймыктанса, экинчи жагынан алардын ооз жүзүндө өтүп кетме болочогуна сабылып, чечкиндүү чара көралбасына өкүнө тунжуроодо.

* * *

Ар нерсенин чеги бар. Тоголок Молдо мейман сапарын жыйыштырууга чыгынды.

– Токо, сен деп ачыгып келген дил көөдөндөн аша тойду. Элиңдеги баркыңды, башкаларга окшобос өзгөчөлүгүңдү аңдадым. Жаз келдим эле күзгө таянды. Сапар карыды. Уруксат бер, кайтайын. Ансыз да «жети атаң» коогалуу, өзүлөрүн, өзгөчө сени саксактап көркоо «беш камандан» чочулашат экен. Сагынганда ат арытып дагы көрүшөөрбүз.

Токтогул досунун жүйөөлү өтүнүчүнө баш тарталбай кыйылыңкы:

– Кантели Молдо Байымбет, чаркыбыздын жетишинче көрөңгөнү жакшы эле чайкаштык. Азиз достум, менин чалпоо жанымды чалкыттың. Үчүнчү жолугушта жол меники. Сага мен барам. Сүрдүгүшүп тынч кетип турганын айтчы. Жаки

сени тоо түптөй бастырып не дүйүм жапайы жемиштери эзилип көң болгон, булбулдар сайрап, айбанаттар элирген Аркыттын төрүн, Сары-Челек көлүнүн жээгин, Арсланбап чарбакты аралатып... моокумуңду кандырып, сезимиңди козутат элем. Ойго түшүп, дан жыттанган бышыкчылык Кетмен-Төбөнү кыдыртып пейлиңди тойдурат элем. Андан ылдый чөлгө Анжыян, Жалал-Абад, Ошко дейре кыдыртып, кымкуут, тогуз жолдун тоому соода, базар кызыгына батырат элем. Базар, чайхана чөйрөсүндөгүлөрдүн жарпын жазган шайыр аскиячылар, ашулачылар, дойрачылар, дутарчыларга кездештирет элем. Балким айтышка да түшмөкпүз. Өзүң көрүп «беш каман» туш-туштан жолумду торгогон. Капа этпе. Кол кыска. Бирок, экөөбүздүн алма-терме алмашкан өнөр сыйыбыз мансаптуулардын жорго мингизип, тогуздатып мал айдатканынан кымбат эмеспи.

– Дал ошондой Токо. – Байымбет оюндагыны таамай айтканына сүйүндү. – Мыктыларың элдин жонунан сыйрып берет. Экөөбүздүн сыйыбыз өз жаныбыздан, өзөк каныбыздан. Ошондуктан кымбат. Мал байлыгы бир жуттук. Жан байлыгы түбөлүк. Алма-терме бир-бирибизге өткөргөн байлыкты «беш каманың» тургай, ак падышаңдын желдеттери да бизден тартталбайт. Мал байлыгы өзүңдө калат. Жан байлыгы жалпы калайыкка чырактай жанат. Чыракты алоолонто берели.

Токтогул топ киши менен дүрдүгө аттанып Байымбетти белге дейре узатып жөнөдү.

## «БӨДӨНӨНҮН ҮЙҮ ЖОК, КАЙДА ЖҮРСӨ БЫТПЫЛДЫК»

Түбүнөн кытылдап кашка суу туйлаган кемердин четиндеги мажүрүм талдын көлөкөсүндө ичмек, тердигин жазып, үстүнө көрпөчөсүн салып, ак каңкы ээрине кош көзү китеп, дептерлерге дөмпөйгөн саймалуу терме куржунун жөлөп, чыканактай жазданган Тоголок Молдо. Чиймелеген алакандай чөнтөк дептерин чымыраган күндүн илебине актамыш эте, секин желпе сыясын кургата ээринин коңулуна далдоого сойлотту. Бармактай көгүлтүр сыя челегинин тыгынын бекитип, аны да коңулга жашырды.

Кичине тыным жасап, талыкшыган башын сергитейин дегени. Талдын жашаң бутактарынын арасында тырнактай жөргөмүш өйдө-төмөн тынбай чуркап электетип желээ тартууда. Акын ага токтоло кадалды. Бирпастан соң, болот калемин чүчүлөп, кайрадан сезиминде жыбырап нурланган туйгуларды бобу жөргөмүш кылдат желээ токугандай, ак кагазына чиймелейт. Жөргөмүш. Бечара, макулук тирилик камы үчүн тырбалаңдап, тынбай укмуштай көзгө илээшпеген кооз тор жаюуда. Адамчы. Ал деле өмүр бою кара жанын карч уруп жашоо алакетинде. Мансаптагылар кандайча бийлик жүргүзүп, пайданы кайдан канчалык өндүрүү санаасында. Бай малынын туягын санап, кемибей көбөйсө деп санааркайт. Жалчыларда тыным барбы. Өзүчү? Кесип «оорусу» оңойбу. Көңүлүн көлкүлдөткөн, кыялын кытыгылаган ой анын колдоочусу. Окус пикирине эчтеке түшпөй, мемирей тумандаса тумчукkансып жанын коёрго жер таппай туталанат. Улам жаңы ой толгоо, жаңы түрмөк анын желээсин чоюп талбай текилдеген анаобу жөргөмүш сымал лепилдеп оңдоп түзөтө чийип, сызып жан жыргаткан эмгекке байырлатып маатырлантат.

Жапсардан ийнине шалча, оң колуна калдайган кырма табак, кылычтай кыңырак, сол колтугуна даңкайган ала бел дарбыз көтөргөн, малакайынан тартып, мурут, сакалын дебей, тизесин жапкан кайыш чокоюна дейре агыш тозгок баскан, үрпөйгөн каш, кирпиктин астындагы эки көзү гана жылтыраган Тезекбай төө чарпым адымдап, жүктөрүн коюп, кызыл-тазыл таңдайлаштыра согулган таарды көлөкөгө жайды:

– Э-эй акун тамыр, адамдан бөлөкчө мүнөзүңө таңмын. Эртеден кечке пааналаганың ушу мажүрүм талдын түбү. Каралжын болсо да, секиге алачыгымды өзүңө арнап тигип бердим эле. Түнөгөнүң дебесе, андан да бездиң. Не, ээр токумуңду эле жазданбай, кенен-чонон оонап отурууга болбойбу. Анан калса, бүгүн төө каптарына шак, ун тартууга таруу, буудайларын жүктөнүп түшкөндөр жүнүн жейт. Кудайкарыларды дөөмөт талаштырбай иреттеп, колум бошоор замат саа энтеледим.

Тоголок Молдо каалдаган тегирменчи ынагынын ун, талкан, дан, нан жыттанган кейпинен токчулукка топуктана шадылуу алаканын жайкады:

– «Бөдөнөнүн үйү жок, кайда жүрсө бытпылдык». Тезекбайым, сага ыраазымын. Мени азырынча оюма кой. Элден элди, жерден жерди төөнөп... көкүрөктө кайнаган черди бөксөртөйүн. Анан сенин оболуңа көнүп, кеңешээрбиз.

Тезекбай жайган таардын четине атан төөдөй тизесин бүгө жай чөк түшө, жанказандай далдагай кырма табакка, гисар ириктин куйругундай дардайган дарбызды коёр койбос, чоң шамшар менен бүчүрүнөн мууздай:

– Биссимилла. Кудайкары биздин Тогуз-Тородо не дүйүм жер жемиш эксе оңколоп чыгат. Жерибиз семиз. Жайкы, күзгү ысыгы сен торолгон Чүйдөн, тетиги Кетмен-Төбө, Анжыяндан кем чымырабайт. Коңур күздө күн ушунча жылуу. Кудайкары, элибиз жалкоо. Ушу тарапта эки-үчөөбүз эле өстүрөбүз. Бу сен акунум, суусадым, кардым ачты дегенди билбейсиңби. Кел отур – капкара данектери бармактай бадырайган, кыпкызыл дарбызды килкилдеген семиз койдун кабыргасындай шилекейин илеп тарта, курч кыңырак менен шарт, шарт тилип – ал, шимир – кудайкары нес, не эле десе, бу бар тура – коюнунан тасмалга оролгон дандайта бышырган калың токочту меймандын астына койду. – Ысык бойдон. Жаңы буудайдын жаңы тартылган унунун уузунан. Өзүм таптап корго бышырдым. О-оо, муну дарбызга чыктап жесең, ширесин айтпа, байтал бээнин казысын чайнагандай ныксырайсың.

Калыңдыгы үч эли болсо да корго буусун, ысыгын ичине өткөрүп, кебездей былпылдап сонун бышкан тегирменчинин токочун сындырып, тилге тиери менен эриген ширин дарбыздан чыктай бурдап, Тоголок Молдо чын эле ырахаттанды:

– Деги, тегирменчинин наны башка нандан, тандырга жапкан наабайчыныкынан да даамдуу. Тезекбайым, минтип тамакты чүйгүндөп бордой берсең, кыныгып кетпей жүрбөйүн жаныңдан.

– Ылайым ошентсең кана.

Акын менен тегирменчи божурашып көнүмүшүндөй бүгүн да айталаада түштөнүштү. Тезекбай күбүндүсүз бошогон дасторконун жыйнап, негедир өйдөсүнбөй, жыйрылбай өзүндөй бапырактап, үстү-башы тозгок, тууруk алаканынан чыгып

койбой талаша даамдашкан Тоголок Молдону жактыра да, ишене да унчукту:

– Кудайкары суук көздөн, далдоо жерде бөжөйүп чиймелеп отурганың отурган. Тегирменимдин кулагын оңдоп, дөөмөтү жеткендин эгинин кампага толтуруп коюп үзүл-кесил чуркап чыгып акмалайм. Жылбай эле кагазыңа үңүлгөнүңдү көрөм. А-а, кудайкары жаным, өзүмчө ойлойм. Бекеринен кадалбай калсын. Кыраан куш жумурткасын чегилээрде, башын көтөрбөй табын үрөп багат имиш. Ансыңары сен акун тамыр, не балапан чыгарып атасың? Алтын шилекейиңен чачыратчы. Күн, түн тегирменден шакылдакка тунган кулак кубансын.

Байымбет таңдана, кубаттана маңкайды досуна. Кыязы түштөнтүүгө шылтоолоп, атайын кулагын кубантууга келген тура. Эргулду көр а. Курсагын тойгузду, көңүлүн жайкады. Өтүнүчүн орундатпоого кантип дити даайт?

Колундагы дептерчесин сууруп, жазылган барактарын көзүнөн өткөрө аңтарды. Негизи чүргөлүп бүткөн. Алгачкы угуучусу. Сынап да көрбөйбү. Качан кайра-кайра окулуп купулуна толгондо, калың кол китепке бадырайтат. Казалынын башына карегин токтото, Тезекбайга телмирди:

– Бу сенин мажүрүм талыңдын түбүндө чүргөгөнүм кулакты кубантпай, муңайта турган элес.

Тезекбай чыкыйын кашып угууга жайлана комдонду.

– Мейли. Кудайкарыныкы баарына бышкан.

Байымбет чокчо кара сакалынын учун ушаламыш эте, эринин чормойто мурутун үлпүлдөтө ички көксөөсүн үйлөй улутунду. Жазуусунан дидарын алыстатып өкүттөлүү үшкүрүндү:

– Тезекбайым, менин соңку жазгандарым жарды-жалчылардын кусаматы, өксөгөндөрү, даты, зары. Аны ар түркүн ыкка салып жанытма, же арман, кошок аркылуу санжаптоодомун. Уккан, окуган пенделер көксөөсүн суутуп муңун чыгарсын. Бул казалым «Дыйкандын аялынын кошогу». Жергебиздеги букаралардын көбү дыйкан. Сен да дыйкан, мен да дыйкан. Дыйкан – талыкпаган мээнеткеч, мандай тери менен күн көргөн булбул. Байды да, жардыны да – баарын баккан, эч кимге кара санабаган, адал, ак ниет, момун. Далай жерди түрдүм.

Кайда барба, кедейдин тапканы таттуу, тагдыры ачуу. Манап, бай, соодагер, ак падышанын төбөлдөрү аз келгенсип, алардын кошоматчы жол табуучу «акылмандары – кожо, молдо, казы, муптулары шылтоого шыноолоп алдоо, жалаа менен шоркелдей дыйкандарды көз көрүнөө курмандыкка чалышып, катын-бала, ага-туугандарын кан жуткузуп какшатууда.

Чамынган тоо дайрасы Курткадан буруп, алыш байланбаса момун кедейди алдап тирүүлөй чым-ташка көмдүргөн. Бышыкчылыгы, түзөң кеңдиги сары өзөн Чүйгө паймапай керилген Кетмен-Төбө өрөөнүндө талаага таруу, буудай, булуңга буурчак, колотко конок, жүгөрү, адырга арпа, чөлгө күрүч айдап, жалчыларга өрнөк көрсөтүп баба дыйкан аталган адамды болуш, казы-мупту ичкерки соодагерлерге азыркысын арзан саттырып, келеркисин андан арзан насыя көтөртүп алдашат. Кийинки күздөгү кызыл кырманга кулкундарын ачып келгенде, убада-шерттен тайып, кызыл кулактардан тамактары майланган болуш, бий куулар ашык жалаа жаап, жаңы түшүмүн талатууга бүтүм кылат. Агынан жаны ачыган дыйкан жаңжал чыгарса сабатып өлтүрүшкөн. Же Анжыянда эсирген бийлөөчү мейман-ысман, укум-тукуму үчүн заңгыраган имарат, дүкөн жайды курдуруп, баш устанын акысын төлөбөй, чайга уу кошуп бердирип тымызын өлтүртөт. Ошолорду көрдүм, уктум. Андай ак эмгегинен маруунун ордуна, азуулуу шумдардын курмандыгына чалынгандар силердин Тогуз-Тородо жок дейсиңби?

Сөз эмес ыр тыңдагандай чырмала түнөргөн Тезекбай кыжырлуу титирей силкинди:

– Бар, бар. Өңгөнү кой, кудайкары тегирменчи мени, алдыда жалчы биртике эгинин салып атса, дөөмөттөн дароо чыгарбасам, байлардын жугундусуна эсирген кул-кутандары эле канча сабады дейсиң. Аз жерден кезметтүү кедейлерге болушам деп мерт болуп кала жаздагам. Мына азыр неге тынч отурат дебейсиңби. Чоюбек манаптын он атанга жыйырма төө кабын түшүрүшүп алдындагысы дароо кампадан чыгарылып, ошонун жалчылары салып атат.

Тоголок Молдо бармагын тиштей закымга тикирейе:

– Кур ызырыныш баш жарат. Шондуктан мен, жырткычтардын запкысын эзилген шордуулардын көбүнө тиешелүү камтып, каралуу жесирдин кошогу аркылуу дыйкандын эмгегин даңазалап, зулумдарды ачыктан ачык каргаттым.

– Ия? Кантип, айтчы байболгур?

– Дыйкандын аялы мына минтип кошот, – Байымбет анчейин маңыроо эмес, бирок, карапайым, оюнда кири жок досуна жеткиликтүү болсун үчүн кошок ыкмасын секин жыбылжытты:

...Буурусунун буктурган
Кара жерге суктурган.
– Түгөнгүс кенч эгин – деп
Сугатчыга уктурган.
Эмгек кыл деген насаатын
Дыйкандарга жуктурган.
Ат семирткен арпага,
Пайдасы тийген барчага.
«Асыл дыйкан өттү» – деп
Атагың кетти канчага.
Бурбай эккен буудайды
Гүлкан[1] кылган бу жайды
Жыргалым дыйкан барында
Жыргап көрдүм убайды.
Адырга сепкен арпаны
Аян кылган канчаны.
...Булуңга сепкен буурчакты
Алтын деп билген турпакты.
...Кабыгы сайын дан экен
Кымбаты дандын шалы экен.
...«Аккула» деп кепсенди
Арбын берген мол кылып...
Чөптү тоодой көп кылган
Төгөрөгүн чеп кылган.
Жаманчылык жут күнү
Чабыр-чубур арыктар
Тегеректеп жеп турган.

[1] Гүлкан кылган – гүлдөткөн.

...Дыйканымды күнөөлөп
Жайлаптыр датка өлтүрүп,
Жалпы журтка күбөөлөп.
...Арманын айтып ар качан
Алганы дартын козгосун.
Казы-мупту жолумдап
Каршы чыгып тозбосун.
Какшаал казы залымдын
Тукуму тарап тоз болсун!
Уугу сынып кыйрасын
Уулу мендей ыйласын.
Керегеси кыйрасын
Келини мендей ыйласын.
Түндүгү сынып кыйрасын
Тууганы мендей ыйласын!

– Баракелде-е! Кудайкары, кузгундай куркулдаган датка, сопуларды сөөгүнө жеткизе сыздатыпсың. Амалың күч экен акун тамыр. Өзүң айтсаң айыпка жыгылмаксың. Же күмжам оңколомоксуң. Күйгөн катын кошокчу. Тулду ким тыят. Оозун басам дегендин бетин тырмактап тытаар. Тил ал акун тамыр, «Дыйкандын жесиринин кошогу экен» деп элге жардайлы. Мага үйрөт. Мен тегирмен салгандарга какшай берейин. Кудайкары, өрт тутангандай тарасын. Адамдын жырткычтарынан азап чекпеген ким бар. Кур дегенде «Тууганы мендей ыйласын. Түндүгү сынып кыйрасын!» – деп каргыш айтып ызырынып, кайраттансын кургандар.

Тегирменчинин Байымбет өзү баалаганынан да өйдө серпээрлигин, бекеринен ымалалаш дампайлашпаганына демөөрлөнө, анын эсине маанилүү масилетти жугузууга талпынды:

– Азырынча өзүң айткандай жырткычтардан ушинтип жабык өч алып, жүздөрүн ачып маскаралай туралы. Кошоктун аягын, кара таман дыйканды санжыргалуу манап, байлардан ашыра, чындыкка жеткире мактап, мындайча бүтүрсөм кантет? Абайлап угуп, акылыңды кош.

Керилип кетмен чапканым
Кетмендей нанды тапканым

Кенебей жыргап жатканым,
Кейитип кеттиң арстаным.
Оюлтуп oроо казганым,
Олжону кабат тапканым
Оёнум дыйкан арстаным!
Байымбет досун карады «бүттүм».

Кеңешке чакырганда тирмийип тыңдаган Тезекбай ирдебей туурук манжаларын олчойто ууштап, сокбилектей алда кимдерге кезеди:

– Кудайкары, чирендер укса, куйкалары курушат. Кол алдындагы эгин эгип, чөп баккан жалчынын сөөлөтүн алардан ашыра «арстаным» – дедиртип ынандыра кошокко айланткан кандай кара жаак бейбак дешээр. Өзүң да, жаттаганда мен да ылайым акундун чыгарганы дей көрбөйлү. Кокус кудайкарылар кысмактап, жаки кызыгын такыса Курткада жаактууга жай бербес кошокчу жесир чыгыптыр. Ошоякта жүргөндө кунттанып жаттай келиптир, жаки, коюн кат намэсине чийгилей келиптир деп кутулабыз.

Байымбет жеке баш калкалаар гана эмес, пикир кошоор жардыдан чыккан азаматка дуушарланганына дагы бир мертебе ичинен кымылдай, жорго сөздөн тизмектетти:

Тегирменчи Тезексиң
Төгүн адам эмессиң
Айтканыңды мен сенин
Ашкере чапты дебесмин.
Кандайынча таркатсаң
Кабыргаңа кеңешкин.
Акылың менен азамат
Азуулууларга теңешкин.
Аягына жеткизсең
Акыңды бекер жебесмин!

* * *

Узак чалгындан канаты талыган шумкарча Тоголок Молдо табийгаттын жаштыгы – жаз баарына көөдөнүн тосуп, эң кым-

батын сагынгандай, эң кымбаты менен коштошчудай теребелине аянычтуу опкоолжуду. Анын чарчаңкы көзүнө жо-о, сезимине бүт аймак, Тогуз-Торо жергеси суктурулду. Тогуз-Торо. Анын түшүнүгүндө эмне деген жер? Ал кыдырган танаптын, жалпы эле ааламдын деңгээлинде Тогуз-Торонун орду, мааниси канчалык? Же караманча билинбейби?

Жыттыккан жергеге коштошоор маалындагы жапакеч жүрөктүү акын толкундана өзү менен өзү алек. Тогуз-Торо...

Тогуз-Торо жер ортосу. Күн батышта Көгарт даваны аркылуу Анжыян тарапка, күн чыгыштан чамынган Нарын дарыясынын өйүз бүйүзүндөгү Кара-Көө, Ор-Казган ашуусу аркылуу Куртка, Нарын, Чүй, казак журту жаатынан катыш өксүбөйт. Кетмен-Төбө, Кабак, Жумгал менен чукул танапташ, жайлоолош, суулаш.

Илгерки Санжы сынчынын доорунда «алтын чөйчөк» аталган жер танабын ортолоп бүчүлөгөн топчудай Тогуз-Торонун айланасы аска тоо, карагай чер, сейрек учуроочу айбанат, өсүмдүк, кен байлыгы, чок ортосунан кыргыз гана түгүл өзбек, казак, тажик аймагын аралаган атактуу долу карыя Нарын окторулган тегиз ойдуң, түндүк – улуу тоо тарабы менен түштүк – Фергана өрөөнүн байланыштырган кан жол катары да Тогуз-Торонун атагы зор. Айтылуу соода кербендери, алып сатарлар, качырларга, нарларга өлүү дүнүйөнүн не түркүмдөрүн жүктөп арканы таянышса, кайрадан аларына урунуштуруп жер дүңгүрөткөн ай туяк, ача туяк малдарды айдашып как ушу Тогуз-Торо – Көк-Арт аркылуу Ферганага түшүшөт.

Тогуз-Торолуктар жердин түбү желпимиште жашашат делсе да, жай, кыш үзүлбөй ары-бери өткөн жандуу кыймылдан ичкеридеги, сырткарыдагы кабарды эшитип турушат.

Өзбек, кыргыз, тажик канатташ жашаган, ак була, күрүч, дан, жемиш өстүргөн дыйканчылыкка берекелүү, таш көмүр баштаган кыйла кендерди ачык казган Фергана өрөөнүн калкалаган кыргыз керме тоолорунун этектериндеги кенчилердин шаарчаларына Орусстандын түпкүрүнөн темир жол жеткирилген. Генерал Скобельевдин атына шаардын наамы которулду. Көк-Арт даваны аркылуу кара жол нугу салынып, Нарын – Чүй

менен байланыштыруу болжолдонду. Атчан орус аскерлеринин куралдуу тобу, опузалуу дүрбөп тийбесе да бейкут элди дүрдүктүрүп өйдө-төмөн канча мертебе түштүктөн түндүккө өтүштү.

Орусстанга кошулганга дейре Кокон хандыгынын зомбу, зордукчу желдеттери да Тогуз-Торону далай тапташкан. Акыры Куртка чеби талкаланганда Ысабектин кошуну дал ушерден шүмүрөйүп качып өткөн. Тогуз-Торо эмнелерди гана көрбөдү, кимдерден гана корголоп, кимдерге гана таланбады. Эгер тынч койсо, кедей-кембагалга, Чүй, Куртка, Кетмен-Төбө сымал бышыкчылык – алтын чөйчөк жер соорусу.

Ак падышанын бийлиги казак талаасы, Орто Азия жергесинин түндүк, түштүгүндө толук орноп бүткөнү тогуз-торолуктар ичара алык-салыктын көбөйгөнү менен сырткы опур-топурдан азыноолак тыңгылык тарткансыйт. Шылуундарга, бийлөөчүлөргө, күчөгөн кыймылдан пайдалуу жем гана түшүүдө. Алар буйгуттардан торгоп, соодагерлерден жол акы, чөп акы, суу акысын өндүрүүдө. Тогуз-Торонун чоң манабы болуш Чоюбек, анын жүзбашысы, миңбашылары, бий, казылары желдеттерин тымызын тукуруп, ансыз да ары-бери каттаганда сыйыроосуз токтоп өтпөгөн кызылкулактардан, малсатарлардан шириңканаларды, үстөктөрдү чырпууда. Соодагерлер бекерге бербей калышсын. Түнөк жай, ашууга чейинки, жайыт уруксатын алып, капысынан тийүүчү каракчы, ууруулардан саксынышып, а түгүл манаптын жигиттеринин узатуусунда тыныгып жылышат. Бийлөөчүлөрдүн тамагын майлап, кадыр-баркы көтөрүлө казганактаган алыпсатарлар кайра тартканда кедейлердин эгин, чөп жайыттарын жер союлткан малдарына жайпатып, оттотуп, тебелетип-тепсетип тоготпой сыздатат.

Анда-мында көтөрүлгөн жаңжалды басуу үчүн, же жөн эле жолду чалгындашып опуза көргөзө короктогон орус аскерлери, кызыл чоктор ары-бери өткөндө Чоюбектерге саламдашып, элдин үстүнөн союш, мингич күлүк аттарды шыпырышат. Аларга шылтоолоп артыкбаш жыйымды жергиликтүү аткаминерлер көптүн жонунан сыйрышат. Жапа чеккен дагы эле курган калайык.

Тоголок Молдо кабыргасы кайышып, буларды эки кар, бармагын соруп чээнге бөжөйгөн аюудай кыштап, мына жадырап

жаз баары гүлдөп, мал, жан жаныбар төлдөгөндө Тогуз-Тородон жергесин карай козголгусу бышыкталганда, тегирмендин үстү, жапырак талдын капталындагы жашыл дөбөдө чар тарабына көз чалкытып оюна электөөдө.

Тогуз-Торо. Айыл аралабай Тезекбайына гана кулак, көздөй пааналап, күн-түн тынымсыз алдуу, алсыз тегирмен дөөмөтүнө чогулгандардан кабардар… эки жылга айланганча баш калкалаган жалгыз аттуу бечара эмчи катары, дарегин ачык билгизбеди.

Кантсе да өзү күпүрүндөгү зор нерсени солоду. Күндүзгү жарыкка, айрыкча кыштын узун түнүндө тегирменчинин тепейген нан жыттуу берекелүү жылуу бөлмөсүндө май чыракка ыгып «Манас» дастанын өзү кайыш мукабалап канча калың кол китепке чөгөрдү. Пикиринде мурдатан топко көбүрөөк аткарып такшалган «Семетей» бөлүгү кучунасын кандыраарлык бүтүндөй жазылгансыды. Көптөн самаган зор максатты аркалап тирмейген күндөр, түндөр, апталар, айлар, жылдар олчойгон китептерге изин коргошун кытындай түбөлүккө түшүргөндө, өмүрү сезилбеген каниет демдентти. Кол китептери сакталуучу казынасы дайыма жанына байланып жүргөн сайма куржуну, анын эки көзү чытырап дандыйды. Мынчалык байлыкты ал гана тургай, кыргыз эл болуп жаралганы эч ким түзбөгөн чыгаар. Далай касиети артык манасчылардын керектүү чыгармалары ооз жели, өз башы менен кетти да, унутулду.

Эгер алыскы туюктагы, көздөн обочо тепейген тегирмендин паанасында, кишиге шегин билгизбей калкалаган Тезекбайдын маанайында тынч шарт түзүлбөгөндө, залкар ишти жүзөгө ашыруу мүмкүн эмес эле. Албетте, тегирменчиникинде бөгүп жатканда дарексиз житүүнү каалабады. Курткадагы тууган уругу, Кашгарысы, Букарбай достунан жашыруун куш тилиндей кат, тандалмалуу гезит жеткизип, билинбей бел ашып келип кеткен жакындары аркылуу өйүз-бүйүздөгү дүмөктөрдөн кулакдар.

Арийне, Байымбет бала чагынан элинин тагдырына тамырлаш, өзөгүнө өнөктөш өспөдүбү. Аны азыр жалпы аалам, орусия, кыргыз топурагындагы окуялар, бөтөнчө өзүнүн киндик каны тамган Куртка-Теректеги акыбалдар кызыктырып да, түйшөлүп да, аларсыз өмүрдүн опасыздыгы такай оюн өйүүдө.

Ушу тапта Куртка-Теректе эки айыгыш ырбагандан ырбоодо. Анысына да мунусуна да анын жаны бейкапар тынчыбоочудай. Анткени, экөө тең – бийлөөчү залимдердин кармашы болгон менен шоркелдей калайык калчалып, каржалууда. Биринчиси – Куртканын дөөгүрсүгөн бөрктүүлөрү бабасы каңкор Жамболот, атасы амалдуу зулум Келдибектен мурасталган бийлик ээлери картайган Мусакожонун ордосунда инилери Султангазы, Калпанын ич ара бийлик талашуулары. Андагы тирештин жамыятка таралган оңдонго караганда анык дарегин ордонун очогундагы Букарбай тилмечтен тумарчыланып желимделип чапталып жиберилген каты аныктоодо.

Байымбет коюн калтасынан сууруп, көктөмдүн жашаң чөп, жашыл бур жытын леп-леп бүрккөн керимселине дирилдете көзүнөн өткөрүүдө.

«Кулок эшитиб, куз курмас пастлик жойга яшиниб жуда фойдали халк асарларини элдик асарлар намэсин топлаб юрган азиз достум, мулло Байымбет, дуво саломиңга, жуда каттик талаб килган саволуңга жавоб бермокчимин. «Халк айтса, ялгон айтмайди» деганиң тугры. Лекин, халк имишни улаб, апиртиб ёткани рос. Вокеянинг ичидаги мендан сурасанг, тогуруси шунака: Мусохужа акаңиз кариб колганини биласаң. Пишпек, Каракол, Нориндаги подыша улугларнинг кадр-хурмати кетияпти. Унга жосий сабабчи Терак томандаги элни бөлган Косимбекнинг өзи. Чоң болуш бийликтен кетиб, икки укасининг бирига беришга мажбурлади. У жудаям амалли ва мустахам эканини биласаң. Укалаб көнишкан бухараларини колидан чикармакдан катириб бошкаришга, ота меросиңи тушурмай, яна кучлатишга кимиси ярайди? Кылгыйма Лөк көпдан бери ичидан юз хил фикр килиб, укаларидан ортик, а сифатларини таразалаяпти. Шумдугу, өткирлиги, өктамлиги, кора ниятлиги, конхурлиги ортигироок, отанинг кичик хотинидан сөөм узокроок хисоблансаям Халфа мирзонинг ярайдиганлигига такалмайли. У тогрисида узининг фикри пишиб болганда менга маслахат солды. Хакимнинг карорига карши чикиш кийин. Лекин, Халфа мирзо менга акасидек тинчилик бермаслигини биламан да. Тавакал деб: «Таксир эрк өзингизда.

Кечирасиз, менингча Халфа мирзога болуштук тахтини эгалаш хали эртароок. Халфа укангиз усиз хам өзини таёрлаб юрибди, сизнинг колингиздан тизгинни олишга» – десем, санын мыкчый карс-карс күлдү.

«Биламан у кайтмас, озилдан хам соранди. Ваадимни чола-гула бериб хам да койдим», – деп биринчи мертебе сырын айтты карт хаким.

Калпа мырзанын көңүлү шагдан. Өзүн такта отургандай туюп, болуштун жан-жөкөрлөрүн, ордосун тескөөгө өттү. Менге да бирге иштээрин сездирип, мөөр, моюнга тагылчу болуштук чен каргы, улуктарга жөнөтүлчү жана келүүчү кагаздар, али чечилбеген, лекин катталган арыз-муң жайын сурамжылап Хакимдикке даярдыгын билгизди. Катта манаптын дегени эки болбостугуна анын да, менин да эч шегим жок. Шахардан вакил келди. Салтанат, сый билан тостук. Эки-үч күн меймандап, катта болуштун коругуна куш салып, аңчылыкка чыгып көңүлүн чардаттык. Эртеси уруу вакилдери, түтүн хисабына жараша таш коргол салып болуш шайлоого камылга көрүлүп бүткөндө түндөсү тымызын, губернатордун вакили полковник төрө үчөөбүздүн катышыбыз билан жашыруун масилет курулду.

Ага дейре катта манап вакил төрөнүн капчыгын теңгеге, асыл буюм, илбээсин терилерине тундуруп чала-була тил, жаңдоо менен менсиз жайлашыптыр. Үчөөбүз баш кошоордон чай кайнам эртерээк катта таксыр мага муну эскертти. «Букарбайым, жеке тилмеч, катчы эмес, бала-бото болуп калдың. Сенден жашырууга болбойду. Менин сөзүм эки болчу эмес эле. Кабыргамдын, каркыбарлардын да кеңеши бу саам мени айнытты. Не десең. Калпа бийликти өтө чаба пайдаланчудай. Али жаш, үлгүрөөр. Сийдиктеш бир тууган эмесминби. Сакалымды, ата арбагын сыйлаар, мени кечирээр. Ага берген убадамдан тайдым. Андан улуу агасы Султангазыны томсортуп аттап кетиш осол. Ан үстүнө Султангазынын бала-чакасы арбын, короосунда малы азыраак, мени бучкактап жашы токтолуп калды, локуйган кургур момунураак дагы. Бир мөөнөткө болсо да, болуштук дооран жүргүзүп мартынып алсын. Көзүмдүн тирүүсүндө көмөгүмдү аябайм, калкым дале болсо мени сыйлайт. Болуш менен

борбордун тиш, оозу, көз, кулагы – катчы, тилмеч сен барсың. Вакил төрө менен макулдаштым. Султангазыга шыбышталды. Ал жарылбас жара таңга дейре эч жанга чыгарбайт. Калпа билбей эле койсун. Жаңжал салышы ыктымал». Мен ичимден кымылдап аны колдодум:

– Урматтуу таксыр, бу таклибиңиз эң туура. Султангазы ака башкарса эл арасы тынч болоор...

Эртеси ар айылдын жүзбашы, миңбашылары, старчын, бийлери калдайып баш манап Мусакожонун коргонуна чогулушту. Төрөнүн кызыл чоктору, Мусакожонун жигиттери, эсепчилердин катуу көзөмөлүндө түтүн баштарына кумалак ташташып Султангазыны болуштукка шайлашты. Кандидаттыкты Курт-канын батышындагы ыман уругу талашып ээледи. Камынып, делөөрүп, Мусакожо, Султангазы агаларына алданып, куржалак калган Калпа ызаланат. Шайлоодон кийин улуу агасынын жайкап түшүндүрмөкчү аракетине чыргоолоно кагат.

Байбиченин балдарынын биргелешип аны саткан эки жүздүүлүгүнүн өчүн алууга Калпа камынууда. Калпа бой тарткан айнектей кызын Айылчы байдын Абдыжапар деген уулуна кудалап, алгачкы калыңына жүз койго макулдашыптыр. Кеч күздө ошо жүз койду, ай туяк бододон кошуп Анжиянга өзү баштап, жан жигиттерине айдатып түшүрүүгө беленденүүдө. Аяктан соодагер ашыналарына саттырып, пулду жанына салып ажыга – Мекеге барууга чыгынды. Баратканда да, келатканда да Ташкендеги, Пипшектеги чоңдорго таанышып, паралап, өйүзгү Терек жак колунан келбесе, Куртка жактын бөрктүүсү – баш манабы, балким болуштугун кошо агаларынан тартып алууга көшөөрүп, күжүлдөөдө. Эсенчилик болсо, жаз-жай малдардын жону кең төр жайлоонун кандуу отуна тоюнганда, сен пааналаган Тогуз-Торонун жолун союлта тебелеп, Калпа мырза жигит-жалаңдары, чакырткан соода өкүлдөрү менен Анжиянга түшөт. Сени кызыктырган окуянын жөнжөнү шунаки достум. Шонун тегерегинде айылдарда уу-дуу көп. Сен бардагыдан эл ичи тынчсыз. Кайда жүрсөң менден кол үзбө. Жакында келген төрө көптөн басылбаган эки тараптын арызын текшерүү үчүн чукулда калыстар жөнөтүлөөрүн айтып, Касым-

бек жакты да чала кетти. Өйүз-бүйүздөгү кызыл-кыргындар Шеримбектин өлүмүнөн кийин дагы күчөдү. Касымбек болушун бөлгөн соң, агасынын кунун он эсе куумайын көксөөсү суубачуудай. Бул жаңжалда биз жактын колбашчы, акылманы Турдубай баатыр, чоң болуштун эң ишенимдүү адамы экенин билесиң. Дагы эле башкарган ошол. Дафтарлар, сыя, калем уч, кезиттерди жибердим. Башыңдын аманчылыгын тилеп, азиз достуң Букарбай».

Каттын аяк ченине кайра токтоло, Байымбет кайтадан ойго чөмүлдү. Шеримбектин өлүмү. Өйүз-бүйүз, Касымбек менен Шеримбек, Мусакожо менен Турдубай эки черүү баштап жаат курагандары качан. Ким-киминин айылынан жылкы тийдиргенде айдатпоого аракеттенген бейкүнөө жылкычы кедейлерден байланып, маталып, жаралангандары мындай турсун, эки тараптан тең күмжам көмөлөнгөндөрү бар.

Айыгыштын негизи – болуштук талашуу, өйүз-бүйүздү бөлүү. Бөтөнчө ага умтулган Касымбек. Ал агасы Шеримбек экөө майда чатакты ырбатып, Курткада туруп, кааласа берки өйүзгө да көчүп, Терек-Мынагелди, Коңорчок, Тогуз-Торого чейинки элди да башкарып келген Келдибек тукумунун жолун торгоп, Нарындан бери өткөрбөй, алык-салыкты өзүлөрү жыйнап падышанын казынасына төгүп, өзүнчө боло баштагандары менен, биротоло заң аркылуу болуштукту бөлө элек.

Ошондуктан чоң чыр тутантууну көздөшөт. Короого малы батпаган, өйүз менен бүйүздөн өрүштү каалагандай тандап конуучу, Мусакожого да, Касымбекке да кадырлуу союш мындай турсун, канча баш мал керек дешкенин ичинен ыйлап, сыртынан күлүп ыңкытып айдап берген Торгой аттуу байды Касымбек, агасы Шеримбек экөө жашыруун тукурукка көндүрүшөт. Баатайдын эки уулу тымызын Келдибек тукуму менен кармашууга чыңданышат. Куран кармап, туз жалашып, ишке жараса ээн көлпүктүрөөр шертке бекиген Торгой байды Мусакожо, Турдубайларга чыккынчылыкка атказышат. Өзүлөрү Нарынга куюучу Ала-Буга дарыясынын наркы бетиндеги жергуйлуу чаптардын арасындагы Туткуйдун башы Кара Жондо куралган колу менен быгып күтүшөт.

Жаздоого, жер жайнаган жаш төлдүү малды баккан жалчыларды көчүрүп жигит-жалаң менен өз өргөөлөрүн кондурчу журт чалып чалкактаган Мусакожо, Турдубайлардын астынан, Торгой бай мууздалгандай букулдап торгой чыгат:

– Мени саат чырмады. Туткуйдан көчүрө кеткиле. Ыңкыган малым силердик. Кара жемсөө Касымбек таламак болду. Кечинде айтпай дебей басмырлап короомду тебелеп конду. Мен силердик боломун. Короолош бирге кономун. Кантсең дагы таштабай көчүрө кеткин Турдубай. Ала-Буга суусунан кечире кеткин Турдубай. Керилген кең төр жайлоону, аралаш бирге жайлайлы. Кой семиртип болгон соң, Анжиянга айдайлы. Ак теңгени көбөйтүп, улукка берип параны, жаппайлыбы аябай, Касымбекке жалааны...

«Олжо, байлык пайгамбарды да азгырыптыр». Мусакожо булкуюп, өзүң бил – пейилде Турдубайга кашын көтөрдү. Турдубай чечкиндүү атырылды:

– Торгойбайды боздотпой көчүрүп алалы. Басып конгон Касымбек оңор жоо эмес. Көпчүлүк эр бүлөнү чогултуп камына аттаналы. Чатактын ырбашын каалаган эмеге сестүү даяр баралы. – Кыраакы баатыр уңгусун жылтылдата бөрү тил, темир шуушаң ашталган найзаларды колдоруна кылкылдата эр бүлөөнү дүңгүрөтө аткартып... Торгойбайды астыга жол баштатпайбы. Айылына чукулдап бурчуктан имерилгенде Торгойбай култулдап буйгутта алдыларынан тоскон калың колго капталтып аргымагын чымылдата буйт коё атылтып тигилерге колун шилтей кире качат:

– О, Касымбек баатыр, качыраар болсоң качыр! Мусакожо, Турдубай мына келе жатыр!

Буйгуттагы Касымбек, Шеримбектин колу калдайып беш-алты жүз чамалуу, капысынан кабышкан суук көзгө өтө барандуу көрүндү. Аяктын көпчүлүк адамдары да капилет беттешкенде жүрөксүй үрпөйүштү. Миңдешсе да түбү бир Чоронун эки уругунун тукумдары эмеспи. Башынан күтүнгөн Касымбектин колбашчы агасы Шеримбек шайтандай ойноктогон Тайгашкасын чамынта, дендароо уюй түшкөн жигиттерди жөөлөтүп камчы ойното, кылычын кынынан сууруп айкыра бет келаткандарга жапырды:

– Качыргыла! Сойлоткула! Байлагыла!

Эки черүү бетме-бет, жекеме-жек тирешпесин. Качышса артынан кууп оңколотот. Беленденген жоонун, айрыкча Тайгашкачан Шеримбектин колун сабап күргүштөтүп чамынганын акыл токтото абайлаган Турдубай жанына бардаңкечен көзгө атаар мерген Калчаны ыктатып:

– Байкагын. Эгер чындап кылычын биздин бирибизге матырып кандай турган болсо, тетиги тайкашкачан кутурган Шеримбектин өзүнө гана ок жедиртип үстөмөндөт. Башкага чыгарба. Кылыч, союл эле жетишет – деди көзүн чанагынан чыгара, мандайында караламан ат коюп тике «Баатайлап» ураан чакыра качырып келаткандарга чакырайды. Анан айланасында кандары кызый алактагандарга сестүү унчукту.

– Сестенбегиле. Эсирген кызыталак, Торгойду чыккынчылыкка жиберип атайын кыргынга камыныптыр. Башын ажыратпасам элеби. Ат койбой, найзаңарды ондоп кармап, ээр токумуңарды бекемдеп, күтө тургула. Ызы-чуу түшкөн акмактарды далдап кыйраталы.

Касымбектер алаамат түшүрө, «Баатайлап» таандай ызычууну жаңыртып бетме-бет чукулдаганда Турдубай айкырды:

– «Келдибек! Келдибек!» Бөгөгүлө астын!

Караламан айкай, карса-күрс бакан-найзалар кагышып, аттар кишинеп омуроолошо, кылычтар жарк-журк, чак-чук шилтене тытмалашкан колмо-кол кармаш кызыды. Калдайып аттан кулагандар, тебетейлери ыргыгандар, чалынып үстүнө көмөлөнүп, тоңкобаш аткандар, ээлери учканда ээрчен чакчаңдап кайда качаарын билбей селт дүрдүккөн буудандар.

Турдубай мерген Калчаны жетелеп Мусакожону артка калкалап кызыл кыргынды окчун саксактоодо. Ана балбан, жүрөктүү, ушул дүмөктү башкарган Шеримбек олчойгон албуут тайкашканы ортону жирете, Турдубайдын колунан экөөнү кылычын каңга матыра сойлотуп, кыбаасы кангандай, айкырды:

– Кайда жанагы Турдубай шүмшүк, канын ууртайын! «Баатай!» Тапкыла, курчагыла, көргөзгүлө көзүмө! Кан тамган кылычын онду-солду солбуй, топту жара Турдубайды издеди. Жолун торгогондун кимиси болбосун ызмызга карабай качырып, кандап келатат.

– Эл чайкаган канкорду жайласаң жайла, – деп Турдубай Калчанъш атын сооруга нукуп, Мусакожонун аргымагынын оозун бура тарттырды. Аңгыча бардаңке кулакты тундура тарс этти. Тайгашка ачуу кишинеп ээрден ооп, буту үзөнгүгө салактаган Шеримбекти сүйрөгөн боюнча артка жалт секирип топту аралады. Өкүрүк, айкырыкты эми көрүп ал. Айбаттуу колбашчысы көмөлөнгөн «Баатайлар» чаң тополоң уюлгуп, артка сүрдүгүштү.

Турдубай алгарасын камчыланып, укурукту алда кайдан булактата үрөйлөрү учуп качууга дүрдүккөн кастарды беттей чаңырды:

– Шеримбектин өлүгүн кетирбегиле! Ким көрдү кылабыз. Ажыратып калалы!

Анын соңунан аман-эсен калгандары дүпүрөттү.

Тигилер да колбашчынын өлүгүн душманга берсе, тирүүсүнөн жаман мазактаарын билип, карылуу азаматка өңөртүп алдыга жиберип, узаганча тигилерди алаксытуу үчүн калкалай жолун торготуп бир тобун, айбат көрсөтүмүш эттирип, улам кетенчиктеп, аттуу, жөөлүү, жарадар, өлүктөрдү далдоолой ала качып отуруп, белести аша артка кетишти.

Кан жыттанган майданды ээлеген Турдубай жерде көмөлөнгөн Касымбек тараптан кыйраган жети өлүктү – Тоголок аттуу Кабаны, Муратбай, Үркүнчү – жазыксыз байкуштарды, Жаныбек деген карыны... – жети өлүктү жүктөттүрүп Сүттүү-Булактын оюна жеткенде колун тыныктырат. Чап арасындагы сансыз жергуйларды уратып терецине жети өлүктү ыргыттырып, үстүндөгү тополорду омкортуп көмдүрөт. Анын үстүнөн короолуу койду кайра-кайра чубатып, кайда көмүлгөнүн билгизбей чыйыр салдырат. Көргөн-билген жокпуз деп кошунуна ант оозантып жети эрди «Танып кетет».

Ошондон соң биротоло эки урук бөлүнүп, Ала-Буга суусу чек. Өйүзүндө Турдубай, бүйүзүндө Касымбек. Түн каттырып доол кагып жылкы тиймей кайтадан күчөйт.

Карачечекей хан агасынан айрылган Касымбек Пишпек, Караколдогу төрөлөргө, кайын атасы Байтикти катуу кириштирип, Келдибек тукумун, Турдубай канкорду кунга жыгып,

катуу жазалоого бар күчүн жумшайт. Эки айдан соң уезд башчысынан, жарым падышадан жакшылап тоссун деген кабар келет.

Как ошо кабарды күтүп, катыра кек алууга Касымбек, андан кем сокпой жалаа жабууга Мусакожо – Султангазы – Турдубайлар күргүштөп амал ойлогон коогалуу маалда Байымбет коңулдап чыгып, кажашып чайкалган элине аттанууга досунан уруксат суранды.

Тегирменчи Тезекбай акындын өзөгүн өрттөгөн журтундагы тополоң-тоз эмес, жылдап тирмейген мээнеттен забыркады пейилде, досун аяп, дилин билгизди:

– Көз майың түгөндү. Чүтүрөйүп өңүңөн аздың. Ак кагаз сени өзү кебетелентип үлбүрөтүп соруп баратабы дейм. Жөнөсөң жөнө. «Эл сагынбас эр болбос». Элиңе аман сооңдо барчы деги, байболгурум. Дастан жазам деп, үйдөн карыш чыкпай үңкүйүп отуруп, санаага саргардың. Эл, жериңе жетсең ирденээрсиң. Каалаган учуруңда кайрылып келээрсиң. Менин үйүм сенин үйүң.

Эмгектен береке тапкан акын өңүнүн азганына кайыл каниеттенсе, басмырт адамдын ага боору ачып сабылганы кызык. Бала мүнөз, түркөй кишинин түшүнүгү өзүнчө туурадыр. Негизгиси ага ак жол тилеп, жерине жетип ирденүүсүн каалаганы.

Эл, жер. Кан күйүп, карчылдаш күчөгөн кезде баруусу зарыл. Залимдер тутанткан жаңжал букарларга эле түшкөн азап эмеспи. Ошол азаптын алда кандайынча айланаарын көзү менен көргөнү, чукулдан жүрөгү менен сезгени дурус. Жөнөөрүн жөнөйт. Каякка? Өйүзгөбү, бүйүзгөбү? Бүйүздөгү Келдибек тукумдары бийлик талашып улуусу тагынан оолактап, кичүүсү ажыга – Мекеге чыгынып, ортончусу Султангазы болуштукту ээлеген, баш аламандарга барган менен баары бир батпайт. Дагы эле Мусакожо бийлейт. Ал Тоголок Молдону акын деп байырлаткан айылды карактайм деп буйрук бербеди беле. Бошкоюн тукуртуп маскаралабады беле. Күнү түшүп, заманасы куурулуп келиптир, эшик ырчылыкка көнсүн дешээр. Аякка барбайт. Өйүздөгү Касымбектин журтунун четине жетип көрсүнчү.

* * *

Дегендей ашууну эңкейип Орказгандын оюндагы бетеге белден сеңселген атчан кирсе көрүнгүс, аткулактуу журттагы айылга байырлап, эриккен элге эрмек куруп аптача турду. Узун кулак жертыңшаар Мамыттар Касымбекке жеткиришиптир.

Алигинде чакырганы али эсинде, куу Касымбек кымылдабаспы. «Бу да болсо жакшы төлгө, калайыкка атагы жайылган, Келдибек тукумдары менен быгышпай сүрдүккөн Тоголок Молдонун үндөккө келишин оң жышаан катары кабылдап, чочутпай, үптөп-таптап коюнга тартуубуз жөн».

Үстүнө өзү келип кастарлап ээрчитип кетүүнү да ойлоду. Жигиттерине кошуп сакчыларын алыс, ортоңку, жакынкы жолдорду тостуруп күндө мына – деп, жарым падышанын өкүлүн күткөн эме, кат жаздырып, ээр токумдуу жорго жетелеттирип Тоголок Молдону ордосуна чакыртты.

Элинен чыккан жазма акынды көтөрө чалып, барктап күтсө, Мусакожодон тартып алса, жогорулугу эле да. «Өсөөр өзүн сыйлайт, өспөс жатын сыйлайт». Калайык журтка маалымдалаар анын өйдөлүгү. Тоголок Молдонун терс аягыраагын эшиткен. «Ар адамда бир кыял, ал кыялды ким тыяр». Канча жыл кармашып, Келдибек уулунун азуусун чаккан Касымбек бир акындын айласын табаар. Заманасы куурулганда, ары барып, бери барып туурасы түгөнгөндө айланып торуна түшкөн Тоголок Молдо оболунан чыкпас.

Кажарлуу, карачечекей агасы Шеримбекти душманынын огуна айматып кабыргасы кайышканы дебесе иши оңунда. Келдибек тукумунан биротоло элди бөлдү. Өгүнү а дегенде ыктары бузулуп тытышкан Келдибектерге, анан быякка кайрылган өкүл төрө аны Терек-Мынакелди болуштугуна шайлады. Анын пайдасына, ханзаада агасы Шеримбектин куну Куртка манаптарынан белин очорулта өндүрөөрлүгүн өкүл жашыруун шыбыштай, капчыгын толтуруп, капталы ысый кетти. А төрө сөзүнө турса, азыркы дүрбөп күткөндөрдү күүлөп, көкүтүп жиберет. Атаганат, агасынын кунун, хандын кунундай кымбат

бычып, канкорлордуи терисин сыйрып, өзү болбосо да, падышанын казынасына өндүрсө, көксөөсү суур.

Касымбек убайымга да, урматка да чайкалган маалында жигиттеринин коштоосунда өң келбети, кийими, баскан-турганы сыпаа Тоголок Молдону ордо өргөөсүнүн төрүнө, улуу даражалуу мейман катары кабылдады.

Тоголок Молдо алыстан букараларынын четине келгенин угуп, жорго токутуп тостурган Касымбекке калк насаатын эске тута көңүлү жайланып келди. «Сыйга сый, сыр аякка бал». «Эңкейгенге эңкейгин чекең жерге тийгенче, какайганга какайгын төбөң көккө жеткенче». Калкка бекер калаба түшүргөн кандуу кармаштын курмандыгына чалынган Шеримбекке куран окуп, ал жайын кыскача гана маалымдады:

– Касымбек баатыр, адам сөзгө, айбан жипке байланат. Сөзгө байланып, алигинде жиберген элчиңизге байланышкан убадам боюнча имерилдим.

Кылча жасакерленбей, туурасы түгөнгөндө үйрүлгөнүн эч сездирбей эркин чабыттаган текөөрдүү, чалпоо куш сымал, өзүн салабаттуу, көз карандысыз туткан акынга Касымбек бүтүгүйрөөк карала көзүн табышмактуу кылгыртты. Анын бу кылгырышы эки ача пикирди чүмбөттөөдө. «Ашыкпаган араба менен коёнго жетиптир». Ашыкмай жок. Жапан шумкарды жашыруун жайган торго илип, үндөккө көндүрүп, таптап илбээсиндин не дүйүмүн алдырып кумардан канган биз, корozдонгон акынга канча чагарактасаң да аста секиндеп эсибизге эңилтебиз, чер жазаарга айлантабыз» дегенди купуя күрмөсө... ачык угуза минтти:

– Байымбет Молдо, үйрүлүп үйрүңдү таптың. Бөлөк-бөтөн эмессиң. Биз жатыркатпайбыз. Өзүң да эл журтуңа тезинен жуурулушаарсың. Ортодо дайра болбосо, айылың Куртка алыс эмес. Кааласаң көчүрүп кел иниң, энең, дагы кимдериң бар. Унаа даяр. Кааласаң аларыңды аякка коюп катышып тур. Кааласаң тандаган жериңден куда түшүп, төшөгүңдү жаңыртабыз. Өзүң көрүп азыр тополоңубуз тоз. Жайланган соң кайрылып масилеттешээрбиз. Башыбызды чеңгелдеген жарым падыша княздан калыстар күтүүдөбүз. Аларга өргөөлөр тигилүүдө.

Кызматкерлер, союштар, тартуу-белектер камдалууда. Көптү көргөн, туйгулуу жансың. Аралашып, биздин, элиңдин кызматында бол. Сага багышталып өргөө бөлүндү. Зерикпейсиң. Жанында, жорго жетелеп барган жаш ырчы Нурдин болот. Таалимиңди бер. Колу калем уучтап, көзү кат таанийт.

Байымбет дароо мындай шарттын түзүлүшүн даана элестетпесе да, башынан атайылап үндөгөн башка манап, мурункусунан нукум, сөөм өйдө серпилээрин боолгогон. Касымбек сары тиш, кучак курсак Жумгалдын Чыны, чүйлүк Сооронбай, Куртканын Мусакожо, Кетмен-Төбөнүн Атакан, Керимбай манаптарынын эч кимине сырт кебетеси окшобойт. Шыңга, мурут, сакалы шаар, топ аралаган мырзалардыкындай тыкан, кара сурунан ноочасынан келбээрсип толукшуган эр сыпатта. Көздөгөнүнөн кайтпас, жоого багынбас, дөөлөттү да, бийликти да титирете кармап, уруна билчү, кимдин болсо да кадырына жеткидей, каалаcа каарына кууручудай, акылы да, амалы да жетик оён калыптанганын акын сынынан өткөрдү.

Төгүнүнөн ал төгүл-чачыл мамилеге жайкабай калсын. «Азыр көлпүгө тур, ишенимге кир. Каалаганың анчейин деле кымбатка турбайт. Айт, бакиси жасалат. Анан жайлаганда байкашабыз. Алгандын бергени, сепкен уруктун өнгөнү бар – дегени билинип эле турбайбы.

Мейли. Утурумдук болсо да акынга ишеним көрсөтүлгөнү, калк башына түшкөн мүшкүлдү өз көзү менен көрүп, туйганы дурустур. Узакка созулган өйүз-бүйүз мыктыларынын кажашынан байкуштардын канчоосунун өлүмү кунсуз жергуйларга сойлотулган бойдон унутулуп, көпчүлүктүн жүрөгүн жараласа да, манап тукуму Шеримбектин гана куну үрөйдү учурушу не менен бүтөөр экен».

Жарым падыша аталган жалпы Кыргыз уездинин начальнигинен «жакшылап жол тоссун» деген кабардын жеткени качан. Касымбектин чабаганчы жигитинин алды Нарында, ортоңкусу Куланакта, кийинкиси Үгүттүн чатында. Биринен-бирине кабарлап, мына куштап тосууга кулакдар. Ал мурда чексиз создуктурган калыстарды жеке Шеримбек агасынын куну үчүн тездетилгендей өзү гана тосчудай бүлүнүүдө.

Тыяк өйүздөгү лөк Мусакожо бураңдаган менен али Турдубайдай колбашчы, акылманы турганда Касымбекке каршыкканы күчөп, дале алдырбай, жулсам оборунда. Төрөдөн, андан кийин да шаан-шөкөттүү текшерүүчүлөр келатканын угушуп, өзүлөрүнчө күтүнүү, амал издөө аракетинде.

Мына, улам токтогон жерден жаңы, күүлүү күлүктөрдү улоолоп, атты көл-шал жнниктирген алгачкы чабаган, мылтык, кылыч жарактуу полицей – «кызыл чок», жол тостурган жигиттердин коштоосунда – «келататты» алдын ала жеткизди. Анын соңунан ат тезегин кургатпай ак эшик сакчы айбаттанып – тосконуңар камыңар кандай? – деп жапырып жетти.

Өйүздөгүлөр алдын утурлоочуларды койбоду. Бирок, жолдогу жашыруун тыңчылары аркылуу Касымбектердин кандай тосуп, кандай камынып жатканын билип турушту.

Касымбектердин опур-топуруна Байымбет аралаш. Жолду тосмолоп үч-төрт муунап саламдашууга кадырлуу кишилер коюлду. Тоо этеги, өзөн боюндагы жайпакка даңкайган үйлөр тигилип, ичин кой, эшикке килемдер жайдырып, Касымбек өзү тескөөдө. Урматтуу мейманга сый көргөзүү жаңы аралашкан Байымбетке жасакерликтин жосуну катары сезилсе, түн жамынгандагы канкорлугу айбанчылыктан дагы өтүп жанын жабырлатпаспы. Жети эрдин изин билгизбей жергуйга жексендеткен айлалуу Турдубайга жаңы кошумча жалаа жабуу Касымбектин мурдатан купуя бышыктаган чечимидир. Улук чукулдаганда аны кайгынын үстүнөн капталтып, Мусакожо, Турдубайга ызырынтуу керек. Айылдан, элден обочо кан жолдун буйгутундагы конок өргөөлөрдөн обочороок кандайдыр алачык тигилди. Чанактары канталаган балбан, долу желдеттер түн каракчысы жерди күңүрттөткөндө колдоруна жалаңдаган балта, лакыйган чоюнбаш чокморлорду таптап алачыкка кирип-чыгып кыжынууда. Негедир шектене, күдүктөнө караган Тоголок Молдону манаптын шыбышы боюнча ортоңку айылга Нурдинди ээрчитип атказып жиберди. Бирок, эртеси эле алиги алачык үч өлүктүн көрүстөнүнө айланганын укту. Көрсө сураары жок үч момунду Касымбек тукум курут түс кылып алиги лакыйган немелерге жайлатыптыр. Бири – ата-тексиз

Касымбектин атасы Баатайдын үйүндө күлү менен чыгып, оту менен кирип, отунун алып, от жагып күн көргөн Айран табаар деген кулду шектентпей алачыктын босогосун аттай берээрде, күткөн желдет балта менен жайлаптыр, экинчиси – Ыкы деген, үчүнчүсү Жаныбек – деген кулдарын чоюн чокмор менен жайлатыптыр.

Сундуйган үч өлүктүн астына жашаң чөп салдырып, аркытерки жаткыртып, айкалта чапан жаптырып... – бакандай эрлеримди муруңку сегизинин үстүнө кутурган Мусакожо, Турдубай жаңыдан минтип көмөлөттү – деген айыпты камдаптыр.

«Укпайт деп ушак сүйлөбө, көрбөйт деп ууру кылба». Касымбектин бу шумдугун тымызын тыңчылар Нарын дарыясынын наркы бет маңдайдагы кастарына жеткирет.

Амалы ашкан Турдубай тезинен Мусакожо, Султангазыны көндүрүп, үй-бүлөсүнө билдирбей орто чарба кедейдин кыркын түн ортосунда шашылыш чогулттурат. Кекке кек, өчкө өч алуу үчүн бакисин кыңк эттирбей намыска чакырат. Кыркын түгөл кайберен менен мергенчиден башка жан маңбаган Кулжа башат, Бешкөлдөгү кабышкан зooканын бурчундагы үңкүргө бекитет. Бүлөлүү кырк кедейдин башчысына орто чарбадар Нарынбайды дайындап азыкты эч жанга билгизбей айрым жигиттер аркылуу жеткиртип турат. Үңкүргө камалгандарды айласыз мүңкүргө учуратып, тирүүлүк дайнын билгизбей апталаппы, айлаппы, Турдубайдын өзүнөн баарыга таанымал кылычыбы, кол мылтыгыбы белгиси келмейин сыртка жан чыкпасы буйрулат.

Эч дарексиз катын-баласына, ага-туугандарына кырк азаматтын Касымбек колунан мерт таап, кайдадыр капаска ыргытылып изи жашырылып өлгөнүн айкай өкүрүк салдырып угуздурат.

Турдубайдын амалынан бейкапар эрлеринен ажыраган аялдар боздоп кошуп, балдары ыйлап басылбай, кыз-келиндер чуру-чуу, беттерин тытышат. Турдубай аларды анык күбөгө тартуу үчүн Касымбектин чегине жеткирбей улук өтүүчү жолдун эки жерине жыйырмадан, жетим-жесирлерди көчүрүп үйлөрдү тиктирет. Биринчиси – токойлуу саз жекенде Теректин Чаты, экинчиси – Туткуйда жесирлердин башына кара салдырып,

беттерин тыттырып, эрлерин жоготкон Касымбекти каргата какшатып, балдарын сыздатып кандуу жаңжалды текшерүүгө жиберилген чендүү төрөгө көргөзүшөт. Кан жутуп какшап, боздогон кырк эрдин урук-тукумунун муңуна улук төрө башын чайкап ызырынган бойдон нарылайт.

Качан Касымбектин чегине өткөндө сулаган, мууздалган үч жаңы өлүктү, кырк эрге караганда, аз чыгым экенине сөөмөйүн кезеп, Касымбекти керелеп, жемелейт. Өлүк, ый менен тоскон тоо манаптарына жинденген улук Касымбектин тилмеч аркылуу жайын түшүндүрүү алекетин тыңдагысы келбейт. Калыс текшергич төрө ачуусу тарабай арабасына отуруп, Касымбектин көшөөрүп өтүнгөнүнөн араң, наркы ортоңку жайыктагы шаанилүү атайын тигилген өргөөлөргө барып токтойт.

Муруту чычайып, көз айнегинен сүрдүүлүгү артылып, мүрү төштөрү чендерге жаркылдаган улукту Байымбет канча жыл мурун Дүрдүн жыйынына келген төрөгө да окшоштурду. Балким ошодур, балким жарым падыша, уезд начальниги Тализиндин өзүдүр. Аны батынып сураган ким? Элеттиктер канча күттүрүп, шаан-шөкөт курдуртуп, саамыктатып, кызыл чок, ак эшиктерин чаптырып, акыры минтип ый, өлүк менен тосулуп, сиркеси суу көтөрбөй кыжынган төрөнүн улуктун улугу экенин таанышты, аты жөнүндө не иштери бар.

Самоордон түтүн булап, керчөөлөр куйкаланып, ысылык тамактар куурулуп, быжы өзүнчө казанда, казы, карта өзүнчө казанда, куйрук боорлуу козунун жаш шорпосу өзүнчө окчун кемегелерге буруксуп, чет четинен даярдалып мейман өргөөлөрүнө ташылууда. Канчалык каарданса да, апталык жол тарткан текшерүүчү, анын жан жөкөрлөрү бышкан даамдардан, сый тамактардан кепшешип бара түшө жайланыңкы тартышты.

«Карга карганын көзүн чокубайт». Жапырган, зекиген менен улук акырындап сый-урматка жазылып башкы өргөөдө Касымбек экөө тилмеч аркылуу жашыруун маектешүүгө өтүштү.

Байымбет кыйпычыктап, үйдүн сыртынан, чукул токтогон чүмбөт арабанын айланасынан алыстабай саксактаган, жутагансып үстөккө-босток аяк бошоткон, боорсок, бышык эттен дембе дем сугунушкан кызыл чоктор менен сакчыларга кыз-

мат жасагандардын жанында шыноорлоп Пишпектеги доктор Васил Порозонун дайынын сураштырууда. Үздүккөндөр улам бири-бирин карап шылтоолошуп, жедеп карындары тойгондо улгайыңкы сары мурут, арабанын ар жагына жетелеп барып буларды сомолоду: – Василий Фрунзе Пишпектеги дарыканасынан куулган соң, Кара-Балтадан наркы Чалдыварга бой барып табыптык ишин улантат. Аякта жашоодон, иштөөдөн кыйналат. Кайра Пишпекке келүүгө өтүнүчү орундалбайт. Табыпканасы да, жашоо түнөгү да болгон кпчинекей бөлмөсүндө эч кимге дарексиз каза тапты. Кээси ичкиликтен ууланды десе, кээси жаңы дары жасап өзүнө сынап, ошондон уугуп өлдү дешет.

Айтор, карапайым, жергиликтүү эл жактырган табып, кайран Васил Поронзо куугунтук, сүргүндө мертиниптир. Байымбет үшкүрүнүп, жалгыздай басып көзүнө чолок жашы сыгылды. «Кайран гана тамырым, эртелеп жайраганыңды карачы. Не деген сонун тилектериң бар эле. Жетпей кеттиң ээ. Жаткан жериң жайлуу болсун. Эки бирдей тестиер уулуң, маңкайган жарың Мавралар шордогон экен да».

* * *

Текшергич төрө кара черүү Касымбектен кем эмес куштап күткөн ак черүүнүн турагына кайрылып барып канча өргүп сыйына да малкып, чырды да териштирди. Биринен бири өткөн, жалаа, жүйөөдөн карыш жылбас кара мүртөздөр экенине толук ынанды. Эки жактын алма-терме кыргын, мал тийме, кара өзгөйлүктөрүн угуп кашы тургай чачы үрпөйдү. Канкорлуктарын көзү менен көрдү. Каректери ала-чакмактап, кулагы дуулдап, калыс арачалап тейлөөчү башы маң. Далай чатакты бийликтин үстөмдүгү же акыл жүйөөсүнүн күчү менен жөнгө салган берен, бу тыткылашты чечүүнүн түйүнүн издеп таппаган соң, бекер убара чекпөөгө такалды.

«Тоо жырткычтары ким кимин кыра берсин. Бирөөнү күнөөлөп, экинчисин актоого падышанын заңына такаарлык далил жоктой. Жапайы жырткычтыктын улам бөрү жыгылыш тажабаган кармашын изилдегим да келбейт, чолоом да жок.

Андан көрө буларды өзүлөрүнүн тилдерин таба турган феодалына сала берип кутулуубуз жөндүүдөй». Амалдуу жол тапканга кымылдай черүүлөрдү баш коштурбай, ар кимине өзүнчө токтоп бүтүмүн чечкиндүү жардады:

– Силердин чыр өтө терең кетиптир. Ак падышанын заңы боюнча Касымбек, Мусакожо экөөң тең айыпталасың. Бирок, экөөң тең падышачылыкка, түпкүрдөгү тоо элинин таасирлүү, башкаруучу баш манаптары катары баалуусуңар. Ошондуктан мен экөөңдүн тең күнөөңө көздү жуумп, падышанын атынан кечирим кылам. Улуу Россия падышачылыгынын бул кең пейилдигин тоо элинин байлыгын баскан жырткычтар кадырлап түшүнө аласыңар деп ойлойм. А силердин жаңжалды караманча басуу үчүн кыргыздын эң зор манабы, падышачылыктан колбашчылык ченин, торколуу тонун алган Шабдан коңур күздө айныксыз келет. Жараштырат силерди.

Улук бүтүмүн экинчи кайталабады. Бүлүнгөн элден эки жагынан тең параны басып жолуна түштү.

Байымбеттин мындай саптары эл оозунда жортмолоду:

Улук кетти кайрылып
Арабасын май кылып
Эки жактан эсепсиз
Параны мыктап жеп кетти.
Коңур салкын күзүндө
Шабдан келет деп кетти.
...Ак черүүдөн башчылар
Мусакожо, Турдубай
Амалдуу жүйө тапчулар.
Кара черүү Касымбек
Калкын чайкап жатчулар
Бир-бирине өлүк доо
Кун алуучу каапырлар.
Мына ошого чыдаган
Жарды менен жакырлар.

Эки черүү тытышкан, док артышкан бойдон кала берди.

Эсеби көп чабылып чачылса да, бекзаада агасы Шеримбек өлгөндөгү дүңдөн кийин болуштугун биротоло бөлгөн Касым-

бек көптөн көксөгөн максатына жетти. Улук анын алаканын ысытып жаңы Терек-Туткуй болуштугунун мөөрүн тапшырды. Моюнун кызытып болуштук алтын түс коло белги – каргыны такты. Өйдөсүнгөн, кыйынсынган душманды эңшерет, жеңет деген ушул эмеспи. Келдибек уулу эми эр болсо тийишип көрсүн. Шайланып да, мөөр белгисин ээлеп да чын болуштук күчкө кирген Касымбектин санаасы тыңгылык тартты. Эми кандай дөөгүрсүсө эрк өзүндө.

## НАСААТЧЫ

– Ыза-кордукка, адамдык ар намысы тебеленгенге өзөгүнөн өрттөнүп, дилинен сыздап, сыртына чыгаралбаган букара элдин туюк муңун муңдай, күүгө, ырга салып жардай ала турган болсоңор гана силерден акын чыгат. Жалтаңдык, кошоматчылык шайырды жемге көнгөн сасык канат үй кушуна айлантат. Үй кушу ээсинин короосунан алыс учалбай, жем издеп жөргөлөп жүргөнүн билесиңер. Чыныгы талант көк теңирдин бийиктигине кудуп, аска-зоо, бөксө жыбыт, керилген өрөөн, чалкыган мухит, туйлаган дарыя, чытырман токой үстүнөн калкып, кайда, кандай толкун, кандай чапкын, кандай тирлик жүргөнүн ирмемде илеп тарта өзүнөн өткөрө баамдаган, чалгыны күч, көзү курч, канаты талбас шумкар сымал. Шумкардын учканы да, доошу да сүрдүү, кереметтүү. Атаганат, андайды көргөндүн көзү тоёт, уккандын кулагы сүйүнөт. Элкин чабыттаган учкул куш да коноор туурду, эс алаар түнөктү байырлайт. Атаганат, кээде илээлүү саятчы байкатпай тор жайып, кылтак салып кармашат. Амалдуу мүнүшкөр алдап-соолап үндөккө келтирип, таптап оболуна көндүрүшөт. Илбээсин алдырып, кызыгына канышат. Колдон келсе, торго чалынбай, окус чалынса тытып кутулуп, багынбай эркин чаркылдай шаңшып өткөн жакшы. Андай кыраандар менин билишимде азыркыдан: бизде Токтогул, казакта Абай, өзбекте Муккими, Фуркат… Алар адилеттикти, азаттыкты жактап, зордук-зомбулукту каргап өзгө да, жатка да угуза жалтанбай жардашат. Акын болуу эптеп ыр жамактоо эмес, көрөгөч жол чалгыч, туйгуну ойготкуч, элге эс, баш көсөмдүк. Көптү көрүп, көптү билген акылман, чечендерден

санжыра-салттан, улама-жомоктон, ыр-күүдөн талыкпай ынтаа менен угуп эске туткула. Шарк – күн чыгыш, Гарб – күн батыш инсанатынын байыркыдан берки дат баспас алтындай улам соңку урпактарга баалуулугун арттырган сөз кенчтерин иликтегиле, дарманыңар жетсе кунттанып окугула. Жыйырманчы кылымга өткөн опур-топур замананын ойчул, омоктуу, элчил чеберлеринин чыгаргандарын билүүгө дилгирленгиле. Сасык канат менен чалгын канаттын ажырымын айра таанығыла. Орой айтайын, сасык канат жанбактылыкты жактоочуңар ушу таптан Бошкой ырчыга ыктагыла. Менден оолактагыла. Чалгын канат, чалкар чабытты эңсегениңер Токтогулду, анын досу мени пааналагыла. Акындыктын аземдүү, жаки азаптуу салты жаатында силерге абалкы дарсым ушул.

Тоголок Молдо көлөкөлүү бай карагайдын түбүндө оркойгон тамырларга көчүк басып, бутактарга жөлөнүп, айды курчаган жылдыздардай тегерегиндеги жамыраган курч, уяң көздөргө зээрин агылтты.

Канчадан күтүнүп шыктуубуз дешкен жаштар алгач баш кошушканы айтылуу Тоголок Молдодон ыр, казалынан сырткары акындык жаатында акылды аңтараарлык насаат сабак тыңдаганда арча отунун жалынына какталып, кайта токойлуу тоонун аңкыган желине сергигендей ким-кими эдирейише кан тамырлары дүрдүгүп, жүлүндөрү чымыродо.

Керт башынан не дүмөктөрдү кечирген, кыйла эл, жерди кезген, өзү атайлап эскерткендей шарк, гарб танаптагы өнүккөн хазрети инсанаттын адабият булактарынан сугарылган, ырчылыкты өздөштүрүп, жазмалыкты жактырган, журтубуздагы чыгаан өнөрпоздорду байыркысынан азыркысына чейин кимиси канча ыктуулугун талдап сайраган, акындыкты бийликтен өйдө санап, өзүн эр көкүрөк туткан бу кудурети күч адамдын кайрылуусу бакисин дүүлүктүрдү.

Чөлкөмдөгү өнөргө делөөрүгөн боз уландар, болукшуган жигиттер бүт чогулган. Албетте, чыныгы идиректүүлөрү да, жаштыктын демине кур жээликкендери да аралаш. Алар бири-бирине кылыйыша – Кана, бөлүнүп чыга койгула, сасык канаттууң ким? Чалгын канаттууң ким? – дешкенсийт.

Түгөл ичтеринен дымып, жүрөктүү, чынчыл акындын өткүр чакырыгына даабай тунжуроо төнүүдө.

Алардын чаркын боолгологон Байымбет бүркүт кашын сермей баарына карегинен күлкү чайкай жайкактады:

– Кагылайындар, куру дапдаарыбагыла. Дароо мен баланчамын деп төш каккылаш олдоксон болоор. Бу сөзүмдү кийин кимиң канчалыкка серпилгенде эстээрсиңер. Араңардан бир, эки – чалгын канат чыкса, анда жараткандын март белеги. Элдин ырысы. Эми шакирттерим, дурустап таанышалы, киминдин кандай өнөрүңөр бар? Агаңар мен го баштап бердим. Кезек силерде. Чет-четиңерден айкындагыла. Талантка тартынчаактык жарашпайт. Кана?

Чогулгандардын жаштары ар кыл. Улуураагы, ортончусу, кичирээктери бар. Беттери ачылып, көпчүлүккө ырдап, күү чертип таанылгандары отур. Жаштар оюндарына жаагын жангандар, үйүндө, өзүнчө элирген үйрөнчүктөрү бар. Кээси ичинен шерденген менен сүрдөнүүдө.

Тоголок Молдого чукул кер мурутун чамгарактатып, булгун тебетейин кулпуртуп кызгылт наар нурланткан чап жаагын табышмактуу сылагылай, токтоо көзүн коюуланта ичинен камынып отурган Нурдин оозуна көмөкөйүн жаңсады:

Молдоке, дагы сынап билгиниң
Даанышман шакирт кимдигин.
Калемим мокок, тилим курч
Кадаңдардын Нурдинмин.
Акырындап жем жесем
Аргымактай дембе-дем
Үлгүңдү алып өөрчүтсөм
Адабият термеден.

Бу төшөлгөн жамакчы жыйырманын кырынан кылтыйган, Касымбектин ырчысына айлантууга тапталып жүргөн маалы. Тоголок Молдону сыртынан эңсеп жүрүптүр. Ор Казганга Касымбектин жигити катары жорго жетелеп барып таанышкан. Ошондон бери шынаарлап жанынан чыкпайт. Таасирленүүсү, шыктануусу, үйүр тартуусу күч. Нурдин секиндеп жаандай төккөн ырчылыгын деле арбытып, жазма жагын тереңдетсе, жанына медерликке жароочу эргул.

Андан кийинки дөөмөттү Тогуз-Тородо бөккөн маалында нече сапар, кабар, дем берип ат тезегин кургатпай келип кеткен, кол жазмаларын талбай көчүрүп, таркаткан, өзүнүкүн тартыла жөнүктүргөн сабырдуу, ишенимдүү Кашкарысы Нурдиндин соңунан алым сабактай сабалатты:

Мен Табылдынын Кашкармын
Молдоке, тарбиялап башкардың.
Толкундуу сөзүң таркаттым
Талант тузуң актаймын
Молдокенин сөздөрүн
Казалынын өздөрүн
Калайыкка жаялы,
Катпай ичтен алалы.
Чогулгандын баарынын
Үйрөнсөк деген талабы.

Мына эми көрүп ал. Кунан жарыш кызыганда, дүрбөгөн тай жарыш дүбүрттөп, комузун күүлөп, тамагын жасагандар көбөйдү. Кантсе да, жаагын жанып такшалган чоңураактары, кичирээктерин жөөлөй алдыга озууда.

Жар кабак, келте мурун боз улан созолонду:

Мен Айдарбектин Жүкөйүмүн
Алда шайыр сүйлөймүн.
Кагазыңдан үлгү алып
Казал жазып гүлдөймүн.
Булбулум Молдо Байымбет
Туулган элең пендеден.
Нарктуу акын экенсиз
Нускаңды жаштар бер деген...

Тоголок жүзүнөн нур тамган көзү шишимегирээк, күлүңдөгөн он алты – он жети чамасындагы, башынан бутуна дейре, жапжаңы кулпура кийинген өспүрүм, өрүктөн чабылган комузун зыңылдатып, күүсүнө кошо термеле ойноктой обон созду:

Мусулманкулдун Молдобасанымын
Уккандын көөнүн жазамын.
Молдоке, сүрөө берсеңиз
Менин да таркаар атагым.

Манастан баштап үйрөтсөң
Маанилүү болоор сапарым…

Койкоктогонуна жараша узунча моюну, ичке денесине кошо ыргалып, кубулжуган кооз үнү куюлушуп Молдобасан жеткинчек жабалактаган карала көздөрдүн сүймөнчүгүн өзүнө үйрөтүүдө.

Атасы Мусулманкул бу тараптын кадырман манабы Баатайдын, анын уулу, болуштукту өйүзгү Келдибек тукумунан бар укугу менен болгон Касымбектин көрөр көз, өнбөгөндү өндүргөн жүйөчүл чечен, жөнбилги обозгери. Комуз колунан түшпөй обон созуп озондогонун тыйбай таң-тамашалуу балдар, кыз оюндарынан калбай, «шайырлыктан башка өнөрдү үйрөнбөйм» – деп атасынын тыйганына чыргоолонуп, ырчы, күүчүнү ээрчип делөөрүгөн эрке уулу Молдобасанды Тоголок Молдого келээр замат табыштаган. «Иниңди шакирттикке ал. Жакшы акындыкка жеткирсең атагы сеники. Чала-чармы өксүтсөң чатагы да сеники. Чунак, ээлигип баш бербеди. Жаныңа шынаарлатып ала жүр. Жолдугуң унутулбайт». Оокаттуу, кадырлуу атасы Мусулманкул уулунун озондогон ырчы болуусун анчалык каалабаса да аргасыз көнгөндөй. Ыйманы ысык, шок, өжөр өспүрүмдүн ышкысы сыртынан төгүлүп чачылууда. Жетектеп такшалтса обонду да, дастанды да, комузду да өркүндөтүп элдин эрке шайырына айлангыдай.

Тоголок Молдо жайнаган жаш ышкыбоздордун, аларды жандаган жан жөкөрлөрдүн, күйөрмандардын купулуна деле өзү иргеген жогорку төртөө – төшөлгөн Нурдин, Кашкары, Жүкөй, чалпоо, бирок торгой таңшык, ойноктогон кулунчак Молдобасан толгонун байкады. Калган ортозаарларга да тап берген жерде кошулуп, бара түшө үй, жоро эрмектикке гана жарап чегинүүчү даладатчыларга алдын ала көзү жетсе да, шагын сындырбоо, коюу чаңда жүрө турушсун ниетте, ошолорду да дыр бердиртти. Алардын да ээрчиген жактоочулары эрдемсий сүрөштү.

Болочок акындардын агасы, насаатчысы, таалимчиси катары калк казынасын, акыйкатты, маарифатты таркатуучу жаштардын чакан тобун түзүүгө жетишкенине тобо.

Канча кармаш, канча кан төгүүлөр менен жеткен заңдуу, жеке бийликтин шарапатына дөөгүрсүп, толгон өкүмдарлык зор өнөктүктөргө алаксыган, жана да Тоголок Молдону атайын үйүр тартканча оюндагыдай жүрө турсун. Мусакожо, Бошкойдон тарткан ыдыкты унутуп, элге байырласын, жашыраак шайырларга таалимин арттыра жытыгышып, караманча жылгыс чырмалышсын пейилдеги Касымбек акынды сыртынан акмалап оболуна коюуда.

Утурумдукпу, узакпы, иши кылып ошо шарттан пайдаланып, өз айланасына өнөрлүү жаштардан өнөктөрдүн курамасын уюштурганына Тоголок Молдо курсант.

Учугу узарат деген ушул эмеспи.

Жайлоону ак черүү, кара черүү чабуулсуз тынч жайлашты. Сыягы бирин бири жеп жутууга кара өзгөйлөнүп калкын караптап кан төгүшүп айыгышса да, улук төрө эки тарабын тең таш жалатып кеткен соң, желдери чыккандай. Шабдандын келишине манаптар анчейин топурап тозулушпады. Шабдан буларга сырдана жээн-таякелик, алакалаш, ата бабасынан катыш. Кичи энеси айтылуу Ак Мөөрдү картайып бараткан атасы хан Жантай салтанаттап атпай журтка даңазалуу той куруп, Куртка-Терек бөлүнө элек кезинде, өйүз-бүйүздү титиретип жеке бийлеген кадырлуу карт манап Келдибектин колунан алган. Ак Мөөрдөн Муңайтпас иниси бар. Жумгал саягы, өз таякелери. Шабдан Соң-Көлгө нечен ат арыткан. Анан калса жер ортолоп өткөрүлүүчү курултайларда – чоң топтордо – Ысык-Көл кылаасында, Көтмалдыда, Желаргы-Токмок үстүндө далай жүздөшүп, уруулар арасындагы ыйкы-тыйкыны, падышачылыкка жалпы алык-салыкты тейлештирүүдө, кээ улуттук ынтымак үчүн делген шаң-салтанатты курууда аны менен акылдаш, табакташ отурушкан. Балким, ошондуктанбы, «үйрөнгөн жоо атышаарга жакшы» дегендей Шабданга текшерүүчү төрөдөй бүлүнүшпөдү. Эки черүүнүн оёндорунун ким-ким өзүнчө тил таап сүйлөшүү, башка жактан көбүрөөк чыгым шыпыртуунун айласын кантип чуктоого алек.

Манаптар ич ара кандай быгышууну өзүлөрү билет. Жапакеч Байымбет Шабдандын арачылыгы дагы эле калың калайыкка

жабыр тарттыраарын, кандай түрдө жүргүзүлөөрүнө чала моңолдоно сабылууда.

Сентябрдин ортосунда Шабдан, Баяке Чүйдөн Нарынга чейинки узун жолдогу журттарды кыдырып, анын сапарчылап аттанганын небак угуп, алдын утурлап бууп токтоткон мерчемдүү уруу башчыларынын айылына өргүп, жарым падышанын ишенимин кыргызчылык, ага-тууганчылык жолу менен аткаруу үчүн саамыктатып жай, салмактуу опур-топурсуз жетти.

Салтты жакшы билген айкөл, акылман, жоомарт, көтөрүмдүү аталган, падышадан чен тагынган кадырман Шабдан, атасы Жантайдан берки жан жигит, жан агасы – кеңешчи, баатыры – Баякени ээрчитип, алды менен жашы, теги улуу Мусакожо, Султангазыга токтоп канча өргүп, жашыруун, жабык быгышты. Анан, Касымбекке өтүп, андан бетер купуя, бүкүндөшүү нече күнгө созулганына караганда тил табышпай, арбашуу күчтөй.

Жасоолдор ченине жолотпогон тыштагы урук билермандары, союш, сыйын белендеп жасакерлене бүлүнгөн байлар чыйпыйлары чыгып намыс чакыра бакылдашууда.

– Бу неси Шабдандын. Ушунчалык да эзип, чайнашабы? Ал арстан болсо, биздин Касымбек жолборс. Ага оңой алдыра койбос. Ошондуктан уларууда. Шабдандын адеп Келдибек тукумуна бизден бир нукум жакын түп таякелерине, атасы Жантайдын көрөр көз кичүү зайыбы, атагы алыска жорткон Ак Мөөрдүн төркүндөрүнө ийе бурулганында кеп бар. Кыязы аларга жан тартууда.

– Биздин карала жолборс Касымбек ага көнбөйт. Шабдандын төрөгө тете мырзалыгы чын болсо калыстыкты кармаар.

– Өзгөнү коёлу, канча кан төгүлсө деле Келдибек жактан аттуу, жөндүү бир да адам апаатка учурабады. А биздин Баатайдан Касымбектин карачечекей агасы, бекзаада, айбаттуу баатыр Шеримбектин эле куну канчага тураар?

– Кул-кутан, жарды-жалчыдан канчасы жайланды. Мусакожо, Турдубайды чөгөлөтүп Касымбектин астына кулдук урдуруп, кечирим суратып, кунун төлөтпөсө Шабдандын келгени бекер бизге!

Намыскөй берендердин чамынганы элдир-селдир жашыруун кеңешчилердин да кулагына чалынууда. Касымбектин көшөөрүп, Шабданга кадырын салганы да ошол.

Бул оор элчиликти ишенимдүү өкүлү тындыралбай барганда мытайым жарым падыша Шабданга бекеринен жүктөптүрбү. Кандуу айыгышты тыйып, элдештирбей кайтыш Шабдан үчүн мертингенге тете уят иш. Каны кызуу, дегенинен чегинбеген жаалдуу көк Касымбектин талабына көнгөндө анын гана үстөмдүгү орноп тынччылык түзүлбөйт. Анын астында чөгөлөөчү шартка тирүүлөй моюнун кессе да, Мусакожо, Турдубайлар ийилбейт. Шабдан хан башы менен андай бирин өтө басмырлатып, бирин көкөлөткөн майдалыкка барбайт. Элдештирүү эки жактын тең шагын анчейин сындырбаган, намыска зак кетирбеген, байыркы балиттиктен алыс, эмки заманага жараша, жалпы элдик калыс бүтүм менен жүзөгө ашырылышы керек.

Ошо башкы максатка жетүү, жарым падыша менен кеңешкен экинчи бузулгус элчилик, тынччылык жарашын бүтүрүүгө Шабдан баардык күчүн – Орусыя өкмөтүнүн колбашчылык, бийлик жүргүзүүчүлүк көсөмдүгүн, атпай кыргыз журтчулугунун баш манабы – ханы делинген кадырын, мусулманчылык жаатынан Мекеге сыйынып ажы аталган дининин баркын, абалтан, ата-жотодон берки чындай келгенде ким кимди көңүлү ийдирбеген куда-сөөктүк, жек-жааттык жакындыгын түгөл жумшоодо.

Оңбогурдуку, Чоронун эки тукумунун кандуу тополоңу убара-чиркөөсү мындай турсун, жанды кашайтканын карачы. Алай, Анжыян тараптагы кыргыздарды кечеңдеп Орусстандын карамагына уруш-кыргынсыз ыктыяры менен кошулуусун өтүнүп, Адыгине ага тукумунун башчысы Курманжан даткага жеңе жесири катары нике кыйдырууга жашыруун ниетин жүзөгө ашыралбаган менен негизи падышачылыктын элчилик вазифасын, генерал Скобелевдин оюндагысын аткарып экилтик Шабдандык атак ого бетер көкөлөгөн.

Чырдын кичирээги, чыр башчыларынын жакындыгы көбүрөөк чайналтат бейм. Канчалык туйлап, өжөрлөнбөсүн Касымбекти ары калчап, бери капшырып, элдик, мамлекеттик жүйөөгө

такап, такыр көшөөрүгөнүндө – падышачылык, жеке кайнатасы солто манабы Байтиктин киришүүсү менен гана эмес, мына Шабдандын макулдугу боюнча эзелтен башкарган Келдибек тукумунан элди, бийликтин ага бекер бөлүп берилбегенин, эгер Касымбек аны туура түшүнүп, дурустап күтүүнү кааласа ыктан чыкпоосун катуулай эскертип жыландын башын чыгарганда, Касымбек муун-жүүнү титирей тер чачып зорго макулдабаспы.

Алтымышты апчып, сакал муруту ак чалып, падышанын чендүү торкосун кийинип короздонгонду коюп, ажылык селде чалына, суп чапан жамына мүнөзү да, акылы да токтоо тарткан Шабдан, чарпылтып жанчышса да түбөлүгү түз келишимге ийиген элеттик жек жааттарына көңүлү шагдан каркылдады:

– Билгем, ишенгем. Баса, Сарбагыш-бугунун ата-бабабыз биринен сала бири ырбаткан кыргын, чырын тыйып, элдештирүүгө жараган Шабдан, Алайдагы Адыгине агаларыбызды Орусыяга кошултууга элчиликке жараган Шабдан, эки ата саяк тагаларымды жараштырууга жараарыма ишенгем. Ак падышага, атпай кыргыз журтума жүзүм жарык. Аллага шүгүр. Арбагымды көтөрдүңөр тагаларым. Менин таякелерим, пирлерим, башынан залкарсыңар. Майда өчкорлукту айкөлдүк менен, тытышты элчилик менен болочокку уул-урпакка зак келтирбей адамгерчиликти жогору туттуңар. Мени анча кыйнабадыңар. Ыраазымын. Ак падыша ыраазы. Элчиликтен, элдешүүдөн, бир атанын тукумдары коюн-колтук бейкут жыргап өмүр сүрүүдөн артык дөөлөт жок, бу жалган дүйнөдө. Өйүз-бүйүз таякелер, жер ортосуна эки жактан элдешүү үчүн өргөөлөр тигилсин. Кадырман адамдар чакырылсын. Элдешүү шаанисине катышсын. Элдешүү бүтүмүн угушсун. Куртка-Терек куттуу журтта мындан ары кандуу жаңжал тургай, чекеге чертишүү токтолоорун жамыятка жайышсын! Бир тууган эл бейкут, ынтымакта жашашсын.

Каржалып араң турган калайык Шабдандын жардыгын асмандан жиберген алла тааланын амириндей күүлдөп кабылдашты. Черүү курган чоңдордун саатынан катыштары үзүлүп, карайлаган томор көпчүлүк жер ортосундагы жарашуу салтанатын үмүттүү сагалашты.

Атаандашкандай эки жактан тең жасалгасы мыкты өргөөлөр, Нарын суунун жээгиндеги дүңгүрөгөн токой паанасындагы шалбаага тигилди. Окчун кемегелер казылып, ашпозчу алачыктары сербейди. Тейлеп бүткөн жигиттерден кабар жеткенде Шабдандын чүмкөмө арабасын тегеректеп Касымбектин билермандары казганактай аттана берилей жылышты.

Алдын ала кабарланган Мусакожо, Турдубай жак, өйүздөгү адыр Айгыржалдын үстүнөн дүрбү салып боолгологон берендер, Мынакелди жактан, Үгүт капчыгайынан караандар суурулганда, тандамал аргымактарын алкынтып алар да боордон кудушуп, Нарынды кылкылдата жиреп өйүздү беттешти.

Ошентип эки тарап болжогон маалда Шабданга көтөрүлгөн элдешүү борборун тыягы тыягынан, быягы быягынан жабалакташты. Ар жак өз өргөөлөрү тараптагы керүүлөргө аттарын байлап жөө топтолушту. Шабдан гана арабасынан селделүү башын шаңкайтып, эч биринин үстүнө кирбей ортого токтоп... жигиттеринин кол сунуп, колтуктоосу менен бута атымдан даабай жардангандарга дөөлөтүн айкындай, кулпурган чапанын нооча денесине суналтып, Мекеден сатып алган, муунак-муунак пайгамбарлардын көздөрүнүн сөөлөтүн элестеткен буржугуй кырлуу аса-муса таягына сүйөнө анын иймекей кармоого эптүү сабынан аткый токтоло, алагыр көзүн теребелге аргытты.

Суйдаң сур булуттар удургуган күзгү асман, анын тирөөчүндөй түпкүрдө көк мелжип аркайган, улам берилеген сайын жапыздап катмарланган тоолор, боз бөлтөк адырлар. Дүркүрөгөн токой, анын далдоосунда шары угулаар-угулбас окторулган Нарын. Маңдайында окчун-окчун ак өргөөлөр. Борборунда заңкайган өзү, тегерегинде жан жөкөрлөр. Шабдан сыйда, кооз көгала сакалын шадылуу алаканы менен сылап, купуя бата жаңсады:

«О-кудая шүгүр. Арбашкан чаян-бөйөнгө тыңгылык орноттум. Кутмандуу Куртка-Терек эсиңде болсун, менин санжыргалуу сапарым...» Баатырынын купуя күбүрүн түшүнгөн сыр билги Баяке, аны көрүп башка нөкөрлөрү, аларды байкап жарданган өйүз-бүйүздүктөр жалпы батага колдорун сермешти.

Шабдан баатырдын жапыз караган-буталардын арасындагы байтеректей багжая, акыл уюган башын ыйыктаган, бу саам

жаңжалчыл элеттиктерге сестүү, касиеттүү көрүнүш үчүн, атайын чалынган апакай селдесинен, тал-тал селкилдеген саамай, жаак, ээк, алкым сакалынын учуна дейре жайбаракаттана сылай, салмактуу тайгылткан салааларын арбайта оң, анан солго бурула, аны туурап бата ушата жабалактаган жергиликтүүлөргө мелтиреди.

Астындагы бөжүгөн олжосун мыкчууга камынган бүркүттү элестеткен баатырдын жазылган чеңгелин жаатташкан эки жак түгөл, даана көрүштү. А бирок, батадан соң, абада калкып, кимге, эмнеге, канчалык олжого апчылаганы өзүнө сырдана Баяке экөөнө гана даана маалым. Баяке олбурлуу ийинин күүшөп, айбаттуу каректеринен от чачылта ак чалган дуңгул сакалын олчойгон колуна ууччтай, Шабданга ийиле күңгүрөндү:

– Баатыр, олжого чеңгелиң аша толуп, салааларыңдан төгүлүп чачылат. Ушу ынтымак жүргүзгөн жолдугуң бу саам өтө кымбат өндүрүлөт. А жагы менин моюнумда. Эч камыраба.

Шабдан көңүлү жайлангандай үн дебей чеңгелин жазып, эшиги түрүлүү чоң өргөөнү беттей аса-мусасын оролто булгалай сүйөнүмүш эте шаңдуу жылды.

Чеңгел табышмагын Шабдандын кеңеши боюнча мыкчегер акылманы Баяке Чүйдөн быякка чыгаарда ойлоштурган. Ырксыз ит талашка тытмакташкан кокуйларды жараштыруу шааниси бүтөөр замат, падышанын чыгымын өзүнчө, Шабдандын чыгымын кошумча бычып, кыңк эттирбей жыйнатаары бышык. Көрөр көз билерман Баякенин бүтүмүнө Шабдан баатыр эч наараазы боло элек. А тургай астына арыз-муңга келгендерди – Баяке чечсин. Баякенин айтканы айткан – деп, ага бийликти шилтеп көндүргөн.

Жер ортосу арасааттагы Шабдан жайгашкан элдештирүү калыс өргөөгө Куртканын мыктылары биринчи чакырылды.

– Ашынган куу Тынай. Келдибек тукумунун улуулугун шылтоолоп култулдаганын кара. Келатканда озунуп токтогону жетишпейт беле – Касымбек тишин кычырата купуя ызырынды.

Шабдандын бул билеселүү ишаратына Мусакожо, Турдубай, Султангазылар мөрөйлөрү үстөмдөгөндөй көтөрүлө барандуу, каалгый басыша, алыстан акмалаган Касымбектердин көз жоо-

сун ого бетер кычыштырбаспы. Шабдан менен Баякенин курткалыктарга артылта байралуусу бекеринен бекен. Душманын көп айып, кымбат кунга жыгууга көшөөрүгөн Касымбектин дооматынын канчоосу жөндүү. Кандайын улуу ага тарап, кыйылбай тарта алмакчы? Эки черүүнү бир-бирине басынтпай, экөөнү тең мага тартты деген пейилге бөлөп, сырткы жамаатка Шабдандын калыс бүтүмү дээрлик деңгээлге жеткирип чечүүгө чукулдады. Дал ошол максатта Мусакожолорго кайталап беттешүүдө.

– Бу бармагымды тиштесем тиги бармагым зыркырайт. Тиги бармагымды тиштесем бу бармагым зыркырайт. Чоң таякелерим, силерге ие тартканымдан жарашык бүтүмдүн астында артык баш жолугуп отурам. Касымбектин доомaты силердикинен алда канча арбын. Иншолла, артык доосун эсепке албайбыз. Силерден ашырбайбыз. Теңдейбиз. – Шабдан ишенимдүү, сүрдүү көрүнүүгө көндүргөн дидарын ажарланта бакжайды.

Болуштук укукту ээлеген менен али сөзгө мокок Султангазы москоол моюнун күржүйтө агасына бурулду. Демейде какайтып титиреткен күчү качкан ийиндери эңшериле шүйүп баратканы дебесе, андан да жотолуу Мусакожо, көкүрөгүн жапкан сакалын сылай Шабданга бакыраң көздөрүн алайтты:

– Улук жээн, баатыр Шабдан, кудай жаныңызга кубат берсин! Жараткан жар болсун адилет ажаатыңызга.

Алкоого тунган соң Шабдан шайы олпокко чыканактай кыңкайды:

– Мусакожо тага, кулдардын, жакырлардын кунун эки жактан тең кечтик. Сизге да, бизге да, журтка да айдан ачык бир акыйкатты Баяке баатыр экөөбүз абдан жеңилдеттик. Бирок, караманча бузалбадык. Ал – манап тукуму, Касымбектин карачечекей агасы Шеримбектин куну.

Мусакожо дирт эте, сакалын жапыра, аюу талпакта олчойгон санын аткыды:

– Баатыр Шабдан, биздин тегибизди башынан мыкты билесиз. Быякта хан тукумун Жамболот – Келдибектен бери туткан мына бизбиз. Кыйыр, пасыраак тууганыбыз Баатай, анын кажынган карышкырлары Касымбек, Шеримбек качантан,

кандайынча ханзаада, бекзаада боло калышат. Ажалсыз чымын өлбөйт. Жөн жаткан жанды тим койбой өзү жаңжал баштап ажал огуна учкан агайыным Шеримбек үчүн кун төлөбөйм. Ырас, кажынган Касымбек, болуштукка кандидат шайлангандан бүйүзгү ата-бабамдан мурасталган элимди жырып, акыры болуштукту бөлдүртүп тополоң-тоз түшүрдү. Түпкү жотобуздан берки калайыкты багып асыраган акыбызды төлөттүрүңүз анда.

Шабдан бетинин отундагы али өчө элек кызгылт нурун албырта, анча болук эмес толмоч ноочa денесин, селдесинен, өкчөлүү чигирим өтүгүнө дейре солкулдата кытылдады:

– Баракелде, баракелде... Минтпесеңиз Мусакожо лөккө окшошпой калмаксыз. Өзүңөрдүн кан чачышканыңар эчтеке эмес, түп киндиктен тартып, ак падышанын өкмөтүнүн тынчын кетирип, убара-чиркөөсүн көбөйткөндүгүңөр, ага алар сарптаган акыл, кагаз, алака чыгымын басуу үчүн эки жагыңардан тең паймапай мамлекеттин казынасына салык төлөйсүңөр. Жердин жети түбүнөн Баяке экөөбүз байманабыз ташыганынан дейсиздерби, азап тартып силер менен канча күн акыйлашып отурабыз. Даанышман адамсыз Мусакожо тага, жаныңыздан жарым тыйын пулуңуз чыкпас. Көнгөн калктын үстүнөн бычылган чыгымдарды эки черүү бирдей өндүрөсүз. Сиз жак, Касымбек жаңы болуштан элдин көңүлүн алдоо үчүн, көп болсо эки секелекти ашык аткараар. Чыгымдын наркын, дүңүн Касымбектер болуп чогуу-чараан жарашык намеге кол коюп, бармак басып, мөөр күбөлөөрдө Баяке баатыр так бычат.

Мусакожо алайып, жанындагыларды кантели дегендей айлана тигилгенче кандим Баяке шап-шуп алаканын тап коё умтулду:

– Тамам. Бүттү. Шабдан баатырдын башка айтаары жок. Жарым падыша ушундай карарга гана макул. – Алакан добушунан эшиктен башбаккан көндүм «кызыл чокко» дүңгүл сакалын серпе сүлөөсүн бөрктүү башын өйдө чулгуду:

– Касымбектер тезирээк келишсин!

Дардайган өргөөнүн Мусакожолорго бетмаңдай капшытын бошото Баяке төрдөгү Шабдандын жанына өттү. Демек – мындан аркы бийликти ал жүргүзмөк.

«Жоолашкан эки элдин башчысы жүздөшпөйт, жүздөшсө кекти кечишет» – деген насааттын чындыгын Байымбет көкүрөгүнө түйдү. Аны Касымбек өз билермандарынын тобуна кошкон. Кыябы белгилүү. Биринчиден – кадырман кеңешчи катары жазма акынды жубантып жакын тартуу. Экинчиден – Мусакожого сес көргөзүү. «Сен куугунтуктап, сасык канат Бошкоюңа желкелеп басып берип, заманасын куурулткан жетик акынды мен кандай барктадым. Ичиң күйсө туз жала. Сен кадырына жетпеген эл мага ооду. Сен кадырлабаган акын менин үндөгүмө конду». Узак жыл чала-бучук бураңдатып жүрүп, зайы жеңген Касымбектин атаандаштарына ар жагдайда кыр көрсөтүү, башынан пасыраак эмес, тең аталыгын далилдөө аракетин акын абайлоодо.

Шабдан ага кеңешип-танашпай кастарын алдын ала сөөлөттөтө бөлө чакырып, жалгыздашып чай кайнамга маек курганына куйкасы курушкан Касымбектин алардын үстүнө кеч чакырылып бараткандагы, киргендеги жоругуна Тоголок Молдо кылдат тикирейүүдө.

Кан төгүшкөн, катуу араздашкан кастын үстүнө кас кандайча даап батынат. Үйдө калыстын жанында жайланган душман, сырттан баш багуучу душманын кандайча кабылдайт?

Жарданган сакчылар жол бошото, ачылган эшиктен Касымбек, анын куйруктары кудуганча дүрдүгүштү. Касымбек ээрчиткендеринин эң акыркысы босогону аттаганда, түгөлдөгөндөй кылчайып, төрдө демдерин кысып, ичтеринен чымырап мемирегендерге булгун тебетейинин берметтерин кулпурта башын чулгуй салам айтты:

– Ат сало-ом ал-лейкум!

Үйдөгү дымыгандар ошону эле күтүп турушканбы, дароо жооп жаадырышты:

Валлеку.

Алеку сал-лам-м!

Акыркы жоон доош, капчыгайдын түпкүрүндөгү жаңырыктай Мусакожонун олчойгон көөдөнүнөн күлдүрттөдү.

Канчалык каршыгышпасын сырттандык салтты эки тарап тең сакташты. Адетте, алгач учурашуу саламды кирген адам, асыресе кичүүсү берет. Бу жаатынан Касымбек алдырган жок.

Бетме-бет кыйыктарынан тоорушуп демдерин жыйганча төнгөн тунжуроону ортодо золкойгон Шабдан бузду:

– Жарааттын айыгаар, жаңжалдын унутулаар маалы жетти. Элдешүү анты эки түрдө бекемделет. Алгачкысы иншалла мусулманчылык жолу менен куданын кулдары, Мухаммеддин үмөттөрү ыйык куранды кармап, ынтымак ыкыбалында жашоого шерт бересиздер.

Шабдан купуя чымыраган черүүлөргө ураан таштай тыным жасады. Ээсинин жаңдоосуна маш, муфту, оролгон аппак жибектин чачысын булайта мукабасы алтындалган кооз куранды кош алаканына калкыта бөпөлөй элпек бөйпөңдөп ортого жетти. Тоголок Молдо муфтунун бул элде жок алда немедей апакай адимиден, шаңкайта көрктүү оронгон селдесинен улам, Шабдандын башындагысына окшоштуруп, устаттык менен дал ошонун колунан жасалгаланаарын байкады.

Мусакожо тараптан колун бооруна кыса жүгүнгөн бойдон алиги кожосу муфтунун сол канатына ыкты. Касымбек тараптан Бухара медресесин бүткөн жаш имам муфтунун оң канатына компойду.

Эми биз барабызбы дешип копшоло омсоңдошкондорго Шабдан мостойду:

– Муфту, кожо, молдолор аят айтып, курандын ыйыктыгын дагы күчөтө турушсун. Куранды туткандар дароо эриндерин эбиретип, аяттан күбүрөп-шыбыроого өтүшпөспү.

Шабдан аларга ыраазыдай башын ийкеп сөзүн улады:

– Ант-шертти бекемдөөчү экинчи шарт мындай. Орусыя ак падышасынын заңына ылайык жарашык намэ үч даана кагазга түшүрүлдү. Куртка-Терек болуштары колуңарды коюп, кат билбесеңер бармагыңарды, аны күбөлөндүрүп мөөрүңөрдү басыңар. Бирдени өзүңөрдө калат. Жарашык намэнин биринчи даанасы жарым падыша оёздун чоюн сандыгына табышталат. Ушинтип ынтымак келишими күчүнө кирип, боордош өйүз, бүйүз журт тынчтыкта, алыш-бериш, катышыңарды улап, илгеркиңердей кой үстүнө торгой жумурткалатып, байгерчиликте жашай бересиңер. Макулсуңарбы, макулсуңарбы! – Шабдан периштелер менен арбашкандай, көгала сакалды омуроосуна жапыра оң мүрүсүнө кулагын делдейте көзүн аңтарды:

– Аллага шүгүр, макулбуз Шабдан баатыр – Мусакожо күрүлдөдү.

– Иншалла, текеберлик, текеберлик бизден алыс, иншалла! – Шабдан сол мүрүсүнө тал-тал кылдарды удургута жаагын бурду:

– А силер, макулсуңарбы?!

Касымбек маалката жай күңк этти:

– Макулбуз, баатыр.

– Жарашык намэ даярбы? – Шабдан саал толкундабыраак козголгончо бурчтан үстү жылмакай тыпыйган үкөкчөнү, жазылган кагаз, болот калем, сыя челеги менен топучан татар тилмеч-катчы көтөрүп бери жылды. Анын жанына Мусакожонун катчысы Букарбай эңкейди. Баятан маңдайлаш алыстан кирпик ымдаша күдүңдөгөн Тоголок Молдодосунан көзүн айырбай, көрүшкөнчө каниеттенип бейкапар отурганда, колтукка түртүлүп, Касымбектен шыбыш жетти:

– Көзүң кат тааныйт тез бар.

Ойлонуп туруууга чама тар. Кат тааныры ырас. Баш тартуусу да олдоксондук. Букарбай көзүн чекирейтип колун серпти. «Кел». Кандай жеткенин өзү да сезбеди. Шабдандын катчысы экөөнө эки тилим, келишим намэни карматты. Аны окууга буямасын келтирбей, Букарбай тарбайган колун аткытты.

Мыктылар өзүлөрүнчө дүрдүгүп сөзгө алаксышканда, Букарбай татар катчыдан узун боюн артылта досуна минтип шыбыштабаспы:

– Качпа... Күнүмдүгүңө кайра жакшы болот.

Келишүүнүн диндик жана өкүмөттүк шарттарын тактап аткаруунун шаанисин даярдаганда Шабдан жазы алаканын жайды:

– О-омийин!

Башталчу жана бүтүүчү жышаан – оомийинден качкан мусулман баласы жоктур. Баарысы алланы күбөлөй, сыйына колдорун көтөрүп, жүзүн сылашты.

Шабдан мурутунан күлкү ойното жылмайыңкы эргиди:

– А дегенде жакылдаштык, анан акылдаштык, аягы минтип макулдаштык. «Кеңешип кескен бармак оорубайт». Негизги максат – элчиликти ыйык тутуп эмки майда-барат бүтүмдү

Байзак баатыр убада-шерттин үстүндө чуктап алсын. Кандай дейсиңер?!

Черүүлөр баштарып эңилтишти. «Макул».

Бир жагынан диндин олуязаадалары куранды көкөлөтө, аяттан кырааттатып, экинчи жагынан дилди гана түгүл, башыңды байлоочу ант намэси – жарашык каты даярдалып сүрдүү шаан-шөкөт астында, жарга такап Баяке кара, ак черүүлөргө жардады:

– Түбү ак падышанын, анан жарым падыша Түркстан генерал губернаторунун, андан берки Жети-Суу вилаетинин, андан берки Пржеваль-Пишпек уезддеринин төрөлөрүнүн жана да Шабдан баатырдын бийлигинин өкүмү деп билиңер.

– Он бир эр, кул-кутандардын өлүмү аткез. Шеримбек манаптын куну – болуштукту бөлдүрүүгө жарады. Эми ага кошумча Куртка тараптан кедейдин эмес, ашынган байдын эмес, орто чарбалуу бардарлардын эки бойго жеткен өңдүү, акылдуу кызы бүт тасмыясы менен атказылсын. Эки болуштан түтүн башына бирден кой, миң теңге кызыл алтын бул апта мөөнөтүндө чогултулсун. Кызыл алтын пул биздин колго тийсин. Кыздар, малдар алдыбызга салынып жөнөтүлсүн.

Жүрөктөрү титиресе да падышанын, Шабдандын бийлигине, чыгымына каршы чыкмак кайда. Куранга чеке, эриндерин тийгизип, ыйыктын ыйыгын кармашып, элдешүү намэни кол, мөөр менен күбөлөндүрүшкөн соң, Баяке каршылашкан манаптарды акырек тийгизе айкалыша кучакташтырды.

Эки болуштун жонун кулпурта Шабдандын жараштырган белеги деп жака, жеңдери алтындалган чапан жапты. Өткөн кырылышты унуткартып бу капшыттан тиги капшытка жеткен көл-шал дасторкондо чогуу сый тамак үстүндө чечекейи чеч ынтымак сыймыгын опурултту.

Ак падышанын казынасына, жана анын төрөлөрүнүн, Шабдандын чыгымына бычылган бүтүмдү чукулунан чуктоо үчүн жасоолдор короктоп, дүрбөп кулак түргөн ой-тоодогуларга түтүндөн түтүндү түрө кыдыра чапкылашып жардап, зордоп өндүрүштү. Алып сатарлардын гана күнү туубаспы. Малдарын го байлап, айдап берип, акча таппай зарылгандарга насыя тө-

лөшүп, артык өнүмгө мантыгышты.

Мурдагы, такай салыктары аз келгенсип, каргашалуу манаптардын каршылашынан кошумча карапталган кайран элди Тоголок Молдо көрүп-билип калкалоочу күчтүн жоктугуна каңырыгын түтөткөндөн бөлөк арга таппай кайпактоодо.

Шабдан, Баякелерди күзгү суунун тартылышында тандамал айгыр, аргымактарга мингизип, Мусакожо Нарын дарыясын кечирип, чала бүткөн коругуна мүнүшкөрдү сонорлотуп, карчыга, чүйлүлөргө тоодак, кыргоол, кекилик серптирип, ай талаада куш этинен куурдак татытып, кечкисин жарашык ордосуна жеткизип, казы-карта чайнатып, колу-жолу бош, өйүз-бүйүздүн жашы улуу кадырман манабы катары сый милдетти аткарууда.

Султангазы, Касымбек болуштар, жүз башы, бий, старчындары менен эл аралап Шабдандын бийлигин артыгы менен өзүлөрүнө да жем арттыраарлык өндүрүү алакетинде. Бардарларга го эчтеке эместей, саап ичээр уй, унаасынан бөлөк малы жок жарды түтүндөр кан какшап, кызыл кулактардан насыя көтөрүп күнүмдүгүнөн гана кутулууда. Эртеңкиси не болот а кургурлардын. Колундагы бирин-экин жугунан ажырап, бирөөлөргө жалданып башын байлайт. Кыздарын сатат. Балдарын малайлыкка берет. Тентип-тербип эптеп ит күнүнө өтөт. «Көп түкүрсө көл». Туура аптанын аягында бычылган чыгым топтолду.

Мал, пул, жыйнала жүргөн көнүмүш жоруктай. Ал эми бейкүнөө кыздардын алпештеген ата-энеден, сырдаш, мундаш тели-теңтуштардан капилеттен айрылып, кулак угуп көз көргүс чоочун эл, бөтөн жерге зордолуп жөнөтүлүшү акылга сыйбас азап го.

Өйүз-бүйүз үч миң түтүндөн чогулган, арасында бир да аксак-тексек чабыры жок ирик, борук, соолук чуру-чуу маарашып, кыртыш жолдорду оттой, атайылап бөлүнгөн алдуу-белдүү айдагычтардын, аларга баш-көз, жол коопсуздугун камсыздоочу кылыч, мылтыкчан кызыл чоктордун көзөмөлүндө жер союлта Кемин-Пишпекке айдалды. Миң кызыл алтын шалпарга оролуп Баякенин коюнуна солонду.

Сыртынан Шабданды шаани-шаң куруп узатууга, а аныгы

тирүүлөй күндүккө дайындалган байкуш кыздарды узатууга эки болуш эли Ак-Талдын чатына дүүлүгүп чокмороктошту. Эки кыз. Шабдандын бийлиги боюнча Шеримбектин кунуна орто чарбалардан тандалып, ата-энесин алдап-соолап да, коркутуп, үркүтүп да көндүрүштү.

Бири Салбайдын, бири Шермамбеттин кызы. Экөө тең татынакай, чырайлуу. Кебетеси сууктарды Шабдан, Баяке садага чабабы. Келишкен келбеттүү кыздарды чоң колко кадырга, же калыңга сатуу үчүн буюруп отурушпайбы. Биринин аты Жамыйла, биринин аты – Алмакан. Ичинен шайы тубар, сыртынан жаркыратып кымкап, башына кундуз бөрк кийгизип, тал-тал өрүлгөн чачтарын ийин жондоруна суналтып, ээр токуму үртүктөлгөн, сайма шалчалар жабылган жорголорго, чыңырып чыркырагандарына карабай атказышты.

Ата-энелер, ага-жеңелер, эже-сиңдилер буркурап, ыйлап, боздоп коштошууда. Сай-сөөктөрү сыздаган кыздардын чыркырагына жарданган көпчүлүк, анын ичинде Байымбет, шакирттери – Нурдин, Кашгары, Жүкөйлөр чыдап туралбай кошо муңайышып көз жашка гана күч чыгарышты.

Белен жигиттер туткакташкан туугандарды сүрүп, кыздарды оң, сол капталдан коштой тизгиндей жорголорду сүрдүктүрүп узатып жөнөштү. Курган кыздардын топурап калган калайыкка жал-жал, мөлт-мөлт агыткан көздөрү, акыркы өңгөч тарткан коштошуулары утуру алыстаган сайын угулбай калды.

Бул муңдуу окуяны көрсө капар, шаңдуу шагдан бийлөөчүлөр калың топтон окчун Шабданды тегеректей, өзүлөрүнчө күү-шаа. Алар качан боздогон чуру-чуу абага житип, шайдоот азаматтардын жорголорду шатырата элден бөлүп, ат чабым алыстаганда, Учкун, Куланактан өтүп, Нарындын Ак-Кыясына жеткенде эт бышымдан кийин гана жылышты.

Алды-арт, чет жакаларда короктогон сыпайлар, кызыл чоктордун сакчылыгында калдайган атчан билермандар тээ шыңгыма токоюнун оозундагы мерчемдүү чекке, Ат-Башыдан ылдыйлап атайын күтүп турган асили сарбагыш Чоко баатыр, жана түбү Шабданга тууган кырк жигит Бектен – Эсенгул уруусун башкарган дөөлөтүнөн эрке талтаң ашынган Касымалы

манаптын айылына дейре казганактап, элдешкен эки болуштун мыктылары тулпарларынын туяктарына жерди дүңгүрөтө, Шабдандын чүмкөмө арабасына кошо түшкөн Мусакожо, Касымбектерди ээрчий узатып барышты.

* * *

Көксөөсү сууп, көңүлү жайланган Касымбек темир меш лепилдете жылуу жагылган ысык үйүндө мемиреп таттуу ойго чалкып, кыштын узун түндөрүнүн биринде негедир делебеси козголбоспу. Чер жазууну эңсебес жан барбы. Такай болбосо да экен-токондо шаанилүү шөкөт курбаган, зоболосун арттырып көөнүн жубатпаган журт башчысы кунарсыз. Өңгөнү кой, өзүнүн кайын атасы, ашкан сулуу болбосо да мөтүрөйгөн караторунун нурдуусу, ургаачы затына тиешелүү наздык, уздук, адамгерчилик жаатынан бу чөлкөмдө теңдешсиз жары Айымканынын атасы, Пишпектен жогорку жана төмөнкү Солтолордун баш манабы Байтикти алсынчы. Калаага дүкөн ачып, соодагерлерди жалдады. Мал, эгин, чөп, мөмө-чөмөнү – бакырларына бактырып, сатыкка жүгүртөт. Жайкысын ага-тууганынын түмөндөгөн малын кошуп Суусамырга көчүрүп, көлпүтөт. Өзү Пишпектин үстүндөгү Байтиктин бас бөлтөктөрү аталган адырларга конуп, саны дайым кырктан кемибеген союштук козу-борук, кымыздык эки желе бээ менен жайлайт. Кааласа калаага түшүп, соода-сатыгын тескейт, орус, өзбек, дунган, татар... ашыналарына конокко барып, аларды сыйга чакырат, кааласа, бас бөлтөктүн төрт тарап колтугундагы эмне эксе баары оңколоп түшүм берген өрөөндөрдөгү эгин, чөп, дүйүм мөмө-чөмө өстүргөн букараларын, жалданма батрактарын тескейт, кааласа салкын төр жайлоодогу мал баккандарына сейилдеп кайтат, кааласа ысылык, муздак даамдарды дасторкондорго чочмороктоттуруп, шаардык ашыналарын чакырып, ырчы, комузчуларды сайратып кымыздан тартылган картыктан, а түгүл кээде ичкерилик арактан кылт эттирет.

Анын азыркы дөөлөтү жакшылап асыраса кайын атасы Байтиктен кем сокпос. Чар тарабынан чап, тоолорго курчалган төрт чарчы деген мааниде качаңкы калмак сөзүнөн калган

Дөрбөлжүн аталган жайык өрөөндү ордосуна айлантып, дүкөн, кат, кабар ташуучу бекет, кербен сарай курдура баштады.

Нарын, наркы учугу Алматы, Ташкен, Омбу, Маскөө, Петербургдан бери созулган кара жолдун нугун как Дөрбөлжүн аркылуу Тогуз-Торо – Казарманга, андан ары Көк-Артты ашырып, Анжыян, Ошко жеткирте улоодо. Демек, келечеги ал туракталган жай өйүзгү Келдибек уулу ээлеген Курткадан ичкериге катышууга ыңгайлуу.

Буюрса Нарын өрөөнүндө Чоко манаптан кийинки ичкериге катышуучу чүмкөмө арабаны өзү күтөт. Акырындап мектеп, башка рабаттарды салдырат, кеңитет ордосун. Бардарларга короо жай күттүрүп, бак тиктирет. Дөрбөлжүн суудан гана каатыраак. Анын да айласы табылаар. Кош тизгин колго оролуп, дөөлөт конгондо болочогун кеңитүүнү болжоп санаасы булактап уйкуну качырган тынчсыз улук, неге сөөлөт тагынын жарашыгын ачаар салтанат сайран курбайт.

Атакөрү, акылман, ишкер, журт тагдырын уучтаган берендин уйкусу аз деген чын бейм. Ага ошо түйшүктүү улуктук даража эми гана чындап орногон бейм. Жаңы жарп жазаар шайырларды да жаңылатып тандаган. Башчысы Тоголок Молдо. Анын артыкчылыгын да, азоолугун да билет. Азырынча аптап-үптөп эркине койгон. Терсаяктанса да чыдайт, кечирет. Антпесе, Мусакожодон, азыркы Султангазы, кийинки Калпа – Келдибек тукумунан, алардын жапайы зулумдугунан башкараак, заманага үндөш башкаруу, жашоо ниетине зак түшүрөт. Эмдигинин бийлөөчүсү амалдуу да, чыдамдуу да, ийкемдүү да, ичкери менен элеттикти жакындатууга далалатчы да, Шабдан, Байтик, Дүр, Мусакожо баарынын алгылыктуу зикирлерин өзү каккан көйкашка атыгуусу керек.

Арзыганын аткаруу үчүн Касымбек таңкы чайда көрөр көзү Айымканына кеңешип, кул, күңүн алды менен үй-жайын ireттетип, канча күндүк берекелүү сый камын көрүүгө күргүштөттү. Күчтүүлүгү арактай канча күн киричмелетип арча челектерге үстү-үстүнө демдеткен таруу бозону буруксуттуруп, ысылыктарды төрт түлүктөн төп союлган согумдардан чүйгүндөтө казан астырып атайын мейман камын чуктатууда.

Уруу манаптарына, кадырман байларга, бий, старчындарга

жаңырган аптанын акыркы жекшембисинде дигер намазынан кечикпей сый мейманга келүүлөрүн өтүнүп жасоолдорун чаптырууда.

Касымбек ырчыга өтө жайдары кайрылды:

– Тоголок Молдом, ишенгеним сен. Төлгөм да сен. Чабуучу сай күлүгүм да өзүң. Сыймык сөөлөтүмдү арттыраар да өзүң, билип кой, билермандарымдын алдында адепки зор чабышка өзүңдү өзүң тапта, көкүлүңдү шүйүп, куйругуңду түйүп, таманыңды кызытып беленден. Мен кыйынмЫН дегендерди тамшантаар тамаша куруп бер.

Акын бу сунуш-тапшырманы кан тамырлары дүүлүгүп, дене-бою чымырап кабылдады. Тамаша куруп берүүдөн шайыр тартынабы. Кеп кимдерге? Каерге? Кандайынча? Канчалык? Быяктын билермандарын сырттарынан көргөн менен дурустап тааный элек. Канат куйругун жетилтип дегендей, айланасына ар кыл жөндөмдүү шакирттерди топтоп, алардыН өнөр сабатын өркүндөтүүдө. Көбүнчө өзүлөрүнчө, анда-санда эл арасына дыр койдуруп, талапкерлерин таптап маштаган кези. Каркыбарлар каалаcа ал даяр экенин билдирди.

Манабынын озуна эскерткенин Байымбет жөн билги, ким киминин намысын ойлогон кыраакы эл башчысынын жосуну катары кабылдады. Аптанын эң соңку жетинчи күнкү жекшембисине дейре ой оттугун чагып, дилиндеги ар түр буктурма ышкысын тутантып купуя тыз берип, чабышка ичи жарап, сууту канган тулпардай чыйралып бүттү.

* * *

Жекшембинин иңири. Чырагдандар балбылдап жылуу бөлмөнү бүгүн гана атайылап толтурган дандуу караандар чогулган шаан-шөкөттү шаңдуу өткөрүүгө шарапатын тийгизчүдөй. Байымбет да шакирттери менен чогуу чаран Касымбектин дал ошол күтүнгөн жайыл дасторконунун жакасында.

«Катын жакшы эр жакшы». Үй сарамжалы, мейман ызаты, тамак аш – кыргыздарда зайыптын үлүшүндө. Касымбектин даражасын көтөрмөлөгөн өмүрлөш жары, Солтонун пири

Байтиктин кызы Айымканга байланыштуу. «Айымкандын казаны», «Айымкандын дасторкону», Айымкандын бозосу», Айымкандын билгичтиги, азем мамилеси» – деген эл оозундагы аңыздар аныктай.

Касымбектин босогосун аттаган сайын үйүндөгү иреттүүлүк, тазалык, улууга улуудай, кичүүгө кичүүдей, ар кимге даражасына жараша мамиледен улам Байымбет ырас эле бектин көрөр көз айымы Айымкандын тескегенинен улам экенине ынанууда.

Бу саамкы дардайган бөлмөнүн чок ортосун бүт ээлеген дасторкондун бетинде нелер гана жок. Кургак мейиз, өрүк, курма, жаңгак уюлдары, чакчак, чий боорсоктор додолонуп төгүлгөн. Кырма арча чөйчөктөрдө томурган кошкон май, алтын түспөл мөлтүр бал... Тайпак табактарда булоолонгон куурдак, кыя кесилген жал, казы, карта, керчөө...

Төрдөн төрт дубалды түптөтө салынган илбээсин талпак, көрпө көлдөлөң, макмал төшөктөрдө дасторкон жээктей отургандардын баарынын астында сыр аяктарда мелт-калт чертилген сары каймак таруу бозо. Эринге тийгенде каңылжаарды жарып, жутканда кан тамырларыңды толкута, көздү алачакмактаткан бозодон эки-үч сыйрадан көтөрүшүп, ачылган оборду, тызылдаган ичти чүйгүн ысылык, кургак даамдан бурдай басып, денелер жайыла тамылжыганда төрдүн чок ортосундагы Касымбек, жемге тойгондо тумшугун канатына жанган алгырча, бозого малынган кыл мурутун чагарактата өйдө бурап оң кашпытта, бозодон ооз тийбей, чайдан ууртап, сыпаа тыкчыйган жазмачыга ормойду:

– Молдо Байымбет, жашаң жаз баарында келдиң эле, жайкалган жай өттү, күркүрөгөн күз өттү, кырчылдаган узун моюн кыш түштү. Калктагы дүрбөлөң бүттү. Куда каалаcalled мөрөйдү биз уттук. Курган жанды сеп алдырар чак жетти. Мынабу калдайган калк көсүрлөрү сенин тамашаңа таңсык, өнөрүңө өктөлүү. Биз сенин эркиңдебиз – ошондойбу? – ханыша ниетинде Тоголок Молдонун бет маңдайындагы сол ыптада байбичелер, келин, кыздардын ортосунда али келин сыпатында ушу тасмыянын ээси экенин туйгуза жадырап элкин отурган жарына чап жаагына жарашык берген сыйда кара сакалын

кылыч учтанта көтөрдү.

Айымканы көптүн назарын бөлбөө үчүн чакан, татына оролгон каз элечегин койкойто, акылдуу, наздуу көзүн мөтүрөйтө башын ийкеген соң үй, үлпөт ээси кайра акынга өткүр карегин жаркытты:

– Бут тасмыяңды чач, зикириңди чал!

Тоголок Молдо астыртан Касымбектин оң, сол канатында ойсурап менменсинген калк көрөр көздөрүнө назар салууда. Кимисинин канчалык чукул отурган ирети бийлөөчүлөрдүн баардык тобунда даража, байлык сөөлөтүнө жараша. Касымбектин ноёндору ага негедир мурда аралашкан манаптардыкынан бак-дөөлөтүнөн эмес, сырт кейиптеринен бир көргөндө эле эстен чыккыс айрымалуудай кыртыраак бодураюуда.

Манаптын оң капталында бодур тоодой дүңдүйгөн Мураталы, Анын балтагай бети чарт жарылчудай канталап, казанбактай сүлөөсүн тебетейин бастыра кийгенине карабай, чеке, саамай желкесинен куйка таздары курушкан кызыл чийкил дандайган, уюлгуган жээрде сакал. Аны эч башка бирөө менен чаташтырууга болбойт. «Мураталы кызыл таз – оң ыптада биринчи орун сенде, кеп бар экен».

А сол ыптадагы – Байжаке. Капкара быжыгыр кулпурган көрпө тебетейинен, суп чапан, чигирим маасысына чейин бүтүндөй жапжаңы сый сарпайга кулпурган, дүңгүл кара сакал, жырык мурун. Кемтигин басуу үчүн, ал көнүмүшүндөй чыкчырылып кербезденип отур.

Андан берилей балбан келбеттүү сөөк-саактуу коржойгон Алыке. Анын бирин-серин сербейген кылдары узун карышкан жаагын токою тонолгон тоо бетиндей жайдактантууда. Карышма жаак Алыке…

Анан Саргыч Саке бий үлүйүүдө. Ал байбиче сымал тултук бет, мурду бучук. «Сары бучук, бий Саке». Камбаралы олбурлуу лакыйган, чыпкалуу кара сакал, чуңкул көз. «Камбаралы – чоң сакал, зор теке…» Акын көзүнө да, эсине да как ушул уруу билермандары бай, бийлердин сырт кейпи серт, унутулгус тартылууда. Билермандардын ичинен Мусулманкул сыйда сакал, келбеттүү, отурган, турганы сыпаа. Анын өнөрлүү уулу

Молдобасан оозунан түшө калгандай окшош.

– Болуш биз беленбиз. Ыр өнөрүнүн ар түрү, ар ыкмы бар. «Манастан», санатка, казалдан, тамсил кайманага, ашыглыктан арманга, жомоктон кошокко түрлөнтүп айта берүүгө жарайбыз. Арийне, мен жалгыз эмесмин. Элиңизден шыктуу азаматтарды шыноорлотуп, саяпкерчилик вазифасын да бажартуудамын. Кааласаңыз мынабу кунан, тай күлүктөрүмдү да чаап беремин, астыңыздарга. – Комуз, кыяктарын таптап жанында кыдырата отурган жаштарды жаңсады.

– Коё тур, ал мадыра баштарды. Билебиз. Капкайдагыны саймедиреп какшайсың. Кыйындыгыңды тааныт бизге. «Манас» кайда качмак эле. Аягына калтыр. Тилиңден да калемиң жүгүрүк дейт. Жакындагы кандуу окуяны «Жети эрдин өлүмү» деп казал чийди деп угабыз. Алды менен ошонуңдан угузчу. – Мураталы байлыгынабы, же кадырына чирендиби, айтор Касымбектин оңурая көзүн аңтарылтканына карабай бакылдады. Акырындап Касымбектин да акырайышы коймолжун тарта. Мураталыны жактыргансыды. Тоголок Молдо анын оңой берен эместигин чуктап ичтен кайрыды. «Мураталы кызыл таз, Касымбектин соңунда элге баш». Буларга дейре маалымдалган «Эрлердин өлүмү» жазылганы калп беле.

– Мураталы мырза, сураганыңыз «Эрлердин өлүмү» болсо, кулак салыңыз. Толук чүргөлүп бүтө элек. Жоруптап чолуюн.

...Чабылган эл ылдыйлап
Жай жайына конгондо.
Келди Шабдан, Баяке
Коңур күзгө толгондо...
Ак черүүдөн башчылар
Мусакожо, Турдубай
Амалдуу жүйөө тапчулар.
Кара черүү Касымбек
Калкын чайкап жатчулар.
Бир-бирине өлүк доо
Куп алуучу каапырлар.
Мына ошого чыдаган
Жарды менен жакырлар.

...Болушун эки бөлгүчө
Шеримбек өлгөн дүң болгон.
Кедейлер өлсө тим болгон.
Кесири чоң манапка
Эки кыз баштап кун болгон.
Бийлиги деп Шабдандын
Түтүнгө тегиз бир койдон.
Кыздарга кошуп миң теңге
Кызыл алтын пул болгон.
Он бир эрдин өлүмүн
Отказ дешип тим койгон.
...Көрбөгөндү тим эле
Кантип айтам калпынан
Канчалык болду коромжу
Канкорлордун зарпынан.
Уруучулук, жааттан
Манаптардын дартынан...

Көбү алданемедей кошул-ташыл даамдуулугуна кызыгып кепшей берип, качан тойгондо өзөгүн өрттөп, жүрөгүн ачыштырып, көзүнөн жаш кылгырткан калемпир, мурч чөгөрүлгөн ысылыктын күчүн кеч сезгендей, Тоголок Молдонун казалынын бир сөзүн дагы жаземдебей муюшканы менен, окулуп бүткөндө ачууркана ооздорун басты дейсиң... Бөтөнчө Мураталы ого бетер кызарып татара куйка тазы курушуп, баса кийген тебетейинин четине сөөмөйүн сойлото кашына зааркана тыңдады. «Кайдан айдан «эрлердин өлүмүн» сурадым. Тикенек тил оңбогур. Биздин болуштун үстөмдүгүн, илээчилдигин мактайт десе. Шабданды баштап манаптарды шыпыра шакшак мазактаптыр баччагар. Бу не деген кейбир? Же көзү жок калыс эр, же ашкан дөөпүрөз. Далай эле ырчыларды угуп жүрөм. Атактууларды жайкап, көтөрө чалып, көңүлүн жибитип сайрашат. А бу куу туяк төбөсү көккө жеткен кудаанын эркесиндей дөө, шааларды какаарлап, төөматектегиси бар э. Тоголок Молдо-о, бекеринен аягы сай таппай жүрбөптүр. Шакирттикке азгырган биздин тиги тизилген мадыраларды өзүндөй терсаяктыкка көкүтсө оңдурбас-с. Арааны ачылган Касымбек манапка мын-

дай текеберлүү ырчыдан залалы болбосо не пайда?» – ичинен ичиркенген заарын бүтүндөй ачык төгүп жиберүүгө кыжынып, болушуна моюнун созо ыкыстады.

Касымбек анын күпүрүн толук боолголоп, сурданган кабагындагы түнөрүктү айдай жайдаңдабаспы:

– Тоголок Молдом, дегенинче бар экенсиң. Жүрөктүүлүгүңө кандым. Кыргызда көзү да, сөзү да өткүр кыраа чеченден кыйласы өткөн. Бирок, хандан, бектен тайманбай чындыкты таасындаган Санжы сынчы, Толубай, сынчы ченсиз. Ыраспы Тоголок Молдом.

Жекирет, жапырат десе, тескерисинче качаңкы калыс сынчыларды эскерип Тоголок Молдону жактай теңата сөзгө чакырган өкүмдөрүнө таңдана, Мураталы кызыл таз обдулган калыбынан жапырайып, кетенчиктей кынына кирди.

Касымбектин чогоол макоолордон жогору турарлыгын сезген акын ага шар жооп кайтарбастан закымга ойго чырмалбаспы. «Санжы, Толубайды кандай мааниде айтты. Карапайым журтка алардын адилдиги сыймык. Канчеңгел канкорлорго ал экөө тең жек көрүмчү. Анткени – калың элге атак даңкы жайылган, алардын таламын коргоп, мүдөөсүн жактап, жалпы сүймөнчүлүккө айланган Толубай сынчыны карамүртөз Жаныбек хан жалтанбай ашкерелегени үчүн эки көзүн ойдуруп тентитип жиберген, Куу Касымбек байыркынын акылман сынчысы Толубайдын кыйындыгынбы, же хандын каарынан жабыр тартканынбы, кыязы экөөнү тең кыйытты го».

– Калетсиз мурасты эскерттиңиз болуш. Кыргыз санжырасында Санжы, Толубай сынчылардын акылман эрдиги айкөл баатырлардан кем сокпойт. Алардын даңазасын укумдан тукумга, улам соңку урпактарга арттырган касиет. Адилеттикти ачык жакташкан, далай жылма, курама катмарларга жашырылган чындыктын көзүн таап, кимге, каерде гана болбосун тайсалдабай даана көрсөтүшкөн.

Жазмышта жалган менен чындык дайыма жанаша, аралаш жашайт. Экөөнү айкын ажыратып, талдоо, аңдоо, айкындоо азап. Чындык тебеленет, бирок көмүлбөйт. Чындык ийилет, бирок сынбайт. Санжы сынчы менен Толубай даанышман ошол

көмүлбөс, сынбас, чирибес чындык. Как ошон үчүп аларга тарттырган кордук, запкы унутулду, арийне, алар жактаган чындык, адилет даңазага айланып бизге жетип, бизден кийинкилерге өтөт.

Болуш кош маани кыйытмасын кыйды акындын далдап чечмелегенине, көкөйүндө Санжы, Толубайлардын акыйкат жолун улап, жазадан коркпосун туйду. Болотту булганч жерге таштасаң да дат баспайт, чирибейт. Кандайдыр ишенимди ыйык туткан бул көк адам көздөгөнүнөн кайтпас. Абайлап үндөккө чакырып, билгизбей тузак тартуусу оң.

– Бар бол, Тоголок Молдом, аңдадым. Эми нускоо, сапатыңдан дыр коюп көрчү.

Таксыры менен нөкөрү алма терме тымызын тамыр тартыша, күчтөрүн сынап байкашты. Башкалар экөөнүн деңгээлиндеги терeңдикке сүңгүбөсө да үстүртөн элдир селдир ныгырышты, баамдашты.

Тоголок Молдо кандайдыр тумшук жытынан алысты искебес чөө сымал аксым Мураталы кызыл тазга тизгин бербей, көк жал Касымбектин өтүнүчүн орундоого дилгирлене:

– Болуш, менин көөнүмдөгүдөн талап эттиңиз. Санаттан чаргып санжаптайын. – Абазын жай созо калкытты:

Өнөр билгин жашыңда
Атаңдан алтоо болсоң да
Ар жалгыздык башында,
Тууганың турбас кашыңда.

– Бал-ли! Дал даанышмандык сөз. – Касымбек сур бешмантынын көкүрөк бүчүлүгүн бошото жайланып угууга ынтызарлыгын айкындады. Ага бөтөнчө «Тууганың турбас кашыңда» дегени, өткөндөгү кармашта капилеттен окко учуруп кан жутуп ажыраган опол тоодой жөлөгү, айбаттуу агасы Шеримбегин, акын атайылап эскерткендей кабылдады.

Бай мактанса – бир жуттук
Эр мактанса – бир октук.

– Мунуң да ырас! Акындын даанасы сөздүн сарасын таап таамай макалдатат. Бечарасы ойдон тоодон курап кур безилдейт. – Болуш, мурунку түрмөгүн бышыктаган эмки саптан

агасынын өктөм эрдигин карегине чагылтып, каңырыгы түтөп мурутун жалмады. «Эр мактанса – бир октук». Шеримбегим, көк асаба тууну көкөлөтө касыңдан жалтанбай айкырык салып алгач качырып, ойрондотуп, ата даңкын көтөрөм дедиң эле. Бир октук гана ажалга чарпылдың. Тоголок Молдонун сөзүндө топон жок, чылгый кызыл данбы?»

– Узат Байымбет акыным, узат.

Таксырдын сынына толо баштаган Тоголок Молдо толкундана:

– Эми элге алымдуу эр азаматтын мүнөзүн сыпаттайын.

...Анык көзгө көрүнгөн
Сабырдуу жайдар кенен бар.
Сары алтындай берен бар.
Санжап кылып текшерип
Элинин камын жеген бар.
Сөзгө чечен билимдүү
Кумарлуу булбул деген бар.
Жумшак сөздүү терең бар
Кепке жетик кенен бар.
...Сөзү ширин булбулдай
Сөөлөтү конгон тунжурдай.
Айылынан жаңжал чыр чыкса
Кеп менен айылын жубантып
Басып коёт чыр кылбай
Келтирип жүйөө кубантып.
Кең пейил түрлөр кең санайт,
Барчага бирдей тең санайт.
Бергенинде доосу жок.
Белгилүү болот боруму.
Алганында доосу жок
Артык болот жоругу.
...Адамдын сырын билгендей
Ашта, тойдо жүргөндөй.
Ачуусу келген кезинде
Шатыра шатман күлгөндөй.
Капалык жок боюнда.
Калыстык жайы оюнда

Карысам да мейли деп
Куштар болот оюнга.
Сарамжалдуу жайдар бар
Сырттан мүнөз жайлар бар.
Элден мурун күтүнөт
Кылаар ишин бүтүрөт.

Акын тыным жасап, тамагын каргылдантпас үчүн астындагы керденге кашык чөгөрүлгөн кошкон майдан таңдайып жибите татып тымыйды.

Касымбек, анын кошоматында төрдөгү калдайгандар адепки үрпөйгөн ирендерин жайылта, Мураталы да төбөсүн кара тукабалаткан даңкайган сүлөөсүн тебетейин таз башын желдете саал коомайлата көтөрдү. Тоголок Молдо түгөнгүр өзүнүн өркөчтүү акындыгын таанытты. Калкка кастарлуу каркыбарлардын кулк-мүнөзүн зыянаттап пейилдерин жибетти.

Ырчы угуучуларынын ага арбалганын, сүбөөлөрүн көтөрө дандая түшкөндөрдүн бакисин жогорку сапаттарга ээбиз деп оолжутпай, арасындагы Мураталылардын ким экенин эскертти. Мынча кызыды, анысынан, улам бара анын талантына арбалган мынабу чирендерге өзүнүн ким экендигин толук таанытууга куштарланды. Чогоол, аксым, орунсуз жосундардан ойсуратууга мандайда, ургаачылардан өзгөчө кунт коё мөтүрөйгөн Айымкандын кошкон майы көмөкөйүн гана тургай көңүлүн дагы таттуулагандай доошун кубулжутту:

Жел колтук, ала көөдөн, ала канат
Үчөө тең бир мүнөздөн орун алат.
Мактанып, көтөрүлүп көп күүлөнүп
Ашыгып айткан сөзүн жолго салат.

Касымбек балтырын чымырата тизе томугун жапкан капкара чигирим өтүгүн таптап, шадылуу, булчуңдуу чеңгели менен апчый, али богок байлай элек шыңга моюнун койкондото кытылдады.

– Андайлар да бар. Жөнөт, жөнөт.

Эмелеки жайкандагандар түйшөлүшө «Мен эмесмин» дегенсишти.

...Такымчы аңдыганы кыянат сөз

Артпайды кыянаттан бир кара бөз.
Бирөөнүн жамандыгын аңдып жүрөт
Бир кезде табылаар деп келтирип кез,

...Көйрөң деп көтөрүлгөн бир мүнөз бар
Көзүнө жан көрүнбөй көөп жүргөн.
Көйрөңдүк көп адамга жарашпайды,
Сактансын бул мүнөздөн өзүн билген.

Кээ адам күн карама, эки жүздүү
Бул адам тууралыктан үмүт үздү.
Жыландай эки баштуу сойлоп жүрүп
Мойнуна шерменделик жүгү түштү.

Одоно, копол чоң баш бир порумда
Бул мүнөз жүрүп келген бир орунда.
Билимсиз караңгылык себебинен
Үйрөнбөй келе жатыр өз жолунда.

Бир мүнөз «дөдөй» деген сөз билбеген
Үйрөнүп билимдүүгө бир жүрбөгөн,
Чалкайып карды тойсо кайгысы жок
Жакшы сөз кулагына түк кирбеген.

Мына бу жерден кыраан каткы атылды дейсиң. Анын кайдан, эмнеден чыкканын билбей элейди. Акыркы саптар кыраатталганда Мураталы чалкайып копшолуп «жакшы сөз түк кирбегендей» негедир дүңгүрөгөн кулагын чукулап ары-бери күшүлдөй которулса болоорбу. Отургандар жапырт аны байкап, а дегенде чигирим өтүгү чымыраткан балтырын кычырата мыкчый Касымбек каткырып, ага кошулуп, төргүлөр бүт, оң жактагы аялдар шаракташып күлкү көтөрүшпөспү. Мындай шылдыңдын далайына какталып алчы таасын жеген кыйды таз Мураталы кежигесин кашымыш этип, аны бутага айланткан акынга алайды:

– Тоголок Молдо, токтот эми, таз куйкамды жесе, сенин

казалың кулагымды жеп бүттү.

Ээленген көңүлдөр дагы күлкү жаңыртышты. Мураталы жандана теминди:

– Андан көрөк, каадалуу акындардын салтын улап, кадырман Касымбек болуштан, мына каркыбар баарыбызды көтөрө чалып ырдасаң.

Тоголок Молдо сыпаа мурутун бириндете мыйыгынан мулуйду:

– Андай «кастарлуу ырчылык» Бошкойго гана жарашат.

– Ооба, ооба. Бошкой ошо кастарлуу, салттуулугунан байыды. Сен эмне байыгың келбейби? – Мураталы, аны жактыра момурая маңкайыша «Жээги жок семиз таз бу саам да суудан кургак чыгып кутулдуң» пейилдеги токмаарек тарткан мартабалаштарына локуйган май колтугун көтөрө мыртыгый манжасын серпти. – Мактап көрчү, мына өзүм баштап, анан булар кошулат мартыбыз ирик, соолук, сараңыбыз козу-корподон ыргытабыз. Быйыл жыйырма баш, эмдиги жылы төлү менен эки эсе... Эки-үч жылда үстүнө кошулуп, короолуу кой күтүп, Бошкопду кууп жетесиң. Байыйсың да чардайсың.

Акын бу кырчаңгы таздын Бошкойду бетине кармап тийишкенинин түпкү тырмашын да түшүнө, кескин, токтоо сүйлөдү:

– Ыр багыш, ыр байлыгын өстүрүш мал баккандан кыйыныраак. Мага мал байлыгынын кереги жок, Мураталы мырза.

– Өх-хо! Кандай куу туяк ырчысың.

– Ырчы май туяк болсо, сизге окшоп калат.

Ызаланган Мураталы кулагынын учуна дейре албырып, муш койчудай Тоголок Молдого чакырая обдулуп, түк баскан оозун ирмеп баратканда, жанындагы Касымбек, анын мыртыгый дөң манжасын, өзүнүн узун шадысына оролто кысып токтотту:

– Астафыралла! Эя, Муке, акындын чакканы аарынын чаканындай дары. Мен Тоголок Молдому азыр какпайм. Үйүр алышканда өзү ойлоноор. Шайырдын эркин сезгени жакшы, тегин, тентектикке барбас. Эгер сени мактоо эле керек болсо, тигинде тизилген Нурдин, Жүкөй баштаган мотурайган жаш ырчылар деле мактайт. Азыр колу, бутту чоюп сыртка мейман каадасын жасайлы. Согумду чүйгүндөп казанга эми гана са-

лышат. Түн узун, бүгүн кадыр түн тосмой. Кайра олтурушта Молдокең «Манастан» чапсын.

Мураталынын чарт тутанчу өртүн убагында басып, Касымбек аны колунан жетелей тургузганда үйдөгүлөр, тамашага дагы, тартипке дагы ыраазылана дүргүштү.

* * *

– Тоголок Молдо өзгөчө акын. Түрлөнтүп ойдо жокторду таап ырдайт. Манас, дагы не дастандарды талыбай сайрайт.

– Жеке өзү дейсиңби, жаагын жаныган комуз, кыякты кубулжута ойсоктогон шакирттерди машыктырып, ээрчитип, эл кумарын таркатты.

– Болушту тегеректеген шылуундарды эле эмес, жалпы калктын жарпын жазган жакшы акынга кудай бизди туш кылды – деген дүң айыл арасынан жортуп, Байымбеттин кулагына дейре эпкини желпинди.

Чыгармачылык кемелине жетээрине кандайдыр чыңалып, жамыяттын урматтоосуна шыктанган акын бөгөттүү сапарын улап, алдыда мындан да кең мейкинге кулач уруусун самоодо. Өмүрүндө экен токондоп гана жылт этүүчү бакыт зээри өз кудуретинин эртеңкисин күчтүүрөөк чагылтып демденткен маалда ага жана бир кубаныч тартуулабаспы. Куран кармап, эки черүүнүн баш манап, болуштары кол коюп, бармак мөөр басыша Шабдандын калыстыгы астында бекемделген келишимден соң, өйүз-бүйүз элинин катышы жанданып, мал тиймей, башка жаңжал бүт токтогон.

Ошонун шарапатынан Кашгары ат тезегин кургатпай апта сайын суу кечип устатына келмейи парз. Коюнун ысыта көчүрүүгө утурумдук сураган Молдокесинин Тогуз-Тородон топтогон кол китептерин кайра жеткиргенче, андан өткөн жаңы шакирт-өнөктөрүнө жолукканча шашат.

Бу саам Молдокеси Мусулманкулдун үйүндө, эрке улан – Молдобасандын атасынын төрүндө шакирттерин жабалактатып Нурдинге өзүнүн «Ширдакбек» дастанын окутуп атканынын үстүнөн чыкты. Коңур үндүү Нурдин кадимки салабаттуу

акындай сабалатууда. Ал Байымбетке байырлаганы жазмасы да, окуганы да дааналанып, ыры шыгы жагынан да баарынан, Кашгарыдан да алга озгондой.

Нурдин демин жыйып тынықканча, дилгирлене тыңдагандардын жинине тийбес үчүн ал да муюду. Нурдиниң түшкүр, Шырдакбек, анын эрке айымы менен бирге жүргөндөй элестүү сайроодо. Мүмкүн Шырдакбектин жер алдынан суу өткөзгөн коосу бар, калыңдыгы араба өтөөрлүк бийик сепил коргону али бүгүнкүгө дейре Коңорчоктун оозунда Нурдинге жакын жерде болгондуктан, уламыш, санжыра катары жакшы билгендигинендир.

Качан тыныгууга мөөнөт келгенде Кашгары коюнунан кол китепти сууруп, устатына берээр бербес суна, доошун каргытты:

Устатым кулак түрүңүз
Урматтуу өмүр сүрүңүз.
Жакшына кабар угузам
Жайдары чалкып күлүңүз.

Шакирт бакисинин назарын өзүнө бурдура көз ирмемге такооттогондо, Байымбет обдула жадырады. – Оозуңа май. Айт акжолтоюм!

Сүйүнчүгө бал китеп
Уюган алтын,– зар китеп
Берем деп ачык айтыңыз,
Айкындаймын шар түтөп.

Кашгары алаканындагы устатынын кол китебин чын эле уюткан алтын зар сымалданта оор салмактанта бапестей мандайына тийгизди.

Кийинки күндөрү комутталык жоголуп, кандайдыр жакшылык ыроолочудай кыялы таттууланган Тоголок Молдо күйдүргү шакиртинин эрээркей зарыктырганына чыдаңкырабай, суроосун орундата, тиштерин кашкайтты:

Куну жетпесе андан башканын
Китепти сүйүнчүңө ал Кашкарым.

Устаттын чукугандай жооп кайтарганына жылмайыша, шакирттер, угуучулар кайрадан жарданышты. Кашгарынын сүйүнчүсү не? Кандайча баяндаар экен?

Кашгары жол катары чуктаган жардыгын шаңдуу шыбыр-

гактатты:

Агасы акын Байымбет
Иниси дыйкан Байтымбет.
Үкөсү болсо уулдуу
Акеси медер тутаары эп.
Балкайган уул төрөлдү
Тукумуң өсүп көгөрдү.
Жолдогон атын атасын
Перзентиң болсун өнөрлүү.
Сүйүнчү! Уулдуу болдуңуз
Сүймөнчүк атын коюңуз.
Күтүп жатат туугандар
Күлпөткө, бешик тоюңуз.

Акын кабарчы шакиртин бооруна кыса алмак-салмак кучактап, китебин анын коюнуна солой, дидарын ажарланта, мээримдүү көздөрүн коймолжута ойго батып жай кырааттатты:

Башка чукак курган жан
Кубангандан болдум таң.
Аты болсун Турдалы
Сүйүнчүң мага жыргал, шаң...

Кыргыз салтында жаңы төрөлгөн балага, атты агасы, же бабасы, же сыйлуу, сыймыктуу улуу адам азан чакырып атайт. Анын ага тууган алыстагысына карабастан ат арыттырып, атайылап сүйүнчүлөтүп, ат койдурууга чаптырган «аюу» дыйкан бир бооруна эбедени эзилбеспи. Атадан экөө, экөөнөн азырынча эч туяк жок. Туяк. Көз жарбай, энесин, Сейдешин карабастырып курсакта кеткен шейити – Нурдиничи. Өзүнөн да туяк жаралган. Анысы тирүү болгондо атакелеп бучкактап жүрмөк. Башка чукак кадеми каткырлардын тукуму уланып, бала төрөлгөнү жакшылык жышаан.

Энесин жалгыз соксойтпой «аюусу» мурдагы жылы үйлөнгөн. Эми, учугун узартын олтурат. Ал туягынын атын Турдалы койду. Турдалы. Ооба. Перзенттин ысмы Турдалы. Жүрөгү үшүгөн кургур ымыркайдын боосу бек, эсен соо чоңоюусун, аман туруусун тилеп Турдалы атады. Турдалысы өмүрүн өксүтпөй, көкөлөп туруучу чынардай демөөрлөнтпөспү.

Закымда көлкүтүп, кабырылтып өткөн пикирден нымшыта тер чачкан чекесин, Сейдеши саймалаган, эстелик катары бапестеген жүз аарчысы менен сүртүнө, Кашгарыны мүрүгө таптады:

– Токтолбой кайра чап. Турдалы атын, перзентиме угуз. Ата-энелерине жарда. Турдалымды... Ошо туягымды... билесиңби? Билесиң. Бейбак апам, күнү бүгүнкүгө дейре чаң жугузбай, эч жанга тийгизбей бапестеген... Сейдешим экөөбүз Шамшыдан жүктөй келген арча бешигибиз бар эмеспи. Арча бешиктин акыры, тилеги жакшы тура. Турдалы перзентимди бөлөшсүн. Уктуңбу Кашгары, арча бешигим баланы канча жыл сагынып күттү. Тилеги орундалды. Айт апама, аюуга, келинге. Ага тууган бакисин. Өзүң башында туруп бөлөт, арча бешикке тукумум – Турдалымды. Мени күтпөй бешик той өткөзө бергиле. Касымбек болуш сапардан кайтканда суранып, сөзсүз аялдабай барам. Көрүндүгүн да өзүңө берип көрөм Турдалымды.

Адамдык, жакындык парзын толук аткарып, устатынын толкундуу сөзүнө, ичинен дирилдеген турпатына кошо термелген Кашгары, акынга чукул ыга, шар жөнөө, жана дагы кылтыйган ниетин билгизди:

– Молдоке, ымыркайга койгон атыңыз, тартуулаган арча беши белегиңиз тыяктагылардын төбөсүн көккө жеткизет. Кашкарың ыр менен дал өзүңүздөй шаңшып жардайт эмеспи. А бу менин сүйүнчүм ат башындай уюткан алтындан баалуу – устаты өзү суңгуткөн кол китепти дөмпөйгөн кемселинин төшүнөн каккылады. – Көчүрүп аягына чыга элек элем. Кийин сизге көчүрмөсүн берем. Бу түп нуска менин жеке менчик байлыгыма айланат.

– Болуптур, Кашгарым, болуптур. Жөнөй кой, Турдалымдын кулагына менин атымдан азан чакырып, Байымбет атаң койду деп угуз.

– Ашыкпаңыз. Сары Уңкуйдун белесин эт бышымда ашып, тартылган Нарын сууну эки чай кайнамда кечип тез эле жетем. Болушуңуз сапардан тартканда барам дедиңиз. Макул. Ошондо Молдоке, мобу каралакөз менин жаңы өнөктөрүм – шакирттериңизди түгөл ээрчитиңиз.

– И-я! Ошентейинби. Атаганат, ошенте алабызбы?! – Ба-

йымбет күдүктөнө шакирттерине суроолуу тегерене кылчайды. Алар жапырт чурулдашты:

– Ошентебиз.

– Барабыз!

– Сизди жалгыз жибербейбнз.

Акын шакирттерине кайрадан кыдырата, анан Кашгарыга мулуңдай карады:

– Тилегиң кабыл. Айта бар элге. Шакирттерим менен барам.

Кашгары куруна кыстарылган элик сап камчысын шарт суура көккө булгалактата коштошту:

Молдоке таланттарды сүрөдүң
Адамдан артык күдөрүң.
Алар шаңыңды бийик көтөрөөр
Шумкар чабыт түлөгүң.
Атагың камсыз калды бейм,
Ажайып өмүр сүрөөрүң.

* * *

«Көздөгөн максатты, кыстаган турмуш жеңет». Өз башына толук ээлик эмес, жана ушу зоболосу мөнен, токтолгон курагында Тоголок Молдо ыксыз майда ээнбаштыктан сактанды. Ортосун окторулган Нарын дарыясы бөгөгөн, кырга чыкса дүпүрөйгөн айылы, четки дөңчөдө тепейген өз тамы бүлбүл көрүнгөн, андан аркы Соң-Көл тараптагы кара тоо, кызыл зоолор каркайып даана чагылган жергесине убадасы боюнча убагында каттай албады.

Нарын калаасында болуштар чакырылган топто Букарбай досуна жолугуп нече күн бирге түнөп эңсеген черин жазды бейм. Ал аркылуу кенжесине, энесине, келин, инисине кийим-кечелик кездеме, чай чамек ороп, казалдаткан катты кошо акыйып күткөн туугандарына жөнөттү.

Ал бармактай Турдалысынын боосунун бекемдигин тилеп:

Туугандар мага таарынба
Жол карап бекер зарылба.
Жүрөгүм менин силердик
Жүргөндөй сезгин жаныңда.

Ымыркай Турдум күлө кой,
Алыста атаң биле кой.
Арча бешик пааналап
Аман-соо дайым жүрө кой...

Белек-бечкегин алганда, бөтөнчө казал катын Кашкарыга кайта-кайта окутуп жатташа туугандары Молдокесинин өзү келгендей кубаттана бажаңдашты. Жазмыштын зордугуна чыдабаска айла канча. Кыш, жаз, жай – жылдын үч мезгили өткөнчө өйүздөн бүйүзгө өтө албасы аларга күдүк.

Уулун сагынып зарлаган эне кургурдун зирилдегени ай, – Байымбетимдин чымындай жанына кудай кубат бер. Кантейин, кайда жүрсөң эсен бол. Жайнаган көзүңдү көргөзүп, күкүктөй үнүңдү угузуп, кур дегенде эки түнөп кетээр күнүң гана. Кубанчым, медерим, өзүң атын койгон Турдалыңды, арча бешигиңе торолтуп, жолуңду тосконум тоскон. Акыйып күткөнүм күткөн. Аякта сенин аброюң өсүүдө деп угам. Ошону кут кыл, кудай. Быякта «аюуң» далпактап, коломтодон көмөч, чарадан сүт өксүтпөй алынча оокатына тың. Жонубуз тосулуп баратканда, тилмеч Букарбай досуңдан түрмөк кездеме жиберип бүтөп койдуң. Кардыбызды баба дыйкан «аюу» ачырбайт. Балтыр бешик неберемди жыттасам пейилим тоюп, сал, сал, сал билек – деп эркелетсем сенин элесиң келип топуктанам.

Күтө күтө зарыгып, жедеп коңултуктап бүткөндө чыдабай кайрылып жеткен Кашгары устатынын кечеңдегенинин себебин өз оозунан угуп, туугандарынын көксөөсүн суутту.

Байкаса аярлыгы андан, кыйдылыгы мындан ашынган Касымбектин амалы боюнча токтоптур. Шакирттеринин шатыра шатман түшүрө биринен сала бирин жалбырттата делөөрүтүп шатектете Курткага ээрчитип жөнөөсү айыл-апага дүң.

Кеңешпей таңашпай өзүнчө камынган «букарасынын» бул жоругун Касымбек болуш өзүнчө тымызын териштирет. «Ээленсең тыюучуң тыяр. Ашыкпа акыным». Касымбек термеле кымпыйып, маңдайлаш отуруп минтип жайкаңдабаспы.

– Молдо Байымбет, иниңдин жакшылыгына, тукумуңдун уланышына жетине албай баруу ниетиң дурус. Тилим ал. Убактынча аялдай тур. «Баланын туулганы эмес, тураарына сүйүн»

деген кеп бар. Азыр ымыркай колуңа да кирбейт. Борсоңдоп күлүп, торсоюп алаканыңа токтоп торолгондо көр туягыңды. Тек, башың ооган жакка бастыра бергидей, жалгыз ат, жалаң тондуу дейди эмессиң. Карачы, жаныңда жолборс, илбирстей чамынган шакирт-жигиттериң канчоо. Ушунча жалбырттаган азаматтар жалгыз жибербейбиз дейт устабызды. Ойлочу, буларыңдын коштоосунда жеке дыйкан иниңе эмес, жалпы Куртка журтуңа жай барып, жай жүрүп, өнөрүңөргө чалкытып кайткандай бол. Шакирттериңди мүнүшкөр шумкарды сонорго таптагандай, бүлөп, кайрап жетилттиң. Мурда чалды-куйду, башаламан азоо тайдай туйлаган эмелерди, кадимкидей төшөлтүп жоргосун чыгарып даңгыр жолго салдың. Канча түйшүк, акыл менен үйрөткөн ооз жырма жорголоруңду ири алдыда биздин төрлөрдөн баштап төл айылдарды кең аралатып алка-шалка тер чачтыра кайра-кайра кызытсаң. Жоргону саяпкер катыра таптап, көп бөжүткөн сайын арбытат. Тек, сенин жаш шакирттериң канчалык топко көп чыккан сайын өнөрлөрүн талкаша ашырат. Ыраспы? Жымыйганың ырас дегениң. Көрдүңбү, шүнетип өз элибиздин аймагында аябай ийлеп устаты сен да, шакирттериң булар да уят болбогудай такшалганда анан бөтөн элди аралатканың оң. Айтпадымбы, дагы мыктылап жаштар оюну, жоролордо дыр койдуруп, буларыңдын таскактарын кеңит, жан терин ал, өнөр аземин тааныгыча жанын көздөрүнө көргөз. Угуп атам журттан, аракетиң текке кетпегенин. Чукулда, тай, кунан күлүктөрүң асыйлык жарышка тапталды дегениңде, дал менин төрүмдө чубуртасың. Анан кыйынмын дегендер аныкында... Анан орто чарбадарларга, анан дагы калгандарга... кедей-кембагалдардын кошунунда... чабаарсың. Анан гана өйүзгө чыгасың.

Ага дейре оңой менен сенин да чолооң тийбес. Улам жогорулап чакырылуучу жыйын топтор бар. Үзүмчүлүк жаз утуруму келет. Анда оюн-шоокту тыя тураарбыз. Эл термелеп эгин-тегин айдап, төл өнөктүгүн өткөрсүн. Жай толугунда жаратылыш жайкалып калайык жайланат, төр жайлоолой көчөбүз. Ошондо шаан-шөкөт керек. Аш, той башталып, оюн-шоок көркүн ачат. Тек, ошондо сенин, шумкарларыңдын чабыты жалпы

жамаат-журтчулугуна таанылат. Күркүрөгөн берекелүү күздө мал аркалаган көпчүлүк тоодон ойго ылдыйлай көчөт. Ошондо сенин дыйкан иниң, жакадагы саратан жайда какталып баккан эгинин кырманга бастырып, кепсен тараткан маалы келет. Тек, ошондо сен калдайган ырчы, күүчү, обончу таңшык топ менен калдайып барасың. Жергесинен жерип салт атчан куугунтуктаган Келдибек бөлтүрүктөрү сенин мага өткөнү ким болгонуңду туюшсун!

Мал күткөнү дебесе Бошкою бапсайып, Келдибек уругун мактагандан жана сага асылгандан бөлөк, ырчылыктан тайыды. Андан үйрөнүүгө жанына бир да шыктуу жаш шыноорлобоптур. Алигиңде Мураталы тазга шамыян кайрыганыңдай, ал ыр баккандан качып, мал бакканга көчкөн. А сен Тоголок Молдом, бир башың онго көбөйүп, учуң узарды. Безилдеген түгөттөрүңдүн ар бирин Мусакожо, Султангазы, Калпанын карманган мыкчегер ырчысы Бошкоюнан өйдө серпилттиң. А да болсо менин, сенин сөөлөтүбүздүн көтөрүлгөнү. Тек, сени ошо Келдибектерге кыр көрсөтчү шаң менен маалкатып бар деп жатам. Макулсуңбу? Албетте, макулсуң.

Не кылса да жүйөгө ынандырып, сүйө салдыра акылдашкансып, небак бүтүмүн чыгарган акимге Тоголок Молдо аргасыз көндү. Күз да келээр. Куру терсаяктанбасынчы. Азырынча ага акындык дооранды сүрүүгө, шакирттерди өстүрүүгө мүмкүнчүлүк берилип, анын үстүнө күзүндөгүгө болуш өзү убадасын бышыктаган соң аялдаганы оң.

Касымбегиң түшкүр, Мусакожодон бийликти кыйындыгынан бөлгөнү маалим. Анан калса, аяр өңдөнөт. Ушу узак масилетинде алыскы, жакынкы канча буктурма кыйдылыгын туйгузду. Нетсе да эл башкарууга такшалган, бүгүнкүсү гана түгүл, эртеңки, бүрсүгүнкүсүн чакмактаган кыраакылыгы айныксыздай.

Алды менен өзүнүн мартабасын көтөрө, анан айласыз көкөлөгөн акындын даңазасын айкындай андай чаргыта, мындай бургута ой жүгүртүүсү Касымбектин далайга бийликтин туткасын чамгарактатаарын бышыктады. «Жыгылсаң нардан жыгыл буйласын кармай жыгыл». Акындыктын, жалпы эле

өнөрдүн баркын түшүнбөй дөөгүрсүй келекелеп атырылган копол мансапкордон көрөк, минтип айланта чырмаган жылма айлакерге айланчыктоо абзелдүү го.

Касымбектин кылкыймалыгына Тоголок Молдо даана ынанды. Аягы кандай иримге дуушарлантаар экен. Эмкиге чейинки эркиндик тизгинин эсепсиз созобу, же чукулда тартабы? Аярлыгына салып алдап соолап торгой баштаганы байкалбадыбы. Чычалоого али эрте. Бар мүмкүнчүлүктөн пайдаланып өркүндөй берүүсү жөн.

* * *

Кептин негизгиси Касымбектин сөзүнө тураар турбастыгында. Толгонуу, талпынуу, эңсөө менен алпурушуп жыл тоголуп күрдөөлдүү күзгө да жетти.

– Акыркы келишим. Бу саам аттанбасаңыз, туугандарыңыз түңүлөт. Айтыңыз Касымбегиңизге. Уруксат этсин. Ээрчитмейин кетпейм – көшөөрүгөн Кашгарыны канча өргүтө күттүрүп, болуштун өзүнөн ыйман тилөөдө. Окус, опуртмасы кармаса, жоктон шылтоо таап дагы чаргытып улартпасын. Жок, андай зомбулук эми кандай гана кубулган алдооч түрүндө жасалбасын, кашайып көтөрбөйт. Бир сапар ыгына көндү, ыдыгына чыдады. Жетишет. Анын кейпиндеги нааразылана чыйрыгуу, беттегенинен кайтпас кыжырлануу темгилдерин байкаган Касымбек, акынды өтүнүп беттетүүгө жеткирбей жедеп тарс жарылууга жукарып чыдаңкырабай бүгүн, эртеңден бакалоорлоого чукулдаганда сыр билгилигин маалымдата жойпуланбаспы:

– Убадам, убада. Али кышындагы чектеген мөөнөттүн кыйкас маалы. Тоголок Молдом, шерик-жоролоруңду жетилтмек тургай эсирттиң. Курткаңы чогуу чараан казганактай аралап, элирген шакирттериңдин ышкыларын күбүп, ким экендиктериңди таанытып кайткыла. Кубанып ырахым этемин. Сапарыңар байсалдуу болсун!

Ага тууганын акыйтып санааркап жеткен зыяраттын барктуулугу ай. Шакирттер өзүнөн кем эмес дүрбөп, дүрдүгө аттанышты.

Төр жайлоонун салкын абасын, ынак кымызын, жаш шор-

посун, ширелүү этин татып, өнөрлөрүн өркүндөтүп, сергилең тарта, көөнү оштонгон боз улан болукшуган жигиттер, өздөрүнөн бетер тоонун тунук суусу менен бүрлүү, тыктуу катыш чөбүнө соорулары чөйчөктөй көмкөрүлө семирген аттарын элирте чыйыр жолдуу белестерди артып Нарын боюндагы керилген түзөңгө эңилишти.

Чөптөр чабылып, эгиндер орулуп, аңыздардагы сары маялар, төр жайыттан ылдыйлагаи төрт түлүктүн чалгын тишин эңсегендей. Жаканын ысыгынын мизи кайтып, коңур жел леп-леп жумшак жортуп, дандын, топурактын, берекенин жытын бүркүп, жайлоо адамдарынын кеңилжээрин кытыгылоодо.

Былтыркы кыштан берки акыйтып, адеми катканда колуна тийген Молдокесин, жоро-теңдерин ээрчите, кудуңдай жол баштаган Каштары дарыянын жээгиндеги дүңгүрөгөн чытырман токойду кудуганда тизгинин тарта атынын шайбырын жайланта терек, тал, бадалдарды түптөгөн жалгыз аяк чыйырды төөнөй артынан чубагандарга бакылдады:

– Адамдын бөгөтү Касымбектен араң кутулдук. Эми жараткандын бөгөтү дарыяга тутулдук. Жүрөксүнбөгүлө. Суучул өзүм. Силердин Касымбек тилдүү, амалдуу жоо – он ай ойсурата торгоду. Биздин Нарын дарыябыз тилсиз, долу жоо – эт бышым эсиңерди эңги-деңги эңкилдетип апаптайт да өткөрөт.

Жайкы күн ысыгындагы тоо мөңгүлөрү эрип, өйүз бүйүздөн туура суулар ташкындай кошулуп жээк бербей кузгундай жайпап күкүктөгөн маалда Нарын дарыясын кечүү азап. Суучулдун кыбаачыл кандимдери, аттардын күчтүү жоон жолпулары тандалып, кээде эртеден кечке, малма-чөлмө кыюулап отуруп зорго чыгышат. Унаасы чабал же өз бетинче кечүүчү жанкечти тобокелчилерден жылына канчоосу көмөлөнүп, долу агымга күмжам курмандыгына чалынууда. Эзелтен көкөйлөрүнө тийгендиктен эл Нарынды кандуу суу – дешип да зыркырашат.

Азыр Нарын тартылып, кол кол нукка бөлүнө тунуктана аккан учуру. Ошондо да устаты баштап, жеткенче дуулдап жээликкен өнөрпоздор өркөчтөнгөн дарыянын жээгине такалганда зааркана топтолушту. Көз жоосун алып булталактап чамберек аткан агыш дөңгөч агынды, сыягы Нарындын башы тарагайдан жулунган

түптүү бай карагай ташка, толкунга урунуп беринип, кабыгынан да, өң алатынан да ажырап көпшөк ак шапактанып бүтүптүр. Ал эле дейсиңби, жакынкы кемер жээктен омкорулган калдайган жашаң жалбырак бутактуу терек, тал, кайыңдар ала салууда.

– Молдокемдин «Манасындагы» карагай агып, сал агып, кайың агып тал агып – деген дарыя ушул. Көзүңөр менен көрүп, акылыңар менен таанып алгыла – деди Кашгары үрпөйгөн түгөйлөрүнө.

– Айбаттуу тилсиз жоонун айласын такай кечип көнгөн сырдана Кашгарым өзүң табаарсың – деди Тоголок Молдо төлбашы шакиртине.

– Камсыкпаңыз Молдоке. Мына мени туурап, ээр токумуңарды оңдогула – Кашгары атынан шап түшүп... тердигин суу тийбестей желдигинин астына кайыра, көрпөчөсүн тыкыйта бүктөп, Сары-Уңкуй ашуусунун өйдө ылдыйында алды-артка жылган ээрин оңдой, басмайылын, чаколоңун беките тартты. Өтүгүн чечип, кемселине ороп, Молдокесинин иймайда пыязы таардан жасалган китеп, кагаз толгон куржунун үстүнө таңып олбурлуу бийик атынын соорусуна бөктөрдү. Кийим-кече, базарлык салынган берки боз куржунду Нурдиндин чалышына тыкыйта бөктөрүнчөк таңды. Калгандары көндүм Кашгарынын мысалында ээр токум, бөктөрүнчөктөрүн какыйтып, шыпыя жеңилдениште да, опкоолжуй аттанышты.

Кашгары, Нурдиндин атын суулуктай, үчүнчү катарга Молдокесин, анан беркилерин кыркаар тарттыра четки чоң айрыктын буурақандаган толкунун жиретип, жогортон төмөн каран тизеге дейре түрүлгөн үзөңгүдөгү жылаңач буттарды кызаңдата сууга калкыта агымга аттарды артынан сүрдүктүрө өмөчөктөтүп жөнөштү дейсиң.

Көп кечпеген бүйүздүктөр көздөрүнөн чымын учуп: – Лайлава дил-лал-ла, кудай, кудай сактаны – кайталаша келме келтиришүүдө. Желдикке жетип соорудан шыр-шур чачыраган шардан заманалары куурула, суу киргизбес үчүн тумшуктарын быр-быр көтөрө кайыктай сойлогон камбар ата жаныбарларынын жалдарын тутамдоодо.

Турна учушту элестеткен кыркаардын башындагы Кашка-

ры гана калбет. Ал алдыңкы шарга ноюбай, омуроосун тосо шыркырата, астыңкы капталындагыларды катуу толкундан калкалаган кабелтең айгырын оюна коё берип:

– Терең, жайык айрык ушул. Мындан өткөн соң, тайыздатып кечирем – суучул тигилердин коркунучун басаңдатуу үчүн ортолоп барганда бардаштуу бажаңдады: – Сууну карабагыла, башыңар айланат. Көзүңөрдү жумгула, же өйүзгө, алыска карагыла. Атка ишенгиле. Ат суучул. Буту тийбесе, чабак уруп чыгат. Жалды бекем аткыгыла.

Өңдөрү саргарып, анын айткандарынын баарын жасап кыпылдаган жолоочуларын эптеп жооткотуу ниетинде:

– Катуу агымды менин атым, андан кийин Нурдиндин чалышы тосууда. Силерди күчү тайыган бош суу жайпоодо. Чочулабагыла. Ортоңку аралга чыгаарыбызга аз калды, алакандай таз калды.

Ээлери түгүл, аттары да калтаарый шөмтүрөп, айрыктын наркы жээгин аттаганда «бир балээден зорго чыктык, эми канчоосу бар» дегендей силкинишип, окуранышып, кебелбеген суучул менен жотолуу бууданына макоо каректерин чанактарынан чыгара чакчайышты.

Кийинки айрыктар тайызыраак жана, энсизирээк келип бат, эңиштей кечишип опкоолжуган жүрөктөрүн бөксөртүштү. Куртканын куюлушундагы күңгөй жээктин бай теректеринин түбүнө токтошуп, ээрлерин оңдоно токунууга, бөктөрүнчөктөрүн чечишип кургактанып кийинүүгө киришишти.

Байымбет токойду аралай бөлүнө басты. Аны кандайдыр сагынып күткөн эзелки тааныш чөйрө, сезимин козута өзүн арбады. Ал эч кимден жазгангысы, тартынгысы келбей обдулду. Бутактарын чатырдай күнгө тосо барпайган ак теректи кучактады, кабыгы шайыдай үлбүрөгөн кызгылт кайыңга сүйөнө, аңкыган жыпарынан жыттады. Нарылап чытырман бадалдары аралай куйругун шоодурата койкондой атылган кызыл короз, бозомтук бозтээк кыргоолдордун бырпырап учканын таңдана карай, алардын кышкы жеми тикенектүү шагы сапсары чокморок мөлтүрөгөн чычырканактын ашынан ачууркана татты.

Эттүү, ширелүү мөмөсүнөн аймап, таңдайын кургата, айла-

нага атыр чачкандай аңкыткан жийденин көлөкөсүн пааналады. «Туулган жердин топурагы алтын». Мөмөсүн жөн жебестен, топуларына толтура терип, бутактарына жармашып төбөсүнө чыгып, чымчыктардын уясын бузган тентек балалыгы; Чүйдөн кайтканда толукшуган азамат толкундаган акын Сейденин буралта, кыналта ээрчитип как ушерге сейилге келгени; кээде өзү жалгыздап ыр, казал издеп маңганы эсине уюлгубаспы.

Тех, туулуп өскөн жер, кусадарлыкты ташытчу да, кандырчу да дабаа сен белемсиң. Жада калса сууңдун шары да өзгөчө, ата бабаңдын, Музоокенин күүсүн чалгансыйт.

Күзгү бышыкчылык, токой жемиши, гүлзарларынын жыпарын желпкен керимсел, узак сапардан кайткан улгайган уулун умай энедей эркелете жүзүңдөн жумшак сылайт.

Тал, терек, бадалдарыңдын, чөбүңдүн шуудуру кандайдыр жүрөгүңдү экилентип, көөнүңдү оштонтуп асылкечтик, адамдык сырларыңды жаңырыктатып шыбыштагансыйт. Бакиси жаныңа каралды, жакын, боорукер. Канчага сырттаган кайып адам сен гана эмес, балалык, жаштыгың өткөн табигат – жер, суу, өсүмдүк, булар да жоодурап мээрин төгө сени сагынгандай. Өз жер, чөп чарыңдын кучагынын ушунчалык ысыктыгын алгач сезген акын кылчак, кылчак тоорула чытырманды дагы нарылай өрдөгүсү, чарк-чурк, күү-шаа үн жаңсаган не дүйүм канаттуу, айбанаттарды тыңдоодон, тынчтыгы менен серүүндүгү айкалышкан ажайып дүйнөнүн ырахатына чөмүлүүдөн канбай узай бериптир.

– Молдоке-е аттаналы-ы!

– Кашгарыңыз айлыңызга кабарга чапканы качан!

– Бизди көп кечикпегиле деген. Кармалып калдык! Кайра тартыңыз!

Удаа-мудаа жаңырыктаган кыйкырыктан кыйыла артына бурулса, токой ичин качырата бутактардан эңкейип, камчыларын төшөй жол ачып, шакирттери атчан аны беттей чубашууда. Акын атын салт жетелеп алышыптыр.

Жоготконун таап, бөксөргөнүн толтургандай жагалданган акын лам дебей атына шып мине, анын жарпынын жазылганына күдүндөй, чегинише астыга өткөзгөн шакирттерин ээрчите, кербен башындай алдыга түштү. Токойдон чыгаар аамат жор-

госун шайбырлата, жайык түзөңдө аны жандай жайыла желип жорттура коштогондордун ортосунда; көмөлдүрүк, куюшкандар шарактап, буудандардын ай туяктарынан даңкан учуп, жер дүңгүрөп, кызыган күү менен кылкылдаган топ атчанды баштап жапсардан шаңдуу артылаар замат, бетмаңдайдан ата конушу, тепейген тамы, анын жанында, бозоруңку эскирибирээк өңү азган өргөөчөсү жарк этти.

Короо жай алдындагы секиде небак чаап жеткен Кашгары, самсыган караандар утурлай умтула догдошту. Тосуп чыккандарга эрээркеген Тоголок Молдо токтоналбай аттан ыргыырда, Кашгары шайдоот атылып жетип колтуктап түшүрдү.

– Каралдым эңкей – Апасы Коңур, колундагы кара аякты башынан үч тегерете – тү, тү, түкүрүп кой. Балакет-салакеттен аман соо үйүңө келдиң. – Толтура сууну оолак чачты.

Карала бий эри барындагыдай чатырабаса да, карасурунан даңкая бажырайган айылдын кадырлуу байбичеси, билерман жеңеси бооруна балапандай талпынтып, капкара тегерек көзү күлмүңдөгөн, күнгө тууралган алмадай бетин таптаза жууган, бөдөнө башына сайма топу, кабыган шайы чапанды торсойтуп кийгизген бөйтөйгөн бөбөктү сунду.

– Молдо уул, Турдалың мына. Атасын астыңан тосуп чыкты. Көрүндүк!..

– О-о, ак жолтой жеңе. Берчи Турдалымды. Учурашайын – Акын кош алакадын тосуп, балтыр бешик перзентти бапестей көтөрүп, маңдайынан, эки ууртунан жыттагылап, жанакы токойдогудан да аңкыган жыпарды искеп негедир болуп көрбөгөндөй боюн чалкыта, кан тамырларын балкыта кубаттаткан эңгезер күчкө толукшуй (ал күч – учу узарган жаңы тукумунун касиети экенин туя) кубанычын жашыралбай бажырандады:

– Тукум сенсиңби. Азамат турбайсыңбы. Бооң бек, ырыстуу эр бол!

Нускалуу байбиче эбедени эзилген акынды торсогой тукуму менен көпкө алектенттирбей, этиет өз бооруна алды.

Тоголок Молдо карбаластап, коюн чөнтөгүн аңтарып, теңге оролгон жука шайы түйүнчөктү сунду:

– Жеңе, мына көрүндүгүңүз. Үстөгү да бар. Кемзелдик

макмал куржунда.

Сакалын ак чалып, өңү чүтүрөйүп карылыкка жеңдирген Өмүрзак инисин оңду солду көкүрөгүнө басып, моюнунан куркурата жыттады.

– Каралаң жок болсо да, калкың бар. Кара жанын багып, кайрылбай кеткен эмнеси деп тилдеп да жүрдүм сени.

Ачуусу бар, ак көңүл айыл аксакалына айланган Өмүрзак агасын аяп да, сыйлап да Байымбет ыктай бооруна кысты.

Кетмен-Төбөдөгү Токтогул – шаанилүү шайырга апарып таныштырган тегерек кара сакал, сөз кунун барктаган Молдобай бакчайып, кош алаканына акындын колун таптап коё бербей, баарына угуза жапырылды:

– Карала бийибиз өлгөнү Келдибек уулунун кер-мурунан уугуп... жалгыз атчан шопоюп пааналаар жай издеп кеттиң эле айлыбыздан. Эми карачы, бак-дөөлөтүң өсүп, жолдош-жоро күтүп, топ мырзаны коштотуп калдайып түштүң журтуңа. Токтогул ырчыдай жакшы түгөй таптың эле. Ага кайрылып дагы жолугууга аттандың эле. «Беш каман» залимдер аны көз көргүс, кулак уккус шиберге айдатып жоготконун орто жолдон угуп, Тогуз-Тородо канча жыл бөгүп сабылдың. Өйүзгү Касымбекке келгени минтип шаңыңа толуп, кайрадан канат байладың. Мындан ары ылайым башыңдан багың тайбай, бараар, барктаар жериң көбөйсүн. О-о-мий-ин!

Молдобайды колдоп, кары жаш дебей чурулдап – «о-омийин» батасын узатышты. Учурашып көксөөлөрү сууй, жарыла берген элдин аягында, мейман ээси, үй-жай баланын атасы Байтымбет күдүрөйө түптөнгөн кыска сакал-мурутун, шамал, күнгө тотуккан булчуңдуу жазы дидарына жылбырскыланта, таар кемсел, кайыш чокой, эскирген көрпө тебетейчен дугдуюп, олчойгон чор шадыларын арбайта, агасына, аржакта ызаат сактай топтошкон мырзаларга учурашканын да, чакырганын да туюнта кобуроодо:

– Жүрүңүздөр эми, үйдө кириңиздер.

Байымбет шакирттерине инисин тааныштыра ортолорун ачып жол бошоткон жердештерине күлө-бага илгериледи.

– Аюу, баба дыйкан деген ушу. А дегенде ушунун ыкыба-

лында болобуз.

Тамынын алдындагы такырды кырманга айлантыптыр. Аяккы четинде саман, топон, бакал жыйылган. Башында чачпактары кере карыш бооланган таруулар. Али баселек. Чок ортосунда отоо алачыктай дөмпөйгөн үймөк сапырылып тазаланган кызыл буудай.

Байымбет, аны сагалаган меймандар үймөктүн жанына айлана токтошту:

– Аюу, кырманың кызылга толсун!

– Бабадыйкан жылоолосун!

Каңгыган агасын кошоктогон мырзаларынын көзүнчө жер каратпай дыйкан да болсо берекесин жайната тосконуна маашырланган Байтымбет:

– Айтканыңар келсин! Каалашыңарча кепсен алгыла – деп баржактабаспы.

Дыйкан инисинин камбылдыгына, жана жакшылыктуу учурашпаса да эми бапырандап күтүнгөнүнө кубанган акын агасы, аларды имерчиктей тегеректеген жердештеринин ниетин баамдап, барсайган дандан алакандарына сала, дыйкан мээнетине ыраазыланган шакирттерине, жанындагы Нурдинге кашын көтөрдү. Ал түшүндүм «баштаңыз» дегенди билгизе эринин тиштей, башын ийкегиледи.

Жадырап тосуп, эл чогулган жерде алым-сабак таштоо акындардын салты. Байымбет инисине бурула:

Жарапсың, аюум керекке
Кырманың толгон береке…

Тегеректегилер жапырт кулактарын түрө тынчтанышканда аларды беттей шаңгырады:

Кагылайын калайык;
Кандыраарбыз эрмекке.

Кезметтерин сактай шакирттер оңдоно тизилишип алдыңкыларды акмалашты. Нурдин дароо устатын улай созолонду:

Сагынып күткөн ардагың
Силерди келди көрмөккө.
Алпештеп бизди өстүрдү
Акындык асыл өрнөккө.

Аны буердик Кашгары коштоду:
Мынабу кошо келген жигиттер
Молдокеме шакирттер.
Камына бергин калайык
Канча күн болсо таркайт чер.
Андан ары Жүкөй жиреди:
Молдокем кусадар болсо Курткага
Куштар экен журт да ага.
Улашаар нуска жайылткан
Устакем биздин куттуу ага.

Тестиер Молдобасан кулун доошун жыбылжытты.

«Муңдуу күү» чалган термеси
Музоокенин жергеси.
Бабасын тарткан молдокем
Бешиги мобул эл дечи.

Анын катарындагы өзүнө курбалдаш торсойгон улан:

– Молдоке, мен ырдабайм, кыягымды тартып, бийлеп жиберейинби.

– Ашыкпа, Көккөзүм, сенин мөөнөтүң кийин. Ырчылар көп, сен жалгыз. Көптүн көөнүн сен өзгөчө ачасың. – Тоголок Молдо, Нарындагы төрөнүн кызматында, Баатайдын жиберүүсү боюнча үч жыл жүрүп орус кыягын безилдете тартканды, койкоңдоп кошула бийлегенди үйрөнүп келген, чыйрак, шыктуу уул Көккөздү көтөрмөлөп токтотту. Ага кыргыз обондорун орус кыягына күүгө салдырып машыктырууда. Алым сабакты өзү жыйынтыктай:

Силерге шакирттерим келишти
Азыраак дыр коё да беришти.
Жай чогулуп уккула
Булардан булбул таңшык эришти.

* * *

Чакан бөлмөнүн төрүндө үчөө гана. Какиш күйөөсү менен акын аяшына чай сунуп, дасторконду өз үйүндөгүдөй тейлөөдө. Тамактануу шылтоо. Негизгиси көптөн жолукпаган достор-

дун жалгыздап пикирлешүүсү. Какиш ишенимдүү, экөөнүн сырына орток.

Байымбет шакирттерин аксакалдаша тандалып чогулган элинин алгачкы өкүлдөрүнө эки мертебе жаңшатып тааныштырды. Чоң жыйын али алдыда. Ортодон Кашгарынын өтүнүч бийлиги боюнча кыз, келин, жигит, боз уландардын жоросуна, жаштар оюндарына шакирттерине уруксат этилди. Кээсине Молдокең да атайылап чакырылат.

Акындын али жаштык ышкысы өчө элек. Ашыктык, күйгөн, армандын кандайынан болбосун күкүктөй сайраар түрмөктөрү көөдөндө жамырайт. Аларынын бирдаары шакирттерине жат. Айыл жаштарына таңшып жеткиришээр. Анын Курткага келгендеги оюндан да маанилүү иши – Букарбай досуна жолугуусу. Нарындагы болуштардын чогулушунда түнкүсүн чогуу түнөшсө да тийип-качып, ойлогонундай кенен, жеткире баарлашып бүтүшө албаган. Ошого да каниеттенише, Курткага чыкканында ушундай ээн жайкын, Какиштин катышуусу менен маектешүүнү болжошкон.

– Капырай, көрүшпөгөнүбүзгө канча өттү. Тирүү пенде алтын аяктан суу ичет – деген ырас бейм. Же биз өйүзгө чыгалбасак, же сиз биздин айылга барбасаңыз… Капырай, жер ортосу – туугандарыңызга ырахмат. Досуңуздун кожоюндары, бу саам кең пейилдик кылды, аяш. И-десеңиз, Тоголок Молдо акын топ ырчы, комузчу, кыякчы менен Каң уулат, Ыман, Омолдош, Сокучу, Черикчи айылдарын каалаганынча кыдырат имиш. Касымбектин кайсы амалын билесиң. Атайылап өзү жибериптир. Кыйынсынып кыр көргөзгөнү го. Барып байкагылачы тамырыңарды. Оңолуппу, же баякысындай эле терсаяктанып, бузук жаныТма, тамсилдерин ырдайт бекен? Томор ырчы, топураган жоролорду кайдан күтүптүр. Ким экен алары – деп досуңду тыңчыга жиберишти.

– Коркпо, билип турушуп, айласыздан бизди тыңчылыкка аттантышты. Лекин, Бошкою даабайт. Жүргөн дүңүңдү укканда сакалын уйпалай жинденип, «ошо дүмүрдүкү өттү. Өз болушун сагалаганы эле жетпейби. Быякта суутуп коюптурбу ага» – деп олунду. Какиш аяшың экөөбүз мактап барып ого бетер Бошкойдун ичин күйгүзөбүз – деди шыңга Букарбай

тиркич моюнун койкоңдотуп.

– Э-эп, Букарбайым, Какиш аяшым туура айтты. «Өлбөгөн адам алтын аяктан суу ичет». Жаки, мансап-дөөлөтүнө, байлыгына чиренген сенин олуяларың, тукурукчу Бошкою менен мени алигинде мазактап, кордоп, кодулашканда чүнчүп жоголот, же байкелеп астыбызда жорголойт деп ойлошкон. Шүгүрчүлүк. Ылайым мактанычты жактырбайм. Дөөлөтүңө ишенбе, мээнетиңе ишен. Азыноолак абийир тапсам, жолумду жолдоочу жоро-жолдош күтсөм, ак эмгек, алал ишимдин үзүрү. Ошонумду көралбай, силердей жакындарымды тыңчылыкка жумшаптыр. Карайлаган көркоолор. Айыл аралатпай, баягысындай бөктүрүүгө даяр. Бир-р-ок-к, эми алардын карамагынан чыккам. Касымбектин айдыңынан чочушат. Азыр мага ачык кол сала алышпайт. Араанымды тыя алышпайт. Чогуу болгула, аягына дейре көрүп, уккула. Мактабай деле, чын-чынын жеткизгиле. Келдибек жаатынан башка, Куртканын күн батыш тарабындагы айылдарды түрө айланбасам элеби. Бакисинен чакырык алдым. Элди бөлүп-жарган адамдын бөрүлөрүнүн кара ниеттиги. А биз элди агартуучу, сугаруучу ынтымак жарчыларыбыз. Көрөсүңөр, ар шакиртим Бошкоюндан алда канча өйдө. Бошкой эшик ырчысы, коломто ырчысы катары унутулаар. А менин шакирттеримдин алды оң, солго дайындуу, атактуу болоор. Аягы өйүз-бүйүз Нарын калкына каркылдап таанылат. Көпчүлүк букара, эл мүдөөсүн туу туткан акылман, тайманбас Токтогулдун өрнөгүндө тарбиялоодомун шакирттеримди. Өкүмдөрдү даңазалоо, жагынуу аларда жок. Калдайган калкты медер тутуп, теңдик, адилеттикти көксөшөт. Көбү өзүмдөй калемгер, канаттуу сөздү кагазга байлашат, менин нускаларымды жардашат. Жараткандан бирден бир тилээрим – узак өмүр. Жамандыкты амандык жеңээри чын. Акыл ишине ийленген, адил чындыкты көздөгөн өмүр моюбай көп жашоого тийиш. Ошондо кимдин ким экенин, утурумдук менен түбөлүктүүлүк ыргалаар. –Байымбет пейли сүйгөн тамырларына чечиле, буга дейре эч кимге жазылбаган мээсинде түйүндөлгөн сыр шертин маалымдады.

Арийне, өзү да качантан катмарланып уюй берген оор жүк-

төн арылгандай шердене шыпыйбаспы. Башка эч бир жандан эшитпеген олчойгон, маңыздуу, сүрдүү сөздөрдүн бирин да жаземдебей арууркана, шыктана тыңдаган Букарбай башынан чың досунун кийинки көрүшпөгөн жылдары ого бетер жой болоттой курчуганына, анын акылына сыйбас болочок ишенимге чыңалганына айраң таңданды.

Көзү ачык балчы, төлгөчүдөн аша чаба, өз тагдырынын эмкисин, келечегин кесе кашайткан бу кайраттуу даанышманга не деө керек? Жооткотууга муктаж эмес. Саамга Букарбай зайыбы экөө тең дапдаарышты.

Аларды жалама асканын туюгуна камагандай тунжуроодон акын өзү куткарбаспы. Бу да залкарлыктын жосуну. Экиге толгон, торсоңдоп чуркап жаны тынбаган уулун Какиштин төркүндөрүнө таята, таянесине калтырганын, дегеле бала сүймөнчүгүн эскере:

– Деги уулуңар, аты Сейитбай дедиңер, экөөңдүн кимиңе окшош?

Капысынан эт жүрөктөрүн элжирете кайрылган досуна экөө тең жарыша жаркылдашпаспы.

– Мыкты чыгаар уул тагаларын тартат дейт. Лекин, биздин Сейитбай таякелерине окшош.

– Ырас эле аяш. Бети тоголок, көзү капкара, чоң. – Какиш жадырай өзүнүн тоголок нурдуу жүзүн, жайнаган бакыраң карегин көтөрдү.

– Билдим, билдим. Какиш сага окшош турбайбы анда. – Байымбет алаканын апчыта куттуктады да, көзүн чекирейтип узун моюнун созо бирдеме деөгө камынган Букарбайды беттеди:

– Куркуюп сени тартпаганы шүгүр, ха-ха-ха!

Букарбай чындап чычалай уркуйган тизесин койгулап тарбагай колун кескин шилтеди:

– Кой э. Өңү энесине окшосо, кыялы биздики, кечиресиз атасы меники.

Какиш эрин аягансый, болушкансып укмаксан кытылдаган Тоголок Молдого, чолпусун шыңгыр эттире элечектүү башын ийкеди:

– Чыпа чын аяш. Кыялы куду атасынын өзү. Өңгөсүнөн

кежирдиги, көктүгү өзү да. Тентектигинин айтасызбы. Хн-хи-хи...

– Силер курулай күлбөгүлө. Ушул атасын тартаары бышык. – Букарбай Байымбетке токтоо сумсайды. – Тугры оглумдун кыялы, ахылы менга, дадасига окшойди – атайылап өзбекче чалды. – Азиз достум, сенин менде канча асарлариң бар. Али канчасин берасиң. Хаммасин ушу тухум Сейдбаима сактайман. Беш жашка толсунчу. Кат таанытам. Үйдөн сенин асарлариңгди жаттатам, окутам. Лекин, балоларга арналган шерлериңди, жомокторуңду энди хатирага берсең болади. Эс тартканда түпкөркү шахарлардан, орус гимназиясынан окутамын. Андан соң университетти бүтейттирамен. Кудай максатка жеткирсе Сейдбайым Нарын өзөнүндөгү кыргызларнин ичинен биринчи жогорку маглыматли фан орбаби болади.

Баласына таттуу тилек, зор үмүт багыштай, анын айныксыздыгына ынана магдырай түшкөн айкөл атага, энеси акылы жетпеген жакшылыктарды кошо ыроолой мээрин төгө балкыса, акын досу алардан кем эмес сүйүнбөспү:

– Тилегиң кабыл болсун! Уулуң, Сейитбайың сен элестеткенден да ашкан окумуштуу, журтка пайдасы тийген агартуучу ишмер чыксын! Эгер достум сен убадаңды аткарып, менин казалдарымды кичинекейинен окутуп, жаттатып тарбияласаң, мен куштармын! Киндик атасы болгонума силерге кошо ырахаттанамын! Өңгөсүнөн сенин тоо кыргыздарынан биринчи жогорку маалыматтуу илимпоз кылам дегениңе төбөм көккө жетти. Бата менен эр көгөрөт. Жамгыр менен жер көгөрөт. Кана, Сейитбай, атасы ойлогондон ашып түшсүн! – деп алаканын жайганда, ата, энеси жалбырттай обдула бата кылышты.

– О-омийин!

– Оозуңа май! Айтканың келсин!

Үчөөнүн маеги Байымбеттин турмушуна такалды.

– Акын аяш, айып этпе. – Какиш жароокерлене, аяшынын пейилин жибите, бөлөк эч ким даабас жакындыкты туйгуза дирилдеди. – Досуңуз экөөбүздүн атайылап чыгынган өтүнүчүбүздү ук. Качанкыга дейре бой жүрөсүз. Сейдештин арбагы ыраазыдыр. Башка эркектер ашып кетсе жыл маалы жесир-

ликке чыдайт. Азаны сизче эч ким күтпөстүр.

Аялынын сөз таштаганына ыраазылана да, жымсалдата чойгонуна чыдабай Байымбетти уюта да Букарбай олунду:

– Кептин кыскасы, көрүнгөндүн үйүндө солоктоп жүргүдөй боз жигит эмессиң. Сага ысык чай, жылуу төшөк, ургаачынын мээрими, өзүнчө түтүн булатуу керек. Антпесе байырлаар ат мамың жок селсаяктыкка кыныгып кетесиң. Азыр анча билинбес! Карыганда калжайып кайда батасың. «Дос күйдүрүп айтат». Тил ал. Төшөк жаңырт.

Байымбет тумандаткан чел ачылгандай көзүн ачып-жума бардай, кандайдыр ага бүдөмүк алыстык даана чагылып, ынактарына ыймандуу телмирди. Тагдырдын укуругунан качып кутулган. Ар масилет убагында эптүү. Буларга тырчууга анын кандай акысы бар. Өгүнү Касымбек болуш сунуш буйругун ныктаган. Ал кесирлүү манаптык жосун менен «Катын өлсө камчы сап, кайра төшөк жаңырмак» демөөрдө «айылдарды кыдырып кыз танда. Жактырганыңды алып берем» деген. Антээри бышык. Өкүмдардын өктөм буйругу кулагынан кайып, өпкө боорун куушуруп өткөн. Кам жеген ээсинин жаңсоосу көөмөйүнө түйүлсө да, али кыз издөөгө пейили чаба электе... мобу мампайларынын кабыргалары кайыша үйрүлгөндөрү олуттуу жоопко чакырбадыбы. Арийне, булардан башка анын сырдашаары ким? Көөдөндөгү арман желин бүркө үшкүрүнө, о кыйлада тилин безеди:

– Каткан букту коңтордуңар. Жазмыштын жабырын ким тартпаган, ким жыргал дооранын сүрбөгөн. Достук ниетиңерге кулдук урам. Эмне дейин. Такыялуу кызга күйөөлөп, кайрадан солкулдаар пейил жок. Ал чак кыйгап өттү. Атаганат, жубандын мыктысы табылса гана. Мага ак элечек ургаачы заты эле керек бекен. Жо-ок. Кадырыңа жеткен, кара жанды карч ура түйшөлгөн, түйшүктүү өмүрүңө кара жоролукка жароочу Каныкей дуушарланса... Ай таң, ойлогонуң табылбайт го. Кантели, чыдаган жан, күдөр үзбөй күтөлү. Буюрган бирөө табылаар бекен. Мынча болду, силер да иликтегиле.

Ар ким алына жараша арзыйт. Акындын арзыганы досторун дапдаарытты, сүйүнттү. Экөө жарга кысташты эле. «Жалбарып жардам сураар, дегенибизди кыңк этпей кабылдаар. Кол созуп

тартып алаарбыз ниеттенишкен. А бул кандайдыр силкинип, байкалбас сыйкыр күчү канатын жаздырып, алардын оозун ачтыра, асмандай атылып, экөөнүн чамасы чактабас, акылы жетпес бийик мүдөөсүн айкындай чаркылдабаспы.

Баракелде, как ошо башкалардын дымагы жетпес бийиктикти чалгындап, тереңдикти сүңгүп, бүгүнкүсүн гана түгүл бүрсүгүнкүсүн күзгүдөй чагылткан адамдан артык касиет Тоголок Молдо атанткан тура. Акылга дыйкандыгына кулдук уруп багынуу ылайык».

Эрди катын жесир акындын «ак элечек ургаачы заты эле эмес, түйшүктүү өмүрүнө кара жоролукка жароочу Каныкейди» издеген айкөл залкарлыгына, бала мүнөз такыячан бийкечти эмес, кандайдыр каргашанын саатынан бой салттанган, кадырына жетээрлик жубанды каалаган асыл топуктуулугуна бакыбаттана муюшту.

Ким киминин жүрөгүн өйүгөн мүшкүлдү бир жаңсылдата ачыктаганда эки дос жаңы таңгак китеп, газеталарды оодарууга өтүштү. Аалам кабарларына, адабият, санаат арбабтарынын чыгармаларына назарларын бурушту. Орусиянын түпкөркү маркази, ичкерки ишчилер шаарларындагы падыша өкмөтүнө каршы наразылыктар, иш таштоолор, кат өтүнүчү менен кайрылуулар, азаттык, теңдикти талап кылган окумал ынкылабчылардын топтору өскөндүгүн, алар жумушчуларга, дыйкандарга чакырык таштап, падышалык өкмөткө каршы чыгууга үндөгөндүктөрүн, ал тургай мындан көп жыл мурда Петербордо ынкылабчы-төңкөрүшчү жаш муддарист-шакирттер, падыша Александрды өлтүрүшкөндөн тартып, жалчы дыйкандар байларын, жумушчулар кожоюндарын өлтүрүү көбөйгөнүн, элчил, төңкөрүшчүл азаматтарды падыша желдеттери Сибирге сүргүнгө айдоону күчөткөнүнөн, Токтогул акындын да ошол сыңарлуу шылтоо менен кириптерленгенинен, ошо таасирлер орусиянын чет жакаларындагы оторлоруна айланган элдерди козголтконунан, ак ниет орустардын илим, өнөр, нускасын үйрөнүүгө өзбектен Фуркат, казактан Абай, кыргыздан Тоголок Молдонун өзү сыяктуулардын чыгып жатканынан өйдө пикир тартыша бүйүрлөрүн кызытышты.

* * *

Чакырыктар улам арбууда. Анткени – зор манаптардын уюгу – Келдибек тукуму жактан башка Курткалыктар Тоголок Молдонун шайырларынын тобунун илбериңкилигин, өнөр аркылдыгын биринен сала бири даңазалаша «элге берген куруттан мени неге курутту» дегендей атаандаша айылдарына келтирүү аракетинде. Албетте, баарысы акындар агасынын уруксаты, кеңеши боюнча. Устат өзү кээ барбаган жерлерге шакирттерин бөлүштүрө тейлештирип, ырдоо, күү чертүү, кыяк тартуу, обон созуу, дастан, казал окуу жаатынан кимиси каерде эмнени аткаруусуна дейре чуктап насааттайт. Өнөрпоздоруна кошуп өз айылынан оюн-зоокко кумарлары таркабаган азаматтардан кошо атказат. Ошо ышкыбоздору аркылуу зоок кеченин кандай өткөнүнөн, калк эмнени кандайча кабылдаганынан кабардар.

Кийинки шаан-шөкөт кечесине жаңылардан кошуп, көптүн алкоосуна шыктанган жеткинчектерин, талкашасын дагы арттыруу үчүн суутун кандырып, табына келтире бүлөп жөнөтөт. Өзү катышкан учурларда угуучулардын кыбаасын кандайча кандырууну, кумарын кандайча өөрчүтүүнү кылдат баамдап, кылдат тескейт жана да самаган бийиктигине жеткизип... элди тамшантып, таңдантып дагы кайталап тыңдоого кайтадан чаңкатып, алкатып бүтүрөт.

Тоголок Молдо эзелтен эңсеген элдик нөкөрлүк даражасына эми араң көтөрүлө баштаганын туюп көөнү көйкөлүүдө. Акындык жана агартуучулук парзды албан түйшүк, ала-чакмак тагдыр сүрөөнүндө бүлөнүп отуруп эми гана ойлогонундай оолжутканына топуктанууда.

Адам өз күчүн өзү сынаган, кемтигин жана жетиктигин, дагы канчага өксүп, канчалык көтөрүлөөрлүгүн текеберсиз таразалаган каардуу калыстыкка кантип жеткендигин өзү деле байкаса керек. Анын азап, тоскоолду сабылса да сабырдуу көтөрүп, демдүү, белдүү жеңип келаткан күчү ошо чындыкты ойлоп, көрө билгенинде. Окус чаманды чактабай ашыра алчактай дардайсаң жарыласың, жабырланасың. Жазмыштын жапасына чыдамдуу туруштук бербесең, кашайып каршы турбасаң

көмөлөнөсүң, өмүр бою алсыз бойдон өтөсүң.

Арааны жүргөн маалда акын оомалуу төкмөлүү дүйнөнүн опуртмалдуулугун ой элегинен какпаспы.

Канчалык айкөл, жалпыга тең санаганы менен да Тоголок Молдо, бирөөнөн жаза тайганын капысынан карматып, колго түшкөн уурудай комуттанды.

– Оңбогон гана Тоголонгон Молдо, кудайдан корксоң боло. Күттүм, күттүм. Жедеп күдөрүмдү үзгөндө өзүм келдим. Басты-рып саламдашканга жарабадың э. Көптүңбү. Унуттуңбу мени. Ой оңбогур, Чүйдөн көчүрүп келгенимдеги акымдан кутула элексиң. Ал айылга барасың, бул айылга барасың. Тамашаны саласың. А мени кур жалак омсоңдотуп коёсуң э. Мени баягы чолок этек чокундук ойлобо. Элден кем эмес жоро-жолдошторуңду сыйлоого кудуретим бар. Байыган кирестиянмын. Кыңк этпей шайтандарыңды бүт ээрчитип, башка жакка барганыңды тыйып эртең, менин төрүмө тамаша курасың. Жаки болбосо, төбөңдү кандайм. Алды менен мончого түшүрүп, денеңерди тазартып сергитем. Анан элиртем. Мончо күсүрүң Касымбегиңерде да жок. Кыңк этчү болсоң көрөсүң. – Жаркынбай чокундук баягысынан да балчая, тегерек дүңгүл сакалын жайылта опурулбаспы.

Тоголок Молдо жүйөөгө жыгылып, чын эле кетирген кемчилигин моюнуна ала кайпактады:

– Жетти, жетти Чокундук, опурулба көп эле. Сага элдин аягында жайынча бармакпыз. Чыдамсыздык кылдың. Болду, болду… Өңгөлөр таарынса таарына турсун. Сенин олунганың жөн. Баралы, баралы баатыр акеси. Мончоңду жагып, шыпыргы, сууңду дайындай бер. Оболуңа көнбөсө ойрондотооруң да чын. Жыгылыштуумун сага.

…Мына ушу чокундук Жаркынбайдын төрүндө жымырап тыңдаган көпчүлүктүн бири катары Нурдиндин жайкы добулдай сабалаткан «Тайлак баатыр» дастанына Байымбет уюуда. Кулагы анда, кыялы тагдырдын кыямат кайымында.

Жашы, талантынын арымы, такшалышы жаатынан Нурдин шакирттеринин алды. Ал өзүнчө акындык даражаны, чыгармачылык жүктү көтөрөөр деңгээлге жетти. Адепки ала

качма алабармандыгы омоктуу барган сайын арбыткан жорго бөжүгүнө айланды. Өзгөчө артыкчылыгы Молдокесинин жазма үлгүсүн тырышчаактык менен чаламоңолдуктан даана, сабаттуулукка дейре өздөштүрдү. Нурдин ушу тапта күчкө толо ээлигип жазмалык, окумалыкты да, жөндөп, минтип кыраан алгырдай шаңшып... айтыш, жамак мындай турсун, дастандарды дабыратканын карабайсыңбы.

Дастан. Тоо элинин башынан не укмуш окуялар, баскынчы жоолорго каршы кандуу майданга көтөрүлүүлөр, кол баштаган эр жүрөк, кыбаачыл баатырлар өтпөдү. Алардын кыйласы укумдан тукумга жомоктолуп мурасталууда. Дараметтүү ырчылар, акындар ошо жомок-даңазаларды ырга ширелиштире көркөмдөп дастандар жаратып, калктын жан азыгына, тозбос казынасына айлантууда. Тээ алмузтактан «Манас» алп дастаны ташкындуу акындардын өнүктүрүп айтуусунда, азыркы урпактарга чейин ооз жүзүндө жетүүдө.

Тоголок Молдо калайык кенчи «Манасты» кол китепке түшүрүүнү өркүндөтүүдө, шакирттери аркылуу көчүртүп таркатууда. Соңку баатырдык окуялардан «Шырдакбек», «Жаңыл Мырза», «Эр Эшим», «Мендирмандарды»... дастанга ширетүүдө.

Шакирттеринин Нурдин сымал арымдууларына баянын жакшы билген баатырдык жоруктардан өзүнчө ыр дастандарын түзүүгө тапшырма берип, оңдоп, түзөп, жол жобосун үйрөтүүдө.

Далаалаттын үзүрү – мынабу Нурдин угуучуларды уюта дүпүлдөтө сабалаткан «Тайлак баатыр» дастаны. Ал дастанды күндөп, түндөп, аптадан аптага өтүп айга чамалата тирмейип, Молдокесинин көрсөтүп, толуктап, оңдотуп отуруусунун натыйжасында дептерге түшүргөн. Жазуу учурунда көкүрөгү каттай шыктуу азамат жаттап барган. Бүткөндө кайрадан кайталап жат айтууга машыгууда. «Тайлак баатырдын» – алгачкы ырга берметтелген даңазасын буерликтердин тамшанып, шерденип тыңдаар жөнү да бар.

Тайлак дал ушул аймакты, даанышман, эр агасы Атантай экөөнүн кол башчылыгы аркасында кытайлык, кокондук баскынчылардан коргогон, мындан жетимиш-сексен жыл чама-

сында гана мурда өткөн баатыр. Укум-тукуму уланууда.

Тайлактын тарыхта да, элдин эсинде да калган эки эпсиз баатырлыгынын даңазасы өчкүс.

Биринчиси – бул 1825-жылдагы, калайыктын капарынан кете элек кыргындуу кармаш. Соода, сатык кербендер жүргүзүп, катташып турган тили, теги, жери жакын Кашгар тарапты кытайлардан бошотуу үчүн наараэылыгы күчөгөн жергиликтүү уйгур, казак, кыргыздарга жардамга алайлык кыргыздардан күч кураган Жангырга биздин Тайлак баатыр өз колу менен кол башчы катары кошулат.

Ага дейре нечен жолу уурданып чектен өтүп шимшиген; кытайлардын тилегин катырып, Атантай менен Тайлак көкөйлөрүнө тийген. Кытайга каршы бириктешкен Жангыр менен Тайлакты талкалап колго түшүрүүгө кытайлар генерал Баян-Батуну миңден ашуун куралдуу аскери менен Нарынды карай жөнөтөт. Душман колу Тянь-Шань тоолорун жамынып уурданып такай түндө гана жылышат. Арпа жайлоосундагы Тайлактын айылын капысынан түн ортосунда басышат. Жаш, кары, катын, бала дебей Тайлактын тукумдарын, тууғандарын кырып өлтүрүп, Акчий суусун жүздөн ашуун өлүккө, адам канына толтурат. Үй-мүлкүн, малын талашат. Бирок, Тайлактын өзүн колго түшүрө алышпайт...

Тайлак айылына апаат түшүргөн душмандарга каршы жамаатташ уруулардан кол курап, карактаган мүлктү жүктөнүп, малды айдап шаңдуу кайткан Баян-Батунун жолун тар капчыгайдан торгойт. Жүк, мал менен тез жүралбаган шагдан баскынчыларды Тайлак баштаган кыргыздар туш-тушунан качырып, кысып алдынан торголгон, эки капталынан аска зоо салаңдап кыскан капчыгайдын тар кычыгына сүрүп камашат. Кабышкан беттен кыргыздар олчойгон таштарды кулатып ок жаадырып, каракчыларды жанчышат. Кармаш айлуу түндө жүрөт. Таң атканда душман колу бүт талкаланат. Баян-Бату колго түшөөрдө өзүн өзү өлтүрөт.

Генерал Баян-Бату жексенделген соң, Кытай императору толук «жапайы жырткычтарга» өчөгүшүп урушууну токтотуп, марттыкты көргөзүп, алдоо менен, аларды таламдаштарынан

ажыратууга буйрук бериптир. Ошол капчыгай «Кытай кырылды» аталып калган. Ошентип Тайлак катылган кытайлардын катыгын берген.

Тайлактын экинчи эрдиги – как ушу Курткадагы чамынган Нарын дарыясынын куймасында Кокон хандыгынын беш жүз сарбаз, сыпайлуу беги, желдет, соодагерлери бийик да, калың да, чеп куруп чардаган. Жергиликтүү элге ыдыкты катуу көргөзүп, караптап эзген ошол чеп ордосун талкалап, талоончуларды кубалап чыкканында. Жердештеринен кол кураган Тайлак баштаган кармашта жеңилип качкан кокондуктар кекенип тынымсыз тыңчы жиберип турушкан. Кийинчерээк үйүндө ноокастаган Тайлакка жашыруун эмчи-домчу жөнөтүп уулантып өлтүрүшкөн.

Акыры душман колдуу мерт тапкан баатырга калайык ыраазылыгын билгизип, зоот куруп, кыш бышырып, заңгыраган эстелик-күмбөздү кыйраган Кокон чебинин жанына, Куртканын Нарынга куйган өрүшүнө орнотушкан. Жол боюндагы, эки дарыянын куюлушундагы дөңсөөдөгү эркеч майына, ысык отко, чөнөк-чөнөк төрт чарчы көз-көз зоот калыпка таштай бекем бышырылган кыштан кынапталган заңкайган күмбөз рабат – душмандарды жыластаган элдик кол башчы Тайлак баатырга багышталган кылымдар урагыс жеңиш белгиси – эстелиги.

Акындар Куртканы кечип бу өйүзгө чыкканда «Тайлак күмбөзү» алда кайдан заңгырай шаңдана, даңгыр жол боюндагы дөбөчөдөн булардын да назарын буруп, сыймыктануусун арттырып, дүбүрөтө бура тарттырып, жалпы атынан түшүрүп зыярат жасатып, куран окутуп, адамдык парзын өтөөгө ашыктырбадыбы.

Нурдин Тайлактын күмбөзүнө сыйынгандан кийин ого бетер шерденди дейсиң, өз жердеши, эр жүрөк баатыр, айлакер кол башчынын, тайманбас эрдиги корголгон эл намысын көркөм куюлуштура дастандык арым менен сүрөттөөдө.

Тоголок Молдо ыкласын толук буруп улам тереңдеп тыңдоого тартылды:

«Азаматсың Нурдин, «Тайлак баатыр» дастаны сенин гана энчиңде калсын. Сенчелик жеткире баяндоочу ким? Мен да жазуу ниетинде элем. Сенин дастаныңды кайталап уккан соң,

«Тайлакты» жазуудан баш тарттым. «Тайлак» дастанынын алгачкы жаратуучу ээси сенсиң Нурдиним. Арыштуу акын болоорсуң, аземдүү күчкө толоорсуң, алыстап учуп коноорсуң».

Жаркынбайдын төркү кенен бөлмөсүнүн эле эмес, оозгу үйүнүн, андан аркы далистин каалгалары ачык, жыкжыйма шыкалган ырга ынтызарлар. Кашектери алынган терезелерден сырттан биринен бири артылып, алардын артынан өгүз, ат үстүнөн эңилип жабалактаган көздөр канчоо.

Төрдө, акындар агасынын жанында, чылгый мандаш токунган эркектерден айырмалана жолборс комдонуш салып, көнчөксүз кулагын чунайта, челишчү букадай, тебетейин тизесине басып, дастанга арбалган үй ээси такыр башын дандайта Нурдин – «Тайлак баатырдын» аягына чыкканда Тоголок Молдого ормойбоспу:

– Балээ-э, мунуң жаакта жок ибилис тура. Бар бол. Бар бол. Дагы кимиси кезек алат – күпүрдө канча отурганын унутуп шайырлыкка көйкөлгөн калкка чогоол мүнөз кеченин ээси өктөм күрсүлдөдү:

– Авага чыккыла. Чай кайнамга эс алгыла журт. Анан тамаша улантат. Тарабагыла Тайлактын тукумдары.

– Тилегиңди берсин Жаке! – деше бей-бечаралар Жаркынбайды алкашса:

– Чокундук, сенин чоңдугуңа чокундук – деп карыя үй ээсин тамашалай… эшикке дүрдүгүштү.

Үйгө шыкалган көпчүлүк тышка жамыраганда, бет маңдай бастырмалуу даңгыраган короосуна батпай быкпырдай кайнап, наркы обочороок ачыктагы тепейген мончосун тегеректегендерди жара бөлө, шакирттери бучкактаган баш мейманын ээрчиткен Жаркынбай көнүмүшүндөй катуу бакылдоодо:

– Аллага шүкүр. Тоголок Молдо элең, эми толукшуган ордосуң, топту бузган жоргосуң. Букара калайык моминтип кастарласа, кербен башындай шакирттериңди шаңшытып акын-шайырлардын кеменгерине айланган сенин жолуңду мындан ары көркоолор тоспос, жазганаар. Сен азыр үйүрлүү айгырсың. Айгырдын үйүрүнө карышкыр кол салалбайт. Кол салса топ туяктан тумшугу кандайт. А Жакең сенден кем сок-

пойт. Өзү билип Токмокто малайлыкта торолгон томолой баш томор элем. Кимдердин эшигин сагалабадым. Жаратканга миң мертебе тобо. Кара жанды карч урган чокундук – кирестьян Жаркынбай там таштуу, мал жандуу, очор-бачар. Ага мобу чор кол, чийим чийилбеген жердин кыртышын доңуздай аңтарып, орустан Киреше уста, кыргыздан сенин аюуңдун көмөгү жеткирди. Акындык, жазмалык шарапатыңды тийгизип шакирттерди сен күтсөң, кирестьяндык шарапатымды тийгизип, кара жерди каңтарып, «эр эмгегин жер жебейт» жалчыларды жарытып дыйкандарды мен көбөйттүм. Айткылачы, чынбы каралакөздөр.

– Чын. Чын.

– Жакемдин жолун жолдогону оңолдук.

Азилдешкен акын менен крестьянга маашыркай жардана, жандана тегеректегендерге Тоголок Молдо Жаркынбайды колтуктан сүйөй ыргактуу доошун каргытты:

– «Жалгыз болсоң камбыл бол, көп жанынан түңүлсүн. Жарды болсоң жоомарт бол, бай жанынан түңүлсүн». Жаркынбай сен ошолсуң. Камбылдыгыңан, жоомарттыгыңдан жеттиң.

Курчалган эл түйшөлө үн катышты:

– Чын.

– Сөздү да таап айтканга жарашат.

– Молдоке дагы уларта түшсөңүз.

Жайдарыланган Жаркынбай бапырандай, колтуктаган акынга кулачын жая имерилди:

– Уктуңбу. Сөздү бирөөдөн сурабайсың. Агер баалансаң, кунун быч, ат десең ат, төө десең төө, таруу десең таруу, буудай десең буудай, картөшкө десең картөшкө даяр, төлөп берем. Чачырат алтын шилекейиңди.

Топурагандарга ансыз да барктуу Жаркынбайдын кадырын дагы көтөрмөлөө ниетин кубаттай Тоголок Молдо шыбыргактатты:

Бапыраңдаба байысаң
Баралың толуп жарысаң.
Бак-дөөлөт деген тоголок
Барпырап учат тайысаң.

Анан топтолгондорго карата:
Чокундуктан окудук
Кыртыш жерди чокудук.
Берекелүү дыйкандык
Бекен ойго токудук.
Кайра Жаркынбайга:
Мончо жагып, бак тиккен
Бараңги айдап, мал күткөн.
Жамиятка өрнөктөп
Жактырышат жан бүткөн
Жаны тынбас Жаркынбай
Жакшы иштен тартынбай
Жакырларга жөлөк бол,
Акындарга өнөк бол.
Айбаттанып каркылдай.

– Баракелде! Ылайым жамандык көрбө.

– Оозун ачса эле ыр чубурат. Айла жок тура акындыкка.

– Ооба десең, боосун чечкен каптагы буудайдай оозун ачса эле чубурат экен э, акындык.

Элдин кубаттоосун жактыра, кантсе да көөмөйүндөгүсүн айкындады Жаркынбай:

– Ырахмат көтөрө чалганыңа. Жамагың менен кутулбайсың. Тамсилиңден таңшыйсың, баатыракеси.

## АКЫНДАР АГАСЫ

Тоголок Молдо башында, топ шайыры кашында байырлаган Ыман уруусунун айылындагы дүң ар кыл. Экен-токондо көзгө сүртөөрлүк айтылуу өнөрпоздордун негедир чокундуктукуна токтоп, чылгый букаралардын жарпын жазгандарына кыжынып дүүлүккөн ага-тууган, бала-бакыраларынын «силер эмнеге чакырбайсыңар» – деген дооматтарына мартабалуулардын кээси чакчырылып олунууда:

– Демиңерди баскыла, каадалуу ырчы болсо, кастарлуу бизге имерилип, мактап жактап өзү түшпөйт беле. Томорго томор дампай. Тапканы Жаркынбай чокундук экен, Тоголок Молдо

озондоп отуруп ошондон кете берсин. Ырыс-кешиктүү айылдан айлансын. Жолотпойбуз.

Айрым жөн билги аксакалдар аксымдыкка жеңдирген чапчаң кызуу кандууларга жай жүйөөлү масилеттөөдө:

– Аша чаппагыла. Акыйкат башкараак. Тоголок Молдонун көкөйүнө тийип өзүбүз жалкытканбыз. Келдибек тукуму бизди Бошкойчо мактабайт, кайра шамыян кайрат, болуш аймагында эч ким аны ырдатпасын – деп Тоголок Молдону кыйкымдап кастарын тиккенде кимибиз даап чакырганга жарадык эле. Эми Касымбек кастарлап, акындар агасы атагына кондуруп, сыр көргөзө атайылап сынамакка жиберди. – Мусакожо, Султангазы өзүлөрү чакырбайт. Бирок, баягысындай башка урууларды, бизди тыя албайт. Бир ооз макулдукка көнгүлө. Букаралардын бугун жазып бүтүшөт. Ырчы, комузчу эзелтеден бай, жарды дебей атпай журттун эрмеги.

Аны Тоголок Молдо билет. Мына бизди жибергиле. Күтүнгүлө. Куштап, коштоп келтиребиз. Апталап кумар-чериңерди таркатабыз, Байымбет акындын биринен сала бири өткөн алгырларына.

Дегендей өнөрпоздордун таң тамашасына каткаксыган жаш, кары бүлөлөрүнүн таламдары кошул-ташыл кысмактап, терс аяктардын тизгини кагылды. Байлыгына чиренгендер Тоголок Молдонун шайырларынын үйүрүн өзүлөрүнө тартууга ичара бүтүм жасашып өкүлдөрүн аттантышты. Өкүлдөр бай, жарды дебей бакисине ачык Жаркынбай чокундуктун калайык үймөлөктөгөн үйүнө барганда аларды эч ким таназарына албады. Көптүн катарына аралашып оюндун кызуусуна бата элейишти. Тоголок Молдоң түшкүр, маштаган шакирттерин улам бирөөн андан мындан узатуусун жолдоп башка түрлүүдөн ойкуттура башкарып төрдө дөөлөт ээсиндей чыкчырылууда.

Кулун жал жылбырскы мурут улан ашыктык жалынын албырттата алда немедей торгой доошун кубулжутуп, чымырап тыңдагандардын жүрөктөрүн ээлентип, ата-бабадан бери кийинки канча урпактар улаар бул бүтпөс сүйүү ырын ар киминин сезимине чөгөргөндөй жайланта сыбызгыта аягын үзбөй созо таштап устатына ээгин көтөрө эдирейди. Тоголок Молдо көптүн

бирн сымал канагаттанганын жашырбай чокчо сакалын сыпаа бармак учтары менен сыламыш эте жайкаңдады:

– Жүкөй, улуу, кичүүнүн өзөк тамырына мынча өрт койдуң, эми «Насыйкатты» терме.

– Бал-ли!

– Кор тартпа Молдо Байымбет!

– Түрдүүлөп түрлөнткөн боз түлөктөрүңдөн айланайын!

Батынып алкаган ышкыбоздордун сүрөөнү угуучулардын ким кимисин делбирете «Насыйкаттын» чу деп чабыш майданына кандай арыш ташташын эңсете муютпаспы.

Жүкөй комузунун кулагын толгоп, кылдарын кың-дың күүгө келтире шашылбай кулагын төшөп, түпкөрү дилинен тулпары арыбай чуркагыдай таптаган саяпкерче жедеп узак чертимге жанбас чыйралуу илебине жеткирген соң, илелүү манжасын аспабынын чарасына олбуй-солбуй оңдоно мандаш токунду.

Не ажайып күү шаңкылдап үйдү, сыртты, бышыраган жылтыр көз жандарды серпилте, толкута чайкады дейсиң. Утуру мукам түрмөктөр аргыштай жогору атырылып, кайра назик буктурмалар сыбызгый басаңдай кабырылууда. Ана шатырашатман кубаныч, жеңиш, өсүш өркөнү шарактап шайыр кайрыктар сайраны көңүлдү оштонтсо, кайрадан кандуу кагылыш, кармаш, кыргын, ый, муңду элестете сай-сөөктү сыздаткан аваз сызгырылбаспы. Секиндеп кайгы илеби кайратка, муңбас, жеңилбес күчкө чыйрала, толукшуп өчпөс өмүрдүн сайранын кубулжута таңшыганычы. Баракелде, үч ичек миң тилдүү азем менен жер жаңырткан бийик доошту кайдан алды? Кыязы кудуреттин белгисиз сыйкыр күчү – күүнүн дөөтүсү коштогон белем.

«Насыйкат» – балким алгачкы сыйкырлуу комузчу Камбардан тартып абалтан чертилип улам кийинки чебер дараметине жараша толкутуп, бөксөртүп кошумчалап өнүктүргөн, ак калпак кыргыздардын алмуздактан берки тарыхын баяндаган «Манас» сыяктуу эле күүнүн дастаны. Ошо узак чертилген дастан күү «Насыйкаттын» ар ыргагында апчылган окуяны тилден да илбериңки көлкүткөн дил аркылуу талып, уюп туюнган

көпчүлүк комузчу качан шарт кайкып асмандаган ылаачынча колун кылдан тайгылта серпкенде аң-таң дирилдешти:

– Күү болбосоң коё кал!

– Насыйкат, аны черткен комузчу өлбө!

Тоголок Молдонун жанында балчайган Жаркынбай таноолуу жалпак мурдун чүйрө, буржугуй чор алаканы менен санын аткый, түктүү жалжагайыраак эринин чормоңдото жапырылды:

– Жыт бузулуп кетти, чыккыла! Тарагыла кечке дейре. Ак шам серүүнүндө эшикке от алоолонтуп, Көккөз, Киреше, Марыйа үчөөнүн кыяк тартып, шапар тээп бийлеген тамашасына чогулгула.

Минтип орой да болсо чындыкты бетке чабар, кайрымдуу үй, үлпөт ээси Жаркынбай гана айта алат. Ага минтүү жарашат. Шыкалган карандар «жытты бузган кимдер» түкшүмөлүндө алайышып зорго ыкшала козголууда.

– Ой оңбогон чокундук, ийиген жанды суутпай коё турсаң боло.

– Эшик, терезең ачык. Жыт эмеле чыгат.

– Адыра жеген оңбогурлар бар белем.

Кобурап наараазылангандарды ыргытчудай Жаркынбай тебетейин шыпыра, дандайта кырылган башын чулгуп тап бере тура демиктирди:

– Ой, ээ атаңдын гана көрү буларды кара. Мыктылардай союш, ырчыларымдын жолдугуна салык салбай бекер канча күн тамаша куруп бергениме ыраазы болбой, акарат жасагандарын көр а.

– Койдук Жаке.

– Кулдугубуз бар. Жаңылдык, жаздык.

Ак көңүл Жаркынбай текеберлүү немелерди тоголото сүзбөсө да кычуусу канган башын карс-карс кашына борсулдады:

– Күүгүмдө жыйылгыла. Ата-жотоңор көрбөгөн сонунга тунасыңар. Бол, эми тез жоголгула.

– Мал ээси машаяк, сенин оболуңдабыз чокундук.

– Давай, давай кер-мурунду токтот, жаки болбосо. – Жаркынбай үйүрүн жапырган айгырдай сыртка сүрө демитти.

Элдин арты сээлдеди. Бай айылынан жиберилген чакырык-

чылар гана серүүндөй басып, даарат узатыша жалгыздаган өнөрпоздорду акмалап сагалоодо. Алардан башка урууларды билермандары жөнөткөн тыңчылардын жүргөнүн да байкашты. Арийне, акындардын сапары карый электе, «колго тийген коёнду коё берген оңорбу» дегендей астыртан тыңчылар аркылуу чалдырып, даңазага тете өнөрлөрү артыктыгын чын болсо, чакырык жасоого ниеттенгендер арбындай.

Жаркынбайдын короо жайынан окчун арык тарапта мал кирбегидей ноолу согулган корукчасында тал, теректери сеңселип көккө боюн сунулта жалбырак, бутактарын жайып, бул чөлкөмдүн көрк ачары. Тоголок Молдо жалгыздай ошол жаш бакты аралап, серүүнүнө, жашаңына, бырп уча чырк-чурк чебелене эбелектенген чымчыктардын чулдуруна ырахаттана, адам ишкерлиги эмнелерди гана көрктөнтпөсүнө шерденүүдө.

Ананчы, аз эле жылда мынабу жайдак талаага тигилген бутак, бүчүрлөрдөн жайкалып бай терек, кара талдардын шамал, суук, ысыкка моюн бербей терең тамыр жайып күчкө толуп көлөкө, көрк бергенин карачы. Бара бара ээси керектесе четинен кыйып жагаарына отун, имаратына устун, түркүк, урунууга ээр, идиш, аяк жасоого жарайт. Бу жерге сепкен, тиккен өсүмдүктүн пайдасы. Арийне, өзү баштаган өнөрпоздор калк жүрөгүнө себелеген данектен укум-тукумга уланып калаарлык акыл, ой байытуучу, адамгерчилик, асылдык сапаттары көлөкөлүү гана эмес, мөмөлү дарактай көкөлөөр. Кол жөндөмү менен акыл ишмерлигинин пайдасы инсанатка бирдей жагымдуу. Жер кыртышына сепкен үрөн менен жүрөк, сезимге сепкен үрөндүн өнүмү окшош, ортоктош. Атайылап, ээндетип маектешүүнү көздөгөн Гриша менен Мария мындан ыктуу учурду таппастай акынды чочутпас үчүн алыстан жарыша унчуга жакындашты.

– Биздики ырчы дос, кечиресиз.

– Аз-маз мешайт этүүгө уруксатпы?

Куу турмуштун айынан жердин жети түбүнөн ооп, кара жанын карч уруп иштеген колу жөндөмдүү, пейилдери ак, тили буру эрди-катынды үнүнөн, чалымдуу, бирок таттуу сөзүнөн дароо таанып Байымбет кылчая утурлай кулачын жайды:

– Уруксат, уруксат. Силердей доско уруксат эмегенде анан…

Үчөө бак түптөй биртике баскан соң, далдоого токтошту. Белендеген сөздү алгач Мария баштады:

– Сиз, кыргыз акыны, биздин какол, то есть украин акыны Тарас Шевченкого, Биздин Кобзарга окшошсуз. Гриша экөөбүз тең ушундай ойлойбуз.

Тоголок Молдо таңданыңкы көгүлтүр көз, оңкогой тумшук, куйкул чачтуу жубайларга суроолуу карегин коюлантты.

– Кандайынча? Силердин Тарас атанган улуу акынды силерден ушу менен эки мертебе, башкалардан да уктум. Асарларын анчейин билбейм.

Гриша коржойгон шадылары менен жаак, ээк сакалы бериге коологон түктүү дидарын шуудурата укалап, ишенимдүү көзүн чекирейтти:

– Тарас кедей тукуму. Жашында жетим калды. Айылдагы динчилге кол бала болуп кат тааныды. Акылдуу, тырышчаак бала. Сүрөт тартууга кызыкса да, өнөрүн окуп өстүрө албады. Тарасты 14 жашка чыкканда башка жердеги оокаттуу, дөөлөттүү бай, жер ээсине «малайлыкка» жалдашты. Бай-төрө аны Петербургдагы үйүнө алпарып жумшады. «Малайын» үй сүрөтчүсү кылууга чоң сүрөтчүгө, акысын төлөп шакирттикке берди. Петербург сүрөт академиясын мыкты бүтүрдү. Орустун алдыңкы акын, сүрөтчүсү, окумуштууларына достошту. Алар ээсине 2500 сом төлөп Шевченкону малайлыктан куткарышты.

Теңдикти, жардыларды жактаган, эзүүчү падышачылыкты, төрө залимдерди кордогон ырларды жазды, элге таратты. Китеп чыгарды. Аны калк жактырды. «Кобзарь» ну силерче элдик акын аталды. Анын «Катерина», «Гайдамаки» деген дастандары бар. Кишилерди окууга, өсүүгө, башкалардан да үйрөнүүгө чакырган:

Учитесь, читайте,
И чужому научайтесь
И своего не чурайтесь.

Маселен анын «Заповит» (Завещания) кыргызча «Осуят» же «Керээз» деген ырын жат ырдабаган украин жок. Анда минтет:

**ЗАПОВИТ**

Як умру, то поховайте
Мне на могил,
Серед степу широкого,
На Вкраини милий,
Шоб лани широкопол,
І Днипро, кручи
Було видно, було чути,
Як реве ревучий.
Як понесе з Украини
У синее море
Кров ворожу... отоди я
И лани игори –
Все покину и полину
До самого бога
Молитися... а до того
Я не знаю бога.
Поховайте та вставайте,
Кайдани порвите
И вражою злою кровъю
Волю окроп те.
І мене в симие великий,
В симъи вольний, новий,
Не забудьте помъянути
Незлим тихим словом.

Карачы сезими, максаты сага окшош.

– Ырас окшоштугуңар бар экен.

– «Кобзарь» боштондук, теңдикти жардаганы, эзүүнү жсктегени үчүн падыша ага ыр жазууга, сүрөт тартууга тыюу салды. Сүргүнгө казак чөлүнө, Маңгышлак аралына айдашты. А сени Мусакожо, Калпа да ошентип сүргөнү калппы?

Тоголок Молдо ырды түшүнбөсө да айтканынан маанисин толук кабылдап тыңдады да, үшкүрүк менен сөзүн жөнөттү:

– Демек, чынчыл акындардын өмүрү дайыма сүргүндө! Шарк элинде илгертен Рудаки, Низами, Навоилер, орустун Пушкини, силердин Тарас, бизден Толубай сынчы, Музооке акын... акыйкатты гана тайманбай жардагандыктары үчүн акимдер

тарабынан айыпталган, кордолгон. Жакында эле Токтогул ырчы качан толукшуп жетилгенде эзилген элди жактап, зулумдардын бетин ачкан үчүн Сибирге айдашты. Акыйкаттан тайган, аны түшүнүп, барктай албаган, жасакер, жан бакты акын бүгүн сыйлуу болушу мүмкүн, бирок эртеңи кор.

Тили буру эрди-катын ойлогондорунун ордунан чыкканына кымылдашты. Ага кошул-ташыл, Жаркынбайдай жакырларга жаны бирге, көздөгөнүнөн кайтпас, чыгармалары элге эм, таланттуу шакирттерди тарбиялаган атактуу акындын чыңалып бүткөн эркин аларды өгөйсүтпөй ынанымдуу ачыктаганга жубайлар кирпик кагыша ниетиндеги негизги маселени копшошту.

– Сен ушундай теңчил, боорукер болгон соң Маша экөөбүздүкү чоң өтүнүч бар.

– Ырчы дос, сизге ишенебиз, жардам бериңиз.

«Өтүнүч». «Жардам». Тоголок Молдо саамга туманга чулгангансып тунжурады. Как ичкерки, тили буруударга мүнөздүү кайрылуу. Жалооруй тигилгендерди дагы зарыктырууга дити даабай мукактанды.

– Силерден аянбайм, колумдан келишинче көмөк көргөзөм. Айткылачы.

Эри аялына алайса, анысы чыканагы менен түрттү.

– Скажи сам.

Гриша кандайдыр кыйынчылыкка дуушарланган, андан кутулуунун аргасын таппай далпастаган кейпте, күнгө какталганына карабай саргыч тубаса жүзүн жоготпогон, азаптуу өмүр жолун батырган кат-кат бырыштуу маңдайына нымшыган терин жылбырскалата, өзүн күчтөп, ийимениңки көзүн жашылданта кылгыртып күлүмүш этти:

– Урматтуу Кобзарь, сенден башка бул иш боюнча кайрылчу киши жок биздики. – Үнү долдураңкы каргып, аздан соң кадимкисиндей чыңалды. Байымбет бу кулак угуп көз көргүс алыстан каңгып бөтөн жер, чоочун элди пааналаган башы оор, чыдамкай бардаштуу мусапыр адамдын жан сырын бактын бутагына жөлөнө жайланып кунттана тыңдады.

– Байымбет Кобзарь, биз ким, жакшы билесиң. Көп жыл жашадык. Колдон келгенди иштедик. Жора-Чокундукка биз

ыраазы. Жора – Маша, экөөбүзгө ыраазы. Аныкы турмуш оңолду, бутуна турду. Бизди эч ким кордободу, коркутпады. Сеники букара калк дурус. Манап, байлар кана зулум, баардык жердеги канкорлор окшош. Россияда кедей, ишчи, окуган жаштар, алдыдагы интеллигенция биригип, саясы уюм түздү. Падышага ачык наааразылык билдирүү, иш таштоо көп. Чоң көтөрүлүш даярдашты. Биз алыскы туюкта Нукарбай, сен, бу экөөбүз газеталар, жашыруун каттардан бирдеме угабыз. Башка жок. Букарбайга кеңештим. Ал сага айт дейт. Сен ичкерден келчү чоң жолго жакын, почта-бекети бар жердесиң. Маша экөөбүз ар кимге там салып, эмерек, жасап, пул жыйнадык. Кой, эчкини – акчага уруштурдук. Ат күттүк. Сеники жанына, Дюрбельджин барсак дейбиз. Аяктан деле бизге иш табылат. Борбор кыймылына кабарлаш болобуз. Калаларга барып, жүрүп, кайтып турабыз. Ушу эле айтарыбыз. Жардам кыл. Быякка Жора, мен «Крестьян», досумду чакырдым деп апкелген. Сен өз болушка, Касымбекке, уста орусту келтирели, там, таш салдыралы, эмерек жасаталы десе болот.

Сырдана, Кирешенин капысынан кармап санжаптаган өтүнүчү, тили сүйлөбөгөн менен бүт пейилинен күйөөсүнүн акылына кошулуп агыш дидарын тамылжыткан Марыянын ыймандуу кадалышы акынды эңгирете эңшерди бейм.

«Кирешең кур, көпчүлүк ойлогондой кара курсактын камы, өлбөс жандын далбасасы үчүн гана эмес, түпкү максатың түпөктүү эргулум. Узансаң колуң, окусаң көзүң иш тааныйт. Көөмөйүңдө ким кимибиздин көксөгөн эркиндик, болочок заманың оңолушу. Жакшылык түп борбор тараптан жакында жарылаарын, ага кабардар болуп туруу үчүн ичкериден катыш даңгыр жол жээгине өтүүнү каалаганыңда кеп бар. Мага жакын жүрүшү шарапатын гана тийгизээр. «Айыгаар оорунун давасы өзү табылат». Ниети таза мусаапырдын аздыр-көптүр дооранын жүрүп турганда кайрылганын карачы. Касымбек короо жайын кеңитип, дүкөн, кербен сарай, мектеп, мечит курдурууга, тууган урук, манап, байларын отурукташтырууга Букара, Кашгар жаатынан усталар издетип карайлаган учуру. Быяктын Мусакожо, Султангазы, башка уруу манаптары нечен

жылдан бери имарат тургуздуруп, эмерек жасатып туйтунушкан чүрчүт уста Гришанын дайыны тыяктагыларга да маалым. Анын үстүнө касташкан жааттан Байымбеттей ырчы-жазгычты мөрөйү үстөмдөгөндөй көтөрүлгөн Касымбек, эми колунан көөрү төгүлгөн устанын барышын кубанып кабылдайт. Сунуш эткен Тоголок Молдонун кадыр колкосун да аткарат».

Купуя оюнда чакмактап, чын жыйынтыкка токтолгон акын тунжурай жооп күткөндөргө көзүн бардай бакырандатты:

– Досторум, тилегиңер кабыл. Кудай жалгап, менин кудуретим жетээр маселени козгодуңар. Касымбекке силерчелик кадырым өтөт. Быяктан сапарыбыз карыганда, шайырларыма кошуп көчүрө кетейин.

Эрди-катын каректеринен учкун чагылта, экөө эки жагынан Тоголок Молдону кучагына кысып, эргите серпишти:

– Ырахмат Кобзарь!

– Ырчы дос, кандай жакшы киши!

Эх, жазмыштын жаалдуу, дүлөй күчү! Бирөөгө кыямат зар какшаткан түйүнү табылбас туюк нерсе, бирөөгө опоңой ооз жели менен чечилет. Келгин усталар кабырылган маселенин ажаатын араандуу акын заматта ачты да койду.

Аларды акмалап, улам ыкыстай берилип бак далдоосунан шыкаалаган караандарды тили буруулар небак чалдыктырган. Акын аларды байкабаган. Созулган баарлашууга кыжырлангандай, качан үчөө кучакташып ажыраганда, алигинин бирөө камчысын бүктөй өзүн төшкө коюп, Тоголок Молдону көргөзө жаңдады.

Киреше менен Маша чыйбыйы чыккандарга башын ийкегилей, акынга кайрылышты:

– Сизди күтүп чыдабай турушат.

– Чүрчүттөр биздики акынды неге кармады деп ачууланып атышат. Биз кетели. Эшик такырына суу сээп, шыпырып, кечки бий оюнга камыналы.

Тоголок Молдо эми гана бак арасынан оро-пара чыга калышкан адамдарды көрүп, кетенчиктеп жөнөгөн ынактарына колун эбелектетти:

– Ошенткиле. Көккөз үчөөң, «Чокундукту» да кошуп, жакшы даярдангыла.

Элчи, чакырыкчылар кимдин айылынан, кимдин атынан экендиктерин айкындап, ток этеринен чолушту:

– Молдо Байымбет, салтты бизден мыкты билесиз. Ак таңдай акын, алгыр куш, күлүк тулпар жалпы элдин ырыскысы, калайыктын кенчи. Түп атабыз бир, жерлеш, суулашпыз. Жер кезип, эл которуп өнөрдүн түркүнүн өркүндөтүп, лачын, кыргыйдан канчасын ээрчитип карчыга куштай калдайып жергеңизде шаңшып жүргөнүңүздө… биздин мыктылар да канча болсо өргүп добушун угузуп сайрандап кетсе дейт.

Алыстап имерип чалма таштап, эзелтен жүйөөлүү сөзгө устат элинин нарктуулугун дагы бир баалай Тоголок Молдо кайрылгандарга ызааттуу күрсүндү:

– Жек көргөнүм текеберчилик. Каалап чыкырып келипсиңер, жок демек белем. «Чокундуктан» сурангыла, качан бошотсо, ошондо баралы.

Чакыргандар ыраазылана күүлдөй алакан жайышты:

Ылайым учуң узарсын!

Жер каратпай, көк караттың, ыраазыбыз Молдо Байымбет.

– Кысыр эмди тай сойдуруп, өргөө көтөрттүрөбүз. Эмчектеги бала, эмгектеген карыдан өйдө дөөмөттөштүрүп чогултабыз.

– Үстүңө тон, астыңа ат мингизебиз!

Биринен бири өтө байлык, дөөлөттүү шарттарын ачыктай мактана, берилеген шакирттерге угуза күүлдөштү жолу болгон чакырыкчы азаматтар.

* * *

Коңур күздүн секин күңүрттөтө тыптынч магдыраган иңирин түрүлтө, леп-леп калкыган керимсел жел канатынын жортуулун, шоокумун арттыра, асынма орус кыягы-гармондон бапылдап сыбызгып, узакка созулуп, кайта жыйрыла кайрык жыбылжыган ажайып күү Жаркынбай – чокундуктун имарат жайынан алда кайда угулуп, бу чөлкөмдөгү окчун-окчун турактаган элдин кулактарынын моокумун кандыра, самсытып оюн-тамаша, шаан-шөкөткө үндөөдө.

Теребелди термеген бийик, назик, мукам күүгө кошул ташыл, камбыл Жаркынбайдын али жаздан кургактап, боола-

ган чырпык, чегедектерден тутанткан алоо жалыны асманды аймай, ал да алыстагылардын көзүн арбап Чокундуктун дагы бир жаңылык окуя курганын кабарлоодо.

Ал эми ысык үйүнүн алдындагы дардайган тегерек такыр суу себилип шыпырылган соң, жалындын жарыгына ого бетер түптүз тастайып шаттуу оюн зоок аянтына айланды.

Азыркы тамашаны деле Тоголок Молдонун тобундагылар жүргүзүүдө. Бирок, адаттагы ыр, күүдөн айырмалуу. Күйөрмандар үлп этип чаң чыкпас таздын башындай тасырайган кырманды тегеректей, ортодогу көз боечулардай шамдагайлардын шайдоот илээсине маңыраюуда. Жарданган жергиликтүүлөрдүн катарында Тоголок Молдо шакирттери менен өзүнчө топ.

Жапалдаш Көккөз улан моюнундагы чоюлуп бүктөлмө кооз бөртмө сандык кейиптенген гармон аталган кыякты безеленте, канатын жаза, куушурулта, ортозаар бүлкүлдөтө күү менен кошо алты саны кошо эрий, орустун, татардын, өзбектин, казактын, акыры кыргыздын обондоруи куюлуштура курамалата, бийиктетип жапыздатып бейкут калкыган тунук абаны толкута, чогулган, үстү-үстүнө андан мындан кошула берген көпчүлүктүн кумарын таркаткан сайын өзү да кызып күчөөдө.

Кыякчынын колтугунда Киреше уста аялы экөө демейдегидей саксайып самтырабай, айыттоочудай адими жасанып кийинишкен. Чындыгында, чоочун жубайлар гармон ыргагына качантан берки каткан черлери балкып, бойлору, түгүл ойлору эрип бүгүн өзүлөрүн майрамдагыдай көтөрүңкү эргитүүдө.

Жаркынбай үйү жагынан калдактай жетип Тоголок Молдого шыбырашып, берки тилкедеги шыкалышкандарды апчып, чапчый өзүнө жол бошоттура жиреп үркөрдөй топтошо, мал ээси машаяктан баштоо белгисин күтүп, өзүлөрүн өзүлөрү күүлөп даярданып турушкан үчөөнө жетип, бакисине угуза баркырады:

– Айдат! Төк, көлкүт, Көккөзүм! Киреше, Маша давай, чыккыла! Давай Гоппак!

Жардагандар чокундуктун акыркы бакырык «Давай Гоппак» деген сүрөөсүнө түшүнүшпөй копшолгончо, чок ортого атылып жеткен үчөөнө таңыркашты. Көккөз укмуштуудай ыкчам толкундуу күү себилтип, моюнуна асынып бооруна кучактаган кыягын

тизесине тийгизээр тийгизбес отуруп туура чимириктей тепилдетип чок ортого эрип, таманын тарсылдатып жөнөдү дейсиң...

Мындай элде жок өнөрдү Ичке-Суулук, Баатайдын жалчыларынын бири Токсумбайдын баласы Көккөз кайдан үйрөнгөн? Текшерип, тескеп келген нарындык төрөгө Касымбектин атасы Баатай оозу-мурдунан ашырган сый-урмат, белек-бечкегинин үстүнө, карамагындагы букараларынын тыңы ушу Көккөздү алдап соолап, кол ара кызматына жумшоого кошуп берет. Тестиер элпектиги, сергектиги, чыдамкайлыгы менен төрөнүн үй-бүлөсүнө, жан жөкөрлөрүнө жагат. Мурда комуз чертип жүргөн идиректүү улан тез гармонду сыбызгытып, орустардын шапар-бий күүлөрүн өзүлөрүнүн гармончуларынан кем тартпайт. Бара бара бийлерин да үйрөнөт.

Жакында гана Көккөз эр жеткенде атасы, ага тууганынын өтүнүчү, жолдугу боюнча Касымбек төрөгө колкосун чоң төлөп, өз жигиттеринин катарын толуктоого бошотуп, Тоголок Молдонун тобуна кошкон.

Аны көпкө жалгыздатпай – Ах! Ах! – деген тири укмуш илептүү доош жардырып аял, эркек койкоңдой ортого атылышты. Кийимдери чырайлуу, андан өтө кыймылдары не бир ажайып. Эркеги – Киреше, сары чачын үпүптүн таажысындай селкилдетип, боору, этек, жеңи сайма, тик жана кооз өрмө курчанып, балпактаган көгүлтүр жибек чалбарын балпактата жел толтуруп, өтүгүнүн таманын такылдата бирде даңгыл жерге, бирде кылчайып алаканы менен чапкылап, өпкө бооруңду өзөгүңдөн жулуп алчудай шатыра-шатман шарактаган кыяк күүсүнүн ирмеминен калбай тепилдеп алда кайда кайкый айлан-көчөк тегерене, анысы аз келгенсип кош алаканын алмак-салмак такырга жаный көчүгүн тийгизээр тийгизбес, эки бутун асмандата каюуда.

Аялы ачык такыя сымал кызыл-тазыл тасмадан башынан оролтуп, арка көкүрөгүнө түшүрө колоң чачына кошо желбиретип, көкүрөк көйнөк өзүнчө, этеги жайык белдемчиси башкача саймалары сансыз делбиреген.

– Ах! Ах! – деп наздана да, кылыктуу да короздой койкоктогон эркекти тегерене чимирилди дейсиң.

Жабалактаган таңданган тоолуктар чытырман токой ичиндеги чычырканактын ширелүү ашы менен, жийденин таттуу мөмөлүү шактарына учуп, коно шакылыктаган кыргоолдун сулууча кызыл корозун бөлөк мекияндарга тарттырбоо далпысында артынан кубалай, «Менден көрктүүнү, менден наздууну кайдан табасың» деп кукулап сыланып-тарана чамберек аткан бозтек оюнуна окшоштурушту.

Ойсоктогон ургаачы затынын ийилип чоюлуп, керсейе моюн толгогон эркекти аздектей ага жагууга, имерүүгө бүгүлүп чөгүлө тыпыраганы «Ах, ах!» – деп назик аваз менен үйрүлгөнү элеттик ышкылуу жигиттердин, а түгүл картымык аталардын безине тийип сүрөөн, каткырык жаадырууда.

– Бали, келин болбосоң коё кал!

– Айдат!

– Сага көңүл бөлбөй, тигинин керкеңдегенин кара.

Жапырт бийдин ыргагына кызуулап, толкуган элди Жаркынбай чокундук жапырды:

– От, көзү бозоруп окшошкон наалаттар, кирген букача өкүрбөй моминтип кол чапкыла! Ал өзү булчуңдуу кулачын далпылдата чор алаканын тапылдатты. Көпчүлүк аны туурап, заматта Көккөздүн гармонунун лепилдеген күүсү чак-чак, шарак-шарак бир ыргак алакан табына арчанын жалынындай чатыратып, теребелди чалкытып, бийчилердин көзгө илээшпеген кыймылын да, «ах-ах!» илебин да шаңдантышты.

Аялдын амалы оңойбу, коржоңдоп, моюнун толгогон эркек акырындап азгырылып, жибип, кайрадан ургаачысына жасакерлене, жалбара баштады. Кулпурган келинчек сыр көргөзө таарынган өңдөнүп мейинген жигитти делбиретип колуна тийбей колтугунан, коюнунан булт коё эсин эки кылууга өттү. Эми улан жетпесе намысын алдырчудай бийкечтин көңүлүн жибитүүгө жандалбасалап «Ах, ах!»ты каңыртып канатын каккылап асман жерге кайкыды эле…

Жабалактагандардын кыраан каткысы, алакандарды ысыта бир ыргактата күүнү, эркек, ургаачынын наздуу оюнун коштошту, ортодогу жеке үчөө эмес, жапырт түнкү тамашанын ажарын ачышты.

Күү басаңдап, бий жайлаганда Тоголок Молдо шакирттеринин улуусу, азырынча таасыны Нурдинди шыбыштап алдыга жетектеди. Башынан уланган ирети боюнча «күлүктөрдү» чабышка түшүрүүгө жарчылыкты табыштады.

Нурдин жарчылык жышаанды сактап, бакисине угуза катуу шаңгырады:

Э-эй, эки чүрчүт, бир кыргыз
Эрип учту ок жылдыз.
Асман менен жериңди
Аймай сызды эч тыңгыс.

Азыраак алар сеп алсын
Абадан искеп дем алсын.
Кереметти көргөндөр
Калайыкка бүт жайсын.
Молдокем өгөп бүлөгөн
Тай чагында сүрөгөн.
Молдобасанын чыгарам
«Манастан» калкым сугарам.

– Ба-а! Жара азамат!

– Ой, карала көздөр «Манасты» жайланып отуруп уккула! Жалпайгыла! – Жаркынбай курдашы Тоголок Молдону ийинден баса өзү балчая, чөк түшө такырды айланта тизе бүккөндөргө моюнун созо тескегенче чок ортого талпак, анын үстүнө көлдөлөң бүктөлүп, ага муруту жаңыдан кылкандалып керилген жаш улан, көк ырапы кемселинин жеңине апакай көйнөгүн булайта каруугa чейин түрүнүп, суусар тебетейин жанына коюп, коломочтоно комдоно отурду. Туурга конгон шумкардай ормоюп бакылдаган элди кыдырата жанып өттү.

Ал чынында, үндөктө жүргөн маалы, каерден атылтууну, көнүмүшүндөй устасынан сурагысы келип, аны издөөдө. Жедеп, көп ичинде алыс, саяпкер эмес, угуучу катары бөккөн насаатчысы унчукпаган соң, добушун зыргытты?!

– Молдоке-е, каерден, кайсындан баштайын?!

Анын каадалуу манасчыдай шашпай орун алып, камынганына сугулган калайыктын ичинен ар ким тил каргытты:

Ананайын балапан тура. Жем сурап атат.

– Бу кейпи менен «Манасты» жарытып айтпайт го.

– Шүк отур. Комдонушунда жатат.

– Бөрү атаар уул тура, бөркүнөн тааныбайсыңарбы.

Дүүлдөктү абайлап, элдин күдүктөнө толкуганы пайдага чечилээрине кымылдап, качан басаңдаганда Тоголок Молдо обдула, бармагын кайкалатты:

– Молдобасаным жүрөксүнбө, айланайын. «Алмамбеттнн арманынан» ташта.

– Жарайт, Молдоке! – Молдобасан сүйүнүчтүү үн катты. Молдокесиндей кыл табып барбы. «Жүрөксүнбө» деп кайраттантып да, баарынан жат, даана, элестүү айттырып төшөлткөн «Алманбеттин арманынан» ташта дегени жарабадыбы.

«Манас» көп бөлүмдүү. «Чоң казат» – жетилип өрчүп жеткен тал чокусу. Азыр Молдобасан айтуучу «Алмамбеттин арманы» ошо «Чоң казатта». Манас кыргыздардын ыркы жок, үйдө баатыр хандарынын башын бириктирип, эзелтен эгешкен жалпысынын анык жоосун багынтууга көндүрүп түмөндөгөн кол менен жер союлта аттанат. Кол башы, миң башы, жүз башы, он башылар дайындалат. Хандыкты Алмамбетке берет.

Алмамбет алыс жол, аскар белдерде чыдамдуу, чыйрактарды тандап, чабалдарын калтырат. Жоокерлердин айбаттуу, кайраттуулугун арттырып темирдей катуу тартип коет, күндөп, түндөп тынымсыз сүрдүктүрөт. Чек арага чукулдаганда Манаска кайрылып айлалуу, күчтүү душман Коңурбайдын адам гана түгүл айбанат, канаттуулардан койгон сакчыларын, чабуулга өтүүдөн мурун чалгын чалдырууга кеңеш берет.

Манас ал акылды туура таап, баардык жагынан ылайыктуу Алмамбеттин өзү экенин айтат. Анткени – Алмамбет Кытай чегинин, Бээжин калаасынын, Коңурбайдын жайын жакшы билет. Кезегинде наразылашып, динден чыгып акыреттик дос, тууган болууга Манаска качып келген Алмамбет, баатыр Манастын сунушун кабылдап Сыргакты ээрчитип чалгынга жөнөйт. Тал чокуга чыгып дүрбү салып бала кезде өскөн гүлзар чарбагын көрүп, эркелеткен энесин, бир тууган, жоро-жолдошторун эскерип жашыйт. Илгерки элдин өнөрүн, окуусунун кыйын жана начар жактарын,

жер шартын Сыргакка мезилдейт. Коңурбайдын куу өрдөк, кызыл түлкү, бугу, тил зымдан койгон сакчыларын, алар жат элдин жакындаганын көрөөр, сезээр замат кабар жеткирээрин, байкатпай илээ менен гана кароолчуларды кандайча жайлоону түшүндүрөт.

Өзүн Алмамбеттен жогору дебесе кем ойлобогон, Манастын оң колу катары эсептелген Чубак баатыр Алмамбеттин чабуулга кеткенин кийин билип ызаланат. «Жоону чапса мен чаптым, жолборсум чапты деп чаптым» – деп андан жакын көрүп, ишенгени Алмамбетби деп Манаска таарынат. Ызаланган баатырды ого бетер көкүтүп Кыргылчал чагым салат. «Манас го мейли, чоңдук энөөлүк кылып койгондур. Алмамбет өзү сага кеңешип, кошо барышыңар кажет эле» – дейт. Айтса айтпаса төгүнбү, аны таштап, өзү гана эрсинип чалгынга кеткен Алмамбетти жайлоого Чубак албууттанып, чамынган бойдон аргыштатат. «Ач айкырык, куу сүрөөн, Акбалтанын Чубагынын» беттегенинен кайтпас көк жалдыгын билген Манас, паймапай келишкен көзгө басаар оендору бири-бирин кызыл кыргын жайлашып салбасын дел заманасы куурулуп жер түрүлтө айкай салып Чубактын соңунан Аккуласын атырылтат.

Айткандай, кармашкан арстан менен жолборстой Алмамбет менен Чубак аркырап кылычтарын кындан сууруп кыя чабышууга айыгыша айбаттана беттешип калганында Манас жетип ортосуна түшө калып, экөөнүн буудандарынын ооздугун эки жакка кагып, өзүнөн кеткенин баяндап, баш чоролорунун наарazылыгын жазат.

Молдобасан ошондогу бекерден бекер олунган Чубактын акмактыгына жинденип, ачуусу тарабай Манас болбогондо, эч эрден кем эмес дооран сүрмөгүн, хандыкты сурабагандыгын, элсиз жалгыз эңгирегендин тагдыры кыйындыгын чу дегенде барчын бүркүттөй аваны толкуткан кооз авазынан баркылдап, бара бара колу, бою, өңү түсү кошо куюлуша болкулдады дейсиң, канча күрпүлдөсө, чойсо, буктурса ошончо созолоно, угуучуларды жашыта, кайраттанта кадимки чоң Манасчыдай заматта чайкап тартып алды.

– О, үнүндөн үйрүлөйүн.

– Кадимки чоң Манасчы турбайбы, сок!

Молдобасан улам нарылай өзү да кызып, сүрөөгө кубаттана ээлигип арманын төккөн Алмамбеттин абалына түшүп, көздөн жаш ыргыта бирок, дабышты сүрдү каргыта окторулуп, жазыла, бүктөлө бакылдоодо:

Кан кыл дедим киминди,
Кааладым келдим диниңди.
Каның экөөң бирикчи,
Каардансам шу жерде
Калабадуу Чубагым
Кагайынбы жиниңди.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Карап турсам дүнүйө
Каңгырган эрдин шору экен.
Калкынан азган кор экен!..

Жерде алоо жалын, көктө чалкая толгон айдын жарыгында, коңур күздүн керимсел түнүндө Жаркынбай чокундуктун кырманында өткөн оюн бул чөлкөмдө дары болуп көрбөгөн укмуш катары көргөндөр да, көрбөгөндөр да арманда – деген даңазаны арбытты. Кантсе да пендечилик курусун. Тоголок Молдонун тобун жактоочулар канча жабылса, жектөөчүлөр да күңкүлдөп, акаарат жаадырууда.

Деле тили, өңү буруусу дебей адам баласынын эриш-аркак өнөрүнүн чексиздигине, ар кылдыгына ынанып, ыраазылангандар ошол түнкү ырахатты унутпай тамшанышты.

– «Бир күндүк өмүрүң болсо, түштүгүңө жорго мин».

Жакшынын шарапаты. Тоголок Молдобуздун торколуу таң тамашасы өркүндөй берсин! Аны басынтам деген көркоолордун тукуму курут болсун!

Кыйкымчыл макоолор, бөтөнчө Мусакожо, Султангазы тараптагылар теңирден тескери чыйрыттай ызырынышты. «Күнүнүн күлү жоо» дегендей Бошкой ырчы жамантты күң-күүнү ырбатууга далбастады.

– Э койгулачы, ошо шайтандын шапалагына айланган Тоголок Молдону. Өзүбүздүн көйкөлгөн өнөрүбүздү иритип,

каапырлардын жин-шайтан кубалаган оюнун баштап.

– Ооба десең, андай саксаңдап секирип, мекиренген эле керек болсо, бакшы, бүбү, дубананы баш коштуруп ортого чыгаргылачы. Кандай бооруңарды тырматаар экен.

– Кызыталак Тоголок Молдо, узун элдин учун, кыска журттун кыйрын булгап бузмай болду.

– А каапырга кажынган Касымбек эле «жыргасын». Келдибек тукумунун журтунун четине жолотпойбуз. Бейадептүүлүктү каалаган колтук ачаар ээн баш ымандар, сокучулар, чоңчарыктар, кайдулаттардан бери аттабасын, бизге каттабасын! Алар да Касымбектин жолоюна түшүп, үндөгүнө кулак түрүп бөлүнүп-жарылгысы бар. Коюу бирге короолош, ашы бирге жоролош тартып бириккилери бар имиш баччагарлардын.

Ордолуу Келдибек тукуму канчалык опурулбасын, илгерки кан тырмак ата бабаларынын доорундагыдай карамагынан ыдыроого баш койгон урууларга тыюу салалбай, алыстан кекетип мокотушту.

Жамаатташ түтүн, жан башы алда канча көп ыман, чоң чарык, кайдулат уруктары Чоро аталганы менен үркөрдөй Жамболот, Келдибек тукумунун опузасынан коркпой, ачык айыгышка чыгууга беленденген учурлары. Как ошондуктан өз ара тил катышып өйүзгү Касымбектин атайын үптөп таптап, негизи, сынамакка жиберген Тоголок Молдонун шайырларын колмокол кезметтеше куштап тосушууда.

«Чоң айыл эр болсо чаап алсын. Ата жотосунан берки көргөзгөн ыдыгы жетет. Тумшугун канжалатабыз» – деген ич-ара өчөгүшкө чыңалган. Ким киминин күчү, кыялы, чатактан табаар пайда, зыяны белгилүү болгондуктан чоң манап жааты менен майдараак уруулардын текөөрдөшүүсү күчөгөн маалда «отурган жери оюн, токтогон жери той» болгон Тоголок Молдонун сапары, жеке эле эл көөнүн жашартуу менен чектелбестен, ар уруу өз эркиндигин талашкан айыгыштын жиктелишин, адамды жасакерликтен эмес, адал эмгеги, алгылыктуу өнөрүнөн баалоонун мезгили жетилгени эскерткен дүмөккө чырмалды белем.

* * *

Курткадагы узакка созулган акындык сапар аяктады. Баба дыйкан «аюу» – Байтымбет иниси өнөктөштөрү, бүт кайдулат айылдары менен кулак түрүп, агасынын шаң-шарапаттуу сайранын угушуп, өзүлөрүнчө демине семирип, жоролордо чогулуп баржактап көтөрүлүшүүдө. Мына өйүзгө шатектеп аттануу алдында кайрылып үйүнө өргүп, жыйынтык тамашаны куруп, батпай догдогондорго түгөл көңүл буруууга, кол кысышууга Молдокеси дилгир.

Туугандары акын жөн киши болбогонун, ага жылуу мамиле гана керектигин ушу саам даана баамдашты. Ана коштошуучу маал чукулдаганда тепейген үйгө өтө жакындары, журт аксакалдары гана баткан. Алар ушерден кош-беш айтышат. Байтымбет баштаган жигит уландар кошо аттанууга, Нарын дарыясынан кечирип, Сары-Уңкуйдун жонуна узатып коюп, анан кайра тартууга аттарын белендеп сыртта күтүүдө.

Балтыр бешик мотуракай Турдалысын акын маңдайынан сылап, көкүлүнөн жыттагылап алаканына кондурган боюнча баккан чоң апасына сунду. Коңур эне көзү бажырайып, тоголок жүзүнөн мөмө жытын аңкытып, жука эриндүү ууртунан эркелеткенге күлмүңдөгөн небересин көпөлөкчө калкыта моюнуна жармаштырды:

– Көпөлөгүм, өзүңө окшош. Арча бешигиңде торолууда. Бат-бат сагынтпай келип тур, атасы. Балам – деди эне буйдала, небересине шылтоолоп өзүнүн сагынаарын боолголото. Анан ак сакал, көк сакалдын көзүнчө, кубаныч, топук албырган бырыштуу жүзүн жайдарыланта чыгынды.

– Балам, шакирттериң менен келгениңе ай моюндады, эч киминин көңүлүн оорутпай, элдин баарынын чакырыгына ырас барбадыңбы. Улгайган уулу үйрүлгөн эне мээримине эмне дээр экен кыяпка жанындагылар делдейишти.

Бүрүшүп шүйүп карылыкка моюн сунган апасына Тоголок Молдо өзүн көндүм баладай тутуп, эрээркей сүйлөдү:

– Баарына эмес, мени каалагандарына.

– Ошо каалагандарың көп тура.

– Көп. Мындан да көп болот.

Энени урматтаган улгайган уул менен баласынын тагрына сабылган карт энени кыска алым сабагы ар киминин жүрөгүнө жылымтык илеп соктурду.

Сырттагы узатуучу эр азаматтардан бөлүнүп, дыйкандын тыңы, куду заңгидей ныл жылтыр кара, дуңкул тармал сакал Андаш эшикти шарт ача түз эне менен уулдун ортосун далдоолой дагдайды. Ал таар кемселинин коюнунан кызгылт жибекке ороп үч бурч тиктирген эмени, чорго күржүйсө да, сырт өңүнөн айырмалуу агыш алаканынын отуна серпе Тоголок Молдого, көбүргөн, тикенек сугунган атанча, бозонун буркураган жытын бүркө оозун калбаңдатты:

– Айып этпе, мына мобуну не дейсиң?

Кээ бирөөлөр, шакирттери да шуңкугуй жаргак малакай, таар кемсел, чылгый тери чокой обу-сынсыз лакыйган, арабстан жааттагы заңгилердей, оозунан бозо буркураган дөлүнүн тик качырып, майланган чүпүрөктү алаканына өкчөй акынды демиткенине жыйрылышты. Бирок, акын ага жайдары күлүмсүрөдү:

– Тумар.

– Туура тумар. Тумар ар кандай. Кандайча тумар эмне бар айтчы?

– Оору сыркоо, балакет салакеттен сактап жүрсүн деп жолоочу олуя чалыш кожолордун бирине курандан дуба жаздырып, тиктиргендирсиң. Ач, окуткуң келсе окуп көрөлү.

– Жаңылдың, акын молдокеси.

– Анда Андашым өзүң айт.

– Мында сенин өз колуң менен жазып берген, о-у, бая мен Толгонайымды тарттырганымдагы «Андаштып арманы». Курандын дубасынан жогору мага даваа, бел болбодубу. Өчүмдү алдым. Элдин баары, мына биз тургай, кийинки кенжелер ырдап жүрбөйбү. Мурда менин коюнумда катылчу. Эми баламдын бешигине тагылуу. Көзүм өткөнчө сен чийип берген ыйык күчтү – тумарды бапестеп сактайм. Эсиңдедир мени мына минтип ырдатпадың беле? Колдурттады:

Ай чырайлуу Толгонду
Аюудай болгон карт алды.

Малын берип айрылып
Курдашың Андаш кур калды.
...Күмүштөн сөйкө тагынган
Кулагында болсомчу.
Күндө барып суу алган
Булагында болсомчу.
Улуу тоонун боорунан
Улар болуп чакырсам
Угаар бекен Толгонум?
Кара тоонун боорунан
Карга болуп чакырсам
Караар бекен Толгонум?
Ушул эле айтаарым.

Андаш шак бурулуп, каалганы түрттү.

Тоголок Молдо не деп айтаарын билбей эт жүрөгү элжирей көз шооласын ээрчитти. Акын кадырман кара неме заматта даарып кеткендей дапдаарый жардангандарга угузаар-угузбас күбүрөдү:

– Бар бол, Андашым. Ырды тумар тутуп, ыр менен өчүн алдым деген эрди көргөнүм ушул.

Дүрдүгүп сыртка аттанууга ыкыстаганда айыл аксакалы Өмүрзак күчтөн тайган муздак колун суна, туугандарынын атынан акыркы жөнөтүү сөзүн копшоду:

– Балам, кудайга шүгүр. Журт ырыскыдан өксүбөйт – деген накыл чын. Биздин дөөлөтүбүз Музооке өткөндө жер сыйпаладык эле. Карала бийликке жетип, сыймыгыбызды кондурду. Андан айрылганы, катардан калгансып томсордук. Сен болсо кара жаныңды калкалап селсаяктыкка көндүң. Өңгөнү билбейм, мен сенин акындыгыңды башынан жеригем. Бу сапар кол койдум. Кайдулат арбагын көтөрүп таштадың. «Бербесе бел, албаса арка» болуп калган экенсиң. Сага балам, бабаң Музоокенин сыймыгы жылоолоптур. Каттап, өлү тиригибиздин башында болуп тур. Кимиңер бар десе – Молдо Байымбетибиз, Тоголок Молдобуз бар деп демөөр байлайбыз. Кайда жүрсөң аман бол. Жолуң шыдыр, жолдошуң Кыдыр болсун!

Тоголок Молдо аймагы кең жергеси Куртканы кенен кесири аралаган акындык жана адамдык жортулуу аяктаган соң, туй-

гусунда, турпатында кандайдыр эргүүлөр өскүлөң серпилтип сээрлентүүдө.

Арийне, ал жортуулдан эки утушту ээлебедиби. Биринчиси – темир канат боз түлөктөрүн уядан учуруп, бет алдынча төл гана эмес чоочун асман мейкиндигинде, шаңшып сызууга, өз жемин таап сайрандоого такшалтпадыбы. Ооба, үйдөн, жытыккан айылынан алыс чыга элек, ар өнөргө талпынган шакирттерин башка элди кыдыртып орто, чоң, жыйылмаларга ээн коё берип калк сынагынан чыгарбадыбы. Эми шакирттеринин ким кими кайда, кандай, канчалык чама-чарктуулугун, өздөштүрүү, өркүндөтүүгө кудуретинин чамасын өзүлөрү да, өзгөлөргө баамдатышты. Жүрөктөрүн токтотуп, ишенимге белин бекитишти.

А устаты, тай кунан күлүктөрүнүн ар биринин мүчүгөн, аша чапкан, мүдүрүлгөн, ала качкан себептерин иликтеп, кантип калыбына келтирүү жагдайын териштирүүдө. Кимиси алыска, кимиси чукулга чуркаарлык даремеtке ээлигип чакмактоодо.

Экинчиси – тырмышып-ырмышкан далаалаты бекер талаалабай, жалама таштуу зоокадан жогорулап түйшүктүү өмүрүндөгү дагы бир ээр белеске көтөрүлбөдүбү. Белестин кайкысын өрдөп, өзөндө тунук булак мөңкүп, бетеге тизеден буралган, эч кимге тарттырбас жаңы конуш таппадыбы. Ал журтка жалгыз үй эмес, манап, бай айылдарынан өтсө өтөөрлүк, ылайым кем сокпос, өнөрлүүлөр – ырчы, комузчу, обончу, кыякчылардын өңү өчпөс чылгый ак өргөөлөр тигилген айылын кондурбадыбы.

Ошо өзү кондурган бийик сере, төр жайлоодогу акындар журту анын аброюн, бийиктен шаңшуучу авазын Куртка, Нарын жергесинен бүткүл түндүк, түштүк, оң, сол кыргыз аймагына, андан да арылап ичкеридеги ар уруу элдерге эртедир кечтир тоо жаңырыгындай, жел канатындай калкытып угузаар. Серелүү жаңы бийиктигинен демденген, кубаттуу акын алдыдагы дагы сансыз кыйынчылыктарга кирпик ирмебей арбашаар.

Болочокку өмүр алдын ала жоругудай түш бекен. Ар кадамында урунуп-беринип, аттап, же мүдүрүлүп алга жылуучу түйшүктүү түрткү. Маселе, ошо тоскоолдуу жолду мурун элестетип, камынып, чыйралып барууда. Арийне, ишенээри жок,

жетимдик, жокчулук азабын башынан өткөргөн, ак менен караны, адилеттүүлүк менен зулумдукту, адамгерчилик менен жүзү каралыкты, күнүмдүк калпыстык менен түбөлүгү түздүктү айра таанып, өз тагдыры аркылуу турмуш чындыгынын сыноосунан өтүп, жумшактан чыңала ширелген болоттой курчуп келаткан акын жазмыштан даяр бакыт күтпөйт.

Эгер бакыт кушу бар болсо, алал эмгеги, элге гана үрөгөн жан байлыгы качандыр анын мүрүсүнө кондураар. Конбосо айла канча. Буга чейин өзүн өзү кайрап, караңгы элине үлпүлдөгөн жалгыз шам катары агартууну, өнөрдү, теңдикти, чындыкты кандай жардаса, мындан ары андан да чың, арымдуу жардай берет. Ар урунттагы өмүр шертин кудуретинин жетишинче аткарып, утуру жогорулата милдет тагып бекемдөөдө.

* * *

Касымбек болуш күңгөйдөгү башка бийликтеги элдин пейилин жибитип, өз кадырын көтөрткөн шайырларынын ичинен ылым санаганы, менчик эсептегени Нурдин акын. Ошо Нурдиндин өтүнүчү боюнча Тоголок Молдону төмөнкү Туткуй тарапка жөнөтүүгө уруксат эткен. Алары жөнөөгө беленденгенде куш тилиндей кат жеткизген чабаганчынын жаңылыгынан улам, токтоттурду. Өкүмдардын ою жактырган жаш ырчысына чырмалуусунан жанбай, чабаганчынын кабарына жайбаракаттанды.

Нурдин казалдатып жазмалыгын, окумалдыгын андан, төкмө ырчылыгын мындан Тоголок Молдого кошулганы арбытуунун гана үстүндө. Касымбек манап андагы кескин жогорулоого тымызын кыпыюуда. «Буюрса, төл козумдан кочкор салам. Нурдиним, Тоголок Молдонун таалим таасирин өздөштүрүп өркүндөй бер. Устаттан шакирт өтүптүр. Сен ошент. Өз букараларымдан, биртике Кадаң уруусунан сен өнөрлүү, элпек көкөлөөдөсүң. Буюрса, баш тарткыс менчик акыным болосуң. Келдибек тукуму башынан ырчыга жарый элек. Бошкою карды токтугунан кампайып, көзүн май басып, сенин чениңе жолой албай калды. Бошкой азыр ырчы эмес, бай. Жетик

ырчы, шайырларды шаңдуу күталбаган журт башкаруучусу кунарсыз Келдибек тукумунун бийлиги азыр карт Мусакожо жатындашына боор тартып Султангазысына жылдырды эле. Кичүү катындан шылуун Калпа кызынын калыңына алган жүз ирик, тогуздаган бодону Анжыянга айдатып түшүрүп пулдап, Мекеге саякаттап зыярат жасап ажы аталып кайтты. Жолдон Ташкенге, андан Пишкек, Караколго, Нарынга саамыктап токтоп, улам түпкөрүдөгү чоңураак төрөлөрүнөн беркилерине Куртка элинин баш манабы, Келдибектин өткүр тукуму Калпа ажы делип эсептелсин деген карар намэни күбөлөндүрүп, алдын ала чабаганчыдан кабарлатып кайраттуу, каардуу кайтты.

Жашында алдуу жигиттерди, күлүк аттарды тандап, шалк этме чочмор байланып, алыстан жылкы тийип, ууру, кески, баатыр аталган Калпа түгөт, агалары сураса да, болуштукту ыраа көрбөгөн соң кезенип, Мекеге дейре чабыттап ажы атагын, ага кошумча өзбек, казак, кыргыз, хан, султан, бектерине, түбүнөн мыкты, белгилүү бабаларын эскертип таанышып, алар аркылуу ак падышанын төрөлөрүн майлап жагып чоро-ыман элинин БАШ МАНАБЫ атакты алышы жол боюндагы бүт кыргызга, Чүйдөгү Шабдан, Байтик, Дүр, көлдөгү Чыныбай, Кочкордогу Канат, Жумгалдагы Мырзабек, Көкүмбай, Курман, Ат-Башыдагы Чоко, Куланактагы Касымалы манаптарга чолосу тийгендерге токтоло кеңешип кол кармаша маалымдалып, узун элдин учуна даңазаланып Куртка-Терекке опузалуу келди.

Касымбек амалдуу, кажарлуу Калпанын зоболосун жогорулаткан сан-салтанатына кыжырланды. Алда кайдан элдин үрөйүн учуруп озуна кабарлай кайрылып жаалдуу, баланчага токтоду, түкүнчөгө өргүйт экен, өйүздөн Мусакожо, Султангазы, Аалы агаларым, бүйүздөн Касымбек тууганым сагынып сан-жыргалуу кайткан Калпа ажы инисин тоссун. Өткөндүн баары унутулду, кеткендин баары кечирилди. «Түбү бирге кошулат, учу бирге жазылат». Түбүбүз бир. Мындан ары ынтымак, ырайлуу жашайбыз. Мекkeден тартып араб, фарсы, ооган, түрк, орус, түркмөн, казак, өзбек, кыргыз мыктыларынын ардактуу коногу болуп инсанат тагдырындагы татаал масилетти куруп келаткан АЖЫ, манап таажылуу Калпаны жер каратпасын эскертип ар

кимине кат чийип, жөнөтүптүр чабаганчылардан. Оңбогон куу Калпанын алыстан, сестүү жиберген дубай саламына Касымбек кыжынып дүрбөп, өйүзгү агаларына кулак түрдү.

Калпа канчалык шагын сындырса да, агалары түтүшпөдү. Карт Мусакожо «Ай болбостур. Ак кийиз бөктөрүп, ак байталды жетелеттирип, уруу билермандарын, миң башы, жүз башы, старчындарды, бий, байларды топтоп, өз тукумунан эркек аттууну жапырт аткарды. Сакчы Куланактагы Касымалы манаптыкына түштү, өргүп эртең аттанат – дегенде, таң заардан Нарынды кечире казганактата жолун тостуруп чыкты.

Ал кабарды уккан Касымбек мыкыйына байкоостон канжар урдургандай карегинен от чагыла көзүн бардап ачып, кылгыйма Мусакожонун майда таарынычты коюп, жалпы намысты туу туткан акылы экенин, чындаганда кыйышпасына кыжынды. Жигит жалаңдары, Тоголок Молдо, Нурдин ырчылар да кошо шатектеп шашылыш чаптарды кыйгап тез чыга калуучу төтө жолго тизгин чоюшту.

Эл башын чеңгелдегендер саясатчыл, майда-чүйдөгө кечиримдүү, төтөн тирешкендерге чоңураак болбосо, эл көзүнө жеңилээр. Калпа өзү өтүнүп отурса, көк беттике салып дулдуюшу жарабас. Тирүүлүктө эртең эле жүздөшөт. Теңата, аргасыз өкмөт, жогорку кадырлуулардын кийлигишүүсү менен өйүз-бүйүз элдешкен. Мал тийиш, чабыш, жаңжал токтогон. Болушун бөлдүргөн. Анан эмне. Кичине, орто, чоң топтордун далайы алдыда. Көз карандысыз мамиле, жалпы кыргыз журтчулугунун, орус падышасынын кызыкчылыгына; милдетине байланыштуу далай чөйрөлөрдө Калпа менен кездешпей, кеңешпей койбойт. Мындан ары өйүзгү Мусакожо, Султангазы зор жыйындардан, түпкөркү кат-чоттон сыйлыкты. Алардын ордун уу тырмак Калпа ээледи. Кантсе да, жогорулап жыйылгандагы элге алык-салык, өкүлдүк, сый, урмат бөлүшүүгө келгенде өйүз-бүйүз Куртка-Теректин намысын чогулуп талашуу, андан өйдөлөгөндө, Жумгал, Кочкордон берки манаптар бириге жалпы саяктын таламын талашууга баш кошуп, ынтымакка биригээри төгүнбү?!

Буга дейре Мусакожо, Султангазыга үстөмдүк кылгансып келди эле. Мындан ары Калпага, Калпа ажыга текөөрлөшөт.

Аксымдыгы, өктөмдүтү, өжөрлүгү, кара өзгөйлүгү, албетте урунуп-согулуп, кулак угуп, көз көргүс жер арытып, эл тааныганы, түпкөркүдөн берки башкаруучуларга байланыш жасап таанымалдыгы, көкөйүнө кек сактаса да кыйбас кыраакы агасы Мусакожонун даанышмандыгынан пайдаланаары Калпаны күчөтөт.

Балким «келме кезек» Калпа ажыга тийип аны үстөмөндөтүп кыр көргөзүүсү ыктымал. Оомал төкмөл дүнүйө деген ушул. Каргыш тийген Калпа, чекесин сыздаткан чыйкандай кайдан чыга калды? – Касымбек жолду катар ушул ой толгоолорун жан жөкөрлөрүнө жоруптай да, купуя күңгүрөнө имерип да түйшөлүп барды.

Тоголок Молдо, Калпа мырзанын чыргоо, менменсиген, мансапкорлук мүнөзүн мурдатан сезген Касымбектин кооптуу ой жорутуусунун чындыгын ырастады. Касымбек камчысын бүктөй кайраттана сөзүн бүтүрдү:

– Кыйын болсо, өзүнө. Падыша өкмөтү болуштардын чегин, элин так бөлгөн. Биздин чекке тумшугун тийгизип көрсүн, кандай гана кан жалаар экен. Үзбөй кат, кабар жеткирчү почта-бекетчи, чукулда аскери менен жардамга келүүчү Нарын, алар мажестик кылса Каракол, Пишпек, Ташкен улуктары бар.

Алар чукулдаганда белеске түшө, буудандардын жонун сергитип, бөктөрүлгөн чанач, көөкөрдөгү суусундан жутушуп олтурушту. Чолок Кайыңдын түзөңүндөгү Мусакожонун калың кошунуна тыңчы, чабаганчы жиберишти. Касымбек ормоюп дөбөдө дүрбү салып кара жолду акмалады.

Түш оогондо Куланактан топ караан бери жылды. Алдыда чымын куюн чабаганчы узады. Мусакожо, Султангазылар да дүрбүдөн байкадыбы, кошуну дүрбөй дүүлүгүштү. Касымбектер жондон дыр коюп заматта түшүп барышты.

Нарк баарынан жогору го. Ошо наркты сактаган Мусакожо көлдөй-шалдай делбиреген суп чепкенинин боорун жайкаган узун, жазы көгала сакалын селкилдете, даңкайып отурган ордунан обдулуп жигиттери аттан суулуктап түшүргөндө саламын узаткан Касымбекти утурулап, кош алаканын жаза учуратты. Ылайым эч чыр чатаксыз көрүшүүгө зар, кеперес ынтымакта

жашагандай картымак доошун жаңсады:

– Касымбек баатыр, арба. Арбагың алыс учту. Ата жууратыбыздын атагын дагы кеңири жайылтып, Калпаң ажы аталып, жаңы манаптык таажы, чоң тон кийип, өйүз-бүйүз эки бир тууган экөөбүзгө жердин түбүнөн какшаган салам дубасын жиберип, мына эми өзү келатат. Куда каалаcа, тамырыбыз бекемдеп, төбөбүз бийиктеди. Эмки бийлик, намыс Калпа ажы, Касымбек сен, эки иним экөөңдүн колуңда. «Карынын сөзүн капка сал». Биз кеңешчиликке жарайбыз. Мекеге жөнөп кайып болуп, кайтпаган канча. Калпанын кыйындыгына башынан ишенчимин. Эми кол койдум. Тобокел мусаапырчылык сапарынан аткөл аман, кадыр-барк, дөөлөтүн арттырып келген тең ата тууганыңдын өтүнүчүн иликтеп, тосуп чыгышың хандык, бектик жосунду күткөнүң. «Улук болсоң жатык бол, бийик болсоң жапыс бол». Сөөгүм ыраазы сага. Калпа экөөңдүн башың жаш. Ушу ак жолдо жолугушуңар куда каалаcа «ырыс алды ынтымагыңарды» бекемдей турган болду.

Сакалын сыйлаппы, же жүйөөсүнө ынаныппы Касымбек карыянын балбыраган олбурлуу колун таптай жайкады:

– Мусакожо ава, айтканыңыз келсин. Калетсиз сайрадыңыз.

Күрү-күү, чуру-чуу жаңырып жапырт дүрдүгүштү. Мүнүшкөр алгыр кушту колуна талпынтып, көкбөрүкечтер улак тартып жапырт аттарын чу коё бере тапырашып алдынан тосо шаңдуу шатыраша, Калпаны ортого ала казганакташып калдая чукулдашты.

Жолдон берээк жайылган килемге даяр турган шылуун жигиттер Калпаны ак кийизге отургуза – хан көтөргөнүн дайындашып колмо кол көтөрүп жеткизишти. Биринен бири кем сокпой далдайган Мусакожо, Султангазы, Аалы... кучак жайып, кадимки аппак кожо кейпиндеги агыш чапан, апакай селде оронгон, дидары да ысык чөл өлкөлөрүн узак аралагандыктанбы керсары тотуккан, капкара тал-тал сакалы селкилдей таза таралган Калпаны боорлоруна алмак-салмак айкалта кыса, батынбай окчун жабалактаган пенделерди сүрдөнтүп, жашытышты. Калпа атайылап, ажылык зоболосун таанытыш үчүн, ажы жасалгасын кие койгон эле.

Аңгыча кур семирип азоо ойноктогон сүмбөдөй ак байталды далдайган эки жигит кыл чылбыр ноктодон тыгыз жетелеп, жапырт кыбыланы беттеген мыктыларга, анын ак жолу, хан көтөрүлүшүнө курмандыкка чалынчу жаныбарды көзүнө чагылта ыраазыланган Калпага туура тартышты.

– Оомийин!

– Аксарбашыл асыл!

Жаныбар күүлдөктөн алда немени сезгендей диртилдеп карылуу азаматтардын жетегинде муудалууга бетмандай кемердеги шылдыр суу боюна, шамшарларын кайрап жалаңдаткан касаптарга итерилди.

Агаларынан эми түлөө батадан бошонуп, дароо нараак нооча Касымбекти чалдыктыра Калпа өзү сүрдүгө аны кулачына ороду.

– Пирлерим, тууларым! Иншалла, ырысыбыз тоодой экен. Эрме чөлдө Жамболот атанын арбагы колдоп, Мекеден ажымды кабыл туттуруп жылоолоп келди мени. Ишен Касымбек мырза. Иншалла, агаларымды, өзүңдү аман көрсөм түп атабыз Жамболоттун туусун чогуу туруп бийиктетебиз деп көксөдүм эле. Тилегиме жеттим. Астафырылла. Кастарлап тосконуңарга жаным курман. Мекеден зам-замдын суусун арнай бөктөрүнө келдим эле силерге. Кана, оозу чапталуу карапа кумгандан бирөөнү апкелгилечи. Биссимилла, ыйыктарым, көзүрлөрүм, силер а дегенде даамын таткылачы.

Зам-замдын суусун тилдерине тамызыша, Мекеден бери жол баскан даамга Калпаны туурап виссимилалап, өзүлөрүнчө «ахалап» чын эле өлбөстүн, мүрөктүн ачкылыраак дабасына чалкыгансышты.

Нарылай килемди булгатпоо үчүнбү, же беркилерди каптатпоо үчүндүр, урук-тууган, майда манап, байлардын чубашып таазим кылгандарын колун кармап учурашууга өткөн Калпадан көзүн айырбай, Касымбек жакасын секин карманды. «Жойкулугуң ашыптыр. Таттуу, таптуу сүйлөп, тилиң бадырак куурат. Колуң кожонукундай жумшак, бирок көзүң ач. Эмитен илебиңен от жанат, башкаларды да өрттөп, өзүң да өрттөнүп кетпесең болду».

Бар шаан-шөкөттү байкап четирээкте жанаша турушкан Тоголок Молдо менен Нурдин бапсайган сакалын сылагылай

күрсүйө дөңкөндөп Калпага жетээр жетпей токтоп, май баскан тамагын күрсүнө, үнүнүн бардыгынча жапырылган Бошкойго кадалышып, ырына кулак төшөштү:

О-ой, Калпа ажы даанышман
Олжолуу кайтты асыл жан.
Жолунан тосуп калайык
Кан көтөрүп курду шаң
Ак калпактуу кыргызга
Атты бекен мындай таң!

Калпа термеле, толкундай, мүмкүн буердин көсүрлөрү агалары, Касымбек, башкалар чала укту, дааналап эстерине токусун, мүмкүн, Тоголок Молдо, башка ырчы, шыктуулар шаттасын, байкасын дедиби, башындагы шаңкайган селдесин этиет шыпыра, булайта көтөрдү.

– Бошкоюм, токто, жетет ушунуң. Сөздүн төрөсүн шыбыргактаттың. Бах-х, кыргыз сөзүнүн таамайлыгына, салмактуулугуна баракелде.

Калпа көзү мененби, кирпик-кашы мененби, же селдесин силккендеби айтор белгисин түшүнөн жолоочулаш жигит чуркап жетип, кайруусу жука киш тебетей кийгизип, жонундагы кожо чапанын этиет сыйрып, селдеси менен кошо үлпүлдөтө орой, кайра нарылады.

Мына Калпаң кургур, тик жака тоонун шибериндей жапжаңы жашыл нооту кемсел, белинде кемер кур, бутунда тизесине чапкан, өкчөсү бийик жылтыраган күрөң сагдыян өтүк, башында илбээсиндин эң эле мыктысы киш тебетей кулпура алчыланып, как ушу кейпи менен ичкериден эл башкарууга жиберилгендей бакыйып, коюн чөнтөгүнөн кооз, төрт чарчы кутучаны Бошкойго тартуулаарын көргөзө кармады. Ал дөөлөттүүлөргө белекке берилген – Мукамбет пайгамбардын асмандан түшүргөн ыйык кураны эле.

Алаар, албасын, не кылаарың билбей дапдаарыган ырчыга сунбай:

– Иншалла, касиеттүү Мусакожо байым, Касымбек мырзам, баарың – жардангандардын баарысына кулачын жайды – Бош-

коюм, сенин ар сөзүңдү акылдарыңа түйөт. Жанакыңды жай, дагы ташта. Бирок, узартпа.

Бошкой күрсүйгөн көөдөнүн кере аба толтура оозун бардап ача жайкаңдады.

О-ой Калпа ажы, даанышмап
Олжолуу кайтты асыл жан.
Жолуңдан тосуп калайык
Кап көтөрүп курду шаң.
Ак калпактуу кыргызда
Аткан бекен мындай таң.

Бали!

– Бошкойдун көптөн бери таамай ырдаганы ушулдур – Муса-кожо кукулдаган корозчо богогун бүлкүлдөтө сакалын силкилдетти. Ошондо гана Калпанын алаканынан сунулган кутучаны Бошкой эңкее жүгүнүп, эринине, маңдайына тийгизе, ичинде не барлыгын, кыязы уюткан алтын теңге, же асыл буюм ниеттене, деле эчтеке жок болсо деле Калпа ажынын билермандардын көзүнчө, төтөн Тоголок Молдонун көзүнчө Мекеден ыроо тартуулап, көтөрө чалганына жерге батпай кубанды.

Тоголок Молдо анын түрмөгүн жат илди. Андан бетер, ир дедирбей көөнүнө түйө эринин кесе тиштенген Нурдинге мына минтип шыбырады:

– Кезегинде Шабдан Мекеге жөнөп баратканда жандай чаап көкөлөтө мактап садага секеттик теңге өндүргөн кара жаак Калмырзанын ыры да ушул мааниде көкөлөтүлгөн. Алдын ала камынган Бошкой картайганында жаңы кожоюнунун көңүлүн таап жыгылды. Булар ушинтип күн көрөт. Биздин жосунубуз башка. Ылайым, минтип жагынып, кайран таланттын кутун үркүтүүдөн кач.

* * *

Көп өтпөй эле Калпанын чу дегенде катуу чыкканы дүңкүлдөдү. Кээси анын кыйындыгына таңданса, айрымдары коркуп, көпчүлүк калтаарып зирилдеп ичинен каргап зар какшоодо. Тоголок Молдо кабыргасы кайыша, каңырыгы түтөөдө. Оңбо-

гон жаңы жырткыч, көптү көрүп, көптү билип кайткан эме кең пейил тартып, калың букараларды аяйт десе, кайра кандуу тумшугун матырып, чеңгелин арбайтып ачканын кара. Аалам мусулмандары ыйык санаган Мекеге сыйынган ажы дин шарыяттын буерликтерге белгисиз сүрөөлөрүн, алла тааланын амирине байланыштыра анын сүйгөн пендесине, элчисине зыярат жасоого, ажысы кабыл болуп аман кайтканынын башын куттуктоо үчүн бардарлардын ыктыярдуу тартууларынан сырткары жаңы дайындалган баш манаптын тагына отургандыгын майлоо үчүн да бай, жарды дебей түтүн башына жандык, бододон өрүлүк, аныгы салык так эсептелип, ар старчын элден жыйылган мал тезинен Калпанын жайдак жайытына быкырата өрдөтүлдү.

Калпанын Мекеге баруугa, бийликке келүүгө тарткан убара чиркөөсү, сарпталган чыгымы заматта толукталды да, бөксөргөн кабыргасын толтурду. Ачыккан оборун тойгузду. «Дөөлөттүү мактанса табылат, жарды мактанса чабылат». Калпа ажы, Калпа баш манап чамынды эле, байыды да калды. Өзүлөрү калкты үстүнөн калпып, сыйрып күн көргөн манаптардын буйругун аткаруучу жигит-жалаң майда жегичтерден тартып, аркы чоң араандуу кан соргучтар кыбаасы кана, Калпанын эрдигин даңазалашууда:

– Калпа ажы болбосоң коё кал. Кыйындыгыңдан агаларыңдан бийликти жулуп алдың. Кыраандыгыңдан өзүңдөн мурунку ийри тумшуктуулардын баарынан өтүп, олжону олчойто шыпырдың.

Аларды уккан сайын Тоголок Молдонун кыжыры кайнап, кулагына, жок, сезимине жаамы журттун зар-муңу, каргышы күчтүүрөөк угулууда. Калпанын ашынган залимдигинен тукулжураган «эшигин ачса өпкөсү көрүнгөн, түндүгүн тартса төбөсү көрүнгөн» жармачтардын, сүтүн таткылап, жүн, тери-терсегин жонуна септеп эптеп оокат кылган кургурлардын биртике малынан ажырай зар какшаганы:

– Ажың кабылдабай эрме чөлдө сөөгүң сөпөт, ач бел, куу жондо калсан, эмне?!

– Кокуй наалат, балдардын мурдуна жыт жалгыз жарым туяктан ажырап кантип оокатыбыз өтөт. Калпа ажы, бизди

какшатып алганың буюрбай, ичкениң ирим, жегениң желим болсун! – деп жону жукалардын каргаганы.

Орто чарбалуулар ары карап ыйлап, бери карап күлүп:

– Ач кулактан тынч кулак,– деп байлап берип кутулгандары акындын зээнин кейитип, кеңелет, оңолот деген аамана не болуп бараткanына итатайы тутулууда.

Акын күчүн калемине чыгарып, дептерине кетпес кекти нукулоодо:

Байымбеттин казалы
Байыт кылып жазалы.
Жегичтерге убал жок
Ачылды обор назары.
Калпа ажы зор болду
Букара журту кор болду.
Салыкка малын тарттырып
Зар какшашып шордолду...

## ЭКИНЧИ ЖАШТЫК

Туткуйдун башы Көкколот. Тулаңы тушарга оролуп, көгүлтүр, саргылт тоо гүлдөрү аралаш кулпуруп, калдыркандарды мас кыла биринен сала экинчисине кайкытып учурса, жайылган койлордун жонуна, уйлардын мүйүзүнө коно, суурлардын эски, бош ийиндерине уялап, ийин оозундагы корумга куйругун кыйпычыктата бирде кулунча кишенеп, бирде жылкычыча ышкырып, бирде күчүкчө үрүп, балдарды элеңдетип жазгырган туурамчы куудул чакчыгайы сайрандаган кенже жайлоого Нурдин ырчынын жердештери чатырап конуш жаңыртып көчкөн маал.

Өгүнү күттүргөн устатын эми араң ээрчитип түштү. Тоголок Молдонун Кадаңдарга, жамаатташ моңол, кушчу, саяк, курамаларга өзүнөн мурда даңазасы, казал, тамсил, дастандары Нурдиндин жарыясы боюнча небактан маалым. Нурдиндин максаты Молдокесин туугандарына көзүн көргөзүп таанаштыруу, апталап байырлатып өз оозунан сөз шекерлерин чубуртуп угузуу. Негизги максаты акындык арааны өркүндөп зоболосу жогорула-

ган да, зулумдукка кайышып түйшөлгөн да, жалгыз бойлукка жабыркаган да таалимчисин алаксытып көөнүн жубатуу.

Анткени – Тоголок Молдонун ишенимине да кирип, сынына да толуп, пейилине да жагып, кичүүлүгүнө карабай «жаш курдаштан заман курдаш» ынактыкка жеткен. Сырдана тартканда оюю, ичи эсепсиз, сырт бою тыкан, сыпаа устатынын коколой, коңултук өмүрүнүн кызыгы кыйгач өтүп бараткандын эскертип көөмөйүндөгү жакшылыкты кылтыйтып, чөккөн кыялын ойготкон.

Өкүттө сүйүүдөн кансырап дарт чалган жүрөгү узак жылда араң айыккансыган топуктуу, талабы жогору акындын самоосуна пар келээрлик, экинин бири болгонуна чыдабай, жаман эринен чыгуу айласын издеген акыл да, келбети да келишкен Бекболот байдын келини Үрпүкан сулууну көрсөтүүнү, эгер көзү түшсө, ыгын келтиртип жүздөштүрүүгө макулдаткан.

Нурдиндин абийирдүү кишиге уят болбосун, ал Үрпүканды көргөндө сөзсүз купулуна толтураарына ишеничи чоң. Сырдана жеңелери аркылуу Үрпүканга өзүнүн гана атынан Тоголок Молдого байланыштуу чындыктарды шыбыштаткан.

Кечээ түшкөн кечте айыл аксакалдарын чогулттуруп, жапма челектете даңазалуу акындын санат, дастандарынан алма-терме сабалатышып боройлорун кандырышты. Бир аз күндөн соң кайра кенен жолугушууга аксакалдардан уруксат сураныпп, ыраазылык батасын алды. Бүгүндөн тартып, атайы айыл-ападан окчун колотко көтөрткөн өргөөсүнө, алты бакан селкинчек орнотулган, ак чөлмөк, жоолук таштамай... куруучу жайпак жан, апай беттүү жайда жалаң жаштарга үч күн тамаша кураарлыгы жардалды.

Ээн элкин эриккен мырзалар жаш жубайлары менен, бой жеткен боз улан, беш көкүл бийкечтер жеңе-желпилер менен чакырылды. Күндүзү ыр, күү, түнү асмандан толукшуган ай жаркыганда салттуу, шаанилүү оюндар улантылаары аймактагыларды дегдетти. Шөкөттүү оюн-кеченин эрке баласы Нурдин өзү, обозгерлери кошумча дайындалды. Камылга иретин түгөл тейлеген Нурдинге ичинен кымылдап, тышынан кооптонгон акын мулуйбаспы:

– Нурдиним, силер го жаштарсыңар. Чек жок. Кырктан кыйып бараткан мен кантем.

– Мотурайып сиз да жашсыз. Эч ким сизди улгайды дебес. Арийне, акын дайыма жаш да. Антпеңиз Молдоке.

Тоголок Молдо борс-борс, уюган ышкысы козголуп, али эч кетиксиз тиштерин кашкайта, нурдуу тоголок жүзүн албыртты:

– Ырас, ырас. Акын түбөлүк жаш. Көрөбүз, сенин төлгө кушуң мени жашартаарын же жабыркатаарын.

Жалпы жамыятка шарапаттуу зор өнөктүктүн далдоосуна катылган сырлуу дүмөк саналуу гана жандардын купулунда. Ал чечилеби, же жабык боюнча калабы, али табышмак.

Өргөөнүн ичине гана эмес, сырткы табыят көлдөлөңүнүн үстүнө да килем-килче жайылды. Алысыраак айылдан минилип келинген аттар кермелерге байланып, каалагандары жайдактап тушамыш, чидер сала отко коюп, жаштар өргөөсүнө кулпурган бүрлүү шиберди жөө аралап чогулушту.

Туурдуктар шыпырылган, түндүк, эшик жабуулар түрүлгөн кызыл керегенин ачык көздөрүнөн ичкерки менен сырткаркы даана көрүнгөн өргөөгө, төргө акындар мурда жайланышты. Эр, эпчи капшыттарга, босого тарапка батышынча даражалуу, күйөө-жарлар, мырза-бийкечтер, келин жеңелер өтүүдө. Жарды улан, кыздар кысылышпай, ансыз даана көрүнгөн, эрке жел лепилдеген сыртка сүйүнүп чокмороктошууда.

Макулдашуу боюнча, күндүзү Тоголок Молдонун жаштык, күйгөн санаттарынан жаштар угуп, шакирттер ынтаа коюп үйрөнүү керек.

Нурдин төрдөн обдула жанында алчыланган ажарлуу азаматты көргөзө шаңшыды:

О-о, чогулган жаштар о, уккула!
Чоң кумардан о чыккыла.
Дубанды жарган о Байымбет
Уюган кеп, о шык мына!

Дептерин барактап, кайсындан баштоону чуктаган Байымбет, аны күтүп жадыраган уяң, оттуу көздөргө, имериле карегин чайытты:

– Нурдин акын мени дагы силерге кошуп жашсың, жаштык, ашыглыктан аңгеме кур дейт. Осол көрбөсөңөр, Нурдиндин вази-

фасын орундатсам, кыйгап баратсам да, бүгүн жаш болоюн дейм.

– Ошентиңиз! – деди оң капшыттан жигит.

– Жапжаш эле бойдон турасыз! – Назик, ургаачы доошу эпчи жактан шыңк этти.

Көпчүлүгү өзүнө тарта сүйлөгөн акынга тымызын жоодурашты.

– Балакаттан өткөн, кемелине толгон, баралына жеткен толукшуган курак – он сегиз менен кырктын ортосу. Ошо оттуу куракты сыпаттап берейин. Себеби десеңер анын баары баштан өттү. Силер анын баркын баалабайсыңар. Кезегинде мен да ошенткем. Кайталангыс, жакшы нерсенин бакиси – кийин кадыры билинет тура. – Кырааттап окуюн деп, бирок кызгалдактай жаштардын илебине көлкүп, ал ар обонго элпек авазын кубулжутту:

Жаштык өзү адамга
Келген дөөлөт кезинде.
Жактырышып жыргап өт
Жалын чачып сезимге.

Алгачкы түрмөк ар киминин жүлүн тамырын жылыта уялап, төтөн, бийкеч, уландарды шаңк-шаңк жалт каратты. Сөз дүрмөтү бутага дал тийгени баамдаган акын сырттагы, анан өргөөнүн эпчи жагындагы жеңелерге шынаарлаган беш көкүл бийкечтерди, чатыраган өспүрүм уландарды көз шооласы менен издеп сыбызгытты:

Он сегизде жаркырап
Онунчу лампа чыраксың,
Ташыса дайра көл болгон
Таштан чыккан булаксың.
Кыя басып кылтылдап
Кыз келинге ынаксың.

Жыйырмага чыкканда
Жигиттик кызыл гүлдөйсүң.
Жыйынды көзгө илбейсиң,
Жыгылаар жериң билбейсиң.
Кыялың сыпаа, өзүң мас
Кызы жок үйгө кирбейсиң.

Атлас көйнөк шай кемсел
Аста басып түрлөнүп,
Арманың айтсаң кыз менен
Аргендин күүсү үндөнүп.
Кош этек көйнөк шай кемсел
Керилип басып түрлөнүп.
Кеңешти курсаң кыз менен
Керемофон үндөнүп.

– Бах-х, дечи! – Алгыр жигиттер кылыктуу бийкечтерге тап коюп тийишүүдө. Шакирттер ар саптын кыналышкан уйкашын, кайдагы керемет «арген», «керемофон» деген күү аспаптарына салыштырганын, маанисин байкап, жаттоодо. Угуттуу жаштар айталбаган туйгуларын акын булбул тилге таамай сайраганына ырахаттанышууда.

Байымбет көмөкөйүнөн ыр төккөн менен, карегин үрөп алда бирөөнү издеп чалдыктыра албоодо. Эпчи тарапка имериле:

Отузга толуп чыкканда
Жылдыз да болсоң айдайсың.
Дүйнөнү чачып коротуп
Түш көргөндөй айдайсың. –

деп көмөкөйү таңшыганда, көзү ажайып перизатка урунду. Самаган Үрпүкан ушу. Талый түшкөндөй саамга кирпик ирмебеди. Түгөнгүр ал да акжуумалынан сүрөттөгү сулуудай сумсая арбаша катты. Каректер оттук чача чагыла түштү бейм. Баятан берки белгисиз машакаттан соң, издешкен экөөнүн зорго табышканын ушунча жабалактагандын ичинен жалгыз Нурдин, жеңелер гана байкады. Тоголок Молдо өз курагын:

Кыркка чыксаң токтойсуң,
Өткөн жашты соттойсуң.
Чидерлеп отко койгондой
Чылбыр бою оттойсуң. –

дегенди көмүткө таштап... Кашайып баятан көрбөй, балким, жашырынып отурганбы, жүрөгүн туйлаткан перини эми араң таап, ага багыштай баштагысынан да эргий күүлөндү.

Орто жашың кырк экен
Оюндун кыйдам сырты экен.

Ага биерде канча жылдыз жыбыраса, ичинде жалгыз айдай жаркыган Үрпүкан өзгөчө жарыгын үрөп кастарлап, кан тамырлары титирей тыңдоодо.

Төлгөсү ордунан чыгаарына демденген акын табышмак түйгүсүн эми айкындабаса жарылчудай. Ал оштонгон жаштардын ар бирин жалбырттатчу, «бир сулууга», анығы Үрпүканга ашыглык арноосун, кыябын түшүнөөр башкаларга байкатпайын, көп уялтпайын – деп көзүн андан ала качып созолонбоспу.

Сүрөткө тарткан эмедей
Сымбатың артык борумдуу.
Көптөн бери мен өзүм
Көрбөдүм сендей сонунду.
Чачың тал-тал жибектей
Жасатың тарткан сүрөттөй
Асылдыгың мааниси
Ахундун кызы Чүрөктөй
Башың алтын түймөдөй
Тилиң шекер шириндей
Растан сага күйгөнүм
Ражаб менен Дүрүдөй.
Гавхарым сынса сен үчүн
Көрбөймүн бир да залалдай.
Башыма мүшкүл иш салдың
Боз жигит менен Жамалдай.
Тапканымды сарп кылып
Тураармын сенден аябай.
Койнуңда жатып өлсөм дейм
Бозуке менен Баяндай.
Өңүм десем түшүмдөй
Өзгөчө күйдүм сен үчүн
Олжобай менен Кишимдей.

«Күйгөн» «Секетпайдан» жабалактагандардын баары эле аздыр, көптүр сыздашат. Бирок, мындай жаңы сөз, жаңы маани, керемет салыштырууларды угушпаган... Ар киминин көөмөйүндө жаттап алсам деген пикир түйүлүүдө. Кантип? Түрткүлөшүп, шыбырашып... акыры бир өтүмдүү азамат, баа-

рынын атынан атырылып чыгынды:

– Молдоке-е, мартабаңыз өссүн! Чалкыттыңыз бизди. Күйгөндөн эзели биз угуп, билбеген керемет ырдан таштадыңыз. Үйрөнүп, Байымбет байкебиздин казалы деп жоролордо, кыз оюндарында ооздон түшүрбөй ырдап жүрсөк дейбиз. Рахым этсеңиз, өзүбүздүн Нурдин акын, кагазга түшүрүп калса, аны какылдата кайталатып жаттайбыз.

– Иним, мунуң паразаттуу сөз. Жазганым, айтканым элге жетсе, элге тараса, бактымдын ачылганы, байлыгымдын ашынганы. Уруксат. Нурдиним, анын өнөктөрү, мага канат, куйрук. Алгылыктуу сөздөрүмдү көчүрмөлөп көбөйтүп, үйрөнүп жардап жүрүшөт. Ушундай эмеспи Нурдиним. – Байымбет шакиртин баарлашууну улоого, кеңешке чакырды.

Устатынын жаңсоосун жаземдебей түшүнгөн Нурдин, коюнунан дептерчесин сууруп калемин башынан өйдө ойсоңдото аба чийгилеп жапырылды:

– Антүү шакирттин парзы Молдоке. Бу түрмөктөрүңүз кыргыз «күйгөндөрүндө» эч болбогон саамалык. Булар гана түгүл, жаныңыздан чыкпай өнөрүңүздү өздөштүрүп жетишпеген мына биздей шакирттериңиз үчүн дастандардагы ашыктардын аттарын эскерттиңиз. Мисалы, «Акундун кызы Чүрөктөй», «Олжобай менен Кишимдей». Кыргыз дастандарындагы, көпкө аян ашыктар. «Козуке менен Баяндай» дегениңизден аз дарегибиз бар. Казактын Козукөрпөшү менен Баян сулууну айттыңыз. Ал эми «Ражаб менен Дүрүнү», «Боз жигит менен Жамалды» дааналап сиз гана билесиз. Аларга биздин чарк жетелек. Кыязы, араб, фарс, түркү дастандарындагы өзүңүз окуган ашык карыптар. Аларды биздин ырга, биздин тилге келтиргениңиз дагы жаңы табылга. Табылганы таркатууга мен токтоосуз азыр эле киришем. Арийне, сиздин башта мындан укмуштар да бар. Ошолордон козгоп жиберсеңиз, саат басып унутулуп калып жүрбөсүн.

Нурдин эсине тутуп калган окшойт, купшуңдай, калемин кагазына илмектетти.

* * *

Кечки шаан-шөкөт, топ-топ бөлүнө, жаштардын жапырт катышуунда кызууда. Тоголок Молдонун шакирттерин ар кошунга Нурдии топ-топ бөлүнгөн ашкатыктай бирден кошту. Иңирде булутсуз асманда жыбыраган жылдыздардын шооласында, тегиз жаркытчу айдын чыгышын күтпөй ээликкен эмелер, окчун-окчун кошун түзүп, оюнга киришти.

Анан калса жайлоо чиркин, бийиктигинен көк теңирге да жакын, ошондуктан го жылдыздар бадырайып дандуу, шоолалуу. Катыш чөптүү, гүлдүү, бүрлүү мамыгын жайып, атырын аңкыта сепкен керимсели кимдин да болбосун көңүл кирин тазартып, сезимин оштонтот.

Күйөөлөчү боз уландар менен такыячан бойго жеткен жыздарды өзүнчө жоолук таштамай, токту сурамай, сармерденге, тестиер тентектерди дүмпүлдөк, ак чөлмөк, шабыятка, келин, чиренген жигиттерди алты бакан селкинчек, жоолук таштамай, сармерденге окчун-окчун топтоштуруп Нурдин кыдырып баштоо, улантуу шарттарын тактады.

Ана, ар кошунда күлкү, ыр, күү өзүнчө сайран. Бакисинде Тоголок Молдонун ээрчиткен шакирттеринен жарчысы, уюштуруучусу, шайыры бар. Бир топто комуз шаңкылдаса, экинчи жыйында кыяк сыбызгып, үчүнчү топто «Манас» дүпүлдөп, төртүнчүсүндө «секетпай» сармерден созолонууда.

Шапар тээп, көзгө илээшпей назик созолонгондордун, ак чөлмөк таап, кубалашып алдыга озгондордун, тегерек отурушуп, келин жигитке, азамат селкиге токмок ташташып, ыр, күү, каткырык сүрөөндүн коштоосу менен айкалышып өбүшкөндөрдүн киминин кандайлыгын келиштире сыпаттаган акындын шакирт-жарчылары.

Семетей менен Айчүрөк ашыктардын далай азап, сыноо менен табышканын, күйөөлөө шаанисин, үйлүү жаш жубайлардын кошунунда Тоголок Молдо өзгөчө эргип лепилдетүүдө. Так, улуу дастандын ашыглык бөлүгүн атайылап, учаң теңиз калайыкка, төшү түктүү төр жайлоого, төбөсүнөн жылдыз отун жандырган ачык асманга, жорткон желге, негизгиси келиндердин коштоосунда мөтүрөйгөн Үрпүканга таазим кылып

толкууда.

Бир оокумда түпсүз асмандагы жылдыздарды теребелинен үркүтө качырып, кайдан-айдан булаң эте суурулуп ай жаркыды. Баятан далдап ченегениндей Семетей менен Айчүрөктү баш кошконго жеткирип окуяны жыйынтыктаган акын угуучуларынын боройлорун кандырганын туюп, сеп алып сейилдөөгө өтүндү.

Ийри олтуруп, ийип тыңшагандар акынды алкашып, денебойлорун жазууга чачыраշты. Башкалар эми кызышканбы, тигинде мында уу-дуу оюндарын улантууда. Бу баарынан алысыраактагы кадырман улуураактардын бир даары жантык сеңирдеги алты баканды, калгандары бирден, эки-үчтөн кемердүү жылгаларды беттешти.

Тыяктагыларды, кимкимин өзүлөрүнүкүнөн өткөн тамаша жок дедиртип, таң ык салганча улаарлык кызытып кыдыра тейлештирип мында кайткан Нурдин келиндердин ортосунда кыналыша жаңсап белги бекиткенге үлгүргөн. Жалпысы чар тарапка каалаганындай жайылганда Нурдин устасын колтуктай, наркы тумшукчаны имериле узашты.

Үрпүканга жолугасыз. Тартынбай, тактап сүйлөшүңүз. Эрөөлгө чакыргандай эри Качыке жок буерде. Байбиче катынынын төркүндөрүнөн бирөө каза таап ошоякта экен. Оңдой бердисине салыптыр. Эринен чыгарууга айнытыңыз.

Нурдиндин ыгын келиштире жасаган аракетине балкыган акын, дагы нарылап, далдоо жарчанын жапсарына жеткенде, чолпунун шыңгырын угуп жым этти. Же берилебей, же кетенчиктебей үлпүлдөгөн эки келин орапарадан чыга тык токтосо болобу. Нурдин шып жете, беркисин колдоп тартып, Үрпүкандын ортосуна түшө ажыратып, секин Тоголок Молдону карай ыктата шыбырады:

Үкөй, уялба. Таанышкыла. Мындан ыңгайлуу шарт жок. – Нурдин алиги келин экөө жай алысташты.

Эрчип жөнөйм таризде серпилген селкини Тоголок Молдо канатын жая торгоду:

– Айып көрбөңүз, тагдырдан улук не бар, Үкөй. Мени өзүңө тагдыр айдап жеткизди.

– Апий, Молдоке, ал не деген тагдыр эле? Өнөрүңүздү тартуулап моок кандырууга жеткизген тагдыр болсо, анда ыраазыбыз.

Талтөөндөй ширин сөз, келбет сулуулугун арттырган акыл карачачтыгын айкындап, акындын үмүтүн чыйралтты.

– Ал шыноого шылтоо, Үкөй. Мен көксөгөн тагдыр ыйык, оор.

– Ыйык? Оор! Тобо, акылым айраң.

– Чын Үкөй. Буйрукка айла жок. Жүздөшпөсөк болот эле, жүздөшкөн соң, ошо оор тагдырымды айтсам кантет?

– Айтыңыз.

Акын шуу үшкүрүп, ырас эле кыстала, доошун дирилдетти:

– Чыдап уксаң Үкөй. Мен көп жылдан бери салт кокоюп, жалгыздыктын жабырындамын. Мусапырчылык башта. Улан кезден жактырып, сүйүп алган жарым, Сейдешим бар эле. Аны сары өзөн Чүйдөн, Тынай элинен апкелгем. Барды жокко кайыл, божурап ынтымактуу өмүр сүргөнбүз. Ал мени, мен аны түшүнчүмүн, ардактоочумун. Илепти кайтарышып өйдө карашкан эмеспиз. Айыл-апа, улуу-кичүүгө алынып эрке, билерман келинге айланган. Көзүбүз каткаксып, нечен жыл экөөбүз тең эңсеген учурда боюна бүткөн. Бала, жарык маңдай уулду, жайма көкүл кызды күтүп, божурашып таңаттырчубуз. Арча бешигибизди белендеп ымыркайыбыздын ыңаалаган үнүн, алдейин сагынчубуз. Каргашалуу шум ажал тилегибизди кыйды. Толгоосу катуу болуп, кара басып, баласы менен шейит кетти. Кийин ойлойм, кур дегенде баламы төрөп, мага аманатка калтырса эмне? Эмгиче ондон өтүп, мага жөлөк, Сейдешимдин белеги, эстелиги болмок.

Боорун толгой, ынандыра жан сырын баяндаган адамдын асылдыгына мөйүй Үрпүкан дагы бирдеңкени тактагысы келди:

– Ошондон бери үйлөнбөдүңүзбү?

– Жок.

– Чиркин, мындай эркек чанда го?

– Билбейм Үкөй. Сейдешимди унуталбай жүрбөдүмбү.

– Адамгерчилигиңизден, асылдыгыңыздан ошенттиңиз да?

– Ия, Үкөй, сенин оозуңдан ушу сөздү уктум ээ. Ыраазымын! – Байымбет калтырак баскан алаканына Үрпүкандын, каухар

таш көздүү алтын шакек тыпыйган манчасын таптай, саал боорун келиндин ыпысык, жупжумшак бөрсөгөй төшүнө тийгизе ыкты.

Үрпүкан бөйтөйүп, байкабагансып аны оболуна койду. Жо-о, жабырлуу эркектин сыйкырына мөйүдү.

– Биздин эрлерибиз кудалап, күйөөлөп жактырып үйлөнгөн жарынын үстүнө тирүүлөй кезинде эле жаңыртып жаш катын алышат.

– Оозуңдан айланайын Үкөй. Акылдуум. Эбин өзүң келтирбедиңби. «Айыгаар оорунун дарысы өзү табылат». – Акын жалбарып ийди. – Күнү үстүнө кор болбой кутулсаңчы?

Үрпүкан дирт эте, жигиттин жүрөк кагуусун тыңшачудай башын төшүнө сүйөдү:

– Кантип?! Жүлүндөгү жараны козгойсуз?

– Эркиндикке чык. Эриңден чык. Төркүнүңө бар.

– Айтууга оңой. Аткарууга кыйын. Анан?..

– Ананбы? – Байымбет боорунда бөйтөйгөн келинди маңдайынан эркелете сылап, чыпалак учу көз кычыгына тайгылып, кылгырган жашка урунбаспы. Анын аргасыз жүргөнүнүн аныктыгына, пейили чапканына ынанды. Угулаар угулмак кобурады. «Эки бакыр бир бүтүн» Анан. Кыялдана жорго тилии шыбыргактатты:

Күнү үстүнө кор болуп
Гүлгүн жашың тең жүрбөй.
Чидерлеп сени өтөт бейм
Эркиңче ойноп күлдүрбөй.
Аста басып буралып
Арка чачың чубалып
Алганым болсоң Үрпүкан.
Ай тийген сенин сарайың
Ай тийгенче карайын.
Ай тийгенче келбесең
Дүйнө күн
Азабыңды тартып калайын.
Күн тийген сөнин сарайың
Күн тийгенче карайын.
Күн тийгенче келбесең

Дүйнө күн
Күйүтүң тартып калайын.
Ай тийген тескей тептегиз
Адырды жеген мал семиз.
Алың барда ойноп-күл
Айланып келбейт он сегиз.
Күн тийген тоолор тептегиз
Күнгөйдү жеген мал семиз.
Күчүң барда ойноп-күл
Күрмөлүп келбейт он сегиз.
Суйсалган көзүң моймолжуп
Сүрөткө тартып койгонсуп.
Түйшүктү башка не салдың
Түн уйкумдан ойготуп.
Карарган көзүң моймолжуп
Калыпка чаап койгонсуп.
Кайгыны башка не салдың
Катуу уйкумдан ойготуп.

Эбедени эзилген акынга Үрпүкан ай жарыгына кашкайып таамай кадала телмирди. Байымбет күчтөнө, күүлөндү:

Белестеги беш ыргай
Беш ыргайды мен кыйбай.
Бет бетинен карасам
Беш түлөгөн кыргыйдай.
Адырдагы алты ыргай
Алты ыргайды мен кыйбай
Алды алдынан карасам
Алты түлөк кыргыйдай.

* * *

Кызыл көлдүн боюнда
Кызыл ала өрдөгүм.
Кыйбас кезде кошулчу
Менин, кыйма көкүл мөлмөлүм.
Жашыл көлдүн боюнда

Жашыл ала өрдөгүм
Жаш экенде кошулчу
Менин, жайма көкүл мөлмөлүм.

* * *

Кыштоонун башы кызыл гүл
Уйпалганда бир күйдүм.
Кызылды кийип кылтыйып
Суйсалганда бир күйдүм.
Жайлоонун башы жашыл чөп
Уйпалганда бир күйдүм.
Жашыл кийип кылтыйып
Суйсалганда бир күйдүм.
Жабыркаттың жанымды
Мурунтан колго илинбей.
Азаттык болсо чыксаңчы,
Ашыктык отко күйдүрбөй.
Экинин бири болгончо
Экөөбүз жүрсөк телмирбей.

Үрпүкандын бою, ою чымырап, акындын айкөлдүгүнө, адилеттигине, берилгенине, үндөгүнө жеңилип алапайын таппай алдастабаспы. «Айтса, айтпаса төгүнбү, чиркин өмүр мөлтүрөп туруп, экинин бири кор тебелендиң ээ. Көкөйүмдөгү дартты козгоп, азаттыкка чык. Экөөбүз кол кармашалы. Эркелешип өтөбүз дейт. Бу алпейим асыл адам абийримди тебелебей, көңүлүмдү чөгөрбөй өтөөрү чын». О, кыйлада араң санаасындагыны санжаптады:

– Айтканыңызды аткарууга аракеттенейин.

– О-у, жаркыным! Укканымчалык бар экенсиң.

– Сиз да! Дарегиңизди небак билгизишкен. Көрсөм дечү элем.

– Бүттү. Антка, шертке бек бололу. Мени түшүндүң. Канча күт десең чыдайм. Төркүнүңө чыгып бар. Төркүнүң мени тоотпосо, Касымбек болушту арачы түшүрөбүз. Жарайбы?

Үрпүкан башын секин ийкеди. Касымбек арага түшсө тагдыры самагандарындай чечилээри бышык. Келинди маңдайынан,

бетинен, эрининен аймалай кучагына имерди.

– Үкөйүм, кантип кабарлашып турабыз?

– Билбейм. Айласын өзүңүз таппасаңыз. Кийин мындай элкиндик табылбас. Нурдин сиз үчүн баарын жасайт бейм?

– Нурдиним баарын жасайт. Аянбайт.

– Менин көңүлүм сууп, бузукташаарымдын шек-шооратын билип, каардуу кайынатам кайтарууга алды. Эрим, тигиниси менен эришип, өлүксүз мени кыйкымдап салбар катынга айланткысы бар. Салбарлыкты көргөзөм ага.

– Анда жарадың. Кат чийип турсамчы.

– Жарайт. Нурдин аркылуу гана болсун. Ал буердик, жеңелери аркылуу тымызын жеткирип турат.

– Ошентебиз анда Үкөйүм.

Үкөй тыпыйган колу менен акындын шадысын кыса кашын серпти:

– Баралы, бирөөлөр издебесин, көрбөсүн. Нурдиндер тиерде турушат. Сиз басыңыз, тигилер берилеп, мени кошуп алышсын.

Көңүлү куунаган Тоголок Молдо жагалдана кадамын чойду. Нурдиндер, ага чакыртпастан эле кыйгай берилешти. Укмушуң түш, белеске таянганда селкинчектүү секиден заңкылдаган шайыр келиндин ыры кулагына шак эте экилентти.

Тоголок Молдо кайнагам
Торгойдой мукам сайраган.
Толкундап жазган ырлары
Токтолбой элге жайнаган.

– Ой-ат-т!

– Кайра кайыр! Акын өзү уксун!

Тоголок Молдо бер жактан каргыды:

– Кайтала кагылайыным. Мынча болду баарыбыз угалы.

– Келинжан, бүгүнкү мөрөйдүн алды сеники! Айдат, акын шакирттери үйрөнө кетишсин. Азамат келиндин ыры деп айта жүрүшсүн. – Нурдин жетине албай бакылдады.

Шерденген келин добушту алда кайда калкыта жорттурган тоо желине шоокумдата созду:

Байымбет акын кайнагам
Булбулдай ширин сайраган

«Манас», казал, күйгөндөн
Болоттой ширеп айдаган!

– Жаш-а-а!

– Өрттүү келин, өлбө-ө!

– Ой, акындар жооп бербейби.

Тоголок Молдо Нурдинге кылчайды:

– Мага осолураак. Жаш эмессиңби, жүрөктүү ырчы келинди көтөрө чалалы, сен башта, мен улайм. Алым сабактата жаштарга тамаша куралы, дуулдаган жигиттер алиги келинди ортого алышып, акындарга көрсөтүштү. Чырайлуу чыкчырылган чиркин экен. Акындар ага назарын бура эрээркете көздөрүн байырлатышты. Устасы тымызын күрсүнө белги бергенде, убада боюнча Нурдин үнүн каргыта баштады.

Нурдин: Айлуу күндө жыргалды
Азамат келин ырга алды.
Байымбет: «Ай келин» көлкүп ыргалды
Айкындап сөздү сырларды.
Нурдин: «Ай келин» – атап Молдокең
Анын алыска кетти дайыны.
Байымбет: Улпат сөзү кубантты
«Ай келин» ургаачынын шайыры.
Нурдин: Чоң акынга тийишкен
Бүгүнкү Сайкал, турбайбы.
Байымбет: Гүлдөтүп ийди бул жайды
Күлпөттүү келин турбайбы.
Нурдин: Байымбетке батынган
Баатыр келин турбайбы.
Байымбет: Ай келин
Ардактап күткөн курбалды
Акын агаң улгайды.
Нурдин: Кубандырып адамды
Кылыгың кыйын өзүңдө.
Байымбет: Наркы жакшы сөзүндө
Куну бар кара көзүндө.
Нурдин: Ашыгына жетпеген
Арман экен Ай келин.

Байымбет: Көңүлү сүйгөн жигитке
Барган экен Ай келин.
Нурдин: Ушунча келин ичинде
Жүрөктүү экен Ай келин.
Байымбет: Алганы көөнүн оорутпас
Түпөктүү экен Ай келин.
Нурдин: Жоолуктан чыккан саамайы
Тоту куштун жүнүндөй.
Байымбет: Азыркы турган боруму
Алманын кызыл гүлүндөй.
Нурдин: Жанындагы күйөөсү
Жалындуу жигит бир өзү.
Байымбет: Жакшы адамдын мүнөзү
Жактырган жарын сүрөөчү.
Нурдин: Асылга асыл кошулса
Байымбет: Ашыктык оту жалындайт.
Калган көңүл, качкан куш
Кайта издесе табылбайт.

Акындардын алым сабагы, чогуу өткөргөн оюндун кызыгын арттырып, черлери таркаган жаштардын ышкысын ого бетер ырбата күчөттү бейм.

Акындар «Ай келин», атаган сулуу десе сулуу, өткүр десе өткүр, ачык, акылдуу, күйөөсүн оболуна ичин тарлантпай көндүргөн түгөнгүрдү сыпатташкан менен мүлдө баарына тийиштүү жигерлентпедиби. Мындай элкин, шаң кече дагы качан болмокчу? Кудай билбесе... Бу да илме кайып айдап жеткизген акындардын шарапаты. Күлпөтүн чачып, гүлдөттү шайыр азаматтар.

Алым сабактын аягында Байымбет ташкындай эргиди: – Бир серпим накылды эсиңерге чөгөрсөм дейм. Ал – шиберге айдалып, азаптуу набакта жүргөн акылман, акыйкатчыл, ак таңдай акын Токтогулдун чыгарганы.

Ырыс алды ынтымак
Кадырлашкын тирүүндө.
Калат го бир күн алтын баш
Казылган көрдүн түбүндө.

– Бах-х!

– Сөз болбосоң коё кал.

Акын кыраатtата кайра кайталады. Идиректүүлөр таамай насааттны күбүрөп, ачыктап көкүрөккө уютушту.

* * *

Бу саам Байымбет өзү менен өзү. Тагдыр мүшкүлүн чакмактап алек. «Жер тамырынан эл тамыры». Тамырдан соккон кубат сымаптай туйлаган тирүү кан аркылуу өмүргө дем берип, адамдардын алыстык менен жакындык, достук менен кастык айкаштарын үлөштүрүп тутумдаштырчу керемет касиет го.

1905-жылдагы Россиянын түпкүрүндөгү көтөрүлгөн дүрбөлөңдүн дүңү жердин жети түпкүрүндөгү алыскы тоо калкын дагы үзүл-кесил дүрдүктүрүүдө. Как ошо эл тамырынын байланыштуулугунан алда кайдан булкан күчтүн эпкини, мээден тырмакка сызылган сээрдей быякка жетип отурат да.

Анығыраак кабар бийлөөчү акимдердин чөйрөсүнө тымызын маалимделүүдө. Алар кудуреттеринин жетишинче кара таман букаралардан жашыруу алекетинде. Ынкылаб-төңкөрүш чыгаргандар падышачылыкка, теңсиздикке, эзүүгө каршы. Көтөрүлгөндөр кыйратылып, камалып айдалгандарына карабастан, жолун жолдоочулар, айыгышкандар көбөйүүдө. Шаардан шаарларга, айылдарга дейре козголоңчулар тутанган өрттөй өрчүп, иш таштоо, көркоо ээлерин өлтүрүү, алык-салыктарды азайтуу, жер, байлыктарды бөлүштүрүү талаптарын ачык коюулар арбууда.

Ичкеридеги көпчүлүктү түзгөн ишчи, кембагалдарды эзүүчүлөргө каршыгуусун өркүндөтүп баш көз, жол көргөзгөн окумал азаматтардын өзүнчө уюму, илими барлыгына Токмокто жүргөндөн даректер Тоголок Молдо жакшылык үмүттүн шооласы жакындап келатканын боолголоодо.

Кезиттерден чокондоп окуп, Букарбайга, Гришага жолукканда ынкылабчылардын тобу өндүрүш жайлуу жумушчулары арбып, Ташкенде, Кызыл-Кыя, Сүлүктүдө да түзүлгөнүн, бирин-сериндеп Пишкек, Каракол, Нарын калааларына өкүлдөрү

жпберилгенинен кабардар. Ичкерки шаарлардан эл бузаар, шектүү деп саналган кээ ынкылабчыларды падыша төбөлдөрү Шиберге эле эмес, алыскы Түркстанга да сүргүнгө, аскер кызматына сүрдүктүргөндөрү көбөйүүдө.

Падышачылык, зулумдукка өмүрүн сая айыгышкан азаматтар сүргүндөн коркпой, тыйылбай ыйык ишин улантууну парз тутушкандарына баракелде.

Алдыртан жазма ураандар, чакырыктар таратып, ылаажы тапса эле жергиликтүү калкка чындыкты айкындап, чың, сезимдүүлөрдөн өзүнө тартышат экен.

Курткадан Тоголок Молдо көчүрө келген Гриша Дөрбөлжүндөгү ар кимдин майда барат буюм-теримин жасап, түпкүрдөн кат, кабар тарткан бекетчиге байырлады. Байымбетке ара чолодо кеңешип, жогорку жагдайларды жоруптады. Анан Гриша Нарынга, балким андан да арылап, Кара-Кол, Пишкекке чейинби каттап, кайра кайтаарын эскертип тымызын жылып кетти да узакка жоголду. Кирешенин жөн жай эле уста эместигин акын Жаркынбай чокундук аркылуу небак туйган. Түп жактагы ынкылабчыларга байланышы барлыгын бу кара жол боюндагы тескейге көчкөнү, ичкерилеп жөнөөрүндө Байымбетке ачык байкатты. «Жолуң ачылсын оңкойгон эргулум. Эл тамырын узарткан, чырмаштырып чыраштаган берендин бири. «Көп түкүрсө көл болот. Көл толкуса сел болот». Түптүү журт орустардын түпкөрүдөн толкуганынын шарына чеке жакасындагы биздейлер да кошулса көздөгөн азаттык көңтөрөөр зулумдарды. Акыйкат, теңдик агартуу жардыгын баштагыдан демдүү таркатаармын».

Кирешe, мүмкүн Букарбай дайындаган белем, бекетчи, жалпы болушка тиешелүү буйрук маалымат кагаздары, кезиттерден тышкары китеп, кагаздардан да кымтып Тоголок Молдого табыштоочу болду. Жеңилсе да, андан, мындан көтөрүлгөн ынкылабчыларга каршыккан өкмөттүн катуу жазалоолору, опузалуу буйруктарынан сырткары, адабий маалимдөөдөн канаатташ элдердеги таламдаш акындардын тагдырлары оюн опурултпаспы.

Замананын азазил мыкаачылыгын тартынбай ашкерелеген өткүр жанытмачы Мукими элүү үч курагында муңканган

боюнча апаат болуптур. Кайран гана кажарлуу шаир. Токмокто күн-түн китепке достошуп шакирттикте кайралып курчуган, толукшуган маалында жароокер Хафиса ханум «Өзбекче шер биласизми» дегенде Мукиминин «Сурма куймай бунчи хам жано карадур кузларинг. Хар бир жон касдига бакган боладур кузларинг» дегенин шыбыргактатып таңырката сүймөнчүгүн арттырганын эскерди. Мукиминин чыгармачылыгы сүйүүдөн жогорулап жегич, алдамчы, баскынчы, жанбактыларды күйгүзө сыноого өтүп, «Күйдүргү, өрттөгүч жазмачыл» атанткан. Анын «өз ватанида өзини гариб сезган» – деген өрттүү сабын өзбекче, анан кыргызча «Өз Мекенинде өзүн карып сезген» – деп канча мертебе кайталап жобурады. Анткени – өз тагдыры да Мукимиге окшош. Ал «өз Мекенинде өзүн карып сезгени» төгүнбү.

Фуркат, тилдеш замандаштарынын ичинен казактын кыйын акыны Абай экөөндө кандайдыр үндөштүк, жакындык бар. Аларга Байымбет өзү да ылымдаш. Фурхат орус тилин өздөштүргөн окумал, орустун өнөрүн, илимин жайылтуунун пайдасы күчтүгүн жактаган жалындуу чакырыкчы. Ал да өз жергесиндеги төбөлдөргө сыйышпай шарк өлкөлөрүн, фарс, араб журтчулугун кыдырып кетиптир. Курган гана Фуркат, аяктан да жай таппас.

Чыгышы Монгол, батышы орус, түштүгү Кытайга түрүлгөн учу кыйырсыз кең мейкинди ээлеген, тилдеш, тектеш, кыргыз, өзбек, түркмөндөргө коюндаш чачыранды, караңгы, эзилген казак калайыгына теңдикти, өнүгүп-өсүүнү, орус таалимин алууну үндөп, өзү орус акындарынын өлөңдөрүн казакчалатып алыс жайылтып, зулум атасы Кунанбай султанга, башка туугандарына каршылашып, кайран Абай да элүү тогуз жашында жазгандарын көзү тирүүсүндө басмадан чыгаралбай кол китеп аркылуу таркатып каза тааптыр. Атаңдын көрү куу дүйнө, кандай гана мүшкүлдөргө урунтасың.

Кечиксе да тагдырлаш, кесиптештеринен дарек билип терметкен сыйкыр күч, эл тамырынын учукташтыгы. Акын «жер тамырынан эл тамырынын» танапташтыгынын, учугунун узундугун, кайдагы тоо койнунда дарексиздей жүрсө да, аалам окуяларын, адам тагдырларын туйдурган замана чындыгынан

улам аныктоодо.

Акындын жүрөк тамыры жалпы Орусиялык жаңырыктын эпкинине термелүү менен, жанын сабылткан ашыглык кусасына алдастатып, кээде ысыктата бийиктей аптыктыра, ынтыктыра соксо, кээде сууктата шалдыратып алын кетире үлбүрөөдө.

Үрпүканы андан зар какшаган:

Карайсың көзүң кылгырып
Кастарлуу сөздөн жылдырып.
Качан колго тиесиң
Кара жанды тындырып... –

деген ырларын алган сайын жаттап, тумарчыдай бапестей катып, убадасында тураарлыгын билдирүүдөн тажабады. Жыл айланды.

Ажаан кайната, аксым күйөө канча айла, амал издебесин Үрпүканды карыш жылдырбай, торгошуп өңүн самандай саргартты. Төркүндөрү, кезегинде калыңга тунган эмелер, канча какшап айттырса, доодон чочулашып даап ажырата алышпады.

Эрлүү катын баш ачып ажырашмайын, башка эрге тийүүгө адат заңы жол бербейт. Аял чанса эринин, кайын ата, уруктукумунун намысы басылып, сөзгө сынат. Өткөргөн калыңын доолашат, бий, болуштардын бүтүмү менен чатакташып башы ачылат.

Эгер эри талак жарыялап кетирсе анда жөнү башка. Үрпүкан, али чырактай жаш кезинде экинин бири болуп кордолсо, бара-бара күнүнүн күлү жоо, улгайганда ого бетер уйпаланаарына көзү жетип, сыртын үйрүп кутулууга чыгынган. Анын текебердигин жактырбаган эри, күнүсү, кайнатасы запкы көргөзүүгө өтүшкөн. Карайлаган маалында Тоголок Молдо табылды. Эптеп бошонуу гана аракетинде. Жедеп жаны кашайып бүткөндө Нурдиндин жолдош жалаңдарынын жашыруун жардамы аркасында, ажаан эркектери жок маалды тушташтырып, бой кийими менен гана ат жалына сыйынып атасыныкына өзү качып жетпеспи.

Атасы намыс, доодон чочулап кокуйлаганда:

– Эгер менин силерге керегим жок болсо, кайната аталган Бекболот байдын үйүнө, күйөө делинген Качыкенин капшытына

кайра киргенче, муунуп, же зоодон учуп өлөм деп зар ыйлап кашайды. Чүрөктөй кызынын ырп этээр алы калбай жездей кумсарып катканына, жанынан кечүүдөн кайтпасына ынанган эне, туугандары көр намыс атаны тыйышты.

Бекболоттун куугунчулары үстөккө-босток кайкып түшүп демитүүдө. Алар калың эмес келинин кайра жеткизүү талабын коюуда. Айласы куруган атасы айыл манабы Муратаалыга жалбарды.

– Баатыр, түбүбүз бир. Карайлаганымда калка болоор деп келдим алдыңа. Үрпүкан кызыңдын жанына аралжы бол. Өз элиңдин намысын Бекболотко тебелетпе. Ал сасыган бай болсо, сен санжыргалуу манап, журт башысың. Байлыгың андан кем түшпөйт. Бийлигиң жогору. Айнектей кызымдын башын ач. Качандыр кудалашып төлөгөн калыңын жойдур. Жолдугуңу өзүм жасайм.

Мындай учурда бийлөөчүлөрдүн чырагына май тамат. Ажаат ачтылыкка мындан да, тигинден да жем өндүрөт. Мураталы өмүр бою тазынан арданып, жапма топусун, анын үстүнөн үзүктөй тебетейин балбайтып, эл көзүнчө караманча башынан түшүрбөгөн калыбында, канталаган чийкил жүзүн чыйкандата митаам көзүн үлүйттү:

– Көшөргөн баланы зордобо. Көңүлү тынчтансын. Өзүң айткандай Бекболоттук күч бар. Дагы куугунчу келсе мага жеткир. Үрпүкан ургаачынын чырагы го. Кордук көргөзүп, көкөйүнө тийбесе качмак эмес. Өчүн алабыз. Башын ачабыз. Ой ойлоого, Бекболотторго жалаа жаап, качырууга убакыт бер. Балаңдан дагы тактап сура. Кордоо, ызалоого азыркы заң боюнча тыюу салынган. «Ууру күчтүү болсо ээси доого жыгылат» дегенди билесиңби. Хах-хах-хах. Эгер сен Үрпүкандын мындан аркы тагдырын мага табыштасаң, чырактай карындашымды жайлуу, майлуу жерге өзүм жайгаштырам.

Беймарал заманасы куруган ата мөңкөйүп, Мураталынын жээрде сакалын сылап бөйпөктөдү:

– Карындашыңдын тагдыры сенин колуңда. Санаамды тындырдың, болду. Мартабаң кемибесин.

Мураталы санаасында ырыскысына кудай айдап жеткизген олжону кандайча кымбаттатаарын, кадыр колко күтөөрүн кал-

кытууда. Он гүлүнүн тогузу төгүлө элек чырайлуу ургаачынын куну жогору, кардар четтен чыгат. Демек, Мураталы Үрпүканды атасынын төрүнө көбүрөөк отургузуп, дайыны калайыкка кеңири тараганда, кардардан кардарды тандап мартабалуууга, берешен берекелүүгө баш калыңын бакыйтып өзүнө тартуулаганга атказат.

Бекболот ага айыгышмак кайда.

Эсирген кем акыл эселек уулу Качыкенин запкы көргөзгөнү үчүн доону күчөтүп кынына киргизет. А түгүл өргөө толо адими буюмдан камдалган себин доолайт. Чыпчыргасын коротпой толук өндүрөт. Мейли, азырынча сасык бай кайнатасы менен, куу чирен кемчонтой эрин мыш кылып чанып качкан ургаачыдан чыккан азамат Үрпүкандын чыры ырбап, даңазасы жайыла берсин.

Атасы баш оту менен бийликти берген соң, качкан кыздын тагдыры кандай каалаcа ошондой чечилээрине күчүнө чиренген манап күмөн санабады. Ал Үрпүкандын оюнда эмне бардыгын билбейт, билгиси да келбейт. Капастагы бөдөнөдөй корголоогон байкуш кызалак тургай өз элиндеги мындан оор ишти тындырып көнгөн Мураталы өз кудуретине кантип чиренбейт.

Үрпүкан атасынын кадырман манаптан көңүлү жайланып:

– Балам ырысың бар экен. Үрпүкан кызым Мураталы аваң сени «тумшуктуга чокутпайм, туяктууга тептирбейм. Чөккөн көөнүн өстүрүп, азган өңүн нурдантсын. Бекболот сасык байдын сазайын колуна берем, ызалагандыгы үчүн» – деп чамынды – дегенин бажырап айтып келген соң чын эле ичээр суу, көрөөр күнү алдыда экенине ынанды.

Санаа саргартып, убайым уйпалаган жаны секнндеп сергий ирдене өңүнүн ажарына чыга баштады.

Энеси, жеңесине сыр бөлүштү. Алары башы азат болмоюн анттакан жигитин айыл четине жолотпоосун, азыр «кооку манаптын» (айыл аялдары Мураталыны сыртынан ошентип тергешет) оболунан чыкпасын, анын өтө кыйкымчыл, каардуу, ачуулуу экенин, окус ал бу жорукту жактырбай кыжырланса иш тескерисине айланаарын безилдешти.

Үкөйүнүн кутулганын, атасынын төрүнө жеткенин угаар замат ашык акын жүрөгү делбиреп, чаап келүүгө батынбай,

иши оңуна көчкөнүнө кубанып, дубай саламын арачасы Нурдин аркылуу табыштатты:

Салам наама кат жаздым
Сагынып сага баралбай.
Айтышкан шерттен таналбай
Аныктап жооп алалбай...
Абыдан күйдүм сен үчүн
Мазбурчак менен Жамалдай.
...Кадимки сөздө бар болсоң
Кадырым билген жар болсоң.
Чыдап мага тиерсиң
Чының менен сүйөрсүң.
Чыбыктай болуп буралып
Чырмалышып жүрөөрсүң.

Үрпүкан ага ал жайды түшүндүрүп, сабыр кылып аяңдап күтүүгө өтүнүчүн жиберди.

Ашыктык дарты ашынган акын Үкөйүн көзү көрбөсө көңүлүндө элестете ыры менен сүрөтүн тартып көөнүн алачылатууда.

Сүзүлүп көзүң коймолжуп
Сүрөткө тартып койгонсуп.
Түйшүктү мынча не салдың
Түн уйкумдан ойготуп.

Оозуңдан чыккан илебиң
Булбулдун мукам үнүндөй.
Жылмайып басып жүргөнүң
Жайлоонун айлуу түнүндөй.

Атлас көйнөк кийгениң
Аста басып жүргөнүң.
Акактай тишиң кашкайып,
Адамдан башка күлгөнүң.

Аткан таңдай тамагың,
Ак алмадай сагагың.
Армандуу көөнүм тазартып
Ай чыккандай карадың.

Минтип өзүн алаксыткан менен көксөөсү суубастай, Сагынычы артып, саруулаган абалын билгизе чиймеледи.

Санаа тартып саргарып
Дартызар болуп сандалып,
Кунава[1] жутуп кумсарып
Алтымыш тамыр ийгенден
Аспарай[2] көңүл сүйгөндөн
Ай чырайлуу Үкөйдүн
Азабын тарттым күйгөндөн.

Мураталы өкүмдардын түпкү максатынан дарексиз ашыктар келерки жазга созулганда араң Үрпүкандын баш оту ачылган солгундукка эптеп чырмайын чыдашты.

Байымбет айыпсыз дил өкүмүн – кусалыгын айкындабаса жарылып кетчүдөй ичине батпай дандайып чыңалды. Азаптуу жашыруу чээнинен ашты. Комузун күүлөнүп чыйралган кылы чертилбесе дылдырап бошоңдой жазылат, же чарт үзүлөт. Анын сыңары адамдын тагдырындагы бышып жетилген маселе бир жаңсылданууга тийиш.

Акын мындан ары дымып чыдоо мүмкүн эместигин Нурдинге кеңешти. Шакирт устасынын асылдыгын, сыпаалыгын, сабырдуулугун небак таразалап, өрнөктүү кол жеткис бийиктик катарында баалап бүткөн. Эми а кишини жооткотуу мүмкүн эмес. «Арачыга алты таяк». Эки асылдын өмүрлөш болуусуна алгачкы далдалчы, уларып кеткенине алар менен кошо камыккан, түбөлүгү түздүгүнө, эмгеги талаалабасына демденген Нурдин, Үрпүкандын качкан жеринин дооматынан кечеңдеп болсо да так кесири бошогондо Молдокесинин күүлөнгөнүн токтото албасына көзү жетип, дагы эле эңсешкендердин жашыруун жолугушуусун уюштурду.

Тоголок Молдону колуктусунун айылына колоктотуп жалгыз жиберүү осолдук. Анын күйөө экендигин айыл журту билбейт, атасынын, уруу мыкчегеринин макулдугу жок. Кимдир бирөөлөр куда түшүрүп макулдашылса, ачык күйөөлөп каттоого уруксат. Акын негедир азырынча кудалатууга ниеттенбейт.

[1] Кунава – кайгы маанисинде.
[2] Аспарай – артыкча.

Өзүлөрү жүздөшүп шерттешкен соң, Нурдинден башка бүрөөлөрдү кыпчылтпай, кол кармашып баш кошуу Үкөйү экөөнүн гана оболундагыдай кыялданат. Сүйүү сээрине делбеленген кыялкеч акын али да турмуштун жолтолуу, жалт берме катуу багытынан жалкелек.

Үрпүкандын айылындагы тааныш адамга конок айтып эки акын капыл-тапылдан калдайып түштү. Конокту кубалаган салтта жок. Кудай айдап жеткирген, демейде чакырып келтиралбас кадырман шайырлардын тамашасына коңшу-колоңдору, анын ичинде Үрпүкан да чакырылды. Сагынышкан ашыктар кирпик шооласынан жоодураша купуя учурашып, бу саам моюндарына кылыч тосулса да жолугууга дилгирликтерин туйдуруша жалоорушат дейсиң, байкаган Нурдин менен бийкечтин жеңеси экөө гана бечараларга боор ооруп, не болсо да аларга шарт чуктоо аракетинде.

А деп Нурдин шайыр ырлардан комуз күүсүнө чайкап мейман ызатын жасап бапыраган үй ээсин, чогулгандарды жубантты. Анан Тоголок Молдо узакка, муңдуу дастандар «Кыз Мактымдын арманы», «Кубаттын уулу Кулмурза менен Аксаткын», «Жаңыл Мырзаны» угууга ынтызарлык болсо, казалдатып айтууга, атайын камынганын билдиргенде чогулгандар:

– Угабыз.

– Манас, Семетейден да башка дастандар көп тура.

– Канча күнгө созулса аягына чыкмайын кетирбейбиз – дешип күүлдөштү.

Тоголок Молдо жорго сөз менен «Кыз Мактымдын» арманга кандайча кабылганын копшоду. Жоо жакадан, бөрү этектен алган, тоо пааналап көчүп, конуп жашаган байыркы кооптуу доор. Байсары деген малына кароо, сараң бай, элден бөлүнүп жалгыздап, конуп, жайыт тандай көчөт. Анын Мактым аттуу бойго жеткен чыйрак, акылдуу кызын калмактар карактап кетишет. Эл, жери, теңинен ажыраган Мактым кыз зордукчуларга багынбай, зар какшайт. Түнүндө санаасы тыныңкы баскынчыны алдап уктатып тымызын жылып качып жөнөйт. Тоо ташты тырмалап, карагай черди аралап, жорткон карышкыр, түлкү жырткычтардын азуусуна таланбай, эптеп элине жетет.

Кыз башы тарткан кордукту, чыдаган, жеңген эрдигин баяндап, даңазасын ашырат. Акыры Арстанбек аттуу азаматка тиет...

Акын Мактым кыздын арманын, укумдан тукумга айтылып калгыдай ыр шекерине бөлөгөн.

Түлкү жүрбөс түнөк жол
Түндөп келдим арман күч.
Түшүмө кирбес калмактын
Колуна түштүм арман күч.

Карышкыр жүрбөс каран жол
Капталып калдым арман күч.
Кашыма келбес калмактын
Колуна кирдим арман күч.

Алышып ойноор теңим жок
Ала-Тоо кайда, жер кайда?
Атпай кыргыз эл кайда
Айтып айтпай не пайда.

Атамдын аты Байсары
Байсарыны айталы!
Азапка мени туш кылды
Байсарынын малсары.

...Элет кыргыз ичинде
Эли менен турган жок.
Эсирип малга Байсары
Эптүү кесир кылган жок.

Эмгеги көп Мактымга
Эми мындай жыргал жок.
Канетейин арман күч
Калмактан санаам тынган жок.

Кулаалы деген куш болдум
Кудай кылды кыз болдум.

Курган Мактым калмактын
Кыябын таап тыз койдум.

Окуялуу армандуу казалды, жоо колунан качып кутулган чыныгы турмушта болуп өткөн эр кыздын азапты аңтарып, акыры таалайын тапканын тыңдагандарды түгөл бейгам калтырбай, айтып жүрөөрлүк тамшанта безеленди акын.

Үрпүкан өзгөчө түйшөлдү. Кыз Мактымды өз тагдырына окшоштурду. Акын досу бекеринен армандуу кыздын акыры каалаганындай жыргал жай табаарын кыйыштырбаганынан, анын билеселүүлүгүн ардактап сезиминде кучактады.

Байымбет «Кулмырза менен Аксаткын» эки ашыктын сыр түйүнүн чечишип, жаштык сүйүү лаззатына баткан учурларын бурмалуу, бөлөкчө ыр ыргактары менен уккулуктуу куюлуштурду. Акыры ушак, айың чагымга ууланган, калыңынын акырын өткөрбөгөнгө кажынган, атасы төрүндө төшөктө кучакташып жаткан жеринде, кулдарын жиберип, Кулмырзаны өлтүртөт. Өлүгүн күрөндүгө көмдүрүп, дайынсыз жашыртат. Аксаткын босогосун аттабай өксүгөн кайын атасына угуза тайманбай бактылуу жаштыктын мээри кандай төгүлүп, канкор атасы аркылуу кандайча кандуу кайгы менен кыйылганын баштан аяк муңдуу кошот.

Жабалактагандар бүт, алардын ичинде Үрпүкан да «Аксаткынды» түйшөлүп, сабылып тыңдашты.

...Кулмырза, сенде чен барбы досум?
Жигитте сага тең барбы досум.
...Түн ортосу мезгилде досум
Аяк жагым күймөнөт досум.
«– Сен кимсиң десем», – «Мен дедиң» досум
Кыз жанымды наз кылбай досум
Койнумду ачып «кел» дедим досум.
Чечендик менен кеп айттың досум.
Кеп айтканда эп айттың досум.
«Тамырлык эмес, таеже досум
Аламын сени» деп айттың досум.
Ишендим айткан сөзүңө досум
Көрүндүң ысык көзүмө досум...

...Айкалып ойноп жатканда досум
Аңгемеге батканда досум,
Арбаң-сарбаң эткенсип досум
Эшиктен кирди эки адам досум.
Эчки десем киши экен досум,
Эгемдин салган иши экен досум.
Эшиктен кирген эки адам, досум,
Кош бычак урду жонуңа досум.
...Эт жүрөктөн кан чыкты досум
Эшикке жетпей жан чыкты досум.
Ичегиң калды иргеде досум,
Чыгаарда жаның бирге эле досум.
Такыяң калды төрүмдө досум
Тараза тапкын көрүңдө досум.
Эшиктин асты күрөндү досум
Күрөндүгө көмүлдүң досум.
Ажал жетип күн бүтсө досум
Айласы барбы өлүмдүн досум.
...Каныңды төккөн өз атам досум
Кабардар болсун кайнатам досум.
Кабарың айтып жар салып досум
Кызыл тилим сайратам досум.

Угуучулар биринен бири өткөн Мактым, Аксаткын кыздардын укмуштуу, алгылыктуу тагдырларына чырмалышты. Акын минтип келиштире сайрабаса, жүрөктөр титиреп, көңүлдөр уюбас эле.

Үрпүкан Байымбеттин ага тийиштире, эскерте неге мынчалык ашыктардын кейиштүү, оор өмүрлөрүн сыпаттаганына акылы айрандай талый, өзүн Мактым да, Аксаткын да сыяктуу элестетип, чечкиндүүлүккө үндөгөн акын азамат турганда айныксыз чымырканууга күймөнүүдө.

Үй ээси арнап союлган борук эти бышканын бул экөөнөн алда канча арымдуу дастан «Жаңыл Мырзаны» акынды дурустап меймандап жай уктатып, жанын сеп алдырып, эртең түштөн кийин элди көбүрөөк чогултуп айттырууга көндүргөнүн айылдаштарына колколонто жардады.

Арийне, бүгүн үйүнө сыярлык короолош кошуналары гана кабарландырылган. Алары акындарга шыбагалаш жаш шорпо ууртaшып, тартылган табактарга бөлүнө устукан мүлжүшүп, тууpаган этке тойтуна шар тараштыy.

Ыр, күүгө чаңкаган суусуну каныс, жаш этке тойгондор жылуу төшөккө киргенде мемиреп кызуу уйкуга тартылды. Үрпүкан гана жүрөгү дикилдеп, карегин ирмебей жаңсалган ишаарат боюнча самоосу арбып, тынчсыз. Ага дүлөй түн демейдегиден узакка созулгандай. Өргөөнүн капшытындагы жибек көшөгөсүнүн баш аягын жылчыксыз кымтып кереге жакты коомайланта жеңилдеткен. О, бир оокумда шибер билинээр билинбес жапырылып дабышсыз баскандар чукулдады. Дал анын тушундагы белги катары жарым жартылай түрүлүү туурдуктун тушуна жеткен эки караан чөгөлөй, көз, көз керегени солк эттире, карышча көтөрүштү. Сүйүнгөнүнөнбү, чочуганынанбы Үрпүкан аптыга жылаң башы сунулган Байымбетти колтуктан сүйөй, шайы жуурканын кайыра коюнун ачты. Күндүзү жеңеси аркылуу табыштаган атыр самынга жуунуп, жыпарын сүйкөнүп аңкыш камынган ынагы Үкөйүн Байымбет алкымынан, эрининен аймалап:

– Качан, эркибизче, уурданбай өмүрлүк баш кошобуз? – деди.

– Мен да ошону эңсейм. Сиз качан Аксаткынга уурданып келген Кулмырзалыгыңызды тыясыз?

– Ырас, Бу жоругубуз айтылуу Аксаткын менен Кулмырзаныкы. Бирок, сенин атаң, кармап алса да мени өлтүртпөс.

– Билбейм, Молдо дос. Мүмкүн антпес, бирок уяты кыйын.

– Бу сапар, жароокерим билдирем. Лекин эртең…

– Ия?

– Ооба жароокерим. Ачык күйөөлөп катташам.

– Хи-хи. Ачык? Күйөөлөп?

– Эмне? Коркқондой эчтеке жок, башың ачылды.

– Молдо дос, дагы кара саат чырмады. Кутулбайм го. Биздин манап Мураталы дегенди билесиңби?!

– Кызыл тазбы? Ал не?..

– Ок. Антпе. Биздикилер антип айтуудан коркушат. Аялдар «Кооку аке». «Кооку манап» дешип сыртынан тергешет.

Өткөн заар.

– Мейли, заар болсо өзүнө. Мага эмне?

– Мени ошол кутказбадыбы.

– Ыракмат анысына.

– Эми мени кимге берээрди да ошо билет экен. Байкуш атам бийликти ошо билерманына бериптир. Ошого барып кайындаңыз.

– Кызыл тазгабы?!

– Кой дебедимби. Антпе. Тазына өлгүдөй арданат имиш. Кыйкымына тийсең, шорлотот экөөбүздү.

– Кыйкымына небак Касымбектин төрүндө тийгем. А дегенде ал мени мокотуп, кекетип быяктын мыктыларын, өзүн кошуп мактатып ырдатууга мажбурлаганда, мен тизгинин кагып оболуна көнбөй койгом. Кермурлаша кеткенибизде Касымбек тыйган. Ошондон бери мага көзүнүн чаарын жазелек.

Үрпүкан ыйламсырай өңгөчүн тарта солкулдады:

– Ай кудай ай, неге шорго жараттың экен?

– Кейибечи жаракөрүм. Кызыл таз Касымбектин карамагында. Мени жактырбаса кожоюнун сыйлаар. Айтам. Өтүнөм. Касымбектин катын алперем деген убадасы бар.

– Ошентип эле ылаажы таппасаң ишибиз кыйын тура?

Айткандай эртеси акындын эрмегине эл көп чогулду. Эшик жапкыч, туурдуктар түрүлдү. Кыздан чыккан баатыр, элин жоодон коргогон, тийишкен эр азаматтардын далайын жайлаган, амал менен колго түшкөндө ыдыкка чыдап, акыры эрдиги менен кутулуп, өткөн өчүн алып, элине кайткан «Жаңыл Мырза» окуясынан өзү кураштырган ыр дастанды Тоголок Молдо үйдө, сыртта жабалактагандарды ырп эттирбей, түштөнүүдөн соң баштаган, эки эт бышым менен түнкү казан чыгарылганда аягын жыйынтыктады.

Акын канчалык омуроосу жарга такалып чыңдалса да, Мураталынын астына бөгүлүп баруудан жыйрылды. Байырлаган үй ээсине Нурдинди кошуп, Үрпүкандын атасына жуучулукка жиберди.

Жуучулар үмүтүн үздүрүп тилегин да так катырбай, маңдайын да жаркыта кубантпай ортозаар «чөп да жебесин, кой да

өлбөсүн» жооп апкелишти. Кыязы кызы эне, жеңесине, алар атасына шыбыштаган окшойт. Атагы жайылган акынды, жалгыз ат, жалаң тондуу деп, Үрпүкан жактырса чанбасын, журт башы Мураталыга сөз берип койгондугун, не жуучулукка, не кудалашууга Касымбектин өзүн, жаки болбосо кадырлуу бирөөнү ага жиберүүсүн айтыптыр. Мураталыга барууга булар даабайт да, анда иш бузулат.

* * *

Баары бир Тоголок Молдо Үрпүканга үйлөнөөрү, күйөөлөгөнү айылга, андан бүт болуш элине, манаптарга дейре жетти. Аны Байымбет жактырды. Мынчалык маалымдаган соң максатына жетүүгө өбөлгө түзүлөөрүнө ишенди.

Муратаалыны бу саамкы ызырынганы бир ок менен эки коён аттыргандай анын пайдасына сокпоспу. Ал тууган сөрөйү, орто чарбалуу букараларынын бири – Үрпүкандын атасына зиркилдеди.

– Ант ургур. Териңди тескери сыйыртайынбы. Сөзүңө турбай, мени жаш балача алдап, аягы сай таппаган селсаяк, терсаяк ырчыны кызыңа күйөөлөтүп, колунан эчтеке чыкпаган томорго жашырып таң, тамаша өткөргөндү сага ким койду. Үрпүкандын башын ачкан, мына, мен. Аны кандай күйөөгө берүү, баш калыңын алуу, куда түшүүнү ата сөрөй нечак мага бергениңди унуттуңбу?!

Убададан танган жүйөөгө жыгып, кекетип-мокоткон манабына Үрпүкандын атасы айыбын моюнуна ала чөгөлөдү:

– Баатыр, кулдугум бар. Менден кеткен иттикти, дароо айтпаган күнөөмдү кеч. Кудай бар биз билбедик. Үрпүкан өзү башын имерткен окшойт. Мындан аркысын кандай чечесиң эрк өзүңдө. Үрпүканыма ата да, жото да сен. Мен койдум.

– Болду, арбак урган кемпай! Мени көргөнүң да жок, сүйлөшкөнүң да жок. Оозуңдан үйдөгүлөрүңө, кызыңа, арам күйөөңө сөз чыгарсаң териңди тескери сыйрам! – деп, Мураталы аны өмүрү өйдө карагыс жергөз кылып жөнөттү. Бу кейбирди экинчи тырп эткис чеңгелине уйпалады. Эми ырчы макулукту

эсиртпей эсине келтирүүгө чамынды.

Кармашып, кажашып, бирөөлөрдү басынтып, беделин түшүрмөйүн зоболосу соолчудай итатайы тутулган көркоолордун бири – Мураталы кезенген түгөттү келекелөөгө кыбасын кандырчу шылтоо табылганда кекенгенинен кечпөөгө, тап койгонунан тартынбоого кыжынды. Тоголок Молдо кызына күйөөлөп түнөккө киргенде астыртан атасы Мураталыга кабар жеткиртти. Мураталы кымылдап оюндагысын аткарууга чамынды. «Урушаарга жоо, урунаарга тоо таппай», кара күчү толуп ташкан, албуут, олбурлуу үч заңгини көкүтүп, колдоруна көк союл да, найза да, чочмор да бербей, булдурсун, шапалак камчы карматып, айдакка көнгөн көк жал дөбөттөрдөй атырылтып агытты:

– Кыраандарым, көк жалдарым, табыңар ташыганда өңүтүңөр дал келди. Кызыталак арам күйөө сөрөйдү бети башын аман коюп, бүткөн боюн тызылдата тыбыратып, үйгө киргизбей айылдын четине апкелгиле. Безилдеген тилин ошерден угуп көрөйүн.

Алыстан жылкы тийип, чукулдан ууру кармап, ээсинин агытуусу менен терс аяктангандарды байлап матап, жанчып машыккан ойрондор Мураталынын үйрөтүүсү боюнча жанга шек алдырбай эл аягы небак тынып, короодо койлор жуушап түн теребелди коюу ымырттатканда Үрпүкан жаткан өргөөнү алыстан акмалай бөгүшүп чакырайышты.

Тоголок Молдо кийинки түндөрү колуктусуна коомай ачык ташталган эшиктен жылып кирип, жылып чыгуу укугуна жеткен. Бүгүн акыркы түн. Касымбектин наамынан кадырлуу жуучулукка шыбыштаган шакирттеринин сүйкүмдүүсү Молдобасандын атасын, жүйөчүл, чечен Мусулманкулду, Мураталыга жиберүүнү божурап, Үкөйүн кубантып, азилдешүүдө.

Кайгуулдар никесиз келин коюнунан уурданып созолонгон карааңды чалдыктырбай чыйпыйлары чыгып, кур кол золкоюп ээсинин каарына капталуудан опкоолжушту. «Өргөөдөн көп узатпай, короо четинен уйпалай баскыла, torойто чапкыла» дебеди беле. Таң куланөөктөп, жылдыздар суюла тунарыктоодо. Табарсыгы бош карылар, чепкендерин желбегей жамынып тигинден мындан суурулуп сыртка чыгууда.

Саксактаган үч берен ойгонуп сыртка чыккандардан айбыгып, кетенчиктеше колотторго далдаланышты. Иштери оңунан чыкпаганга өкүнө не кылар алапайларын табышпады. Таң кылайганча кыймылсыз акыйышып талмоорсуган денелерин жазуута үчөө апсаңдаша, чапчылашып күрөшүштү.

Байымбетке баш кошуу дайыны айыл-апасына билинген соң, анчейин катуулап жашырынбоого өткөн Үрпүкан менен көшөгөнүн ичинде үлпүлдөшүп, жакында бет алдынча өргөө көтөрүп ачык баш кошоорун бышыкташып ынагын босогого чейин өзү далдоолой эрчип, эшиктен чыгарды.

Аюудай апсаңдашкан кайгуулдар – олжосун аңдып колго түшүрүүгө жиберилген милдетин аткаралбай, ачуу чеңгелдерин өзүлөрүнө аткытып алдасташты. Баштарын жерге салып каардуу ээсине кулдук уруп эңилүүгө колоттогу аттарынын тушоосун чече колоктоп жайыла кырга чыгышканда, таанымал акындын айылдан узап, кериле жай баратканын чалдыктырып, тумшугу каткан жорулар, капилеттен тарпка калдайып куушурула кудуп үймөлөктөгөндөй, зымырылта чапкылап жетишип жолун торгошту:

– Кайдан чыктың?

– Кайда барасың?

Тоголок Молдо биринен-бири эпсиз далдайып, бири булдурсун, экинчиси шапалак, үчүнчүсү камчы үйүрө ортого алган, көздөрүн макоо, сүзөнөөк букалардай тунартып мөөрөгөн айбаалыларды ыйбаа сактоого чакырды.

– Азаматтар абайлагыла. Жигитчилик ар кимиңердин башыңарда бар.

– А-ңа, жи-жи-гит-ч-чиликпи.

– Мунун озондогонунда кеп бар болчу.

Байымбет булардын соо тегеректебегенин, эптеп жумшартып кутулууга жандалбастады:

– Азаматтар, адам баласыбыз го. Каарыңардан кайткыла. Силердин алдыңарда күнөөм жок.

– Сыйың менен астыга түш.

– Кайда? Кимге апармаксыңар? – Акын чын эле каргашага кабылганын сезе алайды. – Элдин салтын билесиздер, ак таңдай

акынды, ашкере сулууну кордоого, кол көтөрүүгө мийзам жол бербейт. Коё бергиле батыракелери. Менин элге эрмектиктен башка жазыгым жок.

Кайгуулдар акыйыша азга, акындын жүйөөсүнө уюшкансып, шалдайышты. Кайра какаардуу ээсинин буйругун эскере эринин апчый тиштене бири-бирине акыйыша арбашты. Акыры көнгөн аксымдыгына жеңдире, ортодогусу опурула булдурсунун Байымбеттин тизесине оролто шилтеди:

– Так атаңдын башына апарабыз! Медиреп сөзүнө эриткиси бар ар-рам! Эмне карап турасыңар! Соккула! – деп жанындагы экөөнө айкыра, жана тартып, тартып ийди.

Өмүрү мынчалык сабоо жебеген Байымбет, сай-сөөгү бырындагандай денеси ысып күйө сыздап көзүнөн жалын учуп, бүрүшүп жыгылды. Кандим кесептер талуу тизеге, шыйракка, кызыл ашыкка, такымга чака-чук барсылдатышууда.

А дегендеги ачуу булдурсун сокмогунан кийин этинин ачышып сыздап ооруганы анчейин сезилбей, алы гана кетип, бети көзүнүн аманына кайыл.

– Жан соога азаматтар! Жетет. Torойто жанчтыңар. Эми алпарчу машаягыңарга жеткизгиле – деп чымырканып онтоду.

Далдайган кара тултук лакыйган чеңгелин арбайтып, саал эңкее желкеден апчып, көкбөрүгө ташталган эркечтей салмактанта далыдан чапчып энди да, ээринен кетенчиктей кашына басып, атынын оозун ызгытып коё берди. Токмок жегенден көрөк, салкын желди дүүлүккөн бетин аймата, ат үстүндө калкыганы жеңил. Кудай жалгап, аядыбы, сокмоктуу колун ооп түпшөсүн үчүн артылтканы болбосо баскан жок. Окус чыканагын матыра ныктаса ичеги карды эңшерилип, кабыргалары сөгүлүп кан кусуп жан бермек. Тобо, жазмыштын ар кыл тарткылыгын, ченемин, кысымын, запкысын көрүп келатат, дагы көрөөр, бирок мындай кордукту үч уктаса түшүндө элестетпеген.

Бирөө аны өңөрө адырандаган эмени тизгиндей чабууда. Үчүнчүсү чымын куюндата алдыга озду. Үрпүканы көрбөгөнү жакшы болду. Азапты анын эле тартканы жетишет.

Суунун жээгиндеги майышкан кайыңдын түбүнө тык токтошуп, жанындагысы атынан түшүп, Байымбетти ат жалынан

улактай көтөрүп көлөкөгө отургузду. Акын оозу кургап тамшанды. Тоо суусунун тунук бүркүмүнөн кочуштап жутууга, жер таянып обдулса, такым тарамыштары тырышып, тизе томугу сыздап тура албай бүрүштү. Топусун алып, көкбөрүкечтин жанында үксөйгөнгө сунду. Ал үнсүз барып, топусуна суу толтура карматты. Оге, мүрөк суусу белем. Кымыз да мындай даамдуу болбостур. Чаңкаганы канып, эс учун жыя, бети башын сыйпагылап, колун ушалап, аман соолугуна каниеттене талмоорсуй кыңкайды.

– А!, ак таңдай акыным, жол болсун! – деген чарымдуу кычкыл доошко селт эте башын көтөрсө, атын обочо алиги алдыга чапкан жигитке карматып, таз башынын кемтигин жашырган далдайган жапжаңы илбээсин тебетейин кулпурта, Мураталы күрсүйүп маңдайына жакындаптыр.

– А-а, андай болсун, көрсө сен белең Мураталы баатыр, күчүң ташып чаптырган жооң мен бакыр.

Мураталы тегерек жээрде сакалын титирете кытмыр күлүмсүрөдү:

– Ишенбегем. Көрсө чыпчын турбайсыңбы. Бу жигиттер сени кызга бергис жубан Үрпүканымды имерип, мазектеп, эселектигиң ташыганда колго түшүрүп, анча-мынча жазалаптыр. Ага анчейин капаланган түрүң жок.

– Үрпүкан антташкан, алчу жарым.

– Жо-о... Үрпүкан сендей селсаяк эмес. Анын мына мендей сураары, атасынан артык ээси бар. Аттиң, сенин бузганыңды билгенде, жыл маалы ат тезегин кургатпай чөгөлөгөн Бекболоттон алдыма экинчи калың айдатып, чыгартпайт белем. Сен кызыталак, салтты сайрайсың, өзүң арамдаттың, буздуң.

– Ашыктык аруу, баарыдан күчтүү, ыйык нерсе.

– Жо-ок Тоголок Молдом, ээсин капкан дөбөт кутурат. Сен дал ошол болдуң. Ээң, кадырман Касымбекти, анын кастарлуу тирөөчү мени каптың.

– Такыр, андай эмес. Мен Касымбек болушка эми гана айтмакчымын. Ал сага кеңешмек.

– Ог-о-го, куусун мунун! Менин акылымды уурдап барып айттырмак экенсиң да. Жетишет кызыталак, билсең сен, Ка-

сымбек болушту сындырдың. Жосундуу иш кылган жоксуң. Жолбундун көрөөр күнү ушул. Ушу шорпоңду ичкенге сүйүн. Касымбектин ирегесинде жүрбөгөнүңдө толорсугуңду кыйдырып, кызыл ала бычтырып, аңги Тоголок Молдону жоош ат, ак молдо кылып таштамакмын. Экинчи Үрпүканды оозуңа алып, кайрылып келчү болбогунуң.

– Үрпүкан менин шерттешкен жарым. Кеткен осолдукту оңдойбуз. Жолтоо кылба, таксыр.

– Эми оңбой калдың. Сендей ууру иттей шимшибей, мына менин астыма куда түшүп, такыялуу кыздан ашык калың бычып бүгүлгөндөр бар. Үмүтүңдү үз. Уялсаң азыноолак камчы жегениңди жашыр. Биз да билмексен, көрмөксөн, укмаксан болобуз. Шерменде болгуң келсе озондоп арманың айтып ырда. Касымбекке даттансаң пайда таппайсың, жек көрүнөсүң. Биз да тим жатпайбыз. Чындай келгенде Касымбек сенден жогору санайт. Эскертээрим ушул. Сени менен башка акыйлашып отуураар чолоо жок. – Мураталы этек, жеңин кагып туруп, атын берилете жетелеп, колтуктай мингизген желдеттерине:

– Тийбегиле, «ыйык акынга». Үрпүкандын айылына кайрылтпай, шегин айтпай атын быякка алдырып, түз узаткыла. Мен болду дегенче Үрпүкандын айылына жесекчиликке кароолго тургула. Эгерим кайрылып келсе, муну аябагыла. – Жекире эскертип шарт бастырды.

Кыйды таздын тооруй чалган кылыгына Байымбет канчалык жанын кашайтпасын шамыян кайтарып өчүн алууга дармансыздыгына өкүндү. Акындык атагы жайылса да, кадыры, сөзү айылдык, чала манапка тебеленген, күндө таланган букаралардан айрымасыз карыптыгына муңкана жолду карата кан талата, томуйта чабылган балтыр, такымдары чымырай, тизесинин томугу сыздай эптеп кайраттанып ээр үстүндө жол бою ыргала күңкүлдөп, муңдуу ыргакты кайырды:

Сөзү үпөт болбогон
Учаң теңиз эл карып.
Адилетсиз манаптан
Айып тартып сен карып.
Букарадан кайраттуу

Кадыры өтпөс эр карып.
Кызыл таздан таяк жеп
Кыйноо тартып мен карып.

Өткөн кылымдагы Музооке бабасынын кордугун эми өзү тартканын, анын «Муңдуу күүсүнүн» илебинде, кайрыгында аргасыз карыптык ырын чыгарганын – тагдырдын окшоштугу дейби, же кандайча жоруйт.

Устасынын мынчалык кечиккенине күйпөлөктөп, качан Мураталынын жасоолу жетелеп жөнөгөндө чала моңол доңшуган бейкапар Нурдин жол ортологондо артынан чаап жетти. Байымбеттин өтүнүчү боюнча Молдобасандыкына түшүрдү. Астына көлдөлөң, төшөктү жумшакташып, канталап таңдайы каткан кургурга муздактан кымыз, ысыктан куурма чай ичиришти.

Болушуна арачы салып, арызданайын десе Молдобасандын жүйөчүл атасы Мусулманкул как Касымбекти коштоп айылдан эркек аттууну бүт найзага жуушаң аштатып, Нарындын өйүзүндөгү күңгөйдөгү капысынан кандуу кармашка айланган калабага дүрбөп аттанышыптыр. «Ашың турмак табагыңды таап ал» дегендей, анын тепкисин эмес, жалпы элдик кайгыга үрпөйүп, чатак кандайча башталып, кандайча бүтөөрүн, булардын аман-соо келээрине зиркирегендерди көрүп өзүнүн үрөйү учту.

Имишке караганда жергеси Келдибек тукуму чоролордон жакынкы шайлоодо болуштукту талашууга ниеттенген Курткanын оң, сол танабындагы Коңур уулу, Ыман, чоң чарык урууларынын башчылары бирикkенин, беш жүз кой күтүп эсирген Бексултан бай чагым салып жеткизип, эки тараптан чабыш чыгарат.

Айыгышта Калпа ажынын агасы, Мусакожо, Султангазынын иниси Аалы манап ок тийип өлөт. Анын кунун кууп, өлүгүн коюуга Калпа ажы туугандык өктөсүн билдирип жана жардамын күтүп Нарындын быяк тескейиндеги ынтымакка келе баштаган Касымбекке кабар айттырат.

Касымбек кезегинде өз агасы Шеримбекти окко учурууда Мусакожонун кол башчысы болгон эр жүрөк чоң чарык Турдубай бу саам Келдибек тукумуна каршы чыкканына ичинен кымылдайт, сыртынан кыжынат. Ага Аалынын өлүмү шыл-

тоого шыноо, «эсил кайран бир боорум» – деп жер союлта жоо жаракчан өкүрүп түшөт. Негизги кекенгени Келдибек тукумунан аша чаап, Аалынын куну үчүн Турдубай тараптагы элди талап олжо өндүрүү. Өз калкын дурус эле шыпырууда. Арийне, арыз-күрүссүз дароо марычу олжого тунууга акылын бышыктап, кол курап казганактаптыр. Молдобасан дагы көптүн дүңүнөн калбай кошулуптур.

Тоголок Молдо этинин ооруганына кайыл элинин кыйсыпыр түшкөнүнө санааркап, үч өргүгөнчө Касымбектер кайтпаган соң, Нурдинди ээрчите Курткасына аттанды. Эт менен челдин ортосундагыдай, саяктын чоң, орто урууларынын арасында Куртканын куймасында кыпчылган Кайдулаттары каяк тарабына кошулду экен? Же кочуштан ашпаган кичинекей кургурлар кыпчындыда калды бекен?

Дегинкиси биринин канын бири төккөн, бирин-бири талашкан, бөлүп жара кажашкан түбү бир саяк урууларынын жаңжалы кийин көбүрөөк ырбоодо. Азыр Орусыядагы көңтөрүш – ыңкылабдын жаңырыгы жалпы эле эзилгендерди зулумдардын тырмагынан кутулууга тирешке чыгарган учур. Байларынан жер, мал талашып, малайлык акысын доолашып, чогула союл көтөрүшкөндөр, уруп соккондор андан-мындан угулууда.

Басыраак уруулардын, эзелтен көз ачырбай тукум кууп бийлеген манап тукумдарына каршы уюшуп, алык-салык бербей өзүнчө болуштукту бөлдүрүү, талашууга батынып, кандуу кармашка чыгышы да түпкүрдөгү дүңдүн эпкининенби.

Тоголок Молдо, Нурдин Сары-Уңкуйдун белине чыкканда алдыдагы жалгыз тоом чыйырдан самсыган караан, кишенеген жылкы, мөөрөгөн уй, букулдаган төө Касымбектин укурук, найзалар короктогон жигит жалаңдарынын доосунда чубоодо. Нарындын берки жээгинде алды, ар короо, ар жайыттан жыйналган кой-эчкилер кыркаар тарттыра арканга тизип суудан кечирген азаматтардын айдыңында шөмтүрөп силкинип ызычуу маароодо. Дарыянын шарынан кулак мурдуна кирип чала жан жандыктар кумдуу жээкте сулоодо, кээ көк тулуп суналгандарды шылуун жигиттер адалдап мууздап жатыр. Үйдүн тутууларын, казан-аякты калдырата, кап-кап эгин, ун-

талкандарды жүктөгөн төөлөр, айгыр, аттар, малды кечирип бүткөн соң, суучулдардын жетегинде тиги кылаадан кол-кол сайларды арытып берилөөдө.

Бу шумдукту көргөн көзүнө ишенбей Тоголок Молдонун заманасы куурулду. Көгала жамбаш, балтырынын оорусун да унутту.

Наркы күңгөйгө чыгышса, быяктагыдан өткөн кара аламан. Кыйкырык сүрөө менен айдалган мал, таланган, тытмалап жүктөй качкан оокат. Кызыл уук сыйрылган боз үй, үстүн аңтара ачып, терезе, каалга талкаланган там, кепелер, сапырылган коломто, самтырап, тытылып, чачылган жууркан-төшөк, тинтилип, чукулуп ачылганороо, чачылган эгин, ун, талкан. Аларын жулдуруп, тепки таяк жеп кан какшап жетелешип ыйлаган катын, бала. Ээн журтта улуган ит. Короодогу гана тургай, жайыттарды бүт түрө кыдырып короолуулары мындай турсун жалгыз жарым оттоп тентиген малдан өйдө айдап алдыларына салган, Касымбектерден бөлө качкан Калпа тараптагылар.

Канча жыл өчөгүшүп өйүз-бүйүз мал тийишип, эр өлтүрүшүп карчылдашкан, болуштукту бөлгөндө төрөлөргө, Шабданга кун, жарашык салыгын төлөшүп көксөөлөрү сууп тынган ак черүү, кара черүү бүгүн туугандаша түшүп, жазыксыз элди Аалынын куну деп биринен бири өтүп караптаганын кара.

Аалы өлгөн калбаага катышып, өлүгүн өйдөгү Тогуз-Булактын чатындагы чөпкө жашырып, качан чырды токтотолу дегенде, өлүктү беришип, баары бир Келдибек уулунун, тескейдеги Касымбекти кол жыйнап келүүгө чакыртып кекенгенин байкаган уруу башчылары, шылуундар Молдонун белин малжаны менен ашып Жумгалга ооп кетишкен. Жаңжалга аралашпаган, бейкүнөө тынч оокатын кылган чарбадарлар, айрым энөө, жүдөө байлар, көбү жер тытмалап, биртике саан ичкен айыпсыз букараларды өйүздөн кажынган Касымбек, бүйүздөн чамынган Калпа куралдарын короктотушуп жорудай каптап, үйлөрүндө тынч жаткан жеринен басып, кыйсыпыр түшүрө карактап, мазактаптыр.

Тарыхта мындай коргонуусуз, бейкам элди тарпка конгон жорудай канын соруп, тыптыйпыл жер менен жексендетип,

бейкут журтту кансыратып мал-мүлктөн, үй-жай, курулуштан, тарыхый, маданий эстеликтен ажыратып, бузуп бүлүндүргөн Чыңгызхан апааты белгилүү. Орустардын келээр астында Ысык-Көл боюндагы Сарбагыш менен Бугулардын кыргыны, талоону кыргыз ичинде дүң.

Эч тиешеси жок болсо да эч каршылык көрсөтпөгөн үч жүз үйлүү бечара журтту бар оокатын талап уруп, сого «жерди бошот, жогол» деп туш-туш белестерге жөө жалаң, ач жылаңач, ый, каргыш менен кубалаганы, байкуштардын Жумгал тарапка жанталаша качканы, Касымбектин кара-мүртөздүгүнө, андан аша чапкан Калпанын канкордугуна акын каңылжаары түтөй, кандай каргоо, кандай жектөө менен бүгүнкү журтка казалдан жеткизип, соңку урпакка калтыраарын, кандай сөз тандаарын билбей көзүнө ачуу жаш тегеретүүдө.

Бирин-бири талоондоп, бирин-бири кыргындаган эл кантип гана өнүксүн?! Ый, муң менен тартып алган мал, оокат жырткычтардын оборун тойгузабы?

Тоголок Молдо кыйраган журт, чачылган күл, улуган ит, ээн талаага айланган ата конушун көрүп боконо жүлүнү сыздай болкулдап кобурай берип, акыры «Кабыргама таш батты» дегенди кайталай, кек алууга жароочу курал тапкансыды. Аңгыраган журттарды кыдырды. Белеске дейре аягы сандалып, карагай-чер түбүн, үңкүрлөрдү пааналап, жөө жол арбыталбай, кечээ эле тирилигин өткөзүп термелеген калк, бүгүн бечаралык башына түшүп, карайлаганын көрүп ого бетер «Кабыргасына таш бата» кайышты.

Мезгил өтөөр, бул аламан, апаат да унутулаар. Ким, ким, анын азабын башынан өткөргөн, аны көргөн бүгүнкүлөр тирүү кезинде унуталбас. Ар кай колотто мал-жаны менен аман-соо, жан соогалап калгандар, Келдибек уулуна колтук ачып, куда-сөөктүк колко менен жасакерленип боору бүтүн, башы амандар да бар экен. Тоголок Молдо андайлардын кыйындыгын, ыкчылдыгын, жалпы калайыктын жанасын басалбас жанбагарлыкка ыйгарыштырды.

Дагы эле аягы үзүлбөй кары-картаң, жаш аялмет, оорукчандардын бой-боздоп, кеткендердин артынан сенделгени учурап,

алардын эмне күнөөсү үчүн өлбөс оокатынан, жеринен куулганын, жаат кургандарды каргап, шилеп сенделгендерди Байымбет узата бастырып, эч арга, көмөк бералбас алсыздыгына, муңун гана муңдашаарына шериктештигин билдире кайрадан «Кабыргама таш баттыны» күңгүрөнүүдө.

...Эл таланып чабылса
Эстен кетпейт чынында.
Кадеми каткан момундар
Качан жетет тынымга.

...Букараны чапканга
Көңүлүмө кек болду.
Калпа менен Касымбек
Үч жүз үйлүү эл талап
Аалынын куну деп койду.

Аягы самсып басылбай
Элдин тентип кеткени.
Эсте калсын түбөлүк
Байымбеттип дептери.
Касымбек, Калпа биригип
Найзага жуушаң аштады.
Жазыксыз жаткан момунду
Бүлдүрүп чаап таштады.
Узун аяк мал койбой
Үстү бүтүн тим койбой.
Эгээрине дан койбой
Эчки, улактан мал койбой
Кайгырбаган жан койбой
Ороого куйган дан койбой.
Ойноп күлөөр жан койбой,
Кайран саяк чабылды,
Калпа ажыга багынды,
Сая кылаар багы жок
Букаранын алы жок.

Кайнатып суу ичээрге
Казан, аяк дагы жок.
Жаккан отун өчүрүп
Жалпы баарын көчүрүп...
Жаат баштап Турдубай.
Жай жайына кетирип,
Кайран эл тентип кеткенде
Кабыргама таш батты.
Качканынан калганын
Калпа ажы сурап какшатты.
Үч жүз үйлүү букара
Кең Жумгалга баткан жок.
Аларга каран түн болуп
Агарып таң аткан жок.

Жеринен жыласталып кубалагандары аз келгенсип Калпа ажы, Касымбек болуш Жумгалдын мыктылары – Көкүмбай, Курманга, Байзак ажыга чабаганчы өкүл аркылуу кат жиберишип, качкындарды жолотпосун, оокат, малы менен жеткендерди карактап будалоосун өтүнүштү.

Тоголок Молдо «Кабыргама таш батты» казалын дептерине түшүрүп, куралган топ жыйында жардады. Шакирттерине көчүрттүрдү. Эл мүңкүрөгөндө анын тамыры кошо зыркырап, токмокту чамалаш жеп, аянаар не бар.

Айыгышкан бөтөн жоону чапкансып, талоончулукка мартыга чакчарылган Касымбек анын казалын чымындын дыңылдагындай кулагынын сыртынан серпилтти. Тоголок Молдонун ызалуу керт башындагы арызды угаар укмаксан кербезденди. Мураталы кызыл тазы озуна жеткириптир. Акындан анын кадырын жогору баалаганын туйгуза кекээрледи:

– Теңирден тескерилебей кеңешип-таңашып иш кылбайсыңбы. Мураталы дагы ырайыңа караптыр. Болбогондо андай иш үчүн... Кулак-мурун шыралга де, эсен-соо кутулганыңа. А качкан кызалакты Мураталы, жүз ирик, эки ат астына айдаттырып атасына бөлүшүп, Сарт деген байга атказыптыр. Көксөөңдү суут. Өзүңө тең катын табылаар. Андан көрөк «Кабыргаңа таш

баттыны» какшабай, башка бир нерсе чий...

Болушунун кийинки кекээрин акын да кулагынын тышына желпти. Жүрөк толтосу өйүп шум замандын зордугуна аргасыз көнгөн Үрпүканын жоктоду.

Кара жаным чок болду
Карашаар адам жок болду.
Айрылып калдым өзүңдөн
Айтып жүргөн сөзүңдөн.
Үкөйүм кеттиң парага
Кызыл таз жүрдү арага.
Үкөйдү зордоп бай алып
Үлпөтүңдү өчүрдү.
Кесепеттүү манаптар
Көргөздү бизге кесирди.

Кошул-ташыл кайгы. Үстөккө-босток үстөмдөтүү кайраттуу акынды да кабырылтып каржалтты. Касымбектен да тил эмизген менен жакшылык болбосун, акын зулумдардын баардыгынын таш боорлугун, амалкөйлүгүн, жырткычтыгы ашынганын туйду. Алардан көкөйү баштагыдан да катуулай муздап, чындыкты, жүзү каралыкты так тамгалоодон башка арга калбагандай. Түпкүрдөн түрүлгөн жаңырык качан күчтөнүп азезил доорду астын-үстүн аңтарып силкип ыргытып, каңкорлордун азууларында тирүүлөй чайналган букараларды чабуулга чыгаруучу келме кезектин бышып жетилүүсүнө үмүткөрлөнүүдө. Адамдын өмүрүн үлүңдөтүп өчүрбөй уланткан, үзүлбөс үмүт элеби? Үмүт өзүнөн өзү жүзөгө ашпас. Тирешкен күч, ынанымдуу акыл-насаат, болочоктуу илим-өнөр өркүнү гана үмүттү амалга ашырып үлөштүрөөр. Качан? Кайдан? Кимдер аркылуу?

* * *

Көтөрүлгөн букара урууларды бели мертинген менен залимдерге кеги, өчүгүүсү чыңалгыдай ооздон оозго өтөөрлүк мыкаачылыктын бетин ачкан, кайраттуулукка, үмүттүүлүккө чакырган ыр, казалдарды жаратууну, ачыктан ачык таркатууну

азыркы зарыл милдети катары түшүндү Тоголок Молдо.

«Ит өлөөрүндө кайышчыл» дегендей Калпа менен Касымбек, алардын атка минер жанжөкөр шылуундарынын жегичтиги ашынып, алык-салыкты арбытып, Курткадагы үч жүз үйдү талаган соң да оборлору тойбоду. Эми Тогуз-Торолуктарга тап коюшту.

«Кабыргама таш батты» – акындын чындыкты кашкайта жардаган чыгармасы колдон колго, ооздон оозго өтүп кайран элдин муңун муңдап, зарын зардаган, Касымбек, Калпаны каргаган дартка айланды.

Тымызын машташкан мыктылар Байымбетти ашык жарынан ажыратышты. Ага баштагы ызат, ишенимди басаңдатып, көздөрүн чалырайта, сөздөрүн чарымдата башташты. Мындай болоорун небактан сезген акын көөмөйүндөгүнүн негизгисин амалга ашырууга үлгүрдү.

Калайыкка кеңири, таанылып, шакирттерди жетилтиш акындын чыгармачыл утушун бекемдеди. Залимдер баарын талап, тартып алуусу мүмкүн, бирок ырын жулдурбайт. Ыры менен абийирсиздик кылыктарын ашкерелеп, адилетсиздиктин жоктугунан жапа чеккендерди аяп алардын кайгысын чегишип, өч алууга, болочоктон жакшылык күтүүгө үндөйт.

Курткадагы талоонго «Кабыргасына таш батса», Тогуз-Тородогу ыксыз чыгым чачып элди кордоп мүңкүрөткөн зомбулукка боконо сөөгү болкулдап «Тезек, тагай элдерине» каңырык түтөткөн, кайратка чакырган кайрылуу казалын дүрмөттөп атылтты.

Тезек, тагай уруулары бышыкчылыктуу, кедейге жайлуу чөйчөктөй Тогуз-Торо өрөөнүндө бир жагынан Жумгал, экинчи жагынан Чоро саяктарынын ортосунда кыпчылган. Касымбектин уу тырмагынан чыгууга, өзүнчө болуштукту бөлүүгө үстөккө-босток түптөгү уезддин чоңдоруна арыз жеткизишти.

Табылды деген эр жүрөк азаматтын баштылыгы менен ыгым-чыгымдан баш тартып кол курашып, Касымбектин аткаруучуларын жолотпой, урду-бердиге алып жолун бөгөштү.

Касымбек ого бетер каршыгып, терсаяктардын сазайын берүү үчүн уезддин начальниги Талызинден куралдуу сыпайлар чакыртып, жер тырмалап, саан саап жан баккан негизи дыйкан,

момун элди ок, ажал менен коркутуп опуруп каптап кирбеспи.

Аякты бийлетүүгө койгон жергиликтүү манап Чоюбек Табалдыдан коркуп жан соогалап бүжүрөгөн абалынан тирилип, Касымбек өзү баштап куралдуу кошун киргенде чамынып чыкпаспы.

Абийирсиздикке, ач тырмактыкка уккан элдин таламын талаша, эркиндикти талап кылып, Касымбектин зордугуна баш ийбөөгө көшөөрүп тирешкен Табалдыны, көтөрүлүп дүрбөгөн калайыктын үстүнөн ок жалын тутантып кындан кылычтарын суура жалаңдаткан полицейлер үрөйлөрүн учуруп, торгоп кармап көз көрүнөө терекке таңып, уруп-сабап мазакташты.

Карайлаган букаралар аргасыз күчүн жашка, муңга чыгарышып мүңкүрөп, зулумдун мурдагыдан да көбөйткөн салыгын, мылтыктын кундагы, кылычтын мизи астында төлөштү.

Касымбек эзелтен касташкан дини, сайы жоо чоң душманды жеңгендей Тогуз-Тородогу тезек тагай элдеринин мал, эгиндерин шыпырып жер сыйпалата тоноду.

Тоголок Молдо мүңкүрөгөн шордуулардын алсыз тагдырына каңырыгы түтөп, толугу менен алардын тарабында турду. Кайдан чыккан санжырасын, кандай абалга дуушарланганын, канткенде азаптан кутулаарын эскертип «Тезек-тагай элдерине» кайрылуу казалын жардады:

Болуштуу жерде тарап бар.
Жумгалдагы Батырбек
Элин эзген манап бар.
Чородон чыккан Касымбек
Тартып койгон танап бар.
Танапты тартып үзө албай
Карап турган жагың бар.
Тезек, тагай бечара,
Кемчил болгон жайың бар.
Карабектин Жантайдан
Калыңга келген чагың бар.
Уругуң козгоп жазды деп
Тезек, тагай таарынар,
Таарынганда не кылар.

Теңдик көрбөй жүргөнүң
Жазсам сөзүм табылаар.
Таабалдыны терекке
Таңып уруп сабаган
Көкөйүңө тийгендир,
Чоюбектей кабаган.
Тезек, тагай бечара
Сезимдүү сенин башың жок.
Тар капчыгай буйгутта,
Таруундан башка ашың жок.
Баш күндөн бери Тезегим
Манаптан башка касың жок.

...Атайга барып топ кылса
Анча-мынча док кылса,
Касымбек келип демигээр,
Кары-жашың кемирээр.
Кемиргенде семирээр.
Куурап калган Тезегим,
Күлүгүн алып бүгүлөөр.
Чапанын алып жүгүрөөр
Жабыркаган Тезектер
Өз жанынан түңүлөөр...
Ой, Тезегим, Тезегим.
Келээр бир күн кезегиң!
Баяналуу күн тууса
Балдарың табаар эсебин.
Кечээ Талызын уезд тапшырып
Аягына жапшырып...
Жалгыздан сааган уюңду
Кармап бердиң, чыгымга.
Торпогу кетти өкүрүп
Эки сом элүү тыйынга.
Жүктөөрүңө төөң жок
Урунган, күткөн ырымга,
Ушинтип жүрүп Тезегим

Жетесиң качан тынымга.
Тагай, тезек башында
Кайдан келип жай алдың?
Арызың угаар улук жок
Алда кимди таяндың?

Ачык жардалган чындыктын күчүн басаар башка таймаш жок. Бийлик зордугу да чындыкка кагылышканда майтарылат. Тоголок Молдонун бул кайрылуусу как ошол чындыктын кайралган болот мизиндей шыңгырап, Тезек, тагай элинин дилиндеги багынбас күчкө уюп, тилдеринде өчөгүшкөн күүгө чалынды.

Бийлик акимдери Талызиндей улуктар, демек падыша өкмөтү, Касымбек, Чоюбектей жергиликтүү жырткычтарды тыюуга зарлаган арыздарын канагаттандыруунун ордуна, башынан кордолгон эмгекчил элди ого бетер ойрондотушту. Кош кабат, ички, тышкы эзүүчүлөрдүн ырайымсыздыгын, сөзсүз өч алаар кезеги келээрин айкындаган саптарды, жан соортоор кайрат катары жаш-кары Тогуз-торолуктар жат ырдашты:

Ой, Тезегим, Тезөгим
Келээр бир күн кезегиң!
Баяналуу күн тууса
Балдарың табаар эсебин.

– «Баяналуу күн» качан тууйт? Өзүбүз каржалганга, кордолгонго аргасыз кайылбыз. Ылайым эсиргендердин эсебин балдарыбыз тапса» экен. Аны дааналаган пайгамбардай көрөгөч кыраа акын Тоголок Молдонун оозунда бардыр.

– Тоголок Молдо жер чечегин безеген, деле билбегени жок, көзү ачык, хандан, бектен кайра тартпаган акыйкатты үндөгөн, жакырларга жан тарткан эр.

– Кетмен-Төбөдөгү келишкен ырчы Токтогул экөө кеперидос. Кез-кези менен жолугуп турушчу. Токтогул дагы тайманбай биздей букара уруктар «жети атанын» таламын жардап, бир атадан тараган манаптарды «беш каман» атап, маскаралаган. Айыгышкан «беш каман» Токтогулду Анжыяндагы ак эшендин козголоңуна катышты деп, жалаа менен колу, бутун кишендетип Шиберге айдатканда, жолугууга баратып Тоголок Молдо,

Кетмен-Төбөгө жамаатташ биздин элден угуп, бөк түшүп катуу кейиген.

– Ошондо канча жыл, Курткага кайрылып барбай биздин Тогуз-Тородо, тегирменчи Тезекбайга достошуп, анын үйүндө баш пааналап, укмуштуу казал, дастандарын чиймелеп, тараткан.

– Тоголок Молдо, данга, жанга байымдуу, жакырга жайлуу «алтын чөйчөк» – Тогуз-Торону башынан жакшы көрөт.

– Камыкпаган кара көк эргул мурда Мусакожонун, эми Калпа, Касымбектин кан ичээр канкорлуктарын ачык келекелеп ырдап жүрөт.

– Жеке алар бекен, ылайым букара журтка күн көргөзбөгөн орустун падышасынан тартып кыргыздын Шабдан, Дүр, Мусакожолоруна дейре ийри тумшук, кан тырмактууларды түгөл жактырбай, кылмыштуу кылыктарын айбанат аркылуу жаныта казалдап калайыкка маалымдайт.

– Ошонусу үчүн аны мыктылар жактырбайт. Улам бири сүрүп кодулаганда жерден жерди, элден элди которуп, кедейлерди бел тутуп, сооротуп үндөп, көздөгөнүнөн кайтпаган олуя чалыш көкжал неме.

Алдыдагы азаттык апкелчү «баяналуу күндү, балдары алуучу өчтү» эскерткен акын жаатында Тогуз-Тородогу Тезек, тагайлар баш кошкондо, даңаза кепти козгошот, көңүлдөрүн жооткотушат.

* * *

Тогуз-Тородогу жаңы талоонго туйтунган Касымбек бийлигин түптөнтүп, таасир-кубатын арттырып, кулачын кеңейтип мартабасын жогорулатканга көөнү карк. Эми азыноолак тыныгуу, жанын жай, жамбашын май алдыруу, аш, той аралап сан салтанат куруу керектигин көкүл астынан көшүлттү.

Сайрандын көркүн чыгарчу шайырлар. Тоголок Молдо, анын шакирттери. Ар өнөргө бай, улам жаңыланып өркөндөөдө. Жалгыз айыбы – кежирлик, көктүгү. Чүйдөгү Шабдан, Дүрдү көкөлөткөн Калмурза, Кетмен-Төбөдөгү Керимбайларды көлкүткөн Арзымат, Курткадагы Мусакожо, Султангазыны,

эми Калпа ажыны санжыргалаган Бошкой ырчылардай менин зоболомду даңазалап өзү да, шакирттерине да ырдатпайт. Кайра бизге акаарат жасаган, биз каптаганда «Бир бороондук алы жок» тыпырап уйпаланган, кол куушурган букара урууларга ийе тартып, бизди канкор, зулум атап казал жамыратат.

Мейли. Анысына чыдай туралы. Ал канча «кан тырмак алгыр», «каардуу зулум» атаса, ошончо элге сесибизди күчөтөт. Өз букараларымдан таланттуу жаштардын өнөрүн жөнүктүрдүм. Анысы менин пайдама. Бирок, аларды да өзүндөй ээнбаш, «акыйкатчыл» көндүрөөрүн билбепмин. Туйгунду кандай таптасаң, ошондой серпет. Тоголок Молдо «өнөр – элдин кенчи, эл – өнөр ээси» – деп калың букаралар менен алардын пири биздерди аралаштырып ээсиз ээликтирди. Мураталы манап ызалады. Мен тымызын колдодум. Тек, Тоголок Молдо ага мүңкүрөп жалкпады. Жалооруп жалынбады. Кайта кашайып түрпү бузулду.

– Ка-п, эринен качкан Үрпүкан кызыталакты жөн алып берип, санаасын тындырганда эмне. Аны амал менен жем таштап гана чукул коштоого мүмкүн. Билими, акылы жетик, ар тараптуу акындык дарамети күчтүү Тоголок Молдонун мени мактабаса да, карамагымда жүргөнү, элиме эрмек-зоок курганы, башка манаптардын ырчыларындай майдалабай «Манастан» тартып дастандарды, не түркүн казалдарды, санжыра салт жөрөлгөлөрүн санжаптаганы чоң болуштун чоң шаңын көтөрбөйбү.

Касымбек болуш оюн калчаштыра Тоголок Молдо жөнүндө ушул бүтүмгө такалды. Ага катуулаганда мурдатан көндүм селсаяк, каршыгат да Дүрдөн, Мусакожодон кеткендей башы ооган жакка бастыраары бышык. Өтө эркин коё бербей, чогуу ала жүрүп дагы байкайт, жем таштап дагы тузагынан чыгарбайт. Мамилеге жибитет.

Чер жазаар той-тамашаны кандай шылтоо менен кимдер аркылуу, каерге өткөрүүнү тескегенче, танапташ Куланак жергесиндеги манаптар Касымалы, Койгелдиден ашка чакырык келбеспи.

Касымбек жан жөкөрлөрүн, жигит жалаңдарын, Тоголок Молдону кошо ээрчите казганактап жетти. Атайын бөлүнгөн

өргөөдө мейман ызатына көлпүгүштү. Барктуу Чоткара дегендин ашына багышталган элдик оюн башталды.

Касымбек ар дубандан чогулган оёндордун көзүнө акынды сынап көрүү максатында:

– Тоголок Молдом, камын. Жалдуу мыктылардын жарчы, жамакчыларына көрүнчү болсоң көрүн – деди.

Тоголок Молдо ат чабыш, эр сайыш, көкбөрү, жамбы аттуу жалпы кыргыз журтчулугуна белгилүү деңгээлде өткөнүн, аны ырчылар жардап, дайекчилерден ширинкана өндүрүшкөндөрүн салттуу жорук катары, аларга аралашуунун, алардан талашуунун кажетсиздигин ойлоду. Кызуу оюн үстүндө эмес, жыйылып отурган жерде болсо өнөрүн көрсөтүүдөн неге тартынмак. А болушу дал оюндун үстүндө кысмактоодо. Кантүү керек? Баятан күрөш башталганда байгесине аш ээлери бир кой, беш кез чыт сайгандыктарын жарчыга маалымдашты. Койдун мүйүзчөсүнө чытты ороп коюшуптур. Жыккан балбанга кездеме оронгон койду жетелеткенде жардангандар кыраанкатка түшпөспү.

Кысталган Тоголок Молдо капилеттен оңуту келе мыйыгынан жымыйды, ээринин кашына дептерин сүйөп, калемин жүгүрттү. Ансыз да күлгөн элди ого бетер жубантып эскертип калаарлык, а түпкүлүгү манаптардын эсиркеген жоругун шылдыңдап, көптүн көзүнчө Касымалы, Койгелдини, алар аркылуу баардык дөөлөттүүлөрдү сындыраарлык элести чүргөй салды.

– Болуш, мен даяр. Мыктылар чогулган чордонго коштотуңуз. Арай көз чарай ырдайын.

Касымбек дароо аш ээлери Касымалы, Койгелдинин кашындагы башка уруулардын манаптарына, тайпаң боордо быкылдагандарга угуза коңкулдады:

– Силердин ырчыларыңар оюнга жарчы болсо, менин акыным Тоголок Молдо даңазалуу аш өткөргөн Касмалы менен Койгелди баатырларга атайылап казал арнайт.

– Бали! Касымбек баатыр, тасмыялуу Тоголок Молдонун томогосун качан сыйрат деп турдук эле.

– Казал жазгыч кайран эрди угалы. Тынчтангыла калк!

Көптүн көңүлү бурулганы оңдой бердисине салды. Өзүнөн

бөлөк эч жанга белгисиз шакаба мыскылын Тоголок Молдо жалпысына угуза көтөрүңкү каргыды:

– Казалдын аты «Селде оронгон молдо кой»

Касымалы, Койгелди
Калың элге той берди.
– Жыгуучу балбан алсын – деп
Селде оронгон кой берди.

– Б-а-а!

– Хах! Хах! «Селде оронгон молдо кой» укмуштуу таантыр!

– Дагы, аржагы не, сөз!?

Тоголок Молдо:

Аш көрбөдүм, той көрдүм
Селде оронгон кой көрдүм.
Ак селделүү «эшен» кой
Анча-мынча кесел кой.
Кайта-кайта көп маарайт
Же болбосо чечен кой.

– Ой, өлтүрүптүр, шылдың!

– Оңбогон ким чыгарды байгеге «селде» койду. – Бас жаагыңарды, аягына жеткире тыңдайлы.

Тоголок Молдо:

Соолук десем ирик кой
Желини жок чирик кой.
Дубандан чыккан күлүк кой.
Касымалы, Койгелди,
Бул сөзүмдү билип кой.
«Мырзаңардын» ашында
Буудан кылып минип кой.
Дубандан чыккан жорго кой
Селде оронгон молдо кой.
Чоткарадай «мырзаны»
Акыретте колдо кой.
Селдесинин күлү бар,
Сексен койдун «сүрү» бар.
Коктудан чыгып маараса
Коңгуроодой үнү бар.

Төбөсүндө салаадан
Чыгаар чыкпас жүнү бар.
Ушул тойду башкарган
Касымалы, Койгелди
Молдо койду минип ал!

– Бах, бах!

– Катырыптыр, ыр деп ушуну айт.

– Касымалы, Койгелди, аш бергенде селде оронгон молдо койду минип, атагыңар чыкты.

Теңата түгөттөр тийишип, укпаган казал, укумуштуу салыштыруу менен Касымалы, Койгелдини шылдыңдап, ар ким өз элине айта барууга жаңылык таап күдүңдөштү.

Ашта канча жарчы-ырчы «ал болду, бул болдуну» какшаган менен «Селде оронгон молдо кой» аркылуу Тоголок Молдонун таанылгандарга дагы күчтөнгөнүн таанызбагандарга таңкалаарлык казалчы-мыскылчы катары сыймыгы артылды.

Бу саам Касымбек, ага кошула ээрчигендери мөрөйү үстөмөндөгөндөй көтөрүлдү. Аш берип апырандаган Касымалы, Койгелдини акыны Тоголок Молдо кыябын кыйыштырып «Молдо койго мингизип» кыраан-каткы жактоо менен топтун алдында сындырды. Касымалылар багынды, Касымбектер көтөрүлө кырданды. Аяк-быяктан чогулгандар «Касымбекке таянып Тоголок Молдосу кулак угуп, көз көргүс шумдуктуу салыштыруу таап «Селде оронгон молдо койго» теңештирип, Касымалы, Койгелдини сөзгө сөлтүк, кепке кемтик кылды» деп лакаптап тарашты.

Тоголок Молдо ниетинде жеке Касымалы, Койгелдини эмес, бүт мапаптарга, анын ичинде Касымбегине тиешелүү кутурган мыкаачылыкты, алардын кедей, момундарды кандай кааласа, дал байгеге сайылган жоош койдой ошончо мазактаган кылыктарын шылдыңдады. «Алыбек алына жараша» дегендей акынды угуп көрүп таңыркагандардын ар кими өзүнчө жоруса эрки. Мына, мына, чарт жарылчу муздай дүңкүйүп келаткан Касымбектин эрий жайдарыланганы аны таңдантты:

– Тоголок Молдом, сенин ушундайыңды билгем. Чоң топто чогоолдорду чокунтуп, чокусун уюта дендиреттиң. Биздин

намысты көкөлөттүң. Сага бу саам чындап кол койдум. Көрөр көздөр баарыңар уккула, Тоголок Молдону жубан болсо да жактырган колуктусунан айрып байкоосуздан чүнчүтүп койдук. Аны оңдоо оңой. Качаңкыга жалгыз башы эки болбой кокоёт. Намыска жараган азаматты биз да колдойлу. Улартпай ак жоолукка баш кошсун. Өзү издеп жактырсын. Жанына каалаган шакиртин кошуп эл аралап издесин. Макулсуңарбы, билермандар.

Кошоматчы жанжөкөрлөрү дүүлдөштү:

– Макулбуз.

– Улгайып да баратат, алсын катын.

Тоголок Молдо ойдо жоктон оолжуган бүтүм чыгарган Касымбекке не дээрин билбей тымпыйды. Чөгөт кыялы козголоор козголбос эндиретти.

Бара түшө куу турмуштун азезил жаагы акынды текеберчиликтен сырткары, чындыкка чын мамиле жасоого мажбурлады. Макул, үйлөнүүсү парз. Ага ылайым дагы бир Үрпүкан табыла койбос. Андай ашыглык жалынга эми чулганбас. Бүттү соодасы. Муздаган жүрөгү менен кимди издейт, кимди жылытмак. Жоо… Жүрөк али тоңо элек. Арийне, чалпоолонтуп удургутаар бирөө буйрукта барбы?

Тек, колукту деп, көрүнгөн башы бош ургаачыга урунбас. Ай, машакаттуу өмүр. Башы бош бийкеч да өзүнө өзү ээ бекен? Эң кыйын дегени Үрпүканча болоор. Байкуш Үрпүкан эптеп эрден чыгып сүйгөнүнө тайманбай жетүүтө канча далбастады. Жан дилинен берилди. Бирок, көркоо Мураталы кызыл таз аны зордоп калыңга сатып жиберишти.

Үрпүканынан айласыз айрылган акын канчалык забыркабасын, зомбулукка багынбады, багынбайт да. Эрксиз аялдардын оор тагдыры аны чыгармасына түшүрүүгө үйрүлттү. «Чалга берген кыздын арманы», «Жаш балага берге кыздын арманы», «Токол аялдын зары» аттуу жаңы армандарды жаратууга жаалданды. Армандуу зайып, бийкечтердин өз дилинен чыккандай сызылтып ооздон түшпөс даңазануу ырларына айлантуусу ыктымал.

Акын ар курактагы адамдын, чал, кемпир, келин, жигит бозойлордун кулк-мүнөзүн, бай менен жардынын эч келишкис

терс көз карашын, арам деөлөт менен ак эмгектин ажырымын баамдап, ийкемдүү чыгарма түзүүгө канчалык үлгүргөнүн, канчалык үлгүрө электигин сезип, кээде топуктанса кээде коңултактайт.

Үрпүкандын эрксиз, кайгылуу абалынан улам, андан зордукка ургаачы затынын көбү, беш көкүл бийкечтен тартып, эринен чыккан жубан, же тул жесирге дейре дуушарланаарын элестетип «Чалга берген кыздын арманын» чүргөөдө.

Күңгөйдүн күнү баткан жок
Күйөөдөн мага айткан жок.
Тескейдин күнү баткан жок
Теңтуштан мага айткан жок...

Өз башыма ээ болбой,
Малга кетип баратам.
Пайдасы жок жаныма
Жанга кетип баратам...

Бузулсун соккон дубалың
Болбосун асый кунаның.
Боздотуп чалга жөнөткөн
Манапка жетсин убалым...

Оюмдун баары омолду
Олуттуу ишим жоголду,
Күлкүмдүн баары күбүлдү,
Күйөөдөн жаным түңүлдү.
Көмүктө калган мен шордуу,
Көрөмүн эптеп күнүмдү.

Албетте, ир алдыда Үрпүканынын каргышы. Ошондой эле сүйгөнүнө, курдаш теңине жетпей боздогон далайларга тиешелүү.

Балээ баскырдыкы, улгайып баратканда ар улагада жүрбөй турмуш күтүүнүн кажеттүүлүгүнө такалган акын, көзү бозала тартып көрүнгөн жакшы деген ургаачыны Касымбектин күчүнө салдырып үйлөнсө, балким убадалашкан шоркелдей бирөөнүн

убалына калбасын. Ылайым антпейт. А деп өзү көрүп, баарлашып, көңүлү табышканына кол кармашат.

«Касымбек айтпайт, айтса кайра тартпайт» – деген манаптын өзүнөн чыгып, элге жайылган даңазанын аныктыгын далилдеш үчүнбү, өз бетинче алектенген акынга кыйла күн өткөндө атайын эскертти:

– Тоголок Молдом, алиги ишиңдин аягын сайлатпа. Эсимде, ак жоолукту жактырып алсам дегениң. Жаки, мен издеттирейинби...

– Жогуңуз, болуш. Андан көрөк уруксат этиңиз, жолдош-жоро, илик-жармага барып, иликтеп көрөйүн. Буюрган бирөө табылар.

Төрүндө сыр аякка мелт-калт бозодон жутуп, ысылыгына арча табакта булоолонгон кара куурдактан кашыкка суза айтмаган болуш менен акындын кайымына ортоктош суналган Айымкан мээримдүү кара көзүн коюуланта, адамгерчилигин айкындай кеңешке кошулду:

– Издээриңиз такыячан кыз болсо эрк өзүңүздө дечи. Окус, тарттырып ийген Үрпүканыңыздай эрден чыккан келиндин мыктысын кааласаңыз, хи-хи сунуш бар.

Тоголок Молдо жапырылды:

– Айымкан байбиче, оозуңузга май. Үрпүкандай мыкты келин тапсаңыз, төбөмдү көккө жеткиртесиз. Кыз курусун.

Касымбек аялына жылмая сөөмөй учунан мурутун чыйратты:

– Ха, ха! Тоголок Молдо, айтпадым беле, топуктуу. Кыздан качат. Жубанга шашат. Мынча болду, Айымкан, сунушуңду ортого сал.

Тоголок Молдо болуштун эрке айымы экөө кеңешип чакыртканын, негедир жакындык ымаланы туйгузууга пейилдengendиктерин билип, Айымкандын таптуу кебин тыңдады.

– Өгүнү билесиңер, Пишкектин үстүндөгү касиетинден айланайын атамдын бас бөлтөгүндө айлап өргүбөдүм беле. Атакем калаадагы дүкөнүнөн адеми буюмдардын түрмөктөрүн таарга орото, атанга жүктөтүп, кургак мөмө-чөмө, чай чаMEктерди куржундарга солото жигит жалаңдарын быякка күйөө баласына

жолго атказбадыбы. Кочкордон өтүп, Долон дабанын ашканыбызда, унааларыбыз да, өзүлөрүбүз да өлгүдөй чарчадык. Алиги бар го, өзүңдү машыктырган чоң манасчы Тыныбектин айылы экен.

Бурулуп конок айттык. Байтиктин кызы, Касымбек болуштун аялы деген дайынды угуп, мыкчыгеринин үйүнө түшүрүп, жакшы ызаттатышты. Күүлдөгөн кыйын эмелер экен. Деле сүрүштүрүп тыяк, быяк ата-жотолорубузду бүт билишет экен. Тынымсейиттин ичиндеги аян уруусу экен. Салттуу журттугун көргөзөлү дештиби. Дасторконун жайнатып, казанын кайнатып, үйүнүн капшытын толтура аттуу-баштуу улуу, кичүүлөрүн чогултушту.

Биздин дайыныбызды таанытышты. Мен да куржундагы базарлыктан эңшерип ооз тийгиздим. Менин жаныман ыйманы ысык жапжаш келинди өткөрүштү. Анын кандайдыр кападарлыгын байкадым. Чай үстүндө маектешип байдын зөөкүр уулунан качып артынан куугун, чатак күчөптүр. Жакында гана башы ачылып эс учун жыя баштаптыр.

Анын мени кызыктырган жана жаккан жагы бар. Ошону айтсам, акын токтоосуз утасың. – Айымкан алибетте даңазалуу Байтиктин кызы, эрине кадыры өткөн, сөзү сөөлөттүү, колунан не дүйүм иш келген, билерман зайып. Дал ошондуктан ал өзүн болуштун эрке айымы гана эмес, кеңешчиси катары эркин тутат. Үйдөгү ички түйшүк тургай сырткы алыш бериш алаканы Айымкан тейлейт.

Уруу билермандары кыйла масилетти болуш ишенген соң, билеселүү Айымкан аркылуу бүтүрүшөт. Азыр да баткага өктөм, сүрдүү аким күйөөсүн кошо уюта, Тоголок Молдого сунуш этүүчү келиндин артыкча сапатын маалката күттүргөнү бекерден бекен.

Токтоо кармаганы дебесе, али өзү келип, ашкан сулум болбосо да кара торунун алда немедей татынасы Айымканга жыгылыштуулугун, милдеттүлүгүн билдире акын жадырай чөгөлөдү:

Айланайын Айымкан
Акыйтпай тез дайындаң.

Кызыктырган жоругу
Кымбаты не, келин жан.

– Лепилде акыным, дагы төк – Касымбек чындай шаңданбаспы.

Кагылайын Айымкан,
Коколой баш күйдүм жан.
Сиз жактырган келинди
Көрбөй туруп сүйдүм жан.

Айымкан кытылдап ургаачылык наз менен да, шайкелеңдиктен алыс улуктун жары катары сабырдуу ойлуулугу менен да мотурайды:

– Күйүп бышаарың айныксыз. Мына болуштун көзүнчө убадаңды мыктап, мен бычкан тартууну жасай турган болсоң, айтам.

– Айымкан ханум, дараметим жетер эмнем бар? Тартынбайм, жасайм.

Курч көзүн кылгырта, кирпиктерин түшүрө «оңбогон катын нени баштамаксың» күпүрдө кылгырган эрине жалт бурула, андан жалтанбай, саал козголо чолпусун шыңгыр эттирди, зайып:

– Колуңан келбесин копшобой калайын. «Манасты» бүг десем өмүрүң жетпес. Караманча Каныкейге тийиштүүлөрүн... Мисалы: Манастын атасы Жакып элден элди кыдырып Темиркандын кызы Каныкейди гана уулуна келиндикке жактырганын, Манастын Каныкейге күйөөлөшүн, экөөнүн баш кошушун; Каныкейдин Манаска, чоролоруна, эли журтуна, алынып, Каныкей аталышын; Кем-карчын билгизбей бүтүрүшүн; Жоо киймин, гүл азыгынан өйдө камдатышын; Кысталыш учурунда чачын түйүп эркекче кийинип, жоо жарагын сундуруп каржалган Манаска болуша душманды качырып киргенин; Манас жортуулга аттанаарда угабы, укпайбы төрөсүнө алдын ала акыл кошуп зар какшашын; Жолун утурулап зарыгышын; Акыры Манас чоң казаттан жаралуу кайтканда бапестеп бакканын; О дүйнө кеткен баатырдын керээзин актап эч жанга билдирбей Эчкилүүнүн зоокасына Каныкей күмбөз жасатып койдурганын жазып бере аласыңбы?

Тоголок Молдо чекесинен тер нымшый, дарамети жетээрлигин, жеткен менен оңой-олтоң жумуш эместигин, бу кастарлуу

көрөр көздүн эринин алдында ачыктан ачык жарыялаган дымагы бийик өтүнүчүн аткарбайм деөгө эркектик намысы жол бербей көзүн бардап, баарлашкан экөөнө тек, бакырайтты:

– Чоң иш жасоочу чоң адамдын колкосу да чоң. Кудай жалгап, айым, колумда болбосо да, оюмда барды сурадыңыз. Жарайт, айтканыңызды аткарам. Бирок, шаштырбаңыз.Тынч отуруп жазууга шарт, убакыт керектир.

Болуш айымынын акындан тартуу сурайм дегенге каны дүрдүгө кылыйган. Көрсө, билеселүү жары, ыктуу жана керектүүдөн качырган тура. Мартабалуу Манаптын үйүндө «Манастын» чүйгүнүнөн кол китеп тургангы алгылыктуу жышаан. Барктуу мейман ысмандарга эрмек. Өзүлөрү деле окутуп угат. Жаки, кайын атасынабы, башка кадырлуу мыктыларгабы зор колкого жарайт. Улабаса, учугун үзбөй аялына, анын шагын сындырбай толгонсо да так убадасын берген акынга жайдарыланды:

– Бо, экөөңдүн алакаң дурус. Анча болду, Манас өлгөндө душмандары Абыке, Көбөштүн Каныкейге кордук көрсөткөнүн; Эмчектеги улуу Семетейди, карт кайын энеси Чыйырдыны алып Букардагы атасы Темирканга, төркүнүнө качканын; Каныкей Семетейди он экиге чыкканча атасы Манастын дайынын билгизбей иниси Ысмайылдын баласы дедиртип тарбиялаганын; Тайторуну чабышка салып, төлгөсү оңунан чыгып, баш байгени алганда Манастын уулу экенин билдиргенин, Жергесинде атасынын чоролорунун белгилери бардыгын, кимдер аны күткөнүн, куштап тосорун, кимдер ага душмандык көргөзөөрүн туюнтуп жөнөткөнүн да жаздыруу ылайыктуудур.

Айымкан жосундуу жоругун күйөөсү толук колдоорунан кылча шектенбеген. Эри андан өтө «Манас» дастанын катарлап, «Семетей» бөлүгүн кошо каалаганына жетиналбай бирок, ар иштин чени барлыгын ойлой жымсалдатты:

– Бай, бай, бай. Биздин болуш «Манасты» толугу менен үйүндө бапестеп күткүсү келет. Эң эле туура. Азырынча колуктунун ооз басырыгына Манас менен Каныкей аралашкан окуяларды ала туралычы. Анан толуктатабыз Ырaспы? Ошого канча убакыт керек?

Тоголок Молдо эрин да жайкай, аны да масилетке чакырган акылдуу айымга баш ийкеди:

– Кеминде, жылбай отурсам эки-үч ай. Качан дейсиз келинди көргөнгө чейин дейсизби, же?..

Касымбек аялынан озуна баржактады:

– Көрүп гана эмес, үйлөнгөнүңдөн кийин. Өргөө тиктирип, жаңы баш кошкон жубайлардын кумар черлерин таркатып эки-үч ай бирге коёбуз. Ошондо эрмектеп жазасың.

Тоголок Молдо чындап сүйүндү:

– О-оу, андан жакшы-ы.

– Убада, шартты бекиттик. Эми Айымкан, айт жаңкы келиндин жакшы жагын.

Айымкан эринин кээде минтип өктөмдүгүнө салып, аны торгой сүйлөгөнүнө тырчыбайт. Азыр шартты так кести. Эрине кылапат айтпай калсын. Жаңкы үзүлгөн кепти жалгады:

– И, баса. Сөздү ошондон муунабадым беле. Жердиги нарктуу биздей меймандарга зоок курууну чечишти. Кой десек болбой жанаша айылдан шайыр издетип чаптырышты. Аңгыча үй ээси Бердимат бекер отурбай эрмектейли – деп жабыкка кыстарылган жибекке оролгон кол китепти сууруп келинге сунду. – Ме балам, окутуп укчу уулум Аалы сапарда. Атайын чакырттым. Уялба. Көзүң кат таанып, казал окуганыңды баарыбыз билебиз. Тоголок Молдо деген акын тартуулаптыр Букарбай деген тилмечке. Андан мен колкого алгам.

Келин кысылып, көз жүгүртүп барактады. Мен ичимден кымылдап «Тоголок Молдо биздеги акын» дегенди айтып ие жаздап кайта жашырдым. – Окуп кой, – деп ынтааландым. Эриккендер бүт мага кошула жаалашты. Деле татынакай үн салып, шар окуду. «Семетейдин Айчүрөккө үйлөнгөнүн» Пукарбай тилмечке тартуулаганыңыз чын беле?

Тоголок Молдо куушурулган канатын жазгандай көкүрөгүн кере жагалданбаспы:

– Чын! Букарбайга «Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшүн» жазып тартуулаганым качан. Долондун түбүнөн ары-бери жыйын, топто каттаганда токтоп өтөрлүк ашына таптым деген. Көрсө…

Касымбек аны ошерден үзө, аялын да сүйлөтпөй, каңтаар-

луу мурдунун таноосунан энтиге жел үйлөй бийлик ээлигин тааныта окторулду:

– Көрсө, Тоголок Молдом, ишиң оңуна айланыптыр. Мен манабына кат жазып, жуучу кошуп аттантсамбы дедим эле. Букарбайың оболуңа көнсө, тааныш неме экен, жуучулукка да, күйөө жолдоштукка да ошону ал да, жөнө. Анда экөөбүз, менин наамымдан Калпага кат чийип Букарбайды быякка аптага жиберүүсүн суранып чакырталы, бо кандайсың?

Тоголок Молдо обдула ийилди:

– Куп болот.

Аны Айымкан кубаттады:

– Бул акыл эң туура.

* * *

Азапты, айрылууну, кодулоону, кордоону баштан өткөрүп жеткен пенде бакыттын баркын туура түшүнөт. Бакыт эмине? Түбөлүкпү, утурумдукпу? Ийниңе же чамгарагыңа кайдандыр коно калып, канатын кыйпычыктатып, алда кайдан көрөгөч керек отун жалтыратып, жүрөгүңдү дирилдете кандайдыр аптыктырып обдулуп караймдегениңде көздөн кайым кайкыган кооз куш сымал тийип качмасы да бар. Мөмөлүү дарактуу дүңгүрөгөн токойдун көркүнө, жыпарына, жемишине маашырланып не дүйүм канаттуу сайран кургандай дөөлөтүн, байлыгын ашырып узакка жылоололомою да бар.

Тоголок Молдо бакыттын өзүнө тиер тийбес эки гана үлүшүн талдоодо. Алгачкысы – көз ирмем коно калып, зып сызган, чагылган учкунундай жанып өтмөсү аны кур койбоду. Азыноолак жарк эте өмүр шамына оттук чаккан учурлар бала кезден үзүл-кесил экен-токондо кайпууда.

Эмки бактысы да ошонун бири, жакшылык жаңырыгы жаркын илебин тийгизгени. «Жүгүргөн албайт, буюрган алат». Нарындын башы Тарагай жак, Долон даванынын берки ныптасындагы тоо, карагай чер, шар суу, койколгөп жайыттуу жергеден... мына бу өз өргөөчөсүнүн оролуу кооз чий каланган аштымканадан берээк эпчи тарапта шалпар жоолугун үлбүрөтө

үлпүлдөп, алдындагы тыкчыйган оймо сандыкка барактарын жая кол казалды купуя, берилип баии көтөрбөй окуган Турсун келинге башын коштурган илме кайып бакыттын даарыбаганы эмебегенде эмине.

Узакка жылоолочу дөөлөттүү өкүмдарлар бийлик, мансап, таажы, так, дүнүйө күчү менен орнотот. Алар ачым дуулап, көптун эсебинен, жонунан сайрандашат. Өзүмдүк үй байлыктарын арбытышат. Арийне, алардыкы түбөлүгү түн эмес, акыры тамыры чириген, шамал, добулдан чамбереи аткан теректей омкорулат.

Анык түбөлүктүү, даңазаланып айтылып, уланып кетүүчү бакытты атпай журтчулук үчүн жаиын, күчүн, өнөр, билим аземин зарптаган акыл ишмерлери тургузат. Алар өтүлөрү көрбөсө, жарыбаса да, болочоктогулардын энчисинен калаарлык кенч уютушат. Мына анын тирмейип, толкуп жазып отурган, Турсунга үйлөнүшүнө аралжыга жараган ажааты – чыгармачыл түйшүгү түбөлүгү түз бак дөөлөткө айлануусу абзел. Бак-дөөлөттүн атасы ак эмгек.

Экинчи дептерге кирди. Бүткөнүн Турсуну окууда. Анда кош маани бар.

Алгачкысы – Молдо досунун жазмасын жатыгып, ачкан жеринен шар бадыраткандай көнүгүү. Антпесе Айымкандын билерман аялдарды чогулткан шеринесинде уятка калбайбы. Айымкандын шеринеси демекчи. Касымбек болуштун көрөркөз кадырлуу айымы Турсун менен Байымбеттин кошулушуна кудай алдында бирден бир себепкер. Ошондуктан, жаңы, жаш келинди кандай жумшаса эрки. Жосундун салтты сактаган Турсун да кыйыктанбайт.

Шаанилүү айым, Турсундун жөндөмүнөн ырахатка бөлөнүүнү чечкен. Тамаша куруу эркектердин эле үлүшүндө бекен? Качан болуш эри ырчы, комузчуну чакыртат, алардын күү шаасынан ыйбаа сактап, көзүн карап кысынып угабыз деп отурбай, ургаачыдан сабаттуу келип колуна тийгенде өзүнчө үлпөт уюштурууну эп көрдү.

Анда саңца эркектер сыртта жүргөн маалда баштаң, шерине, жоро шылтоосунда абысын-ажын, мыктылардын кастарлуу

байбичелерин чакырып, же кезметтештире алардыкына чогулуп тамак ичмей, алынча сармерден, тамаша кура койдуруп жүрчү. Эми алланын буйругу менен Турсун келген соң, өзү башкарган аялдар тобун, өзгөчө шаңга бөлөмөкчү. Оңдой бердисине салып, Турсунду төркүндөрү үй-оокат себин, эки баш кишиге жетишээрлик жүктөптүр.

Тоголок Молдонун татына жары, өз үй, өлөң төшөгү камсыздалган соң, алигиндеги убадасын аткарууга киришүүсүн, аны бүткөнчө эч жакка аттанбасын, оокат тирилигине кул кутандарынан жумшап, өзүн да, колуктусун да эркин коёрун, четинен бүткөнүн Турсун жат окуп машыга берүүсүн, анан аялдардын шеринесине күндөп түндөп сайратаарын эскерткен.

Жаңы кошулгандар мындай шартка магдырабаспы. Дайыма бирге. Акын мотурайган жарынын жанында, жобурашып, азилдешип отуруп «Каныкей менен Манастын мамилелерин» шыктанып гана жазуу үстүндө.

Зулумдун аялынын колкосу, өтүнүчү боюнча күргүштөөдө. Аный, ал гана үчүн бекен? Ал үчүн болсо эмне экен. «Алашан колум берешен». Айымкан Турсунга жеткирсе, акын өзүндө барын аянбоого ант оозанган. Ошо адамдык парзын өтөөдө. Парздан ыйык эмне бар. Парздан тайсаң, адамдык касиеттен ажыраганың.

Айымкан болуштун зайыбы болсо да боорукер, алгылыктуу мүнөзү менен элге ымалалаш. Кээде эрин да имерип, мына Байымбеттей бечарага аркасын тийгизип ийитти. Арийне, чыгарма – элдин кенчи. А кенчтен байы, жардысы дебей жумурай журт жапырт пайдаланаар күн кана. Мейли, акимдин көрөркөзү анык, элдин дастанын акындын жарына окутуп, зайыптарга тарката берсин. Аялдар эбиреп бирден миңге маалымдаар.

Сайроочу чыйырчыктай тамагын бүлкүлдөтө, бөрсөгөй эриндерин чормоңдото тегерек сабырлуу кара көздөрүн кадай, тыным өткөрө барактарды оодарган Турсун маңдайын жапкан үлбүрөгөн жашыл шайы жоолугун каз таман оймолуу күмүш шакектүү ичке шадылары менен, саңоор чачтарын үлпүлдөтө жогору кайра, көмүркөй сандыкчадагы кол китептен башын көтөрдү.

Эри ээрдей тыпыйган тактага чыканагын жөлөй көгүлтүр топучан башын эңилтип болот учун кызуу иймеңдетүүдө. Буйрук улук. Бу сыпаа, жароокер жазмачыга өзүндөй сылык, жылуу мамиле жасаса гана кадырына жетээр. Көптү көргөн, көптү түшүнгөн, далайдан жүрөгү кайт кансыраган, адамгерчиликти, ишмерликти ашкере жактырган асыл ойлуу Тоголок Молдо, пейилинде, мамилесинде анын кабагына кир жугузбай сылап сыйпачудай.

Жаш жары андан да дал ошондой асылкечтикти каалагандай. Эриш аркак аземдикке эки жак тең бирдей үргүлсө гана бөлөнөөр. Антүүгө Турсундун кудурети жетеби! Чала кетирсе, жолу, жашы, башы улуу сабырдуу жубайы кечирет. Үйрөтөт, тарбыялайт. Өзү да анын оболунан чыкпай умтулат, бара бара бою, ою өскүлөң тартып баркына татыйт.

Турсун саамга адам, табигат дебей айлана теребелди ырахат, кубанычка гана тундурчу кутман макулук булбул кебетелентти, үнсүз ичинен кайрып, ондогон, жүздөгөн чалпоо дилдери дирилдетүүчү дастанды кагазга түшүрүп, кирпиги ирмелип, колу эпилдеген күйөөсүнө суктана.

– «Тобо, жараткан. «Өлбөгөн адам алтын чөйчөктөн суу ичет». Карачы, Тоголок Молдо келбети да, дили да, мамилеси да, иши да, кийими да келише куюлушкан сулуу адам турбайбы. Айтымында ошонусуна карабай шору арбын. Ою бай, жону жука. Жүрөгү март, колу тайкы. Ар намысы бийик, өзөгү өрттүү. Канатынын күүсү, умтулуу күчү, карегинин көрөгөчтүгү алп кара куштай, бирок зордоп кармалган, үндөккө анчейин келбесе да башына томого кийгизилип көзү далдоолонгондой, бутуна кайыш боо тагылыш туурга маталгандай.

Көроокаттын, жан сактоонун айынан айласыз дөөлөттүүлөргө байырлаптыр. Неге жараткан мындай бар дүйнөсүн элге чачкан дилгир жандарды эч кимге көз карандысыз, ченеп торгобой телегейи тегиз жашоо, мүдөө шартын камсыздабайт. Анда булар оюндагысын опурулта, көңүлүндөгүсүн көлкүтө адамзатынын пейилин жумшартып, мээримдүүлүккө сугарбайт беле. О, олку дүйнө, байлыкты, дөөлөттү мерездерге берип, колунан, оюнан көөр төгүлгөндөрдү чүнчүтүп, кара жанын карч

уруп жасаган кереметтершшн берекесин көрүүгө зар кыласың. Кереметти моминтип кезээрип, көз май, жан отун чагып мына мындай жан кечти мээнеткечтер бүтүрөт. Ырахатын башкалар көрөт. Жападан жалгыз муңбай талпынган ишкер кургурга жолукканымды кара. Балким, мунун, балким менин ырыскымдыр. Балким, көптүн оозунун салуусудур... «Күйпөйүп шүйүп баратканымда жагалданттың, демденттиң» деп өзү жалбарат. Ылайым ошентип сени дендентип өтсөм кана».

Турсун негедир селт чочуй, эч алаксыбай, өзү айткандай жагалданып кагазга арбашкан күйөөсүнөн башын буруп көзүн жумду.

– Жараткан, кут кыл ушунубузду. Көрө албагандын көзүнө топурак. – Негедир делбиреп купуя сыры ичине батпай буулуга, эрин ушунчалык жакшы көрүп эбедени эзилгенин өзү да байкабай, токтоналбай тамагын бүлк эттире көгүчкөн доош сала күрсүнбөспү.

– Молдоке-е, – тили таттуулана сөзү чоюлду – азыноолак алаксытсам айып этпеңиз.

Байымбет ийсеңдеген болот калемин тарта сөзгө эмес, магнитке тартылгандай жайдары обдулду:

– О, жароокерим, Турсунум. Менин сенден бөлөк алаксытаар кимим бар? Айта кой. – Алаканы менен токтолгон барагынын четин сылагылай, жанына жетип ийнине колун артып эркелете эңилген жарына кызгылт нурлуу жүзүн тийгизээр тийгизбес демине жылый Турсун алда немедей көзүн бажырайта ажарланды. Эмелеки ага багышталган купуя таттуу сырларын төгүлгөн ажарынан даана окуткандай дирилдеди:

– Молдоке-е, апей, Молдо дос деп жүр дебединиз беле. Молдо-о до-ос-с, жакында ханышабыз Айымкан наабаттуу байбиче, кадырлуу келин-кыздарды өз төрүнө чогултат. Жакшылап даярдан дейт. Мынабу биринчи дептердеги эле үч-төрт отурушка жарайт. Кайталап көздөн өткөрдүм. Такалбай шар окуурум айныксыз деңизчи. Деги, кайсы обонго салып окусам болоор экен. Кана, уксаңыз, жарайбы ушунтсем...

Мурда атасынын төрүндө Тоголок Молдонун «Семетейинен» сабатып көнгөн келин, ургаачынын ичке доошу, назик татына обону менен бул түрмөктү жапырылтты:

...Береним Манас султаным
Белгисиз кантип турат деп.
Белги кылып койбосок
Баарыбызга уят деп...
Эми төрөмө сарай салдырам
Ар жерден уста алдырам.
Ак сарай деп ат коюп
Адамдын көзүн талдырам.
– деп турпагы жакпай Таластын
Анжыянга чалдырды.
Күлботону Каныкей
Күлчөдөн алдырды.

– Кандай, ушинтсем жараибы? Уят болбойбу, үйрөтүңүз. Молдо дос – Турсун жарк эте, ал түрмөктү аяктаар замат нары уланттырбай бооруна кыса өйдө серпилте кучактаган күйөөсүнө назданды.

– Жараганда кандай! Букарбай экөөбүз күйөөлөп үйүңөрдүн капшытында мен Манастан дүпүлдөткөнүмдө, сенин бетмаңдайдан тамылжып кунттанганыңды байкагам. Көрсө менин обонумду, түпкүсү Тыныбектин аргышташын илип калыпсың. Уккан кулагыма ишенбей эрип кете жаздадым. Укмуш, аялдын мукам үнү Манасты көркүнөн ашырат тура. Чоро уруусунун мыктыларынын катындарын чалкытат экенсиң. А дегенде жай, арыштуу ташта, анан бара бара өзүңдөн өзүң кызыйсың.

Апэ-эй, кызык, Молдо дос-с. Чын эле жактыбы, көңүлүмдү улап атасыз ээ.

– Антпейм жароокерим. Чыпа чын. Мага жаңы канат байлатып, дагы бир дөңгө алыс учура турган болдуң.

– Ошондойбу. Эптеп эле аз да болсо, кызматыңызга жарасам дейм да.

– Экөөбүздү туш кылган периштеге тайыналы.

– А периштебиз ким?

– Тагдыр.

– Ырас эле тагдырга тайынбаганда... мунусуна шүгүчүлүк.

– Тагдырдын жолу татаал да, катаал да. Жыргатмайы да бар, жыластамайы да бар.

– Коюңузчу. Жыргатканына тобо, жыласы жерге кирсин. Бизден алыс, пейли жаманга көрүнсүн.

– Ошентсин жаракөрүм, ошентсин. Жаман айтпай жакшы жок. Жалккан башка эмнелер гана түшпөйт. Сен эми каадалуу ургаачылардын аялдардан чыккан алгачкы кадик Манасчысы болосуң.

– Жо-о, жо-о, Молдо дос-с, мен Молдо достун дастанын даңазалаган үгүтчүсү-ү... Аныгы Манасчысы эмес, акылдуу айымдын аңсоосу боюнча чоң Манастан чолуп куралган Каныкейчиси болом.

– Ба-Ба-Ба! Каныкейчи. Манасты Манас атанткан Каныкейдин акылмандуулугу, кыраакылыгы, сабырдуулугу, уздугу, кулк-мүнөзү сени жылоолосун. Андан көп таалим алууга, уккан ургаачыларга дагы жугузууга тийишсиң. Айымкан бекеринеи чоң колкого суранган эмес. Чынында сенин калыңың. Айымкан өзүн бул чөлкөмдүн Каныкейи сезет. Ошондуктан менин кудуретим жетээр байлыгымдан· өндүрүүгө даады. Оңор катын бекен Айымкан. Анын жакшы салттарын, кулк-мүнөзүн үйрөнсөң болот.

– Эх, Молдо дос-с, мен үйрөнчү нерсе көптөй. Баш тартпай калайын. Шаам жетишинче аянбайм. Өзүңүздү жер каратпасмын.

– Акылдуум. Ошентесиң. – Тоголок Молдо жарынын чач учтук суналткан эки өрүм чачынан, жашыл манат чыптамасынын ачык төшүнөн артылта сарала атилес көйнөгүн шуудурата бөрсөйгөн кош эмчегинен сылагылай, качаңкы Букарбай менен Күкүштүн жаңы үйлөнгөн, жалындуу кезинде ырдаган саптардан эскере эринин эпилдетти:

Таалайыңа кез болуп
Табылса жакшы ургаачы.
Опасыз жалган дүйнөнүн
Орнотуп койгон урматы
Эрегиш кылбайт эрине
Бул дөөлөтүңдүн зыйнаты.
Күлө багып кашкайып
Күзгүдөй бети тастайып.

Санжап менен сөз айтып
Сарамжалын башкарып.
Айланып турса жанында,
Алганың сүйөр дил кайьш.
Капалык менен иши жок
Кабагы жарык күлгөндөй.
Айттырбай табат сырыңды
Кагаздан окуп билгендей
Асылзаттын форуму
Азелден жүрбөйт түрлөнбөй.
Алганы асыл эр жигит
Ачылган кызыл гүлдөйсүң.
Аруу көөнүң жашарып
Апта сайын дүрдөйсүң.
Арааның кенен ачылып
Асманда кушту үндөйсүң

Жакшы көргөн, жактырган перисине жан дилинен берилип таттуу татыса да ачуу жутуп, сүйүүдөн жүрөгү өлгөн бейкүнөө, жедеп үмүт үзөөрдө табылган бактысын, кайрыла жылт эткен жаштыгын жоготпоо, сактап калуу сезими кандайдыр кан тамырын болк эттире серпип боюн дүрдүктүрдү.

Көп эле элеп-желеп эркелепшесинчи. Эл накылы айныксыз. «Өтө ынак бат ажырайт. Өтө ынак Сейдешинен айрылганы төгүнбү. «Өтө ысык тез сууйт» өтө ысык ашыктыкка күйгөн Үрпүканын, Үкөйүн тарттырып үшкүрүп талаада эңгирегени калппы? Жетишет. Анда кудай талаанын акысы жок. Боору таш тагдырга аыын не жазыгы бар? Пейилине жаккан селкини, ынак тартьш, бар ынтаасын үрөп сүйгөнү үчүн жазалайбы? Арийне, үлбүрөп ачылып, жыпарын аңкыткан гүлдөй буралган канча бийкечти уйпалап, кордогон залимдерге не айып жок, аларга каргыга тийбейт. Эт жүрөгүнөн элбиреп эптеп жетишкен шоркелдейлерди жараткан не аябайт?! «Кедейдин этегине кепсен салсаң төгүлөт». Эрээркеп назданган бейкапар жаш жарына купуя удургуган туйгусун билгизбей кайпактады:

– Тыныгуу жасайлы. Акыл ишине арбалган арбаптардын салтында бар. Башты көп чарчатпай утуру бээ саам, же бир

сааттын аралыгында башты сеп алдырып туруу абзел. Самоор койдурчу. Бет маңдай отуруп дурустап чай ичели.

Оюнда башка эчтеке жок Турсун эринин насаатын толук кабылдап бурала аштымканаңы беттеди:

– Экөөбүз эле үчүн болсо, эч кимди аралаштырбай өзүм эле коём самоорду.

Тоголок Молдо анын ургаачылык назиктигин да, мына минткен чыйрактыгын да таразалай, Турсун атына байланыштуу маанисин чечмелегенин эскерди. Турсун. Жөндөн жөн коюлбаган. Ата-энесинин ага чейиңки кандай сонун тар коюп, бешик тоюн өткөргөн балдары токтобоптур. Ал төрөлгөндө, кеп атта эмес экендигин, аман туруусун тиленишип Турсун коюшат. Турсун эсен соо чоңоёт. Атасы эркек уулча кийгизип, балдар менен ойнотуп эркин өстүрөт. Балдар менен кошо молдого окууга берет. Ыйлап, сыктап кыйналса да азаптуу сабакты эптеп өздөштүрүп, окуганга, жазганга жарайт. Ак жолтоюна тартып артынан ини, синди ээрчийт. Качан бой тартканда гана кыз каадасын күтөт. Турсундун чыйрактыгы да ошондон.

Турсуну, назиги, чыйрагы, өмүрлөшү булутка чулганган асмандай түнөргөн, улгайып бараткан кезинде жанган жылдызы. Калган өмүрүнө ушунусун кут кылса, шүгүрчүлүк.

## КӨҢҮЛ ТОГУРААК ЖЫЛДАР

Дагы азыраак жылга Байымбеттин көөнү тогураак, жаны тынчыңкы көйкөлдү. Аны акын таалайына жараша жөнүккөн жагдайга тогоштурууда. Ири алды – билерман байбиче Айымкандын парманы астында Турсунга үйлөнүшүнүн шарапаты. Турсуну Айымкан менен эже синдидей кеперес, шаан-шөкөтүн гана эмес, кадыр-баркын түшүнгөн, улууга улуудай, кичүүгө кичүүдөй мамиле жасап колуна кол, оюна ой кошуп алынып кетти.

Адамдын сырын айттырбай аңдап, улам убакыт өткөн сайын Турсуну сый, урматка бөлөнүп ак маңдай ай жаркынга айланууда. Аялдар сырт бүтүмдөргө киришпеген менен үйдүн туткасы катары кыйынмын деген эрлерди, жалпы эле эркектерди тегеретээри анык го.

Акындын колуктусу наабаттуу катын-калачтардын чөйрөсүнүн сүймөнчүгү, тирикарак билимдүүсү, илбериңки жароокери катары кадыр-баркы акырындап жалпы журтка жайылды. Үйдө эринин көңүлүн жубантканычы. Тамагын даамдуулап, кийимине кир жугузбай таза, таптай жаңылайт. Оокатын сарамжалдуу санжаптайт. Келим-кетимин «капалык менен иши жок, кабагы жарык күлгөндөй» тескейт. «Душманына сырын алдырбай, жооп берип сүйгөндөй».

Айтор, Турсуну Байымбеттин купулунан аша Сейдешинен кийин тартылган таалайын, кемиген кемтигин толкута толтурууда. «Катын жакшы эр жакшы, обозгер жакшы хан жакшы» деген акылман накылдын жаңы далили акынды ошо, айылга байырлатып, бейкут отуруп, чыгармачылык булактын бурамасын каалаганындай толготууга өбөлгө түздү.

Негизгиси... «Далбасасынан данек, аракетинен берекет» табууда. Андан-мындан ага үмүт менен ыктаган чала-чарпы жөндөмү бар жаштар, анын жетекчилиги, сүрөөсү аркылуу сыноодон өтүп, ар кими өз чыйырын таап өнөрдүн түгөнгүс жолун улоого багыттанышты.

Кадандардын Нурдини салабаттуу акындык, салттуу чечендик, жагымдуу жазмалык жөрөлгөнү жөнүктүрдү. Буюрса дал өзүнүн өрнөгүн өөрчүткөн даанышман, кең пейил күлсөр шайыр болот. Кооптонгону – аны балээлүү илдет түктөйтүүдө. Апжип болгондой өң аалаты кумсарып арыктагандын үстүндө. «Өпкө, колкомду ыш каптап, ошонун саатынанбы, таштадым, Молдоке» – деп чылым чеккенин да, андан өксүсө насыбай тартканын да тыйды. «Жашы кичүү болсо да жаны курбу» Нурдиндин сыр алдырбай кадимкидей жагалданып жүрүүгө умтулганы менен көз көрүнөө үлүңдөп өчкөнсүп бараткaны устатты санааркатууда. «Жан жорого жараган, кылганы журтка даң болучу кайран азамат оңолуп кетээр бекен». Тоголок Молдо өзү ээрчитип, табып, бакшы, бүбүлөрдүн кимдерине көрүнтпөөдө. Бээнин жаңы саалган сүтүн, же саамал кымыз жутса, козу, торпок, тай этин жесе, жаш шорпосун татса, айранга сооганды ачытып ичсе жанына дабаа деген тамырын узакка тыңдаган кыл табыптардын айткан кеңешинен улам,

устасы да аны жактап жаз баарынан жайлоого чыгарып, үйүнө паанектетти.

– Молдоке, чогуу эле жүрсөм эмне. Жан айласы үчүн бир жай эмденип чыдайын – деп Нурдин көзүнөн жаш кылгырта зорго үйүнө отурууга көндү.

«Кайран шаанилүү жайдары Нурдин, кадемиң катпаса экен». Тоголок Молдо өзү Васил дарыгерден, кийин элеттик табыптардан, сырткы жараат, сыныктарды кандай эмдөө мындай турсун, ички илдеттин эмнелигин, капчалыгын тамыр кагымы аркылуу үйрөнгөн. Анын баамында баш шакиртин чүнчүткөн оңор оору эмес. Көмүркөйүндө чечек, кара тумоо өңдүү жугуштуу апааттарга каршы эмдөөчү наштарлары, суюк, коюу дарыдармектери бар. Нурдиндики караманча башка дарт. Барган сайын кекиртип, кургак, майлуу тамак жакшы аш болбой, күч кубатынан секин алсыратууда.

Жеке санжыра, салт эмес, табыптыкка кызыккан Тоголок Молдо кичүү өнөгүнүн илдети нелигине кабырыла сабылууда. Айтылуу кыл табыптан сурамжыласа «түпөйүл» деген балээге чалдыкканын, ылаажы аздыгын меселдетти, Ичтен жеме, кандайдыр өңгөчтөн ылдый өпкөдөн жогору тамак өтөөр колкодо, же ашказандагы шишикче ырбаган Түпөйүл тарттырып, ичтен кемирме илдетти күнчыгыш элинен чыккан улуктан байыркы Ибн-ин-Сина байкаптыр. Кан ча ооруларды кандай, кантип дарылоо, эмдөө ыктарын териштирген. Бирок «Түпөйүл» деген балээге кандай дабам табыларын айтпаптыр.

Нурдиндин алы кеткен менен акылы ордунда. Маал маал үрпөйүп чогулган айыл-апасына жаздык алдынан казал, дастандардан сууруп эрмек-зоок курат. Кээде сиркеси суу көтөрбөй үйдөгүлөрүн сыртка чыгарыш, жалгыздоону жактырат. Мамыкка өбөктөп, жаңы түрмөктөрдү дептерге эшилтет.

Акындын турпаты эч жанга окшобос аруу, тынчсыз. Башы жаздыкта, жамбашы төшөктө жатса да, мына Нурдин сымал ыр жаратып, жабыккан жанын сооротот. Эртеңкиге чыйырын улайт. Шакирттеринин көсөмү Нурдинди, ырдын талбас канатынын, өчпөс добушунун зээри апааттан алакчылап, илдеттен сакайтып акындардын тобуна кошоош бекен?

Кенже үйрөнчүктөрүнөн тез талпынып, кагаз, калемден оолак айтма, чертме оолжутуп Молдобасан жигиттик куракта толукшууда. Устасынан Манасты ынтаасы менен өздөштүрүп, көргөн, уккан адамды таң тамшантып созолонтуп болкулдап, баркылдап, окторулуп, буктурулуп дүпөйүлдөйт дейсиң. Канча созсо ошончолук мукам чоюлган, канча бурса ошончолук ийкем кубулжуган авазы, жайык маңдай, жазы бет, куш мурун, бадана көз, нооча денеси, элпек куюшулуп, дастандын окуясына ылайык ойкуп кайкыганда өзүн да чалкытып, өзгөлөрдү да сыйкырлап, өнөрдүн атасын таанытат. Молдобасан жыйырмадан өткөндө ар топто чыгаан манасчыдай элирди.

Анын сейрек таланттуулугун, шыгы, күчү дастандык арыш, аткаруучулук көрк, көрөңгөлүү дем кереметине айкашканда гана өркүндөөрүн баамдаган устат:

– Молдобасан, сен дастанчы бол. Манасты толук айтканга үлгүр. Кааласаң Семетей, Сейтекти ула. Алар аздык кылса ыр, кара сөз аралаш жомоктолгон «Асан менен Гүлгакыны» өрчүт. Өзүң кошумчала,– деп насааттады.

Атасы Мусулманкул мартабалуу, турмуштун жабырын тартпаган Молдобасан кайда барса, нени кааласа эркинчи сайрандатып, эрээркетип колмо кол куштаганда, устаты багытын айкындап көтөрмөлөгөндө, таланттын азем дүйнөсүнө эргип сүңгүдү дейсиң.

Ааламда андан бай, андап ажарлуу, андан учкул, андан сүйкүм, андан барктуу пенде жоктой. Күн, түн ырдай эле бергиси, Манастын, Семетейдин, Курманбектин, Жаныш-Байыштын эрдиктерин талбай топко да, үйүндө да, өзүнчө да күпүлдөтпөсө, итатайы тутулуп, Молдобасан отураарга жер таппайт.

Молдобасан манасчы атала баштаганда, «өнүктүрдүм, жат быякка бир сака» пейли токтонуп, жакынкы окуя, чакан «Жаныш-Байышка», андан «Курманбекке» кирди. А кенже дастандарды, башта жарытылуу укпаган калк, бир,эки күндүк отурушта толук баянына канып, мукам үндүү келбети келише ойсоктогон Мусулманкул билгичтин эрке уулунан айылдан айыл, жородон жоро дембе дем өтүнүп айттырышты. Манастын чолу жерлери болбосо, такай кайталанып айтылбаган соң көп окуялары унуткарылып да баратты.

Арааны жүргөн, жигиттик зээрге толукшуй менменсиген эргул, аны көрүүгө, угууга ынтызар жаштардын жоролоруна, кыз оюндарына такай чакырылыш, өзү да ашыгып тартынбай жетет. Комузга обондуу күүлөрдү таншытып, күйгөндөн, секетпайдан сыздаганда, селки, бийкечтердин, боз улан, ышкылуу жигиттердин алкоосуна, ардагына чалкыйт.

Келишкен көрктүү ырчыга жароокер көз, оттуу сөз селкилердин илебине, кучагына март уландардын сыйына бөлөнүш, өзгөчө жагууда. Аны тымтырс уюп тыңдап анда-санда алкагаи сөөлөттүү карыялардын курамынан жаштардын жалындуу тобу алда канча кызык, алда канча ысык туюлуп азгырууда. Ал өз бетинче сайранын куруп, шакирттик уядан канат сермеген, өз мейкинин таап, өз жемии камсыздаган кыраан шумкардан эркин чабыттады.

Тоголок Молдо күүлөнгөн Молдобасанын сыртынан ак-манап оболуна койду. «Мейли, ээликкен, эрдемсиген эргулду элкин эркинче койгон эп. Ант-минт десең таарынып, жактырбашы да ылазым. Манасты толук көкүрөгүнө жаттаган соң, кенже дастандарга өт дегенин анча этибарга албады. Дастандарды аттап, эми жаштардын жарп жазаар сүйгөн, күйтөн обондуу ырларга ооду. Анда аваз да, сөз да, келбет да, сыйкыр да бар. Молдобасан чыгаан талантка таандык сапаттарды мүлдө күткөн кут. Кеп, ошо кутту чачыратпай уюлдата бир казынага үстү үстүнө үймөлөп байыта, салмактанта, көбөйтө берүү өтүмдүү.

Алп манасчы Тыныбектин, анын атактуу шакирти Сагымбайдын төкмө, аваздуу акындыгы арбын. Экөө тең, улам жаш кезиндеги майда барат ырдоону, жарчылыкты таштап, жалгыз гана Манастын көркүн, эпкинин үстөккө босток күчөтүүнүн камында. «Манас» канча кайрып, канча кайтала айтпагын, такай көркөмдөөнү, жаңылоону, тереңдетүүнү, чылык, айтуучулук чебердикти өрчүтүүнү талап кылга түпсүз деңиз.

Молдобасан ашып-ташкан сезим толкунун бир нукка, маселен манасчылыкка, бурса, Сагымбайдан кийиңкилерден эч кимди астына салбаган алп жомокчу болоор эле. Ашыктык обондорун адамда жок булбул аваз менен созуп, чалпоо жүрөктөрдү багынтканга курсанттанып эрий берсе, анын таттуу

ыракаты алаксытып, алыстатып коюшу да ыктымал. Жаштын деми бөксөрөөр. Өзү байкаар. А балкиш устаттык укуктан пайдаланып мен түшүндүрөөрмүн. Албетте акылга ынанса. Өзүңүз деле ар кайсынын башын койбой, чөп башылайсыз деши да мүмкүн. Аны мен да ойлогом. Менин жолум башка. Аткаруучулуктан, айтуучулуктан небак баш тарткам. «Манас», «Семетей» баштаган дастандарды чаркымдын жетишинче кагазга ноктолодум. Дагы улартам.

Каалаганда каеринен болбосун, дыр койдуруп окуй берүүгө жарайт. Жазуу менен аптуунун арасы асман менен жердей. Жазуу түбөлүк тирүү сакталчу нерсе. Айтуу күннүмдүк, тил, баш менен кошо кетчү кокуй. Ошондуктан, оолжуган пендеде жок обончу, ырчы, дастанчы Молдобасандын айтмалык өнөрү чаржайыттанбай негизги өзөккө ширелишсе, кереметтин ээси атанаар.

Өнөрканасынан таалим берген талапкерлердин арасынан экөөнүн дубанга таанылаарлык дарамети күч. Алар Нурдини, Молдобасаны. Экөө тең топту толкутуп, эрмек зоок эмес, өнөрдүн ыйыктыгын көкөлөтүп, угуучуларын сыйкырлан багынтаарлык касиетке жетишти. Экөөнүн ыкмасы эки бөлөк. Ошонусу, өзүнчөлүүлүгү үчүн биринен бири артык.

Ушуга шүгүр. Ар уста өзүнөн өтөөрлүк эки шакиртти тарбияласа, алары унутпай эскере жүрүшсө өлбөй калганы ошо. Өрнөгү, иши, осуяты уланса өлбөстүк ошо.

Уядан учкандын баары кыраан чыкпайт. Канчаны уямдан учурдум… Кырааным Нурдин менен Молдобасан. Калгандары бозо, жоролук, бала-бакыра, үй-бүлөө чейрөсүндө маек куруугa, күү чалып, ыр ырдап, санжырадан сайрап көңүл жубатууга жарамдуу.

Табалдынын Кашгарысы, Айдаркандын Жүкөйү кыраандар менен жоролук шайырлардын ортосундагы жоон орто жайдарылар. Көчүрүлгөн казалдарды, дастандарды, жанытма, кошокторду келиштире окуп, чогулгандардын кумарын таркатат. Кудурети жеткен эңсегендерге өзүлөрү көчүрүп таркатат. Каалашса чай кайнам, эт бышым жамактатып ташташат. Алар айыл арасына жарачу өнөрпоздор. Негнзгиси усстатынын көз

карашын, чыгармасын, мүдөөсүн элге жайылтышат. Агартуунун, окуунун пайдалуулугун, адилеттүүлүктүн зарылдыгын ураандашат. Ушунун өзү эмгегимдин талаага кетпегенининин шааниси.

Ушундай санаасы тыныңкы, топуктануу учурунда он жылдан арбын дайынсыз Шибер сүргүнүндө сандалган Токтогул ырчы ата конушуна аман кайтып, шаңшып жүрөт деген каңшаар эшитилбеспи.

Токтоналбай кубанганынан Тоголок Молдо көзүнүн чарасына ысык толкун серпилди. Жорго сөздөр токтоосуз суурулду.

Жерге кирип жамандык
Жеңген тура амандык.
Азапты тарткан Токоңо
Амандашып баралык.

Күдүңдөгөн боюнча, ушуну Турсунуна кайталады. Турсун күйөөсүнүн мынчалык сүйүнгөнүн көргөнү ушу. Шагын сындырбай калсын. Шопоюп чаап жетпей, аттуу баштуу кишинин даражасында баруусун ойлой түйшөлдү.

Акындын даанышманы, айкөлү, айбаттуусу Токтогулду көп мактайсыз. Жердин жети түбүнөн эсен соо кайтса, учурашканыңыз жөн. Жөнөңүз. Жаныңызга жолдош кошуңуз. Кур кол кантип барасыз. Башын куттуктагыдай не ылайык?..

Эх, Турсунум, «бай билгенди кул билет, айтайын десе тили жок, берейин десе пулу жок». Ат жетелеп барсам ылайык. Аны кайдан алабыз, ким берет? Нурдиним кадимкисиндей жүргөндө, ээрчип да бармак. Колу жуктуу, туугандары каралаштуу, кыл куйрукту да ошо тапмак.

Турсун айдоодон кутулган досуна салттуу баруусун каалап, күйөөсүнүн турпаты тыңыраактай көрүнгөн менен минген атынан башка ай туяктуу малдан эчтекеси жоктугун, байкоостон жаратына тийгенине кейип, өкүттөсүн зирилдеп укту.

Аялынын комутка чырмалганын жооткото, акыш кур күлүмсүрөдү:

– «Өчкөн оту жанып, өлгөн жаны тирилген» Токтогул менден мал үмүт этпейт. Көзүмдү көргөнгө, саламдашууга барганыма курсанттанат. Ал сырттанга дүнүйө керек эмес,

көңүл кымбат. Мен айдалбасам да басынып, тушальш, кодуланып жүргөнүмдү түшүнөт. Мал таап, байычу Арзымат менен Бошкой эместигимди билет. Турсунум, муңайба. Токоң экөөбүз учурашып, муң черди чыгарышсак, бири-бирибизге короо толо кой кошкондон артык байыйбыз. Мына ошон үчүн токтоосуз салт эле аттанам.

Жаныма жолдош кошсом чеки эмес. Ким ээрчийт сөзүнөн башка берекеси жок каңгыган ырчыны? Атаңдын көрү шум дүйнө, мына ушундайда ким экениң билинет тура. Кашгарым лам дебес эле. Ал Курткадан дагы нары Соң-Көлдү таянган кенже жайлоодо. Ортодо Нарын дарыя, күкүктөгөн кез. Ага жеткенче Кетмен-Төбөгө барбайымбы. А балким, Молдобасан кошулбасын. Ай таң, талантына мас дөөгүрсүп эриккен жаштардын талашында. Айтсамбы, делөөрүгөн чунак, Токтогулду, ага шыноорлоп өрнөк алам дегөн өзүндөйлөрдү көрсө, дагы бир топ чымындарды кагып өйдөлөйт эле. Чочуганым менменсип жер баспай турган чунак, окус шартым жок Молдоке десе бөйдө өзүмдүн шагым сынбасын.

– Молдо дос-с, Молдобасанга өзүңүз ылайым айтпаңыэ Бирок, бул акылыңыздан да кайра тартпаңыз. Мен Айым кан эжеге жашыруун кеңешейинчи. Не дээр экен. Мүмкүн кайрымдуулук кылып, а киши айтса, Молдобасан гана түгүл, атасы да кыңк этпей лам дейт.

* * *

Токтоналбай ээлигип, жанына сырт келбети да ич туйгусу да өзүнө батпай чатыраган Молдобасан шакиртн кошулган соң, Байымбет шаттана энтелебеспи.

Тогуз-Торого жете өргүп таң заардан кайра аттанышты. Атгардын жанын көзүнө көргөзүп шакылдата катуу жүрүп кадуу кыяларды кыркып эңкилдеп жайкалган Кетмен-Төбөгө түшүштү. Алгач жолуккан адамдан сураштырышты. Жашырынып эл ичинде жүргөн Токтогулду качып келиптиш деп Керимбайдын тукуругу менен падышадан чен тагынгам Осмонбек датканын уулу Жуманалы болуш найыпты макулдатып полицейлер ээрчитип эч кимге шек билгизбей түш ичинде үстүнөн басып,

кайрадан Намангенге набакка айдатып каматкан дегенди укканда эңгиреп, дал ошо белестен аттан түшүштү.

Жайлоонун шибери такырдай, жорткон керимсел жели саңырсык муунткандай үнсүз талышты. О, далайда көкүрөктөн көк түтүн булата үшкүрүк аттырды Тоголок Молдо.

– Молдобасаным, «Жээликкен таз, демиңди бас». Мына биз болдук. Кантели. «Буюрбаган ашка мурун канайт». Буюрбаптыр бизге Токоңду көрүш. Шору деле арыла эяек тура. Жер сыйпап аңгырадык деген ушул.

Устасынын мынчалык каңырыгы түтөп, кабыргасы, кайышканына, төтөн, анын алдында күнөөлүүдөй кайпактаганына Молдобасан да туруштук бералбай дирилдеди;

– Молдоке, кудай кылса кубаарыңыздын акысы барбы. Муңайгандан не пайда. Көп болсо аттын тери кеткендир. Токтогулуңузду мен да эңседим эле. Өзүңүз айткандай буюрбаптыр. Аттарды жайдактап терин кургатып, от чалдыралы. Кайра Тогуз-Торого кудуйлу. – Бет отунан нуру жанып, шишимик жапкактын астындагы күлмүң көзү шоктонуп али чарчоо, кабагым кашым деп кейүүнү бнлбеген шагдан шакиртине Тоголок Молдо суктана момурайды:

– Эп, Молдобасаным, жол арытканга эмес, көңүл карытканга капамын, Токтогулду издеп келип ушуну менен эки ирет ушу куу белде жер сыйпашым. Жакшыга баарлашсаң жаның байыйт, жаманга баарлашсаң жаның тарыйт. Э, мүшкүл, бир байлыктан кагылдык. Молдобасаным, мынча болду, жолу катуу агаңдын дагы тилин ал. Суук кабарга деги илебибизди сууттук. Жөн жай жүргөн жолоочу маанайында сарттардын айылын аралап көрөлү. Жакадагы, жайыттагы журтун жакшы билем. Кезегпнде Токтогул жергесин түрө кыдырткан. Доңшоордун чын чынына туналы. Шибирден качъш жеткен кайран Током, дагы бир жерден көзүн жылтыратып көрүнө калбасын.

Устасынын боору толгонуп, жаш баладай кыялга жетеленгенин кыйбай, Молдобасан кайкы жашаң белестин оң ныптасындагы аркайган чокусу али аппак кар, көк муздуу аскалуу тоону, алдыдагы мунарыктаган Кетмен-Төбөнүн өрөө-

нүн каңылжаардуу бүркүт тумшугунан ормоё чалгындап, көк нооту кемселинин кемер курун шылдырт эттире чечип, ээрине артылта белин бошотуп, күрөң баркут көрпөчөсүн үч бүктөй мандаш токуна, коюнунан комузун суурду.

Илебине нан бышып, элирген Молдобасан Шайыр чу дегенде «Насыйкатты» чайкады. Эмелеки муунткансыган аба, турмуштун, адам өмүрүнүн татаалдыгын сайраган күүнү экиленте шоокум кошо желпип, апай беттүү ай талааны термелтти.

Устат шакиртинин жаңсоонуна корстон таноосунан күрсүндү. «Чунагым билесерлигиңе баракелде. Тунжураган маалда «Насыйкатты», казактар айткандай керемет гана шыркаттың о-ув. «Насыйкатты» түшүнүп тыңдаган адам, кандай гана абалда болбосун сабырдуулукка, кайраттуулукка, адамгерчиликке, айкөлдүккө чыйралат. Колуңдан, шаңкылдата түш. Айда кусалыкты, өкүнүчтү».

«Насыйкаттын» ар кайрыгынын тереңдеген мукамынан, дастандын түрмөктөрү ташталгандай байыркы элинин машакаттуу, зор тагдырын искеген Тоголок Молдо, күүнүн «Манасынын» акыркы серпими кандай таштаганын байкабай талыган боюнча жеке адам гана тургай бүткүл элди азаптуу доорлорду башынан кечирген өмүрүн баяндаган окуяга берилип, улануусун, бүтпөөсүн, кайталануусун самады.

Аңгыча комуз кылы башкача таңшып, Молдобасандын адам көмөйүнөн сейрек созолончу ажайып авазы коштоду.

Молдоке оорубасын көңүлүң
Машакаттуу өмүрүң.
Көздөгөнүң асыл иш
Каалабайсың төгүнүн.
Токтогул деп какшайсыз
Тоо булбул деп мактайсыз
Желдей калкып жетсек да
Жеринен издеп таппайсыз.

Анда Тоголок Молдо козуп шакиртипе сыпаа чокчо сакалын учтанта, моюнун көтөрө, салттуу алым-сабакка дөөмөт кошту. Адептүү Молдобасан комузунун кылын тып баса токтолгондо ойлуу сөз берметтерин шыбыргактатты.

Талантты талант мактаса
Таңыркаса жактаса.
Өркөнү өсчү айкөлдүк
Нарктуулук дили таптаза.

Молдобасан тынымга маанилүү саптарды эсине каттай күбүрөп, кайтадан комузун чертип жообун улантты:

Молдоке, аземиңде өнөмүн,
Айтканыңа көнөмүн.
Аралатчу жериңе
Азыр баштап жөнөгүн

Тоголок Молдо борс-борс күлө жамбаштай кыңкайып Молдобасанды мүрүгө таптады:

– Шайырлардын жүргөн жеринин баары шаң. Биз жеке элдин гана эмес, минтип өзүбүздүн да мээрибизди кандырып, черибизди жазганга жарайбыз.

Экөө Кетмен-Төбө жергесиндеги «Жети ата» уруктарын аралап чоң дүңдүн үстүнөн чыгышпаспы. «Көп түкүрсө көл болот, көл толкуса сел болот». Көпчүлүктүн удургуп толкуганы, аларды үндөгөн балапан чагынан колунан жем жеп үндөккө тапталган, эми талант, акылы толуп кудум Токтогулдун өзүндөй айбаттуу күүлөнгөн Калык ырчынын кажарлуу аракети Чоронун эки өнөрпозун маашырлантпаспы.

Токтогулдун өзүн көрбөсө да өрнөгүн өркүндөтүп, өчүн алуучу Калык ырчыны таап, таанышып, эриш аркак анын төрүндө ызаттуу мейман катары байырлап баарлашпаспы.

Калык демекчи, Молдобасанга теңтуш, отузга чукулдаган толукшуган, илебинен таш жарылчудай атырылган карасурунан чулу, жайык жаак, келте мурун, кертме мурут, оттуу көз, айбаттуу азамат экен.

Жердиги Жумгал саягындагы өйдө чекти уруусунан. Атасы айтылуу Акы уста. Куртка Чоро саягынын жээни. Мен мыктымын дегендер Акыга түндүк, уук, керege жасатышкан. Акы уста алык-салыктын оордугуна чыдабай, Жумгалдан жер оодарууга мажбурланган. Кабакка, андан Тогуз-Торого өткөн. Акыры Кетмен-Төбө саягына жетип, Төрөгелди деген манаптын айылына баш пааналаган. Акы уста манап Төрөгелдиге жүз баштуудан

эки үйдүн жыгачын бүтүрдү, Манап устанын буюмунун мыктылыгына кызыгып уулу Караталга дагы бир жыгач жасаттырды да, акысына жашаарына боз үйдүн тутуусуна жетээрлик беш өрө кийиз, минээрине ат берди. «Колу ойногондун оозу ойнойт» дегендей, Акы өнөрүнүн аркасы менен ирдене баштайт.

Чыйрак, тыкылдаган тетик Калык сегиз жашынан Төрөгелдинин сай күлүк аты Кероозду чапты. Аш, тойдон калбай, көкүлү шүйүлүп, куйругу түйүлгөн Кероозду минип, жаргак шым, куур тон, башында малакай, бутунда эски чаначтан үйрүлгөн чокойчон Калык, ат жалына желимдей жармаша тепейип ар жарыштан чыгып келчү болду.

Бир жолу баш байгеге ыраак чыккан Кероозду, үстүндө кубанычтуу жарышкан кичиие чабендестин көзүнчө, казганактаган элге, ээси Төрөгелдиге угуза Эшманбет менен Жаңыбай ырчы алымсабак мактап айтышат. Аны эрбейген чабендес Калык бүт үйрөнүп алат. Кероозду эс алдыра, таптап байлаган кепеде жалгыз олтуруп, акындардын алым сабагын ырдайт. Аны Төрөгелди угат да, баланын уялганына болбой ургу бергилеп айттырат. Калыкты манап дубанага кошуп анын кулпендесин жаттатат. Бара-бара манап анын зээндүүлүгүн байкап «бала ырчым» атап, ырдатып эрмектөөгө өтөт.

Токтогулга алгач он төрт жашар бозо ырчысы аталып калган Калык Сибирге айдалаар 1898-жылдын кыш күндөрүнүн биринде Жаналы тегирменчиникинен жолугат. Адамдан ашык туулган акындын даңазасына маашырканган жаш дилгирди чогулгандар:

– Токоңдон үлгү ала көр! – дешип үстүнө киргизип улуу шайырга жүздөштүрүшөт.

Бала ырчынын жүрөгү оозуна тыгылып, алка-шалка тердеп атактуу акындан сүрдөйт.

Нарктуу өнөрпоз Токтогул комузун ондой күүлөп, сырты самсааласа да, бешенеси чыйрак, көзү тирүү жеткинчекке назарын кубултат:

> ...Ырчы болчу балабы
> Менден үлгү алабы?
> Оюнда болсо акындык
> Орундайт түпкү талабы.

Кеменгер акын Токтогул минтип сүрөгөндө, элдин кубаттоо, коштоосуна элире жаш Калык ырдап учурашат.

...Атамдан ысык көрүндүң
Акын Током келгенде.
Бакыт, дөөлет, ырыскы,
Мартабаң бар жергеңде.

* * *

Томуктай болгон балаңа
Током берсең батаңды
Топ жыйында шаңкылдап
Жазаар бекен капамды.

* * *

Токтогулдун шакирти
Торгой Калык атансам.
Тобурчак минип топ жарып
Тонумду таштап жасансам.

* * *

Балапан куштай талпынып
Канат күүлөп жүрөмүн.
Жакшы айткан киши жолукса
Жалындайт ысып жүрөгүм.
Үлгүлүү нускаң үйрөтүп,
Токо, чукул коштоп сүрөгүн.

Отурган эл, Токтогул андан ыраазы болушту. Жактырганынын, ишенгенинин белгиси катары Токтогул үстүндөгү жаңы чапанын «кичиртирип кнйип ал жетимче» – ден чечип берип, Калыктын зоболосун көтөрдү. Ошондон кыйла күн Калыкты жанынан чыгарбай ээрчитип жүрүп, акындык өнөрдүн көп кырлуу, көп сырлуу аземин таанытты. Бириге алым-сабак коштоттурду. Акындык нукура нарктын сатылбас, элдик мүдөөчүлдүгүн туюнтту.

Бала Калыктын идиректүүлүгүнө, болочокто чоң акын болооруна көзү жетип Токтогул, курсанттыгын айкындады.

Өлбөй тирүү бар болсо
Үлгүмдү алат бул балам.
Өзүмдү тартат деп ойлоп
Өнөрүнө кубанам...

Кыраакы устаттын баамдаганындай өркүндөп тез жетилген Калык Токтогул айдоодон кайтканда акындык атакка конуп калган.

Калык энесинен ажырап, бебөгү Бектургап жетимчесин багып, тирикарактыгынан апасын жоктоп кошок кошуп... «Жокчулук» деген зарын ырдап какшап айыл-апага таанылат. Бат эле бала ырчы аталып Төрөгелдинин улагасына алынып, аш, тойлордо азуулуу ырчыларга кабылып, кагылып тез бала ырчы, Калык ырчы аталат.

Токтогул айдоодон качып баш калкалап элине арманыш,. сагынычын, эзүүчөлөргө кегин ырдап жүргөндө такшалып толукшуган жигит Калык кеменгер акын Токтогулга сагынычтуу ырдап учурашат. Токтогул өзү ыймандуу, чынчыл, сөзү маңыздуу жаш ырчыны сынына толтурат.

Жаштык дем канчалык менменсинтпесин, чоң устаттын чыгармачыл, адамдык терең касиетин жакын жүрүп өздөштүргөндө гана, алыс учуу үчүн далай күч жыйноо, бнлимди, жөндөмдү өркүндөтүү керектигин түшүнгөн Калык, сүргүндө далай азапты баштан өткөргөн, демдүү, үмүттүү Токтогулду куттуктап, айкөл ата тутуп, шынаарлайт. Устат-атанын көзөмөлү, көтөрмөлөөсү, сүрөөнү астында канатыи күүлөп, Калык ырчылык өнөрдү алгалатууда. Ушу тапта комуз коштогон ырчылыкка дастандарды «Курманбек», «Жаныш-Байыш» «Кедейкан», «Ак мөөр» окуяларын сөз шекерине куюлуштурууну баштап, өнүктүрүүдө.

Токтогулду бейкам түнү байкоостон колдон жулдурганга, экинчи каматканда өкүнгөн, акынын сүйгөн элди дүрбөтүн, Калык, устатынын кантип куткарууга кат жазып кайрылган кишилери менен бирдикте «жети атанын» жети старчын элинен акча жыйнашып, арызга кол койдуруп, болушун намыска чакырып өз тарабына тартып, мөөрүн бастырып далалаты күч кези экен.

Арийне, анын демилгесин күчөткөн жана милдеттендирген набактан Токтогулдун атайлап ага эор шпеним менен жөнөткөн катын Тоголок Молдого сунду. Тоголок Молдо көксөгөн курбалынын өзүн көрбөсө да, сөзүн ыкласы менен баарына угуза окуду. «Балам Калык, мен кармалып келип баштагы карыптык күндө жатамын. Аркамдан издеп келээр кишим жок. Сенден башка жакшы ниеттүү кишилерге да кат жибердим. Көбүнчө мен үчүн аракет сенден болоор эле. Сага Ыса болуштун пейили жаман экенин билемин. Бирок Абдыгулду, Телтайды, Данакени баш кылып Тытты-Сайлык көпчүлүк элди тартуу керек. Башка ниети жакшы кишилерден кабар алып тур. Мен үчүн бир болуш элден бригобор болсо иш оңунда боло турган. Мени карматкандар, атынан айтканда: Сапар, Кайназар, Добулбектер экен. Ыса, Ысырайыл, Телтай, Төрөгелди дегенде Сибирден качып келген Токтогул деген качкын ырчыны жашыруун ырдатып жүрөт дешип Ысаны жыгыш үчүн мени карматыптыр.

Мени сураганда: Сибирден качып келгеним ырас. Бирок кимдин болуш, кимдин бий экендигин билбеймин. Себеби Аксыда, Таласта, Чаткалда ырдап жүрүп, карган энем, катын балдарыма оокат таап берип, түнүндө үйүмө жатып күндүзүндө тентип кетчү элем – деп өттүм. Эч кимди илиндирбей качып келген айыбымды өз моюнума алдым».

Калык ишенген камкор акын атасынын эмгегин актоого аны бошотуп алууга жанын карч урганын кесиптеш эки тууганы, түп таякелери абдан жактырышты. Тоголок Молдо Калыкты тапканына көңүлү жайланып ушундай шакиртти таптаган Токтогулга ыраазылыгы артты.

«Сенин даражаңдын канчалык бийиктиги шакиртиң аркылуу билинет. Бүгүнкү Калык эртеңки Токтогул болуп чыга келээри шексиз. Өнөрү да, өктөмдүгү да, устасын, жанын аябас адалдыгы да менин Нурдиниме таймаш. Сен да мен үчүн Калыкча аянбай киришесиң. Нурдиним сакаяр бекенсиң. «Оору дөөнү да карып кылат» сенсиң азыр. Жанымдагы теңтушуң Молдобасаным өнөр жаатынан сенден кем сокпос. Чаржайыт ток пейилдиктен арылса. Сендей жетимдик жокчулуктун азабын тартпагандыктан го, шаан- шөкөт, той тамашада сай-

рандоону, көнгөн бардарлардын чөйрөсүндө чалкууну жакшы көрөт. Атаганат, сыйлуу төр, кумар көздөр көбүрөөк азгырып алаксытпаса Молдобасаным сенчелик болоор».

Байыртан берки калк санжырасынан, улама, дастандардан, жазма казалдардан, жомокчу, нускоочу акындардан сөз козгосо Калык кадимки чоң топтордо масилет куруп, талашка чыгып такшалган даанышмандык дэңгээлде, куйма кулактын өзү.

А деп Тоголок Молдонун улуулук жолун сыйлап, Калык а кишинин оболунда, а нагызы сынынан өтүүгө дилгирленди. Суроосуна жооп бөрип, Кетмен-Төбө, Токтогул, өзүнүн жагдайынан гана кеп козгоду.

Качан атактуу мейман «мен бүттүм» пейилде жактырганын көзүнөн айкындай тыныга бажырайганда Калык кара сур ирецин күлкүгө чайый келте мурунун эдирейте, ныл мурутун чыйралта ыймандуу карк этти:

– Молдоке, ырахым этиңиз, мен бир нерсени маалымдайын. Курбум Молдобасан сен да ук. Молдокем Куртка-Терек аймагындагы Нурдин экөөңдүн эле устатың бекен. Алгач кошок, арман куюлушкан ырды безеленткен бала кезимдеги көзүмдү ачып көрүнгөн, кулагымды ачып угузган дөөтүм, таанычым, азыркы кыргыздын акындарынын пайгамбарлары Токтогул, Молдо Байымбет экөөңүз.

Мондобасан кызганаар, кызганбас Молдокесине кирпигин кыбындатты. «Бул эмне дейт!» Тоголок Молдо сыпайгерчилик менен сыртынан уккан доңшоордон антып, көңүл улоодо деп болжоду:

– Калыгым, акындык жаатынан астыңан тоскон өтпөсүн, артыңдан кууган жетпесин. Адамгерчилнк, алалдык менен курчуган акындык мартабаң кемибейт, өркүндөй эле берээри шексиз. Сен устаң Токтогулду колдосоң, сени торколуу журтуң колдойт. Эрдин даңкын эл чыгарат. Элдин даңкын эр чыгарат. Жанакы сага жаштайында таалим көргөзгөн Токтогулдун катарына мени кошконуңа ыраазымын. Анткениң сыртымдан сыйлаганың. Чынында менин таасирим жуккудай эч шарт болгон жок.

Калык күрөөдөй тиштерин кашкайта карс-карс каткыра мандашын жазып чөк түштү.

– Кулдугум бар Молдоке. Жугузгансыз. Көз көрүнөө даарып кеткенсиз.

Тоголок Молдо таңкалыңкы ичке шадыларын тик жана көгүш нооту кемселинин сол жак жүрөк тушуна таптады:

– Тоб-о, кандайынча?! Моддобасан дагы кызыга, тийише кытылдады:

– Парбардыгер, мүмкүн. Молдокем түшүндө аян бергендир.

Калык жаңы тааныш, кырчаңгылаңган курбусуна челишчүдөй даңгыл башын чулгуй, көзүн аңтара, мурдун чүйрүй муттарын бириндете мөөрөгөндөй чыйрыттады:

– О-об-а, сеники-и чын. Чак түштө аян берген.

«Үркөр, үркөр үч жылдыз
Үркүп кайда барасың»

же,

«Каак, каак каргалар
Камыш түбүн шорголоор»

же,

«Кыдың, кыдың торпогум
Кыдыңдаган торлогум».

же мынабу күйдүргү казалдар «Жети таз менен жеке таз», «Телибай тентек», «Кемчонтой» кимдики? Токтогулдукубу? Жок. Байымбет агадан бөлөк мындай шумдуктарды ким жаратмак. Же сеникиби, Молдобасан бурадар? – Алиги ойноок калыбын өзгөртө Молдобасанга чекирейди.

Бети-башын шылкылдатканына караганда куудулдугу да ашынган эмеден сактаныбыраак Молдобасан мекиренди:

– Нагыз Молдокемки. Сыягы көчүрмө кол жазмалары Кетмен-Төбөгө жеткендир. Ошондон үйрөнгөндүрсүң.

Калык жанакысынан да ашынып, эринин түйрө бетин чое айрөктөдү:

– Пыш-ш. Чөгөлө алдыма. Тырмагымды жала.– Кашындагынын ормогой мурдуна тийгизээр тийгизбес бармагын такады. Молдобасан кетенчиктеди:

– Кантет, кантет.

Тоголок Молдо Калыктын тамашасына жыргай дидарын, денесин кыймылдата кубултканы Токтогулдан жукканын

арнйне анын төл ырларын кайдан билгенине дендароолону жымыюуда.

Калык кетенчиктеген Молдобасанды ого бетер качыра көчүгү менен жылып:

– А моногулар кимдики:

Алыска сапар жол жүрсөң
Аземдүү жорго ат жакшы.
Билбес жаман туугандан
Билеселүү жат жакшы.
Үйүндө бекер жатканча
Үйрөнсөң билим кат жакшы.

Молдобасан колун бооруна кайчылаштыра куушурду:

– Молдокемдин нак өзүнүкү. Жетет, акеси. Кулдугум бар. Кайдан үйрөндүң ошону айтчы?

Калык жайланыңкы көзү башын бардап ордуна келтирди.

– Акеледиң, койдум. Миң сегиз жүз токсон үчүнчү жылы Байымбет ага, экинчи мертебе ушу Кетмен-Төбөгө, Токтогулга келдиңиз беле? Келгенсиз. Ошондо үч-төрт ай бирге жүрүп, кыдырбаган айылыңар калбай. Чакырбаган эл калбай. «Эриккениңерде» эки колоттун ортосундагы жапсарга ар айылдан мадыра баштарды чогулттуңар беле? Чогулткансыздар. Мына, Молдоке, башыңызды ийкедиңизби? Ийкеп туруңуз, мен аягына чыгайын. Ошондо мен куур тон, куур малакай, эски кийиз чокой четте отургам. Жашым туура ондо. Энем өлүп, атам ар кимдин ишине узанып кетип, бөбөктөрүмдү сооротуп, багып, апамды жоктоп кошок айтып, безеленип жамандыкка белди бууп эрте тотуккан курагым эле. Экөөңүздөр алмак-салмак кулак укпаган, бирок балдарга жетик, жатык тил менен укмуштарды сайрагансыздар. Мен сиздердин ар айтканыңарды оозумду чормоңдото кайталап көкүрөккө наттай түйгөм. Ошондо сиз байкап коюп:

– Кимдин баласысың, – деп сурагансыз. Мен Акы устанын уулу экенимди эбирегем. Анан эрдемсип үйрөнгөнүмдү кайталагам. Сиз «зээндүү уул экенсиң, өмүрлүү бол» деп бата берип маңдайымдан сылагансыз.

«Колуңдан келсе кат үйрөн, казал окуганга, кошокту кагазга түшүргөнгө жарайсың. Эмки жаштар окууга, билим алууга

талпынбасаңар уттурасыңар» дегенсиз. Сиздин ошо насыятыңызды тумардай акылга түйүп, кичине жарып баштаганда окумал, жазмалыкты да чала чарпык үйрөндүм. Сабаттуулуктун пайдасы зорлугун түшүндүм. Дагы күчөтөм. Мына Молдоке, сизден таалим алыпмынбы, жокмунбу.

Тоголок Молдо чыпыйган кош алаканын сунуп, Калыктын олбурлуу колун жумшак удаа-удаа кысты:

– Алыпсың Калыгым, алыпсың. Кетмен-Төбөдө да шакиртим бар экен. Айта жүрөрөлүк кеп болду. Өнөрдүн куту жылоолосун. Эки энени тели эмген тай турбайсыңбы. Астыңа буудан чыгарбаган сай күлүк дулдул бол Калыгым. Туура, Токтогул экөөбүз балдарды чогултканыбыз чын. Бала жездегидей курч сезим болбос. Балалыкта уккан, көргөн, окуган түбөлүк унутулбай сакталат. Балалыктын ою сандык. Ошо сандыкка сактапсың. Береке тап, Калыгым.

* * *

Жапсарда оюн кызып, үстүңкү жайпак середе быкыратан калайык. Тогуз-Торо менен Жумгалдын ортосундагы Сары-Камыш өрөөнүндө кадырлуу маркумга багышталган ашка байланыштуу эл жыйылууда. Мартабалуулар аш, тон берээрде жыл маалы мурун дүң салышат. Чар тарапка чабаганчылар чаптырып, дөөлөттүүлөрдүн атын атап чакырышат. Алар жан жөкөрлөрүн, сай күлүк аттарын, дөө балбалдарын, ырчы, комузчуларын алдын ала даярдап, калдайган топ курап шаңдуу түшүшөт. Илик-жарма, куда-сөөк, дос тамырлар кошумчалары менен келишет.

Аш берген уруктун байынан жардысына дейре бүлүнүп, ар кими алынча меймандар камын күтүнүшөт. Союштарды, байгелерди чукташат. Чакырылган аттуу баштууларга арналып өргөөлөр тигилет. Ар өргөөнүн мейман ызатын башкарууса тиешелүү адамдар бөлүнөт. Мал союп, от жагып, казан асуучу кызматка чегилгендер өзүнчө.

Айтор, аш мартабалуунун даңкын көтөрөөр, жалпы эле уруунун мыктысынан орто чарба, бейбечарасына чөйин намысын козгоор, жапырт кол кабышка тартаар, дубандан дүрбөп

чогулгандарды тегиз меймандан береке чачаар, олуттуу оюн тамашага баарысын катыштыраар элет кыргыз шартындагы бирден бир бүткүл элдик салтанат.

Албетте, салтанатты өткөрүүчүлөр, башкаруучудар, абийир тапчулар бийликти туткандар. Масилеттешип каркыбарлардын отурган жерлери обочо, сый урматтын чүйгүндөрү да ошолордо. Жарданып шаңын чыгарчу көпчүлүк орто оокаттуулар менен жакырлар. Балбандар да, чабандестер да, төө чечмейлер да, шайырлар да букаралардан. Кыйкырык-сүрөөнгө тундургандар да букаралар. Алар оюн куруп кызыгына батканга, өзүлөрүнчө бөлүнүп табакташ болгонго ыраазы.

Арийне, аш, тойдон башка учурда жалчылардын көргөн күнү курусун. Ашка атайылап чакырылбаса да, астында унаасы, үстүндө кызыл жабаары бар эргулдар топтон кайдан болбосун келе берсе катышууга, конокко алынууга укуктуу.

Жайпак боордо көптүн ичинде мандаш токунган Тоголок Молдонун көзү ойдогу тектирчедеги оюнда, улам арттагыларга да жердеги оюн даана. Тайпак жапсарда тегерек нурчала каз катарлай отуруп, эң артында бийик середе унаачандар сороюп, кантсе да ырк бузбай тартип сактагандардын катарын андан-мындан чогулган жаңы караандар калдайтып арбытууда.

Акындын кыялы көчмөн журтунун шартына жараша, экен токондо ушинтип аттын туягы жеткен чар тараптан эр бүлөөмүн дегендердин тыңыраактары баш кошушуп, арай көз charaй таң тамаша курганына, ичи иримделген менен сырты калыс көрүнгөн ушундай жалпыга таандык шаң-шарапаттын курулганын жактырыңкы чабыттоодо.

Бироокумда котологондордун оң канаты түрүлө, эшик ачкандай ортолорунан жол бошотушту. Ортого беш атчан ээрчише суурулушту. Оёндорго шыбыш жетип, алар уруксат этсе керек. Кезектеги эр эңиш ананкыга токтотулгандай. Жаки, же эңишээр балбандарга, же жамбы атаар мергендерге, же куш агытаар мүнүшкөрлөргө окшобогон атчандардын чыгышы бакисин таңдантты.

Бешөө чок ортого кыркалай тизилишти. Саптын алдыңкысы зоңкойгон чалыш аргымактын үстүндө торсойгон көгала сакал,

көрпө тебетейчен жүзү жылдыздуу кызыл чийкил улуураагы, чачы оромол менен белин курчанган боз чепкенинин койнунан калактай комузун сууруп, шамдай тикчийген ат кулагынан кайкыта, колун шилтегидеп күү себилтип, элдин дили аларга төшөлгөнүн байкаганда кайраттуу чыңалган авазын шаңшытты:

Салам айтам жалпыңа
Салтанат курган калкыма.
Самап жетээр бекем деп
Зар какшагам баркыңа.

Тоголок Молдо жана ыйманы ысык көрүнгөндө эле жүрөгү болк эткен, эми качантан эшитпеген, эч өзгөрүлбөгөн бүркүт шаңшык үнүнөн даана таанып, издеп барып топурак мурунданып жолукпай кайткан жакын, медер тутаарлык адамы бейкапар отурганда капысынан өзү келип шаңшыганда, атылып туруп кучагын жазып чуркоого ыкыстап, көпчүлүктөн ыйбаа сактап зорго токтоодо. Ан үстүнө атчан ыр төккөн ырчыларды өзүлөрү токтомоюн алаксытуу олдоксондук. Туйлап сүйүнгөн жүрөк кабынан ыргыбас. Чыдай турсун. Мынчалык кудай айдап жеткизген соң, өнөгүнө жолугушат. Кандай? Акындык салт мененби же жөн… Тебетейин маңдайына өйдө түртө көзүн бардады. Жанындагылары кимдер?

Жети старчын, бир болуш элдин жарды-жалчылары уезд башчысына, тилмечке акча чогултуп пара бөрип, ага кошо бармактарып басып, колдорун коюп, көпчүлүктүн кысымы аркасында болуштун мөөрүн күбөлөндүрүп улукка делген арыз сунушуп, Токтогулдун Наманген камагынан чыпчаң, алты айда бошоттурганын эшиткен.

Аңгыча аркы бетмаңдайдан Куйручук колун серпип барылдап топту жара тура калып бакырбаспы:

– О-у! Өлбө, Токтогул! Дагы айдалып Шибер көрбө
*Токтогул!*
Апендилериңди ээрчитипсиң, ажайын сөзүңдү жөндө
*Токтоеул!..*

Калайык дүрдүгүп кыраан-каткы коштоду. Жүрөктүү оңбогур Куйручук, бир чети Токтогулга өзү учурашып бетин ачты, парзынан кутулду. Экинчиден Токтогулду элге таанытты. Таа-

нытканда дагы куудулдугу да, таамайлыгы да бап келишкен кыска жардыгы менен анын «Шиберден келгенин, дагы айдалбасын, эми кошоктошкондору менен тамашасын улантуусун камтыбаспы. Мындай муронтугу жок сүзөнөөк эрдик Куйручук куудулга гана жарашат.

Тоголок Молдо кудуңдап көптүн арасында кандай ыгын таап, учурашууну ойлоп, берки төртөөнүн улаган алым сабагын тыңдады. Токтогулдан кийинки жалы жер чийген жоон карагер жоргонун үстүндө, болкойгон берекелүү кара сакалы жаак, ээгии туташ каптаган Эшмамбет жапырылды

Акындар ашта сайрамак
Абалтан бөрки салты да.
Берекелүү журтсуңар
Бак дөөлөт консун артыла.

Ичке сур жоргодо туурдагы тунжурдай шаңкайган кара мурут кажарлуу жигит Калык, бийик доошун оболотту:

Даңаза калаар артыңа
Акындар жетээр баркыңа.
Ааламга маалым болоорсуң
Ак калпак кыргыз талпына.

Үчөө бөжүгөн жоргодой уйкаштыктан танбай, ыр түрмөктөрүн куюлуштура, ар кими өз көөмөйү, өз түшүнүгү, өз арымы менен кынаптай сокту.

Ир дедирбей талдаган Тоголок Молдого, Жаңыбай менен Курмандын алым сабакты улаганы жакты. Арийне, эң четки мырза чыкма Жолойдун жалпы күлүктөрдү марадан коё бергенде биринен бири өтө аркырагандардын дүбүртүнөн жалт коюп ала качкан буудандай уйкаштыктан тайып домологунан, али быша элек чалаарактыгын туйду.

Алыстан ат арытып арзыган Токтогул баштаган атактуу ырчылардын саламдашуу алым-сабагы үч-төрт кайталанып, аш ээлери, кай уруудан арзып чогулгандар, ашкере дөө балбандар, сай күлүктөрдү сыпаттагандары жардангандардын ышкысын козгоп дүүлүктүрдү.

Оюнду тескөөгө, калыстыкка коюлган жигиттер алыстан сапарчылаган ырчыларды четтете коштошту. Суусунга кымыз

жуткузушуп аларды эл арасына тыныктырып оюн көрүүгө, күлүктөрдүн марага келишин күтүүгө, аттарынан түшүрөөр замат Токтогул түз эле Тоголок Молдо отурган топту беттеди. Аны көрүп көпчүлүк кайрадан бой созо умтула тынчтанышты. Оюн башкаруучу калыстар да балбандарды күттүрүштү. Анткени, даңазалуу акындын бул шаңдуу бөлүнө басышы бакисин үмүттөндүрдү.

Элдин баары, Тоголок Молдо өзгөчө, Токтогул аны түпөтүз качырып келатканын байкады. Бирок, кандайдыр денесин уюткан токтоолук ордунан жылдырбай чымыратты. Аны кыйкымдаган олуялар Мусакожо, Калпа, кур жайкаганы менен чымчууру даяр Касымбек, күнүсү Бошкой, алардын бөлтүрүктөрү биерде чогуу.

Атыла кулач жайып, кучактап тоссо аны ким токтотот. Ызаттуулуктун, ынактыктын да каерде, канчалыкка ачыкталыш чени бар.

Токтогул ошол ченди андан кыйын түшүнөт. Туурдагы бүркүттөй ат үстүнөн көзү чалганын, тааныганын байкаткан. Жеңил желпиден бекен. Жөн эле көрүшкүсү келсе ошерден эле «амансыңбы» деп бакырмак. Сабырдуулукту, салабаттуулукту сактап минтип келатышынын сыры терең.

Асылдар айттырбай туюшат. Байымбет канчалык каны удургуса да, кандайдыр арбашып түшүнгөн азем туйгуга бийлетип, улам Токтогулу узун чапанынын этегин делдектетип, тысырайган кызыл чийкил дидарын жадыратып, күмүштөнгөн чокчо сакалын жайкалтып чукулдаган сайын учурашуу түрмөктөрүн көкүл астынан эркинен сырткары көлкүлдөтүүдө. Мына кара мурут кезинен ажырашып, күмүш сакал болгончо көрүшпөгөн, сагынышкан эки ынак акындын дидарлашаар маалы, чай ууртам, көз ирмем, закымга кыскарып тездөөдө.

Ардакты да, азапты да баштан кечирген Токтогул топтон сүрдөбөдү.

Ага ортодогу баскан аралык гана узарып, чоюлуп бараткансыды. Жүрөк таш эмес да. Дегдеген, сагынышкан илептер жакындаганда, көз нурлары чагылышканда кургап жүрөк удургуду. Көлдө калкып канатын сермеп учууга камынган ак кууча

моюнун созо карегин жайнаткан Тоголок Молдого, Токтогул балкайган булчуңдуу манчаларын жапыра серпти. «Отура тур. Көптүн бири бекенбиз. Ушунча жайнаган калайык экөөбүздүн тырпырашып ыйлап сыктап кучакташканга куштар эмес. Биздин бийиктигибизге акындык учурашуубузга курсант».

Тоголок Молдо канча жыл көрүшпөгөн, өлүм оозунан кайткан курбусунун жандоосун түшүндү. «Баракелде, кайратыңа, күчүңө, залкарлыгыңа, нарктуулугуңа, сабырдуулугуңа. Ким кимибизди туура далдадык. Бир жолу болсо да журтчулук байкасын ким экендигибизди».

Токтогул куду маңдайына, эки саржанча окчун токтоду. Ага отурган, тургандар бүтүндөй умтула каректерин жабыштыра жабалакташты. Как ошо баарына көрүнөөрлүк, угулаарлык жашаң бөлтөкчөгө чапанынын ачык боорун серпе, бүчүлүү бозомук кемселишш төшүн дагдайта Токтогул ага, баарына, алыска, тоо чокуларына, асман атага маңкайды. Анын бу турушу досуна, чарчы бойлуу эмес, ушу жамырагандардын бакисинен, Мусакожо лөлүдөн да олбурлуудай заңкайды. Күмүш мурут, сакалы тал талынан серпиле оозунан ак туйгун шаңшыгандай аваны жарган айбаттуу сөз берметтери себилди.

Байымбет Молдо булбулум
Баарыдан чыккан туйгунум.
Бала-чакаң аманбы,
Басынып жүргөн кургурум?
Асилип, саяк тууганым,
Туугандан чыккан бууданым.
Башынан өзүң билесиң
Мени манаптар сүрүп кууганьтн.
Ырыскулбектин беш каман
Мээнетке башым чырмады.
Пейли бузук манаптар
Мени үркүткө айдап кыйнады.
Үркүттө жатып үшкүрүп
Булбуң Токоң ыйлады.
Түрмөдө жаткан кезимде
Түрдүү улуттар сыйлады.

Булбул Токоң Маскөөдө
Акыл, эсин жыйнады.
Комузун алып колуна
Айдалганын ырдады...
Элиме аман жетсем деп
Эт жүрөгүм туйлады.
Өлбөгөн жан акталып
Токоң келди калкыңа.
Жаамы кыргыз балдары
Бириң эмес жалпыңа
Жериңе келдиң Токтогул
Жетээр деп тууган баркыма...

Жапырт умтула кулак түрө тыңдаган ушунча журттун ичинде өзү жөнүндө кабарлап да, Тоголок Молдонун арбайын көтөрө чалып ыр менен учурашкан соң, Байымбет калкып жеңил алга серпилди.

– Кайран Током кадимкисиндей тура!

– Акындын баркын акын билет деген ушул!

– Молдо Байымбет, ыр менен жооп бер!

Элдии сүрөөсү аны ого бетер делбиретти. Мукам, кооз авазын сыбызгыта агылтты:

Айдалып кеткен Шиберге
Акын Током аманбы?
Жалпы жарды-жалчыга
Жакын Током аманбы?
Манаптар меиен басташкан
Баатыр Током аманбы?
Кызыл тилин сайраткан
Булбул Током аманбы?
Арыштап алыс чуркаган
Дулдул Током аманбы?
Сүйлөтүп комуз күүлөгөн
Туйгун Током аманбы?
Амандыктын соңунан
Айткым келет оңунан.
Арзып күткөн Токомду,

Аман көрдүм тобуман.
Шайырларың шаңкылдап
Ырдап келди кашында
Ак туйгундай күүлөнүп
Азем Током башында.
Калыкты мурда көргөмүн
Бала кезде жашында.
Сыпатын байкап жактырып
Сынагамын Калыкты.
Чөчен ырчы чени жок
Чечет кыйла тарыхты.
Кара сакал Эшмамбет
Кайнап тургап кези экен.
Калтырбастан санатты
Сайрап турган кези экен.
Адам уулу кемиткис
Акындын анык өзү экен.
Жаңыбай менен Курманың
Коного чапса чарчабас,
Айтылуу тулпар бууданым.
Жолой жолдон кошулган
Жолдош болуп озуйган.
Бул мырзачыкма бала экен
Ырдаган ыры чала экен.
Эңги-деңги куу туяк
Эрмектик ыры бар экен,
Ырчынын баары дүбүрөп
Ээрчиптир Токо өзүңдү.
Элет кыргыз тууганың
Эрмек кылат сөзүңдү.
Жаркырап алтын сакалың
Жаңы көрдүм көзүңдү.
«Токтогулдан үйрөнүп
Ырчы болуп алсак – деп
Ырдап ырдын сарасын,
Сынчы болуп алсак» – деп

Талап менен баарысы
Келген экен жаныңа.
Талабына жетишсин,
Таалим берген баарына.

Экөө бири көктөн бири жерден атылган канаттуу жандардай умтула кулачтарын жайып, алмак салмак төш тийгизе, куркурата жытташа кучакташты. Жардангандардын ичинен көзүнөн жаш ыргыгандар, бака-шака кубаттагандар:

– Бали, ырчынын көсүрлөрү, кумардан таркаттыңар о-в!

– Бирин-бири көкөлөтүшө макташып, акыл-нуска жолдошуп, чоңдуктарын көрсөтүштү.

– Ырчынын кокуйлары таарынышьш, тартышып, боктошуп, өзүлөрү да күлала, элди да жер каратат.

Эми кылычтаса да бөлүнбөс эки өнөктү төбөлдөрдүн кошунуна жигиттер коштоп жөнөштү.

Экөө аш бүткөнчө, ар өргөөлөргө колмокол кезек тийбей чакырылып, аш аяктагандан кийин да канча күн чогуу, черлери таркабай, өзүлөрү гана түгүл шакирттери кошо балкышып, өнөр жарышына айкашып, эриш-аркак эргишти.

Токтогул менен Тоголок Молдонун акыркы көрүшкөнү 1893-жыл. Канча мезгил ортодон оё чабылып экөөнү эки тапапта ажырата сүрдүктүрүп алыстаткан.

Мына жазмыштыы иши. Эч кими мындай мүшкүлдү элестетишкен да эмес. Айдоонун азабы Токтогулду кыйла мүңкүрөтсө да жердиги баатыр мүнөзүн, мүдөөсүн, ишенимин ширеткен болоттой чыңаптыр. Ар улуттун сүргүндөгү акылман, окурман багынбас күрөшчүл азаматтарына аралашыптыр. Алардан билген жакындап, дүрдүгүп келаткан жакшылыктан кабардар, үмүткөр, демдүү, кайраттуу. Дене, булчуң күчү кадимкидей. Сакалы гана азаптын белгиси катары эртелеп агарыптыр. Тиштери күбүлүп, мүлкү калыптыр. Ошонусуна карабай, ырдаганда, сүйлөгөндө карт чалдардай кемшеңдеп булдурттабай, үнү калыбында. Анттирген да Токтогулдун Токтогулдук гана касиетинен го.

* * *

Дубандык ашта атпай журттун өкүлдөрүнүн көзүнчө сунун жылдызы ачылганга, болгондо да, Сибирдеги тозоктуу сүргүндөн он эки жыл дегенде сандалып келсе да, экинчи мертебе Наманган набагына камалып чыкса да жаалын кайтпаган атактуу Токтогул таамай сүрөттөгөндөй «өмүрү басылып жүргөн кургуру», эми «баарынан чыккан туйгу Байымбет Молдо булбулу» атакка конгонго өзүнчө жээлигип сүйүнгөн Букарбай, ара чолодо сыртынан акмалап жүрүп Тоголок Молдону акындар тобунан эт кайнамга маектешүүгө араң көз ымдап бөлдү. Далдоого узай түшкөндөн Букарбай коржойгон узун боюн эңилтип, арбайган шадысына досунун сыпаа колун кайра-кайра укалай кысты:

– Жарадың достум. Чын баркына качан, кантип жетээр экен деп санаркоочу элем. Жеттиң! Жеткенде да бар эмеспи... Сага атайын чуктаган үч түрлүү тартуум бар. Лекин жеңиштүү жакшылыгыңдын учурунда ыроологон жаңы шым кошулсун! – Коюнунан өзүнүн берекелүү алаканынан ашпаган жукараак китепти сууруп көзүнө күзгүдөй далдады: – Ме, «Абайдын өлөңдөрү». Жактырган казак бооруңдун айрым өлөңдөрү. Өзү өлгөндөн кийин, китеп болуп басылыптыр. Бул шаирлардын өлбөстүгүнүн белгиси. Качан экенине олуялык кылалбайм. Сенин асарларың да кол дептерлерден мына ушундай басма китепке түшөт, чыгат.

Тоголок Молдо «Абай өлөңдөрүн» сылап сыйпагылай, карегинен өткөрө:

– Айтканың келсин куркуйматым. Дагы... Башка китептериң кана? – деп алаканын жайды.

Букарбай бурула колун шилтеди зле, жаңдоону күтүп жашырынып турушкан бейм, ыктоодон багжайган Бошкой, жанына чап жаак, көгүлтүр көз, каз моюн шыңга уландыээрчите шоп чыга калбаспы.

– Мына, зкннчи, үчүнчү тартууларым.

Биринчи сыйына көзү өткөн менен өрнөгү жашага, Абайдын арбагына тайынган кубанычы сууй электе Букар байдын

бу не шумдугу? Эки бирдей адамды, бири тааныш, касташкан апсайган картымак Бошкой менен, экинчиси чоочун сарыооз балапан уланды белегимдеп жеткиргени не? Өңгөден өчөгүшкөн Бошкой ырчыны кандайына тартууламакчы.

Тоголок Молдо экөөнө саламдашкан соң саамга тунжурады.

Өкүмү үстөм бийден бетер Букарбай карт ырчыга сумсайды:

– Бошкой аке, кеп сизде.

Бошкой колундагы буржуйган өрмө камчысын моюнунан артылта, жоон капталы бүгүлбөсө да ишенгенсий доңкойду:

– Бүттү. Молдо Байымбет, Букарбай сага кандай ынак болсо, мага да ошондой. Кеңешип, таңашканыбыз качан. Тек, мына азыр кыябын тууралады. Эстүү жансың. Сенден жашым улуу. «Астыңа келсе атаңдын кунун кеч» дейт. Сага эрегишкенди койдум. Мындан ары, көрүп ал, тубайттын дөбөтү болбойм. Сен кезегинде туура айткансың. Мен да өзүңдөй басмырлангандын, келекеленгендин тукумумун. «Түбү бирге кошулат, учу бирге айрылат». Мен эптеп жан баккан бакырмын. Короого мал күттүм. Уулум Үрбүл эр жетти. «Тынч жат, абышка, өлбөс оокатың бар. Мен багам, кор кылбайм» – дейт ат жалын тартып элге аралашкан Үрбүлүм. Ага экөөбүздүи мобу шеригибиз Букарбай мырза кошулду. Ырдаганды коюп тынч жан багууга етөм. Калп айтып нетейин, өз «Манасым» да үзүктөй сүйрөлүп карып арыды. Бийликтен тайыды. Калпа ажыга мен жарагыдай да эмесмин. Агаңдай көрүп, ары бери өткөндө кайрылып түшүп жүр. Союш, мингич керек десең, аябайм сенден.

Байымбет дүрт эткен сезимдин азгырмасы эмес, чындап, ойлонуп, төтөн, ар дубандан чогулган калың журтка маалымдала сөөлөтү арткан маалда чыңдана түшүнүп, кекти кечишүүгө кечирим сураган Бошкойго ынанды. Эңкейип Бошкойдун камчысын моюнунан бошото балпайган колун таптады:

– Буга да тобо. Акыры ушинтишмек белек. Сөөк өчтүүбүз жок. Өзүңүз айткандай тукурук менен мени кыйла каптыңыз. Минтип келгениңиз соң, мен да кек сактабайм. Атаганат, эртерээк түшүнсөк эмне. Үрбүлүңүз эстүү азамат. Анын тилин алыңыз, дөөлөттүү карыйсыз. Жолумду тоспой күтөм дейсиң, катташып жүрөлү.

Букарбай Бошкойдун көңүлүн жайлай кучагын жайып, Тоголок Молдого кайрылды.

– Экинчи белегимди дагын эсиңден чыгарбас кымбат нерсе катары кабылдадың. Мархамат, эми үчүнчү тартуумду өткөрөйүн. – Бошкойдун күрсүйгөн жонунан артылган узун кулачын тарбайтып, уяң да, шок да кылгырган уландын ийнинен оролто алдыга тартты:

– Нурдиниң каза тапканда катуу кайгырып, өксөгөнсүң. Жакшы шакиртиңден ажыраганыңда бир канатың кайрылгандай үрпөйгөнсүң. Нурдиндин төлөмөлү, ордун басаарына жараарлык жаңы шакирт таптым. Сыртыңдан тааныйт. Казалдарыңдын көчүрмөлөрүн бапестеп жат окуйт. Кат тааныган жазмачыл. Лекин, өзү да чиймелейт. Аты Абдыкалык, Чоробай деген карыя бар го. Ошонун уулу.

Өспүрүм келиштире сунуш эткенге жетиналбай ызат сактап, колун бооруна куушура устатка кулдук урду. Алдын ала жаттаган саламдашуу сөзүн кырааттатты:

Байымбет Молдо, агайым,
Бар болсо менин таалайым.
Бучкактап жүрүп мен сизден
Акындык таалим алайын.
Байымбет шайыр нускачы
Кыйындардын устасы.
Кенже шакирт болоюн
Келбейт го кеткен төл башы.

Жердеги ичкери чөлдүк Букарбайдан бетер, куркуюңку моюнун койкоңдоткон, чекир көз Абдыкалык уландын жобураганы, жазма үлгүгө таасирленээри Тоголок Молдонун пейилин жибитти.

Тиркич моюн бобөгүм
Болом дейсиң өнөгүм.
Акындыкты жөндөсөң
Арка сүйөө жөлөгүм.

* * *

Өмүрүн сайгап өөрчүтөт
Болот калем өнөрүн.

Ак дилиңден берилсең
Аркаман ээрчип жөнөгүн.

* * *

Нарктуу жолго сен түшсөң
Нурдинимди төлөдүң.
Нускамды улаар эр чыксаң,
Накта урматка бөлөөрүң.

«Тиркич моюн» ыйманы жылуу, улгайып бараткaнында уучунан чыкпас, учукташ жүрөөр жөлөктүккө жарачудай. Ишенген, жактырган Нурдининен шум ажал ажыратты. Табылган Абдыкалык – тиркич моюнун жерибей да, өтө эзилип бооруна баспай да салабаттуу кабылдады. «Сындан өтсүн. Бычак сапка жарактуулугун көргөзсүн. Идиреги, адамгерчилиги жетишсе өзүнөн өзү тартылып, жакындап кетээри бышык».

Карыганда акылына кирип араздашкан Бошкой элдешти. Адам акырындап улгайганда чындыкты жалгандан, акты карадан ылгайт бейм. Төштөшкөндөр ага дейре бирин-бири жөөлөп чүнчүтүшөт тура. Мындан аркы экөөнүн ынтымагынан не чыгат. Зайынан көрөңгөсү чак Бошкой ырчы картайганда оокатына, баласына санаасы тыныңкы тартып, жоргосунан танып жортогуна айланганда кол куушурду. Мейли. Жердиги жектешээр жоосу ал эмес эле. Өзү моюнуна алгандай тубайттын дөбөтү болуп, сөөк ыргыткан ээлеринин айдагы менен арсылдамыш эткен. Эми ээлерине анын, ага ээлеринин кереги жок. Ким кимин учурунда дурустап пайдаланышты. Өтөөр өттү, ким-кими өктөсүнө жетти. Азыркы жаңы табылган кары, жаш экөө биригип Нурдин болуп береби? Кайдан. «Төлөмөл. Ордун басаар»... аргасыз алдануу, курулай сооротуу. «Өлгөн арстандан тирүү мышык өйдө» – дегендей кеп да. Устат оюн ыр тизмегине түйүндөдү.

Кутулдум э каргышы күч күнүдөн
Түңүлбөйүн «тиркич моюн» тирүүдөн.
Тизгиндештип ыйык жортуул улайлы
Баш чайкаба машакаттуу жүрүүдөн.

Акын. Сезимтал курган жан. Айлападагы оор запкынын, кайгылуу караңгы турмуштун жапасы баарынан сага катуу

өткөндөй сабыласың да толгоносуң. Аны ачыктап чыгармайын бугуң ташып туталанасың. Бук. Каршыгуунун, төштөшүүнүн, даттын айыгышкан күчү. Тоголок Молдо өзүндө кайнаган кыжырланууну канткенде айкындоого дабаа таппай туттугууда. «Кур кыйкырык таш жарат, куру кайрат баш жарат». Күйдүрмө жанытма аркылуу жардоо, өзүн бөксөртүү керек. Кантип? Каймана мааниде элестүү жагдай издеп тунжураганда күтүүсүз буйрук ыгын келтирбеспи.

* * *

Батышта дүйнөлүк согуш тутанып, падыша өкмөтү кармашта каржалган аскерлерди азык менен камсыздоодон кыйналып элет оторлоруна оор салык чачты. Өтө алыскы чет булуңдагы Нарын өрөөнүнө жети жүз төөгө үч каптан кем эмес буудай, арпа титирете жүктөлүп, Токмок, Пишпектен өтүп Ашмара, Меркеге токтоочу темир жолго дейре жеткизүү буйругу аткаминерлердин короктоп ак падышанын атынан опузалап демитүүсү, зордугу менен аткарылууда. Жүкчүл төөлөр комдору менен ээлеринен сураксыз жыйналууда. Каптар, аргамжылар ар үйдөн чогултулууда. Эгин дыйкандардын кырманынан, ороосунан тандамал жаңы таар төө каптарга буума толтурулууда. Жардылардан ар айры өркөчкө унаачылар, тыңыраактардан он башылар, жүз башылар, тартипти тескөөчү кылыч, мылтыкчан кызыл чоктор, жалпы башчы төө болуп дайындалууда.

Эптеп Чүйгө, шаарга баруунун шылтоосун таппай жүргөн Тоголок Молдо өз болушунан артылган төөлөрдүн жүз башынын жардамчысы, эсепкатын, тизмесин жүргүзүүчү катары суранып кошулду. Турсунун жол боюндагы төркүндөрүнүкүнө, кайра тартканча тура туруууга ээрчитип кошо аттантты.

Канча өргүгөн узак жолдо оор жүккө балбан буура, атандардын да бели кайышып, зорго чыдоодо. Ал эми чабал каймалдар кыйналып жооруп, «бук» эткенден башка чарасы жок, улоочулардан, он башы, жүз башылардан токмок жеп, тоголонуп жыгылып, бели омкорулуп буту сынып тарпы, талпагы жерге жайылгандары да бар.

Андай шордуу унааларга жүз башынын жардамчысы Байымбеттин боору ооруп сабылганычы. Ак падышанын оторчулары, ага кошул ташыл жергиликтүү залимдер көз ачырбай, жыл сайын алык салыкты арбытып, чаап таласа да кыңк этпей оор запкыны көтөргөн, окус айрым жалакайланган, же оокаты өтпөгөн соң жаны кашайып арыз-муңун айткан, же туулдум өлдүм деп ызырынып сөзүн уккандарды уюштуруп каршы чыккан жүрөктүүлөрүн сабап айдап, терекке таңып кордогон калың букараларды, жүк көтөргөн төөлөрдөн айырмасыздыгын азаптуу, түгөнбөс сапарда Тоголок Молдо санаасында салыштырып, узун жолду кыскартууда.

Айтпасаң түгөнүп кал, небактан издеген каймана эзилген элдин зарын тапты. Көзү менен көрүп, жапаны өзү кошо тартып улоочулап баратып элестүү кейипкерди келиштирип ылаалап араң аягы кыбыраган көлүктүн үстүндө дептерине нукулоодо. Шум заманда адамдын кору былк этпей эзүүнүн шумдугуна чыдаган калың букара. Айбандын кору – бук этип оор жүк көтөргөн төө. Төө – букаранын шөкөтү. Экөөнүн тарткан запкысы, какшаган муңу окшош. Каймана аңдаганга мүлдө түшүнүктүү. Тамсил казалды «төөнүн арызы» («Бук этпестин» арызы) атады.

Акын арызды камбыл дыйкандын көзгө басаар жалгыз төөсү аркылуу айттырды. Дыйкандын көчүп конуусуна бар оокатына жараган колуна кол, бутуна бут болгон жүкчүл унаасына тил бүтүрүп, акыл эс киргизди. Ээсинин жем, чөп, тузун белендеп, жайытын жайлуулап семиз кастарлап асыраганын, кышкы суукта, жаз-күзгү жаан чачында үртүктөгөнгөн тете үстүнө ком жаап жылуулаганын эскертти. Каргашалуу кербенге ир дедирбей жактырылып, оор жүктүн сазайый тарткан өзүнүн, башка «бук этпес шордуулардын жайын баяндатты.

...Старчын келди
Буйламды чойду.
Жайытымдан, ээмдсн,
Айрылтын койду.
Кырк төөлүү Кыдырбайдан
Бирди гана алды.
Отуз тогузу

Өзүндө калды.
Тендикти көрбөй
«Бук этпес» өлбөй
Арманда жүрөт
Ким ага күйөт
Нарынга келдим,
Арпаны жүктөп,
Көтөрдүм айласыз
Жалдырап тиктеп.
Кыдырбайдын бууржуну,
Кадырлуу болду.
Эки кап арпа,
Торсойтуп нууп,
Жонуна койду.
Байдын ысык бууржуну,
Жаштык кылат деп,
Ченеп жүктөп,
Назар салып,
Кызыл чок дайындан,
Төө болушка барып
Жолго салды.
Жети жүз төөнү
Чубатып калды,
Мени мактап
Биринчи каттап,
– Балбан төө – деп
Кыдырбай турат
Самырдай какшап.
Көп эле жүктөп,
Көпчүлүк тиктеп,
Кайран бук этпес
Канча болсо көтөрөт
Төөдөн артык улук деп
Тааныган элдер,
Кадуу жерлер.
Долон аштык

Кочкорду бастык.
Көтмалдыга жеттик.
Ачка болдук.
Кубакынын белине,
Кайта барып копдук,
Үч күн өргүп,
Майдамталда болдук
Анткени менен
Жабыры көп.
Үч кап жүктүн үстүнө
Улоочу минет
Баспаган төөнүн ээси
Учкашып деги минет.
Кыдырбайдын бууржуну,
Жаш экен дешип,
Мени бакыртып
Мурдумду тешип,
Шайымды кетирип,
Күндөп-түндөп
Боом суусун кечирип.
Барганбыз Токмок,
Ал шаарга токтоп.
Алмаштырып жүктү
Которуп жүктөп.
Күндөн көп өтүп
Жабырландык минетип.
Ашмара, Мерки,
Нарындан берки,
Канчалык жол.
Ой улугум.
Эсептеп берчи!?
Айлабыз кетти.
Арыктыгыбыз жетти.
Тура албай чоюлдум,
Астыбыз өлдү,
Акыретти көрдү.

Тартайып жыгылды,
Талпагы сыйрылды.
Карга, кузгун
Өлүккө жыйылды.
Сагызган курады,
Арбын жыйынды.
Бук этпес элем
Бакырчаак болдум.
Айлам кетип
Жатынчаак болдум.
Ашуу белде
Тартынчаак болдум.
Адамды көрсөм
Арзымды айтып
Алда кайдан
Чакырчаак болдум.
Таякты жедим
Улугум сизди
Арыз угат дедим.
Жүгүбүз оор,
Жонубуз жоор.
Мурдубуз жырылдык
Бураңдап жыгылдык.
Таманыбыз тууруулдук
Заманыбыз кууруулдук,
Теңдик болобу?!

«Чайнаганын билип, жутканын билбегендей» адам төө эмес. Кантсе да, баштагылар унуткарылып, улам жаңы учурдагың кызык көрүнөт. Анын сыңарындай Байымбет азыркы бук этме «Төөнүн арызы» жазгандагыдай канагаттанды бекен? Бук этме, жүкчүл төө – курган букара эл. Мээнетинин берекетин көрбөй мазактоого, тонолууга, алык-салыкка, эзүүгө бук этип чыдаган да шордуу калайык. Зомбулук жедеп сай сөөккө өткөндө, аргасыз көтөргөн кордуктарын түгөл санап далилдеп, мындан ары чыдоого мүмкүн эместигин ач айкырыктап кырчылдаша талап койду:

– Заманыбыз куурулду, теңдик болобу?

Акындын көптөн эңсеген, издегени, келиштире чакырык салууга камынганы дал ушул калайыкты мүңкүрөткөн ажаан замананын бетин ачып, теңдикке чакыруу болуучу. Мына эми теңдикти жаамы журттун атынан мүдөө, туу көтөрүп ураан таштады. Кеп, жедеп тукулжурап бүткөндөгү акыркы чечим – теңдик талабын, көпчүлүккө жайылтуу, теңдик туусун көкөлөтүп, анын калкасына калайыкты топтоо. Мүдөөсүн орундатканга жагалданган керемет ылаажы буюрса «Бук этменин» арызын жел аркылуу желбиретип, аба аркылуу калкытып, асман атага айматып, жер энеге желпитип атпай журтунун ар кимине табыштаар, таанытаар эле. Атаганат, андай сыйкыр кайда? Кээ өскүлөң жерде бар. Маселен, орустарда, андан аркы күн батыш өлкөлөрүндө, шарк мамлекеттеринде жашаган кудреттүү акын, илимпоздор жазгандарын китеп, кезит аркылуу сандаган, түмөндөргө жеткирүүдө. Андай дурус жышаан биздин Түркстанга да жайылууда. Басма жөрөлгөсү Ташкенттен өтүп Алматыга келди. Ошо жышаандын аркасында Абайдын өлөңү китепче басылды. Жакында Байымбетке да кез тиер. Буюрса басма иши Пишпек, Токмок, Кара-Балта, Нарынга жетет. Айтпасаң сыйпалап кал жаны ачынганда жараткан «Бук этменин арызын» Алматыдан чыккан «Айкап» топтомосуна (журналына) жиберет. Пишкектен түз катнашчу бекетчиге киресин төлөп меөрлөтүп табыштайт. Ал жеткирет. Теңдик талабы кош кабат эзилген кыргыз, казак журтчулугуна жалбырттайт.

Айдаганы арып ачкан жүктүү төөлөр, алаксыганы казалтамсил, самаганы теңдикти жардоо. Чабылган кара жол бойлоп «Төөнүн арызында» сүрөттөлгөн кыйынчылык менен жарым айда зорго, өлгөн талгандан калган кербенди Меркеге апарып, данды дайындап өткөргөн тил катты капчыгына солоду.

Унаачы, он башы, жүз башылары эптеп тыныгып, кара жолду айланбай, туура давандарды ашып, жол кыскарта, арыган төөлөрдү откоруп үйлөрүнө кайтууга макулдашты. Тоголок Молдо өзү Чүйгө байырлап калды. Темир жол түйүнүндөгү Меркеден кайра тартканда анча алыс эмес, жол боюндагы Чалдыбар кыштагын аралаганда ушерге сүрүлүп бейпайда кароосуз каза тапкан дарыкер Васил Пурунзе досун эскерди.

Жомоктогудай аты ыргайдан, өзү торгойдой сырт келбети азып тозсо да, акындын ички чыйралуусу үйдөгүсүнөн кубаттуу, шаңдуу серпилүүдө. Жеке уезд эмес, жалпы кыргыздын борбору катары таанылган Пишкекке кайрылды, Жаш кезиндеги тааныш калаа көрбөгөн канча жылдын ичинде коюуланып, канатын жайып кеңиптир. Кээ көчөлөрүнө таш төшөлүп, баш-шак сеңселип олчойгон имараттан тургузулуптур. Кербен сарайга жайгашты. Атына баштык толтура жем илип, көзөмөлчүгө табыштады. Чайханага жам отуруп сонункураган базар тамагынан, жыттуу чөи чар тууралган, катык кошулган эттүү жаш шорпо, ысык манты, дандырдын жумшак токочу, буруксуган самоордун көк чайынан татты. «Бук этме төөнүн арызын» дааналап жазып ойлогонундай Алматыдагы «Айкап» журналына жөнөтүүгө почта кызматчасына кагазга орото желимдетип, мөөрүн бастыра аманаттады. Нечактан чыгынган негизги вазифасыт орундатканга күдүңдөп, почтага чукул Василдин курган тамына, эмканасына барды. «Мүмкүн аяшы Мавра кайткандыр, уулдары эр жеткендир. Маркумду эстеп учураша өтөйүн».

Караманча башка орустар ээлептир. Сураштырса Мавра Алматыга көчкөн. Уулдары окууну бүтүп бүтпөй иште. Улуусу Константини ата кесибин улаган дарыкер. Кичүү Махаили Россиянын ичкери шаарларында падышаны кулатабыз деген күрөшчүл азаматтардын уюмунда, большевик, бирде бакта, бирде азаттыкта. Улам атын өзгөртүп шаардан шаар которуп, жетекчилердин катарында имиш.

Васил Фрунзенин үй бүлөсү менен катыш экенин, туюнтуп, алардын дарегин билүүнү өтүнгөндө, сыпаа, салабаттуу кыргыздын шагын сындырбай кабарлаган эмчини акын алкады.

«Миша Микаил жылдыздуу, алтын көкүл, тетик шогураак торсогой, атасынан ашкан, эл ишине жараган азамат болгон экен э. Ушу короодо моюнума арта салынган куржундун бош көзүнө түшүрүп ойнотподум беле. Улуусу Костя чоочуркап каалганын босогосуна жөлөнүп кылтыйганда, куржунду көргөзүп кол булгаласам Миша торсоңдоп дароо чуркап алаканыма конгон. Анан куржунга түшүп, моюнун чыгара мойтоңдоп,

агасына эликтей мактанган. Мен аны эркелете төөдөй тайраңдап кыйлага ойнотком. «Уул болсоң шок бол». Өмүрлүү бол, көздөгөн кемелиңе жет, жет тамырымдын тукуму Микаил».

Чала эмчилик жайын, алыскы элет жеринде такай доктур жок, дары-дармек чукактыгын жапытса оорукананын ээси, эмне керектигин тактап, азыраак дары-дармекти ороп берди. Байымбет кымылдап элдик акылман макалды эскерди. «Абийирдүү жигитке даяр кылат жолуна». Ананчы, эмдөөчү наштары, суюк дарылары, даки, кебездери тозулуп бүткөн. Буга да шүгүр.

Дүкөндөн өзүнө калем уч, кагаз, сыя, китеп тандады. Турсунуна, энесине жоолук кече, асыранды уулу Турдалысына чотурайган маасы өтүкчө, топу, жолдо кайрылуучу карындашы Каныкейине, бала-бакырасына кандайы чак келээрин билбеген соң, эндей кездемелерден базарлык камдады.

Карындаш, күйөөсүнүкүнө жай өргүйт. Алардыкына барууда эки жерге зыярат жасоо парзы оюн өйүүдө. Токмокко кайрылып Шарафуддин мударис тирүү болсо, саламдашып өтсө. Картайып чөгүп калгандыр. Хафиса сулуууга жолукса. Унутпагандыр. Ушунча жылдан кийин көрүшүү кызык болоор. Улгайгандыр. Жо-о сулуу ургаачы улгайбас. Уулу эр жеткендир. Көрсө, сүйлөшсө э-э... Анан.

Токмоктон эт бышым нары жол жүрүп... Чым-Коргондогу капкалуу короого бурулса. Капкалуу короо. Сейдешинин апасы, бапыраңдаган Шермат кайынатасы карыгандыр. Сырдаш жеңеси, жакын кайниси таанышабы. Таанышмак турсун Сейдеши тирилгендей басып жыгылышаар. Сейдеши. О, армандуу дүйнө. Канчадан бери катышпай, боордош, ыйык үйүнө кантип шопоюп кирип барат. Жактырган, барктаган, кызыгы тарабас күйөө баласы эле го алардын. Төх-х, мүшкүл, кур дегенде Сейдешинен сербейген бала калсачы. Анысын ээрчитип кирбейт беле. Анда бетине чиркөө жок, артында калган белеги, туягы Сейдешинин ордун жоктотпойт эле го. Кантсе. Бул го баруусу мумкүн. Сейдешинин шордогон эне, атасы, ини, сиңдилери томсоруп «Сейдешибиз кайда» – деп жер чапчып өксүсө кантет. Жердин алыстыгы оңбо-о! Убагында кабар жетпей, эч кими

барып Сейдешке топурак салбай да калышпадыбы. Бейитине топурак салып, куран окуп, жоктоп жүрүп көксөөлөрү суубаган соң, а кургурлар, тандаган күйөөсүнө ишенип көз көргүс алыска атказган ардактаган кызы Сейдешинен түңүлүшө деле электир, түңүлүшпөйт да. Анын өлгөнүн кеч угушса да ишенбей дендароодур.

«Ичине баласын кучактай кеткен шейит, чындап сүйгөи жары Сейдешимди он жыл жоктодум. Тирүү жанга оокат өткүдөй эмес. Үйгө ак элечек кийирдим. Ак элечегим – Турсунум бара бара Сейдешимди, силердин сүйүктүү кызыңарды алмашып жаралуу жүрөгүмдү айыктырып, жаныма жора болду десем кандай кабылдашат?

Жолобой өтсөмчү? Окус дарегимди угушса, албетте айылдары танапташ, эл оозу элек, ошондо боздотуп жүрбөйүн. Ата көрү, балабызды кимге ишенгенбиз. Сейдешибиз тирүү болсо ошентет беле. Кокуй, Сейдеш өлбөй кал! Кур дегенде арбагыңды сыйлап, жактырган эриң, элибизде жүрүп, бастырып, саламдашканга жарабады – деп кан какшаар. О, шордуу адамзат, о түгөйлөр ылайым бириңерден-бириң эртелеп ажыраба. Өзүлөрүң гана эмес, жакындарыңды азап чогуна кактайт турбайсыңбы!»

* * *

Жер эне да термелет. Асман ата да удургуйт. Ошо эки чалкар мейкиндик койнуна сансыз пендени – адамзат, айбанат, өсүмдүк, тоо, суу, ава, жылдыз, ай, күн дебей бакисин батырат. Бири бирине айкаштыра, үлөштүрө өмүр берип калкалап өстүрөт. Ааламда бирден бир түбөлүктүү, боору кең кутман жер, касиеттүү көк теңир. Бар тирликтин башаты – эне-жер, ата-асман экөө гана.

Жер энедеги дөөлөттүн ээси – адам чектелүү гана өмүр сапарын басат. Арийне, адам өмүрү ысык да, кызык да. Ысыгың сууп, кызыгың тараганча жанды карч уруп, жашап, алышып күрөшкө кудуретиң жеткенде бүтүрүп кал. Артында тукумуң, өрнөк, салтың, ишиң эскерилип өнүгөт. Опасыз дүйнө деген

ушул. Эскирткен, жадылткан, барды жок, жокту бар кылган – мезгил. Мезгилдин тымызын өкү-мү өз бийлигин эч кимден күтпөй жүргүзө берет. Эне жер менен ата асмандын сакчысы, мезгилдин кезегинде алачакмак, түбөлүгү адилет өкүмү сүрбөгөндө Байымбет Чүй бооруна кайрылып жетет беле.

Туура жыйырма жетисинде каруу, күч, сезим, билим, өнөр толукшуган жигит кезинде, сүйгөнү Сейдешин коштоп Курткасына кетти эле. Эми элүү беш кар басып улгайыңкы тартканда, арадан жыйырма сегиз жыл өткөндө келип отурат. Жыйырма сегиз жылда мезгил аалам тирлигине не гана өзгөрүүлөрдү киргизбеди. Ааламдын алакандай бурчу алтын күрөк Чүй аталган аймакта жер, асман гана ордунда. Төшү түктүү жер үстү, төбөсү бийик көк асты башкача көрктө. Жер өзгөрүңкү, эл жаңырыңкы.

Боом капчыгайынын оозундагы Желаргыдан созулган Чүй өрөөнү Токмок, Пишкек, Мерки, Олуя-Атага чейин жол бою баланча бай, түкүнчө манаптын жери, коругу аталган керилген ээн шалбаа, төрт түлүк ыңкыган чөптүү жайыт, айдалган аштык, экен-токондо сербейген кыргыз айылдары тоо түптөй, колот жылгаларда караманча сүрүлүптүр. Аларга жыш келгин, отурукташкан эмгекчил журт жол бою көчө кыркасын түзүп имараттар, куруп, ээндеткен жайыттарды чөнөк-чөнөк бөлүп алышып, не дүйүм мөмө-чөмө дарак, жер жемиштер, эзелтен жергиликтүү эл өстүргөн дан эгиндери: буудай, арпа, жүгөрү, таруу түгүл, шалбаалатып күрүчтү кошо сеңселтип «алтын күрөк» Чүйдүн берекесине мартынууда.

Сары-Өзөн Чүйдүн башы, ортосу, аягындагы келки-келки урууга бөлүнгөн калайыкты тескеген оёндор Кеминдеги Шабдан, Токмок жаатындагы Сооронбай, Пишпек жакасындагы Байтиктер, өзүлөрү менен кошо о дүйнөгө даңазасыи, бийлигин, таасирин ала кетишиптир.

Лекин, ордун басымыш эткен кийинки тукумдары майдаланып, ата манаптардын сыймыгын түшүрүп, уучундагы майда уруктарды салаадан куюлган кумдай чачыратып бийликтен тайып баштаптыр.

Чүй манаптарынын эң карысы ортоңку тынайдын манабы Сооронбай атасынын көзүнүн тирүүсүндө Байымбет жүргөн

кезде эле бийликти жулган Дүр мырза гана чакан журтка, падыша төрөлөрүнө барктуу, азыркылардын мыктысы сымал.

Китеп кармаган окумал Шарафуддин муддарис небак көз жумуптур. Хафиса уулу менен Ташкенгеби, Самаркан, Букарагабы башка шаарга кетиптир. Дайынын тактай албады.

Мына мезгилдин өкүмү. Асман, жерге тирек, ааламга тутка болчудай сөөлөттөрү артык дөөгүрсүгөндөрдү да көргө киргизип чым жамынтыптыр. Аларды алакчылабаган, жападан жалгыз калыс жазмыштын – мезгилдин буйругу башка пенделерге да экинчи өмүр бермек беле.

Байымбетке кезегинде калка болгон, Айылчы агасы, Апай эпеси карылыктары жеткенде, акыреттен ыйман тилешип катарлаш көз жумгандары качан. Ага туугандарынан бирин-серин катышкандарынан угуп арбактарына багыштап бата окуган. Аларга куракташ кайын эне, кайын атасы Шермат да көз жуумптур. Сейдеши туулуп, өскөн экөө кошулган жергеден, али суубаган жакындыкты эстеп кечээкидей эле элестетип, боконо сөөгү болкулдаса, жылып өткөн убакыт өзүнүн каардуу бийлигин жүргүзгөн тура. Төх, адамда эс, акыл, эскерүү, эмгек гана эскирбейт, көңүл гана көөнөрбөйт белем.

Байымбет Чүйдө жүргөндөгү азыркы өзүндөй, андан улуураактардын кыйласынын сөөгү сөпөттөлүптүр. Ал курдуулар, андан кичүүрөөктөр улгайып, картайып бала-чаканын, оокаттирилик, мал-жандын камкор ээси, эне, аталарынын ордун басыптыр. Мунун баары мезгил сыйкырынын сыпаа да, катуу да күчү. Ага аралжы жок.

Аны баары түшүнөт. Өңгөнү кой, алынча эрке, ачык айрым жайдары секелек кезинде, жоош жигит Малай экөө кол кармашып калган карындашы Каныкей байбиче кейпинде астынан утурлап делбирегенде атынан ыргып түшүп, Байымбет көрүшпөгөн мезгилдин күчүнө таңданды.

А өзүчү. Мотурайган кер мурут, чатыраган азамат эле. Эми, сыйда жаак, ээк сакалын аз-аздан ак аралаган, эр ортону элүүдөн кыйгап өткөн салабаттуу киши. Кээ отурушта тамаша катары:

Элүүдөн жашың ашканда,
Бийиктен паска түшкөнүң.

Эсиңе сени албастан
Жатыркатат кыз-келин.

– деп меселдетет. А чынында эле элүү беш курак туу жонго чыккан өмүрдүн, адамдын, турмуштун баркын түшүнүп, акылмандыгы артылган, жаштыктан ооп улгайыңкы тарткан чак.

Дүнүйө, мынча татты болдуң неге?
Умтулат жандын баары мал дегендн.
Туу кырга элүү днген чыга салып
Алдыңа көз саласың, кары оңго.

Тоголок Молдо карындашын көрүп, өзүнүн улгайганын туйбаспы.

Карындашы Каныкей ал келээрин он, он беш күнчө мурда көмүркөй сандыкчасынан өзүнөн бөлөк жанга көргөзбөй алакандай тунук күзгүсүн сүрткүлөп, улам тигилип, кудуңдап сүйүнүп:

– Аайланайын чоң кудай, тилегим берет экен дейт,
Ак калпакчан бакыйып баякем келет экен дейт.
Жээндерин чоңойгон өпкүлөп көрөт экен дейт,
Карыган күйөө баласы союуга серке белендейт

– деп үйүндөгүлөрүн дүрбөтө дегдеткеничи.

Тукум кууппу, ургаачы затынын үйдөн чыкпас үйүрлөрүнө карабай Каныкейдин зээни ээ жаа бердирбей, окуяларды элесбулас алдын ала күзгү карап куюлуштура, жамактата айтып, айыл ичинде көзү ачык, бакшы-бүбү катары баркы бар. Алынча көр оокаттары тың. Бирөөнүн көзүн карашпайт. Эри Малай дале дүңкүлдөп жер десе жерди, мал десе малды дурус тескейт. Эки бирдей уулу Мамыт менен Абдыкерим тестиерликтен өтүп, бой тартып, кол арага жарап жарыша чоңоюуда. Кагелес, алпейим, суук тил агытмак турсун, дайым жалынып-жалбарган, тамакашын, кийим-кечесин өзү иреттеген апасын уулдары кареги менен айланып ыйыктай сыйлашат.

Айыл ападагылар күзгү ачтырып, төлгө салдырганда ыраазылыктарын билдирип кандайдыр ыроо жасоого дил-пфленишет. Каныкей көңүлдөрү оорубагандай, алына жараша ырымдык гана бирдеңкелерди алат. Ошол да оокатка тыгын. Мартабалуулардын садага, зекетинин көбүн бечараларга бөлүшө

тарататат. Илбериңки, топуктуу, алпейимдигинен байыраак, орто, жарды бүлөөлөрдүн катын-калачтарынын, бала-чакаларыныи арасында сыйлуу. Кимде балээ, жамандык болоордо эрдин кесе тиштенип, күзгүсүн сыртынан тескери каратып үндөбөйт. Же чакырыкка такыр барбайт. Айтканы жаздым болгону аз.

Тек, уулдары дарбып атын угуп өзүн көрөлек, айтылуу акын таякеси Байымбет – Тоголок Молдону келет дегенде дегдегендери ай. Бою, баштарын, кийимин тазартып, үйүн ireттеп күтүнүштү. Ана келет жок, мына келет жок. Каныкей күндө канча маал, сандыкчасынан күзгүсүн сууруп мелтиреп тигилет, коюнуна катат.

– Байымбет байкем, жолго чыкты. Мына, жакындап калды. Жолоочулары кыйналыңкы, мал айдагандар менен кошобу. Айтор алардан бөлүнбөй, жолго көп өргүүдө. Кагылайын байкебайындын жүзү жарык, көөнү шагдан. Калгандары кыйноо тартып, жүдөө. Мына чукулдады. Олда катыгүн ая. Токмокко жакындаганда жакшы эле бери бурулайын деди эле, тобунан бөлүналбай узап кетти. Ана, Пишкекке барды. Андан да ары кетти. Кагылайын байкем, кайра тартканда бурулат. О, жараткан, кайра тартты. Калаага токтоду. Иштерин бүтүрдү. Белек-бечкек, базардык алды. Ка-ап, дагы өргүбөдүбү.

Каныкей күн сайын жанынан чыкпай:

– Кана акын таякем каякта жүрөт. Айтчы?

– Келтирчи бат эле? – деп чыйпыйлары чыккан Маматы менен Абдыкеримин күнүгө күттүрүп, күнүгө сооротуп, жедеп түңүлөөр түңүлбөс жадашканда, мына бүгүн жадырап, күзгүсүнө кадалды:

– Мына, таякеңер Токмоктон чыкты. Жалгыз атчан. Ээринде куржуну бар. Башында ак калпак. Көзүм кашайбаса кагылайын байкемдин эле өзү. Үчөөлөп тосолу. Тигине, аты аркы, өзү чарчаган, бирок көңүлү куунак. Жүргүлө.

Бүбү бакшынын жосуну кишилерден бөлөк эмеспи. Эрин үйүнө калтырып, эки уулун жөө ээрчитип Токмок жактан бери созулган жолго чыкпаспы. Анын жоругун эч ким эрөөн санабайт. Күйөөсү, балдары оболу менен.

Айылдан узап бөлтөкчөнүн үстүнө чыгып олтурушту. Каныкей кичи уулунун ийнине арта салган тепейген терме куржунчадан көөкөрдү, чеңгелинен чыкпаган кырма чөйчөктү сууруп белендеди. Болжогон убагынан өттү. Акыйып жол тиктеп каректер талыды.

Уулдары энесине омсоңдошот. Көзү ачык бүбү эне жоолугунун учуна сүрткүлөп күзгүгө телмирип, кобурайт:

– Небак атынын башын бери бурган. Кагылайын таякеңер, биздин күткөнүбүздү билбейт. Негедир токтоду. Башка жакка кайрылып кеткен экен.

Мамыт кабагын чытыды:

– Ай и-ий ал эмнеси. Шар эле бастырбайбы.

Абдыкерим көзүн бажырайтып, куду таякеси Байымбет түспөл тоголок нурлуу жүзүнө күлкү чайый ышкырды:

– Тү-тү-тү! Таякемди таанybaйм. Болбосо, атамдын атын минип, Токмоктун үчкошконуна чаап жетип тосуп келет элем. Анда силерди зарыктырбайт элем.

Быяктан бейкапар Байымбет, Шарафуддиндин короосунан томсоруп, китеп дүкөнүнө кайрылбай шалкысы бош бастырып, бери узай түшкөндө жолдон имериле суу боюна түшүп, атын тушай откозуп, өзү бетин чайына жамбаштай кырданып тыныкты. Ким билет? Карындашы, күйөөсү аман болгой эле. Алардын күтүп отургандарын туйганда күдүктөнбөй шар шайбырлатып шашылбайт беле. «Ат откозгон жөө калбайт».

Жолоочу коңур күздүн бешимин айкындаган күн ийинден тайгыла кайкып батышка кылтыйганда, көлүгү да, өзү да сергип «Тобокел. Бакыбаттыктын ичинен чыгара көр» деп, аттанды. Нарылай узаганда ээн талаадагы бөлтөкчөдө эрбейген үч караанды чалдыктырды. Ойногон балдарбы деп да ойлоду.

Чукулдаганда үчөө арбаң-тарбаң удургушуп, анын астынан чуркашты. А дегенде чымылдаган эки өспүрүм тык токтошту. Арттан этек жеңи делдектеген аял бир колуна көөкөр, экинчи колуна чөйчөк ала, балдардын алдына жулуна делбиреди. Булар кимдер, эмнеге шүнтүшөт?.. Таламандын дал түштө карактоочу немелерби? Атчан жолоочуга бетме бет оропара качыра, аял колундагыларын булгалактата жалбарды:

– Балакетиңди алайын байкем, көзүңдү аман көрөөр күн бар экен э-э…

Тизгинин бура тартсамбы деп кооптонгончо кандайдыр учуп жетип чылбырына оролгон, жоолугу желбиреген аялдын өңү анчейин байкас албаса да, үнү жүрөгүн элбиретип, атынан ыргыды:

– Каныкейим, көзү ачыгым, сен белең садагам.

Бир туугандардын сагынышкандары курусун. Ушунча жыл жердин алыстыгынан, куу турмуштун жетишсиздигинен көрүшпөгөн улгайган жатындаштар кучак жая умтулушту. Каныкей, авалаган колундагы чөнчөктү көөкөрдөгү суюктуктан толтура эңкейип:

– Көрүштүк ээ…– деп агасынын башынан үч терегете, айланта чачты. Анан делдейген балдарын жаңсады:

– Учурашпайсыңарбы, таякеңерге.

Экөө эки жагынан кулачын жа-я чаңылдашты:

– Ат салоом алекум!

– Таяке, сизди канча күндөн бери күттүк.

Тоголок Молдо, жигит каадасын күтүп, саламдашкан жээндерин алмак-салмак бооруна тартып, маңдайларынан жыттагылады.

– Кагылайындарым. Чоңоюп азамат болгон турбайсыңарбы? Кап, силердин минтип жол тосооруңарды билгенде… Ким айтты мени келет деп…

Атасы көздөнгөн улуусу Мамыт ийнин куушурду.

– Эч ким.

Кичүүсү Абдыкерим, энесине, жо-о, өзүнө, таякесине окшошу күлмүң-күлмүң бажырады:

– Ооба сага эч ким. Апакем эле. О, таяке билбейсизби, сизди келатат деп апакем күзгүсүн карап… он беш күн болду бизди дегдеткенине. Кудай жалгап калпы чыкпады.

– Ой уятсыз дес-се, апам качан жалган айтчы эле. Карачы таякемдин башындагы ак калпагынан өйдө билиптир.

– И-минген атычы. Арык дебей койду беле. Карачы кыйкайып апарык.

Жээндеринин экөө эки колтугунда ойноктоп, кандайдыр ага жетишпеген кубатты берип, кош канатын толтура талашканы

эбеденин эзилтпеспи. Аларга кучагын жая ийиндерине колун арта салды. Көзү ачык карындашына жал-жал таңыркоодо. Үстү башы бүтүн. Турмуштун запкысын тартканы билинбейт. Кадимки наабаттуу, боорукер байбиче кейпинде.

– Каныкейим, сен атка минип алчы – деди, Байымбет небаккы бөлүнөөрдөгү секелек кезиндегидей эркелете. Ага карындашы өзүнөн улуу, мээримдүү энедей үйрүлүп сүйүнгөнүнөн бетине жылмышкан жашты сүртпөй дилдиреди:

– Кагылайын, атпесең, жөн эле сеиин жытыңды искеп, жээндериңдин катарында жөө басалы да. Жаман күйөөң, серкесин байлап, башыңдан садага чабууга акыйып отурат. Жобурасаң байке, апам, аюуң, балдары, өзүң үйлөндүң окшойт, кандайсыңар деги?

Боордоштор жобурашып айылга жакындаганда Мамыт жетелеп келаткан таякесинин атына шап минди:

– Атамды сүйүнчүлөйүн.

Улуулардан озуна иниси жооп бере, таякесине ыктады:

– Чап! Көп эле болсо тебетейин берээр. Мен таякемдин жаныман чыкпайм.

Мамыт ыргалган, шайы ообуңку жоргону бөйпөң-бөйпөң кыйкаңдата узады.

Байымбет жароокер кенже жээнинин оңгон топусун башынан сыйрып, чачынан, маңдайынан сылады:

– Абдыкерим, сени атаң менен апаң окуттубу?

– Чала була.

– Кат таанысыңбы?

– Анча-ынча эле таяке.

– Китеп, кагаз, калемдериң барбы?

– Болоор болбос. Бизде кайдан болот таяке.

– Мен берсемчи.

– О-у, анда жыргатасыз. Көп эле окусам дейм... Китеп колдо жок кантем.

– Анда экөөбүз достошот экенбиз.

– Эх-е... Мейли.

– Агаңчы?

– Ал окугусу келбейт. Тигинтип ат мингенди жактырат.

– Анда атка минээрликти жактырат тура.

– Мейли.

– А сенчи?

– Менби? Сабатымды арбытсам, сабак берчү молдоке, маалим болоор элем.

Таякеси уулу менен чоочуркашпай, анын келечегине кам жеп маектешкенине кубанган Каныкей үн катты:

– Бу жээниңде дымак күч. Тырмышып окуганды, чиймелегенди жактырат. Байымбет таякемди тартам. Окумал Молдоке болом дейт. Карачы, өзү да окшош сага. Окшошсуң десек андан бетээр эдиреңдейт.

Тоголок Молдо карындашынын жетиналбаганына курсанттана, жээнин шердентти:

– «Жакшы чыгаар уул тайын тартат». Баланын оюна оңой менен максат түшпөйт. Эгер бир нерсени жаштайынан дегдесе жетпей койбойт. Абдыкеримим максаттуу тура, ананайыным. Окууга кунттуу окшойт, мен сүрөп көрөйүнчү. Кыйла жерге, таскагын чыгарып, таманын кызытайын. Анан кой десеңер да болбой элирсин. Китеп дүйнөсүнүн кызыгына кирген адам башын тартпайт. Тереңдетип үңүй, каза берет. Китеп – тозбос байлык, түгөнбөс кенч. – Жээнинин өтө ынтаалуу тыңдаганын байкап, дагы жөнөттү сөзүн. – Ошол кечти ээлейм десең ушу таптан молдокеликке – билимдүүлүккө талпын. Колумдагыларга сени тааныштырам, кээсин тартуулайм. Анан ата-энеце айтам, азыр мектеп, медреселер көбөйүүдө. Силердин Сайлыкта Дүрдүн мектеби, Keминде Шабдандын мектеби, Токмокто орусча-кыргызча аралаш окуу, Пишкекте андан гимназияга чейин окуу жайлар бар. Ошонун бирине киргендей бол.

Абдыкерим таякесин кучактай божурайды:

– Ай и-ий, ошентсем эле кана.

Акын жээнинин мүдөөлүү тирикарактыгын жактырды. Бала тың чыкса ата, эненин, ага туугандын, жалпы журттун пайдасына жарайт. Болоор уул кичинесинен байкалат. Анын сыңары Абдыкеримдин кабак кашы ачык, көзү тирүү. Сагынычтары таркаганча, Байымбет өзү да тыныкканча жай өргүйт.

Ара чолодо Токмокту аралап, ичкерки көбүргөн дүңдөн доңшоор тыңдабаса, күйөө карындашыныкында да тынч жатып, негизги убагын ушу жээнине бөлөт. Ага окуганды, жазганды

куржунундагы китеп, кезиттер, дептер, калем аркылуу жөнүктүрүп, такшалтат. Сүйөмөлөп, көзүн ачып жолго салып койсо, идиректүү жеткинчектин улартаары бышык. Мотурайган жээнин сабаттуулукка кызыктыръш көнүктүрсе боордошторунукуна тыныгуудан тапкан берекеси ошол.

Жээндерине, төтөн Абдыкеримге пейили түшүп, балага таркабаган кусалыгын аларды эркелетүү, боюна тартуу аркылуу жазуу мүмкүнчүлүгүн эмдөөдөн баштоону ылайыктады.

Узактан бери унуткарылган эмчиликти жаңы дары-дармеги колго тийгенде, кайра жаңыртууга жүрөгү козутат. Аларды алыскы айылына жеткенче куржундагы таңылчакка катпастан, ишке киргизгени да жөн. Эки жээгин тең маңдайына катар тизип, билектерин түрдүрдү. Кудай жалгап эмделишпептир.

– Биссимилла. Киминден баштайын. Чиркей чаккандай гана саал тыз этет. Лекин, өмүр бою чечек деген апааттап алакчылanaсыңар. Коркогуң карап тур. Артынан – Байымбет таңгагын чечип, наштар, дары, даки, кебезин даярдап жатып кобуроодо.

Бейкам эки улан түрткүлөштү. Улуусу алдыга өтө, инисин сүрдү.

– Таяке, мына менден баштаңыз.

Абдыкерим агасынын бу саамкы эр дегенине таңыркай кыйпычыктады.

– Билдим, билдим. Апамды кичинекейинде эмдегенсиз. Каруусунда топчудай тегорек тактар бар. Ошонун касиетинен такыр оорубаптыр. Коркуп эмне. Кызчалык жокпузбу. Мамыт улуу эмеспи, талашпай эле койдум.

– О-о, азаматтарым. Туура, талашпай алмак-салмак жол беришкениңер дурус. «Өсөөр өзүн сыйлайт, өспөс жатын сыйлайт». Эки бир тууган ынтымагыңар жагат мага. «ага ини биримдик болсо, асмандагыны алат, ыркы жок болушса колундагыны жулдурат» деген макал бар.

Ар сөзүн текке кетирбей, сезимдерине түйгөн ышкылуу өспүрүм жээндерине Тоголок Молдо табылгыс, учурунда саматып дуушарланткан насаатчылык парзын туюп, шашпай да, аянбай да акыл, окумал дүрдүйнөсүн төгүүгө, таалижип жугузууга белсенди. Арийне данды сугарсаң өнөт, жеткинчекти тарбияласаң жетилет.

## КАРЫПТЫК БАШКА ТҮШКӨНДӨ

Сапарчылоо, жаңы чөйрө – адамды жаңылантчу түрткү белем. Тоголок Молдо Чүйгө, карындашныкына жайбаракат байырлады. Жолдон Миң-Булак, Казан-Куйгандагы Турсун күткөн кайындарына токтоду. Бу саамкы узак саякаттан көңүлү жашарып, дем байлап кайтты.

Айыл ичи дүрбөп, өйүз-бүйүз Касымбек менен Калпа манаптар машташып, макулдашып, Тогуз-Торого жортуулга кырктан жигит ээрчитип, чыгым жыйнап калкка алман салууга камынып жатышыптыр. Катчы-акынды Касымбек каңгып селсаяктанган кокуй турбайсыңбы күпүрдө кыртышы сүйбөңкү, сапардан эмне көрүп, эмне билгенин да сураштырбай:

– Аскалыда топ болот. Аттуу-баштуулар, жигит-жалаңдар тандалды. Кошо аттан – дебеспи.

Бай, манаптын жан жоокерлери, куйруктары, желдеттери казганактап Тогуз-Торонун Аскалы деген өндүрүнө топтолушту. Тезек-Тагай элдери үйлөрүн көтөрүп, бээлерин союп бүгүлүштү.

Ар түтүнгө бирден асый чыгымдарды калкка чачып, аламан түшүрө жыйналууда.

Бечаранын өйдө ылдый  
Ал жайына карабай.  
Уйпалоодо кууратып  
Убалы бар деп санабай.

Тоголок Молдонун бул саптары ошо көзү көргөн талоончулукту ашкерелөө үчүн чийилди.

Касымбек менен Калпа ичинен жек көрүшсө да, курулай карп-күрп сыйлашкансышып масилет куруша, жыйналгап чыгымдын эсебин кыл жылдырбай, такташып, камчыга ченеп бөлүү далаалатында.

Тогуз-Тородогу Тезек-Тагайлардын башын мыкчыткан Чоюбекти бири-бирине ашыкча ие тарттырбай, кимисине кандай мамиле, сый жасап атканын кылт эттирбей жеткирип туруугa тыңчыларды коюшкан.

Обору тойбос биринен-бири өткөн атаанчыл манаптар өнүүчү олжонун кумарына дүүлүгүп, демейдегидей шайырлардын зоогун да унутушкандай. «Байдын ашын байкуш аяйт» дегендей, аларды сыртынан сагалаган, чоңдордун шыралга өөнөгөн Мураталы өңдүү уруктардын манаптары Тоголок Молдону торгошуп, мыктылардын үстүнө жолотпойт.

Касымбектен шыбыш чыккан го. Же булары чагым салганбы? Болбосо не кызганышат. Деги сапардан кайтканы Касымбек сыртын салып, мамилеси сууңку. Жаки баардык учурда болбосо да, кээде кеп кеңештин четине, дасторкондун жакасына катыштыруучу. Азыр деле жанына жуутпайт.

Букарбай досу, чекчейип ак өргөөдөгү Калпанын жанында. Чакырылгандарды ирети менен бирден киргизип ман жанын каттаган, анын үстүнөн каарданса да, түбүнөн колкого дайындалып жиберилген Букарбай катчыны биротоло кагажытууга батынбаптыр. Негедир, балким атайыпбы, жанынан оолактатпай эки достун көздөрүн акыйтып баарлашууга чололорун тийгизбөөдө.

Сынаппы, же кур жайкаппы, же басынтыппы, Касымбек ордо үйдөн оолжуп, күдүктөнүп күйпүйгөн акынга жапырылды:

– Ой, Тоголок Молдо, Каба, Тезек, Тагайдын мапаптарын чакыр. Мында киришсин. Чогулсун, акылдашалы.

Ансыз да кагажытылып кыжыры кайнаган акын, маш тийгендей, колуна кагаз алып бай-манаптарды тизмелеп, какшык менен Касымбектин атынан кебете-кешпирлериндеги кемтикти баса жардап сыртта, обочо өргөөлөрдө жыйын топтун бүтүмүн күтүшүп, чоңдорду сагалагандарга жапырт мазактоого шерденди. Келбеттеги олкулук аркылуу алардын адамгерчиликке сыйбас жек көрүмдү, ырайымсыз, соргок, жегичтик жүзүкаралыктарын шылдыңдап көптүн кулагына угузуп, көзүнө дааналоого чыгынды. Арыз-муңга чогулган, таланган калайыкты чокмороктоштура, Байымбет колун булгалай аикайлады.

О-у, жардыкка көңүл бөлгүлө!
Касымбектин үстүнө,
Мыктылар бүтүн келгиле!
Каба, Тезек, Тагайлар.

...Баарың бүтүн келгиле!
Мураталы кызыл таз
Мурунтан бери мага кас!
Момурайган Момуке,
Мурду жырык Байжаке!
Карышма жаак Алыке,
Сары бучук бий Саке,
Камбаралы чоң теке
Кара сакал зор теке!
Баарыңарды чакырат
Касымбек өзү жепжеке!

Ар сөзүн болот кылыч шилтегендей курчута, салмактуу ташталган жардыкка көпчүлүк аруулай толкуду.

Арийне арайкөз чарай ызакор, каардуу Мураталыны «кызыл таз, мурунтан бери мага кас», Алыкени «карышма жаак», Байжакени «мурду жырык», Момукени «момурайган», Камбаралыны «кара сакал зор теке» атаганда көпчүлүгү кыбаасы кана залимдерди куп келтире келекелеген эр жүрөк акынды алкай кыраан каткырыктай сүрөшсө, ортозаар айрымдар зааркана чочулаша, кошоматчы бирдаары жүлүндөрү өрттөнө ызалана сөгүнүп, жулкунушту.

Шакабаланып, чакырылгандар жөөлөшүп, ызырынып, Тоголок Молдону кошо демите чакчаңдаша көздөрү чанагынан чыгып Касымбектин үстүнө жулунуп киришип опурулуп чурулдоодо:

– Жарчыңыз ченеп кутурбайбы кызыталак!

– Ырайга карабаган эмнеси!

– Көптүн көзүнө абийирди төгүп, не асылат чырайга!

– Алык-салыкты коюп, биздин абийирди кетирүү үчүн чогулган белек!

Ажылдашып демиктирип тимеле колуна өлүп берүүдөн кайра тартпоочудай үксөңдөшкөн билермандарына баарын «жепжеке чакырткан» Касымбек төрдө уңкуюп унчуксачы.

«Айтаарымы айттым, кегимди алдым, элге өзүлөрү ардангандай акмакчылактары жеке турпаттарында эмес; күлк-мүнөздөрүндө, кылыгында, ишинде экенин айтылып жүрөөрлүк жардадым. Таксыр, мени аялуу санасаң, тамаша, кечиргиле

десең, азууларын арсайтып жалгыз мени талоого ыктыткан бөрүлөрүң куйругун кыпчып, кыңшылашып артка чегинишет. Аябасаң жырткычтарыңа тыттырасың» ниетин билгизип Тоголок Молдо да ага тоорулду.

Азга тунжуроо төндү. Касымбекти ким-кими күттү. Үңкүйгөн Касымбек чай ууртамда башын көтөрдү. Олобо мурдунун кең таноолору дердеңдеп, узун ээгиндеги дуңгул сакалы биріндей, алагар көзү жырткычтыкындай тикирейип, күйпөйгөн Тоголок Молдодон суук айланчыктай кайпыды.

Акын чыйрыга, чыйрала боюн түздөдү. «Э-э, сенин ырайың качты. Тобокел».

Төрдөгү Касымбек ошол сурданган калыбында сөөмөйүн чыкыйына тирей, берметтери кулпурган булгун тебетейин өйдө түртүмүш эте, толмочураак белиндеги кере карыш күмүш кемерин жарк эттире мүрүсүнөн желбегей суп чапанын сыйгылта көкүрөгүн керди. Моюнундагы чынжыр каргыны чыкыйындагы сөөмөйүн тайгылта илип, көк ырапы, тик жака кемзелинин төшүнө алакан отундай тегерек болуштук белгини удургутту. Анын ар кыймылына андан буйрук күтө ызаланган жан жөкөрлөрүнө эринин жалмап, сол көзүн үлүң-бүлүң жумду. «Эрк өзүңөрдө, мен кийлигишпейм».

Ызырынып араң турган Мураталы «кызыл таз», төрдөгү олуясынын жаңдоосуна жалбырттап, бел куруундагы жылан боор булдурсунун жулуп, Тоголок Молдону чокусун талаштыра тартты:

– Мына сага, башынан берки кас!

Акындын тебетейи ыргып, жаак, башы өрт чалгандай ысып күйдү. Тыз коюуга умтулса, күрсүйгөн байлар жолун торгошту. Колу жеткендин бакиси күрсүлдөтө муш шилтешип, былчылдата тепкилей сүйрөштү.

– Касымбек! Каңкорлоруңа талатып өлтүрөсүңбү. Кой дебейсиңби?! – деп чаңырды акын.

Анын сөзүн кулагынын сыртынан желпип Касымбек эч иликке илбеди.

Мартабалуулар өзүлөрү былчылдатышканы аз келгенсип, эшиктен желдеттерине айкырышып, өлөөрчө тулуптай жанчтырышты.

Тоголок Молдо канча күндөн кийин эс-учун жыйса... Тогуз-Тородогу тегирменчи досу Тезекбайдыкында сулкуюп төшөктө. Тегирменчи Тезекбай оозуна суу тамызып, жаратын жууп, тазалатып үйрүлүп багууда. Ургу бергиден жанчылган жарадар акын кирпик кашын серпкенге, козголуп отуруп колуна калем кармаганга жараганда кагазга кадимкисиндей сындуу жазалбаса да чалды-куйду нукулай ошондо кандай дуушарланган кайгылуу абалын элестете күңгүрөндү:

...Унутпайм камчы чабышып
Ушунда кетти намысым.
Керип кетти муш коюп,
Качалбадым тыз коюп.
Желдеттерге кердирип
Сазайымды бердирип.
Тоголотуп тепкилеп
– Жара чапкын бетти,– деп.
Карсылдатып камчылап
Баштан каным тамчылап.
Көпчүлүк урса не тамтык
Жатып калдым алсырап...

Шумдугуң кур. Качаңкы өткөн бабам Музоокенин тепки жеген тагдыры менин башыма дагы түштү го. «Муңдуу күүнү» айласыз кайыртып, букулдатты го, шум замана.

## ЭЛКИН ТООГО МЕН ЧЫКСАМ...

Жайкалган бадал, карагай чер дүңгүрөп добуш сала ансыз да бийик тоо боорунун сүрдүүлүгүн күчөтүүдө. Таш үңкүр оозунан суурулуп басаар-баспас каалгый өр таяна, жаратылыштын кереметине суз сугула имерчиктеген Байымбет.

– Ач бел, куу жон. – Негедир минтип айтаарын айтып, ичиркене силкинди. «Жок». Нарылай дөбөгө көтөрүлүп, коодукту карегине терең чөгөрө теребелге телмирди.

– Улуу тоомдун көрпө жайкал сереси. Кан жолдон бура буюктагы мергенчилер, жолоочулар, каракчылар түнөктөгөн таш үңкүр. Ар тайпа элди, алыс-жакын жерди арытып... аз-

дыр-көптүр акындык атагым калк арасына жайылып... жашым алтымышка таянганда кара жанды соогалап качып-бозуп бараткнымда калка тутуп байырладым. Астапыралла!

Элкин, элкин, эпкип тоо
Элкин тоого мен чыксам
Эл карааны көрүнбөйт.

Чытырман токой ичинен канаттуу куштардын кубулжуткан чулдурун тыңдап чөгүңкү зээни козубаспы.

Булбулдар сайрап таңшыган
Булактар ойноп ташыган.
Булбулдун доошун укканда
Муңдуу пенде жашыган.

Аңгыча күкүктүн утуру жакындап таңшыганына делбирей купуя кайрыгын аска зоону, токойду жаңырыктата сыбызгытпаспы:

Күкүктөр сайрап таңшыган.
Күүлдөп токой ташыган.
Күкүктүп үнүн укканда
Күйүттүү пенде жашыган.

Акындын кусалыгын, толкуганын аңдап, кыялын эргите азгырганга жараганга кубана, куду жанындагы түнт бадалдан;

– Күү-күк! Күү-күк! Толубай күк-күк! – деп Турсуну суурулду.

Жарпы жазылган Байымбет кулачын жайды:

– Оп бал-ли, сен белең, Турсунум күкүгүм! Картаяр өмүрүмдү, чөгөөр көңүлдү жашарткан күкүгүм. Сен жанымдасың мен муңбайм.

Эринин саал жагалдана түшкөнүн кызытуу ниетинде али ичке белин буралта кулачына ийиле анын өлөңүнөн чойду:

Саадагың боосу сайма дос
Санаасы бирге молдо дос.

Жароокерлене назданган жарына Тоголок Молдо жалбарып, саңоор чачынан сылагылады:

– Оозуңдан күкүгүм! Аялы өлгөн, ашыктыктан күйүп төнгөн, манаптардан кууугунтук запкы көргөн мендей улгайган акындын казалын жат окуп, акыры кадырым сыйлап баш кошкон жаш жарым сенин кубатың менен минтип...

– Молдо дос, мени эч ким зордободу. Көңүлүм каалап тийдим.

– Ырас. Акындыктын шарапаты өмүрүмдө бир жыргатты.

– Мени да. «Буудайга бергис шалы бар, жигитке бергис кары бар». Байдын дөөпөрөс уулунда уйпаланып жүргөнүмдө буулугуп:

Күңгөйдүн күнү баткан жок,
Күйөөдөн мага айткан жок.

– деп өзүңүздүн казалдан чубуртуп буркурачумун. Буйрук улук тура. Бала күнүмдөн кол жазма ыр, дастандарыңызды жаттап акылыңызга, даңкыңызга сыймыктанган жаным… өмүрлүк кошулганга таалайыма ыраазымын. Ысылы-суугуңузга чыдайм.

Байымбет эстүү жарынын маңдайынан сүйө, жеңил үшкүрүндү:

– Ишенем, күкүгүм. Чыдайсың. Өзүңдү эли-жеримде эркелетип тынч багып жүралбадым. Басташкан жоолорум күчтүүдөн чыгыпминтип тентип баратабыз.

Жаратылыштын ээн койнунда мынчалык сырдашкан соң, күдүктөнгөн кээ өкүттөсүн чечүү максатында зайып ийменинки коймолжуду:

– Катыгүн ая, капа этпейеиз э-э. Бошкой күрсүйгөнү менен ырчылыгы сизден пас дешет го.

– Ха-ха-ха! Бошкойдун бүгүнкү ырыскысы артык. Андай арам ырыскы акыры каргышка айланат. Бошкойдой ьтөбөлдөргө жасакерленип, алардын кол жоолугуна айлансам биз да байыыр элек. Антип абийирди сатып, акындыкты кордоп мокотконочо, төбөлөшүп, өткөнүм өйдө, Төбөлдөрдүн башына ойноочу ур токмогум – сөзүм, ырым. Сынбайт да, күйбөйт элдин колуна жетет, оюна жетет. Бүгүн тебелеткен намысымды эртең, бүрсүгүнү эки-үч эселеп алам. Зулумдардын таягы, запкысы менин сөөгүм менен кошо чөмүлөт.

– Сиздин ур токмокко айлантып, кайсы манапты кантип кордогонуңузду кимдер билбейт… Мен дагы…

– Нарындын көкүрөгүндөгү элге, анын ичинде сага дастандар, ашыглык казалдар жеткендир. Мителерди мазактагандарым белгисиздир…

– Молдо дос, жаңылышып жүрбөңүз. Эмесе мобу кимдики:

Касымбек, Калпа капшыттан
Калың элди какшыткан.

А мобучу:

Эссиздерди эсирткен
Султангазы чоң болуш,
Эсеби жок ит-доңуз!

– Тоб-о, ургаачы затына дейре тараарын ойлосом майнеке болоюн.

Касымбек келип демигээр
Кары жашың кемирээр,
Кемиргенде семирээр…

– Күкүгүм, мен аял албай эле шакирт алган бейм. «Кызыл таздан таяк жеп, кыйноо тарткан мен карыпты» демдентип, жашартчу жаркыным.

Төрөлөрдү аларга жагынып элди карыптаган Куртка-Теректин залимдерин жанагинтип куйкаладыңыз. Тогуз-Тородогу Чоюбекти «кабаган» атка кондурдуңуз. Куланактагы Касымалы, Койгелдини «Молдо койду минип ал» деп ашынын үстүндө шылдыңга каптаттыңыз. Жумгал манаптарын андан туздадыңыз. Ошончо ажаандардан аман-соо жүргөнүңүзгө таңмын. Бир жолку тепкиңиз кулак-мурун шыралга.

Акын колуктусунун улам тереңдей, маанилүү маселеден тегерете чалганына кыбаасы кана, эркелетип гана эмес, эстүү, тең ата жооп кайтарууга ниеттенди:

– Турсунум, мунуң калетсиз. Канчалык кыжырларына тийсем да, азырынча мени «жумшак» айыпташууда. Айыгышкан азуулуу жырткычтар менин замандаштарымдан эки акынды катуу жазалашты. Алар кимдер. Сөз кунун барктаган жан экенсиң. Угуп ал. Бири жанда жок шайыр Токтогул. Кетмен-Төбөнү бийлеген Рыскулбектин тукумдарын «беш каман» атап, букара уруулардын тарабында айыгышка чыккандыгы үчүн, эптеп шылтоого шыноо таап, ак эшендин көтөрүлүшүнө катышты деп колу бутун кишендетип Шиберге айдашкан.

Экинчиси Чүйдөгү кара жаак Калмурза. А шордуу кошоматчылыгынан тапты. Шабдан Мекеге жөнөп баратканда алдынан

тосо кайый чаап, ксменгерлигин, эрдигин көкөлөтө мактайт. Окус шейит кетип Мекеден кайтпай калса, анын пайдасы тийип турган башка уруулардыш абалы кандай болот – деп аларды шылдыңдай басынтып ырдайт. Шабдандын өзүнө жасакерленип тил жеткен Даңазанын баарын жамап, атпай кыргыздын ырыскысы катарында асмандатып, адыгине, саякты кемсинткен Калмурзанын ыры ооздон оозго тарап узун элдин учуна дейре угулат.

Шабдан өлгөн соң, мына жакында өткөн күздө Калмурза, алаканы жайдактап Жумгалга үмүттөнүп барат. Эжесиникине токтойт. Анын келгенин манап Байзак дароо угат. Чакыртат. Небаккы Шабданды мактап, буларды кордогон ырын унуткандыр. Ысык-Көлдөгү Солтобайча кайрылып Байзак баатырды мактап ырдап, жолдугуна маруу ниетинде Калмурза токтоосуз жетет.

Кекенген Байзак баатыр сыр билгизбей кирер замат, ырдоого шамыянын келтирбей дардайган чен аякка мелт-калт кымыз сундурат. Кезегинде Шабданды мактап, башкаларды, маселен, аларды жамандаган керооз ырчынын тилегин катырууга тымызын кымызга уу коштурган.

– Чүйдөн чөлдөп-чаңкап келген чыгаарсың. Тартып жибер. Анан ырыңды сабалатасың, – деп демитет Байзак.

Капарында эч шеги жок Калмурза, Байзак баатыр чындап жакшы күтөт деген ойдо кымызды шак шыңгытат. Оозунан көбүк кетет. Шайы оойт.

Кекчил Байзак:

– Каякка түшкөн экен. Жеткирип койгула, – деп атка өңөртүп эжесиникине жеткиртет. Калмурза жылдыз толо жан берет. Мына Турсунум, канкорлугу ашынган манаптар акындарды ушинтип курутат. Мен деле «Мураталы кызыл таздардан» аз жерден күм-жам болуп кала жаздадым. Жеке биз бекенбиз. Илгертен, ар элде куугун, сүргүн, ызакордук тарткан акындар көп. Мисалы орустун Пошкини, украиндын Шепченкосу, өзбектин Фуркаты менен Мукимиси, казактын Абайы, Биздин Музооке менен Токтогул...

Турсун түнөрүңкү кабагындагы көлөкөнү коюуланта акындын сөзүн жалгады:

– Кыргыздын Тоголок Молдосу…

– Күкүгүм биздин тагдыр оңолуш керек эле. Картайып бараткамымды гана айтчы. Кезек бышып жетилгендей. Туюкта кабардан алыстадык, Арийне, жакшылык чагылгандай жарк этип, жердин жети түбүнө жашырынсак да шооласы жанаар. «Өлбөй жүрүп өчүң ал».

– Кайдагы кереметтерди эңсейсиз, Молдо дос-с.

– Миң тогуз жүз бешинчи жылдан көтөрүлүп көңтөрүлүүгө даярдалган төңкөрүш айыгышып күчтөнүүдө. Оруcстандын түпкүрүндөгү быкыраган ишчи, окумал калк, кең аймакты ээлеген башка улуттардын букараларын бириктирип, падышаны тактан кулатмак. Аны колдогон төрө, бай манаптардын доораны бүтмөк. Жалпы журтка азаттык, теңдик орномок. Мен жазып куржунга бапестегендеримди китеп кылып чыгармакмын.

– Оозуңузга май. Ошо күндү көрөөр бекенбиз деги.

– Үмүттүү адам тың жүрөт деген чын. Теңдик үчүн күрөшкөн Орусыянын миңдеген кол башчы азаматтарынын ичинде Пишкектеги дарыгер досумдун уулу Михаил Поронзо да бар.

– Молдо дос-с. Ээн тоо калкасында эрикkенде чечилип, акылга сыйбас не сонундарга сугардыңыз.

– Шашпа-а, Күкүгүм… Жакында Чүйдөн даанасын билдим. Ошо уруят доор келсе…

Саамай чачын үлпүлдөтө бооруна башын сүйөй, божураганына баладай ишенип, өзү менен кошо тамылжыган жаш жарын аяй акын секин улутунду:

– Атаганат Токмок, Пишпекти карай ичкерилеп жылууну да ойлодум. Жол өтө алыс. Дарман чак. Аякта да чоң тополоң. Көркоо Касымбек көрсө копорлонуп Мураталы кызыл тазына жанчтырганынын салдарынан канчага төшөккө жаттым. Жаңыдан баш көтөргөнүмдө караманча каарын үйрүп, «астыма кулдук урсун. Тил айыбын тартып мени, кемсинткен мыктыларымды жакшылап жазып жардасын» – деп айттырды. Мен унчукпадым. Абалымды сурагандын ордуна элчи жиберип кайрадан опурулду. «Тоголок Молдо эгер менин карашканымды билбесе, талабымды орундатпаса көз көргүс, кулак уккус жакка жоголсун». Башында экөөбүзгө аркасын тийгизген сага

ынак байбичеси Айымкан эми, анын колунан эч чара келбестигин, болуш эри, кызыл таздардын кысымы, көкүтүүсү менен катуу ызырынганын безилдеди. Аял канчалык билерман болсо да, тагдыр талашка түшкөн чоң маселеде чамасы чактыгын туйгузду. Омурообуз жарга такалып тукулжураганда туюктагы Тогуз-Торону беттеп качып орто жолдо опкоолжуудабыз. Арттан куугун жок. Шүгүрчүлүк. Алдыдан чалгынга кеткен Кашкарыдан дарек жок. Бүгүн да үңкүргө түнөп калсак, кечээки түндөгүдөй коркпойсуңбу?

Турсун башын чулгуп, эринен оолактады:

– Жүрөгүм токтолду. Көнө түшпөдүкпү. Кургак чегедектерди көп жыйдык. Үңкүрдүн оозуна отту алоолонто буратып таңатканча отура беребиз. Азыр чырм этип алайынбы?

– Ошент Күкүгүм. Мен ары-бери басып акмалайын. Экөөбүз тең уктасак болбойт.

Турсунун байкарагай түбүндөгү бүктөлүү ала кийиздин үстүндөгү төшөккө бүкүлү бөжөйтүп, анын жанында сагалады.

Өткөн кооптуу түн. Ээн теребелди ээлеген жапайы айбандар кайдан-айдан каңгырап келген сербейген эрди катынды жатыркап, күүгүм күңүрттөнгөндө тыяк-быяктан жыт искей улуп-уңшуп, караган бутаны качырата карышкыр карсак жакындай тап коюшту.

Мындай учурда жолоочунун жанын сактоочу жалынды жалбырттатышты. Кудай жалгап алардан мурдагы түнөктөгөн, мергенчиликке ууга чыккандар бейм, кургак чегедектен үңкүрдүн улагасына отун жыйып бышырган кайберендердин сөөктөрүн, очоктун күлүн калтырышыптыр. Оттук чагышып коломтого от тутантышты. Ээн жердин лакыйган көк жал бөрүлөрү ыкыс берип, арсайган тиштерин шакылдата, ырылдай үңүрөйүшүп бет маңдайга уңкуюп жакындашты. Алардын соңунан улуп-уңшуп үйүрү чогулуп тегеректешти. Ач көздөрү өрттөн жалтанып, отко чагылыша жарк-журк албырып атырыла кыңшылашып, адамдын ысык канына тоюуга жалындан гана айбыгып, качан өчөөр жагдайды күтүштү.

Атты үңкүрдүн түпкүрүнө байлашкан. Ал кургур тегеректеген карышкырдын коңурсук жытынан, улуп-уңшуп, тишин шакыл-

датканынан удлам кишенеп, кошкуруп үңкүрдүн таштуу таманын карсылдата тепкилеп чочулоодо. Бөрүлөрдүн үйүрү аз келгенсип май куймулчакка житирчү тумшуктарын шиштийтип, чөөлөр келди биринин куйругун бири тиштеше чубашып. Байымбет анда-санда четки күйгөн көсөөнү жалбырттата аларга ыргытканда «ар-р» деп, алыстай куйругун кыпчый качымыш эте куралсыз, отту бетине кармаган жандарга кайрадан арсайышып чукулдоодо.

Эрди катындын колдору чычаланы өксүтпөй үңкүр оозунда додолонгон чокту тутантса, көздөрү бет маңдайында ыкыстап арсайган жырткычтарда. Тап коюша арбашып таң куланөөктөп ык салганда ээн жердин ээлеген бөрүлөрү өңүтү болбой тиштерин шакылдата түн каракчысы караңгылык меиен кошо самсый токой черге, тоо ташка житишти.

Байымбет менен Турсундун окус дагы кечээкидей экөө түнөсө жытчыл жырткычтардын жылуу кан эңсеп аларга чабуулга келээрине камынгандары да ошондон. Турсуну таттуу уйкуга көшүлдү. Тоонун таза абасында билинээр-билннбес демин чыгара колуктусунун бейкут эс алганы эринин көзүнө татына мөтүрөйдү. Леп-леп калкыган керимссл жоолук учун желпе, саамай саңоорун үлпүлдөтүп, сугулган эринен да назик эркелетүүдө.

Байымбет ушуга мөтүрөкөй Турсунга туш кылган таалайына кубаттана чыйрыгып калбасын пейилде үңкүргө эңкейип, чапанын алып, этиет жапты. Кулагына үзүл-кесил асканын жаңырыктаганы угулду. Түндөгүдөй жапайы айбандардын улуп уңшуганына окшобойт. Кишинин кыйкырыгы утуру дааналанып зоока, карагай чер кайталаи жаңырыктоодо. Ким? Буларды издеген эмелерби. Кашгары эмес. Арттан жеткен куугунчуларбы. Ырас эле зоокаларды кабыштыра даң эттире күңгүрөтүп мылтык атылды. Куугунчулар үңкүрдү билишет. Түпө түз жетишет. Качкынды тутуп байлап матап кайра алып жөнөшөбү? Жүрөк кургур болкулдай тымып тыңдады. Жо-о, улам жакындап айкай күчөөдө.

Молдо-ке-е! О, барсыңарбы-ы!

Тобо атынан чакырат. Мындай жапайы черлерде кишидей атынан чакырган жандар – азыткы, кош аяк жашайт дечү эле. Ошо болуп жүрбөсүн.

– Байымбет ага! Кайдасыңар-р!

Капырай. Үнү тааныштай. Атынан чакырат. Уйкудагы Турсунун, жанындагы эки куржун толтура китептерин ынтыга көтөрүп, үңкүр оозундагы далдоого жашырды.

– Суук көздөн далдалай турайын. Өмүр бою көз майымды сарптап тапкан мүлкүм.

Айкай, чакырык басаңдап, кайра чукулдай жаңырды:

– Молдо Байымбет! Байымбет ага-а-а!

Тааныш сымал. Тобокел. Мынча түз качырып өр тарткан эме, үңкүрдү таппай коймок беле. Алаканын оозуна калкалай, Турсунун ойготпос үчүн, нарылай басып дабышын жай созду.

– О-о! Мен мында! Мындабыз!

Кыйкырык токтоп таштак кыядан тапылдаган ат дүбүртү угулду. Байымбет алдынан утурлады. Жонуна шыйрактуу мылтык асынып, ак калпагын шаңкайткан Абдыкалык көмөлдүрүгү омуроосуна тыгыз тартылып, өйдөдө ээрин артка жибербей демиккен атын тык токтотуп үзгөнгүдөн атыла ыргып, энтелеңдеп мүдүрүлө чуркап, канатын жайды:

– Аваке, Молдоке-е, ушундай күндү көрмөк белеңиз? Неге жаныңызга таш батты?

Байымбет жашыган шакиртинин мүрүсүнө секин каккылады.

– Э-х, тиркич моюнум. Башың жаш. Муңайба. Мен мындайдын далайын көрбөдүмбү. Жер которууга көнбөдүмбү. Өзүңө жол болсун.

Устатынын кайратына жаш шакирти чыйралып шашкалактады:

– Сиздин Тогуз-Торо багыттаганыңызды Букарбай тилмеч жашыруун шыбыштады. Анын кеңеши боюнча из суутуп... Мыктылардын тобундагы доңшоорду угуп, анан аттандым.

Байымбет түбүнөн омкорулуп сулаган куу карагайга жамбаштай отуруп, Абдыкалыкты жанынан орун алууга жандады:

– И-и... не доңшоор уктуң?

Абдыкалык кызыккан устасына дыкан кабарлады:

– Мураталы кызыл таз булдурсунун бүктөй өкүттө имиш. Кызыталак ырдагыч немени экинчи ат койгус кан жүткүрт-

көндөй тулуптай сабаттым эле. Ит жандуу ургур окшойт. Кап, тирилип кеткенин карачы – деп олунуптур. Сары бучук бий Сакеңиз: «Ылайым ошо томордон кутулуп кулак тынсынчы» – деп кеңкилдептир. Камбаралы зор текеңиз:

– Ай, ким билет. Кырчаңгы каапыр өчөгүшкөнүн тыйбайт. Абийирибизди чукуп элге жаят, көрөсүңөр. Мураталы баатыр айткандай жаагын жап кылганда болмок, – деп бакылдаптыр.

Опурулгандардын көксөөсүн Касымбек болуш суутуптур:

– Бир чеңгелдеттим. Боорун эзе мыкчый албайсыңар, түштөн кийин опуруласыңар. А түгөттүн куну азыр оңойго турбайт. Түн катып тентип кетиптир. Тамам. Карган томаяк ооз айыбын тартып, өз жеринен топурак буюрбай, ээсин каап кутурган иттей каңгып ай талаада сөөгү сөпөттөлсүн. Артынан кууп кектөөчү да, издеп жактоочу да болбосун!

Болуштун бүтүмү ар старчын элге жардалды. Мен жашыруун чыктым. Укса Касымбек тирсегимден илдирер, Атам менен сиздин Букарбай досуңуз гана билет.

Байымбет алаканын жая көпкөк темгилсиз көшүлгөн төбөсү бийик асман атага көзүн чайый, анан төмөн эңилте таканчыктаган төшү түктүү дүңкүйгөн жер энеге жалооруй боюн жаза кобурады:

– Тоб-о, бабедин! Кутулган экемин! Касымбектей кан тырмак көркоолорго да жазган балээ бардыр. Каргыш кутказбас. Мен го мен. Зулумдун буйругун бузуп, мени издеп чыккан жаш кырчын сага залакам тиет го?

– Ата-энемдин, Букарбай досуңуздун ак батасы менен кош бештешип чыктым.

– Бекер кылыпсың балам. «Жолоочуну ээрчип ит өлөт»,– дейт.

– Сизсиз коңултуктап куругудаймын. «Жамандыгыбы, жакшылыгыбы, чогуу жүр. Көнгөнүңдөй казалын көчүрүп, таркатып, кат сабатыңды арбытып, Молдокеңднн этегин карма» – деп, атам жиберди. Замана оңолот дечү эмес белеңиз. Кайрылып чогуу бараарбыз Курткабызга.

– Атаңа – Чоробай агага ыраазымын. Кайран киши, анын сенден бөлөк бел тутаары жок. Ага кыйын. Бүгүн түнөп, мылтыгың бар экен карышкыр ат, эртең кайра тарт.

Абдыкалык чындап көзүнөн жаш куюлта, солкулдабаспы:

– Кууйсузбу? Куусаңыз деле жаныңыздан кетпейм. Жолуңузду жолдоп кызматыңызды өтөйүн деп жүрсөм.

Устат бурулуп уланды кучактады:

– Өзүм тентиреп, баш каңгыган жанда не нуска калмак. Кийинки тепки запкыдан башым каңгып, көөдөнүм какшыды бейм. Ыр булагы да сооло түшкөнсүйт. Букаралардын балдарын эмдеп да жан багаармын.

– Анда эмчилигиңизди үйрөнөм. Жазган казалдарыңызды көчүрүп кыз оюн, жаштардын жоролорунда жаям.

– Болбодуң, көк экенсиң тиркич моюнум. Бири-бирибиздин тилибизди алышалы. Мен шарт коём ошону орундатасың.

– Коюңуз. Баардык шартыңызга макулмун.

– Тиркич моюнум. Азырынча мага бул улуу тоонун түпкүрүнө жашырына туруу жагдайлуу. Келер заман чукулдады. Токмок, Пишкекте сөөк, тамырлар бар. Ошолорго кат чийип өзүңдү аманат дайындасам. Ылайыгы келсе окуп кал. Болбосо кабар угуп кайтсаң. Нускамды өнүктүргүң келсе... Мени сыйлап айтканыма көн. Идиректүүсүң тиркич моюнум. Калаага жетсең көзүң ачылат. Атаң да колдойт. Анын да тааныштары табылат. Киши карага кошуп жөнөтүүсү мүмкүн. Кабыргаңа кеңешип, эртеңге дейре жообуңду күтөм.

Тапыраган аттын дүбүртү, аңгыча теминип кагынган Кашгары суурулуп аптыга карбаластабаспы:

– О-о, Молдоке-е, о жеңе-е, барсыңарбы! Э-э... Те-ти тиги Абдыкалык кайдан?

Тоголок Молдо алик ордуна башын секин чайкады:

– Э жубарымбек Кашгарым, алдастабай жайыңды айтчы. Уйкусу канган Турсун чабаганчынын түрпүнөн шекшиди:

– Сопоюп жалгыз кайтканына, энтелегенине караганда бизди пааналатчу киши табылган эмес го.

Абдыкалык аны атынап түшүрүп, тийише тамашалады:

– Кашгарынын көк чычканы бар эле. Жолу болбогон бейм.

Кашгары камчы учун шилтей, аны кемселинин этегине чапты:

– Ак чычкандуу ажыкыз жашабагыр, оозуңду бас-с. Сенин тамашаң курусун. Таланып араң бошондум. Эт бышымча өттү.

Ашуунун ары жылгасынан эки сомодой неме капталымдан качырып… Соодагерби, каракчыбы билбейм. Атыңдан түш, кийимиңди чеч дешип эсимди оодарышты. Азык бөктөргөн куржунумду, чаначымды тартып алышты. Жалынып, жалбарып… Молдо Байымбет ырчынын шакиртимин деп жан соогалап комуз чертип берип зорго карабашым кутулду. Жүрөгүм акылдап дале басылбайт.

Абдыкалык ага сөөмөйүн созуп кайрадан кырданды:

– Ач оозуңду, апаптап коёюн.

Кашгары анын сөзүн таназарына албагандай Молдокеси менен жеңесине күлгөнсүй бабырады:

– Өзүм алактап, араң келатсам, сиздерди тооругандай мобу Абдыкалык ажыкызды көрүп… Жанакы каракчылардын бирөөбү деп чочулаганымчы. Молдоке, иш мындай. Тегирменчи досуңуз баржактаган жакшы киши тура. Чаначка толтура бозо куйдуруп, үзөңгүлөтүп берген. Ка-н, суусунуңарды кандырам деп сүйүнүп келатсам, алиги зөөкүрлөр тартып алып, жолго түшүшпөдүбү… Молдоке, Тезекбай досуңузга салам-дубаңызды түгөл айттым. Барган түнү тынч өргү деп кондурду. Күкүрттөй бозосуна тойгузуп, Молдокеңдин казалдарынан зоок кур деди. Тегирменчи досуңуз «кудайкары» дегенди ар сөзүнө кошуп сүйлөйт экен. Бозосуна кызыган жанын аябай сабалаттым.

– Ко-ош, жарды да болсо, айыл-апасына кадырлуу неме кургурум. Не масилеттеп жөнөттү?

Устатынын тике талабынан соң, Кашгары сөзүн кыскартып, жыйынтыктуу сүйлөдү:

– Кудайкарыныкы элди доңшутпайлы. Молдо Байымбет Касымбектен качыптыр дегенди эч кимге угузбайлы. Тамырчылап мага келиптир деп коём сураганга. Үйүмдү тигип берем. Менин жанымда канча каалаcа ошончо жашасын. Дүрбөлөңсүз эле, түн бакырдыкы эмеспи, өзүңөр келип калгыла деди.

Тоголок Молдо аялына кылчайды:

– Тезекбай досумдун бу акылы мени ынандырат. Турсун, сен кандай дейсиң?

Турсун элпек козголду:

– Камыналы анда. Ырчы уулдар аттарды апкелгиле.

Абдыкалык дагы Кашгарыга тийишти:

– Аттардын милдети каракталган уулда. Мен куржун-кече, жүк артам. Кана, каракталган уул, тур. Аттарды току.

Кашгары ага муштумун чочморлото кезей аттарга басты.

Турсун жигиттердин тамашасына жылмайып төшөнчүсүнүн таңылчактарын оңдоштуруп, куржундарын иреттөөдө.

Тоголок Молдо капчыгынан намыянын сууруп, Абдыкалыкка акча берди:

– Ме, калаа жеринде акчанын кереги тиет. Тиркич моюнум, ушерден кайра тарт. Ата-энең, Букарбайдан бөлөккө менин кеңешимди айтпа. Тезинен сапарга жөнө. Мени Тогуз-Тородогу Тезекбай тегирменчиникинде деп бил. Калаадан тез кайтууга ашыкпа. Сенин окуй турган убагың. Кур дегенде жадид мектебине мугалимдик даярдоо окуусуна кир. Төңкөрүшчү азаматтарга жакындаш. Ичкериге кулагыңы сал. Замана оңолсо буерден деле угабыз. Мен табыштаган адамдын ололу менен бол. Ал сенин окууңа жардамдашат. – Эпейе тизесине дептерин такап кат нукулан бүткөнчө тигилер аттарды таңылчак, куржун-кечелерди белендешти.

Сыпаа Молдо Байымбет катты тумарчалай бүктөп, этек-жеңин кагына, жүктү артышкан үчөөнө чукулдай:

– Ушерден ажырашалы. Тиркич моюнум, бизди узатам деп убара болбо. Шарт артыңа бастыр.

Кашгары акылы эми араң ордуна келгендей, колуна маш тийгендей Абдыкалыкты желкеледи:

– Оңбогон ажыкыз, көрсө Молдокемдин акчасын солоп, шаарга сайрандоого келген турбайсыңбы?

Абдыкалык акысын жедирбей калсын, чөнтөгүнө жаңы каткан катка кошо акчаны бурдай уучтап Кашкарыга сунду:

– Ме, алмашалы. Мен калайын Молдокем менен жеңемдин кызматында. Сен жөнө шаарга.

Турсун тыйды аларды.

– Беймаал короздорчо кукулдап чапчышпай, агаңарга шакирттигиңер чын болсо, коштошкону деги турасыңар. Салтты сактап бир ооз сөз таштаганга жарабайсыңарбы.

– Ойт, жең-е-е, катырдыңыз. Жолу улуураак Кашгары баштасын, – деди Абдыкалык чекир көзүн шоктонто тиркич моюнун ыргай.

Кашгары комузун күүлөп тыптынч тоо теребелин термей жыбылжытты:

Кош болгун Тиркич моюнум,
Сагындыраар оюнуң.
Билиминди өстүрүп
Билип кел калаа сонунун.
Кызматты жасайм устатка
Келишинче колумун…

Абдыкалыктын обону жок, үнү кычкыл. Ошондуктан кырааттата жөн куюлуштурду.

Ой оңбогон Кашгары
Ойнуңду кой баштагы.
Ыраазы болсуи ишиңе
Чоочун элде жаш, кары.
Мен келгенче көбөйсүн
Молдокемдин жазганы,
Жеңемдин окуп айтканы –
Ошондо акым кайтканы.

Шакирттериңди шаңшытып сиз куру калбаңыз ниетте Турсун эрине бажырая кирпигин серпти.

Байымбет саал ойлонуңку, токтолуп окторулган булак шылдырындай термеди:

Окшошкон эки барчыным
Жарашат кыял жоругуң
Калайыкка чачалы
Казына сөздүн толугун,
Кайнама сөздүн сонунун.
Канкорлор тартаар сазайын,
Калк намысын коругун.
Шаңшып бүркүт тепкенде
Шаштысы кетээр жорунун.
Жеңил барып оор кел
Тиркич моюн болугум.
Бактысын тилейм жолуңун
Башыңдын тилейм соолугун!

Турсун колун эбелектетип жайдаңдады: – Ырахмат. Акындыктын шаанисин чыгардыңар. Эми аттаналы.

* * *

Тогуз-Торо. Тегирмен. Акындын айласы куруганда туруктаган жайы. Атына жараша ааламдын эң четки тогуз жагынан тоолорго торолгон чөйчөктөй чакан өрөөн. Тезекбай тегирменчинин үйүн үч көтөргөн уу-дуу. Кыз-келин, жигиттердин күлкүсү. Кашгарынын комуз күүсү, коштошуу ыры. Жородо сайрандагандар тарап, сыртка чубоодо.

– Аман болсун, Молдоке!

– Салам айткыла, жаңысын уксак дейбиз.

– Жаңысын. «Үрпүкандан». Күйгөндөн, Секетпайдан.

– Турсун, Кашгары айтпасаңар моюнуңарга парз. Жоро ээси Тезекбай дүрбөп жөнөгөндөргө салт боюнча баржактады:

– Болжолу, эми ушу тойгонуңарга ыраазы болгула.

Үйүндө Тогуз-Торонун баш манабы Чоюбектин эрке токолу Сүйгөн, Турсун, Кашгары калды. Сүйгөн, Турсун экөө эже-сиңди, Нарындын башындагы Тынымсейит уругунан, карт манап жаш эркесинин оболунан чыкпайт. Турсун менен Сүйгөн айылдаш. Чакмак таш ойноп бир жаш айырмасы эмне, чогуу өскөн. Турсунга Сүйгөн каалаган убакта келет. Жаш неме тамаша, зоокту аябай сагынгандай. Ошондуктан тегирменчиникиндеги Байымбетке тиккен үйдөгү жорого Турсундун барлыгын шылтоолоп катышканына курсант. Эл кеткенде да ал кылчактап калды.

Келишкен кер мурут жигит Кашгары келиндерди эриктирбөө үчүн сөзгө тартты:

– Айткандары калетсиз. Молдокем чөгүп баратабы, билбейм. Ыр жазганды, айтканды унутту. Көрөр көзү Турсун жеңе, балдызы Сүйгөн, экөөң катуулап өтүнүп көргүлөчү. Силер эле эритпесеңер Молдокем катып баратабы.

Сүйгөн алаканын таптап чаба каткылыктады:

– Жездекени эритсе эритип эле коёбуз хи-хи-хи. Туура айттың, ырчы жигит. Кана, какылдап Кашгары чарчады. Турсун, эриңкинен, жездекеникинен окучу.

Турсун аяк каптан кол китепти этиет алып, барактап, суз шыбыргактатты.

Жерделүү калкым жардам кыл
Жетишпеген кыскага.
Аласаң болсо, сабыр эт
Ачууланып кыстаба.
Илимин таап дос болгун,
Ишиң түшөт устага.
Жесирдин көөнүн оорутуп
Жетимди башка муштаба...

Баштарын тийиштире китепке үңүлүшкөн Сүйгөндүкү кызыл, Турсундуку жашыл жоолукчандарга Тезекбай табышсыз жылып оймо шырдакка тизе бүктү:

– Кудайкарыныкы ырас да. Мен туурасында чийгени бар эле. Ошону таап окучу.

Нан, ун тозгогу жыттанган тегирменчинин шагын сындырбай, Турсун кол китепти барактады:

– Азыр, азыр Тезекбай аяш. Окугам. Бир жеринде төрт сапты кыпчыткан. Мына, мына... Аяк ченинде тура.

Ой, Тезекбай, Тезекбай
Келтирээр кудай кезекти ай
Калкты эзген көркоолор
Табаар бир күн эсепти ай.

Тезекбай канааттана шыпшынды.

– Болжолу ырас да. Кана, кудай келтирсе кезекти. Сүйгөн Кашгарыны жалт карады.

– Хи-хи-хи! Аяштар, эми күйгөнгө берсек кезекти. Күлкү менен күйгөндөн жыргал не бар дүйнөдө. Молдокең бекеринен «Үрпүкан», «Кыздын ыры», «Ак келин», «Жигиттин келинге ырдаганы», «Ашыглык жөнүндө арман жаш» соктуруп жүрбөйт да. Кашгары кайни, кана боздоп жиберчи.

Кашгары мурутун сылай комузун күүлөдү:

– Турсун жеңемдей окумал азаматка ашыклыгы арткан келиндин ыры деп жазган Молдокем.

Сабатың окуп ачылган
Сага ашык болдум жашымдан.
Илимин, окуп ачылган
Илинип калдым жашымдан.

Жүрөгүм жалын ичим чок
Сүлдөрүм калды дарман жок.
Көрүнбөй кетсең Молдо дос,
Кайгыңды тартып зарлаймын.
Кара жаным курмандык,
Как өзүңө арнаймын.
Жүр, акын дос, кетели
Көмүттүү болуп жүргөнчө
Кол кармашып өтөлү,
Көз көргүс жерге жетели.

– Их, их, ых! Кайран Турсун, шүнтүп жүрүп жеткен экенсиң э Молдо досуңа.

Турсун лып жетип Кашгарынын комузун этиет кармады:

– Башкасынан. Сүйгөндү сүрдөтөөрүнөн.

Кашгары комузуна колун ойдолото кайыра:

– Анда Молдокең Үрпүкан сулууга дагы минтип күйгөн экен:

Башыма мүшкүл иш салдың
Боз жигит менен Жамалдай.
Тапканымды сарп кылып
Тураармын сенден аябай.
Асылга асыл табылбайт
Асылга асыл табылса
Ашыглык оту жалындайт.

– Бар бол, ырчы жигит! – Сүйгөн токтоналбай албырды. Кашгары манаптын эрке, жаш токолунун ышкысы ырга гана эмес, «ырчы жигит» өзүнө бурулчудай күүлөндү.

Тамылжыйсың кылгырып
Тамаша айтып жылдырып.
Качан колго тиесиң
Кара жанды тындырып.
Аста басып буралып
Арка чачың чубалып.
Алганым болсоң Үрпүкан
Аптамадан суу алып.

Дары-дармек көмүркөйүн колуна кармап Байымбет босогону аттап делдейди.

Сүйгөн акынды байкабай шаттуу илеп тартты:

– Гүлдө, тилегиңе жет, ырчы жигит!

Үйдөгүлөрдүн шаан-шөкөтүнө аралжы болгонуна өкүнө да, кубана да Байымбет колундагысын жерге коюп, тигилерге угузаар угузбас божурады:

– Атаганат, бейубак чарчаганыман... Тезекбай илбериңки өйдө эргиди.

– Кудайкарыныкы ырдын кызыгына батып киргениңди билбепбиз. Аттан түшүралбай да калдык. Төргө Байымбет.

Кашгары кыйпычыктап комузун туткан бойдон ордунан обдулду.

– Жоронун күүсүн карасаңыз... Жеңелериме сиздин «үрпүкандан» соктуруп атып байкабаппыз.

Байымбет сырт чапанын чечип, курандын мүйүзүнөн жасалган улагадагы илгичке илди.

– Аптанын ичинде чакырык түгөнбөй канча айылды кыдырдым. Жүздөн ашуун баланы эмдедим. Алды чечектен айыга баштады. Замананын тополоңуна жараша апаат оорунун тараганын карачы. Турсун жылуу суу...

Турсун аптабага жылуу суу куюп, жез таштекти улагага жылдырды.

– Өтө чарчапсыз. Мынакей, даяр.

Байымбет жеңин түрүнө үкөкчөсүн ачты.

– Наштарларымды, дары-дармек салган идиштеримди кайнак суу менен жууп таштабасам...

Элпек кыймылына, татына жүзүнө жарашык бердире эрөөнсүз, Сүйгөн шайыр көнгөн акынга жаркылдады:

– Жездеке-е, кулагыңыздан чойсом таарынбайсыз. Балдыз антүүгө акылуу. Жородогулар бүтүндөй сиздин казалдарга карк тунушту. Алкашты. Бирок, жездеке, биздин моюнубузга аманат парз тагып кетишти. Сыпаа, таза жездеке жуунуп тараныңызчы. Анан чекелешем.

– Жарайт, жарайт, жалбырттаган Сүйгөн балдыз. Сен чекелешсең качпайм.

Турсун сайма чачыктуу сүлгү менен жуунган эринин жаак, башынан сылагылады.

– Күйпөйүп жүдөй түшүпсүз. Балдарды эмдейм деп кайдагы түйшүктү таптыңыз эле? Күн түн үйдөн безип, кебетеңиз кантет?

Байымбет мурут, сакалын сөөмөй учтары менен түзөтө:

– Колуңдан келип турса, адамдын сообуна калуудан кантип тартынасың, күнөөсүз монтогойлордун канчоосун өлүмдөн куткардым. Кудай жалгап, дарым жетишээрлик. Курган ата-энелердин алкаганын айтпа.

Сүйгөн Тезекбай тегирменчиге шыбырады.

– Сиз баштаңызчы. Дос эмессиңерби. Мен жирейин. Тезекбай калбаат унчукту:

– Молдо Байымбет, көчүп келип бизге байырлаганыңа эки жылга айланды.

– Тезекбай, сага, эл журтка ыраазымын. Бүгүн жороңор жакшы өткөн окшойт.

– Жездеке о-у, несин айтасыз. – Сүйгөн акынга эркей тизесин баса чукул отурду. – Аты жоро болду, а заты сиздин жазгандарыңызды, казал, күйгөн армандардан алмак-салмак көрөркөз Турсунуңуз менен, ырчы иниңизди какшатып чогулгандардын кумарын таркаттык.

– Курсантмын, балдыз. Сен катышканың үчүн менин эки шакиртим аянбагандай.

– Туптуура жездеке. Балдызыңызга сиз да аянбайсыз. Өз оозуңуздан сайраганыңызды угууга таңмын.

Тезекбай эми чындоочудай тебетейин тизесине кийгизе, багжайды досуна:

– Кудайкарыныкы, жана сөзүмдү жулдуруп ийбедимби. Эл да чуулдап бата тилеп бизге табышташты. Мен да келген эки жылдан бери жаңы казалыңды укпадым.

Тоголок Молдо тынымга томсоро, өкүттө таноосунан улутунду:

– Жаңы казал... Жаңы казал... достум, чыкпай калган менден.

Турсун чочуп, башын чайкады:

– Антпеңиз. Антчү эмес! Чыгат. Жазгым келбейт, пейлим чаппайт дебейсизби.

Кашгары али колундагы комузунун кылын угулаар угулбас суроолуу кайрыкка сала дыңылдатты:

– Мен билем, жеңе. Негедир Молдокем быякка оогону ырга көңүлдөнбөйт. Оюнда алаксыганы башка. Анда-санда байыркынын «Манасынан» айтат. Эмчиликтен колу бошобойт. Калем кагаз Молдокемди сагынып бүттү.

Устат шакиртинин черин козгогон акыркы сөзүн кайталады:

– Калетсиз. Кагаз, калем Молдокеңди сагынып бүттү. Көкүрөгүмдү чым басканбы. Башка ыр түшпөйт. Айтаарымды айтып бүткөмүнбү...

Сүйгөн кайрыла жайдаңдап, шакектүү колун кыпчуурдай эпилдетип, акындын кулагына жакындата зекиди:

– Эх-эй жезде-е кууланбаңызчы. Турсунга жеткен соң эле күйгөнүңүз түгөндү демекчисизби.

Акын шок келинге балдыздык шылтоо менен кулактан чойдуруудан кооптоно бурула мулуйду:

– Бу айтканың калетсиз, балдызым. Күйгөндү Турсунум менен тамамдагам.

Тезекбай досун чычалатуу, дегинкиси чындыгына жетүү үчүн сөз учугун улады:

– Кудайкары ургу-сүргү көкөйүңө тийгенби. Же «Калпа, Касымбек баштаган мыктыларды кордоп бүттүм. Өчүмдү кетирбедим. Алардын таягы сөөгүмдө калса, менин таягым элдин эсинде, кагаз бетинде» – деп шүгүрчүлүк тилеп ырдабаска шерт оозандыңбы.

Байымбет аны тегеректеген аяган, ишенген бакыбат пейилдештерине чын сырын билдирүүгө мажбурланды:

– Жаралуу, кусалуу жеримди тырмап нетесиңер. Көкүрөккө жаңы, жарытылуу сөз түшпөсө эмнени жазам. Азырынча эмчилигим пайдалуу журтка. Бай, манаптын да кулагы тынч, менин да...

Тунжуроо уюду. Ким кими акындын чындыкты моюнуна алып түшүндүргөнүнө күмөн санабады. Сүйгөн гана эркелигине таянып, самаганын аткарууга дилгирленди:

– Мени эрке балдыз, тегирменчини досум дегениңиз жөн эле бейм. Көркөз аялыңыз менен шакиртиңизди деле таназарыңызга илбесеңиз керек.

Байымбет чычалады:

– Кантет, кантет.

Көздөгөнүнө жетмейин Сүйгөн жаакташып кайым айтышууну күчөттү.

– Анда эки эле сабак. Сүйүүдөн деги калыпсыз. Ишенели. Санаттан.

– Олдо эрке балдызым ая. Тилим катып калганда... Көшөөрүп кыстайсың. «Манастан», «Семетейден» айтайынбы?

– Жок. «Манастан» мен түгүл сурагандын баарына айтасыз.«Талым кыз менен Көбөктү» же «Мактым кыздын арманынан» айтайынбы.

– Аларды сизсиз эле Турсунга окутабыз.

– Балээ баспадыбы. Тезекбайым, бу эрке балдызды кой десеңчи.

– Кой, ай дебейм. Айт, айтасың эле?

– Кашгары сен кутказсаңчы?

– Молдоке, мен да сиздеи жаңы сөздү эңсеп тамагым кургады.

– Турсунум, Күкүгүм, сен бирдеме дейсиңби?

– Молдо дос, кантесиз? Мынчалык кысталганыңызды көргөнүм ушул. Эртегиңизден эске салсаңызчы?

– Эртегимден, жо-о... айтсам жаңыдан баштайм. А жаңы жакында...

– Оозуңузга май Молдо дос. Антпесеңиз эрке балдызыңыз таарынчудай.

– Туптуура, кайран Турсун. Сен мени колдодуң. Жездеке, эми качаар жериңиз бүттү. Эмне болсо да, өзүңүз жөмөгөн жаңы ыр болсун.

– Ай, балдыз ай. – Тоголок Молдо ойлонуңку телмирди. О кыйлада жай кырааттатты:

Каткан черди жазсамбы

Камыккан көөндү ачсамбы...

Кыязы, ааламды козголткон жаңырык бар. Дүңүн силер да уктуңар, бирок анчейин маани бербейсиңер. Азырынча чалачарпы серпилсе да ошо жаңырык жаатында бирдеңкелер дүрбөөдө. Каалasaңар, тек, эрке балдызым каалаcа, ошондон гана жобурооого жарайм. Башканы сурап убара чекпегиле.

Качан тигилер тынып макул дегенде акын жибиген ниетиндегисин чубады:

– Роман тукуму үч жүз жыл тактан түшпөй Орусыяны башкарды. Улам кеңейткен жериндеги өз, өзгө элдердин эч кимине азаттык бербеди. Үстүбүздөгү жаңырган жылдын экинчи февраль айында орустун ишчи, окумал, дыйкандары, чет жактагы оторундагылардын кошулуусу менен, Роман тукумунун акыркы ак падышасы Николайды тактан кулатышты. Жакшылык жышаандын башталышы… Убактылуу өкмөт түзүлдү. Ошого кубанып какшыган көкүрөктөн калкытканым:

Он жетинчи жылында
Ынкылабдын кырында.
Өзгөрүш жолу ачылды
Азаттык нуру чачылды.
Николай кулап тактыдан
Жаңыдан заман курулду.
Жардыгы журтка угулду…
Чыгарам каткан бугумду.

Турсун сүйүнгөнүнөн эбелектей тегеренди эрин:

– Болсун! Болсун. Кашгары андан жалбырттады:

– Молдоке, чын күүлөнө баштадың:
Ынкылабдан жарлык таштадың.
Азаттык жетсе канакей
Толук түшүндүрсөң арт жагын.

Азаттыкка анча муктаждыгы жок, жердиги да жетиштүү, картымак Чоюбектин эркеToколу зордоп ырын эшиткенине топуктана, качып-бозгон бечаралардын неге мынчалык бадыраңдашаарына элейди.

Тегирменинин дөөмүтү менен нан менен бозого карды ток Тезекбай да ортозаар момураюуда.

Тоголок Молдо өз өнөктөрүн өкүттө калтырбоо үчүн кыскача чечмеледи:

– Байкадыңар го. Сезимди тоңуткан муз эрий баштабадыбы. Ичимен күдүңдөп демдүүмүн. Кулаган ак падышанын ордуна убактылуу өкмөт түзүлүптүр. Анын башынаКеренский деген отуруптур. Ал эмгекчи букарага жалпы азаттыкты жасабай, дагы

эле байларды колдойт имиш. Ошондуктан, анын да түбү бош. Жакында тактыны биздикилер ээлейт деген доңшоор эшиттим.

– Аларыңыз ким деги?

– Ооба, биздикилериңиз кайдагы?

Акын зайыбы менен шакиртинин удаа ынтызарланганын басуу ниетинде көгала сакалын салаалай тарап мулуйду:

– Биздикилерби? Биздикилер деген биз. Жардыларды колдоочулар – балчабектер. Мынабу эмчиликти үйрөткөн Поронзо досумдун уулунун акылман, күрөшчүл достору. Чукулда билээрбиз. Ичиңерден кымылдап күтө бергиле.

Турсун элпек чыгданына бурулуп, толтура аяк бозону мелтилдете сунду:

– Сүйүнчүңүзгө суусун жута туруңуз. Азыр ысылык даярдай коём.

Байымбет капортолото шыңгытып, аякты жерге коё тыныкты. Көбүргөн бозонун көбүктөрү жуккан мурутун тазарта сылай ак падышаны аңтарган окуяга аң-таңданган шериктерине биротоло маалымдоо, тымпыя түшкөн Сүйгөндү ырга деген күдөрүн тындыруу иретинде ага түпөтүз маңкайды:

– Сүйгөн балдыз, ыр эле болсо ыраазымын дедиң эле.

Силер тытмалап, апчыланганда бүткөн булак көзүндөй туйгу жылтырап ачылдым. Эми жылжытып мелт-калт агыза берейин.

Убактылуу өкүмөт
Көзүн ачып көргөн жок.
Эрегиш бар ичинде
Эч бир жардам берген жок…

Сырттан аттын дүбүртү, ага удаа өктөм үн чаңырды:

– О, Тезекбай, барсыңбы?!

– Бармын! – деди Тезекбай.

– Тоголок Молдо ырчы үйүндөбү?!

Чакырыкчыбы, куугунчубу, жасоолбу, айтор соо неме эместигин үйдөгүнүн баары туюнду. Тезекбай алактай булдурттады:

– Ким? Ким?

Тыштан буйра, өкүм кыйкырды атчан:

– Тоголок Молдо дейм!

Акын жаңы жайылган дасторкондон оозуна салган куурдакты күрмөп, чайдан ууртады:

– Бармын. Кимдин жасоолусуң? Түш. Кел чайга. Чабаганчы акынга анча олунбай жайбаракат баяндады:

– Чоюбек болуш, дагы бир ичкерилик чыштай сыланган мырза экөө атайын ат жетелетип жиберди. Тезинен келсин дейт. Кечиресиз, түшүүгө чолом жок.

Тоголок Молдо дасторкондогу тамакты жылдырып ордунан турул кийинди:

– Чоюбек болуш менен ичкерилик мырза атайылап ат жетелетип чакырса терс аяктануу жөнсүз. Силер эмне үрпөйө түштүңөр?

Турсун күйөөсүнүн илгичтеги тебетейинин көрпөсүн силкип, кайрыгын оңдой сунду:

– Ай таң. Жүрөк үшүгөн курган жан. Чоңдордун чакырыгынан чочулайм.

Жаңкы «Убактылуу өкмөт, ак падышанын тактан кулашы» аларга багышталган ырдан улам коймолжуган Сүйгөн жандана колун серпти:

– Чочуба. Жездемди чекеге чертишпейт, мен барда чертип көрүшсүнчү. Кой, мен эртерээк аттанайын. Чабаганчы жездем менен кошо бизден кийин барат. Азыр ага айтам. Жүрү Турсун, чочуласаң.

Чабаганчы Сүйгөндү көргөн соң, Байымбетти шаштырбай тынч аялдады. Экта аял алдыга аттанышты.

Тезекбай журт ээсилик кылып, санаасын удургуткан дүрбөлөңүн басалбай кайпактады досуна:

– Кудайкары, мен да бирге жөнөйүн. Көрүп көңүлүм тынчып кайтайын.

Тоголок Молдо аны тыйды:

– Кой, сен оокат-тиричилигиңе, үй-жайга, тегирмениңе баш көз бол. Мыктылардын эсине кайрадан түшө баштапмын. Чайнап жуттургудай таруу белем. Атымдын начарлыгын билип, аргымак коштотуп ийген тура. Жамандыктын жышааны эмес. Андан көрөк, Кашкарым, сен кошо аттан.

Аялдарды атка колтуктай мингизип, алдыга жөнөтүп артынан жете бастырууга ыкыстап Молдокесинен тартына чыйпылдаган Кашгары, камчысын керегеден сууруду: – Мен беленмин, Молдоке.

* * *

Даңкайган бөлмөнүн төрүндө килем, шырдак үстүндөгү аюу, илбирс талпактарда, олпокторго кыңкая Чоюбек болуш менен шаардык кызматчы Жалий экөө кызуу, катуу маектешүүдө.

Көп букарамдын бири пейилде акынды эч таназарына албай көшөөрүгөн элет манабына Жалий жедеп жай түшүндүргөнүнө ынанбаган соң чындап кыжырлана, билимдүүлүк өктөмүн жүргүзүүгө тегерек төбөсү казанбактай калдайып, калканчы типтик суналган фуражкасын алчыланта, жамбаштаган калыбынан шак өйдө серпиле башын булкту эле... тегизделген кара чачы удургуп, чокусундагы «Үп» бөркү кырданып, талпакка айкарасынан чимирилди.

Сүбөөсүн бүлкүлдөтүп мамыкка оонаган манап карбаластай обдула, мырзанын куланган баш кийимин этиет илди да, жамбаштай жылып ээсине этиет кийгизди. Орус төрөлөрүнүн башын көрктөөчү сүрдүү фуражка саал кыйшайыбыраак төбөсүнө конгондо Жалий иретсиз булайган чачын да оңдобостон, жасакерлене баштаган Чоюбекке акырайды:

– Эх-х, элеттин жапайы машаяктары... Кимдин ким экендиктерин айра таанабай дөөгүрсүйсүңөр. Бо, акын, ырчы деген эмелер терс аягыраак, өзүлөрүн жанга теңебеген дымактуу келишет. Орустун Толстой деген жазгычы падышага каршы кат жазып, кайым айтышкан. Ал тургай карыганда динден чыккан. Жазгандары калайыкка тарап кеткен. Падыша аны жогото алган эмес. Эл арасында Россияда эки падыша бар. Бири анык падышанын өзү. Экинчиси – жазуучу Толстой деген аңыз бар.

Жалийдин ачуу сөзүнө аруурукай болкойгон манап, балтырын чытыраткан маасысын кычырата апчыды:

– Демек, окумал улугум... Тоголок Молдону чекеге чертпей, жөн жайына эсиртип койгула дегениңби?

– О-ооба,– өз үстөмдүгүн сезген Жалий ого бетер ныктай сүйлөдү.

– Ак падыша Николай экинчиден ажыраганбыз. Замана титиреп, убактылуу өкмөттү большевиктер жакалап шаштысын оодарган чак.

Чоюбек кирген букадай жалын аймаган көзүн тунартты:

– Балчабектер. Балчабектериң болчу жеринде болор. А жердин жети катар түбүндөгү туюктагы бизге кайдан жетсин.

Жалий аргасыз каткырды:

– Ха-ха, ха! Жапайы машайык. Болшевиктер жеңип калса, мына мен да алардын катарына култ киришим ыктымал. Анда кантесиң?

Болуш аны тарс сүзчүдөй, башындагы суусар тебетейин шыпырып, тер булоолонгон маңгыл чекесин чолуду:

– Сенби?! Сен дин мусулман баласы каапыр болосуңбу? Балчабегиң каапырдын каапыры дейт го?

Жалий сөөмөйүн кезеди:

– Ай, көзү туюгум. Ак падышаң, Роман тукуму дээрлик мусулман беле? Кеп, мусулмандык же христиандык динде эмес, күчтө, бийликте. Бийлик кимдин колуна өтсө күч ошондо.

Жер чапчып өз үйүрүн үйүргөн макоо айгырдай Чоюбек дале тоң моюнданды:

– Бийлик азыр... Түпкөрүдөгүсүн, аралашкан сен билээрсиң... Быяктагысы менде. Андан көрөк, билгич улугум, дал бүгүнкү өзүбүзгө тиешелүүсүнө кайрылалычы. Жогорку өйүз-бүйүз Ыман, Чоро элинин чоңдору Калпа ажы менен Касымбек болуштун Тоголок Молдону толорсугунан тарт деген жаңы салам дубасын кантем.

Айласы куруп, анын кеп кеңешине тукулжураган манапка Жалий доошун жайланыңкы чойду:

– Тоголок Молдо Касымбектен жанчылса да, кайра тирилип, күчтөнүп отурат. Эми сен аны амал ойлоп бөктүргүн.

Чоюбек карайлаган ныл караңгылыктан жаркын шоола көргөндөй жапырылды:

– Амал ойлоппу?! Кандайча амал колдонуум жөн? Жалий бөйрөгүн таяна кытылдады:

– Касымбек кордоп, урдуруп жанын кашайтса... Сен күлкүң, сыйың менен жибит. Кексе түгөт жибибес. Жибите албасаң да азгыр.

– Ко-ош, билерманым. Дегениңен чыкпайын... Кантип?

Чындап баш ийгенин байката, бутун солбуй чөгөлөй ком-

донгон Чоюбекке куу мырза, ага туюнтпай кыябын келтирген жорукту ачыктады.

– Эмесе амалың жүзөгө аша баштаганын билгизейин. Көрөр көз, жез така токолуң мен келгени Тоголок Молдонун зайыбы менен такыячан кездеринде бирге селкинчек тээп, кыз оюндарда чогуу моюндаш өскөн жердеш экендиктерин билдиби.

Болуш эткээл жайык жүзүндөгү кыл сакалын селкилдете, али бүпбүтүн тиштерин шакылдатты:

– Воф-ф! Анын ырас. Мен караманча жолотмок эмесмин. Сен күчтөп, менин эрке токол жез такамды, өзүңдүн таежеңди качкын ырчыны өрүлүктөтүп жибердиң. Катынын эже, өзүн жезде ата дедиң. Оңбогон мытаам, көрсө чалма таштатканың турбайбы.

Аңкоо манапка эми араң түшүндүргөнүнө корстоно Жалий жапырылды:

– Сүйгөн жек-жаат, сиңди, балдыз болумуш этип, ырын угуп, камыр жумур көбүрөөк аралашсын… Ал аркылуу өзүң кооптонгон ырчынын тамырынын кагышын баамдап турасың.

Чоюбек сакалын тутамдай болкойду:

– Менин сыртымдан бычып, болоорун болтуруп, боёсун кандырыпсың. Бирок, кырчаңгы ооз Тоголок Молдону көшүлтүп таштасак… Ал кабарыбыз Калпа ажы менен Касымбек болушка жетсе, кантебиз?

Жалий манапка сүрдүү сезилген фуражкасын калканчынан кармап, томугуна жете кыналган күрөң өтүгүн солбуй тизесине тарс сокту:

– Ой, кокуй десе… Сенин коркооруң жана колдооруң Калпа ажы менен Касымбек эмес, мына мен, Россиянын төрөлөрү. Анан калса элиңдин арызы боюнча Жумгалдагы Мырзабекке караганыңды унутпа.

Чоюбек муунгансып, балкайган богогун тиреген көк нооту кемселинин тик жакасынын бүчүлүгүи бошотту:

– Воф-ф! Аның ырас дечи! Антсе да жамаатташ, чоң элдигине салып кысмактайбы деп чочулайм биринен бири ашкан Калпа, Касымбек зулумдардан. Ырас, өзүңдүн минтип зоболоң көтөрүлдү. Аларга мага жакындыгыңды туюнтуп коёрсуң.

Сырттагы дабыш, кобур-кубурду тыңшап, Жалий кайырма жака булгаары күрмөсүн оңдоно, фуражкасын кийип өйдө козголду:

– Мына чабаганчың өзүн да алып келди белем. Акындын астын утурлап амандашайын. А сен өзүң бил. Сени козгоо кыйын. Отура бергениң да оң.

Аңгыча каалга бери түртүлүп Байымбет, Кашгары менен чогуу босогону аттап, төрдөгү бири туруп, экинчиси мамыкка кырдана арбашкан экөөнө:

– Ат салоом алекум таксырлар. Чакыртыпсыңар келдик, – деди.

Чоюбек түктүү эринин кыбыратып алик алгансып, ордунан козголбоду. Жалий шыңга боюна жарашыктуу кайырма жака, жалтырак топчулуу булгаары күрмө, какайган фуражка, жаңы шым, жалтырак өтүк шаардык кызматкер келбетин айкындай, сулуучумак кубакай дидарын ажарланта. текшилеген мырза мурутун чыпыйта, акындын алдына ойноктой, назик шадысын сунду:

– О, Байымбет ага, сизди көрүүгө куштар элем. Күүлүү, демдүү жүрөсүзбү? Барып учурашайын десем Чоюбек болуш ат жетелетип, киши чаптырып…

Бул чакырыкка кандайдыр күмөндөр келген акын кичи пейил мамилеге кыртыштабай, кызматчы жигиттин колун кыса дидарына үңүлдү:

– Сыягы, иним, калаа таалимин өздөштүргөн кебетеленесиң?

Жалий жүлжүгүй көзүн кыбыңдата күлмүңдөдү:

– Таптыңыз, Молдоке. Юристин окуусун ичкериден Самара шаарынан бүттүм. Бизче сотмун. Жерим сизден алыс эмес. Нарындын башынанмын. Атым Жалий. Өзүбүздүн Нарын үйөзүнө соттук кызматка чектелдим. «Бөтөн жерде султан болгончо, өз элиңде ултан бол» дейт тура. Нарын үйөзүн бүт кыдырып таанышып жүрөм. Айып этпеңиз чакыртканыбызга. Отуруңуз жайланып.

Байымбет ныксыраган манаптан окчун четтебирээк көчүк басты. Жанына чукул кынала мандаш токуна көзүн айырбай ынтаасын агыткан жигитке жагымдуу кайрылды:

– Бар бол иним. Бирин-серindеп болсо да тоо элинин жаштарынан түп шаарлардан окууга, илимге умтулгандарын жаратам.

Чоюбек тигил экөөнүн анчалык эзилишкенин жактырбаңкы муунады:

– Тоголок Молдо, бо шакирт балаң тигил үйдөгү катын-калачка эрмек боло турсунчу.

Акын шакиртине бурулду:

– Кашгарым, болуштун менде жашыруун сөзү бар шекилденет?

Кашгары үнсүз ийилип, сыртка жылды. Төркү жасалгалуу мейман бөлмөсүндө үчөө тынчтыкка муюшту.

Чоюбек залкайып кыңкайган калыбында мамыкка чыканактай башын көтөрө акынга бурула кашын үрпөйтө делдейди. Ал көөмөйүндөгү ичинен күрмөп, анын назарын баамдай оозун тиктешкен тигил экөөнө, о кыйлада балырлуу балчыктан көзүн тостойтуп чардаган бакача бакжаңдады:

– Во-ф, Того-лок Молдо-о... бо се-н, али-ги, не-мэ-э... балчай-бек, ош-шо... балчайбек дегенди билесиңби?

Акын манаптын кыйды кекээрин аңдаса да, ачуу чактырып анан айыккан илдеттүүдөй карегинен от чачыла, жанындагы ылым санаган шаардык жигитке дилдеги кубанычын себилте, кыязы сен аркылуу жеткен жаңылык го туюнунда бажырайды:

– Эмне, Жалий иним, балшебик жеңдиби?

Жалий илебин да суутпай, тилегин да катырбай табышмактуу сыпаа кер мурутун чачырата жымыйды:

– Ав-валы болуштун соболуна жооп бериңиз.

«Сен да оңор түгөт эмес экенсиң. Торгойсуң жолду. Канчалыкка жашырмак элең». Тоголок Молдо андан ажарлуу жүзүн имербей сөзүн улады:

– Болуш мени неге чегип жатканыңа таңмын? Балшебиктерди көптөн бери угуп жүрөм.

Чоюбек сөз эмес, мыйыгына шиш сайылгандай олбурлуу денесин салмактанта шап өйдө көтөрүлүп, көнүмүшүндөй булгаары маасысын кычырата балкайган балтырын апчыды:

– Көптөн бери? Ким ал балчайбек?

Манаптын зекигенине Байымбет анча камырабай жооп кайтарды:

– Балшебиктер букараларды, жалчыларды, жалпы теңчиликти жактаган жаңы, жаш күч.

Чоюбек жанагысынан да балтырын катуулай апчып олунду:

– Ия, эмне, эмне дедиң?

Болуштун сурданганына, бороон удургуткан токойлуу жапсардай кылкандуу бети башын титиреткенине анчейин терикпей мыкчыйган акындын анын опузасынан жалтайлабасын, окус ал да каяша айтса, экөөнүн чекилешүүсү күчөсө өзү беймазага калаарын боолголоп Жалий арага түштү:

– Байымбет аганыкы туура. Чындыкка конок бериңиз, болуш. Большевиктер – эзүүчүлөрдү, шаардын, жердин, кендин, өндүрүштүн, баардык байлыктын жеке ээлерин жоюучу, жарды-жалчылардын башын топтогон р-революционерлер, ынкылабчылар, же бизче төңкөрүшчүлөр, өзгөрүшчүлөр, уруятчылар.

Чоюбек Тоголок Молдого канчалык кыжырланса да, жолун торгогон, алдын ала эскерте, тизгинин каккан Жалийге тиши өтпөй мизи майтарылды. Ошого карабай манап кызуулана эзе кармап балтыр этинии ooруксунганынан олчойгон бутун солбуй, кегин кечпөөчүдөй көшөрдү:

– Жомок. Жомок айткыңар келет мага. Тойдум. Кандым. Во-ф, Тоголок Молдо, заман кедейлердики болот деп сөз таратып жүрөт деди эле. Көрсө...

Тоголок Молдо уккандай, чыдамкырабай чарт этти:

– Жөн сөз эмес, а акыйкатты, мүдөөнү айтсам айтып жүргөндүрмүн, болуш.

Чоюбек терсаяк немени баса жыгылчудай үксөңдөп, муунгандай жоон доошун кыса кышылдады:

– Акыйкатты дейт имиш! Кайдагы акыйкатты? Байымбет айкырыкка алдыргандык күчтөн тайгылгандын белгиси экенин даана билет. Дал ошондуктан манап өзүнүн кутман төрүндө канчалык бараандуу карктанбасын, опурулбасын... сырттан сопоюп кирген Байымбет өзүнөн басырыңкы капшырылганын өлчөй жай медиреди:

Теңчилик, азаттык доор орнойт. Бирөөнүн көзүн ону, жүзү, миңи карабай ар ким эркин, жапырт эл тынч оокат кылат. Бай, манап жоголуп зомбулук бүтөт.

Чоюбек алдынан өрт каптагандай олчойгон куймулчагын бүлкүлдөтө артына лак, лак кетенчиктей, барбайган шадыларын аргыштата серпип, коргонууга далбастады.

– Жалий, Жалий! Монобунун дөөрүгөнү чынбы ыя! Акыр замандын коркунучтуу кабарын ырылдаткан бу кандай суук ооз томор ырчы?!

Ниети эки анжы ортозаар Жалий талмоорсуп саамга кимисине не дээрин билбей дандаарыды.

Тутанган чатак ачууга жеңдирген бийлик ээси тарабынан күч зордугун колдонтуп, өзүн ургу-бергиге тытмалатып ыза кордуктан калкалаш үчүн Байымбет баарынан так кабардар кызматчыга бурулду.

– Жалий иним, калыстыгыңды айт. Сен болбогондо мынчалыкка ким кимибнз барбайт элек.

Жалий кулак, тилден ажырагандай делдейди. Калыстын бул бейтарап жалдырашын пайдаланып болуш ого бетер акынды беттеп күпүлдөдү:

– Бекеринен аягың сай таппай жүргөн эмес экенсиң. Куу жолтой, суук ооз кайдан шимшип жеттиң эле жериме. Тынч жүрөт дегениңден жайыңа койсом...

Калыс арачага түпшөгөн соң, бетме-бет арбаштан тартынбоого чыңданды акын:

– Болуш, эл, жер баарыбызга тең. Баарыбызды батырат, коюну кең.

Чоюбек лак, лак көчүгүн жерге ура, күрөө тиштерин арсайта ышкыртты. Анын бул кебетеси чалууга камынган азуулуу карышкыр сымалданды.

Тоголок Молдо анын тумшук алдынан от чатып каңк эттире кетенчиктетип жакын жолоткус ыкты колдоно жалын сөзүн бүркту:

– Мен сени букара журттун коңур болушу деп ойлочу элем. Көрсө, Калпа, Касымбектен чениң кичирээк болгонуң менен айырмаң жок турбайбы.

Куду арс эте жүткүнүп, жалын сугуна тамагын күйгүзүп, артка секирген жырткычтай Чоюбек кайта ырылдады:

– К-Калп-па, К-Кас-сымбе-к! С-сен бар-р эмеспи, андай атактуу султандардан с-садага кет-т!

Байымбет анын арсайган азуусуна дагы жаңы чокту атылтты:

– Бол-лу-ш, кимге ким садага кетээрди көрө жатаарбыз. Биз көрбөсөк дагы көрүүчүлөр көрөөр.

Жаалдуу өкүмдар жаагы карышып курчу кайткандай, түктүү бетин саксаң-саксаң балпылдата тишин шакылдата койгулап, куйругун кыпчый кыңшылагансып, өкүттө үнүн чыйылдатты:

– Ушундай уу тил деп уккам. Уу тил, каргыш тийгир деп уккам. Сыртыңдан калп эле момоюмуш этип кубулуп жүрүпсүң го, куу Молдо.

Бетме бет жан аябай алкынып, опуруп жапырганына бөгүлүп-чөгүлбөй, кайра зилдүү тил кайрып туурасын түгөткөн, Тоголок Молдодон акыры жалтайлап өзү чегинген болушка, баятан сынаммака боор тарта кылтыйган Жалий наразылыгын туйгуза чакырайды. «Ушуну көрмөксүң. Тилимди албадың э. Чала сага. Желиң чыктыбы. Демиң суудубу. Эми кыңк этпей оболума көн». Купуя зекигенин түшүндүм дегендей Чоюбек булкуйганда Жалий өкүттө бүтүмүн ачыктады:

– Болуш, ачуудан пайда жок. Эгер сиздин Байымбет акында башка сөзүңүз жок болсо… Анда мага маектешүүгө уруксат этиңиз?

Мунун сыпайы жекирген какшыгынын түпкүрүндө эмне жанытылганын, ырас эле ачуудан ала салганын туйган көк жал, акылга таянууга, залкарлык жосунду чакырууга, көмөлөнсө кайра көкөлөөгө батынды. Доошун да калбаат жай, коңурлантты:

– Жалий мырза, сен да кызыксың. Байымбет Молдо экөөбүз тууганбыз. «Түбү бирге кошулат». Тең аталык кылыппы, менден тилин албады. Биртике текөөрлөшүп… басылдык. «Эр чекишпей бекишпейт» эмеспи. Во-ф, же жалганбы?

Жалий кур күлкүсүн аябай борсулдады:

– Мунуңуз дурус, болуш. Нагыз чоңдуктун жосуну. Мен да экөөңөрдүн ортоңордо кысыла алачакмактадым. Эми жайынча баарлашалы.

Байымбет жеңиштүүдей да, ызалуудай да кусалуу күрсүндү:

– Сөзгө жараша сөз, соболго жараша жооп кайтардым. Жалий болушка көзүн кысты. «Жогорураак бол. Жойпу сөздөн ташта».

Чоюбек көз ирмем термелип, карышканын жазгансып чеңгелии абага апчылагылай:

– Бизге Тогуз-Торого оогону акындыкты таштап, эмчиликке өтүптүр дешет. Во-ф, чечектен канча жаш жандардын сообуна калдың? Эл эмчилигиңдн жерге сууга тийгизбей макташат.

Байымбет мына минтип, мөрөйү үстөмдөсө да канчалык жанын сабылткан ызасын уиуталбай тоңдоосун унчукту:

– Эл мактаса мен ыраазымын. Чечектин аягы мен эмдеген аймакта басылайын деп калды. Шаам жетпеген, мага ишенбеген айылдарда, бөтөнчө, дени чыйрала элек чүрпөлөрдү «улуу тумоонун» апааты кыргынга учуратууда.

Жалий эми экөөнө тең барктуулугун туюнта бажаңдады:

– Эмчилиги менен элине шарапатын тийгизген кишиге болуш көз салууга тийиш.

Болуш машы колго тийгендей жапырылды:

– Мына кара көзү, айта койсун. Алык салык доолатпадым, жеримден, элимден кубалатпадым, жайына тынч койдум.

Байымбет чындыктан тайсалдабады:

– Анысы ырас.

Чоюбек Жалийге ууртун бүйрө, жогорулай опурулду.

– Бүгүн сага, мына Жалий мырза угуп койсун, ачыктан ачык союш бердиргени отурам.

Жалий аны жактыра короздонду:

– Байымбет ага андай сыйга татыйт.

Беркилер күтсө да Байымбет учнукпады. Чоюбек акынга бакжая тигилип буйдалган тынчтыкты жарды:

– Катынына кат таанытыптыр, казалын окутуп угат дейби.

Дөөлөттүүнүн шылдыңдоо ниетинде, а нагызы аңкоо такыганына Тоголок Молдо мурут, сакалын жайкалта күлмүңдөдү:

– Колунан келсе, адам эмнени гана жасабайт. Ал менин жекече ишим эмеспи болуш.

Манапты туюкка капталтпас үчүн, Жалий алаканын таптай Байымбетти жайкады:

– О, анда Молдокем, келечектин камын жеп жаткан турбайбы. Турсун биздин элдин кызы. Катты беш көкүл кезинде тааныса керек эле.

– Билет турбайсыңбы. Анда Жалий иним, жек жаат экенбиз, – деди Байымбет.

Кызматчы, улук жигит мынча ачылган соң, өтө жакындоодон да, алыстоодон да сактана чучу кулактана, жүлжүк көзүн чоңураак ачып, каш кабагын өйдө түрдү:

– Жер тамырынан эл тамыры деген ушул, Молдоке.

– Силер туугандашып, сөөк-тамыр да чыктыңар. Өзүңөрчө ээн маектешкиле. Мен даарат ушатайын. Анан дагы... – Чоюбек анча очорулбастан, оң манжасын жерге жеңил таканчыктата шар залкая обдулуп, сыртка жөнөдү.

* * *

Жалий бурчтагы мүйүз баканда илинүү кызгылт асынма булгаары папкасын ачып, ичинен китепче, бүктөлүү газеталарды сууруп, Тоголок Молдонун кашына шоңкойду.

Китеп, кагаз жандуу Байымбеттин назары как ошолорго арбалбаспы. «Билеселүү эргул белем. Сыртымдан иликтеп, мени эмне көп кызыктыраарын тактаган сымал. Алдыңкы акыл, өнөр, тирлик, күрөш жаңылыктарын чөгөргөн басмаларды бекеринен ала жүргөнүң, мага булайтканың жок. Кана, эмнелериң бар, сунбайсыңбы».

Кыябын тапканына, акынды жемге жүткүнткөн томоголуу бүркүттөй сугултканына кербездене Жалий колундагыларын, жанындагы жашыл шалпар жаздыкка койду:

– Булар сиздин энчи. Атайлап чыгынган тартуум. Анан баш оту менен аласыз. Сизге мындай гүлазыктын зарылдыгын билем. Бу моюнума асына жүргөн өзүмдүн төл байлыгымдан. Дагынкысын да көрөөрсүз. Канжыгага бөктөрө жүргөн куржунда дагы бирдеңкелер болуу керек. Аларды кийин. Мен сизден абалы жалпы кыргыз, жамаатташ, казак, өзбек эли көтөрүлгөн кагылыштан, үркүндөн... жана да өзүңүздүн өйүз-бүйүз Куртка-Терек жаатындагы качкындардан, үркүндөн канчалык кабардар экениңизди билсем дейм.

Алыстан, чоңдон, эл тагдырынан козголгон маселеге Тоголок Молдо сустая термелди. Үркүн. Качкындар. Көтөрүлүш. Эриш-аркак пикирлер эшилди. Жеке кыргыз тургай, Түркстан калктарын туташ түрүлткөн, айыгышка чыңдаган, бара бара кайгылуу, кандуу айкашка айланган өткөн 1916-жылдагы көтөрүлүштүн окуясын жоруптай, акын өзүнчө сабылды.

1915-жылдагы дүйнөлүк согуштан алсыраган Орусыянын ак падышасынын буйругу боюнча ичкериге, аскерлерине элеттен эгин чогултулганда, киречилер менен Нарын, Балыкчыны аралап, Токмок, Пишпек, Меркиге барганын, «Төөнүн арызы» казалын чүргөп Верныйдагы «Айкап» журналына жөнөткөнүн... Ошондо эле сырт оторлордон аскерге, чек ара, кара жумушка ар айылдан карылуу-күчтүү он тогуздан кырк жашка чейинки азаматтарды милдеттүү түрдө жөнөтүү жөнүндөгү падышанын өкүмүнө каршылыктар күчөгөнүн кулагы чалган.

Өкмөттүн ар кыл алык-салыгы андан күчөп... Анысы аз келгенсип, тыңыраак аттарды ээр токуму менен камдап, азамат уулдарына мингизип, көз көргүс кулак уккус алыстагы согушка аткаруудан арууркашып, баш тартышып... Жигиттердин, аттардын тизмелери такталып чакырык, кысым күчөгөндө манап, байлар, болуш, старчындар өз балдарынын ордуна кедей, жарды-жалчылардын уулдарын зордоп жөнөтүп... ый, каргыш, тиреш, кармаш күчөп... бай, жардылар чабышып, акыры көпчүлүк жалпы биримдикке баш калкалап... Жапырт, азаматтарды алыс батыштагы ажал огуна аттап, тондоп аскерге жибербөөгө антташып... падышачылыкка каршы көтөрүлүш чыгарышат. Жеке падышанын куралдуу солдаттарынын огуна гана капталбастан, карайлаган жөн жай коңшулаш жашаган орус, кыргыздарды кайраштырып чабуул өөрчүп кызыл кыргын жүргөн, Айрыкча Чүйдүн Аксуу, Кемин тарабы, Ысык-Көл айланасы дээрлик, Нарындын башы, Кочкор, Жумгал жагы бүтүндөй түрүлүп... Куралдуу орус аскеринин огуна туруштук бере албай Кытайга көчө качышкан. Жолдон, белден артынан сая кууп жеткен падышанын куралдуу желдеттеринин огуна, кылыгына калбырланып кырылганы канча.

Кытайга ооп, самсыганда таланганы андан сансыз. Бир табак талканга балдарын, кыздарын сатып, ачкалыктан карып болгондоручу. Жыл маалында мал, мүлктүн баарынан тонолуп, ач, жылаңач кудайчыга айлангандарычы. Жылуу, жумшак ата конушунаи ажыраган кайран эл Кытайда терип, тентип өлгөнүнөн калганынын алды бирин-сериндеп мына жыл өткөндө падыша тактан кулаган доңшоорду эшитип, айбаалыдай сөлөкөткө айлангандар кайра жергесине жанталашып бери өрүүдө.

О, мындай азапты ким элестетиптир. Апаат үркүндөн баш калкалап, орус төрөлөрүнө тартуу, сый менен каптаган аскерлеринин алдынан аттарын, азыктарын белеңдеп тосуп, жүгүнүп… жарашыкка жетишип жергесинен козголбой көчпөгөндөр да бар. Чүйдүн чордону Токмок айланасындагы тынайларды төрөлөргө жагынган Дүр жаңжалга да катыштырбай, ордунан да козголтпой аман апкалыптыр. Дүрдү «Сен чыккынчылык кылдың, өлтүрөбүз» дешип, канаатташ Шабдандын тукумдары кысмактаптыр. Дүр качып кутулган имиш.

Улуу тоо өрөөнүнөн Жумгалдын көкүрөгү, Кочкор, Нарындын баш танабы, бүт дүрбөп тебелей басып Кытайга үрксө да, Куртка-Терек, Тогуз-Торо жаатын карт манап Мусакожонун акылы боюнча орустардын төрө, кол башчыларына тайынып, ордунан жылдырбай, анчалык бүлүнтнөй калк эсен соо сакталды.

…Капшалаң, оомал-төкмөл дооруңдун жүзү курусун. Кечээки эле кою короолош, жылкысы өрүштөш бир элдин эки анжы бөлүнгөнү тозок тура. Бир эле жылдын ичинде бирдей, а түгүл өйдөрөөк жашагандар азып-тозгондо жан, малдан айрылып, мусапырчылык, кайырчылык жапасын тартса… ордунан жылбагандар байсынып, тыңсынып кечээки боорлошторун, коңшуларын кодулап, кыйынсына кыр көргөзгөндөрү кандай.

Нак ушу күзгө таянган тапта уругу, ураaны, жайлоо, кыштоосу да бир, куда сөөк, журтун таштай Кашгар, Турпанга үрккөн жумгалдык, кочкордуктардын тумшугуна суу жеткенде кансырап, жөө жалаңдап кайта тарткандары Курткадагы илик-жармасына жеткенине сүйүнүп самсаалай сагалашууда.

Кажынган Калпа ажы Орусыяга каршы ок атып каршы чыккан, сенделип кайра келген качкындарга кимде-ким боор

ооруса, үйүнө кондуруп, бакса, катуу айыпка тартаар коолусун жардайт. Туушкан эл айыпсыз шордуулардын муңун, зарын угуп, ач арбактай кейиптерин көрүп кантип түтөт. Куртка боюндагы эгин баккан үч дыйкан, Ыса, Калыкбай, Аман үй-үйгө бөлүп мөгдөгөн байкуштардын алтымыштайын жашыруун алты күн өргүтүп, айыл-ападагыларын чогултуп жутагандардын оборун даамдуу токочко, ширелүү максымга, айран, жууратка мантыктырып, Соң-Көлдү тың ашып, Жумгалга жетээрлик жол азыктарын камдашат.

Кара ниет айгак Антакун, Калпага коолусун бузду деп жеткирет. Ажаан Калпа ажы ошол үч дыйканды таламандын тал түштө Айтакундун өзүн баштап чогоол жасоолдоруна кызылдай сабатып байлатып, мататып чогулган элге апартат. Калпа ажы чакмарактап көпчүлүктүн көзүнчө катуу жаза ойлонот. Ак ниет үч дыйканды тең Тоголок Молдо жакшы тааныгандыктан, Жалийдин жаңы кабарына кабыргасы кайышат.

Канкор Калпа ченеп каарданса боло. Атадан жалгыз чиедей балдары жаш Калыкбайдын моюнуна кыл арканды сыйыртмак салдырып атка сүйрөтүп, муунтуп өлтүртөт да өлүгүн үйүнө жеткиртет. Жарданган көпчүлүк бу мыкаачылыкка сабылып жинденишсе да каяша айталбайт. Аман менен Ысаны эртең өлтүрөм деп ат кепеге каматат.

Ыса ажалы жетсе өлүүгө, азабы болсо тартууга өз башын байлайт да, Аманды сырттан Калпанын жигити Курманалы тууганынын шыбышы боюнча качырып жиберет. Эртеси чамынган Калпа Муңбас дыйкан Ысаны мал, оокаттан тонойт. Ой, чуңкурду аңтартып ороолорундагы дандарын, балдарынын тумшугуна жыт кылган тубар уюн тартып алат. Бой тарткан кызын айыпка баалап Аңырбаш деген байга соогатка берет. Казан, аяк, тулга, кыңырып, кайчысын талкалап таратат. Тууганысың деп Түркө дегенди коркутуп тай өндүрөт. Ысанын үйүн өрттөтүп, коломтосун сапыртат. Бой боздогон аялы жаш балдарын жетелеп төркүндөрүнө самсыйт. Ыса кургур каражанынын айласы үчүн башына жаргак күлө кийип, моюнуна куржун салынып, колуна аса-муса кармап, кайырчылык кылып, ар айылды кыдырып ак уруп дубанага айланат.

Тоголок Молдо өзөгүн өрттөгөн кабарга көк түтүнү булай терең үшкүрүндү:

– Неге айылдан киши катышпай, кабар үзүлдү дейм да. Көрсө, Калпа көркоо калкка кан жуткуруп, кайгыга чөмүлтүп жаткан тура. Тогуз-Торону жердин туюгу дегенине эми ишендим.

Жалий акындын сөзүн дагы узартуусун күттү. Бирок ал тымтырс мөйүдү. Көзү коюулана негедир тереңдикке уюп бараткансыды. Чын. Акын кайда, ким менен отурганын унутуп, эмелеки кандуу окуяны Калпа ажынын катаал-канкордугун өкүмөт өкүлүнүн оозунан эмес, кадимки болуп жаткан азаптуу окуянын тпрүү элесине аралаша, кыжыры кайнай, жүрөгү сабыла кабылдоодо. Жүрөктүн кейип сабылганы, кубана толкуганы акынды козголтчу, тынчын алчу, күчүн булактатып калемине жем берүүчү касиет го. Төх-х, назик жүрөк кайрадан удургуп, болот калемди чабууга таптоого кудуреттендиңби.

– Акын ага, бу сиз кыялга чөмүлүп кеттиңиз? – деди Жалий күтө, күтө чыдаңкырабай.

Тоголок Молдо сыпаа манжаларын ийилте чымыраган көзүн, жаагын сылагылады:

– Айтчы иним, биздеги жырткыччылык качан тыйылат? Балшебиктер убактылуу өкмөттү кулаттыбы, же али кулата элекпи? Болушуң деги жок, чыныңды жашырба.

Шаар тарбиясын, билимин, чөйрөсүн өздөштүргөн өзгөчө буердегидей элетте бирден бир менменсинген азамат Тоголок Молдонун сыртынан айтылган даңазасынан да жүздөшкөндөгү, баарлашкандагы салабаты артыгыраактыгын акылына чуктоодо.

«Арийне, Жалий өзү дөөлөттүүнүн тукуму. Бала кезинен ырчы аталгандын далайын көрдү. Ырды нөшөрдөй төгүп, мыктылар макта дегенди мактап, кордо дегенди кордоп, сыйга тунуп күүлдөгөндөрдү билет. А бу Тоголок Молдо алардан өзгөчө. Өзүн гана олуя тутат. Сөөлөттүүгө жүгүнбөйт. Минтип калайык тагдырына жабырланат. Замана мүшкүлүнөн кабардар, Болуштардан алысты көрөт, көптү билет. Жаңы күч деп большевиктерге жан тартат. Төрө, манаптарды залимдер,

жырткычтар деп апачык атылат. Чоюбек камап, канча аласалдыра каптаганына жүдөбөй өчөгүшө чыңалып кайра аны үстөмөндөттү. Тоголок Молдоң түшкүр, кечээкинин, бүгүнкүнүн гана түгүл, эртеңкинин акыны. Ошондуктан бул чогоолдукту, көйрөңдүктү, жалгап, жалпы сөздү эч кабылдабайт. Жагымдуу, чын мамилени гана жактырчудай». Ушундай купуя жыйынтыкка такалып, о кыйлада Жалий жалпактады:

– Байымбет ага, биздин жырткычтар качан тыйылаарын билбейм. А большевиктер жакында жеңчүдөй...

– Оозуңа май! Балчебектер жеңсе, жырткычтардын азуулары чагылаары бышык.

Жалий опкоолжуй өрөпкүдү. «Деги бу ким?» Дагы нарылатпай ушунчасында тыяйын. Мени анык большевик деп эсептөөдөбү. Ортозаарлыгымды билгизбейин. Жеңсе аякка, болбосо быякка кошулуп дooран сүрөм. Менин төрт тарабым кыбыла. Тоголок Молдо айткандай элеттиктен ичкериден окуган мендей билимдүүлөр чачылып атыппы. Кантсе да өтө жуурулушпайынчы».

Шып туруп, жаздык үстүндөгү китепчени барактады: «Кара кыргыздардын болумуштары, жомоктору, ишенүүлөрү» деген ат менен чыгыптыр. «Күкүк», «Кирпи»... Канаттуу, айбанат жөнүндөгүлөр... А мында «Насыяга сатылган кыздын арманы»... дейт.

Акын бир нерсени түкшүмүлдөй козголо бой тирешти.

– Жыйнаган, жазган ким экен. Пояркүп эмеспи?

Жалий мукабаны оң тетири тешкилей карегин кадап, таңыркай күлмүңдөдү:

– Ооба, ооба Поярков Ф. В... Кайдан билесиз?

– Чоң сакал, көз айнек окумуштуу Пояркүпкө жолуккам. Элдеги ылакап, аңыз, жомокторду биздин Жумгалга дейре келип жыйнаганын айткаи. «Насыяга сатылган кыздын арманын» менден жазган. Кайран киши Фарганага сүрүлүп, ошояктан оопаттаныптыр. Бул китеби сыягы көзү өткөндө чыккан го.

– Ошондой. Келбети баары сиз айткандай. Дарыкер, бүт Түркстан боюнча саякатчы, этнограф, краевед, географиялык коомдун активисти... Оо... ушундай киши менен да таанышкан экенсиз да. Бул газеталарды өзүңүз окуңуз.

* * *

Түшүнгөн адамга муктаж учурунда Жалийдин пайда болушу, бериле баарлашышы Байымбеттин пейилин жибитип баратыр. Удаа, удаа, жолугушуулар. Үйүр тартуулар.

Жалий секиндеп көздөгөнүнө чукулдоодо. Эки жактын танабын тартып, Чоюбек болуш менен Байымбет акындын ар кимине өзүнчө да, дидаарлаштырып да мүдөөсүн жүзөгө ашыруу максатында. Анын быякта узак жүрүшү кандайдыр маселенин чечилиши менен аяктоого тийиш. Жергиликтүүлөргө айтылып калаарлык, шаардагы бийликтегилерге эсеп берип, түпкүрдөгүлөргө дейре билгизээрлик иш аткарып кайтмак. Нак ошол түйүн бүгүнкү жолугушууда Чоюбектин төрүндө болуштун демилгеси боюнча чечилмек. Эки тараптан бышкан маселеге үчүнчүсү каршы чыкпас.

Үчөө чогуу, дасторкон чайында жайма жай отурушкан. Үй ээси акыркы ууртамын илеп тарта, гүлдүү, бөйрөктүү пиаланы додо боорсоктун капталына кыңкайта күрсүндү:

– Во-ф! Молдоке, сага чоң өтүнүч бар. Аны Жалий мырза мээме куйду. Экөөбүздүн кадырыбызды сыйлаарыңа шек жок.

Байымбет масилеттин теги каяка бурулганын түшүнүп, машташкан экөөнүн тизгин жыйышын күттү.

Чоюбек ага багжая бурула максатын бак эттирди:

– Во-ф! Байымбет Молдо, бала окутканга кандайсың? Акын сыйда мурутун чыйралта, ууртундагы күлкүсүн жашыра «сокурдун тилегени эки көз» дегенди купуя чай-пай, кур жөтөлдү:

– Агерде кандай окутууну менин оболума койсоңор... Зээндүү балдарды топтоп, тез кат таанытып сабатын ачууга неге болбосун.

Жалий болушка мактанычтуу жаркылдады:

– Айтпадым беле. Ай, яй, силер. Үй бөлүп бергиле мектептик. Мен дептер, калем жүктөнө келгем. – Бугу мүйүз ала бакандан эки көзү толтура пызы куржунду бөрсөйтө Байымбеттин алдына койдурду. – Мына Молдоке. – Оң жартысынын килитин чечти. – Мына, бу калыңы өзүңүзгө, казал жазыңыз. Мобу болот калем менден жана Абдыкалык иниңизден тартуу.

Байымбет буюмдарды кармалай мулуңдады:

– Абдыкалык... Кайда, кандай жүрөт? Жалий дагы бир кадам ага чукулдагандай энтикти:

– Ал экөөбүз таанышпыз, дампайбыз. Токмоктогу маалимдерди даярдоочу мактебин жакында бүтөт. Сиздин жолду жолдоп ыр-пыр чиймелеп жаны тынбайт. Атайын, ушу маселе бир жаңсылдаганда табыштоого жашырып жүрбөдүм беле. – Төш, жан, ич чөнтөктөрүи тинткилеп тумарча кагазды тапты. – Мына, сизге каты да бар.

Акын жүз аарчысы менен көз айнегин сүрткүлөп тагына, катка карбаластады:

– Карагым тиркич моюнум, ошондойлор, эл, өзүңдөйлөр аман болсо, канчалык алыс туюкта, үңкүрдө жатсаң да биз унутулбайбыз. Эсен бол Жалий иним.

Жалий көңүлү шагдана торсойгон куржунду Тоголок Молдого жылдырды:

– Буларды окутчу балдарыңызга бөлүп бересиз. Түпкүрдөгү караңгы кыргыз балдарынын сиздин тарбия-таалимден миң тогуз жүз он жетинчи жылдын август, сентябринен баштап жумук көздөрү ачылсын. Тогуз-Торого мектеп каалгасы ачылды деп мен улуктарга эсеп берсем жарайт го.

Чоюбек озуна компойду:

– Болот. Демилгечи ичкериден чыгынып келген Жалий Сарбагыш уулу. Ачтырган ээси биз, мен, болуш Чоюбек. Окутаар маалими, молдосу Байымбет акын деп жардай бер, улуктарыңа түгүл бүт ааламга.

Жаңылык дуулдаган мартабалуу экөөнү гана эмес, анын дагы мүдөөсүн кандырчудай жүрөгү элеп-желептенген акын карегин каттан алыстатты:

– Мектеп. Мектеп атайлыбы. Макулмун. Бирак, балдарды өзүм тандасам.

Чоюбек Молдонун «макулдугун» бышыктаганга сүйүнсө, «өзүм тандайм» дегенине териге кескин шалк этме чокмордой муштумун уюлдата түйө өз тумшугунун тушуна салмактуу калкытты:

– Балдардыбы? А дегениңде менин укум-тукумумдан баштайсың. Анан...

Мектеп ээси катары сөз көргөзгөн болушту, жүйөгө чакыра Байымбет тил кайырды:

– Идиректүү жеткинчектеринди – өзүңкүн да, тууган жууратыңкын да бер. Башкалардыкын да аралаштыралы. Окууну идиректүү, тырышчаак өспүрүмдөр бат өздөштүрүшөт. Айтып коёюн болуш, Жалий иним, мен куранды кур жаттатуудан баштабайм. Алип-пэ-эни таанытып, окутуп жазганга үйрөтөм. Эсептеп төрт амалды, жадыбалды түшүнтөм. Бара түшө өзүмчө сабак – дарс жүргүзөм. Ишенет экенсиңер, кийин соң эч киминң кийгилишпейсиң. Жалккан жайым бар.

Чоюбек дагдайган төшүндөгү тик жака күрмөсүн куушура уучтады:

– Өзүмчө? Кандайча? Лай-лава-лил-лалла! Курандан башка, дин мусулман баласына кандайча окуу табасың?

Анын макоо талабына Байымбетке узун сабак түшүндүрмөнү чечмелетпей, капысынан оозгу каалгадан сегиз-тогуз жашар тестиер атылып кирип, анталаңдап кимдир бирөөнү издегендей алактады. Эрке уул экени айныксыз.

Чоюбек дагы ага акааратсыз аңкайды:

– Тентек, сага жол болсун?

Тестиер тартынбай чыңылдады:

– Байымбет акын кана?

Атасы сакалын коомай уучтай уулунун жүрөктүүлүгүн жактыра кытылдады:

– Ай Эсенбай эркем, тентегим, Байымбет акында сенин не ишнң бар? Сен тургай мен араң «даап» отурам а кишиге.

Эсенбай текилдеп атасынын маңдайында ойноктоду:

– Тигил үйдө Кашгары ырчы «Каак каак каргалар», «Турумтай», «Торпогум», «Үркөр үркөр үч жылдыз»... дагы, дагы сонун ырларды комузуна кошуп ырдап... боорубузду эзип... оозубузду ачырды.

Чыйрак балага беркилер да жагымдуу элейишкенин, кантсе деле аларга тил катыштырбай өзү жөнөтүү камында маңдайынан сылай, секин түрткөнсүдү:

– Жакшы-ы... Ошентип оозуңарды ачып уга бергиле. Ал силердин ырчы. Бара гой. – Уулу кыйыктанып, атанын жазы

алаканына торсогой маңдайын тирей чиренген соң алдап соолады. – Уулуулардын үстүнө кириш кенже балага осол.

Балакай, карала көзүн бардап, атасы алаканы менен түрткөн кырылган тоголок башын чулгуду:

– Аный, осол эмес. Кашгары ырчыны кайра черт, ырда. Мага үйрөт, жаттап алайын десем... Алардын ээси мен эмес. Баарын чыгарган Байымбет акын. Атаңдын кашында. Ошо кишиден уруксат сурап кслсең гана үйрөтөм. Жаки жок деп атпайбы.

Байымбет менен Жалий баланын бекер кежирленбегениие удаа күлүштү.

Чоюбек да аргасыз жыгылгандай ийиди:

– Анан дагы эмне деди?

Эсенбай эптеп көндүрүп баратканына күдүңдөп, бытыгый сөөмөйлөрүн атасынын сакалына жаныды.

– Агер Байымбет акын, ырлардын ээси, ырахым этсе мен сөзсүз үйрөтөм. А сен козу бересиң деди.

Жалий сөзгө кыпчылды:

– А сен эмне дедиң?

Эсенбай көйнөгүнүн ачык сайма жакасынан моюнун кыйшайта ууртуна аймап чыңк этти.

– Козу колумдан келет, берем дедим.

Жалий Байымбетке бурулду.

– Болуштун кенжеси азамат тура. Ошого карабай атасы шагын сындыргысы бар. Озуналы. Жооп сизде, кандай дейсиз?

Байымбет балага бажырайып, Жалийге сүйлөгөнсүдү:

– Мен мындай жүүнү тирүү, чыйрак баланы жактырам. Эсенбай уулум, Байымбет деген акын менмин. Кел, таанышалы.

Эсенбай саал уялымыш эте, жер карай бери борсоё басып, акындын сунулган жумшак алаканына чыпыйган манжаларын алдооч капканга чаптыргандай чыга алгыс чап карматты:

– Ап-э-эй... Сизди мен биздин эле үйдөн, атамдын Жалий байкемдин жанынан бекен... мурда эле... Өгүнү эле... Сайнап жеңем эс учунан танган Сейит уулунун каруусун тилдире эмдеткенде көргөм. Сейит кулактан соо сакайды. Сиздин эмдеп, билесизби, мынабу менин тырмагымдай чуңкур так калды. Сейит мени айыктырган дарыкердин белгиси, эми ылайым

оорубайм деп мактанат. Кызык, сизди ошондон бери эмчи деп эле жүрсөм. Акын да турбайсызбы.

Чоюбек жетине да албай, ичи да тартына калдастады:

– Бу тентек кантет? Теңтуш боло калбадыбы.

Байымбет телик баланын колун коё бербей эркелете сылагылай андан кандайдыр зээндүүлүктү байкай божурады:

– Экөөбүз достошолу. Карыя менен бала достошолу. Жарайбы.

Эсенбай шар:

– Жарайт. И... и... Сиздин шакиртиңиз Кашгары байкеме, достоштук, уруксат берди ырларын үйрөтүңүз деп барайынбы эми.

Коё берсе дароо атылчу Эсеибайды акын дагы саамга коомай тарта, жактырганын туйдурду:

– Азыр барасың. Уруксат. Кааласаң мен өзүм андайдын сонундарын үйрөтөм. Ыр, казалдарды ооз эки түгүл кагандап өзүң окуп, көчүрүп жазганды да үйрөтөм.

Эсенбай бошогон, ысыган манжаларын башынан жогору эбелектетти:

– О-о! Анда бар эмеспи! Мен... мен...

Чоюбек уулуна көзүн аңтара итерди:

– Жетет, жетет тентек, достошподуңбу, Байымбет акын менен.

Эсенбай шарт жөнөй берээрде Жалий кулачына орой бурады:

– Ким менен достошсоң, ошонун жолоюна түшөсүң. Сен чо-оң акынга достоштуң. Акын бол.

Чоюбек балкыган боюн суук шамал аралагандай силкинди:

– Акындыктын буга не зарылдыгы бар. Көзү кат тааныса... Толорсугун көтөргөндө өзүндөй түпкөрүдөн окуса, чен тагынгандардан, ата мурасын улап эл бийлегенден болсо жетет да.

Анын макоолугуна Тоголок Молдонун жыйрыла түшкөнүн сезип, Жалий манапты жекире, алал мурасчысына угуза жапырылды:

– Кечиресиң, болуш. Акын сен, сен сыяктуу элеттик эсиркегендер ойлогондой жан багаар көп букаранын бири эмес. Алардын сөзү – элдин мүлкү.

Чоюбек тыңсынган эмени ээн жайкын лапылдатпай кур дегенде кыябы келген ушу саам тизгинин кагып, өзүнүн кимдигин байкатууга чыңданды:

– Мүлкүңөрдү мен албаймын. Силер бербегиле. Эсенбай тентегиме кат таанытсаңар жетет. Эсенбайыма Молдо достошту. Бүттү.

Эсенбай ага кызыксыз оор сөздөрдөн тажап, Жалийдин кучагынан бошой Байымбетке кылчайды:

– Кашгары ырчыга сизди уруксат берди деп айтайынбы.

– Айт, айт. Үйрөтсүн. – Байымбет комуз менен дегенди жандап колун абага кыл черткендей тыбыратты.

Эсенбай эдирендеп даң сала узады. Атасы кыйынчылыктан кутулгандай сакалын жайкай оңдоно санын апчыды:

– Бала, бала да.

Байымбет өз баамын айкындады:

– Наристе жазыксыз. Мындай тирикарак наристе көшүлгөн жетик кайракка бүлөнсө курчуп, бодур кайракка бүлөнсө мизи ыдырап, одурап калышы ыктымал.

Маек бөгөлүп, кайым тыйылды. Кымыз жутуп ыңжыңсыз отурушту. Байымбет тиешелүү сөзгө катышты. Акимдерден сураары жок. Жалий да кымылдай өзүнчө тунжурап денесине кан жүтүртө аркы-терки үй ичине басты.

## ЫҢКЫЛАБ ЫНТААСЫ

– Тоголок Молдо, чоң масилетти чукташтык. Ким кимибиз чечилдик. Во-ф! Жалий мырза экөөбүзгө өнөрүңдү көргөзбөйсүңбү?

Чоюбектин ныксыраңкы өтүнүч кебетеленткен талабын Жалий да сөзсүз орундаттырууга, акындын маңдайына ойноктой, бутуна чапталгандай күрөң өтүгүнүн апкыттарын сүйкөштүрө бийлей токтоп, жүгүнүңкү колун кайчылаштырды:

– Байымбет ага, сиз окуй да, жаза да, айта да билген, караңгы калкыбызда жылдыз арасындагы жаркын айдай шоолалуу, даана шайырсыз. Болуш айткандай жалпыбыздын кызыкчылыгыбыз, атпай журтубуздун намысы үчүн зор ишке баш коштук.

Ананчы. Тогуз-Торого мектеп ачуу оңойбу. Ошонун, алал иштин урматы үчүн алтын шилекейиңизди чачыратсаңыз...

Туш тарабынан торголгон Байымбет негедир ыкшоо тартканына таң. Башта, балким жаштык демдүүлүктөнбү, өзү айткысы, ачылгысы, өркүндөгүсү эле келчү эле го. Көңүлү чөгөттөнгөндүктөн деги арылууда. Неге өнөрүн кысат.

– Назарың сынбасын, Жалий карагым. Эп көрсөңөр «Манастан» айтайын.

Берки экөө төрдө ток айгырдай оонаган манап менен жүрүштүү чалыштай шыйрагын ойсоңдотуп оштонгон жигит тынымга тиктеше, кирпик ымдашты.

– Жарайт акын ага, – деди Жалий илбериңки ийиле. Байымбет Жалийге бурулду.

– Анда карагым, болуш экөөңө жалгыз какылдабайын, «Манасты» көпчүлүк уксун. Катын, бала, кары жаш чогулсун!

Жалий чарт тутана, Чоюбекке жылмайды:

– Болуш, чакырт, кадырлуу карыяларыңды, жан жөкөр шериктериңди.

Чоюбек калдайган башын саал ийгенсий калкытты:

– Во-ф! Эл заматта чогулат. Бо, Тоголок Молдо, сен бизге манаптардын, мартабалуулардын «Манасын» гана айтасың. Жаки тегирменге чогулган жардыларга какшаган «Манастан» сокчу болсоң таарынбайсың.

Акын чокчо сакалын дирилдете, алкымын бүлкүлдөтө борсулдады:

– Мынча болду, болуш, куду сенчилеп «Манасты» менчиктеген манаптын зор жомокчуну кыйкымдаганын айтып берейин. Жалий иним, сен да уксаң... Солтонун мынабу Байтиги жомокчу акын Балыктын атагы жогорулаганда өзүнө тартат. Аш, той, жыйындарда ээрчитип оболунан чыгарбайт. Айылына көчүрүп Байтиктин ырчысы атантат. Байтик башка иштерге алаксыган учурда жамаатташ, букара Күнтуу деген уруунун мыкчегерлеринин үндөгү боюнча Балык аларга барып, элдин кадырын калтырбай «Манас» айтып аралап жүрөт. Аны угуп Байтик ачууланып, чакыртат.

– Менин «Манасымды» сен самтыраган Күнтууларга айтасыңбы? Эсирип көпкөн экенсиң. Сени арык төөгө жайдак

мингизип, күндүзү-түнү алты күн Чүйдүн баш аягын кыдырта желдире жетелетип, мындан кийин өзүмдүн үйүмдөн башка жерге «Манастын» атын айткыс сазайыңды тарттырайынбы? – деп олунуптур.

Заар зулумдун болбос жерден далайларды кыйкымдаган, кыйноолорунун далайын көргөн, өңгөнү кой Акай деген мергенди тоодон «Менин бугумду атасың» деп чычырканакка жылаңач бөлөтүп сабатканы али эсинде, Балык ойлуу заркана кулдук урат:

– Таксыр, Күнтууга сиздин «Манасты» айткан жокмун. Күнтууга Күнтуунун «Манасын» айттым.

Байтик келекелүү ызырынат:

– «Манас» бирөөбү, же эки «Манас» барбы? Балык тайсалдабай оюндагысын жактайт:

– Баатыр, «Чоң Манас», «Кенже Манас» деген бар. Күнтууларга «Кенже Манастан» эле айттым.

Балыктын чукугандай сөз тапкычтыгын, амалын баалап, Байтик акынын бир сапар кыйыктабай күнөөсүн кечиптир. Лекин, кыргызда эки Манас жоктугун Байтик билет эмеспи. Ал эле дейсиңерби. Сооронбай манаптын алп манасчы Тыныбекти матап өз Манасымды, өзүмө гана арнайсың дегенин өспүрүм кезимде көзүм менен көрдүм. Ошолордун сыңары, Чоюбек болуш «Манасты» ченеп, бычпайлы. Каалаганыңды түгөл чакырт. Жапырт угушсун. – Тоголок! Молдо жер таянбай шыдыр обдулду. – А-а дейре буту колду чоюп, сыртка серүүндөй турайын.

* * *

Эшиги түрүлүү, түндүгү тартылуу, ичи жарыкка чалкып, таза абага толгон Байымбеттин өргөөсү. Түндүккө! туштап, очоктуу тулганын жанындагы чакан тактанын эки учунда Турсун менен Кашгары кагазга өбөктөп, калем учтарын ийсеңдетүүдө. Төрдөгү жүккө жөлөнүп, жашыл топусун чокусуна чокчойто, жеңил кемселинин боор топчуларын чечип, агыш көйнөгүн булайта шадылуу ичке манжасына узун тилке дептерди кондурган Байымбет зайыбы менен шакиртине өзү

жаңы чүргөп бүтүргөн «Ширдакбек» казалын жай, кайталай окуп көчүртүүдө:

...Жетиктигин билгизди
Журтка пайда тийгизди.
Жер алдына көмдүрүп
Ноо менен суу жүргүздү...

Колуңар талыды окшойт. Чай кайнамга тыныгалы. Кашгары калемин дептеринин ортосуна коё, чарчамак турмак канааттана башын серпилтти:

– Э, Молдоке, ушу жорукту сонун таппадыңызбы.

Байымбет көз айнегин жүз аарчысына сүртүмүш эте:

– Өз көкүрөгүмдөн жарытылуу эчтеме булабаган соң, эл казынасын ирettеп, ырга ширелиштирип өзүнө тартaлы.

Турсун чычалады:

– Койсоңуз Молдо дос, булаган үчүн моминтип «Ширдакбек» аңызын ыр дастанга айлантып бизге көчүрттүрүп отурбайсызбы.

Акын айнегин көзүнө жакындата «пү, пү» үйлөгүлөй:

– Ушу басыгыбыздан жазбасак, «Ширдакбекти» үч күндө, мөөнөтүндө бүтөбүз.

Кашкары жүзүн ажарланта купшуңдады:

– Кол китеп казалдарга кардарлар көбөйдү. Алыскы айылдардан ат чаптыргандар, Тезекбайды ортого салып, колкосун зор айтып сурагандар арбын. Сиз барда Молдоке, качып тозуп жүрсөк да, кор тартпадык. Мындан ары марыйбыз.

Жеңеси аны кубаттады:

– Ырас эле... «Өнөрлүү өлбөйт» дегенге ынандым.

Байымбет өнөктөрүн жайкады:

– Ага баарыбыз ырыскылашпыз. Экөөңдүн минтип жазганга, окуганга колуңар жөндүү. Сөздүн, калемдин касиети нагызы ушинтип багат, кээде чагат. Биздин парз – жамыятка пайдасы тийип, калайыкты баш коштуруп, душмандан коргогон баатырлар жөнүндө казал таратып, сезими катkансыган калкты сээрине балкытып сугаруу...

Тезекбай ачык босогону аттаар аттамаксан тигил үчөөнүн божурашып жыргап отурганын байкап, туурдукка далдоолоно кетенчиктеди.

«Ка-ап! Үч эм улактай бөжөйгөн кургурларым. Өзүлөрүнчө кужурашып... Казалдарды көбөйтүп... Кудайкары менин камымды, жок, өз камдарын, жок, журттун камын жешүүдө. Кара жанын карч уруп, чымындай жанын сеп алдырбас болду досум. Таң эртеден чоң шашкеге дейре кечелер менен алпурушат. Дарс окутат. Алары канчалык чилтен болооруна айраңмын. Түштөнүүгө гана биртике будаланат.

Экөөнү тигинтип тактага таш өбөктөтүп иңирге дейре жаздырганы жаздырган... Бу саамкысында өйүзү Дөдөмөл айылынын аксакалдарына «Шырдакбектен» бир китеп убада бергем. Жогорку Атайке тараптагы топурак, жер тамдагылар «Жаңыл Мырзадан» бакыйган китепти ак эткенден так этип акыйышууда. Күжүлдөшүп кызуу киришиптир. Кантсем... Жолтоомду тийгизбей житсемби... Ай, иттики ай. Кайдан чыга калды мындай кыжаалаттык. Убада мөөнөткө үч күн калганда буларды алаксытсам, кол китепти чалалатып табыштай албай, калп аталып таланамбы?! Кандай кара чымын айдап барды мени Чоюбектикине. Айтсам, буердеги төртөөбүзгө, зарыккан Дөдөмөлдүктөргө залал. Айтпасам кыянаттыкка барам, каргышка калам... О, курган баш...» – чыдабай босогодон эңкейип жөткүрдү.

Анын карaанын байкаган Байымбет төрдөн унчукту.

– Тезекбайым, көп күйпөңдөбө. Биз да чамдагансып атабыз. Ылайым убаданы создуктурган жаман. «Шырдакбекке» доочу лыкылдата баштадыбы.

Тезекбай тегирмендин тозгогу жапкан малакайлуу башын чулгуду:

– Кудайкары доочу үч күндө келет. Ээ, курусунчу! Доочудан кыжаалат иш... Дөөлөттүүбү, жакырбы, деги адам башына каран күн түшпөсүнчү?!

Беркилер шалдырай элейишти. Байымбет колундагы китебин жүктүн катмарына сойлотуп тегирменчини карай адымдады:

– Ия! Ким ал, не болду?

Тезекбай безилдеди:

– Кудайкарынынкы... Чоюбек болуш, катын калачы, жан жөкөрлөрү, баки жогу үйүлүшүп, зар какшап үрпөйгөнүн көрүп заарам булут айланды.

Байымбет убактылуу өкмөт кулаганга жоруду:

– Ия! Анчалык болгудай Чоюбек эмне, түпкүрдөгү колдогон тирегинен ажыраппы?!

Тезекбай таар кемселинин этегин кайыш чокойчон уркуйган тизесине орой босогонун сыртына чөгөлөй, агыш тозгок ширелген саксагай макайчан башын ичкериге жүткүнттү.

– Кудайкарынынкы ошого тете. Чоюбек көркоонун өз башына көрүнсө го убал жок эле. Алиги Эсенбай деген телик, эрке кенжеси бар го, окуудан да ззэндүү деп мактап жүрөсүң го, ошонусу... алдастап, ысып күйүп... жөөлүп... эти, башы балалаппы... Кош аттап чаптырып Жалалабаддын дары суусун ээлеген, көзү ачык шайык, олуясын алдырыптыр. Анын дарымдап... дем салганына, дары суусун шыбаганына, жуткурганына карабай, баласы эс учунан танып күн сайын оордоп баратыптыр.

Байымбет тегирменчинин жанына эпейди:

– Аттиң. Түшүндүм. Эсенбайдын окуудан калганында атасы тыйдыбы дөгем. Көрсө... Кыязы, кара чечек. Андай тумоону бүбү-шайыктын дарымдаганы айыктыралбайт.

Тезекбай чор шадыларын барбайта карс-карс бүктөдү:

– Болуштукуна кудайкары мени суутуп коюппу. Сүйгөн киши жиберткенинен барбадымбы. Өгөй да болсо (ортончу күнүсүнүкү) жаныма жакын, өтүмдүү жетик бала эле. Байымбет жездеге айт. Табып, дарыкер эмеспи. Далалатын аянбасын деди.

Турсун чолпусун шылдырата, шайы көйнөкчөн шоодурай ордунан козголо бериледи:

– Сүйгөндүн шагын сындырбаңыз. Атасы зулум болсо да, балада не жазык.

Кашгары тактаны кучактаган ордунан кеп кыстарды:

– Сүйгөн балдызыңыз, башка бирөөнү эмес, жан досуңуз Тезекбайды жиберсе.

Байымбет кагелес алаканын таптагылай шак обдулду:

– Өзүм да силер ойлогон ниеттемин. Баладан кандай мерез аянат. Кап, улартып ийишиптир. Менин эмдегенимдин күчү

жетеби? Чоюбек болуш мага ишенеби? Тобокел Кашгарым, Тезекбай экөөлөп аттарды токугула. Мен дары-дармек көмүркөйүмдү тейлештире коёюн.

* * *

Чоюбек ысык үйүндө төркү каалгасына үңүлүп сабыры суз. «О-о, чоң кудай! Садага, түлөөнү аябадым. Олуя, бакшынын көзү ачык дегендерин чакырдым... Баламдын чымындай жанын сактай көр!

Төркү үйдөн Сүйгөн чала жан тырпыраган сарала чымчыкты алаканына салып чыгат да бурчка ыргытат.

– Бул сай сагызгандын жылуу канын жаап көрүштү. Мындан да ылаажы болчудай эмес.

Чоюбек бутунун балтырын мыжыга теминди:

– Ву-ф! Анда чечекей челейеби?! Төрт айлабыз куурулуп карайлап бүттүк го?

Оозгу каалга кыйч ачылып Байымбет эрин учунан шыбыштай салам айта босогону жеңил аттанганда, Чоюбек туталана кайгылуу көзүн акыйтты:

– Кайсы шайтан айдап жеткизди, Тоголок Молдо. Мен сени чакырткан жок элем го?!

– Балаң Эсенбай ноокас дегенди угуп көрүүгө келдим.

– Тиги төркү үйдө ажы, «олуя» тирүү сай сагызгандын канын балалаган жаратка сыйпашты. Мурда музоонун терисин ысык боюнча сыйыртып жабышкан. Күн түн дарымдап, дуба окууда. Жакшы көргөн, үмүттөнгөн тентегим эле. Зээндүүлүгүн сен да жактырасың. Арга табылбай баратат. Жер танабын түрө кыдырган беренсиң, билсең айт, ат туягы жетээр жерди каягы болбосун алдыраар элем, кайда чечекке айлакер дарыгер бар, билесиңби?

– Андайды билбейт экемин, болуш.

– Аттиң ай, аттиң ай. Баламды айыктырган улукман табылса, башымды да аябайт элем. Мейли, каралдымдын айдай бетинде чечектин чаар тагы калса да, айыкса болду.

– Болуш, мунуң атанын, адамдын сөзү. Мага уруксат эт, Эсенбайды, жакшы окуучумду, кенже шакиртимди көрүп чыгайын.

– Во-ф! Кадырың жан болсун. Олуя бизди да киргизбей атат. Жараткан алланын ырайымын күтүп ушерде отурмай.

Сүйгөн эбелектей, үңкүйгөн эрине чукулдады:

– Төрөм, менин өтүнүчүм, колком болсун. Жездеге уруксат эт.

Уйкусуз жана кайгыбаштыктан канталаган көзүн тостойтту аялына Чоюбек:

– Жез такамдын илеби кайтпасын, кирип тез чык, Тоголок Молдо.

Байымбет каалганын нары жагына сорулганда эрке токол күйөөсүнө шыбыштады:

– Бу киши дарыкер.

Чоюбек таралбай уйпаланган сакалын салаалады:

– Билем. Суук көз каапырды сени кыйбаганымдан кийирдим. Бекер. Бекер...

Байымбет тез, чечкиндүү кобурай чыкты:

– Баланын чечек дарты катуу балалап кетиптир. Музоонун териси, сай сагызгандын каны, ажыңыздын дарымдаганы менен дем салганы эми эм болалбайт.

Чоюбек, жүдөй түшкөнүнө карабай кош колдой, кош балтырын аткый ышкырды:

– Оозуңа таш-ш! Ушунчаңда...

Сүйгөн чебелене үйрүлдү:

– Жездем эмчи. Дегенин тыңдасаң. Балким ылаажы табылаар...

Байымбет кемселинин жеңин кайыра, шымаланды:

– Болуш, каарыңды коюп, мага уруксат эт. Эмдеп көрөйүн.

Чоюбек арабөк, башын калтылдатты.

– Во-ф! Тоголок Молдом, уккам. Бир-рок, с-сен...

Анын ышкыра, аягын жута сүйлөгөнүн укмаксан, Байымбет улагага баш багып, көмүркөйүнөн суюктук куюлган айнек бөтөлкө, шишече, наштар, ийне, даки кебездерди этиет сууруп:

– Момундай дарыларым, аспаптарым бар. Мерчемдүү дары жиберип, канын ууланткан, илдет жугузган мителерди кыруу керек.

Аргасы куруган ата, ниетинде жаман көргөн эмчиге чынын дөөрүдү:

– Көзүм жетпейт. Көөнүм ишенбейт. Тамырын тигип, үмүт кылган тукумумду соолтпойсуңбу?!

Байымбет башка бирөө болсо терикмек. Убактысы да жок акыйлашууга. Айласыз көнөөрүнө көзү жетип, сестүү мостойду:

– Сага өчөшчү иш башка, болуш. Бала деген эч кастыкка кордолбос алал, ыйык. Колумдан келсе айыктырам. Келбесе арга жок.

Чоюбек дарыгердин моюнуна асылчудай чөгөлөй кош алаканын жогорулата жайды:

– Тоголок Молдом! Баламдын чымындай жанын балээден арылтса, шайтанга да макулдоого тукулжураганымды көрүп турасың...

Айтчы чыныңды! Байымбет калбет какты:

– Эгер сенин балага аталыгың чын болсо, меники да чын.

Чоюбек аргасыз тишин кычыратты:

– Ат-э, түгөт Молдо, тилиңе жараша колуңдан жакшылык келсе...

Эми Байымбет андан кескин талап кылды:

– Олуя, бакшыңды кетирип ооруну менин оболума кой.

Чоюбек безгек болгондой тишин шакылдатты:

– Тикини... Тикини. Бу түгөткө не дейли, жез такам, айтчы?

Карайлаган эрин ого бетер ныптай эпилдеди Сүйгөн:

– Арга түгөнүп баратат. Кантебиз. Тобокел дейличи, атасы.

Чоюбек олчойгон куймулчагын жерге лак коюп кетенчиктей токолуна акырайды:

– Арга түгөнүп баратат. Арга?! Олуя ачыгын айтсын. Сурачы?

Сүйгөн саймалуу жылтырак намыркан маасынын тумшугу менен килемден табышсыз нары киргенден бери чыкканы бат үнүн жашыта үлбүрөттү:

– Олуя колумдан ылажы келбей калды. Дарыгерге таксыр ыракым этсин. Баары бир... Алланын амиринен улук эчтеке жок деп ыйлап ийди.

Чоюбек калдастай, кирээрине эч шек санабай дары-дармегин белендеген Байымбетке карай колун арбаңдатты:

– Во-ф! Анда... анда... Тоголок Молдо-о, ыйманыңды оозанып, биротоло келмеңди келтирип, акыркы айтаарыңды айтчы?!

Алачакмактаган болушка Байымбет айыгыша тикирейди:

– Болуш, баландын мал болушун тилеп, мени жибер. Мага сыйын. Бекер улартып ийипсиңер.

Дөөлөттүн күчү менен эчтеке чыгаралбаган соң, аргасыз адамдык кейипке келе Чоюбек ачууркана силкинди:

– Во-ф! Тибиртке чыккыр, тилиң ай сенин, тилиң! Айыктырсаң мындан аркы кудайым сенсиң. Сыйынам эле. Кара көзүмдү кашайтсаң... Кантээриңди өзүң билесиң селсаяк... Дегениңе аргасыз көндүм. Олуя ажы чыксын.

* * *

Үлпүлдөгөн шам чырактын шооласына далдайган Чоюбек көлөкөсүн ээрчите үңкүрдөгү аюудан бетер этек жеңин далпаңдата, майпая басып, караңгы бурчта жаздыкты жөлөнө үргүлөгөн токолуна жетип аны түрткүлөдү:

– О, жараткан, колдой көр! Үчүнчү түнгө айланды. Бу жакшылыгына алганыбы же?

Сүйгөн бүрүшө колун ушалады: – Ай таң, билбейм султаным.

Уйку-соонун ортосунда эзилген токолун болуш шилисинен апчып тургузду:

– Куу Тоголок Молдо баламды бишкектеп, тилгилеп, кескилеп кыйнап...

Сүйгөн ооруксунган моюнун кыймылдата акырайды:

– Анжыяндан чакырткан олуяңдын колунан не келди эле?

Чоюбек жыга койчудай колун силке үксөңдөдү:

– Бебиребе бейбак. Чакырчы жездекелеген Тоголок Молдону. – Сүйгөн шалкайып узаганда кош колдоп кемселинин жакасын тутамдай эринин кобуратты:

– О, жараткан! Көп күнөө, арбын айыбым бар. Кечир-р! Чечекейимди соолтпо.

Анын тамтаңдай өйдө-төмөн арыштап, өзүн муунта тайынып делбээленгенин тыяктан жылып чыккан Байымбет байкады:

– Болуш, кыжынгандан, күйүткө жеңдиргенден не пайда?

– Во-ф! Мен да адаммын. Ачык айтып ак сүйлөчү?!

– Азырынча так айтыш эрте.

– Во-ф! Э-я-я! Сенин оозуңдан, сенин колуңдан жамандык...

– Астапыралла де болуш. Сен сабырлуу, кажарлуу, кайраттуу сыяктанчу элең го?

– Сабырдын да чеги бар, куу туяк Молдом...

– Анда... Чегиңден өтпөй чыдай тур «май туяк» маннап. Баланын илдетке чалдыккан канына аябай дары жиберип эмдеп жатам. Дарынын күчү мителерди жеңсе, күнөөсүз перзент көзүн ачуусу ыктымал.

– Астапыралла, астапыралла! Ву-ф! Анда мен сенин куу туягыңды май туяк кылам.

– Чакыртпагын. Мени жайыма кой. Үстүмө өзүмдүн Кашгарым менен сенин жез такаңдан бөлөк жан маңбасын. Бейкуттук, тазалык керек.

– Ву-у... бар, ба-р, Тоголок Молдом. Эгерим баламды айыктырсаң, м-мен, сен-ни... Дарыкер соңунан каалганы жаап житкенде уйкуга эс мас далдыраганынан чыйрала боюн жазат.

– Ооба, мен аны таяйм. Ия, жараткан шу убадамды кулагың чалдыбы. Жо-о, аз абайла. Эл бийлеген мендей зулум, кезегинде убадасын берет. Аткарчусун аткарат. Кыябы келишпесе айнып да коёт. М-ме-н чоң Чоюбек баламды балээден алакчылаган пендени бир тундурам. Во-ф, бир-р тундурам! Анан-н калганын билбейм. Уктуңбу жараткан, чын убадам уш-ш-уш...

Чоюбек далдайып төрдөгү додо мамыктарга көмкөрүлдү.

Сүйгөн соңунан Кашгарыны ээрчите бери жай суурулду. Эринин жанына байырлай:

– Ой, эзилдиң, чарчадың кургурум. Күү черттирип эрмектеп эптеп убакыт өткөрсөкпү.

Чоюбек жаны жер тарта, башын көтөралбай чукуранат.

– М-мейли жез такам.

Сүйгөн Кашгарыга бурулду:

– Муңканып бүттүк. Деги жакшылыкка ыроолойлу. Өнөрлүү жигит, ак жолтой болгуң бардыр... Мындай учурда ырың жарашпас. Залкар күүдөн чертсең.

Кашгары зыңылдата комузун күүлөп, бүкүлү суналган үй ээсине кашын түрдү:

– Болуш коңурукка кетти, мейлиби, чүрөктөй токол.

– Мейли, мен сурап атпайымбы, шок жигит.

– Устатым экөөбүз өзүң айткандай, ак жолтой болуп уулуңар айыкса... Молдокемдин жолдугу го башка... Менин көксөгөнүмдү аткараар белең өзүң?

– Бала айыксынчы. Көрө жатаарбыз. Чертсең комузуңду. – Сүйгөн кылтылдап жигиттин жанына отурат.

Кашгары келинди имере кучактай:

– Чертпегендечи, талыкпас элем эгер дайыма ушинтсең.

Сүйгөн наздана, чочуган кейипте булт четтеди:

– Апей! Кандай абалда отурабыз. Сен чертесиңби, же...?

Кашгары оңдоно комузунун кулагын бурай, чарасындагы үч ичекти сыбызгыта үңкүйүп тыптынч жүлүндөй чырак шооласына көшүлө ымыртыкка төнгөн үйдү тири укмуштай күүгө термете чайкады дейсиң. Боконо жүрөктү болкулдата, жүлүндү сыздата, азап-муңга капталган жан, ошондо да үмүт, арбаш менен тирүүчүлүккө, жашоого далбастаган келечек мүдөө сыбызгууда. Бүт турпаты менен керемет добушка чайкала, көзүн коймолжуткан жаш токолго комузчу, колунун чимиригин бошоңдотпой шыбырады:

– Молдокемдин бабасы, Музоокенин «Муңдуу күү».

Ичкериден Байымбет да тымызын быякка жылжый баш багып, эзелтен күрөө тамырында ойногон канын удургутуп, дилин кубаттанткан ажайып күүнү тыңдай толукшуй, жай берки экөөнө чукулдады. Качан узак кайырма мукам күүнүн акыркы кайрыгы чертилгенде боюн созуп Сүйгөндүн кулагына бирдеңкени кыска шыбыштады да Кашгарыны секин жаңдай ээрчите нары кирди. Табып, шакирттин соңунан бутунун башы менен Сүйгөн созула тартылды. О кыйлада Сүйгөн чоң бөлмөгө сексеңдей атылып шапар тебе туйлап, күйөөсүн тарткылап ойготту:

– Сүйүнчү! Сүйүнчү!

Чоюбек антаңдап карбаластады.

Во-ф! Болсун! Болсун! Аксарбашыл асыл! Айтчы эркем ачыгын!

– Эсенбай улутунуп дем алды.

– О, кудай оозуңа май! Дагы...

– Эсенбай кирпигин серпти.

– О жараткан! Тентегимдин садагасына ак боз бээ чалынсын!

– Байымбет жездени убадаң боюнча ыйык тут эми. Олуяң мыш болду. Мындай дарыкерге сыйын, тайын. Жер айлан көчөк омкороордо кубантты.

– Во-ф! Во-ф, жез так-кам! Мындан ары ал менин дарыкерим, менин ырчым, болсо э! Уулубуз кадимкисиндей сакайып муунуна киргенче эмчи үстүнөн кетпесин! Аны үптөп, таптагыла, ыйыктагыла!

– Анда үстүнө аялы Турсунду алдыралы.

Чоюбек жамынган илбирс ичигин ийниен сыйырып, боору ачык кемселин бүчүлөнө, илгич ала бакандан кемер куруна кол созду:

– Олдо жез такам ая. Боптур. Алдырт. Ммен аз-зыр...

Манап жазы кемерин жоон белине тагып кадам шилтээрде Байымбет чыгып, күлүмсүрөдү:

– Болуш, уулуң, Эсенбай сени көрсөм дейт. Бар үстүнө.

Чоюбек жайкаңдай сакалын тарай ичкериге дүңкүлдөй адымдады:

– Жарадың Тоголок Молдом.

Ага көз кырын ээрчите, томсоргон Байымбетке Сүйгөн чукулдай дирилдеди.

– Жезде-е, болуш эт-бетинен кетип ыраазылыгын билдирбеди деп таарынбаңыз. Мүнөзү ушул. Колумдан келишинче жолдугуңузду өзүм ырастайм.

Байымбет канааттануу пейлин айкындай тишин кашкайтты:

– Болушуңду актабай эле кой. Опуртмалуулугу башы менен жатаар. Бала үчүн далалатым текке кетпеди. Акыбетим кайтты. Андан көрөк балдыз, Турсунумду алдыр. Чаалыкканымды эми сездим. Башыма жаздык төшөп берчи, кичине көз ирмейин.

## КОЛ КИТЕП

Байымбет үйүндө жалгыз. Жаңыдан мукабалап бүткөн кол китебин быяк-тыягынан кармалап күдүңдөөдө. Чыгармасын

гана эмес, наристесин эркелете сүйгөндөй куштарлана, курсанттана китебин эринине, маңдайына тийгизип, коюнуна ысыта таптоодо.

– Кутманым, илхамым, жаныбарым, жолуң ачылсын! Өмүрүң узун болсун! Чабыттап жөнө. Элге тартуулаар кол китебим, түбөлүктүү жүрсүн деп, дептерлерди бириктирип, барактарын түптөп булгаары менен каптадым. Эл! Эл – ыйык мазар! Элдин каргышына калган акыры түбү азаар деген чын. Эл... Караанындан кагылайын. Минтип күйпөктөп жалгыз отурсам да демиңе жылынып, канатыңа калкалануудамын. Сен болбогондо кара жанды кимге карч урмакмын.

Башында сүлөөсүн тебетейди сүлкүлдөтө, колунда аркар сап булдурсунду үйүрө, кемтик тишинен ышкырык аттыра Тезекбай медиреп кирди:

– Кудайкары, шыбагасыз адам жаралбайт. Э, Байымбет, карачы, дагы олжо-буйлага тундум. Сенин тозгок жыттанган тегирменчи досуң башында сүлөөсүн бөрк, колунда элик сан өрмө камчы. Мырза болду да калды.

Байымбет ага башын көтөрө мулуя таңыркады:

– Ой бо-й, келишкен мырза, кайда жүргөнсүң жашырынып? Ия? Бу кайдан?

Жарымы түшкөн арсак-терсек тиштеринин арасынан тилин булдурттатты Тезекбай:

– Кудайкары, кайыптан. Менин багым кайыптан, Үр кызы, перизаада зайыптан.

Байымбет шарт илгерилей басып досунун жонундагы пыязы чапанына сиңген тозгокту буркурата далыга сылады.

– Кут болсун! Илбээсин тебетей дыйканга да жарашат тура. Кийип жүр. Өз жаның бек болсун, бөркүңдүн жаны морт болсун.

Тезекбай ырчы тамырынын жылаңач баатыр Жоомарттыгына бу саам дагы топуктана, тартуу жагдайын жайбаракат чечмеледи:

– Кудайкары сүлөөсүн бөрктү өйүзгү не дүйүм айбанаттар самсып өрдөгөн Каначуу тоо токоюна ээлик Дөдөмөлдүк көзгө атар мерген, кыбачыл капканчы, тузакчылары арбын айылдын мыкчегерлери жеткиртти. Алар өзүбүздүн менчик «Манасы-

бызга» жетсек... Бул даекчи Тезекбайдын ширинканасы, ооз басырыгы. «Манасыбызды» Тезекбай колубузга тийгизсе Тоголок Молдо акындын жолдугу, колкосу башка дептир.

Байымбет кызык жомок тыңдаган баладай досуна оозун ача делдейди.

– А булдурсунучу?

Тезекбай бүлдүргөсүн оң колуна илип, ысылы, суукта шамал менен жарыша өмүр сүргөн кайберендин түктөйгөн бозомтук түптүз шыйрагына паймапай көшүлтө өрмөсүн бүктөй, башында аркардын ача туягы шиштейген булдурсун камчыны абага кезей, маалкана, маанисине жеткире туюнтту:

– Кудайкарылар жарды болсо да акылман карысы, колунан көөрү төгүлгөн устасы, көзгө атаар мергени, айлакер мүнүшкөрү, балбаны, күлүк таптаган саяпкери, берекелүү баба дыйканы, таш булчуң шайдоот уул, сыланган кыздары бар жогорку айылдан кардар чабаганчы келди. Жүзгө чыккан айыл аксакалы ушул аркар сап булдурсунду жасатып чаптырыптыр. «Темене тартып төө алат». Тоголок Молдого табыштаса биздин илепти кайтарбас. Атайылап үй көтөрдүк. Журтубузга кабарладык. Байымбет акын биздин айылды деле чанбасын. Келсин. «Манас» баштаган кут сөздөрүнөн биздин журтка деле чачыла чачсын дептир. Досум, бул чакырыкка кыйыктанба.

Байымбет салмактуу десе салмактуу, кооз десе кооз, бышык десе бышык, булдурсунду колуна ала, ары имере, бери имере алигинде Мураталы кызыл таз чокусун канталата чапкан камчыны элестетти. Ырас, мындай буюм мартабалууларга гана тартууланчу, алар гана урунуучу, аларга гана жарашуучу жеке аргымак эмес, ачуусу келсе кимди болбосун сестенте жалпайта чапчу, окус, бирди жарым дөөлөтү пасыраактар урунса, тарттырып алчу булдурсундун тоо теке терисинен ий майда ийленген бүлдүргүсүнөн билегине ороп, белгисиз устага, наабаттуу карыяга ыраазылана абаны шуу, шуу Тезекбайдын сүлөөсүн тебетейинин кылдарын жапыра шилтегилей, кайрылып жүк үстүнө койду. Алиги, жазуусун да, жасалгасын да, булдурсун жасаган устадан кем эмес келиштирген көчүрмө калың кол китебин бапестей тегирменчиге сунду:

– Убада кылган Дөдөмөлдүктөрүңө берчү «Манас» мына.

Тезекбай салмактуу куттуу алаканына этиеттей чөгөлөп, моюнун ийилте маңдайына үч мертебе жанытып, окус түшүрүп жиберүүдөн чочулай, нан жыттанган тозгоктуу коюнуна сойлотту:

– О, касиетиңден кагылайын Манас атабыздын арбагы колдой баштадың. Манасты айтып да, күн-түн тирмейип жазган Молдокем, сөзүң калкка дары, бизге азык. Өзүң билесиңби, билбейсиңби, даңазаң артты. Кудайкарыдай минтип ат чаптырып, сый ыроологондор көбөйдү. Сенин аркаң менен мен да мантыгып, кадырым көтөрүлдү.

Жону жука болгон менен акылга, адамкерчиликке калбаат тегирменчи ынагын, чындай келсе өзүн уяткарбоо, басынтпоо үчүн:

– Азыркы карыя чаптырган жарды айылга жөнөөгө камыналы – деди.

Тезекбай жетиналбай купшуңдады:

– Билгем тартынбасыңды. Тартуу, чакырык жеткизген кудайкары чабаганчы күтүүдө. Акырдагы жемди жеп бүткөндүр. Атыңды токуп ийейин. Бачым чык.

Тегирменчи эшикти жаба электе сүзүшчүдөй сырттан Турсунду коштой шакылыктаган Сүйгөн босогодон бери эңкейди:

– Ха-хи-ха! Карбаластаганыңыздын жөнүн билебиз, жезде. Эңсеп күткөн айылга аттанаар алдыңызда, бермет шилекейиңизден чачыратпасаңыз Турсун экөөбүз жибербей да коёбуз.

Байымбет назданган ургаачыга илебин майтарбай кытылдады:

– Олда, шайыр балдызым ая… Балдыз болсо сендей болсун.

Жака, этектерине кундуз басылган жашыл макмал кемсел, өңдөш таңдайлаша кулпурган жибек сайма белдемчиси кыналган тутам белин ийилте, артына кош өрүм чачын суналта согончогуна дейре эңилген чолпусунун шыңгырына, күлкүсүн кошо, акындын маңдайына ойноктоду Сүйгөн:

– Көрөр көз балдызынын өтүнүчүнөн жезде тартынып көрсүнчү.

Акын келиндин татына ireңине, кийими, мүнөзү жарашканын, мындай жароокерлер дайыма эле пейилди жубантпасын эскере, дагы азыноолак эркелешүүнү узартуу максатында:

– Тартынбайм. Тезекбай, чабаганчы кургур экөө зарыгабы дейм да.

Сүйгөн башындагы ханышанын таажысындай апакай үлпүлдөк болотнайдан чакан, типетик оролгон элечегин шаңкайта, капкара көздөрүн күлмүңдөтө бөрсөгөй эриндерин эпилдетти:

– Бараар жериңиз жардылардын айылы. Айтаарыңыз өз оозуңуздагы алп Манас. Шашпаңыз. Жезде, болуптур. Тил алышмай жокпу!

Байымбет жароокерликке да, жүйөгө да жыгылды:

– Кантет эрке балдыз, карт жезденди ыксыз кыйнайсыңбы? Деги шапшаланда оозума эчтеме кирбей турат. Кашгары чунагым, кайда? Кээде кутказа койчу эле.

Күйөөсүнүн жол куржунчасынын бир көзүнө казалдарынаи, экинчисинин түбүнө таза, тапталган ич кийимдеринен салып күйпөктөгөн Турсун сөзгө жармашты:

Аны мен бир жакка жумшадым. Бу саам каалаcа Тезекбайды ээрчитиңиз. Тегирменине Кашгары көз салат. Эми балдызыңызды зарылтпай бирдеме деңиз? Байымбет ойлонуңку:

– Неден айтсам? Нени каалайсың, балдызым? – деди.

Сүйгөн чыпыйган алаканын жанытты:

– Хи-ха-ха, жездеке-е, зайыптарды сыпаттаганыңыз бар го, дурус аял жөнүндө бир эки эле ооз...

Байымбет али ыргагынан, күүсүнөн тая элек обонун жыбылжытты:

Капалык менен иши жок
Кабагы ачык күлгөндөй.
Айттырбай табат сырыңды
Кагаздан окуп билгендей.
Душманга сырын алдырбай
Жооп берет сүйгөндөй.
Таалайыңа кез болуп
Табылса жакшы ургаачы.
Жакшы катын дүйнөнүн
Табылбай турган урматы.
Эрегиш кылбайт жаркылдап
Бу дөөлөтүңдүн зыйнаты.

Сүйгөн Тоголок Молдонун илинүү чапанын оңтойлой кармап, жакасын оңдой кийгизди:

– Мартабаңыз өссүн! Эми колу-жолуңуз бош, жездеке-е…

Акын, Тезекбай менен чакырыкчынын коштоосунда айылдан узаганча сыртта карап турган Сүйгөн, Турсундун моюнуна колун артты:

– Жаман деп жигитти чандың. Акыры момундай – бармагын кайкалатты. Кашын серпе эки атчандын ортосунда жоргодо далысын бүлкүлдөтүп, тебетейин кырдантып алыстаган акынды жаңсады. – жашы улуу болсо да жаны курбу, колу жарды болсо да, ою бай жакшыны тапкан сен азаматсың!

Сыртынан эрке, ичинен билеселүү Сүйгөндүн чын дилинен тагдырына назар салып үйрүлгөнү Турсундун кан тамырларын чымырата балкылдатты. Ал дагы токтоналбай алкады:

– Суулаш экенибизди эсиңе тутуп, каардуу эриңди бийлеп… азып-тозгон биз менен такай катышканыңа, сый урмат жасай каралашканыңа төбөм көккө жетет. Ыраазымын сага, сиңдим…

Көптөн бери көөнүндө көксөгөн чер жазышууга ыгы келе түшкөндө Сүйгөн тартынбады:

– Билсең быякта мен да жалгызсырачумун. Сага төкпөгөн сырды жерге айтсам укпас… Аргасыздан шайыр да болом. Эрке да болом. Мантайган болушту мышыктай ойноткум келет. Өз оболума көндүргүм келет. О-ой жжекеси, ал жеткен куу. «Жез такам», «эркем» деп… Эл көзүнчө карегим менен чимирилет. Кээде жалгыздаганыбызда мыжыгат, түлкүлөнөт. Кези келгенде мен да ага акымды жедирбейм. Чоң үйдө өзүмдөн өзүм тарыйм, батпайм.

Турсун анын мүнөзүндө кандайдыр дүүлүгүү, жерүү сезиминин чакмактары жылт-жулт чагылганын окус кошула үйлөсө, дуулдата жалбырттатып өчүралбасын андай, сыпаа жайкады:

– Сен акылдуу жансың. Кандай жүрүп, кандай болушту өзүң байкаштыр.

Сүйгөн ир дедирбей түшүндү. Азырынча андан ары тереңдөө кажетсиз.

– Силер келгени тириле түштүм. Сага, жездеге, силерге батбат каттайм. Ыгына жараша силерди бизге чакыртам. Ансыз… Макулбу?

Турсун аны бооруна кысты:

– Ошент. Каңгыган бизде, сага ыроолор буюм жок. Мен өзүм көчүргөн Молдо достун жаштык казалы бар. Ошону, – сайма баркут аяк каптан кол китепти алып сунду.

Сүйгөн күтүлбөгөн белекти коомай кармалады.

– О-о! Колуң уялбасын. Мунун кунуна менин күржүйгөн байым түшүнөт дейсиңби.

Турсун аны бооруна тарта кучактады.

– Койчу, болуштун үйүнүн келим-кетими көп. Эрмектей жүр.

Чыпыйган манчалары менен барактарын оодара, сүймөнчүктүү жоодурады:

– Ошент. Болуш болбосо да, өзүм өзүмө, жакын санаалаш менен эрмектейм. Хи-ха-ха.

Турсун андан алыстай каалганы беттеди.

– Ырчы уулубуз түштү окшойт. Мен казан асып, баш таң жасап ийейин. Казал окутасыңбы, комуз черттиресиңби, ырдатасыңбы, эрк өзүңдө.

Али китептен кумары канбай беттерин оодарган келин жанына кандайдыр оп тартчудай жалын деми менен өрттөй жапырыла кыналган жигитке бүт турпаты дилдиреп алапайын таппады. Өзү гана бир ирет бетине сүрткөнү болбосо жапжаңы жыпар жыттанган көгүш жибек жүзаарчысын токтогон баракка үлп эттире, белгилей коюп сунаар сунбас жылдырды.

– Кашгары, мен сага тартуу сунсам... бапестеп аласыңбы, же?

Не антти. Өзү да аң-таң. Колунан лып жулдурганда, жигиттин кубанычтуу үнүн укканда гана элирейди.

– Албагандачы!

Болоору болгон соң, боёсу канган соң Сүйгөн кур алаканын жаныды:

– Ий, арман күн. Турсун жеңең шегин билбесин.

Кашгары ары-бери аңтара карагылай оюн чыныбы дегендей:

– Ва-а! Сүйгөн... Чындап эле кол китепти, ага кошо шайы жоолукту мага тартууламакчысыңбы?!

– Тартуулаганым ушу да. Сен деги кандай жигитсиң. Мага

Турсун, сага м-ме-н... Үйгө апарсам болуш эрим башкача жорушу мүмкүн.

– Э, бу казалдын куну кымбат. Кокус кадырын түшүнгөн, бирөөгө тартуулабасам... Сүйгөн, колуңду берчи. Сунчу, алаканыңды, сунсаң.

– Арман күн, мына, эмне экен?

Кашгары келиндин тыпыйган алаканын өзүнүн албет манжалары менен сылагылай тигилди:

– Шериктешинин ак жолун ачып кенчке, ырыскыга тундурчу апакай алакан... ыпысык, таптатына... Атаганат, менин моюнума моминтип артылса. – Шап кыса, жеңил кулачты элпек чое, өзү эңкейибирээк мүрүсүнө айкалтты.

Сүйгөн колун акырын булка бошотуп, таарынгандай, кылыктана үтүрөйдү:

– Шоктонбо-о. Сен менин ким экенимди, кимдин айымы экенимди билесиңби?

– Ананчы. Билем.

– Арман күн... Чоюбек болуштун каарынан коркпойсуңбу? Эгер шек-шоорат эшитсе, башыңдан ажырайсың. Салакаң устатың Байымбет акынга тиет. – Эрээркеп, жароокер айымдын оозунан мынчалык салмактуу сөз атылганда жигит саал сестейди:

– Ту-ура-а. Би-рок... Жаш, сулуу Сүйгөн, ырчы азамат Кашгарыны чындап көңүлү каалаcа, улук эрине карматып бербес-с.

Олуттуу эскертүүсүнө омоктуу жооп эшиткенде Сүйгөн акылын сабырдуу, жай чубады:

– Тымызын... Оюн, тамашага чалалы. Мен шайыр келин, эрке токол, сенин, жезденин ырына кумармын.

Кашгары келинди колтугуна имерди.

– Мен өзүңө, жоодур көзүңө, мынабу бөрсөк төшүңө кумармын!

Сүйгөн байкатпай жигиттин колтугун коңулдата булт серпилди:

– Турсунга кеттим. А сен таптуу ырларыңдан ойлоп, комузуңду күүлөп бизге кел.

* * *

1918-жылдын жаңырган бирдин айы. Тогуз-Тородо кар калың, түздө эле бир кезден ашык мелтирейт. Мал жутап, кол кароодо. Айыл арасындагы катыш да катаал. Азынаган айгыр, аюудай бапсайган топоз, букжуйган бука, кирген буура мснен жиретин сокур тоом чыйырлар айыл, үйлөр ортосуна салынууда. Жатак үй, мал короолордун алдын ким-ким алынын жетишинче тар, кеңирээк күрөп, күрөндүлөрдү додолонтууда.

Беш жыл чамасында айланып бир каарып өтчү ушундай катаал кышка көнүмүш дыйкандар анча жүдөңкүрөбөөдө. Нандык ун, бозолук шак, максымдык талканды камбылдары коңур күздөн Тезекбайдын тегирменинен өткөрүшкөн. Арийне, ар дыйкан үйүндө өз жаргылчактары, сокулары бар. Өңгө, өңгө ызгаар канчалык очойбосун, Тезекбайдын тегирменинин шакылдагы эч тынбайт. Жаз, жай, күзгүдөй күрпүлдөгөн шар азайса да, тоңбос кара суу шылдырап, күздө дөөмөт жетпеген, же атайылап кышты күткөндөрдүн данын тартууда. Демек – ар айылдан тегирменге салаалаган чыйырлар, терең карды кесип, башкаларга караганда келим-кетим үзүлбөйт.

Жемге байланган аттардын күчүнө салып чарчап жеткен өкүмөт өкүлү – Нарын уездинин соту Жалий Аблаев Чоюбектикине үч өргүгөн соң мына ошол сокур тоомду кыйла кеңитип, акын Тоголок Молдонукуна дастан, ыр угууга конок айттырып, манаптын, анын эрке токолунун коштоосунда чоң шашкеде калдайып түшүштү. Анын көңүлү мурдакы келгендегисинен да шагдан. Баарыдан аймактын баш манабын ээрчитип, акындын үйүн көздөп түшүшүн ал ызаат урмат көргөзгөндөй туюнтту.

Молдокенин зор дастандарынан өз оозунан кийин соң ашыкпай угууга чыгынганын, азыр анын канча жыл таптаган шакирти, алоологон азамат Кашгарыны сыноону... Бу саам узак мөөнөткө атайын өкмөттүн өкүлү катары алыскы, жолу катаал Тогуз-Торо элине атайы тапшырма менен келгенин туюнтту.

Кашгары кастарлаган мартабалуулардын өзгөчө жароокер Сүйгөндүн көзүнө күпкүндүз, апачык көрүнүүгө, мындай шарт-

тын күлпөтүн көтөрүүгө бүт кудуретин аябай көмөкөйүн да, комузун да безелентүүдө. Жагалданган шайырдын улам түрлөнтүп кубулжуганына ким-кими кумарланды. Сырттагылар го кирпик ирмебей, кулак жапырбай, түгөнгүс кенчке мойпоюуда. Убакыт жылкы эти бышымдан өттү. Шакиртинин мынчалык илептүү, демдене, чатырай тутана чоң отурушка жараганына устаты бир четинен кымылдаса, экинчиден үйрөнгөн, аткаруучулук көрөңгөсү бүтүп баратканына кыпылдоодо.

Кашгары кезектегисин тамамдап... эмнеден улоого, нени калганын эскере комузун күүлөгөндө Жалий мырза кош алаканын шумкар учуштай өйдө калкытып чака-чак чапкылады:

– Бал-ли аз-замат-т! Ырды, күүнү күн, түн чаңкап уккан элбиз. Эми анык акыркысы болсун! Дагы баштап кой!

Байымбет копшолду:

– Чарчап калды окшойт.

Жалий айтканынан кайтпоочудай көшөрдү:

– Жоргонун таманы, ырчынын таңдайы кызыган сайын күчөйт.

Сүйгөн токтоналбай жактап ийбеспи:

– Туура айтасыз мырза. Кашгары дал ошондой! Хи-хи-хи!

Чоюбек балтырын аткыды:

– Во-ф. Менин жез такамдын кишенегенин көр-р, сырын билет бейм ырчынын. Жаагын жанысын анда?

Манап зайыбын жаңдата жекиргенде, отургандар далдырай түшүштү. Сүйгөн бейкүнөө элди тунарыктыктан, өзүн жемеден арачалоого батынды:

– Айып этпе, болуш. Ыр, күүнү сагынган жаным, Кашгарыны байкабай мактап ийбедимби. Аны чогуу чаран канча уктук. Төгүлүп эле турат...

Устат сөздү ырбатпоого, жыйынтыктоого далбастады:

– Жалий мырза силер сураган акыркысын жөндөсүн.

Мени балдарым дагы күтүп калышты.

Өкмөт вакили моюнунан арчындалуу, жамбашындагы папкесин тап чапты:

– Анда, Байымбет ага, шакиртиңиз сиздин каалаган ырыңыздан таштасын?

Байымбет көзүн Жалийге, анан шакиртине имерди:

– Менин каалаган ырымданбы?.. Кашгарым, санаттан серпип көрчү?

Айтылбаган эмнеси калды, кызуулаган кыялы эс-мас тукулжураган маалында так эскертип кутказган устакесине кым эте Кашгары комузун шаңкылдата, авазын чойду:

...Алыска сапар жол жүрсөң
Аземдүү жорго ат жакшы.
Билбес жаман туугандан
Билеселүү жат жакшы...
Үйүңдө бекер жатканча
Үйрөнсөң билим кат жакшы
Тамчы тамган боз үйдөн
Дубалдан соккон там жакшы.
Сараңдык кылган жигиттен
Сарамжалдуу чал жакшы.
Пара жеген чоңдордон
Баш белги төө мал жакшы.

Чоюбек сакалын булка обдулду. Оозунан кескин каршылык атылганда ыр бөгөлүп, күү чарт басаңдады:

– Болду. Тойдук. Аягы каякка чалаары түшүнүктүү...

Байымбет тымызын сүйүнө, өйдө серпилди:

– Кыязы... Мага ырахым эткиле? Балдарыма барайын. Дарсымды жөндөп кайра келем.

Чоюбек кобураган бойдон сыртка дөңкөңдөдү:

– Во-ф! Желдеп келбесем... Канча отурдук. Талыкшып бүттүк.

Жалий шап турду да, Чоюбектин соңунан адымдады:

– Молдоке бир сабагын бергенче бизге да дем алыш.

Үйдө Турсун менен Сүйгөн божураша байырлашты.

– Хи-ха-ха! Турсун дейм, ичкериден тарбиялангандыктанбы, Жалий жээн тим эле арчанын отундай тутанып жайдаңдайт.

– Сага жагып калса... таежеси эмессиңби. Кеп айтаар. Ашыкпай күтө тур.

– Ий, арман күн. Койчу-у, мени ошончолук эле жеңил баа ойлобо.

Жалий бат эле кайра кирип шыпылдай, экөөнө кулачын жайды.

– О-о окшошкон монтойгон келиндер-р, экөөң тең карт кишилерге тийишесиңер, зериккен түрлөрүң бар-р.

Сүйгөн карек отун жашырбай ойноктой:

– Өтө өткүр жигит болупсуң э жээн – десе, Жалий ага сыймыктана жайдарыланды:

– Кашгарынын ашыглык, жаштык жалынга каптаган ырына кантип өткүрлөнбөйсүң.

Сүйгөн кылыктана тилин тишине тийгизээр тийгизбес бүктөй бүлдүрттөдү:

– Албет-те.

Жалий акындын жарынын коомайсыганына карабай умтула далысынан сылады:

– А Турсунду да башынан тааныйм.

Турсун өтө макоолонбой сыпаа какты:

– Жалий, сени Сүйгөн тандангандай мынчалык өткүр жигит болооруңду байкабаппыз.

Жалий кашын сүзө, башын чулгуй ойсоңдоду:

– Кудай урбадыбы. Жаш адам өнөт, өсөт, өзгөрөт, жетилет… а кээси кетилет.

Турсун тигинин акыркы кычкыл сөзүнүн ага кайытканын, өзү деле анчалык сабалабаганын, болбосо картка тийген эмелерге не тийишээрин кагажыта кабагын чытыды:

– Сыягы ошондой.

Жалий асынма папкасынан самын, атыр сууруп Сүйгөнгө берди:

– Калаадан аттанаарда өзүңөрдөй жаркылдаган таежеге ыроолоого салып койдум эле. Атыр жыттанып жээниңди эстей жүр.

Дилгирлик менен алган Сүйгөнгө «чыгып кет» ишаараттай бир көзүн жумганда келин шек алдырбай жылжыды.

– Кадыр билги азаматтын белгиси-и…

Турсун анын каалгадан байкоос суурулганын көрө сала эңкилдеди:

– Сүйгөн, токто-о!

Жалий жолун торгоду:

– Көрөм деп ойлобогом. Беш көкүл кезинде байдын уулуна беришти. Аны жактырбай чанып качканыңда, байкең башыңды ачканда мен окууда элем... Жайлоодо алты бакан селкинчек тээп, ак чөлмөк ойногонубуз эсиңдеби?

– Эсимде. Күнөөсүз бала чак сонун тура.

– Ошондо эле мен сени жактырчумун.

– Билбепмин.

– Сенин байкең бизге «Аптиэкти» окуткандагы экөөбүздүн жаңжалдашканыбыз ай.

– Ал жоруктардын баары балалык менен кошо кетпедиби.

Жалий алиги асынган папкасынан кол башындай кооз шише сунду:

– Бу эң кымбат, ажайып жыттуу, төрөлөрдүн, ак сөөк кечилдердин айымдары, кыз-келиндери себинчү француз атыры.

Турсун башын чайкады:

– Атайын ала жүрүпсүң. Максатың бардыр. Башка бирөөгө бер. Мен абышкама атырсыз деле жагам.

Жалий кайсалактай эпилдеди:

– Кантет. Колумду уялтасыңбы? Өзүң турганда кимге бермекчимин? – Турсундун ыза, ачуусу келип өңү кумсарганда Жалий атырды керегеде илинүү сайма аяк капка сойлотту. – Бас-са, өзүң айткандай абышкага тийип алганың эмнең?

Турсун суз мистейди:

– Көрүп турбайсыңбы. Абышкам мага жигиттен өйдө!

Жалий тумшуктан ары бир жеген, ошого карабай кайра кыңшылап жабышкак дөбөтчө шыйпаңдады:

– Кантип эле... Жаш деген жаш. Карт деген карт да.

Турсун катуу чаңкылдады:

– Тамашаңды токтот, Жалий мырза!

Жалий кыйпычыктап, дале үмүттүү ыржайды:

– Тамаша;эмес, Турсунжан. С-сен...

Тааныш кыйкырыктан улам анталаңдап Кашгары баш бакты:

– О, о, жеңе-е... М-ме-н...

Турсун аны көрүп эсин жыя торгоодон четтеди:

– Сен ырас келбедиңби.

Жалий мындайдын далайынын ичинен чыкса керек. Эч уялбастан жалжайды:

– Жеңеңди эринин казалынан окуп бер десем болбойт.

«Уялбагандан өзүң уял» дегенди купуя ирмеп, Турсун эшикке жөнөдү:

– Казалды кимге, качан, кандайча окууну ойлоноюн.

Жалий соңунан тигиле күңкүлдөдү:

– Дурус, дурус! ойлон ойлон...

Кашгары кыйын абалга капталды. Жеңесин ээрчип чыгуудан кечикти. Эр намысы канын кайнатып, Жалийге сыпаа какшык жылдырды:

– Калаада бийкечтер табылбай, элеттеги сакалдуу кишилердин аялдарын тооруганы жетет экенсиз да мырза...

Жалий катуу кагып, экинчи ооз ачкыс жалкытууга ыкыстап токтоду. Мындай неме кырчаңгы оозунан жамакка айлантып өчөгүшү да ыктымал. Андан көрө жайкап кутулуусу, жан жөкөргө айлантуусу пайдалуудур. Канында, тарбиясында амалкөйлүк жатыккан Жалий, көк союлун көтөрө качыра шилтеген элеттик эргулга күлө жайпактады:

– Э-эй, Каке, сен жигитсиңби, же?

Кашгары таңдана ортозаарланды:

– Кандай, кандай?!

– Мен сени жактырып калдым. Төшөлсөң мыкты акын болгудайсың. Чөйрөң гана тар.

– Кандай, кандай?

– Чоюбек болуш экөөбүзгө кошо жүрсөң. Шаан-шөкөттүү, келин-кыздуу, казаны майлуу байлардын үйүндө чардайбыз.

– И-я! Ырасынан элеби? Чогуу болобузбу, же мен канча ирет болуш итергендей эшик үйдөгү бала-чаканын арасында каламбы?

– Сөзсүз, чогуу. Чоюбекти сол тиземе сени оң тиземе отургузам.

– Ия, ырасынан элеби мырза?

– Жигиттин гүлү экенсиң. Жагып калдың. Ишене бер.

Кашгары өзүнчө коймолжуду. «Мага эмне. Баары бир ырдашым керек. Катын жандуу эме окшойт. Күйөө жолдош таппай карайлагыдай. Балким, пайдасы тиер».

Жалий аны шаштырды:

– Кана, Кашгары, макулсуңбу?

Кашгары көңүлдөнгөнүн билдирди:

– Молдокемден сурап албасаң, өзүмчө ээрчип кетишим чекилик болоор...

– Жарайт. Молдокең кенен адам го. Мага, сага жок дебес-с. Бар, балдарын таратаары менен апкел. – Жалий тигил элпек жөнөгөнгө мулуңдай, дагы бирөөнү кайырмагына илгенине кыңылдай обон чалды. Жупуну үй ичине көз айматып, бирден бир көрктүү буюмдай боордогу илинүү сайма тукаба аяк капка кол салды. Жанагы атырын кармалап жыттап, сумкасына жапшырып, кайра сууруп кыйыла аяккапка этиет чөгөрдү да, колун каруусуна дейре житире ичин аңтарып теңтерди. Колу аз келгенсип аяк капка башын салып алда немелерди оодарып, акыры кол китептен бирөөнү апчый, бериледи.

– Тоголок Молдоң түшкүр-р. Ырларын бапестеп кол китепке айлантканын көр э. Берметтей сулуу, даана жазыптыр. – Мукабасын тырс-тырс черткилеп... барактады. Үн сала окуду, «Үрпүкан», «Ашыглык ырлары».

Сүзүлүп көзүң коймолжуп
Сүрөткө тартып койгонсуп.
Түйшүктү мынча не салдың
Түп уйкумдан ойготуп...
Чоюбек кирип тыңдады.

– Во-ф! Кокондо жок үнүң бар тура.

Жалий манаптын көзүнө ачылган калың дептерди далдалады:

– Карачы, мобу кол китеп толтура жаштыктын, ашыглык, күйгөндүн жаттап гана ырдаарлык казалдары экен.

– Чоюбек китепке сугула эңкейип, кайра чоочуркай күржүгүй моюнун жыйрылтты:

– Тишим өтпөйт, көзүм жетпейт.

Жалий келекелей ышкырды:

– Шоруң ушунда-а. Тыңдачы:

Серпкенде каштан билгениң
Секин басып жүргөнүң.

Көөнүмдөн кетпейт асылзат
Кашкайып карап күлгөнүң.

– Кандай дейсиң?

Чоюбек букжуюңку, унчукпай кутулсам деди. Арийине тигил тикирейип жооп күткөн соң, ортонун чычайтты:

– Бир соолуктук.

Жалий чындап күлдү.

– Ха-ха! Кашкайта айттың. Сен уккан бир сабагы соолуктук болсо. – Китептин ачылган бетине салаасын сойлото, салмактады.

– Бу китептин ичинде кеминде мындайдын миң түрмөгү бар. Демек сенин миң коюңа барабар экен да.

Чоюбек байкабай сөзүнөн карматканында аңдоостон бутунан капканга чаптырган дөбөт карышкырдай ачуу каңк-этти:

– Койсоңчу, мырза, макирөө кепти. Шайтан азгырган куу Молдонун алдагы жазганы короомдогу алал малдан айлансын.

Жалий шагдандыгынан жазбай жымыйды:

– Макоом. Айла жок… Мен да ыр-пырды жөмөлөй коём. Ата көрү, момунун ээси Тоголок Молдодой чыгаан зергердин дүкөнүнөн узанбай… өнүктүрө албай жүрмүн.

Чоюбек жийиркеничтүү, сакалын багжаң серпе ыржайды:

– Во-ф. Кой-э. Ырчы, комузчу, бакшы, жин шайтандын жөлөмөлүндөгү делбээлер. Андан көрөк карт Молдонун жаш чүрөгүн чалмага илинттиңби?

– Азырынча моюн таптык кылууда.

– Деңкейген акын чалыш Молдону жер сыйпалатпасаң…

– Адегенде канатынан, шакирт Кашгарыдан айырсамбы дейм.

– Ву-ф! Жарабадыңбы анда. Аянба. Астапыралла, окуткан балбалдарын акырын барып тыңдасам, тузга жамыраган койдой бакисин бир үндөн тири укмуш сөздөрдү чурулдатып айттырып атат. Кулагым тунуп, мээм айланганда бери бастым. Жана менин уулум да…

Жалий сыртты шыкаалай сөөмөйүн зекий, тигинин сүйлөгөнүн токтотту:

– Чиш-ш, ана өзү быякка басты. Төңкөрүштү уга элек экен.

Чоюбек сакал, мурутун жайылта өтүнүчтүү балжайды:

– Ву-ф. Ылайым угузуп кереги жок. Бу жел ооз неме журтка бүтүндөй таркатып дуу-дууну күчөтөт. Колкоңду, ооз басырыгыңды бөрейин. Кой айланайын шек билгизбе.

Жалий капкара тегизделген мурутун жаный, көзүн аңтара чакырайды:

– Ай кокуюм... Канчага угузбай коймок элең. Шаарлардагы өкмөттүн бийлигин большевиктер ээлеп бүтүштү. Мен да «ак ниетимден» тартылдым. Мени атайлап жардоого, бийликти тартипке салууга жаңы өкмөттүн уполномочени – баш өкүлү кылып жибериштти. Сен мына манап, Нарын уездинин эл сотунун боосунун бекемдигин тиле.

Манас маанайы пас үшкүрүндү:

– Кантели, бооң бек болсун! Биздин беделибизди ылайым түшүрбө.

Сырттан босогону аттаган акындын алдынан утурлай Жалий жойпуланды:

– Байымбет ага, казына сөзүңүзгө көңүлүбүз карктанды. Былтыркыдан Кашгарыңызды дурус жетилтипсиз. Ырахым этсеңиз, биз менен аз күн кошо жүрүп сиздин алтын сөздөрдү калкка жайып кайтса...

Байымбет артынан суурулуп кирип, маңдайына шыйпаңдаган шакиртине сынай карады:

– Өзү кандай дээр экен? – Көңүлү бардай Кашгары кылгырган соң – эл аралап, элге ырдатсаңар барсын.

Кашгары сүйүнгөнүн катпай купшуңдады:

– Ырахмат. Молдоке. Өзүңүз жактыргандарды гана жардайм.

Жалий бармагын кайкалатты:

– Ха, ха! Жарайсың азамат!

Чоюбек соодасы бүткөн сүткордой четтей бөлүнө отурду. «Кайран Жалий эр, куу молдонун канатын кайырмак турмак, омкормок болду». Ал тумшугун жакасына катып үргүлөй көшүлдү. Кашгары атын токуп камынууга чыкты.

Байымбет менен Жалий жекеме-жеке ачык кайымга өтүштү.

– Акын ага, сизден кымбат буюмуңузду сурагым келет, аябасыңызга ишенем?

– Кымбат буюм? Өмүрү кымбат буюм күткөн жан эмесмин. Кымбат буюм Чоюбек болушта эмеспи.

Жалий коюнунан алиги кол китепти сууруп салмактай калчады:

– Мына булчу? Арзан буюмбу?

Байымбет мукабасынан эле тааныды:

– О, о..! Ашыглык казалдарым тура. Мага кымбат! А башкаларга... Жалий кептин аягын жула, шашкалактады.

– Мен үчүн абдан кымбат. Түшүнгөн кишинин баарына акын сөзү кымбат.

Билимдүүлүгүнө салып, кунун жогору баалап... көңүлүн жайкаган түгөттөн эптеп кутулуу аракетин көздөдү акын.

– Турсун менен Кашгары арзып келгендерге окуп... Жаттап жүрүштү эле. Мунун толук көчүрмөсү жок.

Жалий алмайынча жанын койбостой шыпылдады:

– Өзүм көчүрүп алып, кайра колуңузга табыштайм.

Байымбет да анын асылганына көнбөдү:

– Жашыраак чакта чыгарган махабат казалдарымдын баарын ушул кол китепке өзүнчө топтогом. Дагы бир айланып келгениңче көчүрүп коёлу, Жалий мырза.

– Мени эми «мырза» дебеңиз Байымбет ага.

– Тоб-о, анан эмне демекчимин?!

– Маңдайыңыз жарылаарлык чоң сүйүнчү айтсам, колкоңузга бул китебиңизди күчүн гана тургай, баш оту менен берээриңизге ишенем.

– Жалий мырза, андай экен айтчы батыраак!

– Мындан ары мени Жалий мырза эмес, жолдош-ш Жалий Аблаев десеңиз болот.

– Жолдош-ш Жалий Аблайүп. Кандай? «Мырза», «Жолдош» болуп калса, замана оңолгон го. Ыраспы, мырза... а жолдош?

– Убактылуу өкмөттү большевиктер кубалады, жеңди.

– Бальшевиктер жеңди! О, оозуңа май! Ал, алдыңкы китепти сүйүнчүсүнө! Ыйманың болсо, көчүрүп, моокуң канганда кайра берээрсиң. – Сыртка дуу коё делдектеди. – О, Турсун! О, Тезекбай! О, Кашгары-ы! О, балдарым иш оңолуптур, сүйүнчү, сүйүнчү!

Чоюбек акындын кыйкырыгынан улам ойгонуп, Жалийге кызыл өңгөчүн тартты:

– Ву-ф! Тоголок Молдо-о, көрдүңбү, байлоодо араң жүргөн ит турбайбы!

– Дагы сынап койдукпу. Сен болуш, ал экөөбүздүн маегибизге эч кийлигишпе – деди Жалий.

Акын угузчуларына жардап, чаласын угууга кайрыла демиге кирди.

– Жолдош-ш Жалий, бийлик бальшевиктерге тийсе өкмөт башында...

Жалий колколонбой элпек унчукту:

– Ленин! Ленин, өкмөт башында... Большевиктердин кыраны Ленин Ульянов.

Байымбет кунттана тыңдай жадырай сүйлөдү:

– Ооба. Ооба. Ыленин. Ленин! Эшиткем. Боосу бек болсун! А бизге, туюктагы элет элине кабар жетпей аттыбы?

– Силерге, бүт Тогуз-Торо аймагына жаңы өкмөттү жарыялоого Нарындан мен атайын келбедимби. Адегенде болушка, анан сүйүнчүсүнө китеп өндүрүп сизге угуздум? Эми...

Чоюбек өзгөрүштүн ал үчүн да тиешеси бардыгын маалымдады:

– Балчайбек деле, анын башчысы Ыленин элдин уулу дейт. Теңчилик, уруят деген жардык бар экен. Ансыз деле биздин Тогуз-Тородо теңчилик.

Акын Чоюбектин сөзүн кулагынын сыртынан желпип өкмөттүн өкүлүнө тике кайрылды:

– Жалий жолдош-ш, сен бальшевиксиңби?

– Ананчы! Былтыркы маектешкенде деле сиз байкабадыңыз беле.

– Былтыр чаламоңолдонгом. Мына азыркыңа ыраазымын. Кардыккан үнүм эми ачылаар. Ынкылабды – өзгөрүштү жардап калайыкка кабарлайын. Балдарым, шакирттеримди дагы дүркүрөтүп сугарам, жардатам.

– Мени жаңы Кеңеш өкмөтү бүт Нарын уездине сот кылып дайындады.

– Кеңеш өкмөтү! Атыңдан айланайын Кеңеш деген! Кеңеш, эл, жарды жалчы баарысы менен кеңештеш, мүдөөлөш...

– Мурдагы болушту ошол боюнча журт башкартабыз. Большевиктер түп шаарларда Кеңеш өкмөтүн түзүп жатат. Караңгы, алыскы элди дүрбөтпөй азырынча тынч койгула деген жардык бар.

– Анда кандай? Өзгөрүштүн мыйзамы толук жетелек дечи? Бизге түнт айылга кадимки балчевик качан келер экен? Же жолдош Жалий, сен дагы тактайсыңбы?

Чоюбек булкуя тумшугун илбирс ичигинин жумшак жакасына далдалай, тескерилей күңкүлдөдү, «Көрчү куу такымды... Шашпа-а, толорсугуңду кыйдырбасам элеби!».

Тоголок Молдонун камсыккан канааттанбаган талабына, шектенүүсүнө сыр алдырбоо үчүн, Жалий ичинен канча кыжырланса да, токтоо көрүнөө тайсалдады:

– Байымбет ага, азырынча большевик өкмөтүнүн алгачкы жарчысы мен. Өзгөрүштү жүргүзгөн жаңы өкмөт баш учун жыйып толук иреттеле электиги да чын. Чукулда Молдоке, баары дайын болот. Жакалашкан, тизгин талашкан, келишпөөчүлөр андан көп. Мен калаага кайтканда балким, башка өкүлдөрдү жиберебиз.

* * *

Заардан турган Байымбет кышкы күндүн чыгышын өзгөчө ниет менен тосту. Бутуна кийиз чокой, үстүнө көрпө ичик, башына сүлөөсүн тебетей кийип чакылдаган ызгаардан анчейин чочулабай, эшик алдын такырайта, ат мамыдан нары түрө күрөлгөн өз боюнан бийик жарча күрөңдүнү түптөй майпаая басып чыгыш тарапка сугулууда. Кыштын түнү узун. Теребел тунарыктап, жерге төнгөн ала каракчы самсып өйдө көтөрүлө, ой-тоо дебей жыш уюган кардын апай жүзүн да чаңгылданта секиндеп ачууда.

Акын жылуу көрпө жака менен түктүү тебетейдин ортосунан кылтыйткан тоголок жүзүн аязга тыз-тыз чактыра, кандайдыр чыйралуунун дарысын себингендей. Кымтылуу эрининен, таноосунан аяздуу абага буу булоодо. «Түү деген түкүрүк жерге жетпей тоңуучу» сууктун күчөгөн маалы. Кышка байымдуу

сагызгандар да сыртка сабалап учалбай, бастырмадагы малдын жонуна корголоодо. Болбосо, ана, күрөндүнүн четки чокусунда жашыл ала шайыдай кооз канатын бүрүштүрүп учуп келатып тоңуп түшкөн сагызганга көзү байланды.

Тээ, көз учкуну такалган бет маңдайдагы кылыч учтанган олчойгон тоо бийиктигинин наркы далдоо бетинен кызгылт жалын алоолонуп асманды аймай кеңири жайылды. Тоонун касиети, күндүн таң эртеңки саламын ойдогуларга дайыма бийиктиктен жапырт чачырата жеткирет. Кышкы күндүн илеби кылыч миздүү аскадагы эрибес мөңгүдөн, бер жактагы ылгый шекерлене мистейген кардын ызгаарынан үшүгөндөй бүрүшүп, жука алтын табактай калтырабыраак кырдана көтөрүлдү. Жердеги муздак какаардан куушурула тоңгон күндө ненин табы болсун. Кантсе да темгилсиз жаркын калкыды. Нурлары жайкыдай ысык илебин чачып кеңири жайылбастан, кыска гана мурут учтарын серпкенсиди.

Акындын самаган төлгөсү опурулбаса да негизинен оң өкчөлдү. Калтыраса да, кышкы аязды сүзө калкый, утурулай, үмүттүү берилеген күн булутка тебеленбей ачык жаркышы дилгирлентти.

Көктүн бүгүн жаңылана төрөлгөн күнүнө көлпүгө саламдашканга купуя тайына, морунан түтүн булаган үйүнө кубаттана кирди. Кашгарысы өкмөттүн өкүлү менен өзгөрүштү жардоого эл кыдырууда. Тезекбайы тегирменинде. Чайын белендеген Турсунуна пейилиндегисин баржактады:

– «Өлбөгөн адам алтын аяктан суу ичет» дегенге жеттик, жетебиз! Кеңешим, уруят, өзгөрүш бооң бек болсун! Азаттык, теңдик уккан кулак сүйүнсүн! Дагынкысы дагы ачылып такталат. Эми байбиче, бөгүп жатпайлы. Көпчүлүккө, калайыкка жардоо керек!

Турсун пиаладагы чайын дасторкон жээгине коё, кубанычка толгон кара көзүн бакырайтты:

– Молдо дос, мынчалык сүйүнгөнүңүздү көргөнүм ушул. Деги астараак желпиниңизчи.

Күйөөсү нээтиндеги балкылдаган толкунду көөдөнүнө батыралбоочудай элирбеспи.

– Атаганат, чамам гана чак. Болбосо балчебектер, Ленин турган түп киндикке учуп жетээр элем. Минтип тунарыктатпай Кеңеш өкмөтүнүн уруятын ачык түшүнүп кайтаар элем.

Эринин кубанычына ортоктош анын недендир күдүктөнгөнүн айыра дааналоого чаркы жетпесе да, боолгологон зайыбы оюндагысын бөлүштү.

– Олдо сиздин чыдамсыздыгыңыз ай. Күткөн заманыңыз келиптир. Жанагы Жалий, демейде мырза эле, эми жолдош болуптур. Сизге чын пейилинен үйрүлүүдөбү, же...?

Байымбет аялынын эскерткенин капарына түйүүгө, түйүндү чечүү аракетинде, саал буйдала телмирди:

– Чоюбек залимге жек жааттыгынанбы, желимдей жабышат. Ошонун азгыруусуна кирбесе, Жалий жолдош-ш, эскини, жаңыны бирдей билген, акындыктын кунун ылгаган жетик эргул өңдөнөт. Негедир мага жан тарткансыйт.

Турсун кирпигин тикирейте мостойду:

– Ай таң. Бала чагында эле куулдак эле. Колдон түшкөн берен болуптур.

Байымбет өз мамилесин айкындады:

– Былтыр да көз көрүнө Чоюбектин мизин кайтарып, мага болушкан. Быйыл минтип уруяттын сүйүнчүсүн жеткирди. Бекер анын күнөөсүн көтөрүүгө дитим даабайт.

Аял күйөөсүнө каяша айтууга даабаса да, билген чындыгын туюнтууга чыгынды:

– Өзүңүз эле билиңиз. Деги жек көргөн кишисин да эрите сүйлөп, этеги элек, жеңи желек элпек мамилеси менен жайлаган атасы кыйын эле дешет. Айныбай тарткан окшойт.

Байымбет таңыркай аңкайды:

– Атасы? Абылай дегенби?

Турсун эринин чормойтту:

– Абылай болчу беле? Сарбагыш Молдо деген моңолдордун белгилүү манабы.

Байымбет аялынын божураганына ишенгиси келбей үтүрөңдөдү:

– Кантип? Атасын жашырмак беле. Турсун сен жаңылып жатасың!

Турсун самоорунун түбүндөгү подноско сууган чайды төгүп, эринин чынысын чоргосуна эптеди:

– Ылайым эле мен жаңылайын. Деги ачууланбаңызчы. Куунун куулдаган тукумуна алдатып ийбей сак бол дегеним да.

* * *

1919-жыл. Төбөсүнө оймолуу, кооз төрт чарчы жонулган устундар төшөлүп, ортолорунда тактайлар кыналган ысык үйдүн бөлмөсү. Байымбеттин дарс окутуучу жайы.

Алдына жумшактала кургак саман калың төшөлүп, үстүнө кийиз салынган середе сап-сап окчун отурган балдар. Алардын бет маңдайындагы ачыкта бир колунда кагазы, экинчисинде кызыл желекчелүү чыбыгы булайган мугалим, анын жанында Эсенбай. Байымбет желекчени бүт балдардын назарын бурдура булгалап, кагазга көз жүгүртө кырааттатты.

...О, балдарым
Эски окуу өчкөн.
Эзип молдолор
Жашыңды төккөн.
Эми андай жок,
Маалим силерге дос.
Арадан кеткен
Молдо менен поп.
Саатка ченеп
Сабагын берет.
Колго кармаган
Кызыл желек.
Тарбия үйрөтүп
Жаштарды гүлдөтүп
Үн кошуп ырдатып
Ойнотуп жыргатып...

– Кана, Эсенбай, сен башта! Калганыңар Эсенбай экөөбүзгө кошулгула! Эсенбай, кана!

Эсенбай чодурайып Молдокесинин катарына жылып, экөө бирин-бири тиктеше бир үндөн шатыраштты.

Эми жели чыккан
Поп, молдо – душман.

Төрдө элпек тизе бүгө мотурайып чөк түшкөндөр мугалим желекти өйдө булайтканда кошо серпилишип жапырт чуулдай күүлдөштү.

Эми жели чыккан
Поп, молдо – душман!
Өзгөрүш туусу
Падышаны жыккан!
Алга, алга!
Акылдан танба!
Ленин туусун
Колуңа карма!
Өзгөрүштү ырдап
Өз элиңе жарда!

Башынан түшүп дембе-дем кайталашты. Жаңы, курч сөздүн деми, жапырт кошулган биримдиктин күчү бөлмөнү гана эмес, жаш жүрөктөрдү титирете, кайратка, кең, бирге адымдоого чакырып... ушу тар бөлмөдөн жаңырган ураан алардын караңгы эне-аталары али толук жетелек, эркин турмуштун мейкининен алгач канат сермеген карлыгачтай кабарлоодо.

Байымбет өзү унчукпай, балдарынын оболуна коюп тыңдады. Жедеп санаасы тыңгылыктанганда желекчесин коюн бүчүсүнө кыстарды:

– Бүт жаттадыңарбы?

Балдар чурулдашты:

– Жаттадык.

Байымбет алардын ар кимине күлмүңдөй көз нурун чачыратты.

– Эне-атаңарга, урук туугандарыңарга бүгүн үйрөткөн «Алга! Алга!» деген жаңы өлөңдү айтып бергиле.

Үндөр: – Айтып беребиз.

Байымбет: – Көрдүңөрбү монтогойлорум. Жакшылыктын деми менен жаңы ыр жаза баштадым. «Алга, Алга,» жагабы силерге.

Үндөр: – Жагат.

– Абдан жагат, Молдоке.

Байымбет: – Эртең чогуу кайталайбыз. Анан дагы жаңысын жазам.

Эсенбай: – Аны дагы үйрөтөсүзбү?

Байымбет: – Атайлап силерге үйрөтүш үчүн жазам да.

Үндөр: – О, о, сонун, сонун!

Байымбет: – Эми монтогойлорум, үйлөрүңөргө тарай бергиле.

Балдар китепкаптарын асынып топураган бөлмөнү бошотушту. Байымбеттин жанына Эсенбай гана сагалап келди.

– Молдоке мен үйрөнгөн ырларымды бадыратсам атам такыр уккусу келбейт. Болбой эле кырааттап сокturганымда кулагын басып, башын чайкайт. Ырын ташта, кат чыгарткан бөлөк сабагына кунт кой дейт.

Байымбет алал наристени маңдайынан сылады:

– Атаң Чоюбек ошондой адам. Кантсе да сенин окуганыңа каршы эмес, чынбы?

Тестиер таалимчиси атасын жамандабай, сүйө салдырганына мулуңдады:

– Чын, Молдоке.

Мугалим жумшак алаканын бери тартпастан сөзүн улады:

– Сен идиректүү баласың. Чоң калаадан окуп, кыязы атаңдан башкача өсөсүң.

Эсенбай таңдана тилин бултайтты:

– Башкача? Эх-е, кандай, Молдоко?

Мугалим эми гана алаканын берилете экөөнүн ортосуна калкыта жайды:

– Билимдүү, акылдуу, калыс, адамгерчиликтүү.

Эсенбай шилекейин жута тамшанды:

– И-и… Ошентсем эле кана…

Мугалим кагаздарын жыйнады.

– Жүрү биз да кетели.

* * *

Кызыл таруунун кыраан бозосуна Кашгарыны шыкай берип, жедеп кызымталына тартканда элден бөлүп байдын орто

жасалгалуу бөлмөсүнө жалгыздатканына курсанттанган Жалий өзүнчө бышырган маегин козгоду:

– Та-к, Кашгары дос-с, сен барда Тогуз-Торого үчүнчү келишим. Акыркы келишимден бери бир жарым жыл өттү. Ошондо чогуу ала жүрүп дурус тааныгам. Жаккансың. Мындан ары кол үзүшпөйлүк. Көңүлүң карктанды бейм.

Кашгары токтоосуз баржактады:

– Зоболоң өссүн. Неге мынчалык акын, шайырларды жакшы көрөт десе, өзүң да куюлуштуруп шилтей коёт турбайсыңбы.

Жалий жазылуу кош бүктөм кагазды маңдайындагынын коюнуна солоду:

– Ме катып ал. Экен-токондо жүрөк ышкысын таратыш үчүн чиймелей салам. Өзүң жаттап ырдап жүр. Эч жанга, Молдокеңе да меники экенин айтпайсың. Такышса өзүм чыгардым деп кой.

Кашгары ичимдиктен алачакмактаган көзүн кылгыртты:

– Билем. Улук кишилер ыр чыгардым дегенден уялышат дешет.

Жалий аны кубаттады:

– Шондой, шондой дос-с. Мени менен жүрүп үстүң жаңырып, аттуу болдуң.

– Шарапатыңды чоң тийгиздиң. Эч унутпайм. Мартабаң көтөрүлсүн.

– Дос-с, андай экенсиң, ыймандай сырыңды жашырба. Не арманың бар?

– Арман! И, и… Ушу күнгө дейре катыным жок. Башка не арман болмокчу.

– Дос-т неге? Сен кыз алышың керекпи, же?

– Билбейм. Түзүк ургачы буюрса, өзүмчө түтүн булатып, үй жай күтсөм…

– «Атка бергис кунан бар, кызга бергис жубан бар» дейсиңби.

Калыбы анык го ал сөз.

– Алиги ачык-айрым жайдаңдаган, чырайлуу десе чырайлуу, эстүү десе эстүү Сүйгөн келинчи, апсайган абышкасын анчейин деле жактырбайт кейиптенет.

– И, и… Кайдан билдиң?

– Оңбогурдун күлпөттүү азамат сага көз арткан түрү бар.

– И, и... Кайдан билдиң?

– Олуттуу көзүнөн, кирпик учунан тим эле сага жабыша калат экен. Оңбогур сен да комузда ойсоктоп ишааратты укмуш берет экенсиң.

– Кантет. Сүйгөн Чоюбек болуштун көрөркөз, жез такасы, сенин таежең... Жаки болбогондо...

– Аз-замат, ал жаш жубанды калыңсыз гана карт болуштан ала качуу керек.

– О, улук дос, кантип ошентесиң.

– Сүйгөн ургачынын асылы. Сен ага ашыксың. Ал да... Чыныңды айт.

– Жакшы көрөт. Кудай бар, өзүң билет окшойсуң, эми сенден кантип жашырайын.

– Бүтүрөбүз анда!

– О-х-о, Молдокем не дейт? Ага салакам тийеби деп чочуйм.

– Молдокеңе айтпай дебей ала качасың. Болгондо да мен жашаган Нарын калаасына. Орноштурам. Сүйгөндүн төркүнү колу жетиштүү, каралашат. Өз туугандарың бар экен, алар каралашат. Кааласаң айылыңа көчүп келесиң. Молдокеңе эч сөз тийгизбейбиз. Унааң деги бар. Өзүңдүн атың, мен мингиздирген жорго. Ошентүүгө Сүйгөн ынайбы?

– Жакында өзүбүзчө жолукканда Молдокемдин ырынан «Күтүп минтип жүргөнчө, көз көргүс жерге кетели» дей салсам... «Антиш сенин колуңдан келбейт» деп сөзгө жыккан. Сүйгөндөн артык табылбас. Кудай алдында өзүңдүн таежең экөөбүздү калкалаарың чын болсо, башымды сайдым. Молдокем таарынаар. Акыры кечээр.

– Колдойм, достум. Жагалданган жаш таежемдин көкүрөк дартын арылтаар чак жетти. Кезегинде көз жашын көлдөтүп Чоюбекке чоң калыңга сатканбыз. Эми анын заманынын түркүгү чирип кулады. Ал баары бир менден көрбөйт. Кашгары сен эл сүймөнчүгүнө айланчу жигитсиң. Акыры армандуу сулуу Сүйгөн сендей теңин тапканга кубанам. Экөөңө көмөктөшмүн.

– Парванам, пирим деп жүрүп өтөм сени.

– Сүйгөндүн өзүнө тымызын камын дейин. Менин максатташтыгымды билип, тайманбай качсын. А Чоюбекти силер

болжошкон түнү алыс, өргүүчү конокко ээрчитем. Сүйгөн экөөң төтө жолго салып сызгыла.

– Бөрү жүрбөс катмарлар менен кайкыйбыз. Башым тартуу…

– Эркиндик доор. Уруят. Сүйдү – тийди делет. Керек болсо бүт Нарын уездинин соту мен Сүйгөндүн башын ачам, сени колдойм. Кел шертибизден тайбас үчүн! – Ал шадысын сунганда Кашгары кош колдой удаа-удаа кысты.

* * *

Байымбет үйүндө жалгыз тактадагы дептерине калемин чокулап ойлуу.

– Атаганат, санаа тыңгылык тартып, кыял элкин калкыганда ыр какшыган көөдөндөн ийип булактабаса да тып-тып тамчылай баштаганыбы. Мунуңа шүгүр. Тамчыдан булак куралат. Бара-бара оргушташы абзел. Айтаарым, самаганым: албан-албан түрмөк. Ашкере кубанганымданбы, өрөпкүп, каргашалуу доорду астын-үстүн аңтарган зор төңкөрүштүн шаңына тете сөз мөлтүрүн таппайм. Чала чарпып чие турайынчы. Арзыганым аземин билгизип оюмду ойготуп, тилимди байытаар. Азырынча муну улайын…

Абалы казак, кыргыз калк аталып
Конуш деп тоо таштын башын чалдык.
Кадимден калаа салып, өнөр билбей
Окуудан баланы аяп артта калдык.
Уруят ургаачы эркек баарың бирдей
Ачылган бакчадагы кызыл гүлдөй.
Балалар, мектеп барып билим оку,
Өзгөрүш боштондукта бекер жүрбөй
…Бактыбызга баатыр Ленин жолду ачып
Марифат, мархаватын элге чачып.
Балчебек туу көтөрдү ай ааламга
Падыша, төрөлөрү кетти качып.
Шон үчүн бизге жетти мектеп ачып
Мектепти беш, алты жыл окуп жатып.

Ойготуп караңгыдан элибизди
Билимди жеткириңер элге чачып.

Атаганат, менин айтаарым бул гана эмес. Мейли, азырынча эт бышканча шорпо-шилеңче татый турсун. Үнүм бала короздукундай аз-аз ачылды. Кадимки ата корозчо буюрса чукулда теребелди түрүлтө чакырык таштаармын.

Үстү башы агала тозгоктонуп Тезекбай кирди:

– Азаттык, теңдикти уккандан берки кудайкары дыйкандардын дүрүлдөп, кең кесири сүйлөшкөндөрү, чогула бастыргандары арбыды. Байлардан кул-кутандыктан кутулууга демденгендери канча. Демейде сарамжалдап жиксиз зымырган ороолорун жапырт ачышууда. Тегирменге каптарын додолонтуп, байлардан дөөмөт талашкандарына сүйүнөсүң.

Байымбет кагазынан оолактай, тегирменчинин кабарына маңырайды.

– Калк өз заманы келгенин туйса да али толук акыбетин, укугун колуна ала элек. Көнгөн азуулуу мыкаачылар дале чеңгелдерин бошотпой мыкчууда. Бирок, кан тырмактары кайрылып, салаалары карышып алсызданды. Тыңыраак кедейлер, каяшага, тирешке чыгып, малайлык таяктарды ыргытып, ээлеринен акысын доолоодо. Жоошураак момундар дале алардын оболунда. А сенин тегирмениңде күүлдөшкөнү бышыгыраак үйлүү, жайлуу дыйкандар. Алар соңунан далайды ээрчитишет. Калайык кысылбай эркин жашоого бет койгону ошол. Тобо дейли.

Тегирменчи досунун узун сабак маегине уюса да, көмөйүндөгүсүн чубады:

– Калайыктын бакисинен мурда өзгөрүштү небактан күтүп, угаар саат удургуган өзүңсүң. Калемиңди койкоңдотуп тириле, бирдеңкени шилтегенсип минтип баш көтөрбөйсүң. Казалыңды мен кудайкары сагындым. Жаңысынан окуп бересиңби?

Акын көптүн деми менен өзгөрүлө баштаган досуна таңыркай да, кубана да күйпөктөдү:

– Жаңысынан дейсиңби? Жаңы бирин-сериндетип... Келки-келки чүргөгөндөрүм бар. Төңкөрүшчүл Кеңеш заманынын шаңыңа жарашыктуу сен күткөн жаңы сөздү али ооз толоорлук жарытылуу айталбай жатам. – Будалана дептерин барактады.

## КАБАР БЕРЕМ

Тогуз-Торолуктарды капилеттен дүрбөткөн тополоңду Тоголок Молдо өрт же сел каптагандагы чакчелекей түшүргөн апаатка окшоштурду. Апаат эмегенде эмне? Бой боздоп ыйлагандар, акаарат көргөзалбай каргап шилегендер, сөгүнүп ызы-чууга бейпайлангандар, балээден арылтууга кудайга жалынып жалбаргандар. Өңаалаттарын кумсартып сакалдарын сербейтип, белдерин кындыйта курчанып, тебетейлерин калдайткан улуу кичүү эр бүлөлөр айлалары куруганда топ курашып саруулай кимкиминен акыл сурашып, арга издешүүдө. Бу кыжаалат калаба негизи дыйкан элди жан сактаткан айдаган эгини кыр жаап, чөбү тушардан буралган көктөм маалында капысынан көз көрүнөө башталды.

Жазгы күндүн таңкы нуруна жалаңдаган болот кылычтарын жаркылдатып, мылтыктарын короктотуп, чочморлорун килеңдеткен Дөөт балбан баштаган, каардуу Калпа ажынын жасоолдору бейкут айылдарды четинен түрө күрпүлдөштү:

– Кыңк эткен бирөөң болбосун! Тумшугуңар канжалап, белиңер омкорулат. Калпа ажынын улуу байбичеси Ракыянын көчү, малы келатат.

– Калпа ажынын каары – Тезек, тагайды тезектей калоо. Улуу байбичеси менен кошо Куртканын чоң байларынын ыңкыган төрт түлүгү, көчү жылууда. Соңунан сасык байлар, орто жолдо Кара-Көөнүн түбүндө. Малдуу элди бүт көчүрүп эң артында Калпа ажынын көрөр көз айымдарынын көчү менен өзү түрө жетип конот!

Жарчы желдеттердин суук кабарынан жүрөктөрү титиреген бейкүнөө тогуз-торолуктар дапдаарып, чын калпын териштирүүгө чамасы жетелекте, күндүн бетин калкалаган кара чыйырчыктай калдайган көчтүн алды, калың мал көк ыраң жайкалып өскөн аштыктын үстүн каптай, бышыкчылыгы менен даңазаланган «алтын чөйчөк» жер соорусу Дөдөмөлгө жамырата жайпатты. Катуу кыштын жутунан жилкини катып арып-ачкан төрт түлүк каны толук, кулпурган жашыл отко көлпүй, чыктуу жашаң эгиндин тамырын омкоро аймоого кирди дейсиң.

Буурусундап, күрөктөп, кетмендеп, бири-бирине жармакташып, ашарга чогула жапырт тырмалап айдаган, кыш бою ороолорго жылуулай, сарамжалдай каткан буудай, арпа, сулу, таруу, жүгөрү уруктарын баба дыйкан тукумчулардын берекелүү колунан гана күзгү мол түшүмдүн зор үмүтү, ишеними менен делбиреп септирген, бөксөлөрдү кыйгатып кыбачылдык менен жүргүзгөн арык, ноолордон тоонун тунук сууларын жетелеп, кара сугатын кандырган, мына эми майдын күнүнүн таптуу нуруна кара кочкулдана бойлорун созо сеңселе өскөн эгиндерине көздөрү кубанып, көңүлдөрү топуктанган баба дыйкандардын катын, балдары чак күндүз эле жер союлткан, жутаган малга тебелетип, айматып киргенде, бапестеп өстүргөн эгинин гана эмес, өз өпкө, боорлорун сыздата макоо малдын катуу туяктарына ныгырткандай, күрөө тамырларын аймата суурутуп, чайнатпай жуттургандай көздөрүн жашка айнектетe жалтылдатып, жер тепкилей, чачтарын жула өкүрүк, бакырык, же кубалай албай, же ачык тилдешпей, өзүлөрүнчө далдоодо чогулушуп... чуру-чуу.

– О кудай, бизди не кор жараттың!

– Ачкадан өлөбүзбү. Карманып-тутунган эгинибизди тамыры менен жалматкан канкордун тамыры соолсун!

– Жеген эгин аш болбой, таш болуп малы кырылсын!

– Биздин тарууну тебелеткенче балаңдын боорун тебелетип калгырлар-р!

– Же саан жок, дандын жыты менен күн көргөн чиедей балдарымдын убалы жетсин зордукчуга.

– Тоонун чөбүн оттосо, ичин алабы, кырылгырдын малынын.

– Кой, ай деп астын кайырчу эркек жокпу, бизде!

– Ок оозуңа! Кокуй, наалат антпе! Эркекти сыйыртмак салып өлтүрөт дейт.

Жаны кашайган аялдарды ким тыят. Алардын ыйын, каргышын, Калпа ажынын байбичеси баштаган алдыңкы көчтүн көк майканга ынтыга жайылган калың малынын наркы далдоосундагы кыртыштуу шиберге даңкайган ак өргөөлөрүн тигип, желээлерин окчун тарткан баскынчылар элдир-селдир эшитишсе да укмаксан, көрмөксөн.

«Алы жетпеген акыретчил». Энелеринин этегине оролуп, кир кабактарын түйүп, көз жаштарын беттерине тамгалата, солуктаган чыт курсактар бул кара ниет каракчылардын кайдан, эмне себептен каптаганын, эгинин оттотуп, энелерин азапка түшүргөнүн айра түшүнбөй аң-таң кыжырлуу үтүрөйүшүүдө.

Эр бүлөлөр айласыз сурдана кайраттанышып, ашынган ажаан Калпа ажыга каршы чыгууга алсыздыктарын сезишип... Өзүлөрүнчө топ, топ чогулушуп... айыл-айылга өкүлдөр чаптырышып... Акыры жалпы өрөөн боюнча, кеңешке топтолушту.

Калпа ажынын бул каардуу жортуулу не себептен башталганын сүрүштүрүштү. А-а дегенде арааны кеңири жайылган Калпа улам чегин кеңитип, таасирин арбытып, жеке Куртка эмес, жалпы Нарын өрөөнүндөгү даңазалуу баш манаптыкка умтулуп жетишүүдө. Кылдан кыйкым таап, аксымдыгы, карамүртөздүгү ашынууда. Акырындап тең-ата кеңештеш аттанган өйүзгү Терек-Мынакелди болушу Касымбекти далдоосуна калтырып, сырткы журтка өзүнүн зоболосун бараандуу көрсөтүп алдыга суурулууда.

Ага кыжырлана кыжынган Касымбек аны кантип мүдүрүлтүүнүн амалын издөөдө. Эки манап алмак-салмак Тогуз-Торого тап коюп, эгин жайлуу, берекелүү «алтын чөйчөк» аталган өрөөндү, ток пейил букара элди чет-четинен куушуруп үйрүүдө.

Жамболоттун өйүз-бүйүз эки тукумунун удаа-удаа көз ачырбаган зордукчул запкысына жедеп уукканда тогуз-торолуктар уезд башчыларга арыздана беришип, чукулда эле алардын карамагынан чыгып Кабак, Сары-Булак жагынан канатташ, катташ, Жумгал болушу Мырзабек манапка өтүшкөн. Ошого карабай көндүм кынуусун тапкан Калпа ажы миңден ашуун жылкысын катуу кышта да жайыт берген Тогуз-Торонун күңгөйүндөгү тулаңы буралган Көңдүккө кыштатат. Тезек уруусунун мыктылары Айылчынын уулу Камчыбек баштап, Чоюбекти кошуп кеңеш курушат...

«Биз Калпа ажынын тырмагынан чыкканбыз. Ага кур басмырлатпайлы. Азыркы көзүрүбүз Жумгалдын Мырзабеги. Экинчи көнгөнүндөй ээнбаштанбасын. Эсине келтирели. Кар очойткон жутта оттуу жайыттарыбызда көлпүгүп, тайы да

зыянга учурабады». Калпа ажынын миң жылкысынан от майы деп жылкычыларына баш бербей, он эки семизин тандап, бөлүп союп жешет.

Жылкычыларынын башчысы, бел ачылып жаз тулаңы кылтыйганда, эки чанач ууз кымыз теңденип ээси Калпа ажыга өктөлүү жетет.

– Кышында каттай албадык. Жер акыбыз, от майы деп он эки жылкыны талап союшту. Калган жылкыны кыргынга учуратпай эптеп кыштап чыктык.

Калпа ажы төшүнө сеңселген узун сакалын, беш манжасына салаалай ороп селкилдетип оолугат:

– Биртике тезекти карап тур. Эсирген экен алар. Отко калабасамбы аларды! Менин малымдан от май доолап, кол салып семиздеп сойгонду ким коюптур аларга. Шашпа. Баш ийген Жумгал манабы Мырзабекке таянгандары го. Силерге тең атабыз, ээбиз башка дегендери го!

Илебинен от тутанып кутурган Калпа ажы Мырзабектин бой тарткан кичи кызы Надзурага куда түшүн, көп калың өткөрүп алтынчы аялдыкка алат. Күйөө бала болгон соң Калпа ажы кайын атасы Мырзабектен карамагындагы Тогуз-Торо элин башкарууну берүүсүн көшөөрүй колкого суратып алат.

Жеке ажаандыгы гана эмес, амалы күч Калпа ажы жолун тазалап Тогуз-Торо жергесин бийлөөнү жаш колуктусунун себине кошумча кайын атасы канчалык кыйылса да колуна табыштаган соң, он эки кыл куйрукка өчөгүмүш этип, баскынчылыкты баштап отурбайбы. Тогуз-Торолуктарды караптап, карайлатуу мындай турсун, башкаларга сес көргөзүп, атагын алайга учуруу максатты көздөбөдүбү. Басаарын басты талаарын талады. Эми, тебеленген курган эл, кантүү керек?

– Азырынча каардуу ажынын улуу байбичеси, чоң байлары минтип эгин үстүнө конуп түмөндөгөн малдарына талатып отурат. Артынан тирелип, жол ортосундагы Кара-Көө дабанын таянган сасык байлары тыптыйпыл отоого жайылат. Эң акырында Калпа ажы өзү көчүп келет имиш. Ошондо көргүлүктү көргөзүп, шорубузду катырат. Кантебиз дешип эстүү баштуулары арууркана саруулашат.

– Кайдан жылкысына тийип, он эки бээсин сойдурдуң,– дешип Айылчыга наарazылнышат.

Чакан элдин манабы Чоюбек баштаган бирдаары ары тартыша, бери калчаша, бул бүтүмгө токтошту.

– Калпа ажаанга тайынуудан башка арга жок. Бери өтүүчү жолундагы Кара-Көө ашуусунун тайпаң жонундагы булакка өргөө тигели. Беш кыз себи менен даярдап тосолу. Жүгүнөлү. Кечирим сурайлы. Ошондо жаалдуу каңкор «астыңа түшсө, атаңдын кунун кечти» эстээр.

Басмырланып уйпаланган кайран калайык айлалары куруп, мыкты дегендеринин баш кошуп, омуроолору жарга такалганда тапкан акылына аргасыз ыгып карайлашат. Өңдүү, түстүү бойго жеткен кыз тандоо, сеп камдоо дүрбөлөңү, ансыз да мүңкүрөгөн журттун үшүн кетирип, муң-зарын ырбатты.

* * *

Эрез талашкан коңшу манап Калпа ажынын ага кеңешип-таңашпай башын аттап, жакында эле үйүргөн тогуз-торолуктарды топон суудай каптаганына, дегеле андан мыктысынын улам арымын кеңиткенге, ажыдаардай аяк-быягын аймап оп тарта утуру тереңдеп баратканына андан өзүн амалдуу, кыйын эсептеген Касымбектин ичи тардыгып терикти.

Элүү жетисинде сыйда узун сакалын көк аралаганда Калпа ажы Жумгалдын зор манабы Мырзабектин он беш жашар беш көкүл кызын алтынчы аялдыкка, себине Тогуз-Торону кошо алган, эсирген Калпанын обору бара-бара ого бетер ачылаар. Напсисин бузуп, ага да тап коёр. Арийне, Калпа ажы Касымбектен сыймыгын четтегилерге артыгыраак көтөрүүгө үлгүрдү. Бүт Ыман, Чоро, элинен эми Калпа ажынын гана дүңү угулууда. Күкүктөнгөн Нарын дарыясынын кемер, жарлуу, токойлуу кылаасында дөбөчөгө кызыл тунуке менен чатырлатып, орус усталарына кудум шаардагыдай олчойгон имарат там курдурду. Куртка болушундагы ар үйгө бирден торпоктой сал таш ким атка, өгүзгө, төөгө артып курулушка жеткиралбаса, ириктеп салык өндүрттү. Шаардан калыптар жеткиртип төө кыш куй-

дурду. Тамдын түпкү пайдубалын кумурскадай кыйды-чийди, өйдө-төмөн балбан азаматтар, балбан унааларга дарыянын сайынын жээгинен, тоодон ташыган сал таштар менен көтөрүштү. Боорун төө кыш менен кынатты. Асты-үстүн тактайлатып, сырдатты. Ар эки бөлмөнүн ортоңку бооруна шыбына дейре тирелген, чатыр үстүнөн морлору асманга атылган темир мештер койдурду. Сыртын, ичин а дегенде кум шыбактатып, анан апакай акилетти. Бүт элдин кыжылдап кайнаган күч-аракети менен бир жайдын ичинде алда кайдан шаңкайган Куртка өрөөнүндө алгачкы Калпа ажынын кызыл тамы бүттү.

Мырзабектин үлпүлдөгөн сулуу кызы, көрөркөз токолу, жаш жары Надзура ошол, шаар үлгүсүндөгү канча бөлмөлүү ысык үйгө араб, кытай, хинди, өзбек, кыргыздын, орустун баалуу буюм-керимдеринин жасалгасында кулпурган имаратты ээледи. Байбичелерине, салбар аялдарына, кызматындагы малайларына обочороок каалгалары бөлөк-бөлөк үстү жалпак имараттар бүткөрүлдү. Өйүз-бүйүз Куртка-Терек өрөөнүндө алгачкы «Калпа ажынын мектебин» ачтырды, муддарис, молдолорду ичкериден чакырттырды.

Мекени аралагандык кылыппы, көрүп, билгени артыктыгына салыппы, же жалпы эле залимдиги дарамети күчпү, Калпа ажы ушинтип Касымбектен мурда озуна шаң-шарапатын бийик калкытты. Касымбектин Калпа ажыдан калгыдай кандай жөнү бар. Жаңы, шаар үлгүсүндөгү жашоо имаратын куруу, мектеп ачуу ишине а да күргүштөп кириштиi. Бирок, Калпанын арааны, кулкуну опсуз ачылууда. Аны тарттырбаса, азуусун ага да кайроосу ыктымал.

Касымбек Калпанын чийинден ашкан зулумдуктарын териштирди. Мурункусун кой, Калпанын жакындагы эле төңкөрүштөн, падыша кулагандан кийинки, замана башкалардын колуна ыгыгандагы олутсуз мыкаачылыктарын: үркүндөн кырылып, тонолуп, Кытайдан алсырап кайткан качкындарды, байырлатып, каралашкан өз букараларына жасаган канкорлук кылыктарын, мына азыр тогуз-торолуктарды талоондогон каракчылыгын ашкерелеп... ага орус большевиктерине карабайбыз, дин мусулман түрк элдеринин бирилмдигине ыгып, Туран,

Алаш ордо мамлекетин түзөбүз, Кеңеш өкмөтүнө ок атам деп атырыла үгүт жүргүзгөнүн кошуп арыз чийдирүүгө белсенди.

Тымызын тыңчы, чабаганчы чаптырып өйүзгү Куртка боюндагы кедейдин тыңы, сөзмөр, замана оңолгондо Калпага кекенип, жакырларды уюштуруп жүргөн, Томо дегенге акыл кошуп, кайрат, күч берүүгө убадасын бекитти. Калпадан тирүүлөй сыйыртмакталып өлгөн Калыкпай, качып жоголгон Аман, бала-чака оокаттан ажырап дубанага айланган Ысанын шериги Томо өз оюндагы жагымдуу акылды, беленделген арызды кошумчалап бирге жаздырып чындана кабылдады.

Калпадан өч алууга кекенген кедейлерди жашыруун топтоттуруп арызга бармак бастырды. Томо ат тондолуп, жол кирелик пул чөнтөгүнө солонуп жаңы өкмөттүн өкүлүнө жалпы элдин атынан арыз сунууга жөнөдү. Ага Касымбек Нарын, андан ары Пишпек калааларындагы тааныштарына элет кедейи Томого жардам берүүлөрүн уюштурду. Ал эле дейсиңби, айлалуу Касымбек бүлүнгөн, бүгүлгөн Тогуз-торолуктардын ичинде баш пааналаган Байымбет акындын Калпаны жек көрөөрүн билет да. Калпанын үстүнөн жердештери кедейлердин топтошуп арыз жеткиргенин угузуп, тамырын тартырууга шакирти Молдобасанды анын атынан эмес, өз пейилинен туюнтууга үндөдү. Көптөн бери аралары алыстаган устасын көрүүгө, отузду ортолоп орошон таланты оргуштаган, өзүнчө дастанды да, обондуу ырларды да сабалатып оолжуган учурунда жолугууга ыгын табалбай жүргөн Молдобасан манаптын «ишенимин» пайдаланып, Тогуз-Торого аттанды.

* * *

Аргалары түгөнүп, Кара-Көө белин акыйып, андан ашып, самсыган тополоңчулардын улам тереңдеп эгин үстүнө жайыт кеңиткенинен жүдөгөн элдин арасындагы Байымбет бу шумдукка кыжырлуу туталанууда. Калпа ажынын каарын кайтарууга, анын келээр астын утурлатып бөгөт, бөгөт жерлерге сакчы-чабаганчылар коюшкан. Чубалган көп көчтүн башы жеткен менен, ортосу али Кара-Көөнүн берки, аркы бетинде, аягы Куртканын өзүнөн козголо элек.

Калпа ажы болсо жаңы имаратында, жаш колуктусунун үлпөт жыргалында, эл аягында козголоорун угуп... ага септүү беш кызды тандоо, жолдук, тартуусун камдоо, чуктоо аракетинде чуру-күү тосулган тогуз-торолуктар. Тополоңу тоз түшүп, кыжаалаттыкка кысылган шордуулардын зар какшаган тобуна күндөрдүн биринде көп жашаган карыя Өмүралы асамуса таягын этиет жерге ныкый жөлөнө көпкө кулак төшөп турду. Көптү көргөн, далайды уккан, санжырачы, кыбачы карыя бир оокумда таягын булгалай ортого аттап айкай салды:

– О, о журт, ансыз да булүнүп-чабылып бүттүк. Абайлап, аялдагыла. Ак боз бээни курмандыкка чалып, Тобок атабыздын арбагына сыйыналы. Анан көрө жатаарбыз. Калпа ажыны тосууга каржалган камыңарды тыйгыла.

Тукулжураган көпчүлүк, анын ичинде Тоголок Молдо, аңсап жетип жанында короздонгон кер мурут Молдобасан экөө тунжураган асманды жара шаңшыган карт бүркүттөй, айбаттуу каргылданган ак сакалдын үндөгүнө чайпалышты.

«Тобок атабыздын арбагына сыйыналы.» Тобок!? Ким киминин эсине удургуп, ушул Тезек-Тагай уруусунун түп атасы Тобок дөө, Тобок балбан, Тобок топуктуу акыйкатчыл, мал көзөмөлдөп, мергенчилик кылып элин баккан бакыбат адамдын элеси тартылды.

Эл санжырасын, ата тегин сүрүштүрүп билген ар ким, Тоголок Молдо өзгөчө, карыянын топту жарып муңдуу, кайраттуу чакырык таштап Тобоктун арбагына сыйынууну эскерткенинде терең сыр бардыгын баамдады. «Өмүралы карыя, болбосоң коё кал. Акылыңа баракелде. Сөзүңдүн тереңине маанилүү жаңсоо бар. Тек, Калпа ажылардын бабасы, Келдибек баатырдын атасы Жамболотту дайынсыз жоголду дегенде, Кытайдын караңгы набагынан ушул элдин уюткусу Тобок куткарган. Карыя чайналып чарпылган журт азаматтарына бекеринен ураан таштабады».

Теребелди түнөрткөн кара булутту жарып, жаркыткан чагылган сымал кыжаалаттыкка тунжураган элди карыянын чакырыгы эс-учун жыйдырды. Жапырт кыбыланы карай чурулдап Өмүралы карыянын:

– Тобок атабыздын арбагы колдо! Жамболот бабасын туткундан куткарган Тобоктун тукумун кордогон Калпа оңбосун! Аны Тобок атабыздын арбагына койдук! – деген батасын кайталай күрү-күү түшүп, алакан жая, сакал, беттерди жашка жууй, муун-жүүн титирей бата кылып... Баарынын алдында туура тартып ноктону тыгыз кармаган жигиттин колунан бошонуп, ак куудай сызып жөнөчүдөй элдин чурулдагынан кулагын жапыра, жал куйругун сапыра ойноктогон ак боз бээни, арбакка сыйынып курмандыкка чалышты.

«Бата менен эл көгөрөт, жаан менен жер көгөрөт». Ой тобо эгер бата-тилек орундалып чындыкка бап келсе эл кандай эргимек, ишеним канчалык бекимек. Тобок, Жамболоттун окуясын даана билгендер азыраак, Байымбет да элдир-селдир эшиткен. Билбегендер, доңшогондор, чала-моңолдор көбүрөөк. Билгендери да мындай кыжаалат убакта капыстан сыймык, ынаным туудурган касиеттүү күчтү, кыйынчылыктан арга таптырган Өмүралы карыянын өз оозунан даанасын чубатууга дилгирленишти.

Өмүралы карыя кокусунан моюнуна зор парз такпаганын ушунча саруулаган калайыктын милдет-сабытын жеңилдетүүгө ишенимден тобокелчиликке таянып көпчүлүктү улуулугуна салып көндүргөнүнө өрөпкүй да, сыймыктана да Тобок авасынын кимдигин, чок ортодогу көрпөчөгө аппак сакалын шаңкайтып, улуу тоо чокусу сымалданган төбөсү бийик кийиз калпагын учтантып, төө жүнүнөн согулган пыязы кең чапанынын этегин тизесине ором чөк түшө, төшөлгөн сөзмөр жаагын жаңсады. Көптүн арасындагы куйма кулактын ана башы Байымбет, анын шакирти Молдобасан сөз маанисин мээге каттай тирмейишти.

Тобок... Ушу Тогуз-Тородон, Курткага чейинки жайлоо, кыштоолуу тоо аралыктарын жердеген үч бир тууган болгон. Ушул азыр да үчөөнүн атындагы ашуу, белдер, үңкүрлөр бар. Улуусу Тобок, ортончусу Кенжеш, кичүүсү Жакаш. Тобок, Кенжеш, Жакаш токой черлүү, аска зоолуу, малга жайлуу жашыл өрөөндөрдү тутумдаган аралыктары окчун асман мелжиген айтылуу давандар. Кенже жайлоо менен төр жайлоонун ортосун туташтырган, канча белес артып жетүүчү ортолору

түштүк жол, үчөөнөн тең ашып Соң-Көл жайытына, чалкыган көлгө чыгышат. Сыягы үч бир тууган үч өндүрлүү белести ээлеп турактап турушкан.

Байымбет Соң-Көлгө Тобокту да, Кенжешти да ашып көтөрүлгөн. Ал эми Жакашты канча мертебе ашпады. Кезегинде анча маани деле бербептир. Көрсө, бул чөлкөмдөгү өтө бийик ашуулардын аттары муруңку жашап өткөн алп адамдардын тургун жайларына коюлган тура. Тек, баланчанын конушу, ашуусу, жайлоосу, кыштоосу деген аттар азыр да азбы.

Тобоктун алптыгы жомоктогу апыртма эмес. Чындык. Тобок келбети адамдан артыкча жаралган пенде. Бою үч кез, ат көтөрбөс, жөө жүрчү. Нарын дарыясынын кол-кол бөлүнгөн терең жеринен шыргый салып, күүлөнүп аттап өтчү. Кийик атканда ичегисин алып таштап, чегедекке шиш кебек кактап жеп койчу. Анжыянга жөө, жылына эки ирет барып кайтчу. Ал жөнөөрдө келин, кыздар базардан боек, күзгү, тарак, самын, эндик, осмо, атыр, өрүк, мейиз, жоолук, көйнөк ала келиңиз деп, ала кийиз, чырмаган чий, кыл аркан, көтөрмө жип, шырдак, көрпө көлдөлөң, тердик, шалча, тегирич жасап, күржүйгөн бел куруна төөнүн жүгүнөн артык тегерете илип байлашчу.

Өгүздүн териси бир бутуна араң чарыкка жарачу. Тобок Көк-Дөбө жайлоосунун үстүндөгү зоокадагы миң кой кирерлик үңкүрдө жашоочу. Ошол токойлуу, суулуу, туландуу өндүрдү мал жаны менен ээлөөчү.

Кенжеш андан аркы күн чыгыштагы ортоңку Киндик, Топу-Таш колотторун ээлөөчү. Кичүүсү Жакаш андан аркы Шаркыратма, Суулуу-Коо өзөнүн турактоочу. Ортолорунда далай карагай черлүү, кашка суулу, айбанаттуу белес, коктулар, жайыттар керилип жатат. Ошонун баары Кенже жайлоолор, жаздоо, күздөөгө ыңгайлуу катыш, ширелүү чөбү белден буралган жайыт.

Жылдардын биринде Кенжеш катуу ооруйт. Каза табат. Улуусу Тобокко таң заарда угузушат. Тобок жоктоп өкүргөндө четки Жакаш угуп тааныйт.

– Тобок авамдын үнү. Муңдуу өкүрүгү жер жаңыртты. Кара көз челейиптир. Кенжеш ноокас эле. Пендечилик кылган тура, – деп камынып жөнөйт.

Тобоктун дөө турпатын, алптык жосундарын далилдөөчү жогоркудай жагдайларды акын дагы бир ирет Өмүралы карыянын баянынан бышыктады. Карыя Тобоктун кандайлыгын жоруптаган соң, азыркы каран түн түшүргөн Калпа ажынын бабасы Жамболот кайгылуу тагдырга дуушарланганда кантип кутказганына өттү.

Жамболот эл бийлеген, «баатыр атанган» учуру. Кытай улуктарынын элеттиктерге кымбат буюмдар артынган кербендерин жол акысы, от акысы демиш эттирип, чатак чыгартып, акыры ыза-кордук көргөзүп тең жүгүн карактатып алганына кыйла жыл өткөн.

Арпада кыштап калган боз кыроо маалы. Сагызган изи биринчи кыламык кар түшөт. Жамболот көп катынынын балдарынын ичинен кыйын чыгат деп жактырган он төрт жашар уулун ээрчитип тайган агытып, бүркүт салууга сонорго аттанат. Кыламык карда тайганга изин куудуруп, түлкү, калтарды таап качырып, бүркүткө алдырып, сонордун кызыгына батышат.

Бүркүтү бир нече илбээсинди апчып аталуу балалуу аңчылардын канжыгаларын кулпуртат. Атасы тайган агытып, бүркүт салууга уулун машыктырса, баласы андан өтө атасын кубантат. Алгыр бүркүт – асмандын төрөсү канча илбээсинди серпип көңүлү тойдубу, же бузулдубу кайкып Кытай чегине ооп кетет.

Сонорго кызыган, анын үстүнө көңүлдөрүн карктаган, кандим алгыр бүркүтүн жакшы көргөн ээлери, андан айрылбоого артынан үндөй кыйкырышып сабалашат. Кытайлык чек ара сакчылары аларды туткундап, ким экендиктерин тактаган соң Кашгар калаага жеткиришет.

Качандыр кербенчилерди карактаган Жамболоттон эски кегин кууп Кашгардын акими зынданга салат. Айыл ападагы ага туугандары сонор сейилине аттанышкан бойдон дайынсыз жоголгон Жамболотту, уулу экөөнү издеп таппай, аттарынын, тайгандын изин кууп Кытай чегнне бүркүтүн качырып өтүп кеткенин жорушат. Элчи жибергенден коркушат. Тирүү болушса, акыры кабар угулаар дешип күтүшөт. Үч жыл өтөт. Эч дарексиз. Кармаша, чабыша кетишип күм-жам болушту дешип

шекшишет. Не болсо да үмүт үзүшүп, туугандары Жамболоттун ашын берүүгө камынышат.

Кашгардан кербен чубайт. Кербен башчысы Жамболоттун айылын иликтеп табат. Кербенчилердин ичиндеги уйгурдун бирөө үч жыл жаткан набактан жакында чыкканын, Жамболоттун уулу экөөнүн тең тирүү экендигин, караңгы зынданда тамактан өксүтпөсүн, бирок, чач, сакал, тырмак алынбай саксайып аман жүргөнүн кабарлап, сүйүнчүгө тунат, соодасын тынч, эркин жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк алышат.

Жамболоттун Келдибек, Баатай, Кожомберди ар бири өзүнчө атасынын тирүү кабарын укканда түңүлчү аштын ордуна той тойлошуп үмүттүү сүйүнүп дүрбөшөт. Эми Кытайдын капкалуу шаарына даап барчу, Жамболоттон дарек алчу ким бар?

Бүт акылмандарды чогултуп маселет курушат. Акыл жалгыз Тобокко токтолот. Баарысы жабалактап той үстүндө Тобокко кайрылат.

– Элдин намысына жара. Иниң Жамболот тирүү экен, зынданында. Тобокел де. Сенден бөлөк жарачу эч жан жок. Камын, Жөнө. Кабарын ал. Колуңдан келсе кутказып кел.

Тобок «туулдум, өлдүм» тобокелге башын байлап, элдин намысы үчүн макулдайт. Шыргыйдан бөрү тил найзаны колуна таяк, курал катары алат. Белине кылыч байланат, жаасын тагынат. Жамболот тукумдары жолуна гүлазык даярдашат.

Тобок жолго чыгып жүрүп отуруп Ат-Башыдан өтүп Шырыкты дабанынын оозундагы черик Максүт бийдикине күүгүмдө түнөккө кайрылат. Ызы-чуу маарап кой төлдөп жаткан жаз баары. Максүт жолоочунун аты жөнүн сурабай кондурат. Эби сынсыз далдайган, башында үксүйгөн малакай, үстүндө таар кемсел, олчойгон бутунда, өгүздүн чылгый терисинен тартынган чарык, жупуну кийимчен кедей, кудайы конокту сүткө чылап казан толтура жупка жасатып астына коет. Тобок үндебестен жупканы чыгын да койбой бүт жеп казанын эшикти карай тегерете ыргытат.

Максүт мунун оборунан да кыялынын чорттугуна кыжырлана, чочулай сурайт.

– Ким элең?

– Тобокмун.

Тобоктун кимдигин Максүт угуп жүргөн. Көрбөгөн айыбы. «Таанибасты сыйлабас» болгонуна уялат, кайпактайт.

– Ушуга эле тоёбу деп... Катын баланын тилине кирип... төлгө каралашып сыртта жүрүп байкабай да калдым. Кулдугум бар Тобок аке.

Максүт Тобокко ат тартып, чапан жабат. Кой сойдуруп, чыпчыргасына тийгизбей этин бүт салдырат. Эт бышканда Тобок бийдин мал, оокатына каралашып сыртта күйпөктөгөн кул, күңдөрүн чакырып этти таратат да, өзү бир гана кабырганы жеп чыга берет. Максүт таңыркайт:

– Тобок ага, бу не шумдугуңуз, таарынып калдыңызбы?

Тобок жайбаракат гана колун майлыкка аарчыйт:

– Эл менен жегенде ушуга эле тоём. Атыңды калтырам. Кайра тартканда алам. Далысына жетпеген чапанды кисесине ороп салып коёт.

«Сурай, сурай Мекеге барыптыр» дегендей Тобок Кашгарга жетет. Кытайдын Кашгар калаасындагы жарым императору-амбалдын капкасын табат. Кароолдор киргизбейт. Тобок жайын түшүндүрөт.

– Улуу урматтуу амбалда урунттуу ишим бар. Айткыла. Уруксат берсин. Кирип, бетме бет сүйлөшөйүн. Кыргызмын.

Сакчылар көшөөрүгөн алп кыргыз жөнүндө, анын өтүнүчүн улугуна жеткиришет.

Амбал анын кебете кепширинен коопсунуп, идарасына киргизбестен өзү капкага келип, жылчыктан көрүп, каалганы ачтырбай, жолоочунун максатын угат.

– Жамболот иним үч жылдан бери сиздин пабакта. Кабарыи билейин деп келдим таксыр,– деп Тобок катуу бакыра сүйлөйт.

Капканын нары түпкүрүндөгү караңгы зындандагы Жамболот капилеттен бакылдаган үндү эшитип тааныйт «Тобок акем экен. Мени иликтеп келиптир».

Амбал чынын айтып, дөө немени сынамак болот:

– Иниң бары анык. Үч шарт коем. А эгер үчөөнү тең орундасаң иниңди ээрчитип кетесиң. Бирөөнөн эле тайгылсаң, иниңди көрбөйсүң да, каңкайып кайра жолуңа түшөсүң.

Биринчи шартым – Сен сыртында акыйган чоюн капканы керек учурда үч качырдын күчү менен ачып, жаптырам. Аны ачып көр.

Экинчи шартым – Күнөөкөрлөр камалган караңгы набакка киргизем. Сүйлөбөйсүң. Иниңди колуң менен карман таанып ал.

Үчүнчү шартым – Окус экөөнү аткарсаң, кайра кайрылып кол салбайсың. Достошууга убадаңды бекемдесең гана иниңди берем.

Үчөө тең оор шарт. Аткарар аткарбасын бир кудай билбесе, эки жак тең күмөндөр. Тобок шартты кабылдап дегенине көндү.

Белин оңдоно курчанып, жеңин түрүндү. Кемселинин өңүрүн куруна кайра кыстарды. Күрөктөй алаканына түкүрдү.

– Бисимилла! – Жараткан аллага сыйына Тобок алп сол буту менен сал таштан кыналган дубалды тээп, чоюндан уюткан лакыйган тутканы кош колдоп-копшоп катуу чирене булкканда капка босогосу менен омкорулду. Тобок дардайган темир дарбазаны шарак эттире жерге күрс кулатты.

Ичкеридеги амбал, жан жөкөрлөрү, куралдуу сакчылар оозунан жулдурган бөрүдөй аң таң аңырайышты. Улук саамда эсин жыйып ачуулана айланасындагыларды зекиди.

– Орноткон усталарды тапкыла! Бир кишиге туруштук бералбагандай начар салышыптыр. Айыпка тартабыз. – Анан ыраазы болгонун туйгуза шуштугуй чокусунда конгон алтын таажысындагы каухар таштарын жаркылдата жалтылдак кымкап чепкенинин кең жеңин делбирете зайыптыкындай кичине колун тепейте серпе, падышалык залкарлык, менен кербездене, бүтүкүй көздөрүн жылтылдата күлүмсүрөдү:

– Ой, балбан, күчүңө баракелде-е! Бирөөнү аткардың. Эми баатыр, сага эк-кинчисине жол ачык.

Кой, эчкинин арасындагы буурадай эпсиз олчойгон Тобокту тегеректеше, ордонун оёндору зынданды беттешти. Ким-кимине экинчи табышмактуу нерсени жандыруу белгисиз, кызык.

Набактын каалгасы ачылды. Бая эле Тобоктун жаңырык доошун таанып доңшуган Жамболот каалганын ачылышын күтүп тынчсызданат. Ымырай караңгылыкка дөө эңкейип киргенде Жамболот: – И-и, деп күрсүнө табыштай жакындайт. Тобок

дароо апчый кармап жетелеп чыгат. Жамболоттун бети, башы көрүнбөй, сакал, мурут тизеге самсаалаган.

Эки өтө кыжаалат шартты орундаткан балбан гана эмес, баамчыл адамга сый, урмат көрсөттүрүп, амбал жети күн меймандайт. Жанболотту, уулу экөөнүн тең, сакал мурутун тегиздетип, адам кейпине киргиздиртип, мончого жуундуруп, таза кийим кийгиздирет.

Амбал өзүнчө курачыларын-акылмандарын, көзү ачыктарын чакырып кеңеш курат.

– Доочу кыргыз чанда адамдын колунан келчү эки шартымды катыра чечмеледи. Балээ киши өңдөнөт. Үчүнчү шартымды ооз эки аткарабы, же чыны менен достукка бекем турабы? Көзү ачык, кыраакыларым, шашпай байкагыла, алдын ала акыйкат айтканга жарагыла. Силерге бир апта мөөнөт.

Көзү ачыктары жети күндүн ичинде баарлаша, акыры бул жыйынтыкты улугуна айкындашты.

– Тобок, топуктуу, бейпил адам. Сөзүндө турат. Жамандыкка барбайт.

– Жамболот – ханзада. Тарткан шорун унутуп, кутулганына кайыл. Жылуу, жумшак, алдап-соолап узатуу ылайык. Кайрылып кол кайырбайт.

– Кеп уулунда. Он жетиге чыгып, эрезеге жетти. Каны кайнап кекти көөдөнүнө бек түйдү. Баралына толгондо атасынан да кыйын чыгат. Өчүгөөр ошол. Аны амал менен үйүнө жеткирбей өлтүрүү абзел. Буерден өз ордоңдон өлтүрүү осол. Шартыңдын баарын орундап, достошуу жүрүүдө. Ошондуктан, уулуна аппак матадан жаңы кийим-көйнөк дамбал тиктирип, ууга чылап кийгизип жөнөтүү керек. Кийимдеги уу баланын денесине өтөт. Ошентип уугуп орто жолдо өлөт.

Амбал көзү ачык акылмандарынын айтуусундай үптөп таптап, Тобокко, Жамболотко, уулуна достошуп, капкадан узатат.

Сүйүнгөн эмелер чаалыгып, чарчоону билбей, күн-түндөп тердеп кургай декилдеп ата журтун көздөй жүрүп отурушат. Кытай жерин, чегин артка калтырып, Ак-Сай өрөөнүнө жеткенде бала өлөт.

Эл журту Жамболоттун аман келгешше сүйүнүшүп той беришет. Аны туткундан кутказып ээрчитип жеткирген Тобокту алкашат:

– Укум-тукумуң өссүн!

– Адилет баатырлыгың, ажаатчыл адамгерчилигиңе кулдук уруп, түбөлүк унутпайбыз!

– Асты кар тартпай сый, урматка бөлөнүп өт!

– Сенин урпак журатыңды кордогон эч жан болбосун!

– Тобок атың жердеген Көк-Дөбө жайытында, үңкүрүңдө унутулбай түбөлүккө калсын!

– Сенин чырпыгыңа кара санаган кан жөткүрүп, көмкөрөсүнөн куласын!

...Өмүралы карыя аңгемесинин аягына чыкканда уюп тыңдай тымыган калайыкка: аса-мусасына сүйөнө, апакай сакалын желге дирилдете баштан аяк кыдырата карап улутунду:

– Ушундай болгон балдарым. Мына, баарыбыздын атабыз касиетиңден кагылайын Тобокту ыйыктап алкоо шерт бата берген бабаларынын арбагы бизди кансыраткан Калпаны ургусу бардыр.

Карыя оозун жаңыдан жыйганда Кара-Көө тараптан жолдон алгоолоп минген жалдуу кара айгырын терге булоолотуп айтылуу Дөөт балбан топтун четине алкынтып токтоду. Дөөт Калпа ажынын сестүү жасоолу. Өгүнү ушул элдин жайкалган эгинине көч, малды жаярда демиктирип келген ушу Дөөт эмеспи. Ал эми эмнеге айгырдын жанын көзүнө көргөзүп алкылдап жетти? Жүрөгү үшүгөн байкуш калайык анын жардыгын күтүп шүмүрөйө сестеништи.

Али чок ортодо таягына сүйөнгөн бойдон ичинен тобо, келме кайрып кайраттуу шаңкайган Өмүралы карыя Дөөткө кардыккан доошун каргытты:

– Дөөт балбан, соо келген кейиптенбейсиң. «Корккондон жүрөк жарылбайт». Көрдүңбү, шордогон жалпак тебетейлерди зарыктырбай, айтчуңду айт.

Деми кыстыга ынтыккан жасоол сурдана мукактанганда Чоюбек манап Өмүралы карыга жини келгендей Дөөткө жасакерленди:

– Калпа ажы кандай? Келатабы? Алдынан казганактап тосолубу? Же башка каалосу барбы? Айта сал, орундайбыз.

Мыктысы минтип жойпуланганда, көпчүлүктүн мизи майтарыла, жасоолдун оозун тиктей дүрбөштү.

Жолдон чарчаган, анын үстүнө кайгы баштанган Дөөт жасоол, булдурсун камчысын ээринин ачакей кашына артылта ныктай бурк этти:

– Калпа ажыны кечээ түнү жыйырма беш аскер айдап кетти. Байбичесин кайра Курткага көчүргөнү келдим.

Тек, укмушуң кур! Ушундай да болот экен ээ. Тобок атанын арбагы козголуп Калпа ажыны жайлаган тура. Ак боз бээнин курмандыгы Өмүралы аксакалдын олуялагы келди ээ.

Тезек, Тагай жасоол Дөөттүн көзүнчө сыртынан калп эле айдалган Калпа ажыга кейиигенсишип, ичинен кымылдап сүйүнүштү.

* * *

Тоголок Молдо тогуз-торолуктардын түлөө, бата, каргышына дал келген Калпанын кармалыш себебинин чындыгын, Молдобасандын кабарынан улам дааналаган. Бара бара Калпанын, Дүрдүн, Керимбайдын... Кай-кай жердеги зор зулумдардын бир тобу кармалып чогуу атылганы угулганда акын Кеңеш өкмөтүнүн күчүнө киргенине элдин арасынан коркунучтуу душмандарды тазалай баштаганына сүйүндү.

...Келтирип алаар бекемин
Керимбайдан кегимди –

деп азапты чексиз тартып зар какшаган Токтогул тилеги орундалганда Кеңеш өкмөтүн толкуп алкан жаткандыр.

Атаганат ушу маалда эки акын кездешишсе ээ. Тогуз-торолуктар эсирген Калпа ажынын шиши кандайча толгонун туура түшүнсүн үчүн акын казалдата жазып таркатты.

...Баштан аяк көп элди
Калпа сүрүп жеп чыккан.
Тезек, Тагай уруусун
«Отко жагам» деп чыккан.

Ошондо кедей чыдабай
Уюшуп, арыз шек чыккан.
Томо деген тың кедей,
Бир топ элди тандаган.
Ажымат анын ичинде
Арызчыларды жамдаган
Жарды-жалчы чогулуп
Кадыкбайды сүйрөтүп
Өлтүргөнүн жазышты.
Балдары менен Ысанын
Тентигенин жазышты.
Ажыматты чилдеде
Урдурганын жазышты.
Алтымыш челек муздак суу
Куйдурганын жазышты.
Искектетип жулдурган
Сакалдарын жазышты.
Эки жылда төшөктөн
Сакайганын жазышты.
Хан болом деп Коконго
Самаганын жазышты.
Бечараны олжолоп
Талаганын жазышты.
...Ок атам деп Советке
Октолгонун жазышты.
Ой-пикирде чечилген
Токтомдорун жазышты.
Кат билгени кол коюп
Билбеген бармак басышты.
Бечаралар чогулуп
Жөнөтүптүр Томону.
Жазып арыз толтуруп
Жанчыгына солоду.
Акыйкатчы Кеңешке
Арыз берип сунулду
Эзилген эл кедейдин

Муңу-зары угулду.
...Айдап барып Калпаны
Атууга өкүм буюрду.
Арабыздан жоготту
Калпа өндөнгөн зулумду.
Анысына кубанып
Чыңалсын кедей уюму.
Жашасын деп өкүмөт
Жарды-жалчы сүйүндү.
Бирлешкиле деген сөз
Не экенин туюнду.

* * *

Тоголок Молдо Тогуз-Торого оогону азыркыдай бапырады бекен. Жетилген шакирттери канат сермеген уясына, таптаган устатына кайтадан биринин соңунан экинчиси удаа сабалап байырлашты. Опур-топур маалында Теректен Молдобасаны келди. Калпа ажынын талоончулары каардуу тебелеп-тепсеп кирип, кайгылуу самтырап келген жагына көчүп... тамтыгын кетире тытмалаган Тогуз-Торо аймагын бошотуп жөө тумандай самсый жылып жоголгондо шаардан Абдыкалык – тиркич моюну шаңдуу кайтты. Ушундай кыйчалыш, бурулуш кезеңинде эки бирдей шакиртинин жетиши, алтымыш кар баскан устаттын эңсөөсүн кандыра ажарлантпай коебу? Ата баладай сагынышкан эмелер сүйлөшсө сөзгө тойбой, өнөр чабытына өтүштү.

Молдобасаны кадимки салабаттуу акындык, адамдык эрезеге чатырап толкуп, ташып отузду ортологон келбеттүү азамат. Суусар бөрк, көк ырапы баркут, кемсел, кемер кур, өкчөлүү өтүк, кудум мырзалардай жасанып, ыр өнөрүн өнүктүргөн. Дайыма калайык кашындагы нөкөрдүн сырт турпатынын да жарашыктуулугу, ыйманы ысыктыгы абзел.

Анан калса Молдобасаны аткаруучулук аземди дагы арттырыптыр. Канча, созсо, ошончолук бийиктеп, жапыздап, буктурулуп, чоюлуп, солкулдап, сыбызгып, чексиз мейкиндикти, жүрөк кылдарын титиреткен керемет авазы шаңкылдаган комузу

менен кошо жарышат дейсиң. Дастандын, күйгөндүн, санаттын ыргагына карай нурлуу дидарын кубулжутуп, шишимек көзүн ойноктото, кыл мурутун керилте, сыйда, сыпаа сакалчасын эрбеңдете кол серпим, кайкым эпкинин бийчидей чимирилте, шыңга боюн ыргай, бүктөй, түзөй, узарта, мандаш токуна, чөк түшө, атыла обдула, жылып жорголой, кетенчиктей ийиле не укмуш кыймылдарга көз илээпшей эрий, уккан, көргөндөрдү сыйкырлаганын... Тоголок Молдо шакиртинин шайырлыктын жогорку кылдаттыгына жеткени деп баалады.

Молдобасаны «Манасты», «Курманбекти», «Жаныш Байышты», «Кедейканды», «Күлбара менен Асанды», «Салтанатты»... тажабай күчөп, күүлөнүп кадик чоң жомокчулардын илебинде айтууга жанашканын, мындан ары такай кесип тутуп, көмөкөйүн талытпай балкыта берсе, айтылуу дастанчылык орунду ээлээрине топуктана, шакиртинин өзүнө эскертти:

– Молдобасаным, ыр дүйнөсүнүн пирлери сайрандаган бийик тоону окумалдар парнас дешет. Сен парнаска чукулдапсың. Жараткан сага төрт тарабы төп эл шайыры болууга бар касиетти берген. Үн да, күү да, келбет да, далалат да куп келишкен. Күйгөндөн боздогонуңда чогулган кыз-кыркын уланжигиттерди гана эмес, улгайып бараткандарды да жалындатып жиберээр күчкө жетипсиң. Эл сенин оозуңду тиктеп, тулку бой тамырларын чымырата уга бергиси, алкай бергиси келээрин өзүң билет экенсиң.

Тилимди алсаң, сен бул ийгилигиңе көп азгырылбасаң. Сен арымдуу «Манас» дастанын өркүндөтсөң. Манасты түгөл айтып бүттүм деген жомокчу жок. Мен көргөндөн алп манасчы Тыныбек, өзүң жанашкан Сагымбай жалаң гана Манаска башын байлап, өмүр бою айтканы ошо. Алардын өз оозунан тыңдагам, ар отурушта белгилүү окуяларга кошумча, алымча жаңы сөз курамаларды түрлөнтүп кошушат. Күчтүү, көрктүү чыксын дешет. Чылгый дастанга кунттанышат. Жаки, алар толгон ыр, күйгөн, секетпайын кошо, башка дастандарды да билишет. Бирок айтышпайт. Чаржайыттанып кетүүдөн чочулашат. Күчүн, касиетин ыйык дастанга, жалаң «Манаска» жумшашат. Байкап көр. Доош, кудурет деген ошолордо. Акындык куду-

рети, эрки, доошу, авазы күчтүү ырчы гана чоң дастанчылык мартаба күтөт.

Тилимди ал, Молдобасаным, көп кырлуу жөндөмдүн ана башкысын карма. Бар кубат, өнөрүңдү ошого багынт. Жазмалыкты моюн таптык кылып үйрөнбөдүң. Дастанды жеткире жөнүктүрсөң, бир башыңдан ашып-ташаарлык, жалпы журтубуздун чаңкаганын кандыраарлык, кийинки муундун, мен билгенден Сагымбайдан кийинки Манасчы болоорсуң. Ойлон, Молдобасаным. Эл көбүрөөк жактырат деп, жеңилирээк күйгөн, секетпайга ооган кейиптенесиң. Аларыңды кыскарт. Сен эми өзүң шакирт күтчү кемелиңе толупсуң. Шылтоого шыноо таап, Тогуз-Торо түпкүрүнө сүрүлгөн устатыңды иликтеп, тапканыңа ыраазымын. Жаңы өзгөрүш замандын жакшылык жышааны аркасында кайрылган канатымды талпынтып, күүлөнтүп койдуң. Эми өзүңчө эл аралап, бир топ күн эрмек бол. Дастан, ыр күүлөрүңө кошуп Кеңештин теңчилик, азаттык жардыгын айкындай, кедейлерди башын көтөрүүгө, зулумдардан өч алууга үндөй жүр.

* * *

Нечен күн улам үстү-үстүнө арбыган тегирмен салгандар, башка доңшуган дыйкандарга эшигин ачып Молдобасанды айттырып… өзү кунттана тыңдаган устаты акыры шакиртине жогорку пикирлерин атайлап таңуулады.

Устат деген устат. Шакирти андан өтө качкан учурунда да таалимчилик насаатын айтууга акылуу. Молдобасан жигиттик өмүргө да, шайырлыктын түркүн шаанисине да толукшуп менменсинип турган маалында, шүйүп бараткан устатынын аталык айкөл акылын эт жүрөгү ымырап-чымырай арууркана кабылдады.

Дасыкканын, даанышмандыкка жеткенин далилдей мактаганына ынанды, кубанды. А неге жеке дастанчылыкты сая өнүктүр, Сагымбайдан кийинки чоң манасчы болоорсуң. Башка ырларыңды токтот – дегенине чаламоңолдоно, а тургай келишпөөчүдөй, көмөйү тызылдап, күү черткен бармактары кычышты.

«Чунак киши. Баамчылдыгы ченемсиз. А неге мени «Күйгөндөн», «Секетпайдан» кол үз дейт. Обондор өзүнөн өзү куюлуп, ырлар өзүнөн өзү чубуруп, күүлөр өзүнөн өзү агылып, жаштар жанымдан алыстабай, таңдайымды кургатпай, үнүмдү каргытпай ардактап, жалаң күйгөндөн сурап алкашса кантип баш тартам. Өзүм дагы делбиреп жаштардын чөйрөсүнө «секетпайдын» күлпөтүнө баратканды жактырсам кантем. Жаштык, санат ырлары булактын, дайрага кошулчу тоо сууларынын шарындай жаркын, эркин. Дастан чалкыган көл, мухиттей көк ирим, түпсүз терең, толкундуу. Дастанды көбүнчө токтолгон адамдар көйкөлүп, көшүлүп, толгонуп талыбай тыңдайт. Ага өзүң да көп алышып, көп ойлонуп, көп чалкышың керек. Устат баамдаган дастанчылык кудурет жетээрлик. Арийне, кээде дастандын түрмөктөрүн чубап, күңгүрөнүп, тереңдеп ойлуу отуруудан тажап да кетем. Мен тез, тез топто, жаштардын арасында кулпуруп чуркап, чабуум керек. А неге көрөңгөлүү шайыр өнөрдүн кичинесин да, ортончусун да, зорун да бирдей өнүктүрбөсүн. Жаш кезде анысын да, мунусун да жалбырттата берейин. Токтолгондо көрөрбүз. Угут бар. Кайда качмак эле».

Тезекбайдын сунушу, коштоосу менен устатынын багыттаганы боюнча Молдобасан, тегирмендин чөйрөсүнөн келип-кеткендер аркылуу атагы тарап самаган кезмет күткөн айылдарды кыдырууга аттанды.

Тоголок Молдонун назары эми Молдобасандын үлпөтүнө үлгүргөн кичи шакирти Абдыкалык тиркич моюнуна бурулду. Ал калаадан окуусун бүтүрүп, китеп, кагаз, калемди солой кызып маалимдик кесип өздөштүрүп кайтканын маалимдеди. Күбөлүк наамэ – мандаты күчтүүдөй.

«Абдыкалык Чоробай уулу, Тогуз-Торо аймагына кызыл мугалимдикке жиберилди. Ал балдарды окутуу менен гана чектелбестен, Кеңеш өкмөтүнүн саясатын жергиликтүү элге түшүндүрчү, жүзөгө ашырчу үгүт-насыятчысы болуп да саналат. Мурдагы манап, байлар жолдош Чоробай уулу Абдыкалыкка каршылык көрсөтпөстөн жарактуу имараттарды бошотуп мектеп ачууга, балдарды чогултуп окутууга, айлык акысын мал,

эгиндете башма баш төлөөгө каршылык көрсөтпөстөн шарт түзүүгө, баш ийүүгө милдеттүү».

Бул мандаттагы укуктарын пайдаланууга Абдыкалык тиркич моюн толук кудуреттүүдөй. Ичкериликтердей керсары өңү тотугуп, шок, чекир көздөрү токтоо тикирейип, шаардык кызматкерлерче кийинип койкойгонунда кеп бардай.

Устатына Кеңеш өкмөтүнүн шаарда чыңалып, тартипти жаңыча кура баштаганын, биздеги Дүр, Калпа сыяктуу бүт эл, жерди менчиктеген зор өнөр жай ээлерин, зулумдарды жоготуп, жумушчу-дыйкандардын үстөмдүгүн орноткону баяндоодо. Кошумча жаңылыктарды окууга газеталарды астына жайды. Ан үчүн дагы бир кубаныч – көптөн бери кабарсыз калышкан досу Букарбайдын кабары, анын салам каты.

«Азиз досум, Молдо Байымбет, көз көргүс алыста бөксөң да сенден даректермин. Кайдан, кимден дээрсиң. Курткада экенимде туугандарыңдан сураштырчумун. Кез-кези менен сага жеткирүүгө ылайыктуу китеп-кече табыштагам. Алганыңды билдиргенсиң. Достум, сен экөөбүздөйлөргө көптөн самаган таң атты. Колу, бутубуз гана эмес, оюбуз кишенден кутулду. Не десең, мен Калпа ажыдан ажыраар замат Нарынга көчтүм. Кеңеш өкмөтүнүн тилмечтик кызматындамын. Томонун ишинде биздин да көмөк бар. Жолуксаң өзүнөн угаарсың. Биз бекер жүрүппүзбү. Мезгил утканда ким экенибизди туйгуздук».

Каттын ушерине токтоло коймолжуду акын. «Азаматсың куркуйматым. Азуулуулардын тырмагында айласыз жүргөнүңдү билчүмүн, Кургурум, улгайганда эркиндиктин шарапатын көр.» Дагы улай окуду.

«Достум, сенин да чээнден чыгаар маалың жетти. Эми мээр чөп аш болбойт. Баш, учуңду жыйып шаарга кел. Мугалимдигиңди курсту бүткөн иниң, шакиртиң Абдыкалыкка өткөр. Менден жардам керек болсо, айттыр».

Тоголок Молдо мурутун үлп эттире бырс күлдү. «Куркуйматым, чээнден чыктык. Мээр чөп эми аш болбосу анык. Буюрса аш болумдуу от тандап сен туралтаган жайга, андан аркы шаар майканына дейре жетээрбиз. Сага окшош Тиркич моюн, чекир көз иниме маалимдикти өткөрүп берээрим анык. Жамандыкта,

кыйынчылыкта баш калкалаткан букара тогуз-торолуктарды доор оңолгондо дароо таштап, жайлуу жер издей качканым жарабас. Алар менен бирге залимдерден өч алып, жаңы заманадын ээси экенибизди толук айкындап, кош тизгинди колго түйгөндө жылаармын. Айтаар сөзүмдү, ачылган үнүмдү тогуз-торолуктар толук угуп калсын». Акын катын токтогон жеринен нары окуду.

«Аяш уулуң, жээниң Сейитбай Оренбургдан юристтик окуусун бүтүп, тергөөчүлүк кызматка келди. Эки-үч жылдан кийин Москванын университетине кирем дейт. Келечек ошолордуку. «Силердин өчүңөрдү кайтарам. Букараны эзген манап, байлардын азабын тарттырам» деп ызырынат. Жээниң өтө курч жигит. Кээде менин тилимди укпай, жулуңдайт. Кожоюндун көзүн карабай, өз башыма өзүм ээлик эркин жашаганыма, өңүмбү-түшүмбү таңданып турган чагым. Азиз досум, эркиндикти сен аябай көксөчү эмес белең. Жеттиң! Көргөз, сен эми өзүңдүн ким экендигиңди! Көрүшкөнчө хайыр. Азиз достуң Букарбайың деп билээрсиң».

«Көргөз сен эми өзүңдүн ким экениңди. Эркиндикти сен аябай көксөчү эмес белең. Жеттиң!» Досунун бул сөздөрү көзүнөн өтүп кулагынан кайра-кайра жаңырды. Каттан Букарбай өзү элестеле куркуя маңдайына тура калып дагы кайталады.

– Эркиндикти сен аябай көксөчү эмес белең. Жеттиң! Көргөз, сеп эми өзүңдүн ким экендигиңди!

Байымбет күлүмсүрөй досуна, жок, анын таамай сөзүнө жүгүндү. Калетсиз чындыкка баш ийүү аздык кылат. Аткаруу керек. Аткаруу!

Шакиртинин, ал жеткизген жаңылыктардын демине кубаттанган акын Абдыкалыкка бурулду.

– Тиркич моюн карагым, мени го жакшылык жышаанга толтурдуң. Мандатың күч. Сен өзүң эмнеден баштайсың?

Абдыкалык бул талапка буйдалбады. Кайырма жака күрөң костюмунун коюн чөнтөгүнөн сагдыянын сууруп ичиндеги алиги күбөлүк наамэсин черткиледи.

– Сиз айткандай мунун күчү барда эмне. Азыр эле жеңем экөөбүз эмнеден баштоону кеңешип жатканбыз. Менимче үч

маселе тез чечүүгө ылайык. Биринчиси – Кашгары шакиртиңиз Молдобасан экөөбүз келгени сырттап жолобой жүр. «Жаңы мейманды эски мейман сүйбөйт» болуп бизди кызганып жатабы десем, анын маанилүү иши бар экен. Сизден уялып жашырыптыр. Азыр такыбаңыз. Ошого жараса, бекем тургандай бололу. Акыйкат, күч биз жакта. Жалий жолдош колдойт бизди. Бул документтин күчү...

Экинчиси – сиздин мектеп кепедей там экен. Мага жарабайт. Чоюбегиңиздин өзүнүн, же башка байынын асты, үстү тактай, терезелери кенен, жарык тамын мектепке бошоттурам. Мобу документти мага бекер бериптирби.

Үчүнчүсү – Турсун жеңени азат аялдар кеңешинин төрагалыгына шайлаттырам. Көзү кат тааныйт. Атактуу акындын жубайы. Молдоке, Кеңеш өкмөтүнүн ишине сиздер киришпегенде анан ким? Кылча баш тартпайсыз. Эски полномочен Жалий, мени менен кошо келген жооптуу кызматтагы жаңы өкүл экөө тең макул. Эзилгендердин эзелтен досу сиз эч каршы чыкпайсыз!

Тоголок Молдо шакиртинин демиктирип, эч тил каттырбоого чечкиндүү бүтүм чыгара чакылдаганын опкоолжуй тыңдап тымыды. Окууга баралек бала кезинде эле шыпылдак, тартынчу эмес. Көзү ачылып, сезими кеңигенде ого бетер өткүр жигит болуптур. Өткүрлүктүн пайдасы көптүр. Окус аша чапса зыянга да чалдыгаар. Укугу, документине таянып, жаштык дымакка эргитүүдө. Арийне анын үч маселе деп тапатак такылдашында ашкере дайынсыз эчтеке жок. Баары чукталган, ойлонулган.

Атаганат, Кашгарысы кайсы ишти кыйратты экен? Эки, үч күндөн бери, көздөн далдоо. Көөнүндө Молдобасан, же досу Жалий менен эл арасында. Чунак, тиркич моюну, такыбай туруңуз деп тыйды. Мектепке жакшыраак там бошоттурса, кудай жалгасын. «Ээси келсе бээсин бер». Баштап деги койду. Абдыкалык – мандаттуу кызыл маалимге табыштайт. Өзү жазганга, элди кеңири аралап жаңы заманды жардаганга, эркиндиктин ырахатын барктоого мүмкүнчүлүгүн арттырат. Турсунун азат аялдардын башчылыгына даярдоо Жалийден чыккан шыбыш. Дайындашсын. Ага жардамдашат.

Акын заматта оюндагысын чакмактап, шакиртинин көздөгөн маселелерин жактыра башын ийкегилей кобурады:

Тиркич моюн карагым
Териштирип карадым.
Айткандарың аткарсаң,
Абдан ишке жарадың.
Атырылып сүйлөйсүң
Атка минээр талабың.
Койкоңдобой калганбы
Колуңдагы каламың?

Өңгө, өңгө Абдыкалык устасынан мындай сыпаа сынашын күтпөгөн. Кажарлуу ишке жараганына сүйүнө, аягында тымызын чымчыганын көр.

Жердиги дат баспас жой болоттой тың адамга айла жок тура. Акындын көөмөйүндө Касымбектин кысымынан, ызакордугунан сүрдүккөндөгү Кара-Көөнүн бели. Артынан жетип кошо ээрчүүгө, акындык-жазмалыкты өнүктүрүүгө көшөөрүгөн Абдыкалык уланды, шаарга, окууга, түпкүрдөгү түрүлгөн жаңылыктан кабардар болууга зордоп жөнөтпөдү беле. Өзүн курчута таптап, устасынын ишенимин актап, кеткен кегии кайтарууга, кастардын мизин майтарууга, башка жакка барбай дал ага айланып келгенине, кыраа акын кубанды. Ошондо да окумал шакиртин жеке активчиликке тоорулбастан, акындык, калемгерлик өнөрдөн ажыраба деп эскертиши аталык камкөйлүк эмегенде эмне.

Абдыкалыкта башка шакирттериндей, маселен, Молдобасан, Кашгары сыяктуу комуз чертмей, үн кошмой жок. Обону начар. Абдыкалык шап мандаш токунган калыбын жазбай жамбашы менен тегерене тескери бурулду. Чөнтөк дептерин ачып, калемин нукулоого таптады. Анын кыялынын тамаша чыны аралаш чорттугун Молдокеси, жеңеси кайдан сезсин. Акындык анын да ниетинен чыккыс жүрөгүн өйүгөн катуу түйүн экенин, кыябын таап эритүүгө устатка биротоло байырлаганын туйдурбаска болбоочудай. Ана жөмөлөө, шилтеле, баштан колго, колдон калемге, калемден кагазга жанылууда.

Кагылайын, Молдокем
Калеми колдо жорго экен.

Канчалык өстү ойдо экен.
Калаадан кайткан шакирти
Талаага кетпейт таалимиң
Талабыңды кой бекем.
Тартынып калган акындык
Тизгинимден чой бекем.
Устатым коштоп таптасаң
Үлгүңдү улап желбесем.
Уңгулуу сөзүң жайылтып,
Жумурай журтка сермесем
Адабият жамгарып
Артыңдап нуска тербесем.
Жигит деп мени ойлобо
Жазма акын болуп бербесем.

Абдыкалык чыкчырыла окуп, устатынып сынынан да өтүп, ыр жөмөлөөгө жарамдуулугун далилдей, быягынан да санаасын тыңгылыктанткансыды.

Сырттан дүпүлдөгөн чара туяк балбан буудандын даңканы жакындады. Үйдөгү үчөө тең элейе кулак түрүштү. Ким бу? Молдобасандын жоргосунун дабышы шайбырлап жеңил чыкмак. Тезекбайдын чобурунуку шөлпүлдөп угулмак да эмес. Кашгарынын бөжүмөсүнүкү учкай орой серпип мынчалык тапылдамак кайда? Аттын басыгынан да кыбаачыл үйдөгүлөр кимдин, шашылышпы, же жайбы кандайча келгенин баамдашат.

Сыягы жоон жолпу топоз бел, буура сан, чара туяк балбан атчан бирөө. Ооба бир гана атчан. Карбалас чакырыкчы болсо, сырттан каалганы ургулай кыйкырат. Жо, катуулай жеткен менен эшикке чукулдаганда асталатып, атын мамыга байлагандай токтолду. Өктөбүр төңкөрүшү жеңгенден бери Байымбеттин эшигине келүүчүлөр көбөйгөн. Салт боюнча эшигине токтогон атчанды утурлай чыгуу, саламын, атын алуу элеттиктерге парз. Үй ээси обдула:

– Лекин, тиркич моюнум, сени менен келген жаңы полномочунуң болуп жүрбөсүн. Жалий жалгыз жүрбөйт эле,– дегенде Абдыкалык атылып жөнөдү:

– Мен турганда сизге не бар. Кичүү эмесминби, мен түшүрүп келейин. – Ал босогону аттаганча, каалга ачылып, сырттагы боз кементай, шуңшугуй кийиз калпак, килейген табылгы сап камчысын сүйрөгөн далдайган неме аны көкүрөккө кетенчиктете түртө, салам айта бери кирди.

Шыңга, шаар жасалгасындагы Абдыкалык чалкасынан жыгылып кала сендиректеп, алиги олбурлуу немени тирүүлөй жутчудай чекирекей көзүн чакчайта тикирейди:

– С-сен-н, кайдагы немесиң? Байкабайсыңбы?! Албеттүү күрсүйгөн менен чыкчырылган кызматкердин балээсине кайдан калдым эле дегеидей дапдаарый жалдырады ичкериге аттаган адам.

– М-мен-н... Мырза, кулдугум бар, сиздин босогодон шашылыш чыкканыңызды билбедим.

Байымбет, Турсун аны тааный үн алыша унчугушту:

– Чоюбек болуштун жигити.

– Кайдан жигити болмок эле жасоолу дебейсиңерби. Абдыкалык арык шадыларын андан сүрдөнүп же отуралбай шөлбүрөгөн тигинин үлүңдөк көзүнө такай силкилдетти:

– Ах-ха! Дагы эле манапка жугундукор шордуумун дечи. Ач көзүңдү үлбүрөбө! Чоюбектин доораны омкорулган. Кезек сеники, биздики. Өчүңдү ал. Малынан бөлүп акыңды ал. Уктуңбу!

Жасоол ылдый эңиле, көзүн жашырды. Түшүнүксүз булдурттап өгүзчө мөөрөгөнсүдү:

– М-мыр-з-за... уг-а-а-р-ын ук-к-ту-м... Бир-р.... ок...

– Ойт, сенин «бирогуңду», мен бирокту үйрөтөм сага! – Абдыкалык кызуулай чамгарактады.

Тоголок Молдо кийлигишти.

– Музоосунан сүздүргөн шоркелдейлер. Дале ээлеринен айбыгышат. Деги бу жасоол баштагысындай эмес. Болбосо, эшиктен олчойгон булдурсунун үйүрүп, теминип, демиктирип кыйкырып опурмак. Үйрүлгөн камчысын ылдый сүйрөп, үйгө адептүү киргени оңоло түшүнө баштаганы. Айтчы, баатыр акеси, не себеп менен?

Кирелекте бешин алып опурулган улук кудай жалгап Тоголок Молдону угуп тынчтанганда оюндагы Чоюбек тапшырган акааратты унутуп долдурады.

– Сиздин шакирт Кашгары ырчынын дайынын билүүгө буюрду эле болуш.

Окуя шек шooраттагыдай оролгонун туюп, Абдыкалык чыйрыттап кашкайган тишинен ышкырык созо, күлмүң-күлмүң Турсунду карай, ичке шыйрагын кыпыйткан өтүгүнүн апкытын коюштура бурулду.

Акын аны байкаган жок. Жасоолдун кайрылуусуна таңдана жооп кайтарды.

– Кашгарымдын дарегин мен да билбей отурам. Такай полномочу Жалийди, же акын Молдобасанды ээрчип жүрөбү десем...

Жасоол саал жанданды:

– Жалий Мырза, болуш менен өйдөкү Атайкеде сиздин мыкты шакирт Молдобасанды ырдатышып эки өргүштү. Мен кошо элем. Аякта Кашгары жок. Болуштун башкы үйүндө эрке жез така Сүйгөнү дайынсыз. Чаң-тополоң. Издебеген иликтебеген жер калбады. Кашгары менен Сүйгөн соо эместей көрүнгөн. Болду, болбоду Кашгары ала качты. Тоголок Молдонукунан сурагыла деген шектенүү... билбейм, Жалий мырзаданбы, билбейм бирөөдөн чыгыптыр. Ошого чаптырды эле.

Бул күтүүсүз шумдукка Тоголок Молдонун сакал муруттары сербеңдеп, өңү кумсаңдай, не дээрин билбей туткактана, жана Тиркич моюнунун биринчи маселе катары Кашгарынын ишке жараар жарабасын айтканын эскере, азыр тигинтип ышкыра ойноктоп, жеңеси экөөнүн куунактыгына кантээр алапайын таппай күйпөктөдү.

– Жоругуң жолдо калгыр-р. Бул эмнеси? Кашгарымдын шойкому өзгөргөн... Көрсө... Сүйгөн балдыз неге эле бизге үйүр тартты дейм да. Алар го алар. Биздин бетибизге чүркөө болбойбу. «Бөрү карыса да бир койлук алы бар». Чоюбек кастарын тигип жүрбөсүн бизге.

Абдыкалык ого бетер ышкырыгын ойкутуп, кандайдыр кубанычтуу күү чала чыйрыттады. Турсун күйөөсүн аяп, көп бушаймандабасын деген пейилде:

– Чоюбектен эми неге чочуйсуз. Андан азуулуу Калпа, Дүрлөрдү кеңеш өкмөтү көмөлөттү. Эркиндик, аял, эркек, жарды, жалчы баарына азаттык. Сүйдүм, тийдим.

Тоголок Молдо келинчегинин чындыкты туура түшүнгөнүн, бирок душмандардын ана башчылары жоюлуп, калгандары кемечтелген менен куйруктары кыркылелегин, алар колунун келишинче аянбай кармашаарын эскертти:

– «Желмогуздун кичинеси коркунучтуу». «Ит өлөөрдө кайышчыл». Баштагысындай ачык каптабаган менен тымызын тамырды кыркып, акмакчылыгын аянбас. Андан көрөк Турсунум, түшүндүм. Менден жашырыпсыңар. Кыязы алдакы кайниң, Жалий жолдош билет окшойсуңар. Бу жасоол, заманы келсе да, өз башын малайлыктан кутказалбай, дагеле далдактап Чоюбектин айдагында жүргөн кургурда не жазык. Айткыла, ээсинин көксөөсүн суутсун.

Турсун эрин бейпайга салбай ачыгын түшүнттү.

– Ой тоб-о. Чоюбекке күн-түн кошо жүргөн Жалийди көр. Таңмын. Түрлөнүп бизге тукурган эмнеси ботом. Баарын ошо Жалий билет.

Тоголок Молдо айраң таңдана үтүрөйдү. Абдыкалык жасоолго бурула чарт этти:

– Туптуура! Бар! Жалий Аблаев, Нарын уездинин соту, жээни качырыптыр. Экөөнү. Как ушинтип айт.

Жасоол үңкүйүп тизесин тырмады.

– Кантип ошентсин. Айталбайм антип.

Абдыкалык ха-ха-халап арбайган манчаларын жуумп токмоктой титиретти.

– Шорду-у. Эми неден коркосуң. – Пишкектен Нарынга, Нарындан быякка дайындалган Кеңештин кызыл маалими чөнтөгүнөн капчыгын суура черткиледи. – Документи күч полномочун Абдыкалык Чоробай уулу деген ушинтип айтууга буюрду де. Макулсуңбу?

– Таң… Мырза.

– Канча жылдан бери Чоюбекке малайсың.

– Тестиеримден. Көп эле жыл өттү, билбейм.

– Менчиктелген малың барбы?

– Жогуңуз.

– Акыңа эмне аласың?

– Саан. Кийим сөрөй.

– Ах шорду-у. Ушул балбан кебетең менен, өзүңчө оокат кылгың барбы?

– Бар эмей.

– Балаң канчоо?

– Бешөө эле.

– Көп жылдык акыңа Чоюбектин короосунан жыйырма кой, эки-үч уй, эки жылкы, бир төө бөлдүрсөк алаар белең?

– Кантип? Койсоңуз мырза. Бербей калсын, болуш.

– Ой жолуң болгур-р. Балдарың чоңураакпы, тыңбы?

– Чоңдору бар. Майдараагы деле болуштун малын кайтарып, тезек терип, отунун жагып, күлүн чыгарышат.

– Аларды окутуу керек. Өкмөт бекер мектеп ачат. Өз оокатын жасатып, өз малын бактыруу керек.

– Кантип эле... Андай күнгө жеткирсеңыз, кудайдан кыйын сыйлаар элем.

Кедей жасоолдун тирилип, ынана баштаган пейилин бекемдөө үчүн аткылуу колун жая, тигинин далдагай алаканына чак урду:

– Кел. Кол алышалы! Ким кимибиз убадага чыдайлы. Мен айтканымды түгөл аткарам. Эгер сен да аткарсаң.

– Аткарайын мырза.

– Мырзаны кой, жолдош де.

– Жол-л-дош-ш.

– Атың ким?

– Нияз.

– Нияз. – Абдыкалык чөнтөк дептерчесине чукулады. – Нияз, сен азыр кайтканыңда минген балбан атыңдан түшпөй: Мен малайлыктан кутулдум. Минген жасоол атым көп жылдан берки акымдын асты. Түптөн жиберилген жаңы полдомочу Абдыкалык Чоробай уулу кат чийип берди. Башым бүгүндөн баштап азат. Ишенбесеңиз мына тил кат деп, муну сун да, атыңдын башын тескери буруп бастырып кет. Жарайсыңбы, буга?!

Нияз кыйла кыйылып, күржүйгөн бырыш чекесине чыбырчыктаган терди кементайынын жеңи менен сүртүп дөлдүрөдү:

– Ошентсем дурус болоор эле. Жолдош-ш, кулдугум бар. – Камчысын моюнуна арта чөгөлөдү. – Жалгыз барып антип

айталбайм. – Үнү жашыбыраак ыйламсырады. – Эгер-р жыйын куруп, жардасаңыз, жаки катыңыздын күчү деле кыйын... – Аны шуңшугуй калпагын сыйрып, топусунун алдына тикирейген чачына этиет шуудурата катты. – Ка-п, же жигитиңизди кошуп берсеңиз, а-а, кошулуп жөмөлөөр элем.

Аны угуп, көрүп отурган акын, аялы экөө тең зээндери кейий тамшанды.

– Ой, эзилген шордуулардын бүт дарамети ушул.

– Мөгдөп бүтүшкөн. Чоюбектердин зордукчу күчү, айдагы, желдеттери ушулар болчу. – Байымбет көз алдына Дүрдүн жасоолу Мамбет балбанды элестетип как буга окшоштурду. Кайра Мураталы кызыл таздын ушу кейиптенген үч жасоолунан Үрпүкан туурасында жанчылганын эскерди.

– Абдыкалыгым, тил ал. Муну көрүп турасың. Эми болоору болгон соң тартынаар небиз калды. Алиги чоң полномочунуңду табалы. Ныяз дайыма айдактаган ээсинен кетээри бышыкталды. Эми бизди ээрчий бастырсын. Чоңойтуп да атасыңар, жеңең да кошо аттансын. Чогуу чараан, көз көрүнөө Чоюбектен Ныяз жасоолдун башын ач.

Ныяз кайта чөгөлөй Тоголок Молдонун тизесин кучактады:

– Айланайын, периште. Менден кеткен оройчулукту кечир. Ошентсеңер мен барып айтам. Кетем, болуштан. Кутулткула көркоодон.

Турсун түрүлүү көшөгөсүн түшүрүп, кийинүүгө камынды. Абдыкалык костюмунун сыртынан шинелин курчанып, тапанчанын кабын байланды. Ичинде тананча барбы, жокпу, мурда көрсөтпөгөн немеге устаты кыя карай мулуйду:

– Өтө сүрдүү боло түштүң. Чоюбек эми айныксыз чочулап бөжүрөйт. Күчүң мандатыңда эле десем, куралдуу сүрүң да бар тура.

Абдыкалык тиркич моюнун созо, устатына шыбырады:

– Шаарда текей терип жүрүпмүнбү. Бүтүргөнүм маарафатчы маалимдик. Кошумча окуганым, азыраак иштеп такшалганым ГПУнун да кызматчысымын. Аны билчүлөр билет. Сиз да билип коюңуз. Сүр ошонуку – жамбашында өрдөк тумшук томпойгон тапанча кабын таптады. – Мунсуз кан соргучтарды кынына киргизүү кыйын. Кашгарыга капа болбоңуз. Азамат. Татынакай

жаш сулууну, апсайган манаптан төртүнчү токолдуктан кутказып, өзү да жыргады. Өчтү да алды. Чоюбек бүгүн чындап кара кием. Амалдуу Жалий аргасыз биздин, азаттыктын жардыгын жактайт. Чоюбекти аялынан да, малайынан да ажыратабыз. Калганын көрө жатабыз. Сиз, жеңем экөөңүз тең ачык аттанып, ачык жаңы доордун жарчысы экениңиздерди таанытасыздар.

Тоголок Молдо чыңалган чабуулдун майданына кур кол барбастан, кереги тийип калаар ниетте чукулдан берки чиймелеген дептерин коюнуна ката жөнөдү.

* * *

Көк шиберде котологон эл, Жыйын кызууда. Ортодо ичке шыргый учунда ободо желбиреген кызыл байрак. Малакай, курмушу калпак, жыртык чапан, чылгый тери чокойчон кембагалдар, жоолуктарын үлпүлдөтүп көзүн уяң үлүңдөткөн атайын чакырылган күң, токол келиндер, алардан окчунураак өзүлөрүнчө мантыйган байлардын тобун курчаган адими кийинген бардарлар.

Оболоогон кызыл байрактын түбүндө баарыга даана борбордо түптөн келген баш уполномочен, Жалий сот, Абдыкалык кызыл маалим үчөөнүн жанында Турсун менен Ныяз. Башкы өкүл, булгаары күрмөсүнөн арчындама жазы куруна сол колун өткөрүп, оң колун серпе бакылдоодо:

– Жолдоштор-р! Он күндүн ичинде алыскы Тогуз-Торо аймагында сиздер менен үчүнчү ирет жыйналыш өткөрүп отурабыз. Өткөндө кедейлер тобун, жергиликтүү букаралардын жаңы өкмөтүн түзгөнбүз. Төрагасына мурдагы жалчы, жасоол жолдош Ныязды дайындаганбыз. Жана да аялдар кеңешинин башчылыгына жолдош Турсунду шайлаганбыз. Бүгүн ошол сиздердин жергиликтүү жетекчилердин тез арада кандай иш жүргүзөөрүн уксак. Кандай дейсиңер!

Өзүнчө калдая бөлүнүп отурган байлар, көнүмүш адатын унутпай ыңгыранышты:

– Кана, деги жардык, бүтүм айтканга жараар бекен.

– «Жетекчилерге» жыргатпадыңарбы. Ооз ачышпайбы эми.

Жалчылар бирин бири түрткүлөшүп, тигилерге каяша бербей ортодогу үрпөйгөн башчыларынын оозун тиктешти.

Ныяз калпагын башынан бурдай жулуп, упполномочендер ээрчитип жүрүп үйрөткөн сөздөрдөн өзүнчө түшүнгөндөрүнөн барпыратты:

– Кедей, кембегалдар көзүңөрдү ачкыла! Жалчы, малай, күң жүргөндөр мурдакы ээлериңерден коркпой акыңарды малын малдай, данын дандай бөлүп алгыла!

– А бөлүп беришпесе кантебиз!? – деп бирөө кыйкырды эле Ныяз тоголоктогон калпагын берки бош алаканына чапты.

– Андабы? – шаардык өкүлдөргө кылчайды. – Анда документ кагаз беребиз. Көргөзөсүң байыңа. Мисалга, Чоюбек болуш мага көп кыжаалат кылган жок.

Байлардын арасынан Чоюбек козголду:

– Туура. Кедей тобунун жетекчисиники. Канча жандык, канча бодо каалады. Ныязга ошончосун бөлүп айдаттым. Көп жыл ини катары колумда жүрүп, бала-чакасын багып, мага, журтка кызмат кылганы чын. Энчибиз чогуу эле. Кеңеш өкмөтү мал жанын ар ким өзүнчө баксын деген уруят чыгарганда Ныяз башым азат болсун деп сурады. Кетирдим, үстүнө үй, астына мал берип көчүрдүм, жеке Ныяз эмес, башкаларын дагы.

Жалий ураан таштады:

– Калган байлар Чоюбек болушуңардын жолун жолдогула! Болбосо, жолдош Ныяз зордук менен өндүрүп бересиңер.

Байлар угулаар угулбас күңк-мыңк сакалдарын тутамдашты.

– Жарайт, жарайт.

Ныяз берки өкүлдөрдөн шыбыш уга, калпагын көкөлөтө жаныды:

– Байлар-р, жалчы күткөндөр-р, «жарайт, жарайтыңарды» уктук. Зомбулук, амалкөй, алдамчы дооруңар бүткөн. Өкүмөт жалчыныкы. Беш күндүк мөөнөт чектейм. Эр болсоңор жалчыңарды эшигиңерден кетирбей, малын бөлүп бербей көргүлө. Анда баатыр акелери зордоп талатам, таратам! Өзүңөргө ыза кордук көргөзөм. Каматам! Кедейлер силер макулсуңарбы?! Тилиңер буулганбы, не унчукпайсыңар?

– Макулбуз!

– Даярбыз!

– Антпесе байлар эсине келбейт!..

Ныяз чыкыйын кашып, дагы көкөйүндөгүсүн эстеп калпагын уучтаган бойдон ителги канаттанта далпылдатты:

– Калпанын малына казылган эгинди байлар кайра айдап, сээп ийишти. Жарды кедейлердин көбүндө үрөн жок. Жалдырап отурушат. Үрөн кайрылышчулар барбы.

Байлар күржүйүп унчукпай, өзүлөрүнчө текебер шыбыраашты.

Кедейлерден кыйкырды:

– Байлардын ороолорун тинттиргиле!

– Ошенткиле. Аларда бар.

– Туура!

– О тилегиңерди бергирлер. Таш боор байлардан тартып берсеңер, кайра себели. Жай узун. Кеч күзгө дейре эгин бышат.

– Ошенте көргүлө. Байлар каралашсын үрөн!

– Кетмен, айрыңарды камдап мени ээрчигиле, жыйындан кийин байлардын короолорун, салыктарын, ороолорун тинтебиз. Табабыз. Үрөн таап, бөлүп беребиз. Жери аз кедейлерге байлардын көп жеринен өзүлөрү айдап, сугарып, оргон аянттарын ээлетебиз, бөлөбүз,– деди Ныяз кадимки топ башы даражасына теңеле. Ал өзү жасоол кезинде, шимшип табууну, демиктирип өндүрүүнү абдан үйрөнгөн. Кимдин салыгы, ороосу кайда экенин да аңдаганы бар.

– Жарайт. Жыйын бүткөндө сенин артыңан жөнөйлү.

– Ошенткиле, кара таман кедейлер!

Ортодогу өкүлдөрдүн ар кимиси, Ныяздын чыйралганын жактыра, Турсунга шыбырап, сөзгө даярдоодо.

– Аялдар тобунун төрагасы жолдош Турсунду угалы, жолдоштор! – деп кыйкырды кыжылдагандарга уездик өкмөттүк өкүлдөрдүн башчысы.

Турсун мууну титиресе да чымырканды.

– Кыз, келиндердин азаттыгы жөнүндө Кеңештин жолун угуп жатасыңар. Тез аны аткарууга тийиштпиз. Зордук менен эки, үч, андан көп аялдын үстүнө, атасындай карттарга тийген токолдордун башын ачабыз!

Байлар катындын ачуу сөзүнө ичиркене силкиништи. Колу тайкы, калың төлөөгө кудуретсиз, бой, жалчы жигиттер бакыра кубатташты:

– Оозуңа май!

– Тезирээк баштарын ачсаңар! Куруган бизге тийишсин!

Турсун боюн токтото чаңкылдады:

– Экинин, үчтүн бири болгон келиндер, жана да каалаганын тарттырып, бой боздогон жигиттер бизге кайрылгыла. Башыңарды ачабыз. Мындан ары ким жактырган теңине баш кошот.

Жер карап үлбүрөгөн далай токол сүйүнгөндөрүнөн чымчылаша чуулдашты. Малай жигиттер күүлдөп аларды колдошту.

– Калың төлөй албай катынга жетпеген жарды жигиттер менен армандуу токолдор эркин баш кошуп дуулдайт экенбиз!

– Бай абышкалар аңкайып жаш токолдорунан айрылып курусун!

Уполномочен ураан таштады.

– Жашасын азаттык!

– Көпчүлүк жер жаңырта коштошту.

– Жашасын азаттык!

Жалий фуражкасын абага калдактата кыйкырды:

– Жашасын Кеңеш өкмөтү!

– Жашасын Кеңеш өкмөтү!

– Жашасын аялдар азаттыгы!

Экөөнөн калчу Абдыкалыкпы. Балким сүйлөшүп алышкандыр. Ал колун булгалай чакырык таштады:

– Жашасын жолдош Ленин!

– Жашасын жолдош Ыленин! Ыленин!

Өкмөт өкүлүнүн башчысы толкуган калайыкка жадырай:

– Жолдоштор, кедейлер тобунун аң-сезими ойгоно баштаганын, өз укуктарын эзүүчүлөрдөн жулуп алууга биригип чабуулга өткөнүн түшүндүк. Жалчы, жумшаган, көп аялдын үстүнө жаш кызын калыңга саткан, эгиндерин салык, ороого каткан, малдары күтүрөгөн байлар жардылардын талабына каршы чыкчуңарды токтоткула. Мурдагы жалчылардын акысын, энчисин жеке мал эмес, жолдош Ныяз айтканыңды аткарып, байлар ээлеген жерден, айдоодон ченеп бөлүп бергиле

дыйкандарга! Болбосо кедейлер тобунун жетекчиси жолдош Ныяз туура эскертти, өкмөт тарабынан жазага тартыласыңар. Эгер аткарбасаңар кедейлер тобу зордук жолу менен да өндүрөт. Кана, жолдош батрактар, дыйкандар, жалчылар, күн-түн, жай-кыш агызган маңдай тер, короткон таман акыңар менен байларыңарга, ээлериңерге топтогон малдан, эгинден энчиңерди тартынбай жолдош Ныяздын жетекчилиги менен бөлүп алгыла! Каяша айтса тартып алгыла! Байларга көз жашын көлдөтүп зордоп токолдукка берген кызыңарды, карындаштарыңарды чыгарып, башын ачкыла. Өз теңдерине, дыйкан жигиттерге баш коштургула. Бүгүнкү жыйналыш жабык!

Байлардан уруктук эгин, малынан, жеринен энчи бөлүүгө дүрдүккөн дыйкандар жол баштаган Ныязды тегеректей күргүштөп узашты. Байлар күңк-мыңк аргасыз, ачык жаакташуудан чочулаша, тоң моюн букалардай көздөрүнөн чаарын аңтара, чалырын байката тоорула жылууда.

Жалий Абдыкалыкты чыканакка түрткүлөй, баятан дыйкандардын арасына отуруп, эми гана бөлүнө баскан акынды жандай, бирдеме шыбыраша, кайра олжолуудай баш уполномоченге бурулду:

– Жолдош, большевиктер партиясынын вакили, биерде айтылуу акын Байымбет ага дагы катышты. Эгер ыракым этсеңиз акындын казалынан, эскисинен, жаңысынан уксак. Сиз бу акылман акындын ким экенин байкасаңыз...

Өкүл дароо макулдады.

– Албетте, эң эле сонун болоор эле.

Жалий короздоно моюнун созо, арты үзүлөлек элге негизинен кыябын таап сүйлөшүүгө кыйылган байыраак, орто чарбалууларга, бөтөнчө Чоюбекке көзүн кадалта жарыялады.

– Кимде ким, акын Тоголок Молдо, то есть Байымбет аганын казалын тыңдайбыз дегендер калсаңар болот.

Жаалуу чубагандардын аягы суюлса да уй мүйүз тарта катарды улай шиберге чөк түшкөндөр оңор караан түзбөдү. Абдыкалык өкмөттүн өкүлдөрүнө, алардын арасында сүймөнчүк туудурган Молдокесине аттардын ээринен көрпөчөлөрдү чечтирип алдыларына төшөттү.

Тоо аркасынын кылда урчугуй учтарынан жаный, өрөөнгө жылымтык илебин үрөй жаз күнү ийинден калкып, жалган түштү маалымдоодо. Кирсиз көшүлгөн көгүлтүр абага торгойлор атылып, куунак чулдурун кубулжутууда.

Баш уполномочен бая күнү Тоголок Молдо менен жекеме жеке узакка баарлашкан. Жалийдин кийлигишүүсүз эле таа-ныш. Жашы улгайыңкы, өзүн салабаттуу, сыпаа туткан акынга ыйбаа сактай, сыпайы тамырын тартты:

– Байымбет ага, сиздин ким экендигиңизди биз жакшы билебиз. Революцияны кубанып тосконуңузду, агартуучулук ишмердигиңизди куттуктайбыз. Күн нуруна бой созгон эгиндей азаттыктын нуруна умтулган көпчүлүк букараларды көрүп, туюп аралашсыз. Байкадыңыз го, алар али өз укуктарын толук түшүнө, ээлей элек. Өмүр бою эзип, мүңкүрөткөн шумдардын ыдыгынан дароо кутулуудан жалтанышат. Сезимдерин ой-готуучу ураан таштап, ээрчитүү, үйрөтүү керек. Уктуңуз го, кедей тобуна Ныяздын, аялдар азаттыгына сиздин Турсундун жардыгын түшүнүштү, дүрдүгө ээрчип жөнөштү. Эгерде сиз ширин сөзүңүз менен кайрылсаңыз кандай сонун болоор эле.

Тоголок Молдо уюй тыңдап, башында тумандалган кээ нер-селер ачыла, делебесин козуй күрсүндү:

– Менин дилимдеги парзды дааналап эскерткениңе ырахмат, иним. Букаралардын а дегенде кайда кандай бараарын билбей жаза басышса да, ынанымдуу дүрбөгөнүн көргөндөрүм сезим-ге оттук тутантууда. Аларга насыят, түшүндүрүү, чаңкаганда кымыз жуткургандай зарылдын зарылы экенин байкоодомун. Аракетим бар. Силердин жыйындан өзүм да кыйланы баамда-дым. Карыз калбасмын. Кеңеш өкмөтүн, ынкылабты даңазалап, кедейлерге басаар жолун насааттап дастан жазсамбы дейм.

Уполномочен жактыра көзүн бакырайтты.

– Эң сонун! Чыдамсыз күтөбүз сизден.

Жалий андан жакынсынып көрүнүүгө, түпкүрүндө сөздү чаргытууга жапалактады.

– Жак-шы-ы. Партиянын вакили экөөңүздөрдүн чоң иш жөнүндө чоң масилет кургандарыңыз эң жак-шы!.. «Манасы-ңыздан», «Семетейиңизден» кантип көчүрүп алаар экенбиз?

Байымбет анын олуттуу козгогон соболуна олуттуу жооп кайтарды.

– «Манас», «Семетей» элдин казынасы. Атаганат, айткандары жазылбай канча кереметтүү манасчылар өттү. Мен билген көзү тирүүлөрдөн кыйыны: Сагынбай, Чоюке, Багыш, Шапактын Акматы, Молдобасан... Булардын ар кимиси Манасты өзүнчө түрлөнтүп сабалатат. Жашсыңар, билимдүүсүңөр жеке мени кашылабай ошолордон жазып, калайык журтка таркатсаңар болот!

Жалий башын титирете чулуңдады.

– Бу кеңешиңиз ал жетпес жорук.

Байымбет ага сустайды. «Неге аныкынан көчүрөм дейт да, бийлиги, чамасы жетип туруп, башкаларды айтса, ал жетпес жорук дейт». Андан да күчтүү өкмөт өкүлүнүн назарын бурдурууга көөнүндөгүсүн чубады.

– Мен Манасты оболу Тыныбек алп манасчыдан үйрөнгөм. Баарына шаам жетелек. Көбүн, «Манастын», «Сейтектин» орчун, орчун окуяларын, «Семетейди» түгөл кол китебиме түшүрүп, башка казалдарыма кошо куржундарыма катып жүрөм. Байыркы көөнө кыргыз журтунун «Манастай» улуу сөзү урпактарга жазма түрүндө жетсе дегенде эки көз төрт. Өзгөрүштү аркалап, эптеп калаага жетсем, жазгандарымды кеңеш өкмөтүнүн колуна табыштасамбы дейм.

Акындын бул айтканын ар ким чымырай эшитти. Анын максаттуулугу, тууралыгы баш өкүл менен Абдыкалыкты кубантты. Четтебирээк үксүйгөн Чоюбек күржүйгөн моюнун созо тыңдап, балтырын аткый, тишин чайнай кыжынды. «Көр э, куу туяк түгөттү. Өкмөттүн казынасына өткөрүүгө даярдайт имиш-ш». Жалий куду так ошондой тырчыганын туйгузбоого жайпактады.

– Өкмөттүн колунабы... Албетте мудааңыз алал. Бизде, Түркстан жергесинде өкмөттүн маданий, илимий мекемелери али калыптанып бүтө элек. Азырынча өзүңүзгө сактаганыңыз жөн.

Байымбет оюндагысынан кайтпады.

– Эңиштеп баратабыз. Бал чогулткан аарыдай канча жыл жыйган акылдын чыгын кеңири калайык татса дегеним да.

Өкүл Жалийди такылдатпай торгой акынды жактады.

– Туура, эң туура оюңуз!

Жалий моюнтаптана теминди.

– Анда Байымбет ага, казал окууга киришсек.

Тоголок Молдо көз айнегин тагына, Абдыкалыкка сакалын көтөрө ишараттаса, ал Чоюбек баштап сыртынан ныксырап, ичинен ызырынып, дагы эле чоңдордун чөйрөсүнөн алыстабай шынаарлагандарга карегин жаныта чекирейди:

– Жаңы бүткөн «Кайдасыңарды» окуңуз, Молдоке.

Акын дептерин барактай, токтоло ормоюп, сүрдүү кыраатты чойду:

Кайдасыңар, кадимки болуштарым?
Кулагымдан кетпеди добуштарың.
Болушмун деп букараны эзип жеген
Которулду силердин конуштарың.
Ыйлатып, жетим-жесир мискиндерди[1]
Семирген арам тамак доңуздарым.

Абдыкалык бырс, эткенде, ага кошула күлкүлөр жаңырды. Чоюбек «болуштарым» деп түпө түз өзүнө таамайлай ок атылгандай өңгөчү тызылдап, чыдабай олунду.

– Акын оозуна келгенди оттой береби. Доңуз деп кордойбу.

Канчалык өкүлдөргө муңая багжайса да, эч кими көңүл бурбаганда Жалий арачыга түштү.

– Кеңештин саясаты ушундай. Жыйында чоң Вакилдин жардыгын уктуң го. Акын деген жарчы. Эзүүчүлөрдү ачык кордоп, эзилгендерди өч алууга үндөш керек. Молдокем, саясатты катыра түшүнгөн.

Чоюбек арачыга наарazылана зиркилдеди.

– Молдо-ке… эл бузар!

Байымбет кыябын кетирбей кекээрледи.

– Чоюбек, азыр сенин каарыңдан коркоор чамам жок. Манап сакалын удургута силкилдээрде, жаңжалды күчөтпөө далбасында Жалий колун ага чайпай чебеленди.

– Молдокең сенден да азуулуу оёндорго сөзүн октогон. Так ошолорду аткылаган тура. Сен эмне, бир ууч жакыр элдин

[1] Мискин – жакырлар маанисинде.

жалпак эски болушусуң. Өзүңдүн Калпаңдай азуусу кандуу зор зулумдар четинен кармала, айдала, асыла баштады. Чыдап ук. Молдокең жалгыз сага окуган жок. Молдоке жөнөтүңүз.

Тоголок Молдо жаңкыдан да демдүү жагалдана окуду:

Кайдасыңар, кадимки бий болгондор,
Пара жеп, арыз укпай тим болгондор.
Адамдын эркин алып, ой ойлогон
Кедейге заары өтүп тим болгондор
Кайдасыңар кадимки старчындар
Сөзүнүн жармы өтүрүк, жармы чындар.
Алык-алман жыйнаган кыянатчы,
Жардыны эзип жедиң нечен жылдар…
…Үч жүз жыл Романов минди такка
Боштондук бергени жок эч бир жакка.
Курутуп Романдын тукумдарын
Болшебек жаңы чыкты биздин бакка!..

Башка ырчылардай обондоп жамактабастан, революциянын доорунун эпкини көмөлөткөн тап душмандарынын мыкаачы элесин тартып, келекелеген ыр түрмөктөрүн окумал өкүлдөр акындын жазма паразатынын ойлуулугун баалашты. Элеттиктер ич арасындагы залимдерге урулган камчыдай кабылдашты.

Кантсе да жалпысын чымырата бирөөлөрүн кубанта, ойлонто, бирөөлөрүн жинденте, чычалата, эч кимин бейкапар калтырбаганын туйган акын, дептеринин наркы беттерин аңтара, бирөөнө байлана, маңгыл маңдайын көтөрө, көз айнегин жалтыратты.

– «Эшек менен булбул» деген жомок-тамсил чүргөдүм эле. Арай көз чарай ушердегилерге окуум ылайыктуудай.

Ким-кими мыйыгынан жымыйышты. Өкмөт өкүлдөрү «саясий ырдан жомокко өткөнү кандай?» дегенсишсе, Чоюбектер «Мактап койсо, текебердүү ырчы «Эшек менен булбулга» кирип дөөрүйбү» дегенсишти.

Эч киминен жактоо, же тыюу укпаган соң, Абдыкалык тиркич могону сөөмөйүн чочойтту.

– Молдоке, нак ошо «Эшек менен булбулду» сайратыңыз. Жолдоштор, таңданбагыла, алдын ала кабарлайын, окуя куру-

лушу, түпкүлүк маңызы кызык. Кунттанып тыңдасаңар, эшек ким, булбул ким айра таанyйсыңар.

Алдын ала түшүндүрмөдөн кийин бакиси ыкластана момурайышты.

Байымбет оңдоно, чөк түшө көз айнегин жалтылдата, доошун жанагыдан башка ыргакта мукам эпилдетти:

Канаттуу куштар
Төрт аяктуу жаныбарлар:
Бир күнү мажилис курду.
Булбулдун сайраганын сынап,
Эшек калыс болуп карап турду.

Акын тыным жасай отургандар түгөл муюганын сезди. Ээн ооз көнгөн Чоюбек өзүнө ээ болбой күрпүлдөдү.

– Атаңдын көрү жаман эшекти кара, булбулга сынчы болот имиш.

Тоголок Молдо:

Булбул сайрай баштады
Көңкү тамам жыйылган
Көптөн козгоп сайрады.
Тирөөчү жок токтогон
Көктөн козгоп сайрады.
Кызыл-тазыл гүл ачкан
Чөптөн козгоп сайрады.

Алп ооз Чоюбек дагы кеп кыстарды:

– Кайран булбул чечен. Мына ушундайдан жарп жазылат. Дагы. Тоголок Молдо:

Асман ачык, күн булут
Тумандан козгоп сайрады.
Кепил болуп теминген
Улардан козгоп сайрады.
Чалкыган көлдө чардаган
Куулардан козгоп сайрады.
Тоют кылган ак кууну
Тынардан козгоп сайрады.

Чоюбек колтугун көтөрө талпынды.

– Бали булбул чеченим! Тоголок Молдо:

Жер жайнаган төрт түлүк
Малдан козгоп сайрады.
Карагай, кайың, бай терек
Талдан козгоп сайрады.
Жер жүзүндө ар уруу
Жандан козгоп сайрады.

Чоюбек теминди:

– Бар бол, Молдо. Лепилдет да, лепилдет!

Жалий тигинин илгеркисиндөй ээсинип дапылдаганын жактырбаңкы жанытты.

– И-и, болуш, эридиң го.

Манап анып какшыгын аңдабай бапылдады.

– Бобу сөздүн тазасы, сарасы кимди гана эритпесин. Булбул болбосоң коё кал. Жер, суунун коздугун келиштире сайрайт ов! Желпилдет Молдо, желпилдет!

Тоголок Молдо:

Жер зилдеген жазында
Амалдан козгоп сайрады.
Жайга салкын келтирген
Шамалдан козгоп сайрады.
...Черин жазган муңдуунун
Тилден козгоп сайрады.
Айбанаттын эң чоңу
Пилден козгоп сайрады.
Учуп жүргөн ар түрдүү
Куштан козгоп сайрады.
Даамдуу кылган супсакты
Туздан козгоп сайрады.
Жакын кылган алысты
Кыздан козгоп сайрады.
Олжо үчүн уктабас
Эшенден козгоп сайрады.
Мажилисте шаңшыган
Чечenden козгоп сайрады.
Көпкө тийген пайдасы
Көсөмдөн козгоп сайрады.

Жан жаныбар укпаган
Нечендей козгоп сайрады.
Асмандагы дуулдаган
Жерге түшсө нурланган
Жамгыр жаап чөп чыккан
Булуттан козгоп сайрады.
Тайпа-тайпа ар түрлүү
Улуттан козгоп сайрады.
Акын булбул чечендин
Айтдаган сөзү калбады
Булбулдун сайраганын
Сайроодон талбаганын
Уккан мажилис:
– Баракелде булбул!
Калың журттун
Уйкусун ачып
Кумарын жазып
Сайрадың дешти.

Чоюбек башынан кийлигишкен соң, аягына дейре көнүмүш эл көзүнө кыйынсынуудан тартынбады:

– Калетсиз, калетсиз. Булбулдун кумар жазганы калетсиз.

Тоголок Молдо доошун мык каккан балка сокмоктой катуулата чакылдатты:

– Кана айтчы эшек!
Сага келди кезек –
деп ага сөз беришти.
– Ырас булбул жакшы сайрады,
Айтпаганы калбады.
Чынын айтсам бирок,
Үнү короздукуна окшошкон жок.
Менин тилимди алса,
Короздон өнөр үйрөнүү үчүн,
Дагы бир жыл окууга барса
Болоор эле деди эшек.

Чоюбек наразылана, кызыл өңгөчүн кыйкылдата, катуу илеп тартты.

– И-я-а!

Тоголок Молдо ыргагын каардуу ныгырды.

– Э-э макоо, булбул эшек эмес
Эшектей көсөп эмес.
Сенин бул айтканың
Бизге эсеп эмес! –
деп, көпчүлүк наалат айтып калды,
Эшекти айдап жолго салды!

Чоюбек эмелеки кыйкылдаткан өңгөчүн бөксөртө үшкүрүндү.

– Тоб-о, шундай болгон экен э? Жомогуң жомок экен…

Манаптын лапылдаган макоолугун белгилей баш өкүл менен Абдыкалык тиктеше каректеринен от чагылтышты. Аларды байкаган Жалий чарт тутанды.

– Эх, манабың түшкүр, аңкоолугуңду туюнттуң. Бу сага жомок эмес. Тамсил, жанытма. Булбул – акын. Байымбет Молдонун өзү дейли. Акындын касиетин, сөзүн барктабаган, түшүнбөгөн, өйдөсүнгөн куру чирен кокуй, то есть эшек ким? Чоюбек мээңди козгоп ойлоп көрчү?

Отургандардын бир тобу, ага кошула Жалий санын чапкылай дуу күлдү. Чоюбек, жанында мурдагы Ныяздай камчы соктурууга жасоолу жок ызаланганынан тура жөнөдү.

Тоголок Молдо, беркилер Жалийдин бул ашыгып айкындаган жандырмагын эки ача маанисин абайлашты. Көз көрүнөө кайраштыруу, чагым. Экинчиден эл көзүнчө манап Чоюбекти эшексиң, акынды булбулсуң дегенге оозу барып ачык айтканы да кызык.

Кантсе да акындын тамсили максатына жете дал согулганы, өзгөрүштүн айыгышкан душмандарын бырыңдата талкалоого көмөкчү куралга айланганы баш өкүлдү жубантты. Ал акындын колун бекем-бекем кыса, көпкө бошотподу.

– Ырахмат Байымбет ага, Р-революциянын ишине ушундай кызмат өтөй, маорафат ишмердигиңизди өркүндөтө бериңиз. Сиздин борбор калаага, өкмөт казынасына чыгармаларыңызды табыштоо жөнүндөгү асыл оюңузду мен тиешелүү жолдошторго айтам. Алыскы Тогуз-Торо аймагында р-революциянын жеңишин куттуктаган жана колдогон сиздей элге кадырлуу мада-

ният арбабы дагы күчтөнүп, талыкшай иштээрине ишенебиз, күүлүү-демдүү, сак-саламат туруңуз!

«Жакшы сөз жанды семиртет, көңүлдү эргитет». Акын партиянын өкүлүнүн таамай сезимин эргиткен баасына, ишенимине чындап толкундады. Туюкта бөксө да аны таап баркына жете түшүнчү, көтөрмөлөөчү, колдоочу пирлери бар тура. Жашасын Кеңеш өкмөтү!

* * *

Үксөйгөн чал эрлери менен байбиче күнүлөрү карыш жылдырбай кайтарууга түшкөн, азаттыкты эңсеген токолдорду Турсун тизмелеп, үй үйлөрдү кыдырып, тапканы менен сүйлөшүүдө. Жашырылгандарын эрлерине ага аңгемелешүүгө жеткирүүгө, болбосо мурдагы жасоол, азыркы кедей тобунун башчысы Ныязга айдатып келтирээрин буюруп... Турсун жаңы эле колоттогу сасык байдын эки токолун тең куткарууга суранганын аткарууга убада берип жалгыздай бастырган.

Көптүн ишине аралашканы, күң, токолго айлангандардын шорун арылта баштаганы, топто сүйлөп, бети ачылганы, кандайдыр көңүлүн сергилеңдетип, башкача, пайдалуу адамга айланып бараткanына Турсун жигердүү. Астындагы күрөң бышты чыкчырылып, тизгинин тартканынан гана жүрүштүү ыргакта ойноктой башын селкилдетүүдө. Жакында Абдыкалык менен Нияз бир байдын малын жакырларына бөлүштүргөндө аялдар кеңешинин төрагасына ылайыктадык деп жетелеп келишип табышташкан. Колоттон жайыкка чыгаар урчукка жанашканда соңунан катуулай чайпалган жоргонун шайбыры, кылчайганча, Жалий шамалдай жетип жаңдай бастырбаспы.

Жигит дидарын бүтүндөй күлкүгө чайымыш эте, келиндин чылбырынан шып иле купшуңдады.

Далдоо жылга менен жетелей жөнөөгө жоргосунун башын бура темингенде Турсун катуу булка чылбырын жулуп камчысын үйүрдү. Чыпыйган Жалий, анын кыз кезинен аттын кулагы менен ойноп чыйрак өскөнүн, анча-мынча, андай эркекти жиндесе, ээрден оодара тартаар каруусун сезе, аргасыз кытылдады.

– Сен эмне, Турсунжан, эркелешүүдөн, оюндан качасыңбы. Карт абышкаң сени катырса, мен эрээркетем, элжиретем.

Турсун ыза ачуусу буулугуп тизгин, чылбырын тыкыйта жыйнай, үнсүз мисирейди.

Жалий күлмүң-күлмүң ырсайды.

– Катыма жооп бербедиң го?

Турсун какшык жылдырды.

– Урматтуу улук да ошондой кат жазабы? Күйүп жанган азамат эмгиче өрттөнүп, көмүргө айландыбы дедим эле. Көрсө.

Жалий ыржайды.

– Улукта сезим, жүрөк жок дейсиңби. Турсунжан, мен ким үчүн айланып жүрөм, билбейсиңби. Сүйгөндүн жолоюна түш. Сызалы экөөбүз, жергебиз Нарынга. Ташта чалды. – Жоргосун темине обдула эңилип кулачын жая, Турсунду кучагына ороду. Уйпалап бети, башынан аймалады.

Турсун анын атынын тизгинин кагып, колунан камчысын суура, тумшукка жаңсаганда жорго жалт үркүтү. Ээринен ооп келинге эңшерилген Жалий далп этип кулап түштү. Фуражкасы алда кайда тегерене ыргыды. Чачы саксая тамтаңдап, энтигип тура, жолдон четтей качкан жоргосуна карабай, оолактай бастырган Турсунга жалбара кыйкырды.

– Турсунжан, токтосоң, сен түшүнсөң. Маскара кылба.

Турсун өзүнүн, анын камчысын бириктире алыстан үйүрө:

– Шагыңдан алыс түшпөпсүң.

Жалий топчулары ыдыраган пальтосунун өңүрүн далдактата, булгаары күрмөсүнүн боорун дагдайта кош колун көтөрдү.

– Кайсы шактан?

Турсун жөө саксайган эме жакындаган сайын ыкчам быштысын ыргыштата алыстай эки камчыны кезеди:

– Сарбагыш деген зордукчу зулум атаңдан! Аблайуп аталганыңа таңмын.

Жалий турган жериндеката көзү чакчайды.

– Чактап... Тилиң кесиле элегинде... Бекем тиштеп жүр. – Кайра кытмыр күлдү. – Кантет. Экөөбүз жердешпиз, суулашпыз, чогуу өскөнбүз. Жердешиндин анча-мынча сырын жашырбайсыңбы?

Турсун тигинин боорун сыйпалап белиндеги куруна тагылуу куралына колун сойлотконун көрүп, ыкчам атына кош камчыны солой чу койду.

– Сырыңды ача баштадың го жылмакай зулум!

Тапанчанын тарс эткени, жанынан ызылдай кайыган октун илеби чымылдаган быштынын арымын ого бетер атырылтты. «Бакпай балааңдан». Аз жерден күлала болуп кала жаздады ээ – Турсун арылдаган аттын үстүндө желге жоолугун, көйнөк, кемселинин этек, жеңин желбирете түзөң өрөөнгө узаганда, соңуна кылчайса, Жалийден дайын жок. Урчуктун далдоосунан берилей албаптыр.

– Жер соргур! Сендей шумпайды жер сорсо кана. – Ызасына чыдабай өпкөсү көөп бышаңдап ыйлап, талаа желине жаштуу бетин айматты. Жерди чимирип жапырылган, ыкчам аттын үстүндө өзүн жеңил, кулаалынын уу чеңгелинен кутулган кептердей калкыта, айыл көрүнгөндө гана тизгинин жыйды. Ошондо да таманы кызыган, элирген курч жаныбар алчылана, ооздугун шалдырата тиштей ыргыштай, үйгө чукулдаганда, кургаган жаштын тагын бетин сылай аарчып, негедир көкүрөгү шоолдой ырдагысы келди.

– Арсыздын жоругун Молдо доско, эч кимге айтпайын. Аман кутулдум. Эркек башы менен жерге көмөлөнүп өзү маскараланды. Бети болсо, безип жоголоор.

Жалий Турсунду амал, алдоо жолу менен имерем деп, абийирин ачтырып, акмагы чыкканда акыркы күчүн, тапанчасын колдонду. Аялды эмес, атын мээлей атты. Ат очорулганда Турсунду уйпаламак. Ызылдап узаган быштыга тийгизе албады. Экинчи огу даңканына да жетпейт. Жинденип өзүнүн төшүнө такап, опкоолжуй кайра тартып, асманга атты. «Ай койчу, катын үчүн жан кыйып арам өлүм болбоюн. Андан көр-рөк бул шуркуяны маскаралатып өч алууну ойлоюн».

Жүрөгү ачышып, колу карышып, эс мас көз тамырлары ымырап-чымырай соксоюп отурганда, качкан жоргосун жетелеп Чоюбек жетти:

– Катын эмес бек-кен, илгерки Манасты ээрден эңкейткен Сайкалдай сени эңип түшүрдүбү. Жигит, улук деп сени карма-

ньп тутунуп жүргөн мен акмакмын. Алың катынча жок тура. Жез такам, Сүйгөнүмдүн өчүн Турсундан алып берем дедиң эле. Өзүң минтип мыш болдуң. Адам көрбөс жогорку коңулда, сүйлөшкөн жерде көрпөчөлөрдү жайып карап турдум. А дегенде чукулдай тооруганыңда сөзгө көндүрүп мына-мына жетелеп келет. Колума тийгизет – деп кыпылдап күттүм. Жо-ок, тут-какташа кеттиң. Анан талп этип эңилдиң. Кайра колуңду көтөрүп багындың, жалбардың. Турсун катын абийириңди күлдөй төгүп атырылтып жөнөгөндө сокур намыска жеңдирип аттың. Огуң талаага кетти. Өзүң минтип бозала топурак мурунданып отурасың. Амалдуумун, акыңды кетирбейм, кордотпойм дечү эмес белең. Сүйгөнүмдү Тоголок Молдонун ушу шүдүңгүт катыны качырды. Ага анча терикпе, өзүңдү Калпанын артынан айдатпай аман алып калганыма сүйүн. Бир токол башыңдан садага, унчукпай тын дедиң. Тындым. Жалчы жасоолум Ныязды бетиме чыгартып, төбөмө камчысын үйүртүп, күндө күлүм менен кирип отум менен чыккан күң, малайларымды тукуруп малымдын четинен көзүмдөн кан агыза бөлдүрүп ээлетип жатат. Уш-шубу сенин мага каралашканың. Акыры минтип өзүң маскараландың.

Жалий кордолгон башын көтөралбай ансыз да ысыган кулагын дуулдатып, Чоюбек ынагынын ур токмоктой сокконуна кайыл ийнинен солуй тыңдады. Опуруп жапыра жедеп көк буусу чыкканда эки атты куюшкандаштыра байлап, Чоюбек катарына жантайганда Жалий тилин жөмөй датын копшоду.

– Адам э-эй. Кеңеш өкмөтү тамырын батыра электе дердее түшкөндөрүн кара. Абышкасы акын, кең пейил неме мага ишене, өзүнө тартууга жибигенсиди эле. Бу бейбак аны мага ызырынтат эми. Кедей туугандын атына өтүп, жашырган түбүмдү чукуп, абтарыйкатымды ойрондотуп жүрбөсүн. Тоголок Молдонун бир эле ыры жалынаар. Каап, кайдан кара саат сенин «мөлтүрөгүнө асыл» деген тилиңе кирдим эле. Бүттү! Кайра тартмай жок! Кана, сен менин кокустуктан, ат үрккөндө кулаганыма табаан, канып, жыргадың бейм. Анын душмандарына айла-амалың түгөндүбү. Мен жөнөйүнчү эртең эле айдалып, байланаарың чын.

Чоюбек муңайган, кайтып чыңалган шериктешине боору да ооруду. Айдатпай калкалап жүрөм дегенине ынанды. Айтаарын айтып, айдарын тикти. Дале жол көргөзүп калкалаган ушул. Малы курусун, четинен оюлбайт. Калганы деле жетет. Деги башы аман болсун. «Малымды алып жанымды кой» деп апаат күндө чыдасын. Жалийден ажыраганда караманча карайлашы ыктымал. Кой, чекишти, кайта бекишсин.

– Кептин баары ошо куу туяк Молдодо. Ичкериден келгендин баары анын тегерегинде. Өзү, катыны экөө тең колкосуна чейин кыпкызыл балчабак. Башынан бизге кас, ачык кордогон ошол. Кызыталактын колкосун суурутпасам элеби, Чоюбек атым өчсүн!

Ызанын ысуусу өчөлек Жалий жандана, кайрады.

– Кандайынча, кантип суурутасың! Анда ишке жараар элең.

Чоюбек балтырын мыкчый ыңгыранды.

– Во-ф. Мал-мүлкүнөн, абийиринен, ата сыймыгынан ажырабас үчүн тоо жамынып каракчы, баскынчылыкка өткөндөр бар. Четке көчө, кире качып, кайрылып жойлоп, шимшип жүргөндөр бар. Кудай урбадыбы, ошол жанкечтилерди майлап, агытпаймынбы.

Жалий жалт очорула манаптын күрсүйгөн көөдөнүнө, саксак башын жөлөй коңурсук май, тер жыттанган моюнунан кучактады.

* * *

Байымбет үйүндө жалгыз. Тактачасында жайылган кагаз, китеп. Колунда калем, жука дептерчеге үңүлүп, нукулай, өчүрүп кайра башын көтөрө, тактачасын чыканактай көөнү учкул, сергек.

– Көзүм умачтай ачылып… Жүрөгүмдүн дегдегени ай! Туюкта жатсам да үнүмдү бүтүн оң, сол, жалпы журтка угузсам! Угуза аламбы?! Эгер бакини толкутаар кутман сөз чыкса… угулат. Өзгөрүштүн жакшылык жышаанын айкындап үңкүрдүн түпкүрүнөн күнгүрөнсөң да алыскы жердегилерге жетет. О, жеткирээрлик, угузаарлык кудурет күч барбы, кайдасың? –

Туруп басты, о бир оокумда калемине шашыла, көкүл алдына көлкүлдөгөн акыл тамчысын кагазына илмектөөгө шашылды. Ийсектете илмектеди.

Калем алдым оң колго
Кабар берем оң, солго!

Кут төгүлдү! Кут! Сөз башын таптым. Жеке Тогуз-Торо элиңе эмес, жамаат оң, солго жар салам!

Калем алдым оң колго
Кабар берем оң, солго!
Кара таман кедейлер
Жалпы түшкүн чоң жолго

Табылды! Ушу болчу издеген кутум! «Кара таман кедейлер жалпы түшкүн чоң жолго!»

Сүйүнүп балкыган акын кайра-кайра төрт сабын доошун катуулата, чын эле өзү үңкүрдө, сөзү чар тараптагы аскар белдерди ашып, башы Чүй, көөдөнү Ысык-Көл, боору Нарын, жамбашы Талас, аягы Анжыян, Фергана өрөөндөрүндөгү элге, элине керимсел менен кошо жетип жаткандай толкуй окууда. Толкундун шары жүрөк демин эргите бул саптарды булактатпаспы.

Байымбет сайрайт баяндап
Кедейге айтат кабарлап.
Бешинчи жылдан бер жакка
Сактанып жүрдүм аярлап.
Кезегим келди жаңыдан
Келтирип айтам абыдан
Кейиш тартып зарлаган
Өзүм кедей табынан...

Ой толгоосу канчалык удургуса да ушерден акын топуктана токтолду.

О, учугун таптым! Эми тигишин одурайта жөрмөбөй, жатык житирип жымылдата, түрлүү өң бере кыюулайм. Улайм! Бу казалым аркылуу караңгы кедейлерди ойготоор насыят ырымды термейм. Ооба, кедей-кембагалдарга, кул, күң, жалчыларга, малайларга насыят... Казалымдын атын да «Кедейлерге насыят» атайм. Андай аттуу казалды жаралганы эч акын оозанып көрө-

лек. Алгач мен козгойм. Окуткан балдарыма жаттатып, шериктериме көчүртүп, оң, солго, атпай кыргыз журтуна таркатам. Кана, добулбасым, а деп заңылдап баарыга жеткизе жер жаңырта кагылчы. Үнүн ажайып ыргакка чайкай ырахаттана созду:

Калем алдым оң колго
Кабар берем оң, солго!
Кара таман кедейлер
Жалпы түшкүн чоң жолго!

Чыңылдаган доошту толкундуу кыялга чалкыган акын этибарына албады. Бала жедеп тажаганда босогодон аттай чукулдап, маңдайына тура калды.

– Молдоке, мен келдим.

Байымбет тестиерди көрүп баятан бери чаңкылдаган ушул экенин, окуучусунун кысылып турганын байкап, зорго көңүл ырахатынан бошоду.

– А-а... Эсенбай Чоюбек уулу, сенсиңби, сүйлө айланайын.

– Атам мени кулагымдан толгоп... төпөштөдү, эч ыйлаганым жок,– деди Эсенбай эркек мүнөзүн күткөнүн далилдегиси келип.

«Балага да менин саатым тийген бейм» дегенди мугалим купуя күрмөдү.

– Неге?

Бала чыйрак такылдады.

– Үйдө Жалий сот экөө кымыз ичип шыбырашып отурушту. Кеңеш-таңаштары бүткөндө колумдагы дептеримди жаап Жалий сот мени ырда деди. «Эшек менен булбулду» айта баштаганымда атам бырпыратып басып калды.

– Ка-п, башка ырларың жок беле?

– Сиздикинен башкалары... чоңдорго уят ырлар.

– Чоюбек болуштун жакшы окуган уулун урганы чекилик. Кыйын болсо, ырды үйрөткөн ээсин урбайбы.

– Ээсин?! Сиздиби?

– Албетте. Сени ыр үчүн уруптур. Ырдын ээси, үйрөткөн мен. Күнөө менде.

– Аный! Анте албайм. Сиз эч күнөөлүү эмессиз. Дагы, дагы, өмүр бою үйрөнөм сиздин ырларыңызды. Сиз мени өлүмдөн сактагансыз.

– Кагылайын, зээндүү уулсуң. Атаң сенин убалыңа калбаса экен.

– Урса мейли. Түк ыйлабайм. Этим ооруп басылат. Мындан ары Тоголок Молдонун мектеп дегенине барсаң, шыйрагыңды сындырам деди.

– Антүү атаңдын колунан келет. Мен мектепти ачтым. Өзгөрүштүн жаңы тарбиясын өз чамамча баштадым. Абдыкалык Чоробай уулу деген жаңы, кызыл мугалим келди. Күздөн, эс алуудан кайтканда ошонун окуусунан калбай улант.

– Жаңы кызыл маалим? Ал сиздин жаңы ырларыңыздан үйрөтөбү?

– Үйрөтөт. «Кедейлерге насыят» дастанын баштадым. Ошону үйрөтүүсүн суранам.

– «Кедейлерге насыят». Мага жазып бербейсизби?

– Сагабы? Сага... Али бүтөлекмин. Берем сага.

– Кор тартпаңыз Молдоке. Мага таарынбаңыз... Атам...

– Билем карагым, билем.

– Сизди аябай ашатып, сөгүп жатышкандарын эшиттим.

– Алардын сөгүүдөн башка мага багыштаар сыйы жок.

– Көпкө сизге көрүнбөй калам го. Таарынбаңыз мага.

– Сага таарынбайм.

– Мен окууну таштабайм. Жигит болгондо атам жибербесе да, сиз айткандай шаарга качып барып окуйм.

– Ошент. Көп окуган адам көптү билет, акылы артат. Бөйдө токмок жебей бара кой.

– Кошуңуз Молдоке. – Бала ийилип сыртка чыкты. Байымбет кайрадан дептерине, калемине жабышты. Күүлөнгөн комуз күүсүндөй кедейлерге айтаар насыяты, шаңкылдап таңшый берди.

Кедейлер сенин заманың
Замандын тиле аманын.
Арманың жок дүйнөдө
Артылды сенин амалың.
Кедейим сөзгө кулак сал,
Өкмөттү колуңа ал!

Өзгөрүштүү заманда
Өчүңдү алаар күн тууду.
Уккан көргөн мурунку
Сөзүңдү алаар күн тууду.
Кеңеш өкмөт түбү чоң
Кедейим сенин ишиң оң.
Залимдерден бөлүнүп
Жайыңдан көчүп журтка кон.
...Ынтымакты колго алгын
Ыраакты болжоп жол чалгын!
Баатырдык кылып какайып
Бай-манапка кол салгын!
Баардык ишти эстетип
Өкүмөт турат жанында
Жарды-жалчы, кембагал
Акың көп байдын малында.
...Манаптын баары кысылды.
Баштагы салты бузулду
Көзүнө анык көрүнүп
Көрсөтүп койдуң кысымды.
Бай кедейден жашынды,
Баштагы салты басылды.
Жабыркатып байларды
Жалпы кедей асылды.
Эсине салып кылганын
Элден айдап көчүрдү.
Байлардын баарын коркутуп
Манаптан алдың өчүңдү.
Бир залимди боздотуп
Мал жанынан бездирдиң
Кара боорун эздирдиң.
Байкап кара өзүңдү
Байлардан алдың өчүңдү.
Али да болсо кембагал
Абыдан ачкын көзүңдү
Түп киндигиң Маскөөдө

Түркүгүң турат Ташкенде
Куп дөөлөткө жолуктук
Кулак салба кур кепке.
Облусуң Жети-Суу
Кармаганың Кызыл-Туу
Келечекти ойлонуп
Жалпы кедей белиң буу.
Оёзуң турат Нарында
Кайратың кабат барында
Жалпы кедей кайраттан
Өзгөрүштүн шарында.
Бул дөөлөткө эсирбе
Жолукпа кедей кесирге.
Кеңештин кылган жардыгы
Жүрсүн кедей эсиңде.
Бул дөөлөткө мас болбо
Бир-бириңе кас болбо!
Үйдө жатып бекерге
Үн чыкпас кара таш болбо!
Байналминал[1] таягын,
Жаныңдын несин аядың.
Кеңештин жүрсөң салтына
Кедейлер ишке жарадың.
Сайрайын сөздүн тазасын
Залимдин бергин жазасын.
Жарык нурду көргөзгөн
Ленин жолу жашасын!

Ар кай жеринен үзүп, чокуп… улам-улам үн чыгара окуп, оңдоп жазмалап, өзүнчө ырахаттанган акын дептерин сылагылай Маңдайына тийгизе отуруп, басаарга жер таппай чалкууда.

Турсун күдүңдөп сүйлөй кирет.

– Укмуш, Молдо дос! Кургурлардын азаттыктын мыйзамын алкагандарычы. Токолдукта зарланган жаш келиндердин арыздангандары күнүгө шатектеп арбууда. Кээси ага-туугандарын, кээси байларда чогуу жалчы жүргөн көңүлдөш жигиттерин

[1] Байналминал – интернационал.

ээрчитип келип, баштарын ачып, эки ооз күбөлүк наме катымды тумар катары алып кетип жатышат. Карасаңыз, канча жаш байкуш туткундан кутулду.

Байымбет жубайынын тизме кагазына көз жүгүрттү.

– Ушулардын алкышы, батасы тийгиси бардыр. Көз көрүнөө ажыраганга көркоо эрлери каргап да аткандыр.

Турсун күйөөсү анын ишмердигин жактыра кызыкканына жагалданды:

– Каргыштары өзүнө. Кеңештин мыйзамынан коркконунан ачык каршы чыга албай титиреп ызырынгандары канчоо. Апсайган чалдардын кайсы бирөө – токолумдан ажыратпа – деп жалынып өтүнгөнүн кантесиң. Баса, айрым байбичелер – кутказ айланайын токол деген күнүдөн, буга мен эле жетем. Салбардыктан арылтканыңа ырахмат – деп эрлерине кырдангандарын айтасызбы.

Байымбет тамшанды.

– Жеке токолдорго эмес, байбичелерге да азаттык жагып жатат дечи?

Турсун эргий кудуңдады.

– Башы бош келиндер көбөйүп, жарды жигиттерге андан бетер жагууда. Үч күн удаа артынан сагалаган эрине чайналышып, агасын ээрчиткен бир келин келип жүрдү эле. Ага биздин канча жылдан бери жесир Тезекбай айланышып макулдаша коюптур. Агасы маанайы пас. Тезекбайга пар. А келин ыймандуу оор басырык, кара жумушка кабалтең неме экен.

Байымбет бажырайды.

– Болсун! Чоңдугуңдун күлпөтүн досубузга тийгизипсиң. Жарапсың Тезекбайым экөөң! Оозунун салуусу бар экен кургурумдун! Анда, нике тоюн өткөзбөсөк болбойт. Абдыкалык кайда, кой тапсын.

Турсун жаркылдады.

– Оюмдагыны айттырбай билдиңиз, Молдо дос. Байымбет коюн чөнтөгүнөн чакан дептерди суура, канат сермөөчү жандуу макулуктай сылап сыйпагылай, барактарын үйлөй дирилдетти.

– Турсунум, менин да сени сүйүнтөөр жаңылыгым бар. Али Кеңештин уруятын толук өздөштүрө элек караңгы «Кедейлерге

насыят» казалын мына күнү бүгүн чүргөп бүткөнсүдүм. Бул менин баардык казалымдын мыктысы, көк жалы сыяктанат.

Турсун күйөөсүнө ыктап колундагы дептерди этиет кармалай эринине, маңдайына тийгизе делбиреди.

– Болсун! Кут болсун! Өзгөрүшүңдөн айланайын. Анын зээри менен... Канчадан бери туталанып, казал чыгарбай калганыңызга ичимден катуу камыгып жүрбөдүмбү. Эми каткан чериңиз жазылып, айтаар өзүңүз табылып... Кут болсунчу, деги!

Акын аялынын жүрөк дилдирин айкындай, дептерди бапестей саал титиреген колун кармалады.

– Бирде муңканып, бирде чыйралып жеткен узун өмүрүмдө акыл чыгынан сыгып тапкан тиги жүк түбүндөгү эки куржун көзү казынабыздын пайдасын көрчү күн жакындады.

Зайыбы күйөөсүнүн ниетиндеги сырын бөлүшкөнүнө толукшуй, өз көөмөйүн кошо улантты.

– Замана деги оңолду. Өзүңүз да Молдо дос, эл, жериңизди, калааны козуй баштадыңыз. Куртка жаатына эртелеп көчсөк кантет!

Акын жарынын тепейген ысык колун дагы кысты.

– Байбичем, ачыкка чыкчу күн туубадыбы. Жакында... Турсун дептерди ачып, жай, анан катуулай окуду.

Калем алам оң колго
Кабар берем оң, солго!

«Кабар берем оң, солго!» Бүт элгеби? Укса, укпаса делеби?!

Байымбет алгачкы чакырык саптардын как ушундай суроо туудурганына кубана, бекемдеди.

– Угат! Бүгүн укпаса эртең угат! Алымдын жетишинче өзүм көчүрөм, оңдоп кошумчалайм. Жыйындарга, сенин, Ныяздын кедейлеринин тобуна окуйм, жардайм. Абдыкалык, сени баштатып кат билгендердин бакисине көчүртөм. Ичкериге, сырткарыга каттагандар аркылуу туш-тушка таркатам. Бир уруунун атын чакыргандай өмүрү эшик ырчы болгон эмесмин.

Турсун нарылай окуду.

– Байымбет сайрат баяндап... Ак чөп башта! Молдо дос сайрайт...

Акын кыткылыктады.

– Ха, ха, айта бер. Мени тергебе дегеним качан.

– Антсе да... – Турсун баракты аңтара кыраattата чаңкылдады.

Азаттыкты колго алып
Бай манаптан өчүңдү ал.
Баштагы сөзгө арданып
Байлар калсын таңданып.
Манаптар калсын саргарып.
Өзгөрүштү бек кармап
Жолго түшкүн шарданып
Карап турсун бай манап
Как өзүңдөй жалбарып.
Өткөн күндү унутпа
Унутуп коюп курутпа,
Өзгөрүштөн дилиңди
Өмүрүңчө суутпа.
...Түп киндигиң Маскөөдө
Түркүгүң турат Ташкенде
...Окууга жардык чыгарган
Өкүмөт жолу жашасын!
Балдар окуп жетишсе
Кедейлер алга ашасың!..

Байымбет дилинен жаңы куюлган сөздөрүн алгачкы окуучусу ыпысык чоктой таптуу албырканда өзү, бүт тулкусу менен чымырай нымшып, көздөгөнүнө жеткенине ынанды.

– Турсунум, ушунчалык мукам окууруңду байкабапмын. Уздун саймасындай сулуу ариптерден карегин суутпай жобурады Турсун.

– Молдо дос-с, мени мукам окуткан сиздин жаңы сөздөрүңүз, жаңы маңызы куюлушуп мукам чыгып атпайбы. Жыйындарда, топто окулчу, жатталчу таасирлүү казал чыгарыпсыз. Абдыкалык шакиртиңиз кайда, колуна тийгизели. Кап, алиги чоң полномоч кетип калбадыбы. Ага жакмак. Жалий түлкүгө көргөзбөңүз да, окутпаңыз.

Байымбет сурдана кылгыра түштү.

– Жалий түлкү. Чын эле түлкү окшойт. Тобо, ушу сакалдуу башым менен ошонун жылма мамилесине алданып, жер сүзүп кала жаздадым э. Ашыкпа, кезегиңди келтирип, териңди тескери сыйра ким экениңди таанытаармын.

Турсун эринин ак чалган көгала сакал, мурутун сылай эркеледи.

– Мобу «Кедейлерге насыяттай» караңгы калкыбызды ойготкон, көзүн ачкан таалимдүү казалдарды дагы, дагы жазасыз э-э...

Байымбет жубайын кучагына тартты.

– Жазбагандачы! Мен демденип кайра жашарбадымбы! Какшый түшкөн көөдөн жибип, ыр кайрадан булактап атылса жашарганым эмей эмине!

Турсуну күлмүңдөй жароокерленди.

– Чыпачын. Жашардыңыз, жагалдана түштүңүз, Молдо дос.

Байымбет минтип жары экөөнүн чанда эркелешүү жыргалына балкый, санаасындагыны сапырды.

– Экөөбүз сырткаркы, ичкерки ар тайпы элди көбүрөөк аралап тирилигибизди – Аялынын эскириңки үстү-башын көзү менен чала. – тыңдайбыз, жаңыланабыз. Далай саргара жорттук, эми кызара бөртүп, жыргалды көрүп, көп жашоого тийиштпиз. Эсенчилик болсо Турсунум...

Күйөөсүнүн таттуу кыялданганына зайыбы мөйүдү.

– Сиздикиндей мүдөө кээ бир жаштарда да жок. Үмүттүү адам көп жашап, самаганына жетет дейт.

Байымбет чечкиндүү жыйынтыктады.

– Биз да самаганыбызга жетебиз Турсунум!

* * *

– Сүйүнчү! Көрүндүк! Устатыңдын жаңы перзентин эч жанга көргөзбөй эч кимге угузбай өзүң байкап, таанып көрчү. Неге окшойт, кудурети канчалык... – деп жеңеси Турсун табыштаган соң Абдыкалык чакан кол китепти кут кармагандай бапестей сыртка, жарыкка жалгыздай кудуду.

Тегирмендин артындагы кышкы аязда да тоңбос кара суунун жээгиндеги жапсардагы жапжашыл мажрүм талдын көлөкөсүнө жетип бөктү. Казал барагы эмес, сыйкырдуу күзгү ачылгандай бадырайган жазуулар Абдыкалыктын көзүнө чындап жандуу макулуктардай жабалактады.

Алгачкы «Калем алдым оң колго, кабар берем оң, солго!» дегенден тартып, Молдокеңдин даана, кооз жазуусунун саптары бала барчындай шаңшып аны канатына кондуруп зыпылдап ой-тоону, шамал, бороон, нөшөр, добулду аралата, алдыда жаркыган күн нурун карай сызгандай, көзүн айыртпай ала чакмактатып аягына чыкканда гана эсин жыйдырды.

Абдыкалык ордунан жылбай экинчи мертебе дем албай окуп чыкты. Ал, экинчи гана жүзүн ачып тааныган ишенимдүү, адабият нускасына каныгыраак киши. Окуурун окуду. Опурулган оюн ортого салалбай өзүнчө алектенди.

«Кедейлерге насыят». Атына жараша заты бап келишкен бул чыгарма чегилип чыккан өзүнүн жылуу уясына уйпаланууга сыйбоочудай. Балапан кыраан экен. Канатын сабалап ээси мелжеген оң, солго чабыттай шаңшып, өзгөрүштүн чоң жолунун маанисин, болочогун айкындашы зарыл. Аны бөпөлөй, таптап учуруу, бийиктикке эргитүү керек. Ошол бийиктиктен чар тарабы чалкыган мейкиндикти көргөзүп томогосун шыпыра серпилсе, канатынын ар талы өзүнчө шумкарга айланып төгөрөктүн төрт бурчундагы кедейлерге «Насыятты» таңшып зыпылдайт дейсиң. Калайык комуз күүсүнөн «Насыйкатты» канчалык уюп, толгонуп, толкундап, мооку кана угуп, опасыз дүйнөдө адамгерчилик, ынтымак, тирүүлүк эмгектештиктен артык алалдык жоктугун туюнса, Молдокемдин «Насыяты» өмүр бою эзилген кара таман кедейлерге, алардын шыбагасына төңкөрүлгөн тагдырдын, доордун ээси болууга, бекем ынтымак менен тута билүүгө насааттайт. Шексиз, Молдокемдин бүгүнкү кедейлерге насыяты «Насыйкаты», жобосу, түшүндүрмөсү, ураан чакырыгы.

Мына ушул пикир менен чыгарманын ээсине дикилдеп жетсе да даап-даабай шакирттин көзү-башы чымырап толкуй дуулдады.

– Молдоке, Молдоке! Келе колуңузду! Сонундун сонунун жаратыпсыз. Шордуу кедейдин шоокумун козгоочу мындай курч, саясий сабак берүүчү казал кыргызда али жарала элек. Муну жеткизчү жерге жеткизүү керек. Ошондо гана өз куну бааланып, жамыятка таркайт. Эл, өзүңүз ураан таштаган оң, сол бүт окуш керек. Дал ушул ала чакмак учурда насаат, жолдонмо катары колдонуулары керек. Молдоке… Ушундай айыгышкан жаңы менен эскинин тоголушунда ким экениңизди көргөзүпсүз. Өзгөрүштүн шарапатына жетээрин жетип, кандайча жетилээрин билбей алактаган кембагалга акыл айтып таалимдүү насаатты таасын сайрапсыз. Бул бар эмеспи, анык жаңы турмуштун Насыйкаты! Өзүңүз өзгөрүш заманынын үгүт-насаатчысысыз! Менде үч сунуш бар. Биринчиси – тезинен жеңем экөөбүз дагы эки даана көчүрө салалы. Экинчиден – аларды мен жеткирчү жерге токтоосуз алып жөнөйүн. Үчүнчүдөн – сиздин мындай эргий баштаганыңыздан соң, туюкта камыгышыңыз жарабайт. Илгерилей көчүүңүздүн камын жей, биротоло тууган-уругуңузга сүйлөшө келейин.

Шакиртинин бекерден бапырабаганына, «Кедейлерге насыятын» Турсуну экөөнөн ашыра, терeңдеги, сырын аңтарганына устат маашырланды.

– Тиркич моюнум, сунуштарың дегеле мыкты. Ойдогуну ойсураттың. Жеке жеңең экөөң эмес, мен да көчүрөйүн. Лекин, жубарымбек, алактабай дайындуу айтчы. Каякка алып жөнөп, кимге жеткизмекчисиң!

Устаты сунушун толук кабылдаганына, кантсе да кексе кыраа аныгын билүүгө кызыкканына Абдыкалык ыргыштады.

– Өзүмө дайын. Мына мындай билгиңиз келсе чоо жайын. Кочкорлук Эшеналы Арабай уулу дегенди уккандырсыз. Уфадан Галия медресесин мыкты бүтүргөн жогорку билимдүү муддарис. Анын 1911-жылы Уфадагы «Шарк» басмасынан чыгарган «Алиф Ве төтө окуу» китеби колуңузда бар эмес беле. Кеңеш өкмөтү жеңгени жалпы Түркстандын борбору Ташкенде маорафат уюштуруу ишинде. Кыргыз мектептери үчүн жаңы үлгүдө алгачкы «кыргыз алипбесин» түзүүдө. Токмоктогу мугалимдик курстан анын сабагын алдым. Сиздин казалдардан кабардар.

Өзүнө, Ташкенге дейре баралбасам да, Нарын, Пишпекке жетем. Аны менен байланыштуу адамдарды тааныйм, табам. Табыштап жөнөтөм. Китеп кылып чыгаруусун сиздин атыңыздан, өзүмдүн, кедейлердин атынан өтүнөм. Эшеналы Арабай уулунун колуна тийсе жакшылыгын аябайт. Куду сиздей, караңгы калкты агартуу, көгөртүү далалатындагы жетик окумал, басма, илим маорофат чөйрөсүнө кадырлуу адам.

Тоголок Молдо Шакиртинин демилгесин жактырды.

– Тиркич моюнум, кол койдум сага. Намыска жарачу уулдун жосуну мунуң.

Баятан экөөнүн кайымына ортоктош Турсун жазуу тактасын иреттей:

– Анда көчүрүүгө киришели – деди.

## АКЫРКЫ АЙЫГЫШ

Ор-Казган жайлоосу. Фергана – Анжыян өрөөнү менен Тогуз-Торо – Нарын өзөнүн тутамдаштырган улуу тоо койнундагы тулаңы тизеден буралган, төө кирсе да көрүнбөс калдайган аткулак жалбырактары жайкалган жаңы конушка байлардан энчилерин бөлүп, өзүнчө мал күтүп, түтүн булаткан букаралардын айылы конгон. Алардын ичинде Тоголок Молдо менен Турсундун дагы өргөөчөсү тигилген.

«Насыят» дастанын Тогуз-Торолук жалчылар, кедейлер тобу колдон колго талаша, жыйындан жыйынга окутушуп, көчүрмөлөшө, зээндүүлөр мындай турсун, оозун ачкан момундар да кур дегенде… «Кара таман кедейлер, жалпы түшкүн оң жолго» сабын жат айтыша… «бай-манаптан өчүң алып», «өзгөрүштү бек кармоого» жолдонмо катары колдонушуп… Аны чыгарган, жол көргөзгөн акындын арбайын көкөлөтүүдө.

Турсуну аялдар азаттыгын жүзөгө ашырып, өзгөрүштүн ишине кол кабышын тийгизип, үйдөгү казан кармаган аял эмес Кеңеш өкмөтүнүн жергиликтүү кызматкери катары такшалып, күйөөсүнө мүдөөлөш өскүлөң тартууда.

Тоголок Молдонун өзү, өзүнөн аялы өтүп, кечөөңкү дөөлөттүүлөрдү жалчыларга басынтып, мал, жерин талаткан Кеңеш

өкмөтүнүн көрөркөз ишмерине айланганы кансыраган зулумдарды кекентип акыры өчтөрүн кетирбөөгө кыжынтууда. Жашыруун кеңешип таңашып ар кыл айла-амал ойлоштурушса да, кыябын келтиралышпай ызырынууда. Өзгөрүштү кабылдабай, мал, мүлкүн катып, башын калкалай тоо, таш жамынып четтен күч издешип, мурунку доорун кайра орнотууга жүткүнгөндөр адашкандардан кол, курал топтой басмачылыкка өтүүдө.

Аларга айыл айылдагы наараазы берендер байланыш түзүп, ошолор аркылуу жаңы өкүмөттүн тамырына балта чабууга, кызматындагыларды кордоп, кыргындоого батынууда. Корбашы Кайып түрктүн, Алай, Памирдин аскар жыбыттарын шимшиген, Фергана керме тоолоруна жытыккан баш кесерлери быякка чейин жойлошуп, айылдарды чаап, малдарын айдап, жигиттерин байлап, матап өзүлөрүнө кошуп бүлүнтүүдө.

Тогуз-Тородо Чоюбек жандалбастап баскынчылар менен тымызын алака жасоого үлгүрдү. Ал тыңчы аркылуу кабарлашып, качан, эмне керектүүлөрүн жылдыртып жем таштап таткантууда. Максаты – басмачыларды тукуруп кекенгенин жайлатууда.

Басмачыларга каршы Совөт өкмөтү чек арачы куралдуу аскерлерге кошо жергиликтүү азаматтардан ыктыярдуулардын тобун түзүп, элди, жаңы бийликти корготууда.

Чоюбек кара ниеттикке нечен камынып, ошо коргоочулардан айбыгып, ою ойрондолууда. Өкмөт аскерлери, ыктыярдуулардын санын, куралын, кайда токтоп, кайда жылганын Чоюбек толук тактай албаса да, тыңчылары аркылуу болжолдоп, басмачыларга жеткирүүдө. Баштагысындай дөөлөттөн, жалчыдан, жерден, кенен жайыт, жайлуу конуштан ажырап ызырынган манап Тоголок Молдонун кадыры элге андан кыйын көтөрүлүп, кедейлерди бай манаптарга каршы бүлөп «Насыят», «Өзгөрүш» деген кулак укпаган казалдарын жамыратып, томорлорго аралаш айыл конгонуна зиркилдөөдө. Чукулда Куртка, Нарын тарапка көчөт деген доңшоорду эшиткенден тартып, тынчы кетип алактады. Аңдууну күчөттү. Ушунчалык маскараланып бүттү. Аяна турган неси калды. «Бөрү карыса бир койлук». Карышкырча жокпу. Кыр кырга шоңшоюп көзүнөн

кан агызып аңдыганы ата бабасынан берки өзүлөрүнөн башка эч кимди кондурбай жайкалган жайыты.

– Кайран гана Ор-Казганым! Салбыраган жалчыларыма тебеленип тепселип кордолдуң о-в. Кайра колума тиер бекенсиң. Элдин намысы үчүн аттанган, too пааналаган азаматтар Кайыптүрктүн башчылыгы менен сырттан күч жыйнап качан жеңет? Өкмөттүн койнуна суурулуп кирген Жалийлер ичинен качан аңтара салат? Белине тапанча байланып, сак какайган балчайбек партиясынын вакили менен кызыл маалим Абдыкалык түгөйү шаарга куйрук улаш кетти дешти. Куу Молдо Байымбет молодой чокчойгон чатырын жардылардын алачыгынын ортосуна кондуруп менин журтумду ээлегенсип сөөлөттөнөт. Ву-ф! Арсыздар-р. Шаардан аныкына дагы экөө келген имиш. Казалын угуп кастарланышат имиш салпаяктар. Алары куралсыз жөн кызматкерлер имиш. Жалийден да шек-шоорат жок. Мытайым, алдап баса бердиби?

Чоюбек чокудагы урчуктарга жабышып Ор-Казганындагы көзүнө суук көрүнүп, жүрөгүн шуулдаткан сейпейген айылга дүрбүсүн далдап, ар кыймылды, кирип-чыккан, келген-кеткенди сугулуп ирдедирбөөдө. Жыты тууган, али алданып боору ачый тилинен чыкпаган шоркелдей жалчыны «ыр угууга», аныгын, ким барлыгын байкоого жөнөткөн. Анысы кечээтен бери дайынсыз. Шүмшүгү Ныяздан бетер сатылып, чыккынчыга айланып анын сырын ачып жүрбөсүн. «Уурунун куйругу кыска». Манаптын куймулчагы кыпылдап демейде жан-жөкөрсүз, сөөлөтсүз жүрбөгөн Чоюбек зоока арасына одурайып таштай катып, сууп баратканын туюп, ого бетер ызырынууда. Тыңчысын болжошкон урчуктан күтүүдө. Бар болгону Тоголок Молдонун токчойгон үйүнүн астындагы мамыда эки гана ат байлануу. Демек...

Кайран гана дөөлөтү кайда кетти? Даңкайган аппак өргөөсүнүн жанында тезегин сасытып, жер тепкилетип тынчын кетирип ат байланмак беле? Бута атым жерде тартылган кермеде аргымак, жорголор катар турчу. Өргөөдө сөөлөттүү, бал кымыздан жута чалкалаган болушка жасоол жигиттер чет четинен ирети менен тандап киргизмек. Томор кара алачыктуулардын айылын

карасаң. Куттуу журттун касиетин үркүтүштү. Малы кайсы, адамы кайсы, бакиси аралаш. Жайкалган гана жайлоомду жакырлардын жатагына айлантышты. Шашпагыла балчабектер!!

* * *

– Таптым Турсунум, таптым! Буюрса, сенин сунушуңду аткарчудаймын. – Байымбет сырттан, иштеринде жүрүп кайткан аялынын астын утурлады.

– Чын элеби?! Анда менин бактымды дагы көтөрмөлөгөнүңүз. – Турсун эрине мындан артык кандай алкоо ыроолоорун билбей делбиреди. Ананчы, эркек аттуунун көбү аялдарын үйүнөн чыгарбай үйүрөт. Бу киши «Турсунум» деп эркелете оболуна коюусу мындай турсун, өкмөт жумушуна атка минер эркектерге кошо эркин атказып, кайра андан жаңылыктарды, канча армандуу жаштардын багын кантип ачканын сурамжылап, күндө анын өзгөрүш чабуулуна кошкон кол кабышына кубанып отурбайбы.

«Таптым, Турсунум, таптым! Буюрса сенин сунушуңду аткарчудаймын». Астынан тосконуна канткенде сүйүнбөсүн. Сунушу. Кызык. Билеселүү адамга айла барбы. Кийлигишип аткаргандарына кызыкканда кыз-келиндер азаттыгы токолдор менен жалчы азаматтардын башын ачуу менен гана чектелбестигин, сүйүшкөн жаштардын эркиндиги тууралуу жобураган. Илгертен чын ашыктар ата тегинин өйдө ылдыйлыгына карабай жактырышып, жолтоонун, азаптын кандайын да болбосун көтөрүшкөнүн, айрымдары жаш жандарын курмандыкка чалганын, айрымдары зордук күчүнөн айрылышып, өмүр бою арманда камыккандарын эрди катын экөө эриш аркак пикирлешкен. Эми сүйүү эркиндигин Кеңеш өкмөтү жактоодо. Неге байдын, же бардардын кызы калыңга сатылбастан, колу тайкы жигит экөө өз укутарын коргоп, жаңы замандын жаштары катары үлгү көргөзүп эркин баш кошо алышпайт. Андайлар бар. Аларды козутуп, түшүндүрүп... Кедейлерди жетектегендей «Ашыктардын насыйкатын» жазсаңыз кандай болор эле» – деп аялдар кеңешип жетекчиси Турсун акын эрине сүйөө салдырган.

Аны акын кунттанып тыңдаган.

– Турсунум, сен ойлоно турган сунуш таштадың. Ырас эле өзгөрүш доорунун жаштары өмүр бою жетпеген өткөндөгү армандуу ашыктардын өчүн алып, эркиндик сайранын куруу керек.

Сыягы, ошондон тартып, акын аялдар азаттыгынын башчысы, жароокер жарынын таклибин чындап кабылдаган.

Ооба. Акын өз купулуна дал кучунасын кандыраар окуяны жаныта, зор, алал ишке маашырланган жубайына көргөзөөр колдоосу, багытын кол кабышы катарында шерденген.

«Таппасаң сыйпалап кал». Окуя орчундуу. «Ашыктарга насыятты» кандай копшосом. Максатына ашкан «Кедейлерге насыяттын» ыкмасына саламбы? Жо-ок. Даана, өчкүс домолонгон чыйырды кайта тебелегенде даңкан анчейин чыкпайт. Бөлөкчө, дың бузуу керек. Кантип?»

Канча күн акын ошо дыңды аңтарууга алакеттенди. Сөзсүз «Ашыктарга насыят», «Кедейлерге насыяттан» караманча өзүнчө, чыйырда курулуп, өзүнчө ыргакта жазылуу керек. Кандайча? Толгоонун катуусу, аягында пайдалуу чечилет. Чыгармачылык толгоо Тоголок Молдону канчалык ойго кабырылтпасын бара-бара көөмөйүндөгүсү ачылды. Дептерине нукулуп, жарын жаркылдай сүйүнчүлөөгө үлгүрттү.

– Турсунум, чын. Сен тартуулаган «Ашыктарга насыятты» өзүнчө, өзгөчө ыкма менен жаздым. Байиттин атын «Аткантаң менен Сүйгөнбай» дедим. Неге десең, Кеңеш таңынан азаттык нуруна чалкыган кызды Аткантаң атадым. Эркин сүйүү укугуна жеткен жигитти – Сүйгөнбай атадым, Лекин Аткантаң менен Сүйгөнбайлар мындан ары көбөйөт. Аткантаң байдын талчыбыктай ийилген, талтөөндөй акылдуу кызы. Жуучу түшүп, калың бычкан мартабалуу мырзалар шатектейт. Бирок Аткантаң жарды, жаалдуу жигит Сүйгөнбайды жактырат. Экөө шерттешет. Аткантаңдын сараң бай атасы Кербенбай калыңсыз бербөөгө чамынып эки ашыкты жолуктурбай саргартат. Экөө күтүшөт, сагынышат. Кеңеш өкмөтүнүн жеңгенин, азаттык мыйзамын аркалап, калыңсыз баш кошууга, кол кармашып кетүүгө бирин-бири үндөшөт. Бел байлап чыгынышат. Өкмөт

идарасына ээрчишип барышып, никелешип кошулушат. Жаштардан алгач озунуп сүйгөндөр эркин үйлөнүшүп, далайларга өрнөк таштешат. Кыскача ушул мааниде, жагабы, же жокпу, айтчы Турсунум?

Турсун алигинде жоруптаган оюнан алда канча ашыра, келиштире, элестүү, таалимдүү, эскинин чынжырын талкалап, эңсегендерине жеткен, эркин эки жаштын сүйүүсүн келиштире кыйыштырганына талый көпкө үндөбөй тамылжыды.

– Аткантаң менен Сүйгөнбай! Аттарын да ажайып таапсыз. Ырас эле жаңы доордун аткан таңы, сүйгөн пенделери. Андайлар жетпегенде ким жетет максатына. Сонун гана айкалыштырыпсыз. Молдо дос, ыраазымын деген сөз аздык кылаар сизге. Арман күн ай. Деги не деген керемет адамсыз. Сиз деги мага барган сайын жашаргандан жашарып, берилгенден берилип, кубанткандан жыргатып баратасыз. Окуңузчу, «Аткантаң менен Сүйгөнбайыңыздан».

Шыбагалаш, сезимдеш аялынын ага качан да болбосун жөлөк, колдоо көргөзгөнүнө демдене, акын көз айнегин тагынды.

– Турсунум, «Аткантаң менен Сүйгөнбай» байитинин көлөмү «Кедейлерге насыяттан» кем сокпойт. Баштан аяк анан, шашпай айыл-ападагы жаш, карыны бүт чогултканда, шаардан келген Абдыназарды да кошуп окуйлу. Азыр сага чолуп, чолуп ар кай жеринен көңүлүңө тартайын.

...Аткантаңга Сүйгөнбай
Арзып жүрүп озунат.
...Сүйгөнбай кедей баласы
Малга келбейт чамасы.
Калыңга мал табалбай
Алыстап жүргөн арасы.
Байдын кызы Аткантаң
Магдырап жүргөн кезинде.
Байкуш кедей Сүйгөнбай
Жалдырап жүргөн кезинде

Сүйгөнбай:

Жүрөмүн сенин дартыңдан
Жүрөгүм күйүп ичим чок,

Жүрөгүмдүн башында
Жүгөрүдөй бүтүн жок.
...Кеңештин таңы атты дейт
Кең дөөлөткө батты дейт.
Кыздан калың жегендин
Азабы таштай катты дейт.

Аткантаң:

Сыртымдан күйүп Сүйгөнбай,
Сыздадым дейсиң мен үчүн.
Бешенең ысык көрүнүп
Мен дагы күйдүм сен үчүн.
...Билесиң атам бербесин
Калыңга күчүң келбесин...
Армандуу болуп Аткантаң
Ажалдан мурун өлбөсүн.

Сүйгөнбай:

Жеңилдик болуп Кеңештен
Ашыктык жолу ачылды.
Баштагыдай ата-энең
Малга сатпайт башыңды.
Тагдырда нике буюрса
Таалайым сени алсам дейм.
Сандалып зарлап жүргөнчө
Талапка жетип кансам дейм.
Аста басып кыпыйып
Ак кептердей тыпыйып.
...Асылда ачуу үн барбы.
Алдымда тураар күн барбы?
Айкалышып бир жатып
Армандан чыгаар түн барбы?

Аткантаң:

...Тилимди соруп тим турбай,
Бетимден өөп бек жыттап.
Күйдүрөсүң моминтип
Белимден сыга кучактап.
Күйдүрдүң күлгүн жанымды

Күндө арбыттың зарымды.
Каналык дартым көбөйүп
Качырдың беттен канымды.
Санаа тартып саргарып
Сагынам сүйгөн жарымды.
Сагынганым мындан бил
Таштадым намыс арымды.

Сүйгөнбай:

Кеңчилик келди Кеңештен
Келбеттүү боюң теңешсең.
Кел, кетелик Аткантаң
Балан-бастан дебестен.
...Башыбыз жаш максатка
Биз жетелик Аткантаң!
Кол кармашып, баш кошуп
Бирге өтөлүк Аткантаң.
...Аткантаң, Сүйгөн кошулуп
Өкмөткө барышты.
Сүйгөндү өзүм сүйдүм деп
Нике кагаз алышты.
Энеси калды эндиреп
Атасы калды алдырап.
Какайган какбаш Кербенбай
Кантип барат мал сурап.
Калыңсыз качып кетишти,
Максатына жетишти.
Билимдүү жанды мындан бил
Биригип өмүр өтүштү.
Аткантаң, Сүйгөн кошулду
Аракет кылып озунду.
Азамат жигит, эстүү кыз,
Ар кимиң тапкын досуңду!
Атаңа калың жедирбе
Андай мындай дедирбе
Мал жебесе таш жесин
Байлатпа башың кесирге!

– Анык ашыктарга насыят болуптур! – Турсун билгизбей жылып толкундуу күйөөсүнүн колтугуна бөжөйө, колунан дептерин жылдырып, акыркы эки сабын эргий шыңгытты:

Аткантаң, Сүйгөн кошулду
Аракет кылып озунду.
Азамат жигит, эстүү кыз
Ар кимиң тапкын досуңду!
Атаңа калың жедирбе
Андай мындай дедирбе
Мал жебесе таш жесин.
Байлатпа башың кесирге!

Бах! Сөз эмес бекен. Карайлаган канча жаштын көзүн ачат. Молдо дос, мен азыр үйдү иреттей салып, айылдагыларга кабарлатам. Бүт, тез чогулсун! Угушсун, таркатышсын! Эртең кечке көчүрөлү. Айыл, айылга окуталы, жаялы! Мунуңуз жаштардын оозунан түшпөй ырдалат. Аларга азат сүйүү не экенин үйрөтөт, чакырат. Айтканыңыз калетсиз. Аткантаң менен Сүйгөнбайлар көбөйөт. Тобо-о, сиздей таза булакка дуушарланткан тагдырга ыраазымын.

Байымбет жарынын маңдайынан жыттады.

– Мен дагы.

* * *

Асманда жылдыздар уяң жымыңдап, тээ аркайган бийик аскарлардагы эрибес муз чокулардан түндүн салкын сыдырымы колот-жыбыттардагы гүлдүү, бүрдүү жашаң шиберлерди сеңселте желпип, жылуу коюндарын сергитүүдө.

Берки урчукта таштай шоңшойгон Чоюбек айылдын үстүнөн акыйгандан акыйып отуруп... болжошкон маалда караңгы жамынган түн каракчыларынын жогортодон ышкырыгы чыкканда карбаластай далпактап тебетейин булгалады. Ымырттыкта аны ким көрмөк, балким карааны чалдыгаар. Жок. Ба-а деп баратып оозун думбалай басты. Во-ф, каргыш тийгирдики. А-а, анталаңдап эми эскербедиби. Алиги айылга түшүргөн амалдуу жалчы түгөтү аркылуу, басмачыларга күчүкчө үрдүрүп, же

карышкырча улутуп белги бердирмек. Ал шүмшүгү дайынсыз. Неге байланды. Кантет. Басмачылар жапайы азыткылардай, кудум сүтак чымчыктай, башка уккандарга да шек билгизбей жогорку тоо кырынан чукулдап ышкырышты.

Чоюбек алактап, заманасы куурулду. Басмачылар менен ойноого жарабайт. Анын баштагы кези барбы. Алка жакалап акмагын чыгарыштары мүмкүн. Өзүнүн суроосу, жалдоосу боюнча канчадан бери, күндө мындалап ушул Ор-Казганды түн каракчысы менен кошо шимшип жүрүшкөн эмелердин жинине тийсе куруду. Айлаң түгөнсө эмнелерди гана жасабайсың. Манап алаканын ууртуна калкалай, жүндүү эриндерин түйрүлтө, өңгөчүн тарта карышкыр улушту салды.

Каракчылар улам саамыктай, дабыштарын өчүрүп, биринин соңунан бири төмөндөй кыйгай жай бастырып Чоюбек «карышкырдын» жанына ийрилишти. Аттарын урчуктун далдасына куюшкандаштыра байлашып, астындагы айылга сугулушту.

От бир гана ортоңку боз үйдө балбылдоодо. Бака-шака да ошондо. Тегеретесинде караандар. Сыягы туурдуктарын түргөн. Ачык керегеден, үйдүн тегерек капшыттарын ичтеги очоктун жалыны жаркытууда. Тоголок Молдонун өргөөчөсү. Казалыбы, дастаныбы, угуп отурган томорлор.

Каракчылар ошол үйдү далдап, элдин тарашын, уйкуга киришин аңдууда. Ээлеринен башка эки атчан куралсыз меймандын гана барлыгын, кыябы ушул гана түндөн калтырбасын күн жарыгынан бери абайлаган Чоюбек шериктерине бышыктоодо.

Түн ортосунан оогондо араң эл топурап тарады. Ар ким үй-үйүнө житти. Өргөөчөдө жалындаган жарык үлпүлдөп, түшүрүлгөн туурдуктан далдаланды. Жүлүндөй жалын далайга өчпөй, өйдөтөн далдоолонуп сугулгандардын көздөрү кызарып, тиштери кычырап ысык канга матууга ыктыткан бөрүлөрдөй, чабуулга дүрбөгөн каракчылардын чыдамын ошол созолонгон билик кетирүүдө, кетенчиктетип жалтантууда. Ана, ал үлпүлдөк да өчтү. Аңгыча төмөнтөн борсулдаган доошту угуп, Чоюбек жапырылды.

– Менин күчүгүм, тирүү экен. Келгиле деп кабарлап үрүп жатат. Зарыгып чарчап да бүттүк. Таң кылаярга чукулдады. Тездегиле эми, баатырларым.

Басмачынын тобунун мылтык асынып, кылыч байланган олбурлуу паңсаты кыйыла ынгыранды:

– Отун, чырагын өчүрбөй тараткан соң да, элден бөтөнчө уктабаганына караганда Тоголок Молдо соо киши эмес. Ырчынын колдогону бар дейт. Ан үстүнө адатта «ырчы ыйык» да эсептелет. Айдакты тыйып айнығым келип турат.

Чоюбек жаны чыга жайпактады.

– Во-ф, Антпе баатырым. Улутка, мусулманчылыкка чыккынчылык кылып, Кеңешти жактаган эменин колдогонунан коркпой эле кой. Ыр эмес, Ор-Казгандын алтын казынасын казып отурса да уйкуга кирди. Журт, дин мусулман намысын коргогоп баатырларым, алгырларым ыкчамдагыла. Элди аясаңар эрди катын эки ажаандан, куржундардагы ажыдаар тилдүү кол китептеринен куткаргыла!

Паңсат күмүш чакчасын алаканына силке насыбай атып, маалкатты.

– А бизди ким аяйт! Сен деле жарытпадың го?!

Чоюбек алаканын жая, алдына далп серпилди.

– Астыңа алкынган дулдул мингиздим. Бардаңке, кылычымды бердим. Ал аздык кылса дагынкысы дагы... Паңсат башын чайкады.

– Тоголок Молдонун куну кымбат Чоюбек болуш.

Чоюбек коюнунан торсойгон баштыкты шарк суурду.

– Билгем минтериңди, баатырым. Мына, тулуп толтура уютулган жамбы, алтын күмүш теңге! Атка минээр ойсокесин калтырбагыла. Экөөнүн тең оозун бууп, көзүн таңып зоокадагы кошунуңарга жеткизсеңер. Мен ушерден акмалайын, көзүмө көргөзбөй, кыйгай сызгыла. Сазайын корбашы өзү тарттырат. Зоодон учуруп өлтүрөбү, дарыя, көлгө чөмүтөбү, же кол ырчысына, кошун эрмегине айлантабы эрк өзүндө. Балким, Ооганстан, Иранга сатабы. Иши кылып балчайбектерден көзүн алыстатаары, тазалаары бышык. Жүгүн чачып, куржундардагы, аяк каптардагы, жабык баштардагы китептерин калтыра көрбөгүлө. Кана, алгырларым, кандай тырпырата мыкчып, кантип сызаар экенсиңер саксактап отурайын. Моокумду кандырайын. Тигине, эрбеңдеген караан, менин тыңчы күчүгүм.

Жолдон учкаштыра баргыла. Ал ырын угуп, толук дайнын билди. Ата бабанын арбагы колдосун шерлерим! Баатырдын жүрөгүн берсин! Балбандын билегин берсин! Алгырдын текөөрүн берсин! Оомийин!

Чоюбек алар менен кошо аттанып сүрдүгүшө айылга чукул жыбытка жеткенде тизгинин тартты. Дал ушу секиден жылдыз шооласында карааанды даана ажыратып көрүп турууга мүмкүн. Талоончулукка кандим басмачылар чачырай бөлүнө бастырышты. Айыл иттери доңшуп абалашты.

Паңсат камчысын шуу серпкенде шылуун каракчылар убакытты создуктурбады. Туш туштан чымын-куюн, аттарын атырылтып заматта Тоголок Молдонун үйүн тегеректеп шапа-шуп түшкөнү түшүп, саксактаганы атчан курчап, колуна тийгизээр курмандыкты ыкыстан күтүүдө.

Канчалык ыкчам жетишсе да үйдөгүлөр да ойгонушту. Коңшу үйлөрдөн арбаңдаган караандар, кыйкырыктар:

– О, тургула-а!

– Каракчылар Молдокеникин талоодо.

– Чуркагыла жардамга!!!

Аларды четинен томолото, ат менен омуроолото, көмөлөнтө Тоголок Молдонукуна киргизбөөгө жолун тоскон каракчылар, аларга союл согуп, карса-күрс качырышкан айылдыктар. Каршыккан баскынчылар негизги максатын орундатууга үлгүргөндөй сезилди ыкыстап сугулган Чоюбекке. Ал четте далпылдап колтугун көтөрө, тунарык үлүң-бүлүңдөн көзүн чакчайта үрөп... арбаң-тарбаң кыймыл, айкырык, онтоо, күпө-күп тепки, карч-курч бакан, союл дабыштарына кулагын түрө кыпылдоодо.

– Атырылган жолборсторум, үйүн үч көтөрүүдө. Аял-буялга келтирбей уйпалашпай, туткакташып калышты. Салпак кедейлер чаңырып, аңырып үй-үйдөн бакан, союл көтөрүп чабышка дүрдүгүштү. Карсылдаш башталды. Бир-рок, шайдоот эрлерим, аларды Тоголок Молдонун үйүнө киргизбей, кан какшатууда. Ок атылбады. Кылыч шилтебеди. Тирүү тил кармоолору парз. Ана сырттан жөөлөш, ичтен тытыш, шүмшүктүн алачыгы качырап кыйрап жыгылды. Тыбыратып көтөрүн чыгып, бирөөнүбү, экөөнүбү өңөрүшүп коштой, үчөө сызды. Жараткан

колдо! Өчүмдү алдым! О кажынган кырчаңгы ооз ит, ушинтип улактай көкбөрү тартылып, жаназаң окулбай арам өлмөксүң. Калпа, Касымбектин ант арбагынан кутулдум! Өз өчүмдү алдым. Табам мындай канбаспы. Кокуй айкырык! Тытмакташкан караандар арбыды! Алгырларым, дагы бирдемелерди артынып сызгырылышты. Не... Айкырык. Балээ бас. Мууздап качыштыбы. Берендер жапырт тапырап узашты. Союл, казык, таш зуулдата ыргыткан томорлор калды жер сүзүп, кан жутуп. Кой жоголоюн, көрбөгөн, билбеген жанмын. Во-ф! Каргыш тийген томорлор иттей улуп, сыйынган кырчаңгы ооз акыныңардын сөөгүнө топурак салбай жер сыйпап кала бергиле. Чала, аларга, дагы шашпагыла, арбак ургурлар-р!

Чоюбек асманга самсып, жерден түрүлө баштаган түн каракчысын жамынган бойдон, али караңгы түнөгөн жылганы түптөй, бейкүнөө жандарды чагып жыйрылган жыландай кууш жылганы сойлой маңды.

* * *

Жарыгын себе таң кылайды. Кечээ эле этектей, калпактай көк жашыл жалбырактарын жайкалта, солкулдак өзөктөрүн күржүйтө ичине кирген мал, адамды көргөзбөй чытырман токойдой дүңгүрөгөн аткулактуу Ор-Казган конушу тытмаланганы укмуш. Сөңгөктөрү мулуюп сынып, омкорулуп, гүлдүү табактай сеңселген жалбырактар тытылып, солуп, бүрүшүп кебетеси кеткен. Жоо чапкан журттай деп эзелтен эл бекеринен айтыптырбы.

Сабыры суз бирин серин эркек, үтүрөйгөн балдар, өлүк-наалаттан копшоп бой-боздой каргап шилеген катындар.

Тополоңу түшүп, уук, керегелери кыйрап, үзүк-туурдуктары, жууркан төшөктөрү ар кайда булайып чачылган журтун аңтарып теңтерип күйпөйгөн эски досу тегирменчи Тезекбай экөөнө даабай окчундай тегерене, сынган, капшырылган идиш-аяктарын көрүп сай-сөөктөрү сыздаган коңшулар.

– Баласынын боорун жеген кесепеттер, кантип гана ушу кишиникине жүрөктөрү даады.

– Жакшылык көрбөй, таш жамынган басмачылар таштай катып калсын!

– Кокуй, адамдын асылы акынга кастарын тиккен шумшуктөр оңбосун!

Байымбет буюмдарын чачып, карашала чарчап, азыноолак китептерин коомай кармалап, күлү сапырылган очогуна үңүлө жанындагы Тезекбайга телмирди.

– Өмүр бою тирмейип жыйган мүлкүмү да тоношкон тура. О, Турсунум... О, мүлктөрүм! Силерден ажыраганча, башым кесилип канкорлордун канжыгасына неге байланбадым?! Тезекбай, Ныяз экөөң мени кандайынча суура качып, аткулак арасына жапшырдыңар. Бекер...

Түндө «Аткантаң менен Сүйгөнбайды» андан соң башкаларын, азыркы жылдыздары жерге түшүп кейиште тегеректешкен айылдаштарына окуп, алардын моокумун таркатып кеч жатышкан менен уктай элегинде иттер улуп, көп атчандар тапырата берилей каптаганда... Шапа шуп кийинише, каракчылар менен эшик сүзүшүп калышты. Алардын үйүнө Нарындык казак Абдыназар, Тезекбай да түнөгөн. Басмачылардын түрпүн байкап, айылды ойгото, ачайкырыкты Тезекбай айкайлаган.

– Карма!

– Байла, баарын! – деп паңсат бакырды. Үйдөгүлөр колундагы кычкач, чычала, бакан менен тап берген каракчыларды туш келди чаап туткакташты. Чаң тополоң кармаш. Сырттагы атчандардын үйдү омуроолотушу, кыйрата жыгышы, ачыкка чыгарды. Караңгыда кимди ким көрсүн. Айылдагылар дарбып, самсып жетүүдө. Турсундун чаңырыгы түрткүлөшүнө карабай уйпалап, оозун таңып көтөрүп кеткендей болушту.

Байымбетти да тиздеп ала качууга камынган экөөнү Тезекбай очоктогу тулганы арбайта серпип сендиректете кулатты да, акынды сүйрөп чуркады. Аңгыча айылдан олбурлуу Ныяз жетти. Экөөлөп колу байланып, көзү таңылган акынды калың аткулакка житиришти. Кайрылып жетип, карса-курс кармашка кошулушту.

Аянбай салгылашкан Абдыназарды тоноп, былчылдата сабашып, алиги оңкологон экөөнү басмачылар суура качып,

атка мингизгенге үлгүрүштү. Беркилер саксактап Байымбетти сойлоткон жакка басмачыларды жолотпой, бакандарды короктото торгошту. Акындын жүгүн чачып, үйүн тинтиген шүмшүктөрдүн эмнелерди ала качкандарын байкас да алышпады.

Бүт айылдын чуусу басмачылардын шаштысын кетирди. Үрөң-бараң жылчыктана баштаганда каракчылар токмок жегендерин улам алдына сала жөнөтө, кылычын, жалаңдата мылтыгын кезей куралсыз элди жапырган коргоочулары артынан тапырандатышты. Кийимдери тытылып, бети жарылган Тезекбай, Ныяздар канкорлордон эптеп Тоголок Молдону сууруп, каткан аткулак арасынан, колун, көзүн, оозун чечишти.

Байымбет түндөкү жоболоңдун жапасынан айрылгандарын жоктоду.

– Турсунум, эки куржун китебим, мүлкүм кайда-а? Оңбо Жалий, Чоюке!

Тезекбай делдейди.

– Кудайкары, болжолу басмачыларды тукурган ошолорбу?

Байымбет ызырынды.

– Арсыз арамдар! Тайыган дөөлөтүнүн кегин менден алышабы?

Тезекбай чебеленди.

– Эми арга не болот. Дале акылды тапчу өзүң. Байымбет канчалык кайраттанайын десе да ызалык өрөпкүтүүдө.

– Ненин акылы. Курткага, андан ары Нарынга жеткизүүгө куш тилиндей кат жазып, Ныязга табыштадым. Ал чабаганчы жөнөткөнү кетпедиби. Керегим болсо издеп келишип, кегимди кууп, жулдурганымды кайтартып колума тийгизишээр. Керегим жок болсо каңгырап...

Тезекбай чындап териге малакайын чокоюна тарс урду.

– Койсоңчу! Сени колдобогон Кеңеш, балчабек кимди колдомокчу!?

Айтса айтпаса төгүнбү. Карапайым тегирменчинин кашкайта чындыкты олуп опурулганы алдастаган акынды чыйралтты.

– Мен да ошондой ойдомун. Үмүт үзбөй, баш калкалап туралычы. Азыр деним өлүп дендароомун... – Байымбет көчүк басып сакалын ушалай күңгүрөндү.

Жакшылыкка жамандык

Жанаша жүрчү немеби?
Кубанычка өкүнүч
Талаша жүрчү немеби?

Тезекбайым, «болоору болду, боёсу канды». Тигилерге айтчы, мобу чачылгандарды жыйнашсын. Мен боорго барып күн чубактап отурайынчы. Аялдап артыман келээрсиң. – Тоголок Молдо илкий басып айылдын четиндеги жайпак боордун тулаңына жеткенде жамбаштай кыңкайды. «Аткантаң менен Сүйгөнбай» жазылган дептерин капчыгынан сууруп, анын соңку актай бетине калемин жанытты.

Тезекбай чачылган үй-оокатын жыйнаштыра салып жанына эпейгенде акын жазганын окуду:

Турсунумдан айрылып
Туруп калдым жалдырап.
Журтта калган күчүктөй
Улуп калдым каңгырап.
Мүйүзүмдөн айрылып
Токол болдум жалпайып.
Куйругумдан айрылып...
Сопол болдум шалпайып...

Тезекбай муңдуу ырга муун-жүүнү бошоп, чанагына ысык толкун серпилип, артына имерилди. «Кайран киш-ши... Боздогонунча бар. Турсуну аялдын асылы эле. «Журтта калган күчүктөй, улуп калдым каңгырап» дегенин кара. Болжолу... Өзү кудум журтта калган күчүктөй улуп, ыза-кордугун айкындай кошуп ийбедиби. Тапкан сөздөрүн кара. Жүлүндү куйкалайт. Мүлкүмдөн ажырадым дегени китептери го. Башы аман турса, кайра кагазга түшүрүп алаар. Турсунунан айрылганы кыйын». Жашын шыпырып досуна кайрылды. Аны жооткотуу үчүн үн салды:

– Талоончуларга тарттырган китептериң болжолу мүлккө жатабы? Кудайкары түркөй досуңа чечмелеп түшүндүрчү.

Өзү айткандай, түркөй досу жаралуу жерин апчыгандай акын эринин тиштене үшкүрүгүн аттырды.

– Китеп! Өзүң чыгарган китептер малдан да, дүнүйөдөн да, акчадан да, алтын күмүш зардан да кымбат. Чыгармаларым, асарларым, ыр, казал, дастандарым – менин жаным, канатым

эмес беле! Алтымыштан ашканча ийнелеп кудук казгандай сөздү чегээлеп жыйнаган эки куржун толо гүлазык кенчим эмес беле! Күчүм, кубатым, перзентим эмес беле!

Акындын көзүнүн кычыгына жаш кылгырта ачуу, аянычтуу барылдаган арманы тегирменчини делдиретти.

– Каран күн ай... Китептин болжолу баарыдан жогору баркын билбеген кудайкары түнтөй жаным кайдан эсиңе сала койдум. Мен куруюн.

– Сен казалды, дастанды, тамсилди эңсеген кардарларга жеткирчү эмес белең. Өзүң суранып момурап укчу элең го.

– Казалыңдан айланайын. Бүтүндөй башыңда жат, көкүрөгүңдө кат деп жүрбөйүмбү. Болжолу, ырас эле күчүң, жаның...

Байымбет боорукер досун кечке эле кейишке батырыштан, өзүн муңкүрөтүштөн пайда чыкпасын ойлоду. Эриш аркак кайратка чакырууга, тарттырганынан үмүт үзбөөгө, каракчылар өрттөп житирбестен окумал бирөөлөрдүн колдоруна табыштап, эрмектерин, бара-бара эл арасына жетээрин боолголоп тегирменчиге багыштап, чөнтөк дептерине «Суроо сал» деген кайрылууну чүргөп бүткөнчө жанынан оолактабай сыйкырдуу жаңы чыгарманын жаралышына күбө боло аңкоо, таңыркоо зээринде бөйпөйгөн тегирменчиге шаңдуу муңайым кырааттатты:

Байымбетти Тезекбай
Башынан бери билесиң
Достук кылып угуп тур
Айтайын сөздүн жүйөөсүн
...Кымбатым талап басмачы,
Эс оодарып торгоду.
Илгертен бери жазылган
Эки куржун болжолу.
Китебимден ажырап
Эңсесем келбейт ойдогу.
Эрмек кылып жүрүүгө
Өзүмдө нуска болбоду.
Суроо сал досум Тезекбай
Тегирмен салган элдерден.
Кыя өтпөсүн көргөндө

Кучак-кучак дептерден.
...Сүйүнчүсүн мол берем
Союп жечү кой берем
Таап келсең Тезекбай
Как өзүңө тай берем!

Тезекбай баржактады.

– Суроо салам! Кудайкары басмачы, ууру-кески иттер өрттөп иймек беле. Бирөөлөргө окутканга беришээр. Же кыйбат колкого тартуулаар. Суроо салам! Буюрса, сүйүнчүңдү алам!

Бака-шака үндөр, жерди дүңгүрөткөн дабыштар жакындоодо. Экөө бой тиреше обдула элейишти.

– Бу кайдагылар? Карачы?

Тезекбай моюнун созуп, көзүн бардай жобурады.

– Атчан, өгүзчөн, төөчөн, учкашкан, чиркешкен... Союл, айры, кетмен күрөк, чалгы, шыйрактуу мылтык өңөргөндөрү бар. А... а... Кудайкарылар айыл, айылдардан куралган, азаттыкка чыккан дыйкан жигиттер.

Байымбет таңыркады.

– Ия, эмнеге мынча жер союлта дүрбөшкөн.

Тезекбай алдыга кадамын чоё кыйкырды.

– О, кудайкары кара таман кедейлер, жол болсун, силерге!

Алар дүбүрөшө түпөтүз экөөнү каптай бурулушту.

– Байымбет акындын үйүн басмачылар чааптыр, чынбы?!

– Тезекбай ага, ачыгын айт жашырбай.

Байымбет озуна өзү жооп кайтарбаспы.

– Чын айланайындарым. Өзүмдү мобу тегирменчи Тезекбай кантип куткарганын билбейм. Турсун жеңеңерди, китептеримди карактатып ийдим.

Мингендери чобур ат, чогоол өгүз, мурду жырык атан, кийгендери жамачылуу, жыртык болгон менен ыйманы ысык азаматтар биринен сала бири сөз атылта күүлдөштү.

– Сизди журтка калтырбайбыз.

– Буйругуңузду угалы. Кайда, кимдерден өчүңүздү алабыз?

– Кезметтешин кароолго турабыз.

Кекенген каракчылар кайра шимшибесин. Жаки болбосо, көчүрүп кетебиз кыштакка!

«Жакшы кеп жанды эритет». Акын демдене кол жаңсады.

– Түшкүлө. Ыраазымын эл журт. Урабас тоодой бел байлатып таштабадыңарбы. Азыр мен... Мына жанымда карманып тутунган дептерим калыптыр. Дал өзүңөргө багытталган «Аткантаң менен Сүйгөнбай». Тезекбайыма кайрылган эки казалым... окуп берейин. Анан калганын жай кеңешебиз.

Эл дүрдүгүп унааларынан түшө башташты.

– Баракелде, Молдоке, бардашыңа.

– Эл кишилигиңиз ушу. Башына оорчулук түшсө да биздин көңүлдү жубатайын дейсиз.

Келген көпчүлүк унааларын байлаштыра опурап-топурап акынга жарданышты.

Байымбет алардын ортосуна курчалды.

– Карааныңардан кагылайын куттуу журт! Ачык асман жамынып, таза абага көк шиберге отуралы. Тезекбайым, менин элиме керегим бар экен!

* * *

Байымбеттин өргөөсү кайта тигилген. Буюм-терими жыйналган. Дептерине калем учун сүрткүлөп жалгыз отурган акын топураган дабыш, тааныш дооштордон улам эшик утурлай басат. Шоодой үчөө киришет. Олбурлуу Кашгары берки экөөнү: Абдыкалык менен Жалийди артка сүрө далдалай алдыга антаңдап Байымбетке кулачын жайбаспы.

Каржалган Байымбет дарексиз житкен шакиртин кучагынан коё бербей, беркилерди байкоос да албады.

– Карагым, ушунча да зарыктырасыңбы! Акыры минтип кайрылып көрүндүң. Жооптун зарылдыгы жок.

Кашгары сагынычы таркабай, кең пейил устатын ушундай көзүнөн кара учкан учурунда тапканына кубана да, муңая да алчыланды:

– Молдоке, мындай жапа башыңызга түшөөрү ылайым ойдо жок эле.

Жакын адам жапасын эскерткенде акын эреркей мууну бошой түштү.

– Кашгарым, мени неге таштай качтың? Жеңенди каракчылар карактап кетпедиби. Карыганда сокоюп кара башым калды.

Кашгары, устасын жооткотуунун ылайыгын таппай өз абалынан долдурады.

– Сүйгөндү ала качып, алигинде дароо Нарынга баргам. Анан Курткага келгенбиз. Молдокем күнөөбүздү кечпей калды – деп Сүйгөн экөөбүз дал ушуга чейин уялабыз.

Акын шакиртин мүрүгө кага, тык токтоп, талыган беркилерди эми көрө, аларга угуза кайраттуу сүйлөдү. – Кечкем күнөөңдү, кечкем карагым. Кашгары жеңилдене башын көтөрдү.

– Төө жетелеп, көчүрүүгө камынып келдим. Байтымбет «аюу» иниңиз кошо барам деп жулунганынан болбой, үйүңдө күтүн деп калтырдым. Турдалы уулуңуз жолуңузду тосуп «атам келет» деп сүйүнгөнүн айтпа. Элиңиз тынчыган. Калпа залимден кутулган. Сизди токтоосуз көчүрүп келүүгө мага, мобу тиркич моюнуңузга тапшырышты.

Байымбет ызат сактап даабай ортодо чекирейген Абдыкалыкка берилей басты. Ага да кайгысын эскерте жүлүнүн дирилдетпеспи.

– Тиркич моюнум... Өзүң көрүп билген эки куржун көзү китептеримди да жулдурбадымбы.

Абдыкалык катарындагы чоочун адам Жалийдин турганын туйгуза кабелтең чыкчырылды.

– Уктум, Молдоке, уктук түгөл. «Кедейлерге насыятыңызды» Ташкенттеги Эшеналы Арабай уулуна табыштаттым. Ал Кеңештин жаңы басма жетекчилерине кайрылып, өзүнчө китеп кылып чыгартууга, бүт жамыят оң, солго жеткирүүгө далалаттанам – дептир. Буга сүйүнүңүз.

Анын сөзүн муунай Жалий жапырыла жүткүндү:

– Ал эми тоо жамынган каракчылардын толорсугун кыркууга, буердеги ээн эсирген камандардын азуусун чагууга доботряд Нарындан аттанып чыккан. Алар сиздин өчтү...

Жалий жагына, жакшы кабар билгизүүгө далбастаса да акын кыртышы сүйбөй Абдыкалыкка бурулду:

– Тиркич моюнум, сен кабардарсыңбы, ким алар? Абдыкалык шапылдады.

– Куралдуу ыктыярдуу кызыл аскерлердин тобу. Алардын башчыларынын бири сизди урматтаган жазма акын Ысак Шайбек уулу да бар. Билесиз, Кытайдагы качкындардын тилемчиге айланганын «Кайран эл» деп муңдуу дастан жазып таркаткан Ысак.

Байымбет, шагы сына томсоргон Жалийди эми жанагыдан катуу сурдана беттеди.

– «Ээн жердин камандарын» Жалий мырза көкүтүп, айланып, чыкпай парага туйтунуп жүрсө, «Кайран элди» какшаган азамат Ысагым экөөң кантип азуусун чагасыңар?

Жалий тишин кашкайта күлүмүш эте, көзүн кыбындатты.

– Байымбет ага, сизге жакшылыктан башка айыбым жок. Кашгарыңызга Чоюбек болуштун токолун көндүрүп, башын ачкан мен. Абдыкалыгыңыз менен шаардан дампайбыз. Жолду карата үчөөбүз дагы сизге багышталчу алдыдагы жакшылыктарды маектештик.

Байымбет тыгырчыгынан тарта, Жалийге тикийе дүрмөттүү мылтыктай сөз огун мелжеди.

– Кийинчерээк билдим го сенин кандайча «жакшылык» көрсөткөнүңдү.

Кашгары эки жактан куушурган жалындын ортосундагы суудай чайпалды.

– Жалий сизге шакирт болдум. Ошон үчүн Тогуз-Торого такай уезддин уполномечендигине дайындалып жүрөм дейт го?

Байымбет анча-мынча ымалага куду өзүндөй алданган шакиртине мыскылдуу жымыйды.

– Дал ошентип шыйпаңдай берип, керт башымдан бөлөгүмдү мүлжүп тоюнбадыбы.

Жалийге берилип да, берилбей да ушуга дейре чала моңол арасааттанган Абдыкалык устатынын жаалдуу качырганынан, тигинин кыйпычыктаганынан шектене мынча болду, кайраштырыш үчүн эмес биротоло ортолору ачылсын үчүн, амалдуу арамзанын сырын чубады.

– Молдоке, Жалий сизге арнап ыр чыгарыптыр.

Байымбет мостоюңку.

– Жалий мырзабы, кана эшителичи – деди.

Жалий дал үстүнөн кармалган уурудай көзүн жалжылдата төгүлүп кетчүдөй мөлтүлдөдү.

– Тамаша. Тамашаны түшүнөсүз го. Эл күлө жүрсүн деп.

Эми кайра тартпай Абдыкалык демиктирди.

– Өзүң айтпайсыңбы. Болбосо меи деле ырыңды жаттап койгом. Молдокем, өзү «тамаша» күйдүргү ырды көп жазган. Тартынбай окуган. Эмине... Башыңдагы эркектин тебетейиби, же.

Жалий безине тийип, омуроосу такалганда аргасыз Абдыкалыкты кекээрлей мылыйды.

– Ай, Абдыкалык чыккынчы белең. Саа курдашча сыр айтыш жарабайт турбайбы. Молдоке, орой, курч болсо кечиресиз, мындай бир ооз тамаша...

Байымбет Молдо акыным
Большевикке жакыным.
Жакын болом деп жүрүп
Басмачы алды катынын...

Далай жек көргөндөрүнө, душмандарына бетме бет айыгышка чыгып чыңалган акын Жалийдин акыры жүзү ачылганына, кастык дилин айкындаганына кучунасы кана, кимди ким кайыштыраарына көзү жете күрсүндү.

– Баракелде мырзам. Тамашаң мыкты экен. Табааң каныптыр. Эмесе менин да сага алдын ала белендеген шакабам бар. Дурустап ук. Шакирттерим силер да жаттап алгыла.

Кызыл тилим зарылдап
Кыйла сөздү безегин.
Аблаев залимдин
Келтирген экен кезегин...
Атсалоому алейкум
Акыйкатсыз Жалийсиң.
Залимдигиң барында
Карагым кантип жарыйсың.
...Ойлогон элем сени мен
Жаштарга жайлуу сара деп.
Жабыркап турган кезимде
Жайымды билчү бала деп.

Айтып жүрүп бу күндө
Билдим сенин напсиңди
Кулкунуңду чоңойтуп
Парадан Жалий аксыңбы?
Нарындан бүт көрбөдүм
Сен өңдөгөн аксымды.
...Сарбагыш молдо өз атаң
Моңолдордун манабы.
Абылайып Жалийсиң
Адамдан чыккан арамы.
Мактаган Жалий паччагар
Ойнодуң белем чаңдатып.
Сасык туман салыпсың
Адамдын баарын таңдантып.
Түлкү тумшук тайгансың
Түбүл, залим турбайбы.
Советтин соту мснмин деп
Пара жеп сотту булгайбы!
Сага ылайык эмес бул мансап
Ырдаса болот мындайды.
Манап менен кедейдин
Ортосун бөлүп ылгайлы.

Чокусунан кагылган, зым, мээсин, өпкө журөгүн, ичеги кардын көзөп, таманынан өтүп жсрге житирилгендей, карт акындын ызырынган келеке ыры Жалийдин ич, сырт тулку сун кансыратып, капшырып, өрттөп, өлбөгөн тирүү сүлдөрүн кумсартты. Акыры айласыз чымырканды. «Неге мынчалык дапдаарыйт. Өкмөттүн ишеними, мансабы колунда. Угулса жайланаары мүмкүн. Ылай түбүнөн өйдө аңтарып билгенин көр шум чалдын. Оңбосун сасыган Чоюбек. Чала чарпыганын көр иттин. Кекээрлеп, омуроолоп, опузалоодон, өйдөлөй жакасынан булкуудан бөлөк арга жок». Закымга акылын токтоткон сот айыптууга көрсөтчү каарын чакырды.

– Жашыңыз улуу болсоңуз да, кечирим сурап алдыма түшүңүз Байымбет Молдо! Бул маскаралаганыңызды мен көтөрө албайм. М-мен деген Кеңеш өкмөтүнүн жоопту кызматчысы, эл

сотумун. Өкмөт адамын кордоого, ушактоого, закон жол бербейт. Ооз айбыңызды тарта элегиңизде, сөзүңүздү кайра алыңыз.

Байымбет анын опузасынан жалтайламак түгүл, сурдана чакчарылды.

– Эк-кинчи көзүм көрбөсүн сага окшогон жыпжылма азытгы түлкүнү! Кеңештин сотун булгабай жогол ушунчаңда!

Кашгары шалдайыңкы, бирок Жалийге таарыныңкы акырайды.

– Көрсө-ө, сенин жол жоболоңуң караманча башка беле?!

Жалий Кашгарыны зекий.

– А-а, сен дагыбы? Жол жолоюм башкабы? Жакшылыкты унуткан оңбогур-р. Көрүшөбүз. – Шарт бурула жөнөдү.

Сырттан аттын туягынын тапырыктаган дүбүртү, Жалийдин оозун коё бере жүрүп кеткени билинди.

Үчөө шорпо ичимге ың-жыңсыздыкка төнүштү. Тынчтыкты белиндеги тапанча кабын черткилей Абдыкалык үркүттү.

– «Урушта туруш жок», токтоосуз көчолү. Жолго чыгалы Молдоке.

– Ошентели, Жалий коломтоңуздун күлүн сапырып жер чапчып калсын – деди Кашгары.

Байымбет бирөөнү күтпөй, бирөөлөргө кош-бештешпей кетемби дегендей кыйыла шакирттеринин алда неден кооптонгон чечкиндүү талаптарына моюн сунду.

– Мен силердин оболуңардамын балдарым. Абдыкалык сүйүнгөнүн далилдей тайраңдап бийлегенсий өтүгүнүн апкыттарын тапылдата уруштура бутун кайчылаштырды.

– Адегенде Курткага... Анан Нарынга... анан Пишпекке чогуу барабыз.

Байымбет күдүңдөдү.

– Эмне дейт, оозуңдан айланайын. Үмүтүмдү актайт окшойсуң. – Чөнтөгүнөн дептерин суурду. – Мына, колумда калганы. «Аткантаң менен Сүйгөнбай», «Суроо сал». Сен кеткени чүргөгөндөрүм. Жолго чыкканда окуурсуң. Тезекбайды чакырт, үйдү бүктөтө салгыла. – дептерин кайра чөнтөгүнө сойлотуп, Кашгары сыртка жаңдай, карбаластады. Бурулуп Абдыкалыкка момпойду.

– Тиркич моюнум, сен укчу. Пишкекке дейре апарам дейсиң. Кур кол кантебиз. Басмачыларга уурдатканымдын көбү эстен чыккан, көбү али көкүрөктө, элде, сенде, Кашгарыда, а түгүл мытайым Жалийде… Кайра жыйсам, кагазга түшүрсөм, өкмөт казынасына тапшырсам… Анан өлсөм арман жок.

Абдыкалык устасын жайкады.

– Биздин кызыл аскерлер басмачыларды талкалаганда балким, куржундагы китептер табылаар. Табылбаса айтканыңыздай көчүрмөлөрүн элден жыябыз, көкүрөктөгүлөрдү жазабыз. Куржунга сактабай китепке бастырып, элге таркатчу кез келбедиби.

Акын шакиртин чыканагынан алга сүйөдү.

– Оозуңдан айланайын, ошентээр күндү эңсөөчү элем.

Абдыкалык кетенчиктей асынма жол папкесинен сүрөт суурду.

– Молдоке, сизге ыроолоп атайын апкелген тартуум бар.

Тоголок Молдо Өктөбүр ыңкылабынын жеңишин Жардаган өкмөт өкүлүнөн мурда көргөн Лениндин кыяфатын узакка көз айырбай тиктей берди. О бир оокумда эрин бүлкүлдөтө божурады.

Бажырайган көйкашка
Көркөмдүү сыры бир башка.
Калк атасы кайран эр
Карадың бейм көз жашка.
Азаттыктын атасы
Эркиндиктин ээси!
Асман жердин тирөөсү
Тескей эмес Күн ээси!
Көргүлөчү калайык
Кеменгердин бир өзү!

Сүрөттү бапестей көтөрүп, Кашгарыны ээрчите ага коштошууга, үйүн чечип жөнөтүүгө катын-баласын ээрчите андан мындан догдогон кедейлерди алдынан тосо шаңдуу кадамын шилтеди.

– Өктөбүр төңкөрүшүн башкарып Кеңештин түркүгүн орноткон Лениндин атын угуп, ишине, кутуна сүйүнгөн мобу

каратаман кедейлер көбүң көрө элексиңер. Мына, жүзү жаркыган көйкашка кеменгер Лениндин дидаарын көргүлөчү, тааныгылачы. Менден силерге белек болсун. Тиркич моюнум атайын шаардан ала келиптир. Алкакка салып, кедейлер тобунун төрагасы Ныяздын төрүнө илгиле!

Калайык колдон-колго өткөрө сүймөнчүгүн арттыра сүрөткө үңүлүүдө. Арттараак келген олбурлуу Ныяз, үймөлөктөшкөн көпчүлүктөн артыла обдулуп, сүрөттү колуна бапестей өзү анан жабалактагандардын ар кимине сүймөнчүктүү токтолто каратты. Аны туурап бакиси сыймыктана үн катты:

– Ыленин!

– Иленин!

## КАЙРАТТАНУУ ЖАНА КАЙРАДАН ТАЛПЫНУУ

Жакын калды өлөөрүм
Жайылсын элге өнөрүм.
Байкап жүргөн Байымбет
Бул замандын келээрин.

Акындын бүт ой-санаасына, эркине ушул төрт сап бийлик жүргүзүүдө. Арийне, чындыкты көзү менен да, акылы менен да тааныган Байымбет өмүр ченемин топуктуу катуу болжоду. Алтымыштан өтүп, жетимишке карады. Опасыз турмуштун не сыноолорунан өтпөдү. Жаштыгы катмар тоолордун ар жагындагы көрүнбөс дүнүйөдөй кууралы, жыргалы менен алыстап далдоого сорулду. Өмүр бою уланган айыгыштан кайралып курчуп да, айрылып өксүп да каржалып чыккан күрөшчүл карыя акын «Эркиндикке кез болуп, эми жеттим тынымга» деп сүйүнсө да, магдырабады. Антүүгө акысы да, чолосу да жоктой.

Зарыкканда жеткен эркиндикти, жыргалды колдон качырам деген эселек дердеет, көшүлөт. Чыңайм, өнүктүрөм деген топуктуу эр утуру күчтөнүп күжүлдөйт, тажабай алга талпынат!

Байымбеттин сыйынганы, жол жобосу – эмгектенүү, өнөрүн элге жайылтуу. «Дөөлөтүңө ишенбе, мээнетиңе ишен». Кудайды көзүң менен көрө албасаң, акылың менен таасы. Анын кудайы

– чындык. Азаттык доордун теңчиликке, кеңчиликке баш бурдурганы чындык. Өзү кузгундун, же ташбаканын узак жашын эмес, адамдын келте өмүрүн жашаары чындык. Онтогон оору сыркоодон кагелес. Көңүлү сергек. Ошентсе да адам өмүрү, чак, кыска. Көбүн жашады. Ашып кетсе дагы жыйырма отуз жылдык көрөөр күн, ичээр суусу бардыр. Балким, андан эрте коштошоор. «Жаман айтпай жакшы жок». Ошондуктан, чамдоосу ойдогу, бойдогу күч-кубатты акыркы кыпынына дейре чагып, жарк эттире тутантып, болочокко, урпактарга калаарлык, өткөн тарых, бүгүнкү замана элесин, адамдардын асыл байлыгын мурастатып калтыруусу эп. Антүү кимдин болбосун адамдык парзы. Дыйкан тукумуна урунууга кетменин, чалгы орогун, таш маласын, кырманын, ороосун, малчы-жайытын, таягын, жүгөн, куюшкан, ноктосун, ээр токумун, зергер – кыпчуурун, балкасын, көөрүгүн, төшүсүн мурастап табыштайт.

Алтымыштан өткөнчө
Калемин курчуп тына элек.
Адабият жамгарып
Башка кесип кыла элек

– деген акындын урпактарга мурастары арбын эмеспи.

Өз кунун, өз баасын, өз жөндөмүн туура өлчөгөн, тагдырына таарынбай да, кубанбай да катаал карап, өз эркин башкара билген Байымбет калган өмүрүн ашырбай да, кемитпей, ишкер пайдаланууга белин бекем буугандыктан «Жакын калды өлөрүм жайылсын элге өнөрүм», «Байкап жүргөн Байымбет, бул замандын келээрин» деген жыйынтыкка келип отурат. Ал өлөөрүн самап өмөчөктөгөн үмүтсүздүктөн алыс, жыйырма-отуз жылга созулчу өмүр саптарын алдын ала болжоп чыйралуу, камынуу дарамети.

Бул өмүр шертин жаземдебей аткарууга акын сагынган элине жеткен соң өзгөчө чыңалды. Эли журту баштагыдай манап, байларга көз карандылана кыңырылып – кысталбай, жашырынбай жапырт жадырай той түшүрө тосушпаспы.

Курткалыктар Абдыкалык аркылуу көчүрмөлөнүп тараган «Кедейлерге насыят» жоро бозодо, жалпы кедей тобунун жыйынында, көчтө, мал короолорунда, үй-үйлөрдө оозмо-ооз ырдашып,

өз уулу Байымбетти сыйлоонун ыйык даражасына айланткан маалда күтүүдө.

Кара-Көө даванын ашып өргүгөн түнү Абдыкалык астыртан Курткага киши чаптырган. «Кедейлерге насыятты» жазган соң мурункудан дагы баркы көтөрүлгөн, алачакмактап бириндеген кас душмандары өчүгүп, калдайган калкы кубанган Тоголок Молдо акынды эртең түш менен Айгыржалдын учунан тоскула» деген катты чабаганчынын тебетейинин кайырмасына кыпчыта каттырган.

Эртеси Байымбетти көчүргөндөр таң азандан аттанышты. Коргон, Көк-Жар, Ак-Кыя өрөөндөрүн артып, Кара-Сууну кайпып Күйрөк талаасына түшкөндө Нарын дарыясынын күңгөй кылаасындагы дүңгүрөгөн токойду далдаалаган кудум айгырдын жалы сыяктана күдүрөйгөн адырдын күн батыш учунда жабалактаган караандар көчкөндөрдүн көз жоосун алды.

Жолду катары жайкалып жашыл жамынган өрөөн, боз чаптар, жолдогу буйгут колоттордогу жергуйлар, чымчык көз булактар, башы карыш сеңселген камыштар, эски тааныштай көзүнө жылуу учурап, ушуларда өткөн качанкы балалыгы эсине түшүп, чери козуган Байымбет Айгыр-Жалдын учунан удургуй түшкөн атчандарга таңыркады.

– Булар эмне? Кимдер?

Ойлогонунан ашыра камынгандарга ичинен кымылдай Абдыкалык алардан бейкапар акынга сербейген суюк мурутун жанымыш эте, чекир көзүн ойноктото чыйрыттады.

– Бүгүн той болмок, Молдоке. Улак тартып, эр эңиш, балбан күрөшкө чогулгандар.

Байымбет чындап ишенди. Чоңураак аш, тойдо Куртканын наркы өйүзүндөгү чоролор, берки бүйүзүндөгү ымандар ушу Айгыр Жалга чогулушуп улуттук оюн, таң-тамаша курушчу. Акындар жар айтышчу. Бабасы Музоокени ээрчип тай, кунанга топоё минип, далай той, аш үлпөтүнө катышкан. Тек оюн наркы Курткага чукул, жайык бетте өтчү эле. Быяктан салт айдалган күлүктөр жөнөтүлчү. Сыягы кара таман кедейлер, орун которушкан го.

Байымбет кыялын жыйнаганча, андай мындай дегенче, ачып көздү жумганча алиги тумшукта чокмороктоп удургуган-

дар чу кое, аларды карай жамырай атылышты. Жанындагы Абдыкалык үзөңгүсүн чирене тебе өйдө серпиле, камчысын булгалай биринен-бири өтө кошоктошо, жулкуна чапкылагандарга айкайлай:

– Болгула, эле болгула! Келатат, эле келатат! Мына, эле мына! – деп устасынын чылбырынан жетелей сүрөп тапыратып жөнөбөспү.

Байымбет окуянын жайын эми араң түкшүмөлдөдү. Кан тамырлары толкуй тээп, түшүнө кирбеген салтанат шаңдан опкоолжуй, тизгинин күчтөп тартып, коштоодо ээленген жоргосунун шайбырын басаңдаты. Абдыкалыктын колунан чылбырын жулкуп, анын да аргымагынын ооздугун силкти.

– Аялдап бастыралы. Тиркич моюн, бул бизге жарашпас жорук эмеспи.

Абдыкалык ээрге кадалган шыңга боюн ыргай кытылдады.

– Жарашат, Молдоке. Мен шыбыш бердим эле кечиресиз.

Аңгыча, жерге тийгизбей башы кесилип, шыйрактары мууналган ак серкени колмо-кол чирене тартышкан, булчуңдарын балкылдата жеңдерин карууларына дейре түргөн, жылаң баш балбан азаматтар балбан күлүк аттарды атырылткан бойдон Байымбет менен Абдыкалыкты астынан торгой, буудандарын ойноктото токтотушту.

Алыс сапардан кайткан зор манаптарды, же даражасы жогору меймандарды ушинтип көк бөрү тартып тосуу кыргыздарда салттагы нерсе. Байымбет бул элден төрөнү, Шабданды, Калпаны ушинтип тосконду көргөн.

Арттан дабырттаган атчандардын калдайган тобу:

– Кеңеш! Кеңеш!

– Кедей! Кедей! – деп ураан чакыра капташты.

Кунан үстүндөгү колуна кыргый кондуруп торсойгон тестиерди алдыга өткөрүп, сакалдуулар аттарынын тизгиндерин жолдон бура тартышып, түбүнөн булак сызылган мажүрүм талдын жанындагы көк шиберге түшүштү.

Кунанчан тестиер колун созо кушун, боюн созо өзүн талпынта:

– Ата-а. Атаке! – деп Байымбетке эңилди.

Жотолуу коржойгон Абдыкалык кушту өз колуна кондуруп баланы көтөрүп Тоголок Молдого өңөрттү.

– Өзүңүзгө энчилеген уулуңуз. Турдалыңыз. Куш менен тосуп чыгыптыр азамат.

Улгайган акындын боконосу болкулдай, баланы имере кучактап бети-башынан жыттап, маңдайынан сылады.

– Турдалым. Жигит болгон турбайсыңбы. Добуш салчы кагылайыным.

– Ата! Атаке, күүлүү демдүүсүзбү.

– Атакелегениңден. Ме-н, м-е-н... – Мукактанып, аны оболуна кое, бирок, жай түшүрүп учурашууга ызат сактай, булак кашында күткөндөрдөн айбыга «Мен бар турбайымбы» дегенди ичинен күрмөп, Турдалынын тоголок, нурлуу жүзүн, бажырайган күлмүң көзүн, кырдач мурун, жука эринин, дөң маңдайын – куду өзүнө окшоштугун баамдады. Өзүн өз балалыгы, куш кондуруп, кунан чаап, картайганда астынан тосту ээ. Тек, азыркы Турдалысына көчкөн балалыгы эркин, таалайлуу. Кезегинде дал ушундай чагында бабасы Музоокени минтип куштап тоспосо да, жандап, кара-жоролукка жарап жарпын жазуучу. Эми Турдалысынын Музоокедей бабасы өзү да. Ооба. Айныксыз бабасы. Аталатып жакшы үйрөтүшүптүр. Жүүнү тирүүдөй, Музоокече таалимин көргөзүп, тарбиялоо көзөмөлүнө бөлөөр.

– Жетишет эми! Кел бери, элге, Тоголок Молдо! – Топту толкута дарылдаган Жаркынбай чокундук экенин үнүнөн тааный топко кайрылса, дуңгул көгала сакал, чоң тебетей, балчайып мукур колун серпип турат.

Кара сакал далдайган Байтымбет иниси агасын атынан колтуктап гана эмес, тапатак көтөрүп түшүрдү. Аттын үстүнө бошогон ээрге ондой олтургузуп уулун – Турдалысын калтырды.

Байымбет жерге таманы тиер тийбес кулачын жая доош создү.

Кагылайын кутман журтум,
Кандырдыңар көздүн курчун
Акыры эркиндик жеңип жолуктук,
Азаптуу доор, артта калды курусун!

Манап менен төрөлөрдү тоскондой
Неге мынча көкөлөтүп турушуң.

Жаркынбай, ага кошула башкалар күүлдөштү.

– Манаптар, төрөлөр, талпагы ташка жайылбадыбы.

– Манаптарды, төрөлөрдү коркконунан, жасакерленип, жагынып тосушчу.

– Мыктылар жагынчу, биздей кедейлер даачу эмес. Балбан, мүнүшкөрлөр гана кызматына жарашчу.

– Ырас ошентишчү.

– А сенин баркың азыр манап, төрөлөрдөн жогору.

– Сен бүткүл элдикисиң.

– Сага кошомат эмес, сүйүнгөнүбүздөн, жетиналбаганыбыздан, өзүбүздүн акыныбыз, акылыбыз болгонуң үчүн салт боюнча тостук.

– Карачы, арабызда бир да манап, бир да бай жок.

– Чылгый кара таман кедейбиз. Өзүңдүн «Насыятыңдагыдай» кедейге кезек келди.

– Биз мурдагыдай манаптардын ата жотосун эмес «Кеңеш», «Кедей» ураанын чакырып тостук.

Тоголок Молдо булардын күпүлдөшү төгүн эместигине толкуй кырааттай шаңшыды.

Ыраазымын туугандар
Ызамды айдап жуугандар.
Ынтымакты чыңдайлык
Эми, ырыс таалай бизге жар.

Топтун ичинен комузун күүлөп сыпаа кара сакал Молдобасан койкоё берилей басып безеленди.

Тоголок Молдо агабыз
Толкуп тосуп алабыз.
Азаттык алган журтуңуз
Аземдеп күттү караңыз.
Басынбаган акынсыз
Батыракка жакынсыз.
Боштондукка жеттиңиз
Оргуштай күчөп ташыырсыз.
«Кедейлерге насыят»

Калайыкка жетти бат.
Капалыкты унутуп
Көңүлүңүз өссүн шат.
Жашында тарттың мээнетти
Карганда көргүн дөөлөттү.
Бай-манапты томкоруп
Келтирди сизге дөөмөттү.
Келме кезек бар тура,
Багыңыз өссүн артыла.
Балдан ширин жазмаңыз
Баркы кымбат калкыңа.
Өзүңдөн алып сабакты
Өркүндөткөм талантты.
Эми менин да бар шакиртим,
Мынабу Мусанын доошу канаттуу.

Молдобасан жанында кыналган көгүлтүр көзүн күлүңдөтө, кызыл чийкил дидарын нурдаткан, эскирибирээк кара көрпө тебетейин чыкыйткан арыкчырай он сегиз-жыйырма курактагы жигитти кучактай алдыга итерди.

– Өркөнүң өссүн Молдобасаным! Сен өзүңчө ордолуу өнөрпоз-суң. Шакиртиң кут болсун! Шакирт күткөн устаттын шааниси артат. Мусаң көзүнө караганда күлпөттүү шайыр. Эми элге учурашайын. Анан эп көрүшсө, Муса уулума кезек беребиз.

Тоголок Молдо лып обдулуп, ар кимине кол кысыша учурашууга өткөндө кедейлер тобунун башчысы, эски Токмоктон берки курбусу Жаркынбай чокундук бакылдай жапырылды.

– Айтпадым беле. Казаптар, серкенин терисин тулуп кылып сыйра салгыла. Тампайбай чуркаткыла, токойдон кургак чырпык, агынды өңөрүп келе койгула. Чуңкур, кемеге казгыла. Четинен кескилеп, шишкебек жасагыла. Ташкордо кылып этти эзилте бышыргыла. Тоголонгон Молдом, туура айтат. Азыр Мусаны сайратабыз. Чечкиле, ээриндеги көрпөчөсүн. Каалаганыңар шиберге оонагыла. Каалаганыңар тердик, желдик, ээриңерди астыңарга салып отургула. Талаанын тамагы таттуу. Ой, жанагы чаначтагы суусунуңарды апкелбейсиңерби.

Заматта Жаркынбай чокундуктун ыкыбалындагылар жайланды. Тал түштө ай талаада акындардын тамашасы, абаны май жыттанта отко куйкумдата серкенин жумшак, даамдуу этинен шишкебек, таш кордо бышырылып эңсеп жолугушкандардын чери таркоодо.

Тоголок Молдо Баатайдын жылкычысы, чоорчу, кыякчы Баетти жакшы таануучу. Муса ошо жылкы четинде тоо коюнун терметкен сыйкырдуу, даңазалуу чоорчу, кыякчынын уулу экенин эшиткенде, тукум улаган шайыр азаматка дилгирлене кулак төшөдү.

Муса жамактап ырдабастан, обон созгон чебер белем. Бармак, сөөмөй учтары үч ичек кылга илешээр замат, ушунча болуп канча өнөрпозго кездешти, эч кимине окшобогон жылаажын күү сыбызгыды дейсиң, көмөкөйүн ачаардан мурда эле комузу обон жыбылжытпаспы. Уккан кулакты, сезимтал жүрөктү дирилдетип самоону күчөтө уй мүйүз тарта отургандарды жапырт арбаган күү жедеп ийленип бийиктигине калкыганда сыбызгыган керемет абазды адамдын көөдөнүнөн эмес, табийгат сыйкырынан сызгырылткандай болду. Теребел чайкалып, жаркып кетти тунук үнгө.

Арпанын ала тоосунан
Аркарын атсам зоосунан.
Асылкеч сендей келиндин
Айлантып өпсөм оозунан.

Туптунук, жупжумшак назик аваз канчалык созсо, ошончо кайкып, тээ аркайган Арпа тоолоруна, абага желпине жетип, күчтөнүп, закымда быякка кайрылып ойкууда. Тобо-о адамзатында ушундай эч урчугу, учу сезилбеген мукам доош болот экен ээ. Мусанын обону мооку канып, элейген адамдар мындай турсун, чар тарап жаратылышты да көшүлттү белем. Мындай сейрек ажайып шоокум булбул таңшыгында шыңгыраар.

Көчкөндө миндим кара атты
Көркөмүң мени кубантты.
Көргөзөөр дүйнө бар бекен
Көз көргүс калган Зыйнатты.

Ашыглык аваздары. Толукшуган боз уланга андан башка жарашпастай. Каректеринен от чагылткан карала көз эргулдар мындай турсун, улгайган Тоголок Молдо да муңдуу жүрөгүн элжирете, жашоонун жыргалы али да бардыгын кыйыта куштарлантпаспы. Ажайып өнөрдүн күчү ушинтип учурунда кимди болбосун өзүнө багынта, жүгүнтө алышында.

Кайсы бир обончулар жанына күч келтире кызарып-татарып, зордоп созуп, бат чарчап күйүгөт. Бу Муса Бает уулу оозун ачканда эле кашкайган тиштерден сыдырылган обон көмөкөйдөн жепжеңил эркин ойкуп, чийкил жүзү ажарланып, көгүлтүр көзү шоктонуп күлмүңдөп кыйналмак тургай ойноп эрээркеп, жабалактагандарды өзүнө сыйкырлап тарта ырдайт экен.

Үнүндө кардыгуу, басаңдоо деген кылча байкалбайт. Улам ырдаган сайын төшөлүп, көйкөлүүдө.

Жаш обончуну улгайган устат Тоголок Молдо, баарыга угуза алкады.

– Муса уулум, шайырдын шаанилүүсү болоорсуң. Обонуң адамда жок. Бактыңа эркин доор жаралды. Молдобасан агаңы ээрчиппи, өзүңчөбү, талбай эл арала, тартынбай жаш, кары дебей ар чөлкөмгө ырда. Обонуң кандай чойсоң, кандай кайырсаң, кандай буктурсаң, кандай каткырсаң, кандай муңкансаң, кандай чалкысаң, ошончо кубулжуп, чексиз сайрандоочу таалайыңа бүткөн сейрек шыбага. Таптап жетилт, барктап күт. Аталык бир насаат айтайын, иликке ал. Керемет обонго, маңызы келишкен кутмандуу сөздөрдү танда. Азыр жашсың. Ашыглык, секетпайды уланта бер. Ага санаат, термеден, Кеңеш заманасын, жаңы турмушту, ынтымак, теңдикти даңазалаган ырлардан кошсоң арымың дагы кеңейет. Көзүм жетип турат бат эле оң, сол бүт жамыяттын сүймөнчүгүнө, ардагына айланасың.

Муса комузун бооруна кыса, бүгүлө ийменди.

– Астыңызга кулдук урам! Айтканыңыз келсин, Молдоке!

Шакиртин жактырганына аталык, терең насаатын айтканына Молдобасан Мусадан кем эмес толкундап жайдаңдады:

– Устатым, сиз төгүнминтип чечилбейсиз. Мусама келиштире сын бердиңиз. Айтканыңыз калетсиз орундалат. Мусакемдин тушоосун кестиңиз. Ырахмат. Сиздин алкышты кайталап,

бобуердеги журт жапырт Мусама бата берели. «Мусабыз бүт жамыяттын сүймөнчүгүнө, ардагына айлансын!»

– Бүт жамыяттын сүймөнчүгүнө, ардагына айлансын!

– «Бата менен эр көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт!»

– Муса көгөр, көкөлө!

– Батабыз кабыл болсун!

Көптүн шарына, шаңына эргий Тоголок Молдо бек унчукту.

– Молдобасаным менен Мусакемдин отурган жери оюн, токтогон жери той болсун!

– Оомийин!

– Отурган жери бүгүнкүдөй оюн, токтогон жери той болсун!

– Молдокебиз менен бирге болсун! – деди Молдобасан эргий.

– Молдокебиз менен бирге болсун!

* * *

Сый, урматтан ким качсын. Ага жеткен аз, жетпеген арбын. Жолун тосуп, ай талаага үйрүлткөндөн тартып жергеси Курткага байырлаганында таң, тамаша уланууда. Шайырларды эңсеген, улам үй, айыл которо колмо кол чакырык, меймандаган элдин кызыгы таркабаганын Байымбет сезүүдө. Бирок, өзү бир сыйра орой-чарай жолуккан, өлгөн-житкендерге көз көргөзгөн соң, Абдыкалыкты Нарынга жөнөттү. Молдобасан, Муса, Кашгарыны төл өнөрлөрүн жана «Кедейлерге насыят», «Аткантаң менен Сүйгөнбайды» жалпы эле өзгөрүштү жардоого элге аткарды.

Акын өзү жалгыздап бөктү. «Семетейди» кайтадан толуктап жазууга отурду. Ансыз кур кол кантип шаарга жылат. Өзүңдү-өзүң кайра кайталаш, толукташ азап да, жыргал да бейм. Азабы – небак башыңдан, колуңдан учкан нерсени кайрадан үндөп, бармагыңды жоорутуп кагазга жем түшүрүп отуруу.

Жыргалы – унуткарганыңды жаңырта эскерип, өзүң да жаңыланып, бүгүнкү күндөгү чеберчилигиң, талабың боюнча оңдоп, купулуңа толгон жаңы түрмөктү жаратуудасың. Атаганат, куржунундагылар түгөл болгондо, жазыла электердин кем-карчын бүтүрбөйт беле. Ара-чолодо эрмеги Турдалысы.

Анысы ыймaны ысыктыгы, тетиктиги, атасы «аюудай» коржоюп сөөктүү эмес, чыпыйып сыпаа өзүнө окшоштугу, идиректүүлүгү, жагууда.

Байымбет жазып олтурганында жолтоо тийгизбеш үчүн кээлери сырттан үндөрүн да угузбай, шыбырай сүйлөшө алыс кайпышууда. Кой, ай дегенге болбой Турдалы гана шыйпаңдап, уурдана кирип, калем учун ийсеңдетин кагазга саймалай жылбай бөжөйгөн акын атасын карап окчун отурат.

Атасы ага анда-санда көз кыйыгын мулуңдатып кубалабайт, урушпайт. Ал түгүл, адептүү борсогоюна эт жүрөгү элжирей колу; кареги талыкшыганда туруп келип маңдайынан сыйпагылады.

– Ыр билесиңби?

– Аз-аз.

– Мисалы?

– «Үркөр үркөр үч жылдыз».

– Дагы?

– «Кыдың, кыдың торпогум».

– Дагы?

– «Телибай тентек».

– О-го-о! Анан?

– Ан-нан... «Талым кыз менен Көбөктүн айтышы».

– Эй-эй. Кыйынсың го. Анан?

– Кечке эле «анан» боло береби. Болдучу атаке.

– Анан?

– Анан... эң акыркысы «Качкан кыз».

– «Качкан кыз». Сен Турдалым, азаматсың го. Кана айтып көрчү.

Турдалы бозомук көйнөгүнүн кызыл жашыл таңдайлаштыра саймаланган тик жакасынын бүчүлүгүн бошотуп, билегин бөрсөйтө жеңин коломочтоно, сыңар тизелей борсулдап ырдап коё берди.

...Атамдын аты – Каптагай
Армандуу болдум бир далай.
Айласызга туш келсең
Өмүрүң өтөөр шыргабай.
Азамат болсо алганың

Армансыз дүйнө жыргалы ай!
Акмакка мени кайындап
Атамдын жабыр кылганы ай!
Кечкил мурун, кең тумшук
Күйөөм жандын урганы ай!
...Малайча кийим кийиндим
Басканыма сүйүндүм.
Караңгыга камынып
Көлдү көздөй жүгүрдүм.
...Кемеде жүрүп ыйладым
Кара жанды кыйнадым.
Көлдө жүрүп үч күнү
Көзүмдүн жашын тыйбадым.
Кейитип жанды күйгүзүп
Кемечи орус тил билбейт.
Шамал согуп, көл толкуп
Жаман кеме тим жүрбөйт.
Кеме чыкты бир күнү,
Балыкчынын жанынан
Үшкүрүгүм басылып
Үмүт кылдым жанымдан.
...Арманда болуп азиз жан
Тагдырга сырым угулду.
Тапсам деген тилегим,
Таалайы ашык уулду.
...Аманат жанды бир түнү
Ашпозчуга сактадым.
Самап көлдөн чыкканым –
Сарбагышты жактадым.
Кыдырып Кочкор, Жумгалды,
Өзүмө теңди таппадым.
Жолугаар деп бир жакшы,
Кеминди көздөй басканым.

Улам эдиреңдей обдулуп мыйтыгый колун серпип куду акындай эргиген баланы Тоголок Молдо бооруна көтөрүп, өпкүлөдү.

– Үргүлөйүн тилиңден, борсулдаган үнүңдөн. Ким сени үйрөткөн. Кантип жаттадың мынчалыктын баарын?

– Апей кыз-ы-к, билбейсизби? Атасынын ырын баласы жатташ керек да. Антпесе алыстагы атасы таарынбайбы.

– Хах, хах, ырас, ырас. Эми атасы келди, таарынбайт. Окуй аласыңбы?

– Аз-маз. Кейпи арбытып келатам.

– Кана муну окучу? – Акын жазып жаткан кол китебинин баш барагын жайды.

Он бир жашар Турдалы карегин кадап, оозун чормойтуп, атасына уят болбос үчүн ичинен күбүрөп, анан шар окуду:

– Семе-тей.

Акын сөөмөйүн төмөн жылдырып жазууну көрсөттү.

– А булчу?

Турдалы тоорулуп ичинен күрмөп, чормоңдогон эринин жыя, ууртунан мылмыйды.

– Аный. Атакемдин... Сиздин өзүңүздүн ылакап атыңыз экен. Окубайм.

– Неге? Сен эмне келин белең тергегидей.

– Тилим барбайт. Уялам. Кийинкиси өз ысмыңыз экен. Окуюнбу?

Акын наристе мүнөздүн алалдыгына, лакап ат деп «Тоголок Молдо» дегенден чындап уялганына кызыга, аны ардантпай, көндүрүүгө, нетсе да айттырууга ниеттенди.

– Окуй албайсың го? Тамгалары татаал.

– Татаал деле эмес. Уялам.

– Неге? Мен уялбайм. Сыймыктанам. Эл бүтүн лакап атымдан эркелетет.

– Хэ... эркелетеби? Шылдыңдайт. Балдар мени ардантышат.

– О, жолуң болгур. Мактанышың керек. Сен деги, атаңдын аты ким?

– Байымбет акын.

– Анан? Буткүл эл билген окумуштуу, жазгыч атычы?

– И-и... Эми түшүнбөдүмбү. Көрсө... «Тоголок Молдо» деген окумуштуу, жазгыч атыңыз турбайбы.

– Ооба. Сен андан уялба. Кимдин баласысың десе, эмне дейсиң?

– Мына мобу жазуудагы. Тоголок Молдонун дейм.

– Эң туура. Ошентип жүр. Тоголок Молдо – дегенден уялбай турган болдуң ээ.

– И-и. Макул. Кийинкисин окуюнбу?

– Окучу.

– «Чыныгы ысмы Байымбет Абдрахман уулу. Миң то-гуз жана жүз жыйыр-ма эк-кинчи жы-лы майдын аягында баш-тап жаз-дым». Окуйт бекемин.

– Азаматсың. Анык Тоголок Молдонун уулу экенсиң.

– Аный, Байымбеттин эле уулу болоюнчу.

– Мен Тоголок Молдомун. Байымбет дегенди таанабайм. Сен менин уулумсуңбу, же? – Акын таарынымыш эте мурчуйду.

Турдалы чап моюнунан кучактады.

– Сиздикимин, сиздикимин!

– Анда Тоголок Молдонукусуң.

– Аный Байымбеттикимин.

– Анда мен айныйм. Турдалы Тоголок Молдонун уулу эмес экен?

– Уулу, уулу. Айныбайсыз.

– Байымбет уулу болсоң, өзүң бил. Тоголок Молдонун уулу болсоң, казалдарымды шар окутканга таптайт элем.

– Ия! Чын элеби?

– Чыпа чын.

– Анда макулчу. Тоголок Молдонуку болоюн.

– Хах-хах Тоголок Молдонун уулу, эч жалкоолонбойт. Күнүнө атасынан тапшырма сабак алат. Экөө ушул бөлмөдө эки жерде тиктешип иштеп отурушат. Окушуп, текшеришет. Ошого чыдайбы уулу.

– Чыдайт.

– Анда кел. Кол алышалы!

– Мына! – Турдалы тыпыйган ысык алаканын атасынын жайган шадыларына тарс чапты.

– Убада бекемделди. Бүгүндөн баштап мен сага мугалим, сен мага шакирт. Сенин малиминдей жумшак эмесмин. Талабым катуу. Чыдайсың баатыр. Мен Музооке атамдын баардык ыдыгына чыдачумун.

– Уккам. Билем. Мен да сиздин ыдыкка чыдайм.

* * *

Тоголок Молдо өзүн баштагы уясы бузулуп кайра кыпын-тыпындарды, чөп-чарды тиштей жеткизип, шилекейлеп жаңы уя жасаган чабалекейге окшоштурууда. Чабалекей. Тамдын, бастырманын шыбына кооз, бекем, жылуу уяны ушунчалык чеберлик менен талыкпай токуйт. Уя салуу учурунда чабалекейлердин бир канчасы зыпылдай кымкуут кайкый, ылай, жүн, тыбыт, чөп-чар ташышып көмөктөшкөндөрүчү.

Тек, колдоочулары, максатташтары болбосо жалгыздын иши кыйын. Өңгөнү кой, өзүн алсынчы. Уясы бузулган эне чабалекей сыяктуу «Семетейди» жүрөк боор эт табына ысыта жаңы жумуркадай чайкап, канат байлатып учурууга күн, түн, айлап тирмейгеничи. Дастандын экинчи тең капар бөлүгү качандыр жаштык дем менен досу Букарбайдын өтүнүчү боюнча бүткөрүлбөдү беле. Ооба «Семетей менен Айчүрөктүн ашыглыгы. Чынкожо, Толтойдун талашы. Кармаш. Жеңиш. Семетей менен Айчүрөктүн үйлөнүшү. Жыргап дооран сүрүшү. Канчоронун чыккынчылыгынын натыйжасында Кыяздан запкы көрүп кор тартышы. Акыры уулу Сейтек эрезеге жеткенде өчүн алып, Айчүрөккө кайрадан кошулушу түгөл жазылбады беле. Букарбайга баалуу сый катары тартууланбады беле. Китеп баркын билген Букарбайы асыл дүнүйөлүү болгондой сүйүнүп, бапестеп темир куту сандыгына сактап, маал-маалы менен мейман ысмандарга, эрикkенде өзү окуп менчиктеп жүрбөдү беле. Атаңдын көрү, куу мүшкүл. «Дос бергенин кайра доолабайт». Бул илгертен берки ыйык салт. Кантсе. Айла түгөнгөндөгү жорук да. Түшүнөөр. Небак баш оту менен берген тартууну доолаага дити даабайт. Кыяматтык дос ушундайда жараар. Бирөөлөргө окууга күчүн берип, колдон колго алгоолонуп аягы сай таппай жүрөт имиш. Анда суратууга аргасыз.

Семетейди энеси Каныкей, Манастын өчүккөн кыйыр туугандары Абыке, Көбөштөн ала качканы. Аны Букардагы агасы Ысмайылдын баласы катары асыратканы. Семетей атасы Манасты тарткан эр болуп чоңойгону. Семетей он экиге чыкканда

Каныкей Тайторуну төлгө катары чапкапы. Семетей атасы Манас экенин билип мекени Таласка келгени. Душмандарын кыйратканы. Атасынын досторун таап, кыргыз журтунун башын кураганы. Четки жоолордон кыргыздарды коргогону. Айтор Семетейдин Айчүрөккө ышкысы козуганга чейинки жаш чагы өзүнчө калың кол китепке толду.

Эңсеген азаттык шаңданганда эл, жерин эркин аралоого аттанды. Көңүлү алаксып шагдан тартты. Ара-чолодо ыр, жомок чиймеледи. Күү-шаа менен дагы эки жыл өткөндө кайтадан өзүн-өзү матап токтолгон «Семетейди» улады. Негедир айнып ортологондо калемин токтотту. Ортолоп токтотконунун дагы бир себеби – качандыр досуна тартуулаган «Семетейи» колго тиер үмүттө. Кеп, ошонун дареги барбы, жокпу. Атаганат, Букарбайы Калпадан кутулган соң Нарынга көчүп кеткенин карачы. Буерде болгонунда Соң-Көлдө чогуу жайлап, далай черлер жазып, көксөөлөрдү кандырышпайт беле.

Айрым «Шырдакбек», «Жаңыл», «Мендирман», «Кубаттын уулу Кулмырза», кенже дастандары, жомоктору, тамсилдери, кошоктору, ырлары ар кимдин оозунан, колунан чогулууда. Айрыкча Кашгары, Абдыкалык баштаган шакирттери өзүндөгүсүн, элдегисин топтоп, жаңыртып көчүрүп Молдокесинин жаңы, бош куржунунун түбүн кампайтууда.

Эркиндикке чыккан эл үчүн, элге кеңири жеткирүү үчүн, элдик өкмөт казынасына баш оту менен мүлкүн ишенип табыштоосу зарыл.

Акын өңгөсүнөн да амалды бат өздөштүргөн Турдалы уулунун далалатына, уккан, жаттаган атасынын чыгармаларын тырбаңдап көчүрүп, борсулдап окуп, ырдаганына кубаттанууда.

– Музоочук мүңдүрбайт. Тукум деген ушул. Өмүр уланат деген ушул.

Канчалык чамдаса да «Семетейди» зорго тең ортологондо Абдыкалыктан борбор шаарга жөнөөгө камынып туруусун эскерткен катты алган. Канча түйшүккө каржалып ылайым тыныга элек кургур, «шаарга камыналы» дегенде делөөрүй да, чаалыкканын саал сезе да, калемин тыныктырды.

Кантсе да а дегенде Нарынга түшүп, анан Пишпекти карай

жол тартышаар. Ошондо Нарынга токтоп, сайы эзилгендердин тукуму, мурдагы болуштун тилмечи, Кеңеш өкмөтүнүн кызматына өткөн, башынан букарага таламдаш азиз досу Букарбайга жолугуп... Качандан берки сагынычты таркатып, андагы «Семетейди» таптырып, чоң колкого сурап алаарына ынана да, күмөндөр да мына бүгүн, эртең деп кабар күтүүдө.

Мезгил күзгө айланган. Күн салкындап, тулаң саргайып мал отунун каны качканда Курткалыктар жайлата семирткен төрт түлүгүн төр жайлоо Соң-Көлдөн ылдыйлатып көчкөн. Али жашаң Молдо ашуусун таянып берилеп конгон кечте Байымбет айыл эркектери менен дөбөдө отурушкан. Ойдон берилеп өйдө жөрмөлөгөн кыядан күңгүрөнгөн үн, аттын дабышы улам дааналанып, аңгыча Абдыкалык атынын жанын көзүнө көргөзө желдирип жорттура карбаластап тепсетчүдөй чукул демиктире токтотпоспу. Ал тер булоолоп, омуроосун каккан атынан түшпөй, ооздугун керкейте тартып жарамазанын жобуратты.

Э жарыктык Молдоке, жатасызбы жайланып
Таң азандап жөнөйлү баки жокту шайланып.
Кубанычтуу кабарым бар айтсам бекен же жөн койсомбу
Күздөп, кыштап кайтаарсыз канжыгаңыз майланып.

Зериккен айылдаштары өкмөт ишиндеги актив шакирти минтип жамактата куюлуштура саламдашса, чоң устат салтты сактай ыр менен жооп кайтаруусун күтө жарданышканда акын азга ойлонуңку жооп шыбыргактатты.

Неге мынча антаңдайсың Тиркич моюнум
Калк ишинде жүрсөң дагы эч калбады оюнуң.
Кубанычыңды култулдабай эл журтуңа жардагын
Жөнөөгө мен дапдаярмын, чынын айтчы оюңдун.
Жубарымбек өтө шашсаң, түн катып да кетебиз,
Атыңан түш, кабарыңа кой союлсун тоюнгун.

Абдыкалык куржун бөктөргөн ээринен шап ыргып, колун куушура устасынын астына чөгөлөй көзүн аңтара купшуңдады.

– О, Молдоке, аския айтып акыйлаштык азыраак,
Сиз бай карагай көкөлөгөн, мен балаты пасыраак.
Казак, кыргыз, өзбек тажик, түркмөндөр
Түркстандан өз-өзүнчө бөлүнүштү шатырап.
Мындан ары Кыргызстан өзүнчө өлкө аталат,
Кана мага сүйүнчүңүз, бербейсизби батыраак.
Мамлекети Кыргызстандын борбору Пишкек орноптур
Эл акынын жеткиргин деп илими чөйрө чакырат.

Байымбет кубанганынан эми чындап токтоно албоочудай. Саал карбаластай, кубанычты жардангандар менен чогуу бөлүшүү ниетинде купшуңдай кууланган түгөттүн биротоло көксөөсүн суутуп, жардангандардын жарпын жаза тамаша-шыкак тутансын үчүн, али чөгөлөп «сүйүнчү» доолаган шакиртине байкатпай лып козголо үстүндөгү желбегей чапанын айкарасынан жаба салды.

Сүйүнчүңө колумда бар чапан жабам карагым!

Чын эле акын чукугандай эбин таап, тамашакөй шакиртине тамашалуу жосун менен жооп кайтарганына тегеректегендер курсанттана каткырышты. Акын аския сөзүн жөнөттү.

Сүйүнчүңө колумда бар чапан жаптым карагым!
Тоолуу кыргыз өзүнчө өлкө, бийлик күттү карагын!
Кайран элим, кутман жерим, эңсегенин келди эми,
Ленин жолунда бириктешип өнүп, өсүү талабың!
Эгер мени керек дешип чакыртышса өкүмөт
Тиркич мойнум, сени менен токтоосуздан барамын.

Байыркы кыргыз жергесинде өзүнчө мамлекет түзүлүп, Кыргызстан өлкөсү аталыш! Өңгө өңгө, тэ-э алмузтактан берки кыргыздардын түп жаралышынан иликтеген, сөзмөр, чечен карыялардан, кээ жазмалардан «Манас» доорунан мурдагы санжыраларга кунттанып, өзүнчө тарыхын чиймелеген Тоголок Молдого бул жаңылык айрым адамдардын кучагына сыйбас

жалпы журттун, жергенин таалай багын жаркыта төгүлгөн нур катары чагылууда. Ооба, ой-тоосу дебей томсоруңку күдүрөйгөн жерди, теңсиздик запкыдан онтогон көпчүлүк букара элди аалам жаралганы алгач тегиз балкыткан нур. Нур – күндө бар, отто бар, каректе бар, күлкүдө бар. Алар оомал төкмөлүү, өтмө кетмелүү, айрымдарга гана таандык. Күн нуру күндүз бар да түндө жок. От нуру чатырап бат өчөт. Карек, күлкү нуру эркелешкендерди гана учурунда жылытат. Арийне, күлпөтү артык кубат чачып танабы кең жергени, жалпы журтчулукту азаттык, теңдик жыргалга бөлөнгөн, октябрдин нуру эмеспи!

Ананчы. Байыртан улуу журт аталган, көчмөндүккө аргасыз көнүп, улуттук салт, санаасын, тарыхый, маданий жөрөлгөсүн, тилин сактаган, улаган кыргыз, казак жер соорусун ээлеп канатын оң, солго кенен жазып чарбасын күтсө да, капсалаң учурунда жалпы элдик биримдикке чогулуп, баскынчы душманга каршы чыгып коргонушса да, бүт урууларынын башын кошуп өзүнчө мамлекет кура албай, чачылып, таланып куурап келбедиби. Өз мамлекети, борбору, бийлик заңы болбогондуктун залакасынан жайдакталып, чачырандыланып, кысмакталып курубадыбы. Байымбеттей канчалар көксөсө да ылайым жетпеген мамлекетти Кеңеш өкмөтү түзүп отурбайбы. Элдин башын бириктирип, маданият арбабтарын борборго чакыра баштаганы мамлекеттик жышаандын күчүнө киргени эмеспи. Бооң бек болсун Кыргыз кеңеш мамлекети!

* * *

Жаңынын жаралышы. Жаңы мамлекеттин, жаңы доордун жаралышы. Аны көзү менен көрүп, жүрөгү менен сезип, акылы менен таанып... шыбагалаш, тагдырлаш толгонгон, күүлөнгөн картымак акын кайра жашарчудай демденбеспи.

Кайра жашаруу... Бу не дегендик! Текеберчилик эмеспи? Жо-о... Акын эч сыйкырга чалынбады, алтымыш бештеги карылыктан кутулуп, жыйырма бештеги жигитке айланбады. Антүү кажетсиз. Үлбүрөп, бошоңдоп бараткан карт тамырларына кубаттуу жаш кан удургуп чөгүңкү көңүлүн көтөрдү; жаңы

түшүнүк толкуну балкыта тээп тунарыктаган көзүнө жарык нурду толтурду, алыстагыны даана чагылтты; караманча жаңы маңыздуу сөздөр тилине күрмөлүп, кардыккан доошун шаңдуу, бийик шаңшытты. Туюкта чидерленген шыйрагы, кишенделген колу, ноктолонгон башы ал каргашанын баарысын бытчыт талкалап ыргытты.

Эми чар тарабы кыбыла. Каалашыңча арымда, самашыңча баамда. Мына ушул ырахаттардын деминен кайра жашарып, күчтөнүп отурбайбы. Эмгегинин, өзүнүн керектиги үчүн жаш мамлекет борбордук калаага чакыртууда. Өктөбүр төңкөрүшүнүн жаңырыгын, жаш Кеңеш мамлекетинин жардыгын алыскы тоо койнундагы элет айлынан эшитип, куттуктап кубаттап өнүгүүгө, чыңалууга кол кабышын тийгизди. Эми өзүнүн Кыргызстан аталып алгачкы улуттук мамлекет түзгөн ата журтунун күргүштөгөн башталма уюмдашуу өнөктүгүнө аралашууда.

Улут мамлекеттерин түзүү өнөктүгү кең Россиянын булуңбурчундагы падышачылыктын оторуна айланып эзилген далай элдерде жүргүзүлүп, тизгиндери, өз колдоруна тийгенине баракелде! Түп борборун Маскөө шаарында орноткон ар улуттуу Кеңеш мамлекети мөмөлүү зор дарак. Андан туш тарапка созулган бутактар арбын, орто, кичине дебей ар улуттардын өзүнчө мамлекеттери. Анын бирөө күнөстүү жерде жай алган кыргыздардын өлкөсү. – Кыргызстан. Өктөбүр төңкөрүшү жеңгенден кийин эзелтен жамаатташ, алакалаш элдер борбору Ташкент, жалпысынан Түркстан Кеңеш мамлекетине бириккен. Эми өзбек, өзүнчө, казак өзүнчө, кыргыз өзүнчө, тажик өзүнчө, түркмөн өзүнчө башынан белгилүү жайлаган жерлеринин чегин бөлүп, тең укуктуу өлкөлөргө айланганы качантан көксөгөн кеңчилик, анык байкерчилик доорунун жышааны.

Тоголок Молдо бул кубанычты күздөө конушунан уккандан тартып ашыктырган Абдыкалыкты коштоп Нарынга түшпөй эле туура дабандарды ашып Пишпекке жетээр жеткенче делөөрүгөнүн басалбай делбиреди дейсиң. Кыязы ойду удургутуп, кыялды ташкындатчу зээр адамды жагалдантчу асыл касиет бейм.

* * *

Байымбет азыноолак тыныккан соң, жаш кезинен тааныш, эми өлкөнүн борборуна айланган калаанын жаңылыктарына сонуркай түп көтөрө кыдырууда. Тек, өзгөргөн замананын келбети как борбордук шаарда даана. Арийне Пишпекти акыркы жолку, мындан тогуз жыл мурда төөлөргө аштык жүктөлгөн кербендер менен келгендегисине окшоштурат да, окшоштурбайт.

Окшоштурганы – баягы эле ордунда Сары-Өзөн Чүйдүн чок ортосунда. Окшоштурбаганы шаардын ээлери жана келгин, тургундары башка. Соодагерлер, көпөстөр, падыша төрөлөрү, байлар кубаланган. Алар чардаган заңкайган имараттарда Кеңеш өкмөтүнүн идара-мекемелери, кызматчылары. Ошо имараттардын кире бериш боорлорундагы такталарда кыргызча, орусча ишканалардын аттары бадырайып жазылуу.

Капкаларында желбиреген кызыл туулар. Эшик алдында жыйынга, арызга, окууга, догдогон ар улуттун карапайым букаралары. Көчөлөрдүн наамдары жаңырган.

Жаңы таптык саясат, жер-суу, чарба байлык, уюштуруу маселелери менен катар маорафат, маданият иштерин Кеңеш өкмөтү борбордоштуруп амалга күргүштөп ашырууда.

Башка мекемелер менен катар Ташкенттен арипкана, кезит чыгаруучу басманын Пишпекке көчүп келиши, кыргыз тили менен жазуусунун илимий изилдөө институтунун ачылышы – ушул саамалык шарттардын баарысы Тоголок Молдонун эңсөөсүн кандырды. Аны мындан ары байырлатчу ат мамысы, акыры.

Тоголок Молдо жакшылыктын шарапатына балкыган сайын эзелтен караңгылыкка думугуп азаптуу тагдырды көтөргөн журтунун тарыхындагы элдир-селдир жылт эткен шоолаларды эскерди.

Тилдери тектеш жалпы түрк элдерине (анын ичинде кыргыздарга) орток байыркы жазуу, адабий мурастар бар. Учурунда кыргыздарга дагы тиешелүү Орхон-Енисейдеги таштагы оймо жазуулар.

Мурдагы жана азыркы кыргыз жергесиндеги Чыңгызхан жексендегенге дейре өнүккөн Баласагун шаарында жашаган айтылуу акын, илимпоз Хас Хажиб Баласагунинин «Кутадгу билик» китеби, Махмуд Кашгарининин «Девону лугат-ит-түрк» сөздүгү. Өткөн кылымдын аягында Казанда эки китеп «Кыз Сайкал» (1896-ж.), «Манастан үзүндү» (1899-ж.) басылган. 1865-жылы Молдо Нияз кол жазма санат казалын көчүрмөлөп тараткан. Төңкөрүштөн мурдараак Уфадагы «Шарк» басмасынан Эшеналы Арабай уулунун «Алифбе Ве төтө окуу» (1911-жыл). Молдо Кылычтын «Зилзаласы» (1911-жылы), Осмоналы Молдонун «Тарихати Шабдания» (1914-ж.) китепче болуп басылган. 1913-жылы «Айкап» топтомосунун биринчи санына Эшеналы Арабай уулунун «Оренбордон Ташкенге кел» эскерүүсү чыккан.

Аларды Тоголок Молдо уккан, билет. Бирок алардын тили, чалымыраак, аралашма сөздөр арбын. Окууга татаал. Карапайым элдин башын айлантаар диний түш жоруулар, чарымдар кыйла. Калың кыргыз ичинде миңден, түмөндөн бирин серин гана жазганды, окуганды билгендер маорофат, маданият, билим дүйнөсүнөн кабардар көзгө сүртөөргө дары катары сейрек сабаттуу адамдар түшүнүшөт.

Нукура кыргыз тилинин байлыгын, өзгөрүш, Кеңеш доорунун жаңы сөздөрүн кошо сактай алгыдай өзүнчө ариптер тандалып, өз басмаканасын түзүп, кезит, китеп чыгарыш – кыргыз тарыхындагы саамалык.

Саамалык демекчи, ошол өз басмакананын төл башы «Эркин Тоо» кезитинин өткөн кышта 1924-жылдын 7-ноябринде чыккан биринчи саны колуна тийгенде кубанганынан ыйлаганы ай.

Өзбек, казак, татар тилдериндеги кезит, журнал беттеринен анда-санда айрым Ташкен, Алматыда окуган кыргыз азаматтарынын ыр, казалдарын окуганда деле жетине албай толкунданчу. Ал эми «Эркин Тоо» («тау», «таг» эмес) «тоо» делип даана эне тилинде аталып, Кыргыз автономия (эркин) облусунун большевиктер партиясынын жана өкмөтүнүн тили делип чыгышы, элге «Эркин Тоо» кезитинин Лениндин осуяты боюнча Кеңеш доорунун жарчысы, үгүт-насаатчысы, уюш-

туруучусу экенин, анын беттерине эл турмушунун баардык тармактарынан кабарлар жарыяланып тураарын, каалагандар кат жазып катышууларын эскертип: накта кыргыз сөздөрү менен кайрылганын, таңдайы катып чаңкаганда мүрөк суусун жуткандай энтигип кайра-кайра шимире окуй да, көз жашын салаалата да саябандаганычы. Ошол эле биринчи беттеги «Өктөбүрдүн келген кези» деген ырга улам, улам арбалып өзүнөн өзү күүлөнө үн салганычы.

«Өктөбүрдүн күлүмсүрөп келген кези
Энчисин өз-өзүнө берген кези.
Мурунку чынжыр курган душмандарды
Ичинен момундардын терген кези.

...Бул күндө Өктөбүрдүн келген кези
Кедейге кызыл желек тийген кези.
Колуна курал-жабдык алып кедей
Кара түндү төшүнөн тилген кези.

Жашасын Ленинизм түзгөн жолу!
Жоголсун караңгынын курган тору!
Жолуна Өктөбүрдүн кедей түшүп
Жетишсин муратына созгон колу!

Накта, төл сөз. Маңызы дал бүгүнкү кыргыздардын тилегиндеги, жүрөгүндөгү, түшүнүгүндөгү күү, обон. Ыр курамы элпек, тилге жатык. Жаңы доорго кубануу, түшүндүрүү, үгүттөп насыяттоо. Санаалаш, пикирлеш бу ким? Анан алигинде Тогуз-Тородон толкуган учурундагы «Кедейлерге насыят» жардаган илепти алыстан алоолонто тутантып чатыраткан ким? Эски замандын запкысын тарткан, өзгөрүштүн жыргалын таткан сезимдүү, чымындуу, сабаттуу кедей ганаминтип эргийт. Чарчаган, карт көөдөндөн эмес, жаш, чалпоо жүрөктүн деми урат. Ким болсо да мага таламдаш, жашына карабай заман курдаш.

«Өктөбүрдүн келген кезинин» ээсинин аты жөнү Аалы Токомбай уулу. Мындай жазгычты кулагым эшиткен эмес-с. Деги

ким болсо да, боосу бек болсун! Бул, бул бар эмеспи. Өктөбүрдүн чыныгы жарчысы… Анан… Жаңы кыргыз кеңеш адабиятынын, алгачкы кезити менен кошо телчиккен төл башы. Ооба, Кеңеш заманасы менен кошо төрөлгөн жаңы адабияттын төл башы. «Өктөбүрдүн келген кези». Аалы Токомбай уулу. Учу узарсын. Муну жазган эме мүдүрүлүп токтолбос.

Ылайым, окумал, жазма китепкер акындар чыкса экен. Сыягы «Өктөбүрдүн келген кезинин» ээси ошондойдон. Атын дагы эшитсем, ырын дагы окусам. Анан… жолуксам, көрсөм, баарлашсам. Ал да балким мендей, өмүрүн илхамга сайган өжөр, шыктуу, дээрдүү жандыр. «Өктөбүрдүн келген кези» көөнүнө төтөп жаккандыктан, анын Аалы Токомбай уулу деген атынан башка эч тааныштыгы жок ээсине бул саптарды багыштап калем учунан илмектеди.

Дили жаңы, кайнайт каны
Жүрөгүндө азап тагы.
Шыктандырган бул акынды
Өктөбүрдун жарык таңы.
Узарсын кенен арымы
Угулсун алыска атак шаңы

Бу каалоосун акын Аалы Токомбай уулуна гана эмес, бүт «Эркин Тоонун» жарыкка чыккан салтанатына арнады. «Эркин Тоонун» башка кабарларын, жарыяларын… ушунун баарын уюштуруп, окуп, тактап чыгарганын күбөлөндүрүп кол койгон «чыгаруучулар тобу» экенине дейре эч нерсесин койбой окуду.

Улгайган акын курсанттана топуктанды.

– Шүгүрчүлүк, ушуга жеттик.

«Эркин Тоонун» экинчи саны өтө зарыктырып колуна кеч тийди. Кабарлар. Маалыматтар. Арыздануулар. Жарыялар.. Бакиси өзүнчө кызык, маанилүү. Акындын күткөнүндөй бу саам да ыр басылыптыр.

## ЗАРЫГАМ

Маскөө, Ташкен ураанын
Жакшы деп элден угамын.
Ошолорду мен угуп
Канткенде чыдап турамын.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .

Башталган жол шар, түз уланган. Жалпы кыргыз аймагынын насаатчысы «Эркин Тоонун» экинчи мертебе сабалап жетишинде элдик таза, бай тил жазма арипке жан киргизе төшөлө эришиптир. «Зарыгам» илим-билимдүү болууну, караңгыдан ойгонгон элди алга жетектөөчү күчтү самаган көптөгөн жаштардын мүдөөсүн зар какшаптыр. Ар ким, бөтөнчө жаштар оозунан түшүрбөй орундалаар тилек, үмүт шерти катары обон созуп ырдап жүрөөрлүк элпек жазган Мукай Элебай уулу сабаты ачылган, шыктуу, элеттик улан. Көздөгөнүнө жетсе, көрөңгөлүү акын болчудай.

Баракелде «Эркин Тоо», төл башың Аалы Токомбай уулунун соңунан Мукай Элебай уулун ээрчите чыктың. Алгачкы эки санында эки жаңы, жаш акындын тушоосун кесип, телчиктирип эл журтуна тааныттың. Жышаанаң жакшы. Ушу салтыңды улаарың бышык. Калайыкка али белгисиз канча жазма акынды чабышка сүрөп чыгасың. Жаша, Кеңештин «Эркин Тоосу»! Ага күдүк «Эркин Тоону» чыгаруучулар тобу кимдердиги да айкындалды. Жетекчиси Осмонкул Аалы уулу, катчысы Сыдык Карач уулу, көчүрмөчүлөрү Кусейин Карасай уулу, Мустафа Акмат уулу деген илимдүү, жазгыч кыргыз азаматтары экен.

* * *

Тоголок Молдону кыргыз тилинин жана жазуусунун илимий-изилдөө институтунда а дегенде экөө кабылдады. Чап жаак,

тыгырчыгынан шымаланган жигит калдайган жылаң башын маңгылданта шапылдап босогодон тосту.

– Байымбет ага, сизди эсен-соо көргөнгө курсантпыз. Былтыр институттун ишин колго алаар замат сизди чакырткanбыз. Жердин алыстыгы... Ташкенттен кечиктиңиз. Эми институт өз шаарыбызга кыргыздын тилин изилдөө, адабий жазмасын калыптоо, окуу, көркөм, саясий китептерди чыгаруу... Сиздин жазма үлгүңүзгө таянуу, илимий изилдөө маселелери кызыктырат бизди. Аты жөнүм Кыдыр Самат уулу.

Тоголок Молдо, дароо «буканы мүйүздөн карма» дегендей максатты дааналай түшүндүргөн, илимдин кайнар булагынан кана сугарылган, милдетин айкын сезген ашык сөзү жок, кыргыздын тилин изилдөө, жазмасын калыптоо жөнүндө айткандарын акылына уюта, анын коштоосу менен бөлмөнүн төрүндөгү мамык креслого жайгашты.

Аңгыча маңдайкы жазы столдун четин таяна обдулуп ызаттуу кезмет күткөн оңкогой мурун, чуңкул көз, нooча азамат, таноосунун учундагы сербейген мурутчасын кылкандата эринин бүлкүлдөттү.

– Молдоке, кыргыз тилинин толук лугатын, тагыраак айтканда кыргыз тилинин чечмелөө сөздүгүн түзүш үчүн институтка сизден жардам күтөбүз. – Таптай, жай дааналай сүйлөй, узун шадысын созо жакындады. Акын анын колун кыса жымыйды.

– Тилиң таттуу экен. Сен айланайын ногойсуңбу, татарсыңбы дегеним?

Тигил, Кыдыр каткырып жайдаңдашты.

– Орусмун. Түрк тилдери боюнча адисмин. Петербург университетинин түркология бөлүмүн бүткөм. Ысмым Степан, атам Кузьма, бабам Сурик. Степан же Суриков десеңиз болот. Мени сиздин жазма көркөм адабий ишиңиз кызыктырат. «Насыятыңыздан» көп сөз чырпыдым. Куржунуңуздагыларды институттун казынасына тапшырсаңыз, асыл сөздөрүңүздөн пайдаланат элек.

Кире бериштеги отургучка чыкыйып, тизесине койгон пыязы куржундагы уркуйган китептерди «мынакейлеп» таптай черткилеген Абдыкалыктан көзү өткөн окумуштууга Байымбет пейили жибий:

– Колумда барларды аябайм. Өкүмөт колуна, өзүңөрдөй баркына жетчүлөргө табыштоо мүдөөмө жеттим. «Девону Лугат-ит түрктү» түзгөн Махмуд Кашгарынын жолун жолдоочу азамат турбайсыңбы.

Суриков, Кадыр экөө тең Тоголок Молдонун байыркы илим, адабият үлгүсүнөн кабардарлыгына, ыйык ишке чыныгы кол кабыш этчү адамдын табылганына кымылдашты.

– Махмуд Кашгары миң жыл мурда жалпы түрк сөздүгүн түзсө, мен жеке кыргыздын сөздүгүнө киришүүдөмүн. Сиздин «Насыяттын» басмага кеткен көчүрмөсүн алганым эки жылга айланды. Жакында, буюрса, китебиңиз колго тиет. Китен чыкканча эле, Кыдырлар сиздин... «Кара таман кедейлер, жалпы түшкүн оң жолгону» жаттап, чөйрөсүнө жардап да, басма, илим ишине пайдаланып да жүрүшөт. «Каратаман» сыяктуу даана, а каймана маанилүү сөздөрүңүздү мен сөздүккө көргөзүүдөмүн.

Жанаша креслодо маңкайган Кыдыр колун ушалады.

– Молдоке, «өлүмдөн башканын тези жакшы». Степан экөөбүздүн сугулганыбызды байкадыңыз. Манасчыларды, жомокчуларды жаздырууга кириштик. Айрымдары менен чогуу болосуз, таанышасыз. «Калем алдым оң колго, кабар берем оң, солго» «Насыятыңызды» окугандан бери, сиздин кенчке кирүүнү эңсегенибизди айтпаңыз. Эми сөздөн ишке өтсөк. Сиз куржундагы дүнүйөңүздү, өзүңүз айткандай табыштасаңыз. Биз тиркетип, институттун илимий фондусуна өткөрүп, тил кат беребиз. Чынын айталы, чаңкап кур кол олтурабыз, бат эле алгоолошуп окуп чыгабыз. Сизди жатакана, чай пулу менен камсыздайбыз. Шашылбай шаарлап, байырласаңыз. Калганын жай акылдашабыз.

Суриков кошумчалады.

– Бекер жатпаңыз. «Ачка отурганча айранга нан туурап жеген жакшы» дейт кыргыздар. Жаза тургандарыңыз болсо, улантыңыз.

Тоголок Молдо сакалынан күлкү тайгылта:

– Жарайт, жарайт, инилерим. Кана, Тиркич моюнум, өткөрөлү –Тоголок Молдо куржундагыларын, далдайган «Манас саптары», «Семетейден» баштап, эки илимпозду талаштыра жазы столго четинен бапестеп коё баштады.

* * *

Илим изилдөө институтунун кызматкери Ыбрай Абдрахман уулу Тоголок Молдону үйүнө өргүтүп аталыкка алганга тегизделген мурут, чокчо кара сакалынан мулуңдады.

– Молдоке, мен өз иниңизмин. Жадид татар мектебин 1905-жылы бүткөм. Анан Ташкенден окугам. Нарында, Ат-Башыда мугалим болгом. Сиздин жазган кошокторуңузду Нарын, Ат-Башыда айтпаган кыз-келин жоктур. Ашыглык ырларыңыз, «Куба коюңуз» бала кезимде Ат-Башыда черик элинде жат ырдалчу. Өткөн 1924-жылы, сизди күттүк. Кошо бармак экенбиз. Кечиктиңиз. Сагымбай Манасчы экөөбүз Ташкенге бардык. «Манасты» түгөл жазуу тапшырылды. Эшеналы Арабай уулунун үйүндө болдук.

Тоголок Молдого чакырык жеткен, бирок, Ташкенге келгени айтылбаган. «Манас», «Семетей» дайын болгондо буерге чаап жетмек. Чогуу барышмак экен. Өтөөрү өттү. Мунусуна да шүгүр. Кур кол шопоюудан уялып, жанталашып жаңыртып жазып жатпадыбы. Эшеналы Арабай уулун айтканда ашыга:

– И-и... Дурус кебиң бар экен Ыбрай Молдо.

– Али чатыраган боз улан чагында Уфадагы Галия медресесин бүтүргөн Эшеналы Муддарис сизди жакшы билет экен. Илгерки тамсил, кошок, ырларыңыздан, мектеп ачканыңыздан, эмчилигиңизден мезилдеп, жаңы «Кедейлерге насыятыңыздан» сабалатты. Байымбет ага тунук акын деди.

– Ия, Эшеналы ошенттиби?

– Ооба, Байымбет – тунук акын. Элдин оозеки чыгармаларына каныk, кыргыздын тарыхын, улама сөздөрүн укмуштуудай билген, өзүнүкүн андан булактаткан, даана көркөмдөп ыр калыбына түшүрүп жазган, телегейи тегиз чоң таланттуу адам – деди.

Тоголок Молдонун кан тамырлары чатырай, денесин ысытып, чекесинен тер нымшыды. Алда кайда тоо түпкүрүндө жүрсө да дареги, жазгандары шаарлардагы окумуштуу азаматтарга билингенин, барктап түшүнгөндөрүн көрсө, укса... тирүү жан демденет тура.

– А Эшеналы өзү. Ташкенттеби дале?

Ыбырай кыркка барса да али бырыш түшпөгөн жазы маңдайын, тоонун тунук абасында туулуп өскөн кызгылт нурлуу сулууча тоголок дидарын мотурайта, арылбас муң чалган кара көзүн коюуланта, кандайдыр алпейим, ак ниет пейилин айкындады.

– Облусубуз бөлүнгөн соң, Эшеналы үй-бүлөсүн бу өзүбүздүн Пишкекке көчүргөн. Өткөн 1924-жылы Эшеналы Арабай уулу кеңеш мектептери үчүн алгачкы «Кыргыз алипбесин» Ташкен басмасынан чыгарган. Азыр Маскөөдөгү «СССР элдеринин борбордук басмасынын» улут бөлүмүндө өзүнүн жаңы «Алипбесин» кайрадан толуктап, «Жазуу жолунда саамалык», «Сабатсыздыкты жоюу куралы» китептерин жана да даярдаган, Тыныбектин «Манасынан», сиздин «Насыятты», Боогачынын «Секетпайын» кыргызча чыгарып жаткан Токчоро Жолдош уулу баштаган кызматкерлерге жардамдашууда. Ал дагы биздин илим-изилдөө институттун карамагында иштейт.

Тоголок Молдо көпкө кармалаары аныкталганда Абдыкалыкка Нарынга кайтууга уруксат этти. Келатканда жолдон кайрылып өргүй келишкен Токмоктун Кара-Дөбөсүндөгү карындашы Каныкейге, балдарына бере кетүүгө белек-бечкек камдап жөнөттү.

Эзелки тааныш шакиртиндей элпек лепилдеген, китеп, илим, эл чыгармалар дүйнөсүнө башын сая берилген Ыбырайдын эки бөлмө үйүндө утурумдук бирге жашоого көндү. Башынан тааныш, азыркынын атактуу Манасчысы – курбусу Сагымбай жайлап, кыштап чогуу жүрүшүп, Ыбырайга «Манасты» жаздырып, жакында үйүнө, Кочкорго кетиптир. Кайра чакыртылып, дастанды улашмак.

Карылыгы жетип чөккөн кадимки Тыныбектен аз да болсо Каюм Мифтаков деген татар мугалим «Манастан» жазууга үлгүрүптүр. Анан Сагымбайды Нарынга чакырттырып, айыл айылды кыдырыша ээрчишип, айттырып отуруп, андан да жаза баштаптыр. Ыбырай ошо Мифтаковдун саамалыгын улантууга, институттун илимий кызматкери катары чыгынып киришиптир. Мифтаковдун жазгандары институттун казына-

сына тапшырылган. Баалуу иш. Кантсе да, айрым чулу сөздөр чалымдалып татарчаланып кеткен.

Ыбырай өзү да ырдап, жаза коёт. Тили таза, нукура тоолук кыргыз. Сабаты жеткилең, бүт жан дилинен берилип жалгыз гана ишинен жыргал табаарын билет. Жазмыштын асыл ырахатынан эртелеп кагылган.

Экөө барган сайын ынак тарта, чыгарма, эл, доор тагдыры жаатында мүдөөлөрү, көз караштары баймабай жакын экендиктери аныкталып, өмүр тиричилик сырларын да чубашты. Жашы, жолу улуу акын өз башынан кечиргендерин маалымдады. Бир кишинин өмүрүнө чактабас кайгы, куугунтук, айрылуу, ошондо да мүңкүрөбөй, тагдырдын катаал сыноолоруна туруштук берген кайраттуу, муңбас, үмүттүү, атагы да, жашы да улуу адамдын тагдыр баянын укканда, Ыбырайым кантээр алапайын таппай алактады.

Кылдат кыбачыл Тоголок Молдо улуулук кылып жолду ачса да, тигинин кысылганын аңдап:

– Ыбырайым, «Сыпаа сырын жашырбайт». Экөөбүз өзөктөш, өнөрлөш да чыктык. Мен агалык кылып жолуңду ачтым. Баамымда сен окумал, сыпаа, дөөлөттүү жашасаң да, арылгыс муң чалган коюу көзүңдө катуу сыр бар. Канча күн чогуу туруп, пикирлеш, чиймелешпиз. Менден жашырба, тартынба. Сенде боорукерлик, асылдык, аруулук, сыпаалык жана такыбалык бар. Сырткы элде тараган атың бир башка. «Улуу иште уят жок». Өз оозуңдан уккум келет, иним.

Төх-х! Ачылчу да, ачылбачу да сыр бар. Ыбырай өзү жашырган менен элге айкын. Тоголок Молдо айттырбай байкаган «арылбас муң чалган коюу көздө» чөккөн кайгылуу окуяны жүрөгүн сыздата кайпытты.

Татар Жадид мектебин бүтүп, тоо айылына мугалим болуп жүргөн. Өң-келбет келшпкен толукшуган жигит. Бардарлардын балдарын жаңы ыкма менен окутуп, тездетип кат тааныта кадыр-баркы көтөрүлүүдө. Жаздоо, жайлоо, күздөөдө улам жаңы жайыт, конуш тандап көчкөн айылдар менен кошо, өргөө-мектебин көчүрө, таза аба, көрктүү жер, ынак тамакка карктанып, көңүлү өскүлөң чалкыйт. Жаштардын оюнуна катышып казал,

дастандардан окуп, ашыглык секетпейлардан чоордой кооз үнүн созуп, сүймөнчүгү артат. Теги жакыр, кайындаган колуктусу жок, колу тайкы болгон менен дили бай азаматтын делебеси козуп, манаптын бой жеткен кумар көз кызына ашык болот.

Жигитти жактырып, жеңелер ортого түшөт. Бардар зөөкүр уулуна кайындап, күйөөлөтүп жөнөтөөр кыздын да көңүлү Ыбырайга оойт. Экөө тымызын жолуга башташат. Манаптын өңдүү, эстүү кызы, ага андан артык берилген Ыбырайга кыямат кайымга чыдап, каякка десе кошо кетүүдөн тартынбас шертин бекемдейт.

Ыгын таап, ичкерилеп качып житүүгө камынышат. Кандай бир карасаат аркылуу Ыбырай мырза менен кызынын шойкому атасына угулат. Калың өткөргөн, кадырлуу кайыны турса, жолбун, жакыр молдо жигитке төрүндө азгырылган кызына, бузуку молдого манап намыстанып ызырынат. Шек билгизбей аңдытат. Аны сүйүшкөн эки жаш сезбейт.

Азилдешип, качуу, сапарында калың арча түбүндө айкалышып турушканда кыздын кара мүртөз атасы агыткан жигиттерине Ыбырайды карматат. Өлөөрчө сабатат. Анысы аз келгенсип каардуу манап «Аңги айгыр имиш, байтал бузаар кызыталакты ат кылып таштагыла!» деп буюрат. Манап өзү башында туруп «күйөөлөгөн жигиттин колу-бутун таңдырып, Ыбырайымды көз көрүнөө малдай бычтырып, соолтуп таштайт.

Ыбырайым эс учун жыйгандан кийин сенделип, ал аймактан тентип жоголот. Акыры ичкери шаарларга кире качат. Такай бой, коколой баш. Жаштык, жашоо кумарынан айрылган шордуу бүт өмүрүн окууга, эл оозундагы кенчти изилдөөгө, жыйноого багыштайт. «Эл тамырынан жер тамыры улаш» эмеспи. Анын дареги кайда жүрсө кимдергедир маалим. Ошо толукшуган жигит кезиндеги кайгылуу тагдыры унутулбай, сырттан ичке дейре жортуп көпчүлүккө айкын. Угуза, угузбай да ага экинчи ат коюлган. «Ак Молдо». Демек, Тоголок Молдо байкаган такыбалыкты аргасыздан, мыкаачы зордукчулардын азабынан күткөн.

Мына ушундан соң Тоголок Молдо Ыбырайымдын илимге, адабиятка, жалпы эле улут маданиятына бүт дилин сайган такыбалыгын жактырды. Залимдерден өчүн жумурай журттун

намысын көтөргөн ишкердиги менен алаар. Бирок көздөгү муң эч өчпөс. Бул өкүттө өмүрлүү такыба адамдын колунан жакшылык гана келет.

* * *

Ыбырай кадырлуу мейманына түк аянбай чаркына жараша ызаатын жасоодо. Ичээрине даамдуу чай-чамасы, уктаарына ак шейшеп, мамык төшөк керебети, жазаарына үстөлү, кагаз, сыясы, окууруна эски, жаңы китептери, «Эркин Тоонун» сандары, эрмектикке комузу, чатырашы, упайы, картасы үйүндө белен, дайындуу. Баары мейманынын оболунда кызматында.

Ыбырай институтка эртең мененки даамдан соң барат. Жаңылыктарды угуп, тапшырмаларды алат; иштеген жумушун кабарлайт. Кыймылдабай болот калемин жорголоткон Тоголок Молдону түштөнүүгө ээрчитип чайханага отурушат. Аерге кээде атайлап түштөнүү үчүн гана эмес, иш жагдайынан баарлашууга институттун башка кызматчылары да чогулушат.

Кечкисин көчөлөрдү, бак-дарактуу, гүлзарлуу аянттарды аралай сейилдешет. Чырак жарыгында түнү да экөө үстөлдүн эки бурчуна бөжөйүп күндүзгү жазылгандарды окуп, эртеңки иш жөнүндө пикирлешет.

Күндөрдүн биринде Ыбырай көнүмүш эрежени бузуп, эртең менен мекемеге кеткенинен кайтканы бат, таңылчакчаны көтөрүп, карбаластап киргеничи.

– Молдоке-е, касиетиңден кагылайын Молдоке-е! Таштаңыз бүгүн калемди. Мени иштен уруксат беришип, сизге атайылап сүйүнчүгө жиберишти.

– Сүйүнчүгө! Оозуңа май, Ыбырайымым! – Көз айнегин таштап, өбөктөгөн столдон элпек бери атылган акынды Ыбырай кучактады.

– Шаштырбаңыз. Чуркап жетем деп энтиккеним басыла элек. Институтта сиз тааныган окумуштуулар баары сизди бекем кучактай, колун кысып, биздин атыбыздан куттукта дешти. – Таңылчакты столго коё Ыбырай акын аганы удаа-удаа кучактай демикти.

– Жанакым өзүмкү. Бу, Кыдырдын, бу Суриковдун, бу Эшеналыныкы, бу…

– О, чунак, жетет эми, кучакка тойгуздуң. Уйпалап бүтүрө турган болдуң, айтчы, антаңдабай!

– Ашыкпаңыз Молдоке-е. А дегенде көпчүлүктүн аманатын аткарып бүтөйүн. Алар бир ооздон минтишти. – Жеке Байымбет аганын өзүнүн гана эмес, баарыбыздын, жаңы кыргыз маданиятынын кубанычы, саамалыгы!

– Ой, чунагым, макулмун, кабылдадым, кут сөздөрдү. Эми-не…

– Ай, шаштырып ийдиңиз. Мына «Насыятыңыз»! Маскөөдөн китеп болуп басылды.

Ыбырай таңгактын четинен булкуп китептин бирөөнү акынга булайта сунду.

Акын китеп эмес, кайыптан бүткөн балтыр бешик умтулган периштени колуна, кучагына, бооруна, жүрөгүнө алдейлей кысты.

– О, жараткан, ушу күнгө да жеткирдиңби!? Перзентим! Канат күткөн, сабалаган перзентим! Маскөөдөн табыттап, өзүбүзгө сызып үйрүлдүңбү?! – Акындын эркинен сырткары кубаныч сөзүн, кубаныч жашы жууй, али нур наарданткан тоголок жүзүнөн тайгылып, көгала мурутунун кылкандарын жылтылдатты. Чукулда «Эркин Тоонун» алгачкы санын көргөндө ушинтип балкыды эле. Эми китеп келбетине айланган «Насыятына»…

Ыбырай улгайыңкы акынга кошо толкуй баржактады:

– Маскөөдөн чабыттаган «Насыйкатыңыз», бүт кыргыз облусунун аймагына жаңы доордун, кедейлердин ураанына катары жетиштүү окулууга, тизме боюнча бөлүнүп жатыптыр. Баса, аксакалдын «Насыяты» – Кеңеш такрыбындагы өзүнчө китеп болуп алгачкы чыккан чыгарма. Мааниси, көркөмдүгү келишкен, пайдалуу, таасирлүү чыгарма. Караңызчы, жасалгасы да улуттук оймо менен коооздолуптур.

Байымбет китебинин мукабасына көз айнегин жалтылдата кадалды. Ырас эле мукабанын оң жана сол чети башынан аягына чейин эндүү таңдайлашкан туш кийиздин оймосу менен коооздолуптур. Үстүңкү жана астыңкы кырында ичке тегирич,

оромол, сүлгү кыюусу. Кылда учунда «Бүтүн дүнүйө эмгекчилери бириккиле!» деген сайма жазуу. Ортодо бадырайган «Насыят», астында айтуучу: Тоголок Молдо (Аталуу аты Молдо Байымбет) түз сызык менен бөлүнгөн. Андан ылдыйраак дагы эки жол. Бастыруучу: Кыргыз илим кемессиясы. СССР калктарынын басмаканасы. Кыйма сызыктын төмөнкүрөөк учунда Маскөө 1925-ж.

Араб тамгаларынан ылайыкталып түзүлгөн даана кыргыз тилинде, али толук кургай элек басма боёгунун жытын бур эттире, оодарган бcharaктан өзүнүн жети жыл мурда жаралган сөздөрүн жандуу талпынтууда.

Калем алдым оң колго
Кабар берем оң, солго.
Кара таман кедейлер
Жалпы түшкүн оң жолго!
...Сайрайын сөздүн тазасын
Залимдин бергин жазасын!
Жарык нурду көрсөткөн
Ленин жолу жашасын!

Китебинин акыркы бетинен «Насыятты» чыгарган редактор Токчоро Жолдошов, басмага даярдаган Эшеналы Арабай уулу экенин окуду.

Акын өмүрүндө далай эле сүйүнгөндүр. Улам кийинки кубаныч өтө шаңдантат бейм адамды. Айтор «Насыяттын» китеп болуп чыгышы анын узак өмүрүндөгү саргара жорткон мээнетинин берекети. Түбөлүк өлбөстүктүк жышааны. Ананчы, басма китепке ээ болуу сокур тилеги эле го. Буюрса, бул жагымдуу ыроо уланаар. Эми муруңкудан да күргүштөп демдүү иштөөсү, чачылганын жыйноосу, үзүлгөнүн улоосу зарыл.

Кеңеш өкмөтү, билим мекемесинин көзүрлөрү минтип зор ишеним көрсөтүп, анын «Насыятынын» маанисин жогору баалап отурган соң, андан күткөндөрү дагы зордур. Бекеринен куржунуна бөктөрүнө келгендерин «Манас саптарынан Семетейди» баштап талашып, кызыгып окуп жатышпас. Жакында бүтүмдөрүн айтат. Мүмкүн, аларын да жактырып кабылдоолору

ыктымал. Күнүгө Ыбырайдын камкордугу астында жоготкондорунун эстегилеринин канчоосу толукталып шилтелүүдө. Сыясы кургай электе окулуп, билим кемессиясына четинен колмо кол өткөрүлүүдө.

Күн сайын Ыбырай «Насыяттын» даңазасы күүлдөгөнүн маалымдоодо. Окумуштуулар, борбордогу кызматчы жолдоштор Маскөөдөн удаалаш ушул 1925-жылы чыккан Тоголок Молдонун «Насыятын», Боогачынын «Секетпайын», Тыныбектин «Семетейинен үзүндүнү», кымбат, куттуу, табылбас дүнүйө катары биринен-бири доңшуп кайдан болбосун таап күтүүдө. Анан калса «Кыргыз билим кемессиясы» алгачкы китептердин тобун мыктылап тандаптыр. Басма окууга зарыккан элге дастандан атактуу манасчы Тыныбектин «Семетейинен», ашыглык ырларынан ашыра күйүп боздогон Боогачынын «Секетпайын», жаңы өзгөрүш доорун чыңоого, кара таман кедейлерди сезимдүүлүккө, мурда өзүлөрүн эзген дупмандарын чегинтүүгө, аластоого чакырган таасын жазма акын Тоголок Молдонун «Насыятын» – көркөм адабияттын ар түрүнүн үлгүсүнөн сонун гана белек даярдашыптыр да.

* * *

Колдон колго тийбей, катыра, шар, мукам окугандар тандалып талашка түшкөн окуялар айылдардан угулууда. Айрыкча, али да өмүр бою басынган, алданган шордуу кедейлердин айрымдары өз укук, өз орундарын толук кайтара албай жалтаңдык, көз карандылыктан арылтуу, кой терисин жамынган амалдуу бай, манап, молдо, кожолордун бетин ачуу, тап күрөшү айыгышкан учурда айыл активдери жалпы элдик чогулуштарда «Насыятты» ачык окутуп, үгүт иштерине таасирлүү курал катары пайдалангандары маалымдалууда.

Тек, кайсы бир айылдарда «Насыят» китеби жетишпей, коңшу кыштактарга чабаганчылар жиберишип, колкого сураттырып, кыйын деген сабаттуу окумалдарга окутуп, зээндүү өспүрүмдөр, кедейлер жат үйрөнүп, ырдап жүргөндүктөрү кезит, радио аркылуу кабарланууда.

«Насыяттын» чагылгандай тез жаркылдап, жаңы заман ээлери букаралардын көңүлүн жагалдантып, сезимдерине кубат бере, бардаш кайратын арттырса, дале тумшугун катып, көзүнөн чаарын аңтарган тымызын кекенишип, бүлүнттүүлүктү жүргүзгөн тап душмандары кулак-чунактарды безгектей калтырата, бүткүл элдик окуяга айланган учурунда, чыгарманын далдоодогу ээсинин ал жайы да оңоло, зоболосу көтөрүлө серпилди.

Кыргыз тилинин жана басмасынын илим изилдөө институту акындын Куртка, Нарындан чыгынып бөктөрүнүп жеткирген жана буерде жазгандарын күнүнкүсүн колмо кол алгоолошо таанышып, талкуулашып акынга жыйынтыгын жарыялашты.

– Сиздин жазма чыгармачылыгыңыз «Насыятыңыздан» тартып, ыр, кошокторуңузга чейин кыргыздын адабий тилин калыптоого, өнүктүрүүгө зор салымын кошот. Түзүп жаткан сөздүгүбүзгө керемет байлык, кенч. Дагы улантыңыз,– деп кыргыз тилин изилдеген орус окумуштуусу Степан Суриков жылуу ормоё колун кысты. Ал мурда жазылган, айтылган жана көкүрөктө уюп ачыла элек эмнелери бардыгын ийне жибине дейре узакка баарлаша сурамжылап, ошонун баарын чыпчыргасын коротпой кагазга түшүрүүсүн... Узак өмүр, чың ден-соолук, кол үзбөй катташып туруусун каалады.

Кыдыр ойчул, окумуштуулук турпатын айкындаган жазы маңгыл маңдайын, кашкайта курч көздөрүн күлүңдөтө карт акынга мээримдүү бурулду.

– Байымбет ага, биздин колго тийгизген чыгармаларыңызды түгөл талашып окуп чыктык, пикир алыштык. Бакибиз бир добуштан эгер сиз ырахым этсеңиз билим кемессиясынын алтын фондусуна, өкмөттүн казынасына өткөрүүнү чечтик. Мүлк сиздики, кыпыны да жоголбойт, темир сандыкта сакталып, керектүү учурда илимпоздор изилдөө иштерине, ылайыктуууларын пайдаланышат. Алгач талашып ирмеп, күрмөгөн тиги Степан Кузьмич... Кийинчирээк, көбөйттүрүп көчүртөбүз. Түп нускаңыз коробос алтын катары сакталышына кам санабаңыз.

Кыдыр күрөң костюмунун чөнтөгүнөн колтойгон ачкычты сууруп, бурчтагы чоюн сандыкты-сейфти ачып, кол китептери ирээтүү жайлуу салыкта катылганын көргөзгөндө карт акын

кыйлага төл мүлктөрүнө токтоо кадалып көңүлү жайланыңкы жайкаңдады.

– Кыдыр иним, мен өзүм үчүн эмес, көпчүлүк, жамыят үчүн жаздым. Демек – мүлк элдики. Азыркы Кеңеш өкмөтү элдик. Силер Кузьмич баштап өкмөттүн алал кызматындасыңар. Чочуй турган жөнүм жок. Мен жараткан мүлктү ушундай алтын казынага бапестегениңерге курсантмын… «Басмачыларга карактатып жайдакталган курган жан, кайра топтоп өткөргөндөрүмдү минтип кастарлап, катканыңарга, окуп, керекке жаратып атканыңарга ыраазымын.

Кыдыр жайкаңдай, таза кырылган чап жаагынан алаканын сыйпай өтө, үлпүлдөк аппак көйнөгүнүн жакасын түйүндөгөн жагоосун оңдомуш эте шапылдады.

– Ырахмат Байымбет ага, сиздин сезимдүүлүгүңүзгө биз сыймыктанабыз. Мындан ары да дайыма куштарбыз. Элибиздин бай оозеки көркөм чыгармаларынын кызыл тил өнөрүнүн канык билерманы, сиздин уюткан кен салыгыңыздан азырынча чети гана оюлду. Биз үмүттөнөбүз, күтөбүз жана бекем ишенебиз, сиз уюган кен салыгыңызды боо-чуусун калтырбай ыкчамдап аңтарасыз. Кагазга түшүрөсүз. Эгер шааңыз жетпей баратса Ыбырай Абдрахман уулуна айтып жаздырасыз. Бизди сүйүнткөн экөөңүздөр түшүнүшүп, ынак кепереalthдештиңиздер. Сагымбай жана башка манасчыларды, жомокчуларды жер жерден чакыртып атабыз. Ыбырай такай сизди, аларды көзөмөлгө алат. Каалаcаңыз мында, калаада туруңуз, жок айылдан барып жаза берем десеңиз эрк өзүңүздө.

Тоголок Молдо башы бактылуу өнөрканага маанектелгенине каниеттенди.

– Маал, маалы менен чакыртып турсаңар мага айыл деле жайлуу. Ошояктан деле ойсуратам. Куржунум дөмпөйсө жыл моюндатып, жыл аттатып өзүм деле шаарлап жеткирип тураармын. Окумуштуулар бирин-бири жалт карай үнсүз жаңдаша макулдашты.

– Анткениңиз дагы эп.

– Жайлуу десеңиз Курткаңызда туруңуз. Айтканыңыздай биз чакыртабыз же өзүңүз куш тилиндей кабар билдиресиз. Дайым

сизди күтөбүз – Кыдыр узак мөөнөткө каалаганындай өзүнчө аракеттенчү карыя ишмерге биротоло жолдомону айкындады.

– Мына буларды эске аласыз, Байымбет ага. Сиздин чыгармачылык арым ар түрдүү, өтө кең. Өзүңүздүкүн да, элдикин да чыгармачылык жыргалчагыңыздан дандуу, дансыз дебей тыптыйпыл өткөрөсүз. Азырынча тапшырганыңыз улуу дастандын «Семетей» бөлүгү, а да бүт эмес. «Манаска» толук киришиңиз. Кенже дастандарды каалашыңызча, билишиңизче кайсайсыз. Тамсилдериңизди өзүнчө такылдатасыз. Кошоктор, армандарды өзүнчө копшойсуз.

Кыдыр тартылып баратканда Степан Кузьмич сөз тизгинин чойду:

– Молдоке, сөзсүз, кыргыздын санжырасын, уламаларын, жөө жомокторун, балдар үчүн чыгаргандырыңызды түптүгөл. Жана башкысы залимдерге, сопу, молдолорго октогон жанытма, күйдүргү казалдарыңызды эч калтырбайсыз.

Аябай кунттана, көңүлгө түйө, дегендери эч төгүнсүз, өзүндө барларды санап эскерткендерине акын толкуй да, опкоолжуй да күлө бакты.

– О-уу, мунун бакисин чуктоого эчкиникиндей кыска өмүрүм чак келээр бекен?

– Мунун баары өзүңүздөгү кайнар булак.

– Сиз, тфу, тфу, көз тийбесин. Канчалык азап тартсаңыз да күүлүү, демдүүсүз. Талыкпай иштеген адамдын өмүрү жашарып турат. Ошондой суктанаарлык өмүр күткөн, ишмердүүлүгүн сактай билген арбабтардын биздегиси Молдоке.

Тоголок Молдо буга ынана, демдене каргыды.

– Ырас. Мени карытпастын дабаасы – эмгек. Эмгекчил адам карылыкка оңой менен моюн сунбайт. Чолосу да тийбейт. Эмгекчилден ыпыластык, оору сыркоо да жалтанат. Өзүңөр айткандай ошонун бири менмин. Айланайындарым, ишенимиңерге ыракмат, аянбаймын. Жаш, күүлүү чакта ишенимге жетпей курубадыкпы. Ишеним – жанга кубат берээр сыйкыр.

Кыдыр столунун суурумасынан мөөр басылган такта баракты калдырата көтөрүп, Степан Кузьмичти, Ыбырайды, дагы иштегендерди жапырт обдулта Тоголок Молдого чукулдады.

– Түшүнүштүк. Чукташтык. Сиз Молдоке, илим изилдөө институту үчүн алды менен атактуу жазуучу акынсыз. Эл байлыгынын ээсисиз. Өкмөттүн илим мекемесинин дарбазасы жаңы ачылган алтын казынасына алгачкы мүлк таштаган, улам байыта берүүчү зергердин зергерисиз. Сизди биздин коллектив институттун өтө ишкер жана демилгелүү кызматкери деп эсептөөнү ылайык табышты. Илим мекемесинен кызматкерлигиңизди бышыктоочу күбөлүк катты колуңузга, чоң кубаныч менен тапшырууга жана куттуктоого уруксат этиңиз.

Институттун илимпоздорунун ысыта алакан чабуусунун коштоосунда Кыдыр карыя акынга күбөлүк катты тапшырды.

– Мындан ары өзүңүздү Кеңеш өкмөтүнүн илим-изилдөө мекемесинин кызматкери деп санаңыз.

* * *

Ушундан кийин Байымбеттин көөмөйүндө мына булар окторулду. «Баракелде-е, тагдырың түшкүр. Бир жакшылыгына оосо, уланышып, өйдөлөп кете берчү, касиетиңди байкаттың э-э. «Ырыс оошот, илим жугушат». Минтип дөөлөт консо, чер баскан көөндү да жибитет. Көкөй кескен арманды да арылтат, кайгыны да унуткарат. Алда немеге арзытып, демдентет. Жакшылык да куюшкандашып кетээри чын белем. Мунуңа шүгүрчүлүк. Куюшкан бекем болсун. Дөөлөткө мас, манчыркоочу чактан өттүк. Мындан ары бак дөөлөт канчалык дуулдап келсе да, тобо деп топук кылып, термелбей көтөрөбүз. Азапты көп көрүп көтөрө билген адам жыргалды да баалай, көтөрө билет.»

Оюндагысын, колундагысын барктоочу, колдоочу жай таппай, четинен аргасыз жулдуруп, талата узак өмүрүндө кайсалай, карайлай далбастаган Тоголок Молдо, мына эми чыгармаларын өкмөттүн илим мекемесине түбөлүгү түз кенч катары өткөргөнүнө, ал тургай аягы сай таппай каңгыган мүшкүлдүү башына илимий кызматчылык ыйгарылганда, «ким эле, ким болду» дагынкысын өлчөй тобосун бекем чыйралта толгоодо.

Китеп, кагаз, калем, белек-бечкек, базарлыкты куржундарга кампайта, үстүн жаңыланта Тоголок Молдону жергеси,

эли-журту Курткага узатаарда Ыбырай чын дилиндегисин айкындады.

– Менин жайымды дурустап түшүндүңүз. Каалаган учурда келиңиз. Өз үй, өлөң төшөгүңүз даяр. Мен дайыма кызматыңыздамын. Бая чоңдорубуз да орой чарай, баарыбыздын көзүбүзчө айтты. Элдик таланттардын чыгармаларынан казынанын алтын фондусун байытуу мага жүктөлгөн жумуш. Ага өзүм да сыймыктанам. Сиздердикин окуп, угуп, жазган сайын өзүм шерденем, ылайым талыганды, чаалыкканды сезбейм. «Эгиз улакка айры шыбак» дегендей, менин шыбагама сиздерди жазыптыр. Касиетиңден кагылайын кутмандуу Ала-Тоом, Нарын, Ат-Башы чөлкөмү мени да унутпастыр. Таазим этип коюңуз. «Жолуңуз шыдыр, жолдошуңуз кыдыр» болсун.

Жытыгышкан Тоголок Молдо жөнөгөндөн кийин, коңултуктай ичи ачышып Ыбырайга ал адамдын кимдиги ого бетер дааналанып, эстелик дептерчесине буларды тамгалады.

«Тоголок Молдо ачык, жарык жүз менен, кимге болсо да, таасирдүү, терең сөздөрүн айткан, сөзү макал менен чубурган өтө сөзмөр киши. Ар бир айтканы тууралыкка, адамгерчиликке такалган. Сабырсыздыктан, жалганчылыктан жаа бою качып, чындык, жумшак мүнөзгө чакырган акылман, келечекти кең ойлогон тегиз адам. Жазган ырларын эң таасирдүү, жагымдуу болгондуктан калк сүйүп окушат...

Тоголок Молдо ырга да, оозеки эл чыгармаларына да канык жана кыргыздын тарыхын, улама сөздөрүн укмуштуудай билген, телегейи тегиз чоң таланттуу айкөл».

## УНУТУЛБАС УЛУУ АКЫН

– Биз эми Молдоке, сизди унутпай турган болдук. Ансыз, дагы көп жылы унутулупсуз. 1925-жылы «Насыят» китебиңиз чыкса... ошондон кийин он үч жыл бою, ушундай чоң акындын, болгондо да жазгыч акындын басмага эч нерсеси чыкпай калса унутулат деген ошол да!

Бир топ ыр китеби чыккан белгилүү акын, кара сурунан чулу жигит Кубанычбек Маликов көзүн күлмүңдөтө, салыңкы

мурдун, моюнун сол мүрүсүн карай кажына жазуучулар уюмунун идарасында, олчойгон үч кол китепти столуна кучактаган калыбында карыя акынга умтула шакылдоодо.

Жазуучулар уюму. Тоголок Молдо илим изилдөө институту менен алака түзгөндөн көптөн кийин уюшулду. Андай уюмдун бардыгын өзү деле анчейин капарына албады. Алигиндеги 1925-жылы, институтка кызматкерликке эсептелгенден бери жыл аттай каттап, такай жазгандарын түгөл илим казынасына өткөрөт. Тиешелүү калем акысын төлөшөт. Китепти качан, кандай чыгараар коёрду өзүлөрү билээр деп, кээде күдүктөнүп, дале үмүт үзбөй жүрөт.

Жаңы, окуган жаштардан жазуучулар, акындар шатектөөдө. Алар жазгандарын кезит, журналдарда, китептерин өзүнчө такай чыгарууда. Карт акын Тоголок Молдо кимисиники болбосун жаземдебей окуйт. Ага баарысынан «Эркин Тоо» менен бирге шаңшып чыккан «Өктөбүрдүн келген кезинин» ээси акындардын агасы аталган Аалы Токомбай уулунун жазгандары жагат. Жашыруун адабий аты «Балка» аталып тап душмандарына балкадай таамай чабылып, ачык күрөшкө чыккан беттерин ачып ашкерелеген «Мен киммин», «Мен комсомол», «Мен тапчыл» курч, саясий ырларын эл жат билишет. «Чабуул», «Туткун Марат», «Кандуу жылдар» дастандары кеңеш көркөм сөз өнөрүнүн жазуу түрү, мазмуну жагынан, элдик дастандардан айырмалуу терең, ойлуу адабияттын жаңы үлгүсү. Анын өзү менен 1928-жылдан тааныш. А деп бетме-бет Балканын иш мекемесинде жолугушканда экөө тең мурдатан чыгармалары аркылуу эски тааныштар, качан, кандайча билишкенин эскеришкен.

Байымбет «Эркин-Тоонун» алгачкы жүзүн ачкандагы «Өктөбүрдүн келген кезин» сырлуу, толкундап окуган учурда ээси коңур дудар чач, адамга жароокер уяң караган жазы маңдай, ыйманы ысык аксаргыл, нооча жигит Ташкентте САКУда билимге сугарылып жүргөн кези экен.

Ал эми азыркы Балка Кытайдан үркүндөн кайтып, жетимдиктин зарын тартып Кочкордо абайылда айылында жүргөндө Тоголок Молдонун атын 1921-жылы угуптур. Ошердеги

жергиликтүү манап Кадыркул дегендин агасы өлүптүр. Анын даңазасын көтөртүш үчүн Тоголок Молдо деген акын кошок жазат экен. Ошого атайын киши жиберишкени, ал чабарман Тоголок Молдону «таппай» келгени эсинде калган. Так ошол кезде Ысык-Көлдүн тескейиндеги Каптагай деген байдын кызы кудалаган байдын зөөкүр уулуна тийбей, малайдын кийимин кийип, орус балыкчынын кемесине түшүп качып Кочкор, Жумгалды кыдырып, көңүлүнө жагаар, тең болоорлук жигит издеп акыры Кеминге жетип, Шабдандын уулу Мөкүшкө тийгени жөнүндөгү поэманы уккан. Анын «Атамдын аты Каптагай, армандуу болдум бир далай. Айласызга туш келсең, өмүрүң өтөөр жыргабай»... «Сөйкөмдү бердим колуна, алдап-сыйлап сөз айтып, зөөкүрдү салдым жолуна». «Канаттын уулу Карыпбай, каргаша сөзгө семирген...» сыяктуу саптарын эми да чубурта айтып, кезегинде булар гана түгүл түгөл жат билгенин аныктады.

Балка ошолорду эскерип, карт акындын илим изилдөө институтуна алакалаш демилгелүү ишмердигин жактырган. Кол китептеринен окуп, газета, журналдарга ылайыктууларынан чукулда чыгартууга айрымдарын тандаган.

Карыяга чың ден соолук, чыгармачылык соолбос булак каалап, дайыма байланышта болоорун аныктап көңүлүн төптөгөн. Мезгилдик басма сөздөр жаңыланып көбөйүп чыгууда. «Эркин Тоо», «Кызыл Кыргызстан», «Ленинчил жаш» кезиттери, «Жаңы маданият жолунда», «Чабуул» журналдары Тоголок Молдонун дастан, ырларынан анда-санда болсо да, калайыкка жеткире жарыялап турду. «Кубаттын уулу Кулмырза» дастанчасын «Жаңы маданият жолунда» журналынын № 5–6-санына 1930-жылы ошол Аалы бастырган. Акын аларды Балканын камкордугу, көзөмөлү деп жоруду.

Тоголок Молдо көнүмүшүндөй институттан эмес, жазуучулар уюмунан, чыгармаларын толук ала келүүсүн эскерткен чакырык боюнча күпүлдөп дурус камынган.

– Көпчүлүккө таратууга, окулууга ылайыктуу делген ар түрдөгү чыгармаларыңызды, институттун казынасына табыштагандарыңыздан дагы кошуп өз өзүнчө топтоштуруңуз. Көрүп

жатасыз. Өзүбүзчө басма, өзүбүзчө арибканабыз бар. Мезгилдүү басма сөздөрүбүз чоңдорго, жаштарга, аялдарга, дыйкандарга, мугалимдерге өзүнчө басылууда, убакыт өткөн сайын арбууда. Кыргызстаныбыз өзүнчө союздук республикага айланды. Биз эми эрктүү, күчтүү мамлекетпиз. Китеп чыгаруу азыр кыйын эмес. Жаш акын, жазуучулар жыл сайын өзүнчө китептерин топтоп жарык көрсөтүүдө. Ардактуу ага Байымбет, сиз тартынбаңыз. Институттагыларыңыз алтын казынада сакталып, изилдене берсин. «Манасыңыздан» тартып «Мышыктын аңгемесине» чейин чыпчыргасын коротпой жарыкка чыгарууга эртедир кечтир кезеги келет.

Маскөөдө бүткүл союздук жазуучулардын курултайы болду. Сиздей эки доорду көргөн элдик шайырлардан Дагстандан Сулайман Стальский, жазгычтардан бизге коңшулаш тажик Садридин Айни катышты. Бүт совет жазуучуларынын жаңы социалисттик чынчыл адабиятынын кербен башчысы Максим Горький элдик таланттарды жыйноо, чыгармаларын токтоосуз бастыруу, көп улуттуу, көп тилдүү совет калкынын ооз эки адабий мурастарын чогултуу маселесин курч койду. Аны өкмөт менен партиябыз колдоп, бизге да милдеттендирди. Мен илим институтунда азыноолак директорлук, иштеп калып, сиздин кенч менен толук таанышкам. Азыр тамсил, сатира, кошок, арман, кенже дастандар, Совет доорундагы поэма, ырларыңызды, балдар ырларын бөлөк-бөлөк бет алдынча камдаңыз. Сабаттуулукка жалпы умтулган, тез арада жетишкен калкыбызга сиздин чыгармаларды китепке бастырып сунуш этсек, талашып окушат. Чамдаңыз, буюрса сизди илим институтунан биз жазуучулар уюмуна тартып алуучу кез жетти.

Балканын ушул маанилүү масилетине шерденип Байымбет эки жыл бою борборго келбей, түркүн салаалуу чыгармаларын ирээттеп, эскилерин жаңыртып, жаңыларын кошуп калың төрт кол китеп даярдаган маалында жазуучулар уюмуна чакырылды.

Көрсө бу саам жазуучу, басма, илим уюмдары бириктешип Кыргызстандын чар тарабынан элдик ырчы, жомокчу, куудул дегендин баарын чогултуп атышыптыр. «Дыйкандар үйү» мейманканасында бакылдашып жалаң мен кыйынмын деген өнөрпоздор.

Мейманкананын үстүңкү кабатында Кыргызстан жазуучулар Союзу. Апрелдин башы. Күн жылып, жер чымырап бактар жашыл бариктерин чачкан учур.

Жумгалдан атактуу куудул Куйручук, манасчы Багыш да ушерде экен.

Алгачкы төңкөрүш, жеңгенден, айрыкча 1920-жылдагы Алматыдагы дыйкандар курултайын куттуктап жардагандан баштап, кеңештин жаалдуу жарчысы аталган, кара жаак ырчы Калык, атактуу комузчу, кыякчы Мураталы карыя, атактуу комузчу Кара Молдо, Таластан Алымкул ырчы, Чүйдөн Осмонкул төкмө, кадимки алп Тыныбектин уулу акын Актан, өзүнүн кастарлуу шакирти Молдобасан, Муса, Калмуратты ээрчите өкмөт тарабынан уюшулган артисттикке өтүшүп, борбордун тургундарына айланышкан.

Молдобасан, Калмурат, Муса – жалпы элдин жарп жазаар шайырларынан башка Тоголок Молдо өңүн тааныган, же сыртынан эшиткен өзүнүн Курткасынан эле канча азамат Пишпек калаасын мекендөөгө үлгүрдү.

Кыргызстандын мурдагы кедейлер тобунун башчысы, эми жер иштер эл комиссары Нуркул, Самарадан соттун окуусун бүтүргөн албуут жалындаган Букарбай досунун уулу Сейитбай бар. Сейитбай өтө курч чыкты. Курткадагы эски манаптарга, байларга кедейлердин чокоюнун таманын өптүрүп, дагы бир айылда бай, манаптарды көгөнгө байлатып жазалоонун чененинен маскаралаганга чейин барганы ушак-айыңга айланган. Борборго баардык элдин жарамдуу өкүлдөрү топтолуп, туралтуу жашоого жана иштөөгө өтүптүр.

Мамлекет, борбор күтүүнүн касиети чыңалганы ушу. Оң, сол, кай жер, кай уруу дебей ар кызматка жарамдуу азаматтар мурдагы Пишпек, эмки өзүнүн эмчи досу, Лениндин шакирттеринин бири, кезегинде өзү моюнуна куржун көзүнө отургуза көтөрүп эркелеткен төңкөрүштүн, Совет бийлигинин атактуу ишмери, кол башчысы ушул калаада төрөлүп, боорун көтөргөн жердеши Фрунзенин наамындагы борбор шаарга топтолууда.

Бүткүл элдик мамлекеттин шарапаты, бакиси кеңештеш, максатташ болгондуктун касиети ушул. Кай кесиптин көзүн

таанууга жер жерден атайын жөнөтүлгөн, өзүлөрү самсып жет-кен, өкмөт эсебинен жатакана, кийим, тамак менен камсыздал-ган жаштардын окуу жайларында толгондору канча. Тоо, таш арасында кир, кок самтыраган өспүрүмдөрдүн таза кийинип, китеп, кагаз кучактап, шаар көчөлөрүн жаңырта, шаңданта мотурайып жүргөндөрү карт акындын көзүн сүйүнтүүдө.

– Айланайындар келечек силердики. Далайыңар эл, жерге кайтып илим-билим таратасыңар. Далайыңар как ушул борбор калаанын туруктуу ээлери болосуңар. Бактыңарды барктай билгиле.

Келгенине да, көргөнүнө да кубанган карт акын, кантсе да ичинен саал коңултуктады. Балканын насааты боюнча көп нерсени бөктөрүнө жетти. А Балка негедир жазуучулардын башчылыгында да, арасында да жок. Ушак, чагым менен четтетилиптир. Жүрөк ишенбейт. Утурумдук чыгаар. Ансыз башкалар кантээр экен. «Таанылбасты сыйлабас» этилиши да ыктымал. Анда үйүр институтуна барат. Жаңыларын тапшы-рат. Эскилеринин көчүрмөсүн өзүнө калтырат. Мейманканада кожурашып, топурап чогуу жашоо да жакшы. Бирок, ага, али «Манасты», башка уламаларды, болумуштарды толук аягына чыга элек, такай жазуусун токтотпой, болот калемине сыр-дашып көнгөн эмеге, жалгыздап тынч отуруу шарты керек. «Дыйкандар үйүндөгү» жарык чоң бөлмөлөрдө төрт-беш киши-ден жашоодо. Өз үй, өлөң төшөгү Ыбырайыныкына жибербей Молдобасаны биздикинде туруңуз – деп кыргыз шайырларынан эң алгач, али 1935-жылы эле карыя Мураталы экөөнө «Кыргыз ССРинин эл артистик» ардак наам ыйгарылган атакка тунган, өнөрү ашып-ташып толкуган шакирти болбой үйүнө түнөтүп, урмат сый көргөзүүдө. Демек, түнөк жайы камсыз.

Тоголок Молдо жердиги сыпаа, сабырдуу киши камыкка-нын сездирбей момурайганына карабай, жазуучулар уюмунун экинчи катчысы Кубанычбек сырдана кебетеленип:

– Ушундай чоң акындын, болгондо да жазгыч акындын 1925-жылкы «Насыятынан» кийин он үч жыл бою басмага эч нер-сеси чыкпай калса унутулат дегени ошол да! – деп жапырылганда, ичи жылый жогорку эскерүүлөрдү закымда көзүнөн чубуртту.

«Атаң көрү, «Атан төө жокто тайлак бар, комун жерге калтырбас» деген ушул. Балка жокто анын шакирттеринин бири ушу бакылдаган кара жалпак Кубанычбек чечеби карт акындын тагдырын? Канчалыкка, кантип? Ишенимдүү жулкулдашына караганда оңор азамат өңдөнбөйт.

Баса ушу Кубанычбек тайманбай темине саламдашып, шапылдап ал-жайын сураштырганда эч ырайга карабаган айтылуу куудул Куйручук аны «Арабанын четки атындай жулкунган эргул» – деп таамай мүнөздөптүр.

Ыймандуу кыз баладай тартынып, ишенээр ишенбес зымпыйган аксакал Тоголок Молдого, Кубанычбек кашкайган чындыкты бак эттирсе да термелбеген соң, ийнин куушуруп, сүйрү көзүн күлмүңдөтө, жалпак мурдунун таноолорун дереңдетип, Чүйдүн чөлүндө какталган дыйкан тукумунун карасур жайык бетин жыйрылта, кантсе да карыяны жибитүүгө шымалана купшуңдады.

– Чоң акын сиздин «Насыят» поэмаңызды 1925-жылы ушул Пишпек – Фрунзе калаасынын чет жакасындагы Көк-Жар, Төкөлдөш айылдарында жылаңайлак ойноп жүргөндө эле жаттап алгам. Ыгы келип калган жерде «Насыятты» чубуртуп ырдап да жиберчүмүн. Ишенбесеңиз, мына угуп көрүңүз. – Жумшак, уккулуктуу обонун желпти.

Калам алам оң колго
Кабар берем оң солго.
Кара таман кедейлер
Жалпы тушкүн оң жолго –

деп оозумду бир ачсам оңой менен токтолбойм. Улантайынбы, Молдоке?

Тоголок Молдо сыйда көгала мурутун сылай мулуйду. Ниетинде эгер жайлуу маал келсе, атаганат, илебинен нан бышкан, канча жазма китептин ээси, жазуучулар тобунун жетекчилеринин бири таанымал Кубанычбек азаматтын кооз ыргагында «Насыятын» жазылгандан жыйырма, басылгандан он үч жылдан кийин ырахаттанып угууну самады. Бирок, иш үстүндө, кызмат бөлмөсүндө атайын жалгыздап маектешип отурган соң осолураак ойлоду.

– Ыраазымын Кубанычбек уулум. Мартабаң жогоруласың. Жетет. Башка масилетиңе өт.

Карыя ие баштаган соң, аны ого бетер жайкап, анан «башка масилетке өтүүгө Кубанычбек отургучун жылдыра, чукулдай бырс күлүп алды.

– Ха, ха! Молдоке сиз арымыңызды кере таштаганда бара-бара таманыңыз кызыганда жазылчу сай күлүксүз. «Манасты» кулачтуу акындар гана айтат. Тыныбектин сиздин «Насыят» менен удаалаш чыккан «Семетейинен» жаттагам. Сагымбайдын өз оозунан «Манасты» уккам. Чай кайнам шымаланып дастандан да таштап коём, ыгы келген шаан-шөкөттүү жерлерде. Сиз биздин чакырык боюнча келээрин келдиңиз. Ашыкпаңыз. Сизди анча-мынча жибитип туруп киришпесек болчудай көрүнбөйт. Бирөөлөр камыңызды жесе керек. «Алмамбет менен Чубактын жол талашканы» дегениңиз газета бетинен жайнап көрүнө баштады. Куттуктайм! Сизди мен көзмө-көз биринчи көрүп отурам. – Кубанычбек сүйрү, боорукер көздөрүн жалжылдатып Тоголок Молдонун турпатына сугулду.

Сырттык тоо кыргыздарынын үлгүсүндө түрмөгү жазы, төбөсү кууш кара көрпө тебетейчен, кабыма боз чыт чепкенчен, чигирим маасычан, жашы сексенге чукулдаган көгала сакал тыгырчыгынан келген кичирээк кара тору сабырдуу турпатка алымсынбагандай омсоңдой, дагы бырс этти.

– Молдоке, кечиресиз. Сизди мен мына ушу көргөнүмчө кандайча элестеткенимди айтып берейин. Чыдап угуңуз.

Жердиги сөзмөр, айлантып чалма азаматтын өзүнүн дагы арымдуулугун байкап аксакал көңүлүн төшөдү.

– Жарайт уулум, жарайт.

Кубанычбек келбетин келиштире сүрөттөп, Манас айтчудай сургулт көйнөгүнүн жакасын желпе, акырек топчусун чечип, жол-жол костюмунун жеңдерин билегинен жогору жопшой отургучун кайра кетенчиктетип, акындын теке маңдайына шоңкоё кара сөздөрдү ырдай, эргите апчый, апчый ыргытты.

– Менин кыял жүгүртүүм боюнча «Насыяттын» автору шайман-турманы келишкен; жакшы ат минип; калың топту жара бастырып; ээрге обдула отуруп; кезек-кезек камчысын солоп;

оозунан сөз бороонун каптата ырдап келе жаткан үнү бийик, бою бийик, шаңдуу ырчы. Эчен курдай курчалып отурган калың топтун ортосунда күрмөсүнүн сол жеңин солбуй ыргытып, оң жеңин дагы каруусуна чейин түрүп жиберип; өрүк комузду жаналекетке салып булбулдун добушунан кем соктурбай шаңдуу сайратып; анан кийин уккан кишинин жүрөгүн элжирете үн кошуп; жок дегенде коңур доош менен калдайган топту токтотуп олтурган далбардай чоң киши… Тоголок Молдонун элеси мындан башкача болушуна мен өзүмдүн жаш кыялымда эч макул эмесмин да!.. Бала күнүмдө айылда ошондой ырчыларды көргөмүн да! Кыскасы акындын элеси өзүнүн жал куйругу төгүлгөн келишкен ырлары менен менин жүрөгүмдөн бекем орун алган. Мен өзүм кыялымда жасап алган Тоголок Молдону күтүп жүрсөм…

Кубанычбектин колун серпе, сүйрү курч көзүн ойното, кең таноолуу жалпак мурдун жайык кара сур жүзүнө өйдө ылдый дердеңдете сыпаттай элестеткенин Тоголок Молдо дастан уккандай берилип тыңдады. Кубанычбегиң түшкүр мүнөзүнө жараша сөзү да жулкунган эргул тура. Баарысынын аягындагы «Өзүм кыялымда жасап алган Тоголок Молдону күтүп жүрсөм…» деп тамашалуу өкүттөсүн билгизгени акынга аябай жакты. Борсулдай ыкшыды:

– Көрсө, элестеткен акыныңдын толорсугуна арзыбаган тоголок кичине киши купулуңа толбой аткан тура уулум.

Максатына жеткенге, шпенимге карктанган Кубанычбек дагы нарылай коюн-колтуктан ала бапырандады.

– Өтө коңур, өтө жоош. Өзү дайым жазуу жазып, бөжөйүп отурган ойлуу, чулу тоголок киши. Атка минген мурунку жарчы ырчылардан эмес, дүйнөгө озунуп эртерээк келген мына биздин катардагы жазуучулукту кесиптеген, үстөл минген тоголок, чымыр, акылман киши тура.

– Жарпты жаздың уулум. Өзүң да жаңычыл жазгыч азаматтардын ичинен, эски, элдик наркты, өнөрдү түшүнгөн, барктаган кесиптешсиң. Кол койдум сага.

– Келиштик. Ынаныштык. Анда Молдоке, ток этээрине өтөлү.

– Ошент уулум.

– Мен сиздин куржунга кол салууга тийишмин. Тоголок Молдо жылмайып мурутун жаныды. «Сөзүн кара эргулдун». «Сиздин куржунга кол салууга тийишмин».

– Тилиңде мээр, колуңда эмиң, бар окшойт. Уруксат, уруксат, Кубанычбек уулум. Сөздүн кунун баалап түшүнгөнгө айт. Кубанычбек набаттуу карыя акындын жазылмак түгүл жайдарыланганына, өзүнүн ким экенин таанытканына дагы куштарлана жагдайды чечмеледи.

Тоголок Молдо аксакалдын кол жазмаларын окуп чыгып, токтоосуз басмага кетчүлөрүн тандап алуу милдети мага тагылды. Ошондуктан Молдоке, кыңк-мыңксыз куржундагы кол китептериңизди толугу менен мага табыштаңыз. Эки күн ичинде окуп чыгам, ушерден жыйынтыгын сүйлөшөбүз. Айтканындай, Кубанычбек так да, эр экен. Чапчаң эки күн өтүп үчүнчү күн дегенде, а дегендегисиндей анталаңдабай, жылаңбаш кайраттуу кыска кырктырган чачын үрпөйтө маңдайын күржүйтө, бырыш жок болсо да чекесин чокмороктото түйө, бая күнкү шок күлмүң сүйрү көзүн тикирейте, чарчагандыктын да, ойго арбалгандыктын да белгисин туйдура, жай букчуя басып:

– Жүрүңүз Молдоке, сүйлөшөлү – деп жазуучулар союзунун жетекчилеринин кабинетине ээрчише кириштi.

Кубанычбек стол бетиндеги үстү-үстүнө жыйылган төрт кол китепти өбөктөй кучактап закымга Тоголок Молдону токтоо, кандайдыр баякысындай батынбай алыстабыраак тиктеди.

– Бүт окуп чыктым. Дүр-дүнүйөңүз түркүн... Бизче темаларыңыз чачкын. Биздин байкашыбызча... – Мукактана кол китептердин беттерин ага четтете, ээсине жылдыра, төртөөнүн ичиндеги жукараагын өзүнө калтырды.

Тоголок Молдо алгач жолукканынан өзгөрүбүрөөк, кыймылы да, сөзү да башкараак тарткан Кубанычбектен кандайдыр салкын илепке ичиркене түштү. «Биздин байкашыбызча»... Демек, бул бирөөлөр менен кеңешкенби? Жактырышпагандай. Жаки, алигисиндей ичи коюнга кире шашкалактабайт беле. Моюнунун сол капталын булккан күрөө тамыры да создугуп калганбы, кагынганы билинбейт. Алиги жукараак кол китепти ачып, алаканын сылата, бу отурушта алгач башын чулгуду.

– Биздин байкашыбызда... Мобу кол жазмаңыздагы балдар үчүн ылайыктуусу көбүрөөктөй. Өзүңүз койгон «Балдар жомоктору» деген ат менен өзүнчө, коопдотуп китеп чыгарууну чечтик...

Карыя телмире унчукпаган соң, Кубанычбек экинчи «Тамсил, жанытмалар» топтолмосун кайра өзүнө жылдырып, барактарынын ортосундагы өзү кагаз койгон бетин ачты.

– Тамсил, поэмаларыңыздын ичинен «Жер жөнүндө» жазганыңыз мага өтө жакты. Аты сопол болуп калып жүрбөсүн?

– Анда кантебиз балам?

– «Жер жана анын балдары» десек кантет?

– Ээ, болуптур балам, жер болгондон кийин анын тентегирээк балдары бар чыгаар. Ошолорду айкындабадым беле. Мына ошентип өз колуң менен жазып кой.

Тоголок Молдонун сыпаа чымчыбыраак «Жер болгондон кийин тентегирээк балдары бар чыгаар». Тентегирээк дегенди кекээрдүү, ага, тентектик кылган «Биздин байкашыбызча...» деп сопойтуп, кымындай гана нерсени чыгаралы дегенге таарыныбыраак жаныгтканын Кубанычбек байкабады.

Жеке таанымал акын эмес, чоң уюмдун жетекчиси, атайын карыя акындын чыгармачылык тагдыры ага тапшырылып ишенген адам, ачык каршылык, нааразылык укпаган соң, чоң ишке жарагандыгын туйгуза калем учун ийсеңдете ээсинин көзүнчө «Жер жана анын балдары» деп жазды.

– Бүттүк Молдоке. Эки китебиңиз эмдиги жылга жетээр, жетпей чыгат. «Балдар жомоктору». «Жер жана анын балдары». – Катчы колун сунду.

Тоголок Молдо сыр алдырбай анын алаканын кысты.

– Ырахмат балам. Буларымды алып кетейин.

– Алыңыз. Алыңыз. «Тамсил. Жанытмаларыңызды» бир күнгө калтырыңыз. «Жер жана анын балдарын» машинкага көчүртө салып, бүгүн кеч кайтарабыз. – Кубанычбек оңой кыраан эмес да. Карыянын нааразыраак сабыры сузданганын байкай каалга жабылганда бармагын тиштеди:

– Атаңдын көрү, атаңдын көрү, кетпес жерден кетирдик. Кап, бекер. Күнөө... Кайдан макулдаша койдум. Кайран киши-

нин төрт китебин тең чогултуп, бөлүм, бөлүмгө ирээттеп эки том кылып, баш, түшүндүрмө сөз жазып чыгарсак болоор эле. Өтөөр иш өттү. Эми кезеги качан келет? – Кабинетинде чычмалактап аркы-терки басты. Чекесиндеги чыбырчык терди жүз аарчысы менен сүртүндү – ажаан доордо, ушундай курч, жанытма маанилүү тамсил, кошок, арман жазган ким бар? «Манасы» го мында жок. Кенже дастандарычы. Совет бийлигинин тушунда жазган канча поэмалар, ырларычы. Тандап... жок... Кагаз аз, азырынча, элди оозанта туралы... Ана-мына дегендерге көнүп, ондун бирине татыбас «Балдар жомогуна» макулдадык. Мейли, өмүр бою эчтекеси чыкпай деле жүктөнүп чыдап жүрбөдүбү. Кап неге «Насыятын» баштап, «Өзгөрүш», «Аткантаң менен Сүйгөнбай», «Эркиндик», «Аялдардын азаттыгы» поэмаларын өзүнчө чыгарбайбыз. Кайта сүйлөшүп көрсөмбү. Бекер өз колум менен чапчаң рецензия жазып, жыйынтык чыгарып басмага өткөрө да койбодумбу.

Байымбет кол китептерин кайра куржунуна катты. Өзүнчө гана ичинен түйшөлдү. «Демиккен таз желиңди бас». Буларды түшүнбөйт деп айтыш күнөө. Анан неге ченеп бычышты? Көзүмдүн тирүүсүндө барандуураак эле, элге жүзүмдү толук көргөзөөрлүк бастырышса боло. Өзүлөрүнүн жыйнактарын олчойтуп чыгарып эле атышпайбы. Балким, мен билбеген себептери бардыр. Балким, карган эмеге ушул эле жетээр дешеби. Институтума алтын казынасында жокторумду табыштайын. Барларын... Жоктон көрө жогору. «Эт бышканча өпкө, боор, шорпо, шилең таткалай туралы» дегендей. «Балдар жомокторум» менен «Жер жөнүндөгү» кайым-тамсил дастанчам чыга турсун. Ага да тобо. Тирүү тура турсак, дагынкысын да көрөөрбүз. Биз көрбөсөк урпактар көрөөр. Кайран Токтогулду айтчы. Сайраган боюнча өттү да, кетти. Жаңы заманды «Кандай аял тууду экен, Лениндей уулду» деп Кетмен-Төбөдөн маңдайы жарыла, кулачы созула шаңшыптыр. Мындан он жыл мурда, 1928-жылы как ушу борборубуз Фрунзеге чакырылыптыр. Анда да түп киндиктик окумуштуу орус азаматы Затаевич чылгый обон, күү чыгаргандарды, анын ичинен шакирттери менен Токтогулду чакырттырыптыр. Айрым обон, күүлөрүн, тиши түшүп,

кызыл ээк болсо да, таңдана кагазга түшүрүптүр. Токомдун көзүн, дидарын даана күбөлөгөн, урпактар көрүп жүрөөрлүк жападан жалгыз сүрөтүн ошо Затаевич тарттырыптыр. Тирүү кезинде бир сап ырынын басылганын көрбөй өттү кайран асыл. Эми чаң тополоң түшүшүп, Токтогулдун айткандарын ырдагандарын шакирттери Калыктан, Коргоолдон, Алымкулдан... угуп, жаттаган элдин баарынан жыйнап жатышат. Элге кезит, радио аркылуу кайрылууда.

Атаганат, шакирт Калыктай болсун. Ал Токтогулга чыгармачыл балалык парзын толук актоодо. «Токтогулдун айткандары, Калыктын эскергендери» делген толук китепти Калык жазып даярдаптыр, Калык демекчи – бургуй мурутун келте мурдуна жараштыра, ырды оозунан октой атылткан Токтогулга тете акын болуптур.

– Молдоке, илгери айткандарыңызды капарга түйүп, жолуңузду жолдоп жазууну жөнүктүрдүм. «Курманбек», «Жаныш-Байыш», «Кедейкан», «Ак Мөөрдү» жаздым, басмага өткөрдүм. Чубуруп биринен сала бири чыгууда – деп ылым-санай жаркылдады.

Токтогулду мурдагы келгенимде Балка аябай сурамжылады, кызыкты, жашын сүрүштүрүп, миң тогуз жүз кыркынчы жылы сексен жаштык мүчөлүн белгилеп, чыгармаларын топтоп чыгарабыз деди эле. Кубанычбектен да өткүр Жоомарт акын, Токтогулдун таалайына жердеш болуп калганын карачы. Токомдун мурасын жыйноонун демилгечиси ошо.

– Жеке ырларын чогултуу гана эмес, Токтогулдун өмүрү жөнүндө китеп да жаздым. Жыл маалында чыгарам. Сиз да кыскача, Токтогулга жолуккандарыңызды чие салыңыз – деди. Сөзсүз. Атаганат, өзүңдөн болбосо да элиңден артыңан ушундай намыстуу жаш чыкса жакшы тура. Токтогул өзү көрбөгөндү укум-тукуму, жумурай журту көрө турган. Буюрса, биз эми унутулбайбыз. Багыбыз ушу заманга жете жашаганыбызда. Чет четинен чубап аздап болсо да жазгандарыбызды чыгарып жатат. Пендебиз да, баары чыкса дейбиз. Сыягы ар нерсенин өз учуру, ченеми бардыр.

## ЖАМБЫЛДЫН ТОЮНДА

Ошол 1938-жылдын эрте жазында, илгеркидей атчан канча өргүп дабандарды ашпастан, тасма кара жолдо учкул машина менен зыпылдап жеткен Тоголок Молдо Фрунзени жаздап гана эмес, жайлап, күздөп, кыштай турган да болду.

Борбордо кабаттуу имараттар бүткөрүлүп, көчөлөр түз, кенен чоюлуп, бак-шак кулпура, кызыл-тазыл таза кийинген шайыр жаштарга толукшуп көркү чыгууда.

Маданият ишмерлери өзгөчө шаңдуу, тыкан, тынчсыз. Театрларда жаңы оюндар даярдалууда. Москвадан чакырылган канык адистердин жардамы астында мурда болбогон опера, балет, драма, хор, улут аспаптарынын курама оркестри... балдар, куурчак театры... ырчы, бийчи, комузчу, кыякчы, добулбасчы, сурнайчы, чоорчу, манасчы... дебей шайырлардын баары эски өнөрүн жаңы ыкка талыкпай күргүштөтүүдө.

Калайыкка атагы чыккан өзү менен курбу карысы Мураталыдан тартып, ага тааныш, таалимин алган Калык, Молдобасан, Муса, Калмурат... Биринен-бири өтүп, бирин-бири толуктаган, бири-бирине окшошпогон айтылуу, даңазалуу Карамолдо, Осмонкул, Алымкул, Абдылас, Атай, Ыбырай, Шаршен, Адамгалый, Саид... кыздардан Анвар, Сайра, Мыскал... Карт акын аттарын айрып таанымбаган менен театр, филармонияга маал-маал барып, оюндарын көрүп, аял, эркек аралаш жаш артисттердин сыйкырлуу чеберчиликтерине кумары таркабайт.

Артисттер менен алакалаш, кызматташ жазуучулар, аларга аралашып да, өзүлөрүнчө да китептерди чыгарууну, орусча котортууну ыкчамдатабыз деп эле күжүлдөшүүдө.

Ошолордун деминде, шарында жашаган Тоголок Молдо, мындай күргүштөп көтөрүлүүнүн себеби – эмки жылда түп борбор Москвада кыргыздын маданият өнөрү менен адабиятынын он күндүк салтанат сайраны өткөрүлөт. Ошого жапа-тырмак даярдык жүргүзүлүүдө экен. Мындай таалай тоо кыргызынын мурда түшүнө кириппи.

Кыргыздын байыртан үзүл-кесил уланган маданиятын дүркүрөтө өнүктүрүп, түп борбор Москвада сынап, салтанаттан

кеңири жайылтууга кам көргөн өкмөт менен партияга карт акын алкоосун багыштай, өзүнчө терисине батпай семирүүдө, элирүүдө. Кыялы учкул, болот калеми жүгүрүк, бели мекчейип талбаган, колу кожоюп карышпаган эмгекчил. Тобо, бу да жаңы доордун, жамыяттын, элдин деми, кубаты. Аткараар, берээр парзыңдын бүтпөгөнү.

Акын өзүнчө катуу тартип коюп, жылбай отуруп иштегенине үйүнөн жай берип, шарт түзгөн Ыбырай көндү. Анын ыкрарлыгы менен чыгармаларын жаздырып чогуу байырлагандар бул кары адамга айраң таңданууда. Ошолордун бири – жергеси тутумдаш Жумгалдык жалындуу манасчы Багыш Сазан уулу. Ал Тоголок Молдодон он алты жаш кичүү. Алтымыштын экисине келген, сыйда кара сакалдуу, көзү киртейиңки кагелес нооча адам. Кат билбегендиктен «Манастан» айткандарын Ыбырай Абдырахманов кагазга түшүрүүдө. Демейде, отуруштарда жер чечегин безеген, билбеген балээси жок, көптү окуп, көптү уккан казына баш, куйма кулак Тоголок Молдо, али аягына чыга элекмин деп сансыз билгендерин четинен чубап өзү гана жазууда.

Багыш бакылдап айтып жаздырып, Тоголок Молдо түйүнчөктөй түйүлүп өзүнчө мээсин булактата чиймелеп, экөө Ыбырайдын эки бөлмөсүндө баш маанектегендери качан. Багыш айтып, айтып чарчаганда тирмейип, анын оозунан чыкканын ир дедирбей илмектеп кагазга саймалаган Ыбырайга да боор ооруй токтотот:

– Ыбыке, курган жанды көп эле курута бербейличи. Сеп алдыралычы. –деп, короого, көчөгө каңгып басат. Чай ууртайт. Чүйдүн таптуу абасына нымшып, шаардын күү-шаасына думугат. Салкын төр жайлоосун, ынак кымызды, баглан козунун этин, атчан сайрандап бастырууну сагынат. Эригет. Ошол бош аралыктан пайдаланып Ыбырай папкесин көтөрүнүп институтка кетет. Багыш терезеден көз салса Тоголок Молдо стол өбөктөп бөжөйүп отурганы отурган. Ары-бери сейилдөөнү да токтотуп койду. Мурдараак саал-паал узак маектешкенде далайды аңтарган карыя сөзгө балкытчу эле. Анысын да тыйды. Эртели кеч эмгектенип отурганы отурган. Багыш нетсе да элкин

көнгөн элет адамы эмеспи. Чыдаңкырабай Тоголок Молдонун үстүнө кирди.

– Жарыктык Молдоке, эс алып иштесеңизчи. Чарчаганды билбейт экенсиз.

Тоголок Молдо жүгүрүк калемин саймалаган сабынан кайкытып, кагазынын жанына этиет коё кесиптешине бурулду. Ага закымга ойлуу тыкчыйып, көңүлүн бурдура минтти.

– Ээ, Багышым, бизге запкы көрсөтүп, ойдогубузга жеткирбей онтоткон, ал замананын опсуз адилетсиздиги, мыкаачы бай-манаптардын каардуу сөз, катуу камчылары сөөгүбүздөн өткөн турбайбы. Эми биз эртеден кечке жазып кагаз бетине түшүрүп, кийинки жаштарга бетин ачып көрсөтүү менен, зулумдардын жазасын берели. Бактыбыз ачылып, өзүбүздүн жүрөктөн чыккан чын сөзүбүзгө эми гана ээ болбодукпу. Өз эмгегибизди өзүбүздүн бактыбызды жараткан заманга бергенден тартынабызбы? Канча көп иштесек, ошончо дагы-дагы иштегибиз келет да...

Бу маанилүү сөздөрүн Багыштын сезимине чөгөрө кубанычтуу жылмаюу менен коштоткондо, салтанаттуу, жыргалчылыктын мекени – Совет дооруна чын берилген адам – акылман акындын бекерге көшөөрүп эмгектенбегенине түшүнүп, Багыш жеңилдей жаркыды. Экөөнүн маеги дагы уланат беле, эшиктен шашкалактап, Кубанычбек Маликов баш бага, салам да айтпай шашкалактабаспы.

– Айланайын Молдоке, жүрүңүз тезирээк. Автомобиль көңкөбай күтүп турат.

Байымбет элпек обдулду.

– Балам, шашканыңа жол болсун.

– Болуңуз ылдамыраак. Шашкандын кеби бар. Бара көрөсүз.

Багыш кошо чыгып, чүмкөмө жеңил көңкөбайга агасын Кубанычбектин жанына отургузуп, чаңызгыта зымырылганда башын чайкады.

– Карбаластаган түгөнгүр, кайда алып кетти карыяны. Чоо-жайын да айтпады. «Шашкандын кеби бар. Бара көрөсүз» деди. Не кеби болду экен? Багыш башканы унутуп, Молдокесин күтө зарыкты.

Кызмат аяктаган маалда алиги кара көңкөбай зып, дарбазанын жанына токтоп, андан Тоголок Молдо жүзү жаркый суурулду. Астынан тоскон Багыштын:

– Кана, Молдоке, ачык айтып, ак сүйлөңүз. Жышааныңыз жакшы – дегенине.

– Ошондой Багышым, ошондой. Жазуучулардын чоңдору жыйынга чакырыптыр. Мени, картайганыма карабай жазуучулар мүчөлүккө кабылдашты.

Багыш көгүш кемселинин этегин далдактата, кулачын жайды.

– О-у, кут болсун Молдоке. Карыганда тайбуурулдай байгеге чуркапсыз. Кара көңкөбай жөн зыпылдабайт дейм да.

Тоголок Молдо кичүү манасчынын кучагынан бошонуп, токмаарек токтоо момурайды.

– Багышым, дагыңкысы дагы бар. Чукулда жанагы жайдары култулдаган Кубанычбек баштап... Калык, Алымкул төртөөбүз, Алматыга Жамбыл акындын токсон мүчөлүгүнө багышталган чоң тоюна бара турган болдук. Ыбырай кайда? Мончого баралы. Сый кийимдерди ирettейли.

* * *

Өрүшүндө малы, жаздыгында башы бирге өскөн боордош казактын айтылуу акынынын торколуу тоюна, колуна комуз, башына тебетей, үстүнө чапан камдап ашыгып жеткен кыргыздын акындары а деп саламдашалы десе Жамбыл өзү жок.

Өлкөнүн борбору Маскөөдөн, союздук республикалардан чакырылган меймандарга, салтанатка дүрдүккөн элге жолугуша берип, чарчаган токсондогу Жамбылды төркү бөлмөгө жаңыдан эс алууга кыңкайтышкан. Ошо тушта кыргыз агаиндери келип түшпөспү. Конок кабылдаган казак азаматтары азыраак күтө туруууларын өтүнүшүп, ал жай сураша, чай ичип отурушат.

Өңгө, өңгө башынан тааныш, азапташ, тагдырлаш, үндөш Жамбылдын жаңы доордогу даңазасына сүйүнүп, көрүүгө дегдеп жеткен Калыкка аз убакыт көптөй созулуп, чыдамы жетпейт. Анан калса Калык бетке чабар, эр жүрөк, курч ырчы.

Мүнөзүнө жараша сөздөрү да чынчыл, олчоюп, кимдин гана болбосун жүрөгүн туйлатат. Аны өткөн доордо Каратал, Мырзабек баштаган манаптар кердирип, кийимин тонотуп сабатса да, мизи кайтпады. Совет доорунда кайра курчуй бүлөнүп, өзгөрүштүн алгачкы күнүнөн тартып, шаңкылдап, эркин турмушту сайрап, акындардын алдыңкысы, өрнөктүүсү. Ушул Алма-Атага да кедейлер тобунун I съездине 1919-жылы делегаттыкка шайланып келип, курултайды куттуктап да, казактын кызматчы жолдошторунун далай чөйрөсүндө, үйлөрүндө тамаша куруп, баркы, даңазасы жогорулап кайткан. Ошондо да Жамбылга жолуккан.

Калык отургандардын эч кимине кеңешпей-таңашпай, суратпай, чынысын дасторкондун четине көмкөрө комузун күүлөп, төркү үйдү карай бийик доошун каргытты.

О, Жамбыл! Бактылуусуң бүгүн сен,
Бай, султандарды тепсеген.
Элиң куруп салтанат
Эңгезер эмгегиңди эстеген.

О, Жамбыл, таалайлуусуң бүгүн сен
Токсондо толкуп термелген.
Тоюңа келдик кайдасың,
Тоолуу кыргыз жергемден.

Мейман күткөндөр айран-таң не дээрин билбей, өкүм акындын өткүр чакырык саламына толкуй, дапдаарый кулак төшөштү. Калыктын үнү улам катуулап жүрөктөрдү гана эмес, имараттын ичи-сыртын бүт титирете кумар көздөрдү жабалактатты.

О, Жамбыл, бир кезде
Көк эшегиң чүчүлөп
Көк чапаның бүчүлөп.
Биздин Чүйгө келгенде
Бирге ырдап жүрчү элек!

Баары зымырай, алапайын таппай төркү эшикке алайышты. «Кайдагы көк эшекти чүчүлөгөнүн, көк чапанын бүчүлөгөнүн» айтты, казак туугандар, Жамбыл өзү таарынбайбы, куттуктага-

ны келип шунтип биз ырдаткандай уят болбойлу» нээтте кыргыз акындарынын делегация мүчөлөрү бири-бирин караштьы.

Айрыкча Алымкул менен Кубанычбек чочулашты. Тоголок Молдо сөздүн жылуу илебин, ынактыкты түшүнүп, элүү бештеги толуп турган «кара жаак» аталган Калыктын анык чоң акындыгына маашырланды. Токтогул экөөнүн ырын үзүлө тыңдап, оозун чормоңдото жаттаган жыртык чокой, куур тон Акы устанын уулу бала Калыкты, а деп Кетмен-Төбөдөн маектеше тааныганын, кийин кермурут жигит, белгилүү акын болгондо Жумгалдагы топто жолугуп баарлашып, жеке ырчылык эмес, көпкө кызыгып көптү билген чечендигин жактырып, жазма жолун өнүктүрүүнү насааттаганын, анан Токтогулдун таасын шакирти аталып, ээрчишип жүргөнүндө учурашкандарын эскерди.

Кубанычбек обдулуп тура калып, «Көк эшекти чүчүлөгөндөн» аркысын уланттырбоо үчүн Калыкты кучактай жалбарды:

– Мен койдум, айланайын Каке!

Эл, аларга кошула Калык каткырды. Кубанычбектин «Мен койдуму» лакап катары таркабаспы.

Аңгыча, Калык болбой, комузун кайра күүлөй баштаганда төркү эшик шарт ачылып, Жамбыл дегдеңдеп, топучан, чүчтөдөй сакалын селкилдете чыга калбаспы.

– Ой, бай, ау! Калыгымсыңбы! Айткандарыңыздын бариси өтириксиз, шын гой. Көк эсек минип, куржун байланып кыдырып жүргенимис да өтирик эмес. Калкам, Калык, ан шыркаганыңды дабысыңдан танып, тагы уга турайын дедим гой…

Тирелише тура калган бойлуу, бургуй чыйраткан кара мурут, баркут кемсел, кемер кур, сүлөөсүн тебетей Калыкты Жамбыл карт акырегине баса, алмак-салмак айкаша кучакташты. Анан калгандары менен учурашты.

– Айналайын кыргыз баурларым, аман-эсенсиңдерми. Кыргыздын «Манасындай» шалкыган мухит барма өлөң өнеринде?

Ошондон тартып Жамбыл аларды жанынан чыгарбай салтанат жыйында да, учурашууларда да, той, сый дасторкон жакасында да чогуу, жакын кармады. Ара-чолодо Калык Жамбылга акын агасы Тоголок Молдонун кимдигин жакшы-

лап тааныштырды. Жамбыл, Тоголок Молдо, Калык үчөөнүн бирге тартылган сүрөтү канча күнгө созулган той күндөрүндө газетага да басылды.

Тоголок Молдо Жамбылдын тоюнан көңүлү куунак шагдан кайтканын «Акын Жамбыл» ырында баяндады.

Жамбылга түшкөн эмес мурун ишим,
Сыртынан байкап жүрүп көргөн кишим.
Тоюна Алма-Атага бара салып,
Жамбылдын ошондо көрдүм анык жүзүн.

Жамбылым тойду курап салган экен,
Ар элден конок арбын барган экен.
Мен дагы тойго барып түшкөн күнү
Куралып той башталып калган экен.

Шондо барып Жамбылдын тоюн көрдүм,
Келбеттүү акыл, сыпат боюн көрдүм.
Кеткенче Жамбыл менен бирге болуп,
Жаңырган биротоло оюн көрдүм.

Сексен жаш чыгып кетти көңүл ойдон
Балкытып кубат келди дене-бойдон.
Эл журту Жамбыл үчүн даярдаган,
Сонунду көрүп келдим ошол тойдон.

Акындан артык болуп Жамбыл бүткөн,
Сүрөткө бирге отуруп, бирге түшкөм.
Сайрандап машинеде желдей учкан,
Сыймыкка жүрөк толкуп, көңүл өскөн.

Жамбылым жандан ашкан акын экен
Айтканы Сүйүмбайга[1] жакын экен.
Иниси – Мухтар, Сабит, Кенен[2] – деген
Булар да толуп турган акыл экен.

---

[1] Сүйүмбай – казак элинин айтылуу акыны.
[2] Мухтар, Сабит, Кенен – казактын жазуучулары, акындары.

Жамбылым максатына жеткен чалым,
«Эмгек Туу», «Ардак белгиси» алган баарын.
Таралып СССРдей кең өлкөгө,
Жамбылдын акындыгы болгон маалым.

Жамбыл акындын бул салтанатынан Тоголок Молдо дагы бир айныксыз чындыкты түшүндү. Качан эле мурдагы кылымдаган доорлордо акынга той өткөзчү эле. Той, салтанат манап, байлардын сөөлөтүн көтөрчү окуя катары өткөрүлүүчү. Дөөлөттүүлөр тукумунан акын, ырчы чыгарчу эмес. Алар ырчы, комузчуну – бакшы, думана, апенди катары жакырларга ыйгаруучу. Ырчы дөөлөттүүлөрдүн эрмек-зоогу, зоболосун көтөрүү үчүн малай катары кызмат өтөөчү.

Эми Совет өкмөтү акындын сөөлөтүн даңктап, жалпы журттун салтанат-тоюна айлантып отурат. Казакстан өкмөтү, эли журту Жамбыл аркылуу өзүн, теңчилик доордун артыкчылыгын салтанатташты. Болбосо Жамбыл бир киши. Өмүр бою өлөңү, домбурасы менен эл кыдырып, эрмек-зоок куруп, букараларга тилектеш пааналаш жан сактаган керемет өнөрпоз. Ал эшек, качыр минип, куржунун байланып, жамаатташ Чүй өрөөнүнө, Кеминге көп каттоочу. Ал тургай Соң-Көл жайлоосуна дейре барып, ырдап кайткан.

Жамбыл, анын токсон жылдыгы аркылуу казак журту өзүнүн советтик доордогу маданиятын майрамдашты. Таланттын жеке башынын эмес, жалпы элдик сыймык экенин көтөрүштү. Сырттан келген канча аты, жөнү белгилүү жазуучу-акындар, илимпоздор Жамбыл аркылуу өркөнү өскөн, гүлдөгөн социалисттик Казакстанды таанып кайтышты.

Карт акын Тоголок Молдо, адамзаттын жаралганы ар элде мыкты акындар болгонун, эл тагдырын, күрөшүн, тилегин ырга, дастанга айландырганын, китеп аркылуу тарыхка из кошуп урпактарга жеткиргенин билет. Бирок, эч доордо, эч элде акындын мүчөлүн тойлогонун билбейт. Ошондуктан Жамбылдын тоюн адилет коомдогу бүт акындардын, өзүнүн тоюндай кабылдап эркин замананын шаңына балкып, жан жүрөгү ого бетер жаңыргандай, жашаргандай жагалданды.

* * *

«Желдей учкан» жеңил машинанын астыңкы орунунда жайлуу жагалданган Тоголок Молдо терезечени сызылтып ылдый житирди.

Жаз баары толукшуган майдын аягындагы Алматыдан Фрунзени беттей жол боюндагы сеңселген теребелдин жашыл ыраң чөптөрүнүн, төтөн шыбактын кермек жыты алда недей буруксуй каптап денесин сергилеңдетип, көңүлүн жашарта, сакалын удургутуп алкымын жумшак кытыгылоодо. Адырлар, колоттор артка сыдырылып, тептегиз шибери жайкалган казак талаасы карт акындын ойго чөмүлгөн көзүн тойгузуп ого бетер бажырайтууда. А көөнүндө Жамбылдын салтанат тою көбүрүп-жабырып, табыят көркүнө алаксыганын сүрүп чыгарбаспы.

Алматы, гүл аңкып, чачма булак берметтерин асмандай атылткан аянт. 1938-жылдын майынын 20-сы, кечки саат алты. Заңгыраган маданият сарайында казактын эл акыны Жамбылдын өмүрүнүн токсон, чыгармачылык ишмердигинин 75 жылдыгына багышталган Казакстан Коммунисттик большевиктер партиясынын Борбордук Комитетинин, Борбордук Аткаруу Комитетинин жана Эл Комиссарлар Советинин мүчөлөрүнүн, борбордун коомдук уюмдарынын өкүлдөрүнүн, көптөгөн меймандардын катышуусу менен Алматы шаардык совети менен, Казакстан советтик жазуучулар одагынын салтанаттуу кошмо курултайынын ачылышынын шаңдуулугу ай. Москва, Ленинград, бүт союздук өлкөлөрдөн чакырылган коноктордун арасында ардактуу орунда тоскондогу акынды даңазалоо үлпөтүнүн ар аземин жаземдебей баамдап Ала-Тоолук акын Байымбет кошо толкуп отурбадыбы. Акырындап ошо толкун жүрөк илебинен ысык ыр саптарын серпилтпедиби.

...Сексен жаш чыгып кетти көңүл ойдон
Балкытып кубат келди дене-бойдон.
Эл журту Жамбыл үчүн даярдаган
Сонунду санжыралайм ошол тойдон.

Акындан артык болуп Жамбыл бүткөн
Сүрөткө бирге отуруп, бирге түшкөн.
Сайрандап машинада желдей учкан
Сыймыкка жүрөк толкуп көңүл өскөн.

Байымбет көкүрөгүнө жат түрмөктөрдү «Желдей учкан» унаанын ыргагында купуя шыбыргактатып:

Жамбылым жандан ашкан акын экен
Айтканы Сүйүмбайга жакын экен.
Иниси – Мухтар, Сабит, Кенен деген
Булар да толуп турган акыл экен.

– дегенди кайра-кайра кайталап, шаңдуу элестерди көзүнө чагылта берди. Арийне бул, булчуңдуу ыр серпиминде Казак журтунун данышман акындарынын, өзү таанып, тыңдаган үч муунунун айтылуу чыгаандары бадыраюуда.

Сүйүмбайды Чүйдө жүргөн жаш чагында көрүп, угуп ажайып акындыгына таңыркаган. Кайда жүрбөсүн калк сыймыгына айланган Сүйүмбайдын картайып мөгдөгөнүнө чейинки даңазасына кунттанган. Ал тууралу минтип жазганын кыялында калкытты.

Экейден чыккан Сүйүмбай
Акындар буга жетпеген.
Кадыр таап карыганча
Башынан сыймык кетпеген.

Эки көздөн айрылып
Чоку чыккан аркадан.
Сүйүмбайга жеңдирип
Далайлар сөздөн чарчаган.

Андан кийинки акындардын чыгааны Жамбыл. Эски зулум заманда зар какшап, жаңы Кеңеш доорундагы теңчилик, жыргалды даңазалап бак-дөөлөткө тунган Жамбылды мурда эле Кемин, Чүйдү аралап шаңшып жүргөндө «сыртынан байкап жүрүп көргөн». Ал эми анын анык кимдигин «Жамбыл менен бирге болуп» ушу шаң-шарапатта даана айкындагандыктан «Жамбылым жандан ашкан акын экен, айтканы Сүйүмбайга жакын экен» деп, көңүлүнө, андан дептерине чөгөрбөдүбү.

Элдик салттуу оозеки өнөрдү жазма кесибине үлөштүрүп, жаңы Советтик Казак адабиятын өнүктүргөн, окумал жазуучулар Жамбылдын «инилери – Мухтар, Сабит, Кенен деген, булар да толуп турган акыл экен». Ырас, аларга Байымбет той убагында дурустап серп салды.

Салтанат жыйында Байымбеттин акылын аңтарган орчундуу окуя карыя айтма акын Жамбылдын өмүрүн, чыгармачылык сырын, күчүн дааналай териштирген билимдүү казак жазуучуларынын орошон баяндамалары болду.

«Казакстандын эл акыны, ордендүү Жамбылдын 75 жылдык чыгармачылык ишмердиги» жаатындагы башкы баяндаманы КП(б) КБКнын үгүт насаат бөлүмүнүн башчысы жолдош Мустафин жасады. Аны улай эки кошумча баяндаманы: «Жамбыл жана элдик акындар» тууралу М. Ауэзов ойду ойгото опурулта ойсуратты.

«Жамбыл жана Казактын ыр өнөрү» (поэзиясы) жөнүндө А. Тажибаев терең талдоо жүргүздү. Агасын ардактап, сыймыгын арттыра алгылыктуу сөз козгогон, биринен-бири өтө Жамбылдын ырчылык өнөрүнүн маңызын, элге таасирдүүлүгүн ар тараптан далилдеген бул үч азамат тең, азыркы казак адабиятынын туусун көкөлөткөндөр. Буларды Байымбет кыргыздардын азыркы адабий көчүн баштаган Аалы, Кубанычбек, Жусуп, Жоомарт, Мукайлар сыяктантты. Мухтардын ага өзгөчө үйрүлүп назар салганычы.

Мухтар ага баргандан тартып эле имерчиктегени бекеринен эмес экен. Көрсө, Тоголок Молдонун өзүнө да, сөзүнө да тааныш чыкты. Мындан кыйла жыл мурда Пишпекте илим изилдөө институтунун чөйрөсүндөгү достору аркылуу жүздөшүптүр. А гана тургай, ошол чакта кандидаттык илимий даража алуу үчүн кыргыздын улуу дастаны «Манасты» изилдеп жүргөндө отуруштарда Байымбеттин «Манасты» кубулжута сабалатканын да эшитиптир. Ал эле дейсиңби «Байымбет Абдырахман уулу – Тоголок Молдо атанган жазгыч акын Нарын кыргызынын өз колу менен жазган «Семетейин» колуна алып, окуп, талдап таңыркаптыр. Чындыктын, улуу акындын астында күнөөлүү экенин айкындап кечирим да суранды. Ошол кол жазма ушу

кезге дейре Мухтардын архивинде сакталуу. Башкы бетинде мындай жазуу бар:

«Тоголок Молдонун айтканы. Жазып алып келип берген чыныгы ысмы Байымбет Абдырахман уулу. (Нарын кыргызы).

«1923-жылы майда баштап жазып, 1924-жылы 16-майда жазып бүтүрдүм».

Аспирантурада чапкылап жүрүп убагында кайтарып бералбай, кийин Молдокең «Семетейдин» жаңы вариантын жазып өткөзгөнүн угуп, баалуу кенч катары бапестеп катып жүрөт.

Жазы маңдай, калдагай кашка баш, капкара дудар чач, акылга орток көзү бадырайган, жылдыздуу толукшуган Мухтар азаматтын бул маалыматына карт акын муюп, жактыра да, ызаттай да жадырай тигилди. Жаңы уюшулган илим изилдөө институтуна алгач өткөргөн «Семетейинин» кийин дайынсыз жоголгонун, капысынан Мухтардын «колума алып окуп, талдагам, таңдангам» деп, илигин билгизгенге санаасы сапырыла, ал кайда, кимге берилгенин ыймандуу эргулдан такууга дити даабай, кантсе да «баалуу кенч катары бапестеп катылган» дареги чыкканына каниеттене тил катпады.

Мухтар кыргыз, казакта сейрек жазуу өнөрүн өнүктүргөн нысаптуу, талантты жубантуу үчүн гана эмес, кезегинде Ала-Тоолук шериктеринин кыйырында Тоголок Молдонун дастанчылыгынан күчтүү таасирленгенинин натыйжасында ойлонуп айткан сөзүн эскерди:

– Байымбет ага сиздин жазма «Манас», «Семетейиңиздин» көпчүлүк бөлүктөрүндөгү көркөмдүк ушунча келишкен, андагы ар бир сөзүңүздүн салмагы Ала-Тоодой, асылдыгы алтындай.

– Ырахмат иним. Казак жазуучуларынын ичинде кайнар булактай ичиңден оргуган азамат экенсиң. Көздөгөн максатыңа жет. – Баамчыл карыя пейили жибий бул бүркүт маңдай эргулга батасын да, сынын да берди. Кырктын кырын жаңыдан ашкан Мухтар карасур тосурайган жазы жаагын күлкүгө чайый карыяга бажырайды.

– Айтканыңыз келсин Байымбет ага. Сизге бир ооз ак өтиниш жасагым келеди. Кийин мындай жолугушуу боломы болмаймы ким биледи. – Мухтар дидарында жайылган күл-

күнү бадана көзүнө нур чалкыта жыйнап даанышман карыга суроолуу жана ишенимдүү тигилди. Канчалык көптү билсе да, мындан ары андан бетер тереңдөөнү, канчалык көптү берсе да ага анчейин алымсынбай, алдыда берээри эбегейсиз, зор мүдөөлүү жазуучу, илимпоз казак азаматынын дал ушу өтүнүч көз карашынан болочок зор дараметин даана чагылтты Тоголок Молдо.

Арийне, экөө бетме-бет жайлуу отурушкан эле. Албетте, бул ыңгайлуу шартты Мухтар түзгөн.

– Мухтар ииим, тартынба. Сенден аяган сыр курусун.

Мухтар кубанганын жашырбай, боз костюмунун жакасынан өткөрө кайырган ак көйнөгүнүн боорун булайта жеңилдене, өйдө козголуп, кайта отургучка оңдоно отурду.

– Байымбет ага, атактуу түркolog Радлов, биздин казактын галымы Чокон Валихановдор белгилеген кыргыз калкынын өтө бай дастандарын, эртегилерин, макал-лакаптарын, салт жөрөлгө ырларын – түгөл билесиз. Алардын көбүн жазып илимий казынага өткөргөнүңүз мага дайын. Угушумча казактын акын-жырауларын да кем билмейсиз. Өз аузыңыздан тыңдайын дегеним осы гой. Осолдык кылсам кеширесиз…

Тоголок Молдо бу сыпаа маданият арбабынын тереңдете таштаган олуттуу кайрылуусун аны сыноо үчүн гана эмес, эзелтен аралаш, алакалаш эки элдин өскүлөң өкүлдөрү бирин-бири канчалык кастарлап, канчалык баалаарын билүүгө кызыкканы деп түшүндү. Саамга ичинен тына ойлонуңку, апакай сакалын серпилте жооп кайтарды.

– Мухтар иним, мындай суроону баарына кызыгың күч сен гана бермексиң. Береке тап. Мынча болду, шашылбайлы. Элди агартып, көгөртүүнү көздөп, теңдикке, билим алууга, орустардан үйрөнүүгө достукка чакырган окумуштуу Чокон Алхан уулу, жазгыч Ыбырай Алтысары менен Абай Кунанбай уулунун казак маданиятында орундары өтө бийик, ардактуунун ардактуулары. Ай менен жылдыздай ободоп жанган ал үчөөнөн бөлөк, менин ыкласыма белгилүү казактын акын-жыраулары кыйла.

Өзүң чыгарма менен илимдин кош тизгинин бирдей кармаган, чоң байгеге камынган саяпкер сымалданасың. Ашыксаң

азыр жобурайм. Жо эртеңкиге дейре күтсөң, мага да түрткү бердиң. Казак акындарынан өзүң жактырган Ыбырай менен Абайдан башкаларынан билгендеримди мынабуга нукулап, эртең өзүңө окуп берейин. – Көгүлтүр кылоосу түшө элек жаңы баркут кемселинин коюн капчытынан алакандай чөнтөк дептерди суурруду. – Макулсуңбу?

Мухтар кулачын жаза бажыраңдап, Тоголок Молдонун мүрүсүнөн артыла кучактады.

– Дурус, дурус Байымбет ага. «Казак акындарын» өлөңдөп жазсаңыз калкка түбөлүк тозбос казына болуп калады гой. Китепке түсөдү гой.

Эртеси Байымбет убадасын орундап дептерчесинен «Казак акындары» деген жаңы өлөңдү Мухтарга жыбылжыта окуду:

Биринчиси Мовликай
Далай китеп жаздырган.
Башына жазып өз атын
Басмага берип бастырган.
Экинчи акын Жусупбек
Эсепсиз китеп чыгарган.
Абаны тунук шаңкылдап
Тоодогу учкан улардан.
Артындагы акындар
Таалим алган булардан.
Чортонбайдын китебин
Көрүп жүрдүм көз менен.
Аңгемесин бир далай
Айтып жүрдүм сөз менен.
Экейден чыккан Сүйүмбай
Акындар буга жетпеген.
Кадыр таап карыганча
Башынан сыймык кетпеген.
Эки көздөн айрылып
Чоку чыккан аркадан.
Сүйүмбайга жеңдирип
Далайлар сөздөн чарчаган.
Көргөнүм жок, уккан сөз

Кабарым бар Жаныштан.
Жанына буудан жолотпой
Жалгыз чыккан жарыштан.
Кубандык дагы бир далай
Түрлөнтүп абан салат деп.
Акындыктын аягы
Куудулдукка барат деп.
Казактан кыргыз бай го – деп
Очогу журтта калат деп.
Жарыбаган казактар
Очогун жүктөп алат деп.
Очогун журтка таштаган
Кыргызда болот адат деп.
Жеңилтип кеткен кыргызды
Кубандыктын жери бар.
Аңгеме кылып сөз менен
Айтып кеткен кеби бар.
Сөзү – куудул, өзү – акын
Мындай акын болобу?
Бул өңдөнгөн сөздөрдүн
Толуп жатат домогу.
Таап сүйлөп күлдүргөн.
Таралып жатат жомогу.
Мөйкөттү көрдүм көз менен
Байкатып өтөм сөз менен.
Токмоктогу оюнда
Сайрап жаткан кезинде.
Өзү салдай кийинген
Көрүнүп турат көзүмө.
Айтып өткөн бир нече
Нускасы турат эсимде...

Кирпик ирмебей кунттанып тыңдагаи Мухтар өз алаканын өзү кыса жагалданды:

– Ой, байоу, Байымбет ага, типти казак жырауларын дурыс билетин экенсиз гой. Оларга берген багаларыңыз дэ калыс, адил гой. Эч шыпшыргасын коротпой осы «Казак акындары»

өлөңиңизди китапке киргизиң. Эл-журт, урпактарга табылгыс байлык гой. Калк достыгы деген солай, бирин-бири билүү, сөйтип колдоп, көпшиликке таркатуудан басталады гой. Үлкөн рахмат сизге, Баймбет ага. Самаганымша бар экенсиз. Өзүңүз карысаңыз да, калемиңиз арымасын. – Муктар элпек тура калып, карт жазгычтын маңдайына ийилип, ысык кош алаканына Тоголок Молдонун сууңку, шадылуу манчаларын таптады.

## ТАРКАБАС КУМАР

Андан-мындан үзүл-кесил азанчы короздор атаандаша кыйкырууда. Жазы терезеден кылайган таңдын жарыгы улам бөлмөгө үрөп кирип, бат эле түн каракчысын кубалап, күндүздүн жаркынына толтуруп ийди.

О качантан, али Токмоктогу Шарафудин молдодо шакирттикте жүргөндөн тартып куёш (күн) нурун себелээрден алда качан мурда турууга көнгөн Байымбет, жуунуп таранып терезенин дарчасын ачты. Ал эңсегендей керимсел жел удургуп бетине урбады. Керимсел. Тоодо гана. Бу Чүйдө жайдын ысыгы күчөп, түнү да камыктырып илеби анчейин суубайт. Жайкы чилдеде салкынды издесең, тоого, жайлоого чык. Жайлоо. Үч, төрт миң метр бийиктиктеги булак суулары мөңкүгөн, жайкалган жашаң сере. Чың эткен чымыны, бурк эткен чаңы жок. Малга, жанга жайлуу кыргыздардын ата конушу. Атаганат, төр жайлоо көзүнө чагылды. Сабааны черткен кымыздан жутуп, чаңкаганын кандырчудай төшүн ачып терезеге тосуп, эринин бүлкүлдөтө тамшанып да алды. Кийинки күндөрү камыгып чала уйкуда ооналактап жайлоо түшүнө да кирчү болду. Аны ысыкта шаарда кармаган ким? Өзү.

Ооба. Өзү. Карыганда кара жанды карч уруп, ишти көбөйткөн өзү. Ишсиз көп чалдын бириндей үңкүйүп отурса карылыкка моюн сунуп жеңдирип ийчүдөй. Өмүрүн улаган, карылыкты кубалаган тынымсыз ишкердиги деп түшүнөт. Кантсе да, баштагы, көкүрөктөгү кенчти калайыктын, келечектин мүлкүнө айлантуу үчүн, тынымсыз сыртка чубап, болот калемин жойлотуп, ак кагазга жануу керек.

Бойдогу күч кетип демейде какайган ийиндер шалдайып муун-жүүнү бошоп, баштагы улам жаңысы кошулуп чатыраган акыл эс, бөксөрүп каякадыр чаржайыт таркап унутчаактык, талыкшып чарчоочулук, күндөн күн арбууда. Тиктегенди даана чагылткан карек, билиги басаңдаган чырактай үлүңдөөдө. Аны го эптеп касиеттүү көз айнектин ылаажысы сактоодо. Как мына ошондуктан саркындысы болсо да калган кубатты үрөп, иштеп калуу, чамдоо зарыл эмеспи.

Эмгегинин элге керектигин күн сайын туюп демденүүдө. Жаки болбосо, небак мөгдөп көмөлөнмөк беле, ким билет.

Бөлмөнү айлана басып, дайыма ишке чакырган, көзүнө жылуу, ынак столго таш өбөк сала шоңкойду. Калем учун бармактай сыя челекке малаар малбас токтоло катар жайылган калың, орто, жукараак үч дептерди алмак салмак кармалады. «Киминерден баштасам».

Жука дептерде – илим изилдөө институтунун кызматкери Кусейин Карасай уулунун көп жылдан берки такай колдонмо түзгөн өтүнүчү боюнча «Кыргыздын толук сөздүгүн» түзүүгө тиешелүү жан-жаныбар, өсүмдүк, жылдыздардын аттары, адамга кандай тиешелүүлүгү.

Орто дептерде – Кыргыз тарыхы, санжырасына байланыштуу чындыктар, болумуштар. Уруулардын бөлүнүшү. Толубай. Асанкайгы. Токтогул ырчынын сөзү. Алдар Көсөнүн аңгемеси. Жейрен Чечендин аңгемеси. Көк көйнөк. Меңдирман… бабалардын тарыхы. Эл аңгемелери. Болумуштар…

Калың дептерде – «Токсон суроо».

Үчөөнү тең баштаган. Үчөө тең зарыл. Ылгоолоштуруп таң эртелеп, түштө, кечте алма-терме чиймелейт. Биринен чарчаса, экинчисинен, андан чаалыкса үчүнчүсүнөн ырахат таап иштөөгө кыныккан. Ар кими көзүнө кызык, көңүлүнө ысык. Кайсынысынан киришсе. Отурду кармалап, окуп. Ага азыр баарынан кымбат, баарынан кемчил – убакыт. Убакыт жетпейт, жылжып билинбей өтүүдө. Эринин кымтый тиштенип саатча убакытты бекер өткөргөнгө, ичинен кыжынып, жука дептерди шарт алдына жылдырды.

«Куштардын түрлөрү». Сөздүк түзгөн илимпоздорго, жалпы эле журтчулукка керектүү нерсе. Жөн эле «Куштардын» эмес,

«алгыр, кыраан куштардын түрлөрү» деп оңдоп жазды. Эми аттарын саноого өттү.

Бүркүт – туйгун, тунжур, тынар, буудайык – канаттуунун зору, балбаны, учкулу. Кайберен, карышкыр, түлкү, каманды бөктөрөт.

Чүйлү – өрдөк, чүрөккө салат.

Ителги – кырааны шумкар. Тоодак, кыргоолду, капшыра тебет.

Кыргый – учкулу, кекилик, чил, бөдөнөгө салат.

Турумтай – кумпай кырааны, бөдөнө, таранчы, чымчыкка салат.

Жагалмай – тапка тез көнбөйт, жеми тоо торгой.

Күйкө – таканак.

Дагы уласа болоор эле. Тарп аңдыган жору, талаадагы келес, момолой чычкан, короодогу тооктун жөжөсүн аңдыган Кулаалы өңдүү кыраандыкка жарабаган кемпайларды ким билбесин. Андайларды кошуудан тартынып калемин токтотту.

Эми адамга пааналап кызмат өтөгөн малдардын өзү жана касиеттүү аты, күчүн чечмелөөгө калем жорголотту.

Төө – күчтүүсү лөк. Касиеттүүсү Ойсул-Ата.

Ат – Күлүгү, тулпар, андан кийин буудан, тобурчак, аргымак, чалыш. Касиеттүүсү Камбар-Ата. Карабайыр казан ат, Үкү аяк. Калбыр өпкө, Жез канат.

Уй – Шүдүңгүт, пири – Заңги-Баба.

Кой – Чолпон-Ата.

Эчки – Чычаң-Ата.

Камбар-Ата колдо деп,
Ойсул-Ата шордо деп.
Чолпон-Ата койдо деп
Заңги-Баба жолдо деп
Кайтарбай малын алдырып,
Уктап уйку кандырып.
Жатуучу эле кыргыздар
Убайым тартып кайгырып.

Кызып кетип малчы кыргыздардын кай бир энөө мүнөздөрүн да эскере чиймеледи. Акындын кыялына сөздүк түзүүчү окумуштуулар өтүнгөн малды жан сактаган тоютту, тоо чөптөрүн дагы айра таанытып саноонун жөндүүлүгү балкыды.

бетеге
жылтыркан
шыбак
кашка беде
текей
тулаң
кара кыяк
көдөө
алабата
эрмен
аркар оту
бозынач
шор күйрөк
кара кыяк
копосу
өлөң
жекен
мекер...

Акын жазмасынын сыясын үйлөп кургаткан соң жука дептерди жапты.

– Жетишет бүгүнчө. – Орто дептердин тең жарымынан өтө санжыра, имиш, аңыз, жомокко айланган сынчы, ырчы, куудул, чечендер жөнүндөгүлөрдү барактап, актай бетке тоорулду. Эмнеден баштоо керек? Чекесин кашып азыноолак ойго чырмалды. Убакытты бош өткөрбөө кайрадан кысымын жасап... Кыргыздарга жамаатташ эки улуу элге орустар менен кытайларга байланыштуу элге тараган аңызды чүргөдү. «Падышалардын сынашы».

– Илгери заманда кытайдын падышасы орустун падышасына уйдун түгүн берип жиберет да:

– «Менин көптүгүм уйдун түгүндөй» дегенди билдирет.

Анда орустун падышасы бир курч устараны жиберет да:

– «Менин курчтугум ушу устарадай» – дейт.

Бу чакан аңызда терең табышмактуу сыр түйүлгөнүн, аны улартып чечмелебей, түшүнгөн ар жандын ыкласына, талкуусуна коюсу эп эмеспи. Шыр улап кетүүгө даярдыгы жок, тык такалды. Аргасыз туруп аркы-терки кадам чойду. Дагы кайсынысын кынаса. Баары бир башкы бир өңчөй нуктан деги тайыды. Башка түшкөндү четинен чубай бербейби. Башта эмнелер гана жок. Кана?... Аны, муну ойлоштурганча чай кайнам өтүп дагы аны «убакыт, убакыт» деген чык-чук дубалдагы салмоорлуу чынжыр саат жүрөгүнө урулгансып шаштырды. Кайрадан столго бөжөйүүгө, анчейин карышпаса да, талмоорсуган манжаларынын күнчтөнгөн муундарын карс-карс сындыра ушалап калем сабын кыпчый кармоого мажбурлады.

«Эркектердин кулк, мүнөзүн» талдоого салып, ырга айлантып отуруштарда айтып тактап жүргөн жайы бар. Ар ким, айрыкча жаштар өзүнүн жана башкалардын кимдигин, кандайлыгын биле, сүрүштүрө жүрсө чекиби.

**«ЭРКЕКТЕРДИН МҮНӨЗҮ»**

...Жакшы менен жамандын
Асман жердей арасы.
Акыл ойлоп комсомол
Артын байкап карачы.
Отуз жети сан менен
Кылыктары айтылат.
Өөдөсү жок жамандар
Өз жеринде чарпылат,
1 – аяр даанышман
Айттырбай билет алыстан...
2 – Жоомарт берешен...
3 – өнөр ээси кызыл тил
Сөз табуучу эр чечен.
4 – Баатыр таш жүрөк
Баатырлык менен эл сурап...
5 – Берен сөзгө бек

...Ичинде болбойт кине, кек.
6 – Көрөгөч Көсөм деген бар...
Көптүн камын жеген бар.
7 – Бактылуу барпы боруму
Сыпаттуу сылык жоругу.
8 – Баш койкоң жакшы жан болот
Ага иниси жам болот.
9 – Ат качырбас ала айгыр
Өз айылына жагымдуу,
10 – Жалдуу барак баатыр жан болот
Эл коргоп журтка даң болот.
11 – Сабырлуу жайдан кенен бар...
Элинин камын жеген бар.
12 – Кепке жетик булбулдай
Сөөлөтү конгон тунжурдай
Айлынан жаңжал чыр чыкса
Басып коёт чуу кылбай.
13 – Кең пейил күлсөр кең санайт
Барчага бирдей тең санайт.
14 – Күлдүргүч, куудул атагы
Каткан черди жасады.
15 – Аймаңдай жаркын деген бар...
Ачууланса күлгөндөй
Адамдын сырын билгендей.
Капалык жок боюнда
Калыстык бар оюнда.
16 – Сарамжалдуу мал оокатын күтүнөт
Ишин элден мурда бүтүрөт

Ушул жерге жеткенде карт акын эңилген башын кагаздан алыстата көтөрүп, балбыраган бырыштуу көзүн укалай, көз айнегин алып, жүзаарчысы менен сүртүндү. Кареги да талыды. Даван ашкан көч туу жонго чыкканда тыныгат го. Өзү тыныгуу чегине жетпедиби. Жакшы сапаттуу эркектердин он алты түрлүү мүнөзүн санжаптады. Эми терс касиеттүүлөргө киришет. Алар арбын. Жыйырма бир.

17 – Жел колтук дардаң берен бар.
Көтөрүлүп көп сүйлөп,
Көөсөр жүргөн келең бар.
18 – Желөпкө көйрөң теңебейт
Өзүн катардагы кишиге
Айткан кеби орунсуз
Адам айраң ишине.
19 – Каргашалуу арамза
Жан адамга ишенбейт.
Жаңжал кылып, чыр баштап
Бүткөн ишти кишендейт.
20 – Кеп жебес кежир эстелээр,
Кеби көп, өзүнө эп келет.
Бул касиреттүү кежирге
Оң айткан кебиң кек болот.
21 – Оокаттын жайын билбеген
Орунсуз көнгөн жөнүк бар
Тим басып тирүү жүрсө да
Тирүүлөй жүргөн өлүк бар.
...Көтөрмө жиптен куру бар.
Жөнүктүн мындай сыры бар.
Катын алып бергин деп
Калаба салган чыры бар.

Ушерге жеткенде акындын көзүнө айрым азыркы «жөнүктөр» көрүнөө тартылды. Ошолорду далдап сөз бытырасын атылтты.

Катарга башы кирбесе
Колхоздо иштеп жүрбөсө.
Илим-билим үйрөнүп,
Иштегенди билбесе
буга жин урган катын тиеби?
22 – Акылсыз аңкоо кесепет
Өзүнө кылат кастыкты.
Иштебей талкан, ун сурап
Мойнунан түшпөйт баштыгы.
23 – Жан багаар жалкоо эшек бар

Жашынып жүргөн кесеп бар.
24 – Жай табаар эпчил жашынма.
Бүткөн иштин кашында
25 – Кесирдүү кербез,
Колунан эчтеке келбес.
26 – Сатаң тамактуу үйгө думана
Эрте туруп кыдырып,
Эл жатканча убара.
27 – Ашкеби соргок оңбогон
Алты аяк ашка тойбогон.
28 – Урушчаак чырбаш бар
Жаңжалсыз чыдап турбас бар.
29 – Көк тил тантык деген бар,
Көп сүйлөп жанды жеген бар.
30 – Суук ооз сүйлөйт сөккөндөй
Келтирип төшкө тепкендей
31 – Ушакчы арасын бузат адамдын,
Эл тартат анын залалын.
32 – Эринчээк жалтаң
33 – Көз карама жалтаң
Иш бүтүрбөс калтаң.
Жойпуга оокат арзан.
34 – Кош сөздүү кобур
Кыйынсынып догур.
35 – Кошоматчы сыйкысы
Сөзүнүн көп кыйпысы.
Бир нерсе алдап алаарда
Такыр келбейт уйкусу.
36 – Жандим, жалдоо, айгак бар,
Жан бергенден тартыпбайт
Жаалданган сары сайгак бар,
Жарыбаган жайдак бар.
37 – Сүткордой ашкан сараң жок
Алалдан тапкан малы жок.
Касам ичип кансырап
Жүзүндө кызыл каны жок.

Калем учун сыя челегине жөлөй Байымбет купуя күбүрөдү. «Жетишет. Эркектерге негизинен таандык өрнөктүү жана жоболоңдуу касиеттерди жоруптады. Өкүмөт, казына камкордукка бөлөп, ишенген соң, далайды көргөн карт адам ушундай насаатты да азыркы жаштарга, кийинки урпактарга жеткирүүм абзел».

Акындын бармак, сөөмөйү өзүнөн өзү калем сабына тартылып, көөнүндө көлкүгөн төрт сап ырды «Эркек мүнөздөрүнүн» аягына саймалоого ашыкты.

Ошо маалда каалга кыйч эте ачылды. Ыбырайдын акырын жылып киргенин чалдыктырды. Ага бурулса «көлкүгөн төрт сап» кайкып учуп, карт эстен караманча жоголчудай. Өзү жазмачы сезимтал Ыбырай кечирээр. Көрмөксөнгө салып, тез эшилте сүрткүлөдү.

Казына чыдап зарпыма
Карылык сүргөн дартыма.
Кайкайын иштеп бүтүрдүм,
Калсын деп нуска артыма.

Ыбырай Абдрахман уулу ишкер, өжөр карыянын түйүнчөктөй түйүлүп кагазга жабышканын жактыра мурутунан мулуңдай тык токтоп кумарланып күттү. Качан карт устат жытыккан эмгекчил ордун сууткусу келбей, зорго бери бурулганда, Ыбырай тил катты:

– Молдоке, түштөнөлү. Өзүңүз да сеп алыңыз.

Тоголок Молдо жыгылыштуу не дээрин билбей жазган дептерин калдактата көтөрө, шакиртин жанына жаңдай жайпактады.

– Ыбырайым, мобу «ортончуга» «падышалар» жөнүндө аңызды да, «эркектердин мүнөзүн» да кошуп ийдим.

Кечирим күткөн баладай ыймандуу аксакалга Ыбырай курсанттыгын айкындады:

– Эң сонун! Каалаганыңызды кошо бериңиз. Биз, биз болбосок, бизден кийинкилер таап, орду ордуна коюлат. Кеп, өзүңүз бышыктагандай эстегини эртерээк кагазга түшүрүүдө.

* * *

Сезимге сакталып, ойго орногондун бакисин кагазга калыптоого чамасы жетеби? Ошо түпөйүлдө Тоголок Молдо Ыбырай менен «анысынбы же мунусунбу» кыйласын чубурта кеңеш сурай баарлашты.

Уюп тыңдаган Ыбырай, маалкатпай калсын.

– Эң алды астрономиядан маалымат берген «Тоотай мерген менен үч аркарыңыз», «Үркөрдүн кызы Үлпүлдөк сулууңуз» кызык экен, ошону токтоосуз шилтеңиз.

Тоголок Молдо Ыбырайга дайыма ишенип көнгөн. Анткени, ал ак пейилинен илимге, журтчулукка не керектүүлөрдү туура тандайт. Тартынбай ачык сүйлөйт ошондуктан анын сунушун бу саам да лам дебей кабылдап столуна шайдоот жетти. Калем учу негедир мурдагысынан дагы элпек жанылууда.

## ТООТАЙ МЕРГЕН МЕНЕН ҮЧ АРКАР

Ааламга жер-жер бүткөндө Тоотай мерген жашайт. Мунун мергендиги жумурай баштууда жок, адистиги, кылдаттыгы тири укмуш, ок чыгарганда ылайым жаза аткан эмес. Тоо кийигин ойго шилейт, ой кийигин тоого шилейт. Тоотай мергенди тоотпогон, капкайдан анын жытын алып ыкмасына жолотпогон кайберендин эң шуму үч аркар деген болот.

Күндөрдүн биринде Тоотай мерген сары айгырын минип, мылтыгын асынып, тайганын ээрчитип, жүрүп отуруп үч аркарды чалдыктырат. Апыл-тапыл ээринен ыргып айгырын кең тушайт. – Мунун үчөөнү тең жайлайын – тайганын агытып мылтыгын үч аркарга сундуруп мелтирете шыкаалай олтура калат. Аркарлар жыт алып Тоотайды көрүшөт.

– Балакет байкатпай тооруптур, бизге ажал жеткен экен дешип аркарлар ашып-шашып дыр коюп качып калышат. «Бу балакеттен куткар» – деп аркарлар зар какшашат. Тилегин жараткан кабыл кылат. Жанын таштап аргыштаган үч аркар күүлөнгөн боюнча көкөлөй учуп асманга жөнөйт. Аларды

бучкактап жаза-буза тиштеген тайган бу да кошо чыгат. Тоотай мерген өңүп мылтыгын шыкаалаган боюнча бу да көккө оболойт. Тушоолуу сары айгыр дагы калбай калкып жөнөйт.

Булардын баары асманга барып ар кими өзүнчө жылдызга айланып, ошондон бери тарта түн боюнча ордун алмашып турушат.

## ҮРКӨРДҮН КЫЗЫ ҮЛПҮЛДӨК СУЛУУ

Жетиген жылдыз мурда жер үстүндө жүргөн каракчылардан, Үркөр да жер үстүндө жашаган адамдан болот.

Бир күнү жети каракчы Үркөрдүн кызы Үлпүлдөк сулууну ала качышат.

– Үркөр турган жерге туракташ кыйын – дешип асманга чыга качышат.

Кызын алдырган Үркөр ызаланып, жети каракчынын артынан катуулап кууй сызат. Жетиген көк теңирде каккан казыктай былк этпеген Алтын Казык деген жылдызга корголошот да:

– Биз Үркөрдүн кызы Үлпүлдөк деген сулууну ала качып келдик. Адил эмессиңби, бизди кууган Үркөрдөн куткар – дешет.

Анда Алтын Казык:

– Кымыз ичкендики, кыз алгандыкы болот. Чочубай эле жүрө бергиле,– дейт.

Алардын соңунан Үркөр жетип Алтын Казыкка кайрылат:

– Калыссың, жалган кепти укпаган, бир ордуңан жылбаган. Үлпүлдөк деген кызымды жети каракчы ала качып жеткирбей жүрөт. Адилеттик кылып кызыбызды алып бер.

Анда Алтын Казык:

– Кызың өзү көөндөнүп качкан чыгаар. Жети каракчы менин эбиме кирбейт го. Силер көп эмессиңерби. Артынан кууп каракчыларга жетпейсиңерби, кызыңарды тартып алып кетпейсиңерби – деп Үркөрдү Жетиген – жети каракчынын артынан жөнөттү.

Ошо күндөн ушу күн Жетигенди Үркөр Алтын Казыкты айландыра кууп жүргөнү жүргөн.

* * *

Июль жаңыргандагы аптап күн өткөн сайын күчөөдө. Шаар ичи үп тартып, карыя акынды камыктырып да, иштөө арымын басаңдатып шалкы тарттырууда. Акыры чыдаңкырабай үйдүн жана иштин ээси Ыбырайга сырын төктү.

– Ыбырайым, Чүйдүн жайкы чилдесинде карт буудан турушту бералбай баратат. Мага уруксат эт. Ушунчамда жайлоого жетейин.

Бул чыдамкай адамдын кур манчыркабасын билген Ыбырай, чын эле жүдөңкүрөй көңүлсүз кычкылданганынан, саамай, жаак түктөрүнөн жылтылдаган терин аарчып будаланганынан улам байкады. «Дагы далайды казса эмне. Төр жайлоого чыкканда өзү да калемин колго албас, эл да мүмкүнчүлүк бербес. Кайран асыл чөгүп баратат. Кантээрин ким билет». Илебин кайтарууга дити даабай, о кыйлада тегизделген капкара мурутун, москоол шадысы менен жаный күрсүндү:

– Ырас эле быйылкыдай ысык чанда болчу эле. Кантебиз, Молдоке, жайлоо эңсесеңиз токтотуу осол. Бирок, биринчи, экинчи дептерди толтурбасаңыз да фондуга өткөрүп кетесиз. Институтта сизге жаңы шарт наме дайындалууда. Мен буларды кошо эсептетип шаштырайын. Аласаңыз арбын. Чөнтөгүңүздү кампайтып, боюңузду ысытып, бала-бакыраңызга белек-бечкекти дурустап эле камдайлы.

Тоголок Молдо чүчтө сакалын селкилдете тарап, баладай мулуңдады:

– Ошондой де Ыбырайымым. Жолдо Токмоктун Кара-Дөбөсүндөгү карындашыма, бири мугалим Абдыкерим, бири актүп Мамыт жээндериме токтоп өргүп, анан арылап жылайын. Ири алдыда ошолорго белек камдап бер Ыбырайымым.

Ыбырай анталаңдаган жарыктыкты аяп да, баары бир, көөмөйүндөгү шартын койду:

– Молдоке, каалаганыңыздын бакисин бажарабыз. «Толубайды» сизчелик эч бирөө даана чечмелебейт. Өз колуңуз менен ортоңку дептердин калган барагына толтурганда гана сизди жолго камынтам.

Карыя сыйда мурутун үлп эттире удургута үйлөй, ууртунан бырс этти:

– Ай Ыбыкем, болбостур. Анынды да орундайын.

Толубайдын элге белгилүү күлүк сынап, хандын каарына калып эки көзүн ойдуруп чобур тулпарды мине качып тентигенинен эмес, журт чалып, жер жактырып элди азып-тозгон азаптан куткарган чыныгы билерман акылмандуулугун туюнтууга киришти.

## ТОЛУБАЙ

Байыркы өткөн заманда, Жаныбек хандын тушунда Толубай деген сынчы Токтогул деген ырчы, Жейрен чечен, Алдар көсөө, Акыл Карачач, Асан кайгы, Чык татырбас Чынарбай дегендер жашаган.

Булар Алтын ордого жакын Ак-Дөбө деген жерде турушкан.

Толубай сынчы өзү акылга дыйкан, билгич, кыраакы адам. Адамды, малды, жерди, сындап түп жайына дейре билген.

Бир күнү Толубай акыл ойлоп, жолдошторун чакырып кеңеш курду.

– Биз мындай жүрбөйлүк. Элге окшоп жер тандап шаар куруп оокат кылсак кантет?

Шериктери анын акылына көнүштү. Убаданы чыңаган соң, жер тандады. Арал деңизинин боюн жактырып, ошерди турукташты.

Жаныбек хандын залимдиги күчөдү. Ордуна тынч жаткан оруска тынчтык бербеди. Казак, кыргыз качпас кара кул катары кошун, колунун алдында кайда айдаса оболунда бара берди. Өзүнчө жаткан өзүбек, тажикти талады. Татарды андан тымтыракайын чыгарды.

Ушундай алааматтан тажаган Толубай шериктерине дагы:

– Бейкутураак жакка көчсөк кантет – деп акылдашты.

Токтогул менен Асан аны колдоду. Жаныбек хандын айдагындагы кыргыз уурулары менен Ала-Тоого оого бүтүм чыгарышты.

Муну угуп Жаныбек хан өз шартын койду:

– Эгер чындап кете турган болсоңор Миңбай (Толубайдын уулу) менен Төлөнгүттү (Асандын уулу) менин карамагыма калтырасыңар.

Залим хан балдарын таштап көчалбас деп кылыйган. Толубай, Асандар кабыргалары кайышып, кайрадан өзүлөрүнчө кеңешишти:

– Кантели уулдарыбызды ак үйлөрү менен берсе берели, элибизди аман-эсен көчүрүп кетели – деген жыйынтыкка такалышты.

Он беш жашар Миңбайды, он үчтөгү Төлөнгүттү:

– Көптүн намысына жарап, ажаат ачкыла. Кырылгандан калган элиңерди бабаларыңдын мекени Ала-Тоо жергесине жеткирели. Силер ашыкпай артыбыздан келгиле – дешип эки уулду Жаныбек ханга ак үйлүү беришти.

Толубай, Токтогул, Асан элин дүрбөтүп баарын жолго салышты. Канча күн узагандан кийин Толубай сынчы өзүнө сегиз жолдош кошуп алдыга барып конуш чалууга шашыла шатектеп аттанды.

Канча күн шакылдата тынымсыз жол жүрүп отурушуп, Ала-Тоодон бөлүнгөн, аркайып сонун көрүнгөн элге жайлуу, эркин тоого кудушту. Ак-Суу, Талас, айтылуу Кең-Колго токтоп өргүштү. Анан Улуу Тоонун аймагын баштан аяк кыдыра чалып Толубай сынчы жактырды.

– Талас – Талаш, Чүй – Чуу, Кочкор – Кач кар, Жумгал – Жыргал, Нарын – зарыл – жер соорусу эмес бекен. Арпаны жаздаса, Аксайды жайласа, Ат-Башыны күздөсө, Тоюнду кыштаса мал баккан чарбанын арманы барбы.

Толубай пейили тоюп Ала-Тоону туруктоого, элин бөлүп жайгаштырууга күтүнүп көч кошундун алдын утурулашты. Ошентип эрдиги кабат, эс акылы арбын Толубай Жаныбек хандан өз элин ажыратып алган...

* * *

Кызарт даванын ашып Жумгал совхозунун кыштагын жара бөлгөн таштак кашка жолго түшкөндө адырандаган жүк

тарткыч машина жайланып, дүкөндүн тушундагы жарданган үч адамдын жанына токтоду. Шофер ыргып түшүп, уюлгуган чаңга карабай кабинага үңүлгөн салабаттуу үчөөнө таңыркай далдайып туруп калды. Болбогондо, шайыр карыя жүргүнчүнү түшүрүүгө жардамдашмак.

Тигилер атайылап жол карап күтүшкөндөр экен. Чап жаак, көгүлтүр көз, иймектей ичке коңур мурут ноочасы колун тарбаңдата, кулачын жая:

– О, у касиетиңден кагылайын Молдоке, аман соо келдиңизби, сөздүн кенин тердиңизби – десе, андан алда канча жаш багалчагынан толукшуган кара мойло кызгылт жүздүү жигит, тигинин колтугунан суурула тутканы булка шарт ачып, карыяны ой-боюна койбой кабинадан шак көтөрбөспү:

– Атаке-е! – деп сакал жүзүнөн аймалай өппөспү.

Токмоктон да жээндери эки сомодой азамат, карындашы эпилдеген байбиче кастарлап, шоферге аябай дайындап, жол киресин чөнтөгүнө солоп жөнөтүшкөн. Буердеминтип куштап тоскон, жол бою не керемет сөздөн козгоп зериктирбеген карыянын куржун, таңгактарын этиет, тигилердин колуна табыштап, коштошуп нары Чаекти карай зыпылдатты, шофер.

Шакирти менен уулу токтогон наркы короодон заматта токулуу аттар келтирилди. Куржун, баштык, таңылчактарды Турдалы бөктөрүндү. Тоголок Молдо чабдар жоргону бөйпөңдөтүп, экөөнүн ортосунда маңдайдагы көк мелжиген жашыл тоону беттей шар аттанганга кубанды.

Байымбет иймайда пыязы кемселинин этегине далдактата моюнуна артылган шыңга Абдыкалык шакиртине, бооруна бек кучактап түшүрүп, өзүнө окшош тоголок бетинен кызгылт нур чачырап, сүйүнгөнүн айкындап бажыракай көзүн айырбаган күрөң костюмчан уулу Турдалыга таңыркай бурула борс, борс күлдү:

– Тоб-о! Бо силер кайдан билдиңер быякка сапарчылаганымды. Бүгүн түшөөрүмдү?

Кырктан ашкан кажарлуу азамат Абдыкалык айылдык Кеңештин төрагасы болгонунда өзүн «Какырдын ханы» атаса да мүнөзүндөгү шоктуктан, тилиндеги тамашакөйлүктөн арылбап-

тыр. Ал жүрүштүү олбурлуу көк аргымагынын үстүндө ээринин айры кашына камчысын өткөрө ныктай оңду, солду ийинин куушура улам ошоягына оңурая чекир көзүн аңтарылтты.

– О, жарыктык Молдоке, менин алдын ала айтып берчү периштелерим бар эмеспи. Ошолорум сиздин жедеп сагынтып бүткөндө бир көрүнөйүн деп Пишпектен, Токмокко, Токмоктон Жумгалга аттанганыңызды аян берип шыбыштады. Ха, ха... Мунума сиз эле түгүл, мобу обончу десе обончу, актив десе актүп уулуңуз Турдалы күбө. Ха, ха. Менин аяндагыч периштелерим өзүңүз «Манаска» киргизген тил зым-телегр-р-амма! Сиздин бизден ынак көргөн, канча жылдан бери жанынан чыгарбаган «ак молдобу, ат молдобу» Ыбырай Абдрахман уулунан – камчысын бүктөй Турдалыны тырс-тырс далыга каккылады. – Бир, эки, үч... жети, сегиз, тогуз – ооба, чынбы Турдалым, туура тогуз күн мурда телеграмма алдык. Соң-Көлдөн Жумгал совхозуна кечээ эртелеп түшкөнбүз. Эки күндөн бери экөөбүз алмак-салмак, Кызарттын бери эңкейишиндеги белестен чаң ызгыганда эле, машийне келатканын туюп жолго чуркайбыз. А түгүл түнүндө конгон үйүбүздүн өспүрүм баласын, анан дүкөндүн кароолчусун жол каратып чыктык. Э, Молдоке, неси болсо да, көзүңүз тирүү кезинде бу экөөбүздүн колубузга тийгениңиз олжо. Кокус, жазуучулар союзуна мүчө, институтка күч ээ, Жамбылга жоро, канча басма китепке ээ, кезит, журналдарга жамыраган, нукура сыймык чындап конгон, казынанын камкордугуна тунган карыябыз жылуу жумшак шаарда жашоо жакшы экен деп, быякка келбей, эл журтуна салам бербей коёт деп ичкеним ирим жегеним желим. Калп айтсам, мына уулуңуз Турдалы күбө.

Тамаша, чыны аралаш эркелеп да, доо коюп да шакиртинин өпкөлөгөн сөзү устатына жүйөөлүү, сагынычты туюнтат. Кантсе да, бу эки жакынынын жорго жетелеп, убаралыктан кутказып тосуп чыккандарына курсанттанып, баратпайбы. А аныгы ушул байсалдуу сапарга кам жеген Ыбырайым го. Абдыкалыкты кырданта бербей чындыкты жардоого батынды.

– А-а кайран такыба, алпейим Ыбырайымым. Жөнөөрүмдө «Кара-Дөбөдөгү» жээндериңизге канча өргүйсүз. Тагын айтыңыз. Мен билишим керек» деп такыды эле!

– Бир апта өргүйм.

– Апта жети күн. Сегизинчи күн үйдү карай жолго чыгасызбы?

– Ыбырайым... Тогуз өргүп, онунчу күнү Токмоктон машине күтөйүн.

– Каякка, Нарын жак мененби, же Жумгал жак мененби? Айтыңыз чыныңызды. Мен билишим керек.

– Нарын жак менен барсам... Нарын дарыя кузгундап кирген убак. Кечүү кыйын. Азыр эл Соң-Көл жайлоосуна чыгышты. Кургак да, жакын да Кызартты ашып, Жумгал совхозуна түшүп калам. Куда сөөк, илик-жарма табылат. Ээрдей белди ашырып коюшат.

– Бүттү Молдоке. Эми саанам тынч. Өмүрү калп сүйлөгөн жан эмессиз. Онунчу күндөн кечикпей жөнөңүз. Уулуңуздун аты Турдалы «Чоң-Арык» колхозунда, айылдык шакиртиңиз Абдыкалык Чоробаев Көк-Жарда «Какырдын ханы» – айылдык Советтин төрагасы. Мына алардын дайыны менде жазылуу. Өзгөрүү жокпу – деп Ыбырай менин Курткадагы турак жайым чийилген дептерин черткилеп. – Тогуз жолдун тоому Токмоктон так онунчу күндөн эрте да, кеч да калбай жөнөңүз – деп такылдаган.

Көрсө, такыба Ыбрайымым туура убагын далдап, быяктан силерге тилгирем уруп, менин камымды жеген тура. Ал мамилеге да, ишине да так, алал.

Устатынын башка шакиртке өтө дилинен берилип кеткенине тырчыбыраак, Абдыкалык чыргыттады.

– Ак молдоңузду ашыра мактабасаңыз деле белгилүү. Ал сиздин, сизге окшогон алп шайырлардын зикирин кагып, илим казынасын да, өзүн да марыткан өлөрман.

Тоголок Молдо башын чайкады.

– Өлөрман дебе. Күйөрман. Элдин, илимдин таламы үчүн өмүрүн сайган күйөрман.

Кайымдашуу ушерден мууналды. Абдыкалык да чыпыйган жээрде мурутун алма-терме тилин ойсондото жалмалап Молдокесине таарынган пейилде, кууланып көзүн акшыңдата тымыды.

Сырдана Тоголок Молдо аны анчейин капарына илбеди. Ага бөйпүлдөгөн жоргонун термеши, жол арбып, кыштактан узап, өзөндү өрдөп, жашыл тоого таяна жогорулаганы, оң капшытында нысап сактап унчукпаса да, жүрөгүнөн, көзүнөн эркелегенин, сагынычын туйдуруп карт көөнүн жубантып, капталын ысытып Турдалысы тизгиндеш күрөң атын лепилдете баратканы шердентүүдө.

«Турдалым» ойлогонумдай эр жеттиң. Коноор туурум, жайлуу түнөгүмө жарадың. Аман бол. Улуулардан сөз талашпай тыңдаганың ыймандуулугуң. Кучуналуу кепке кунттанган куйма кулактыгың дурус. Карыганда сени мага медер туттурганга тобо».

«Өзбек» аталган төө моюндалган узун, кыйла тик ашууну кыялап, өйдө көтөрүлө башташты. Таштак жолдо мөлт-мөлт жылжып, аттын чачысын жууган булак суусунанбы, кууш оң, сол капталда жыпары аңкыган шимүүр, текей, улар гүлдөрү, кымыздык, козу кулак, сарымсак, шибери аралаш сеңселген катыш чөптөрдөнбү, тээ алдыда катмар-катмар көз мелжите дүгдүйгөн тоо башынанбы салкын керимсел леп, леп калууда.

«Төх-х, тоонун атыр жели! Чүйдүн камыктырган ысыгынан мени чаңкатып чакырган, эңсетип жеткирген сенин ушул кереметиң го». Кулпурган көгүлтүр баркут кемселинин алкым топчусун чечти. Керимсел сакал, мурутунун тал-тал түбүнөн жорголой, бетинин отун жумшак аймалай, кирпиктерин сылагылай, көз кычыктарындагы талыкшыган ымырттыкты желпип, алда кайда айдай, алкымында ойноктой, оорлогон төшүн жеңилдете, көзүн, өзүн сергитип ажайып дүйнөнүн кучагына тартууда.

Кандим аттар жайык жерде катарлаш, тар кыяда чубаша демиксе да басыгын бошоңдотпой, көмөлдүрүктүн такоону менен ээрди, үстүндөгү ээлерин артка шыпырбай демигип өр тартууда. Тик өйдөдө бири-биринен калбоого атаандаша көкүрөк кага, кээде секирип да атырылган буудандардын жалынан эңкее кармашып, үчөө тең тар кыя, таштак жол менен алек.

Качан оргуштап булак оозу ачылган туландуу жайпак сереге көтөрүлгөндө жарыктык Камбараталар талыкшыган белдерин силкине, кишенеп тык токтошту.

Аңгыча жогортон чыңк ылдыйлай кымыз артынган эки атчан оропара чыга калышты. Алар минген жаныбарлар да беркилердикине үн алыша кишенеп ийишти. Жайлоодон түшкөн чоочун адамдар өйдө көтөрүлгөн салабаттуу жолоочуларга озуна салам айта, дароо унааларынан оодарылышты.

– Насип буюрган экен. Түшүңүздөр. Суусун жутуңуздар. Турдалы шак ыргып атасын колтуктап түшүрдү. Тоолуктар арта салган чоң чаначтарына тийбей, кыпкызыл өзүнчө бөлөк байлаган кол чаначты чечишти.

Абалтан келаткан салтка айланса болоор. Астыңдан жакадан чыккан ким гана учурабасын, кымыз артынган тоолук токтоп суусун жуткузуусу парз.

– Аттардын белин бошоткула, ооздугун чыгарып, тушамыштагыла. Суусун кандырып, сеп алып, анан аттаналы – деди карыя акын. Ал көптөн бери ат минбей тумсак тарта, чарчай түшкөнүн сезди.

Дегендей тоонун табиятынын ырахатына гана эмес, калкынын меймандостук айкөл пейилине тоё, бейтааныш адамдын курсанттана сунган бал кымызын шыңгыта жута чаңкаганын да кандырган акын жер мамыгынын үстүндө жая салынган чийбаркут көрпөчөгө оонап талмоорсуганын небак унутту.

Аларды меймандаган соң-көлдүктөр аттанып ылдый кудуганда Байымбет нарылай басып, түп-түп түтүктөнө көкжашыл созулган көбүргөндүү шиберге боортоктой кулачын жазды. Пыяздын, сарымсактын, согондун алда немедей жыты кеңилжээрине буруксуп, шаарлыктар даамын арттыра тамагына кошуучу дарыдай өсүмдүктү жапайы жайкалткан берекелүү жерин көкүрөгүнө бекем кыса кучактап-кучактап кумарлана жыттагылады.

Кайра тартканында көрпөчөсүндө кырынан, калп эле устасынын жакындаганын көрүп коңурукту кош тарткан Абдыкалык, көзүн алаң-булаң ушаламыш эте так секире чөк түшпөспү.

– Ой, тоб-о Молдоке-е, жанакылардын кымызы ынактын ынагы, ак кодол салганбы, өтө күчтүү экен. Сизди билбейм, мен кызымтал тартып, алеки заматта уйкуга көшүлдүм. Бакисинен түш көрүп ийгенимчи. Түш дейин десем чындык. Калпы жок кылдай. Угасызбы?

Тоголок Молдо төш чөнтөгүнөн ичке бозомук тарагын жылтырата сууруп, сыйда сакалын ого бетер селкилдете тарагылай, көрпөчөсүнө купшундаган шакиртине бет маңдай мандаш токунду.

– Эки күн жакадагы короого байлап аттарды ачыктырып коюпсуңар. Тоюнсун. Тиркич моюнум, кууланба, түш эмес эле иш айтканы турасың. Кулак сенде.

Келиндери, жеңелери тергебесе, көзүнчө бу кишиден бөлөк эч ким айтпас «Тиркич моюн» делингенде, чын эле өрдөктүкүндөй узун моюнун койкоңдотту Абдыкалык.

– Кыраакылыгыңызга давaa жок. Айттырбай жорудуңуз түшүмдү. Эми чыпачынымды мына бу ыйык булак түбүндө, ачык асман астында, ай талаанын жонунда айкындайын. Молдоке, сиз жаш кездеги жабырыңыздын, азап кайгыңыздын эсесин он эсе чыгарып, жыргалга, дөөлөткө тундуңуз. Сиздин талыбас оюңуздан, колуңуздан нелер гана жаралбайт. Мен күбө, Тиркич моюнуңуз күбө. Он беш, он алты жылдын жүзү болду. Өкүматтын, Казынанын кадырлуу арбабына айландыңыз. Борборго ат тезегин кургатпай чакырыласыз. Илим институтунан тапшырмалар, жолдомолор аласыз. Айлап, жылдап шаарды пааналайсыз. Молдобасан, Калмурат, Муса, шайыр инилериңиз артистикте, сыртынан болсо да көзөмөлүңдөсүз. Такай кашыңызда бөпөлөп да, багып да, чидерлеп жылдырбай иштетип да Акмолдо – Ыбырайым Абдрахманов, жерге жугузбай көкөлөткөн дагы бир шакиртиңиз такай кашыңызда, башыңызда. Ошонун жетегинде дастандардан, санжырадан, нускадан, жомок, болумуштан, көктөгү, жердеги тириликтеги аңыздан эчтеке койбой шыпырып илим казынасына үстөккөбосток өткөрүүдөсүз. Аныңыз мыкты. Биррак-к, менде сизге чоң таарыныч бар. Ана уулуңуздун көзү, айылга жеткирбей ушул төбөсү бийик асман ата, төшү түктүү жер энеде элкин отурганда чечишип албасам тарс жарылып өлчүдөймүн.

Тоголок Молдо санын таяна борс-борс каткыра, көөдөнүнөн солкулдады:

– Билем Тиркич моюнум. Таарынычың «Токсон суроо».

– Муну да таптыңыз билерман жарыктыгым – Абдыкалык алаканын шак коюп чөк түшкөн, бүктөлүү бутун чоё өйдө сок-

соё серпилип, кайта бүгүлдү. – Таптыңыз. «Токсон суроону» о дегенде толкундап киришип, бара түшө тоотпой таштадыңыз. Кийин канча суроо жөнөттүм, же алганыңыз жокпу?

Тоголок Молдо жыгылыштуусун туйдура муңайым үн катты:

– Алгам, Тиркич моюнум. Куржунда, дептер ичинде.

Мөрөйү үстөм болгондой Абдыкалык демитти.

– Эл үчүн, айрыкча мен үчүн ыйыксыз. Өзүңүз таптап үйрөткөнсүз. Пендебиз да. Ыйыкка да тоотпой кетсе тил тийгизип таарынат экен. Мен таарындым. Чыным ушу. Айтыңызчы, «Токсон суроо» тамашабы? Жаки өзүм тамашөкөй болсом эле ишим да ошондойбу?!

Акын чындыктан, жүйөдөн буйтай албай калтаарый да, тигини зекий да колун солбуду.

– Тиркич моюнум, абайлачы, катуулап баратасың. «Токсон суроону» мен эч качан тамаша деп санабайм. «Токсон суроодо» бар эмеспи, өзүм айталбаган жаралгандан берки өмүр, кармаш, куурал, жыргалга дуушарланган сырымды эркиме койбой чубагансың, жамыят, калк башынан кечирген илгерки, чукулку не бир орчун окуяларды чечмелөөгө мажбурлагансың. Кыйласы, өтө олуттууларына, ыр суроону, ыр менен жооп берип келатырмын. Ырас, кийинкилериң... – Аягын ичинен күрмөп, жөтөлүмүш этти. – Канча болду деги баштаганыбыз? Канча суроолоруңа жооп кайтарылды?

Экөө тең коюулана термелишти. Кайымдаша кызыган сөз, аттанганда дагы «жолду кыскарта» улана берди. Экөөнүн ортосундагы кепке ынак Турдалынын дагы ышкысын козгоду.

«Токсон суроо». Тоголок Молдо качантан бери, бөтөнчө, кийинки жылдары бат-бат республиканын борборуна чакырылып, көбүнчө жайлап, кыштап узакка шаарды туруктап жашоодо. Анын чыгармачылык иши өкмөт тарабынан бадкталып илим фондусуна өткөрүлгөнүн, өзүнө казына эсебинен жомоктогудай шарт түзүлгөнүн, зор салтанат, жыйындарга катышканын, жазгандары четинен басылып чыга баштаганын жердештери угуп, билип сыймыктанышат. Өзүн көрүүгө зарыгып сагынышат.

Көптөгөн жердештеринин Тоголок Молдого сыймыктануусу менен сагынычын айылдык актив, он төртүнөн ынак шакирти

катары жазма акындыкты жөнүктүргөн Абдыкалык Чоробаев жүрөк сезими делбирей туюп, алыстап кеткен даанышман, улуу устасына өз кусалыгы кошул-ташылданат. Кантсе да көптү көрүп, көптү билген ыйык акылманы менен байланышты үзбөй улантууга жанын үрөйт. Экен-токондо өзү шаарчылап, же Молдокеси кыска мөөнөткө кайрылып келгендеги, жолугушууларга эли сымал эле шакирти дагы каниеттенбейт. Анын акылын, үнүн угуп тураарлык такай катышуунун ыңгайын, жолун издейт, түйшөлөт. Акыры андай үзүлбөс алаканы табат. Бул мындан үч жыл мурда 1935-жылы башталат. Абдыкалык эки, үч доорду башынан өткөргөн устатына өз өмүрү, элдик, тарыхый окуяларды, мурдагы азабы, кийинки дөөлөтү, борборго байырлагандагы көргөн сонундары, жаңылыктары жаатында терип ыр менен суроолор даярдайт. Азырынча анчалык көп болбосо да орчундуу масилеттерди козгойт. Негедир дароо эле «Үндүүлөр ырдап китеп болоор деп» болжойт. Анткени, устатынын кайрадан демденип, көңүлү жашара тынымсыз иштегенине, «казыналык» ардакка бөлөнгөнүнө, демек, дагы ажайып кереметтерге, урматка тунаарына, жашаарына ишенет. Улам алар көрбөс жаңылыкка баткан устасынан көптү билип, калкка жардоого үмүттөнөт, ишенет.

Миң тогуз жүз отуз беш
Быйылкы жылдын эсеби.
Кимге болсо теңчилик
Келди заман кезеги.
Жетимиштен ашканча
Кызыл тилиң безеди.
Эки доор тең көрүп
Өткөрдүң баштан неченди.
...Ошон үчүн мен сизден
Токсон суроо сурайын.
Жооп нускаң таркатып
Окуп билип угайын.
...Алдыңызга жибердим
Алтымыш барак аңгеме.
Калам алсаң колуңа

Кызып кетер жан дене.
Кызыган бойду суутпай
Кагаз, калем кармаңыз.
Токсон суроо чечмелеп
Толук жооп арнаңыз.
...Иришемин алсам деп
Ичиң толгон мүлктөн.
Чарчабай күндө чуркаган
Адамдан чыккан күлүктөн.
Эмгегиңе баа берип
Өкмөт сизди сыйлады.
Фондуга, тарых сактатып
Чогулттуңуз кыйланы.
Мен да сизден сурайын
Чойдурбаңыз буйланы.

«Токсон суроо» ушинтип башталган.

Ашууну небак артка калтырып көлдү жакалай, жашыл кыртышты ойгон катар жолдо бастырууда үч атчан. Чар тарабынан тоо кыркалары курчаган, ортодогу түзөңдө мелт-калт мөлтүрөгөн Соң-Көл Тоголок Молдого дале илгеркисиндей толкуп-чалкып бөксөрбөс, картайбас керемет өмүр тирилиги сымалданды. Кыялына алда качаңкы элес балкыды. Алда качаңкы. Будалана эсептеди. Туура элүү бир жыл мындан мурда... Чүйдөн чакан көч менен канча даванды ашып... канча өргүп ...Анда энеси күүлүү, Жаркымбай чокундук менен дүкүлдөгөн аюу иниси Байтымбет жандап... Колуктусу Сейдеши экөө жаңы жер, жаңы элди аралап... Оюну, тамашасы канбай... Төтөн, ушу бийик тоо койнундагы Соң-Көлдү как эмкисиндей кылаалаганда Сейдешинин жүзүнө кызгылт нур себилип, көзү мөтүрөйүп таңыркаганычы, сүйүнгөнүчү:

– Молдо дос, ушунчалык кооз, ушунчалык көпкөк, мөпмөлтүр көл бар экен ээ жер жүзүндө. Ыраазымын тагдырыма. Апэ-эй, ананайын мынабу жээгинде адамдан анчейин коркпой жайылган апакай койкойгон жаныбарлар... – мукактана эринин бөйтөйткөндө өзү:

– Чоңураак шаңкайгандары ак куулар, аларга окшош кичирээктери каздар. Көлдөгү сүзгөндөр өрдөк, чүрөктөр. Чабыттап кайкыгандары ак чардактар – деп ырахаттана баёо макулуктарга, көлүнө эт жүрөгү эзилген.

– Ушундай көрктүү жердин кыздары да, жигиттери да сулуу э. Даңазалуу Ак Мөөр тээтиги ак куу, ак каздарга аралаш, ушу сонун көлгө чумулган жеринен хан Жантай көрүп жактырган э. Молдо дос-с өзүң да ушээрде чоңойгонсуң э... – Сейдеши көңүлдү тазартып, көздү умачтай ачкан көл илебинен жутуп, жайына коюп чочутпаган адамдарга үйүр татына куштарга суктана, таттуу медиреген жаш жарынын кубанычына эрий, жигит Байымбет башын ийкей магдыраган.

Соң-Көлдүн азыркы келбети дал ошондогусундай чалкып карт акынга качанкы жаштыгын, көркүн, жароокер жары Сейдешин сыйкырлап кайра тирилте жараткандай. Мынабу шаңкайган татына макулуктар балким, ошондо, элүү бир жыл мурда Сейдешин таңырката жол тосо, маңкайгандардын өзүлөрү болбосун. Мүмкүн, казды ким билет, ак куулар узак жашаарын уккан. Жок эле дегенде алардын тукумдары чыгаар. Аттиң, андай экен, ошондогу жигиттин, көк сакал абышкага айланганын байкашты бекен.

Көл көркүнө чырмалып ойго чөмүлгөн Тоголок Молдо байкоостон үшкүрүп жиберди.

Беркилер жергесин сагынган карыянын бул абалын баамдашып, оболуна коюшту. Элпек унаалар гана чукулдаган ат мамысын карай, тизгин кактырбай лепилдөөдө.

Көл кылаасын кырка сыдырып, түндүк тарабынан карай кайкый имерилип, Бөйрөк Булак, Ак-Таш аталган тоо түптөй созулган жылганы өрдөштү.

Тумшуктагы кырдан жол карап саксактагандар кылаадан берилей түзөңдө кудуган караандарды алда кайдан эле мунарыктата чалдыктырышты. Тоолуктардын көздөрү курч эмеспи. Үч атчанды айра таанышты. Ортодогу чабдарда бөйпөңдөткөн кичирээк караан самаган Тоголок Молдосу. Оң четтеги бийик көк аргымакта узун шуңкуйган Абдыкалык, солдо күрөң атын алкынткан балчагайыраак Турдалы.

Айылдагылар, катын-калач, бала-бакыра дебей жапырт дүрбөштү. Атайылап Тоголок Молдону куштап тосууга Какырдын жакасынан жаңы көчүп келип, четтеги шибер конушка тигилген Абдыкалыктын өргөөсүн беттешти, наабаттуулар.

– Ботом, өз баласынын үйүнө түшөөр. Тумар кат жиберип атын койгон Ынаят небересинин бетинен сүйөөр. Балким, башынан март киши көрүндүк да берээр.

– Кезек акча болсо бөлүшөбүз.

– Жо... Анттирбей эле, баланы көтөрүп астынан чыгалы.

– Кой, өлүксүздөр, сакалдуу кишинин жолун торгогон эмнеси. Дароо түшпөсө баары бир кийин баш багат. Ошондо небересин көргөзөбүз – дешип келин-кесектер андан карбалас. Нетсе да, балтыр бешик перзентти бешигинен чечип, бетин жууп, таза кийинтип:

– Чоң атаң келатат. Тос – дешип зайыптар колдон колго куштай кондуруп, улам жакындаган үч караанды карай талпынтууда.

Айылдагылардын көбү Абдыкалык, Турдалы тосууга аттанаардан мурда эле кеңешип атактуу карыя туугандын келишине түлөө чалууга, чынында тойлоого дайындалган бирөөнүн эки энени тел эмген тайы менен экинчисинин семиз ноопазынын кимиси болсо бүгүн союлаарын, нетсе да жаш шорпого, этке мантыгаарына күдүңдөөдө. Арийне бара түшө багышталган эки мал тең союлат. Айыл-апа бүт таталайт. Ал эле дейсиңби, илгерки жалтаңдык, көз карандылык, жардылыктан кутулган, тегиз өз башына, өзү эгедер, колунда аздыр көптүр жугу бар малчы калк Тоголок Молдо кетээр-кеткенче шыноого шылтоолоп Абдыкалык менен Турдалыдай бодо чалышпаса да, козу-көрпөдөн көтөрүп чаап меймандоодон аянышпайт.

* * *

Супуралары суубай, көрүндүк акчага алакандары ысыган айылдын абысындары, келин-кыздары Тоголок Молдо үчүнчү күн дегенде жогорку өргөөдөн кайра кайрылып уулунукун карай басканда көбү үй-үйдөн жардана шыкаалашты. Кээси

суйкая эшик ачууга шашылды. Бирерлери озуна жетип, бурала дасторкон жаюуга, айрымдары колмокол ийиле кымыз, чай сунушуп атасына урмат, кызмат көрсөтүүгө дилгир. Анан өзүлөрүнчө жетине албай шыңк-шыңк пикир алыша күбүр-шыбыр.

– Жарыктык, жандын сыпаасы экен.

– Айылдын чалдары кымыздан керден аяк менен үч-төрттү кыркырата соксо, бир пиала чыны шашпай, ууртап-татып ичип, токтойт экен.

– Баласаактыгы ченде жок дегени чын экен. Азыркы киргенимде Инаяты бешикте уктап жаткан. Тасмал жыйналганча улам-улам капшыттагы сайма жабылуу бешикти карай берди. Анан жанына көтөртүп койдурду. Секин бешикке жөлөнүп баланын бетин ачты. Колун бешикке артылтып, наристенин ынак жытын искеп, көпкө кучактады.

– Ыпырас. Кары эркек кишинин балага мынчалык үйрүлгөнүн көргөнүм ушу.

– Ой, окшошкон өлүксүздөр дес-се... Билбейсиңерби, бу жарыктыктын баладан кумары таркабай өкүттө өткөнүн.

Кийинки жубандын ойкутканы чындыкка шайкеш. Калыбы Тоголок Молдо бала жытын да сагынган. Бая күнү талпынган бөрсөгөйдү ууртунан сүйүп, жабалактаган ургаачыларга суратпастан эле даабай турушкан пейилдерин баамдап, чөнтөгүнөн үч сомдук көк чолокторду тобу менен:

– Инаятымдын көрүндүгү мына. Жетишинче бөлүп алгыла – деп бурдап сапырылтканда араң турган зайыптар чуру-күү талашкан.

Эми наристенин үйдөгү бешикте көшүлгөнүн көрүүгө дилгирленгени башкаларга баласаак бабадай туюлду. Бакисин жубантты. Кенжени эркелетсе ким гана сүйүнбөсүн. А өзү жумшак, жылуу бөлөнгөн наристеге да, аны таза, жайлуу термеген бешикке да ыкласы артыла токтоно албай тартылбадыбы.

Бешик. Качанкы арча бешик. Жакшы урунса буюм атадан балага, укумдан тукумга кызмат өтөй берет тура. Буюм да болсо көзүнө ысык сезилип, эски таанышына жолуккандай жалындуу жаштыгын, Сейдеши экөөнүн ак тилегин эскертип, жүрөгүн элжиретип ийбедиби.

Токмоктун Кара-Дөбөсүнөн быякка көчөөрдө сырдана, жакын жеңесинин ишаараты боюнча Сейдеши экөө бирдей кубана кубаттап, Шамшынын капчыгайындагы кургак, жыттуу, канча жыл болсо чирибес арчаны Жаркымбай менен Аюусуна сомдотуп жүктөнө келишпеди беле. Анан Сейдеши экөө курсакта булкунган наристесине ат коюшуп, мына... мына деп ай күнүнө толгондо Жаркымбай чокундуктун досу орус уста бешикти, жабуусун энеси, Сейдеши экөө алдын ала даярдап, жакшынакай жасалгалап баланын төрөлүшүн ак эткенден так этип күтүшпөдү беле. Толгоосу келгенде таш боор кудай Сейдешин кара бастырып көз жардырбай карындагы баласы менен кайсап кара жерге көмдүрбөдү беле.

Кан какшап аза күтүп карайлаган курган Байымбет, тилеги жакшы болсо да жайдак аңгыраган бешигине кол жазмаларын «бөлөп», наристем ушул – деп жыл маалы таңган боюнча чечпей койбоду беле.

Анан өзү элден элди, жерден жерди которуп, кара башы каржалып аягы сай таппай нечен жыл каңгыбадыбы.

Армандуу арча бешик төл баласына буюрбаган менен бир тууганы Байтымбет «аюусунун» тукумдарын мынабу үй ээси, өзүнө энчиленген Турдалысын, карындаштары Сапыя, Жээнбүбүлөрдү бөпөлөп чоңойтподубу. Эми анын балдарын, азыркы бөйтпөйгөн алыста жүрсө да өзүнө ыроолошуп, атын койдурушкан Инаяты бөлөнүүдө. Арча бешикке артыла кучактаганындагы закым карт акындын сезимине ушуларды сызгырылтып өтпөдүбү.

* * *

– Жайлоо Советинин кызматкердери менен, кээде Турдалынын коштоосундагы колхоз, совхоз чарбасын өстүргөн малчыларды кыдырдыңыз. Жакага түшүп дан өстүргөн дыйкандарды көрүп, көөнүңүз тойду. Эми Молдоке, «Токсон суроого» тоорулсак, кантет? Токтоткон жериңизден жылдыра омурсак кантет?

Тоголок Молдо угаар укмаксан камырабады. Абдыкалыктын эл, жерди аралаткандагы таасири анын азыркы бүт санаасын

бийлеп, бөлөк эч нерсени кабылдаттаардай эмес. Карыя ошол калайык тагдырындагы Өктөбүр ынкылабы киргизген, өзү небак «Насыятта» насааттаган тилекке жеткен кедей, кембагалдын өзгөрүлгөн жаңы турмушунун зээрине толкууда. Астын-үстүн алмашкан жаңы таалайлуу тагдыр бүт элде, көптүн ичинде өз башында бадыраюуда.

Чын эле чабдар жоргону бөжүтүп жайлоону түрө аралады. Ат минип салкын абада сейил куруп, карт көңүлдү сергитип, шалдыраган денеңдин булчуңдарын чыңап, чыйралтып таштады бейм. Негизгиси бала күнүнөн тааныш жерлердин келбети сакталганы менен ээлери, чарбасы өзгөргөнү сезимин серпилте жибиткени чын. Баланча манаптын, түкүнчө байдын конушу, жайыты энчилене бөлүнүп, алардын айылы көлпүккөн, малдын туягынан, тезегинен алыс таза серелерде конуучу. Ал эми төрт түлүгүн багып, отунун алып, күлүн чыгарган букара, жалчыларынын конушу басыраак ыктоо колотторго корголошчу. Алар ээлеринин үйлөрүнө оокатын жасаш үчүн жөө жалаңдап баруучу. Отун, жүгүн окчун түшүрүп ташышчу. Мейман ысмандан шакелденген сөөк-саакты мүлжүп, казан аягынын жугун жалашчу. Бай, манаптын канча сандаган малын жайдыр кыштыр багышса да бет алдыларынча союш союп туйтунууга акысыз эле.

Эми анын тескерисинче. Бай, манаптар небак эзүүчү тап катары жоюлган. Алардын бактырган малдары мурдагы кул, күң катары жалданган кедейлер жалпы ортоктошкон чарбанын энчисине тартылган. Ошол мурдагы жалчылар, дөөгүрсүгөн залимдер көлпүккөн конуштарды ээлеген колхоздордун, совхоздордун фермаларынын эркин малчылары. Жайыттардын чеги ар колхоздун мал чарба байлыгына, туягынын санына жараша бөлүнгөн. Атакөрү, мына эңсеген заман бат эле элди теңчиликке, эч кимге көз карандысыз азаттыкка, жалпы орток чарбага ээликке жеткирди. Жакада дыйкандардын чардагандары андан.

Өмүр бою оозуна аш, үстүнө үй жетпеген кара таман дыйкандардын бакисине өкмөттүн, колхоздун жардамы менен көчө-көчө кыштак түзүп, кыштан жылуу там салынган. Өңгөсүн ким билет, дыйкандын өлө жатканы көмөчтү капталга чаап, максымды аяк толтура баржактатып тасмалын жайышат.

Тоодогу малчылардын ар киминин үйүндө кымыз, айран. Талкан көөлөтүп, нан жебеген бала жок. Көбүнүн менчик малдары бар. Илгеркидей ар бири жүн, тери терсектен өзүлөрү жасап жонуна кызыл жабаар илбестен, көпчүлүгү дүкөндүн тигилүү, чак, көрктүү кийимдерин, же эндей кездемеден уздарга тиктирип кийишкен. Кээ кемпай жалкоолордон самтырагандары бирин-экин кезигет дечи. Көпчүлүк социализмдин урааны боюнча «Ким иштесе тиштейт» дегендей эмгегине жараша жапырт өнүгүүдө.

Токчулук деген, «Кой үстүнө торгой жумурткалайт» деп эңсеген замана ушул. Пейили тоюп, көңүлү жубанган карт акын кечээки кара таман, бүгүнкү марыгандарга:

– «Ак иштегиле, тобо дегиле», не кем-каржыңар бар? – деп бурулган учурлары болду.

Күн, түн канчалык тырмалап эзүүчүлөрдүн оокатында жүргөндө жылуу сөз, бүтүн кийим, жарытылуу тамакка жетпей, жилкиндери түгөнүп шорлогон кургурлар, өзүнө ээлик азыркы жыргал турмушка жеткендерине, эч кем-каржды сезбей ыраазылыктарын гана билдиришет. Малга, жерге, өз баштарына ээлик эркин болгондоруна эле курсант. Азырынча алар башка эч нерсени талап кылышпасы жөндүү да.

Дал ушундан улам тээ кан тырмак орус падышачылыгынын тушунда элге тараган, аны өзү да кагазга байлаган, карапайым элет журтуна жеткиликтүү аңыз сөздү эскерди.

«Ал чак сары орустун заманы. Сары орусту ойрондотуп кара орус чыгат. Сары оруска түйшүк түшүрүп, бүлүнтүп кыйратат... Жаңы кара орустун доораны жүргөн убагында он беш жылдан кийин байпагың манат, батегиң киш, босогоң алтын, ит аягың мис болот».

Устатынын каратып туруп эле өз ичине өзү терендей житип, маңдайында тирмийген Абдыкалык көрмөксөн, олуттуу кайрылуусун укмаксан ылдый эңиле жыйрыла мисирейгенде күттү, күттү, качан саал козголуп, бутун солбуй, кирпигин кага башын көтөргөндө чыдабай чыргыттады.

– Молдоке, түшүндүм. Чындап бизди тоготпой калыпсыз. Ак молдо башыңызды имерип алса керек. Ал күн-түн дымыкккан

тамына камап, башыңызды көтөртпөй иштетсе мейли. Бергени чай, мөмө-чөмө. Анда-санда манты, лагман, самса, алар да чөп-чарга толгон. Чүйдүн ысыгынан камыгып качып келдим дейсиз. Биз сизге салкын төргө өргөө тигип… атайлап күтүү үчүн Какырдын «ханы» болсом да, жайлоо Советине суранып, жеке өзүм эмес, малчыларга үгүт-насыят иштерин жүргүзсүн деп уулуңузду көчүрө чыктым. Жегениңиз тай, ноопаз, козунун ширелүү эти, ичкениңиз бал кымыз. Көлпүгүп аралаганың колхоз, совхоз чабандары… Алардын көөнүн сиз, сиздин көөндү алар ачып… Өңгөнү коёюн, эски курдашыңыз Жаркымбай-Чокундуктукунда үч өргүтүп эриш-аркак жарпыңызды жаздырдым. Ошондо да…

Тоголок Молдо шакиртинин оюн чыны аралаш каптап жүйөөгө жыгып оболуна көндүрүүгө жаналекетин билип эле турат. Ага чолосу чак. Тигил чокундуктукунда жарп жаздырдым дегенде бырс күлүп, колун булгап сөзүн бууду.

– Тиркич моюнум, саал аялдачы. Ой, Чокундугуң түшкүр-р, ырас-с эле жарп жазаарга сыр билги курдаштай табылбайт. Бул чөлкөмдө мени менен тамашалашчу курбу ошол гана калган бейм. Дүмүрөңдөп али күүлүүсүн айтасыңбы? Атка өзү ыргып минип, бетегени жапырылта дыр койдурат экен. Менин жоргомду ээликтирип кубалап, тебетейим көмөлөнө учуп, этек-жеңим далпактап… өлтүрүп коё жаздады. Керден аяк мелт-калт кымыз ичкенге, чеңгел толтура тууратан эттен сугунууга демитип:

– Шаардык чырайган сыпаа ак кол Тоголок Молдо кел мелдешебиз – деп өзү дембе-дем согуп, мени эл көзүнчө ыкыстатып эңсемди кетирбедиби.

– Жыгылдым. Карегиң начарлап калыптыр. Тагынып ал. Кулдугум бар – деп, ал күндүз кийип көрүп, алысты даана чагылтканга таңданган көз айнегимди берип атып зорго кутулбадымбы. Ошондо Жаркымбайдын бапырандап сүйүнгөнүн коё кал.

– Көздүү кылдың Тоголок Молдом. Тунарган көзүм ачылды. Колкосуна тай бердим – деп жапырылбадыбы. Папкеде көз айнектин түгөйү бар. Ыбрайым, «айнек эмеспи, сынып калабы, ашык ала жүрүңүз» деп камсыз кылган. Шаарга жетсем дагы жаңысын алабыз. Дүмүр Чокундук демдүү. Небере-чөбүрөлүү,

малдуу, колу жетик жашайт экен. Актүп силерден мурда патефонду сайратып коюптур. Аны Карагайчылардын чоңу, илгерки уста досу Киреше тартуулаптыр. Үй-бүлөсүн да өзүндөй камбыл үйрөтүптүр. Бул да жаңы замандын шаң шарапаты. Жаки, Жаркымбай Токмоктун көпөс, байларына жалданган батырак эмес беле. Деги урунуп-беринген башынан тың дүмбеки-чокундугум. Чокундугумду өзүң эскерттиң. Тиркич моюнум, капа этпе. Ула эми сөзүңдү.

Абдыкалык караманча кежирленди.

– Сүйлөтпөй да койдуңуз. Макул десеңиз гана айтам. Шакиртинин ашыкбаш ажыкызданганын күчөткөндө не пайда. Устат сакалын салаалай кирпигин ирмеди. «Макул». Машы тийген жаш баладай Абдыкалык алчылана сыңар тизеледи.

– Ошондо да... Алаканыбызга салып бөпөлөсөк да, а деп Жумгалдан тосуп алганда эле жалбардым эле. «Токсон суроону» неге оозанбайсыз, улантып, жетээр жерине жеткиришибиз моюнубузга парз.

Тоголок Молдо шакиртине көз кычыгынан кылгыра аяп да, мыскылдуу да алаканын шуудурата укалады.

– Тиркич моюнум, жайлана тыңдачы мени. «Токсон суроонун» бакандайлары колуңда. Мисалы «Кокон хандыгынын залимдиги, ордо кыздарынын зары», «Орустарга кайрылуу, алакалаш болуу», «Дунгандардын Кытайдан качып келиши», «Өйүз-бүйүз чородогу эки черүүнүн кагышынан Шеримбек баштаган жети эрдин өлүшү», «Кара аламандан элдин жабырлашы», «Он алтынчы жылдагы Үркүн», «Калпа ажынын Каңкордугу», «Падышанын тушундагы кош кабат эзүүдөн муңкүрөгөн калайыктын жалчылык абалы», «Өктөбүр ынкылабынын, Лениндин шарапаты». ...Элдин тагдырын козгогон бул зор суроолоруңа шашпай кенен-кесир билишимче чечмелеп жооп жөнөткөм. Ыраспы? И-и, башыңды ийкеп тур. Анан майда-барат бирдеңкелерди жөмөлөп, тынчымды алганың ылайыкпы? Өңгөнү коёлу, кокуй суроодду байкачы. Бирөө бул.

Канча союл жедиң деп
Аны да менден сурайсың.
Карала кылып кагазды

Каадалуу сөз курасың.
Санап жүргөн эмедей
Калжыратып турасың.

Абдыкалык көзүн кыбыңдатып муюду. «Чечиле баштадыңыз». Азыр да кеч эмес.

– Тиркич моюнум, Мураталы кызыл таздын мени ургандан кийинки жемекейлиги күчөгөндө кекенип жазган эки түрмөктү кошо турганбыз. Ал мындай:

Караладан төө алган
Тазым сага эп эмес.
Башыңды жеген мите курт,
Чымын, чиркей мен эмес,
Баяналуу күн тууса
Бардык кекти алаарбыз.
Эсен болуп эл турса,
Эсебиңди табаарбыз.

Абдыкалык ичинен кытылдап, чыкыйын кашыды. «Улантыңыз».

– Экинчиси – Сенин анталактаган шамшалыгың арбын, маңызы аз. Чекирейбе. Азыр моюнуңа түшөт. Кааласак чымчып, тамашалаганды биз деле билебиз.

Фрунзеде жатканда
Кат жазасың келгин деп.
Байбичең даяр алып кет,
Бачымыраак көргүн деп.

Келдим. Кана, байбичең турмак кара балакетиң жок. Абдыкалык арсалактап, күрөң өтүгүнүн балтырын таптап чапкылай ыкшыды.

Тоголок Молдо үстөмдүктү пайдалана жиреди: – Тынч иштеп жаткан уямдан антип козгодуң. Быяктан жакшылап эс алып, сейилдеп кетсем десем андан тынчымды кетирдиң. «Токсон суроонун» соңку экөөнө шаардан чолом тийбеди. Ала келдим. «Жамбылга жолугуу, анын салтанат тоюн» сурайсың. Өзүмчө жазганым бар. Кааласаң кош, каалабасаң окуп, туюп ал, «Эски теңсиз шайлоо менен эмки жалпы, тең, тике шайлоонун ажырымын» сурапсың. Буюрса буерден чүргөйбүз.

Абдыкалык өтүгүнүн кончундагы арбайган шадылуу колун шарт тартып, шака-шук алакан чапкылады.

– Оозуңузга май. Мына, менин кичине кыйтыйганымды эриттиңиз. Байкагандырсыз «Токсон суроонун» теңине жакынын араң ойсураттык. Калганын сиздин көп жашасаңыз да көргөнүңүздөн көрөлегиңиз али алдыда. Ушу калыбыңыздан тайбай, токсондогу Кошой баатырдай байгеге түшүп далай мөрөй утасыз. Буюрса ошолорду сурамжылап улай берсе Жамбылдай өмүр берсе токсонго жеткирээрбиз. Бо кандай дейсиз?

Кадимкидей жайланышып, анык чыгармачылык пикирлешүү оролгонго устат жайдары да, ойлонуңку да саалга тымыды. Анан акылын чубады:

– «Токсон суроо» жалаң эле бир жактуу сен тараптан козголбосун. Саал кеңители. Ыгына жараша алмак-салмак ороштуралы. Мисалы мен да сага, такай аралаш жүрөсүң, Какырдын «хандык» тактыны да ээлепсиң. Элдин өзгөргөн, алгалаган абалын, жерибиздин келбетин, өзгөрүшүн алыстан сагынган мага баяндап, сүрөттөп бербейсиңби. Мен минтип кайрылам.

...Абдыкалык бөбөгүм
Айыпты кимден көрөмүн.
Элди, жерди сүрөттөп
Көрсөтчү чебер өнөрүң.
Карыганда бизди да
Калк агайын куштады...
Кана эмесе баштагын
Каржарык менен Куртканы...

Абдыкалык устатынын ушунчалык терең айлантып түйшүгүн, жеңилдетээрин күтпөгөн. Арийне, камдаган «Нарын суу, анын каяктан, канча куралып, каерге жетээрин, мурда «тилсиз жоо», «кандуу дарыя» аталса, эми чөп, эгин жайларга, Фергана өрөөнүнө жеткенде пахта, жемиш өсүмдүктөрүн сугарууга бурулуп, электр кубатын берип пайдасы кандайча тие баштаганын өтүнмөк. Башка даяр суроосу чамалуу. Карачы, кайран даанышман ага жол көрсөтүп, кеңейтип, мүмкүнчүлүктү ачып отурат. «Эркелээриң болбосо, эмшеңдештен не пайда» дегендей, жакшы эле тайраңдап эрээркеди. Жетишет. Эми касиеттүү

карыяга жашы улуу адамга ыраазылыгын бөлөк бирөөлөр ооз жүзүнөн «Ырахмат» деп кутулаар эле. Абдыкалыктын көнгөн адаты башка. Абдыкалык бу чөлкөмдө сейрек учуроочу чекир көзүн кыбыңдатып, кош колун бооруна ала, шыңга боюна аргый устасынын астына жүгүнө ийилди:

– Кулдугум бар, Молдоке. Сагынган Тиркич моюн тентегиңиздин эркелегенин көтөрдүңүз, жаздыңыз. «Токсон суроону» кандайча өнүктүрүүнүн мага белгисиз ыгын таап жанымды жайланттыңыз. «Өзгөргөн эл, жер баянын» сизге толук баяндоого дароо чамынам.

Тоголок Молдо узунча боз тарагын чөнтөгүнөн сууруп, сакал, мурутун тал талынан сеңселте тарагылай, кубана божурады.

Өнөрүн ичке жашырып
Начар киши далдалайт.
Калам, сыя, кагазды
Толугураак камдап айт.
...Жокту коюп бардан айт
Татты сөздөн тандап айт.
Кадырымды билүүчү
Карыя, кемпир, чалдан айт.
Өңөрүп-өскөн жеримди
Өзөнү менен бүтүп айт,
Тоо таштан эме калтырбай
Көңүлүмө түшүрө айт.

## ШАҢДУУ САПАР

1939-жылдын апрели. Фрунзе шаарынын Дзержинский көчөсүндөгү катар-катар аллеялардын дал ортоңкусуна түшүп, ички делөөрү менен сырткы көрккө ырахаттанып кадам чоюуда карыя. Ички делөөрүүсү чөнтөгүндөгү төшүн ысыткан телеграмманын деми. Как ошо телеграмманын күүсү токтоосуз күүлөнтүп Курткадан жытыккан борборго кайрадан жеткирбедиби.

Телеграмманы мындан төрт күн мурда Курткадагы Чоң-Арык колхозунун жетекчилери карбаласташып, тегерек столдо

бейгам калем сапты чүчүлөп көнүмүш жазмасын жылдырып, отурганда күргүштөй, босогону атташа табышташты:

– Сүйүнчү Молдоке!

– Да бир кубаныч сизди борбордо күтүп атыптыр.

– Камыналы ата. Шашылыш өңдөнөт. Эртеңден калбай өйүзгө чыгып, чоң жолдон машине күтөлү – деп активдерди баштаган Турдалы карбаластады... Ал анан өзүн желкелеп шылтоого шыноо таппаган билермандарга бурулду.

– Отургула, жайланып. Кур оoз чыкмак белеңер. «Атаңдын жакшылыгына оозубузду майлабасаң оңбойсуң» – деп келесиңер да, үйгө киргенде солдоюп турасыңар. Үзүмчүлүк убагы болсо да, бордоп байлаган борук бар. Азыр шылып жиберебиз. Жаш шорпо, жаш этке оозуңар майланабы?

– Майланат.

– Абдан.

– Анда жайлангыла. Атамдын «Манасынан», казалдарынан дүпүлдөтүп бир түндүк эрмектикке өзүм деле жарайм. Ата, бат кыйт эте түшчү эле, шакиртиңиз Какырдын «ханын» шашылыш чакырык жөнүндө кат жазып ат чаптырайын, – Турдалы, табакташтарына, анан атасына кайрылды.

Көз айнегин жаркылдатып, терезенин жарыгына далдап телеграмманы кайта-кайта окуган Тоголок Молдо кудуңдады:

– Ошент каралдым, ошент. Куртка менен Коргон суусунун боюндагы Какырдын аралыгы жыйырма чакырым. Тың ат мингизип чаптырсаң, барышы бир жарым саат, келиши бир жарым саат. Тиркич моюндан келгениме үч эле күн болбодубу. Кабар жетсе эле шашма неме сүйүнүп чаап жетет. Боругуң союлуп, борпошо бышканча үлгүрөт.

«Кымбаттуу Байымбет аксакал. Сиздин Фрунзеге жазуучулар союзуна тез келишиңизди күтөбүз. Жазуучулар союзунун жетекчиси

*Т. Үмөталиев».*

Кыска, бирок үмүттүү телеграммага карт жүрөк негедир делөөрүй чөнтөккө катып, ылдам жөнөөгө дилгирленди.

Эртеси Нарынга араң жетти. Нарындан күн, түндөп жүрүп отуруп, кечээ каш карайганда баржактап, сагынып тосуп алган Ыбрайымыныкына түштү.

Куртка бою, жалпы эле Нарын өрөөнү, Кочкор, Балыкчы аймагы али кыштын каарынан толук арыла элек. Кар кеткен менен кара суук сөөктөн өтөт. Желаргы шамал, бороон ырылдаган маал. Чөп жаңыдан кылтыюуда. Төл башталып, малчылардын түйшүгү арбып, жүдөгөн учуру.

Карыя акындын сырткы көркkө ырахаттанганы – шаардын борборлук көчөсүнүн түптүз катар аллеясындагы эмен дарактары алда немедей бүр чачып, жашыл бариктерин сеңселтип жаз баарынын кадимкидей күчүнө кирип чатырап жашаң кучагына тартып жүрөгүндөгү ички делөөрүсүн, тышкы табият коозлугуна бөлөгөндүгүндө.

«Кызыгың кур, опасыз пендебиз да. Кээде чыдамсызданабыз. Өткөн жайдын чилдесинде ушердеги аптаптан жүдөп качтым эле. Эми шаарымдын жашарган, кулпурган жазына жеткениме кубанганымды кара».

Жазуучулардын ошо көрктүү Дзержин көчөсүндөгү ишканасы орношкон тааныш имаратын дароо тапты. Экинчи кабатка тик жыгач тепкичти жай терип, жөлөнкөнү жеңил кармай, анчейин күйүкпөй эле көтөрүлдү. Кирeбериштеги машинка баскан куйкул чач келинчекке телеграмманы көргөздү эле, дароо наркы каалганы акырын кыңкайтып, карыяны киргизди.

Көзү бакырайган, жалпак бет, келте мурун багалчагыраак Темиркул отургучунан шап козголуп, кулачын жая утурулады:

– О, касиеттүү карыя, ырас болбодубу, келишиңиз менен. – Тоголок Молдону коомай кучактаган боюнча бурчтагы диванга катар олтурушту.

Темиркул алдыртан байкаса карыянын элеттен келсе да үстү-башы, кийим-кечеси таза, узак жол тартса да чаалыккан кейпи жок, кайра жүзүн, кубаныч нуру чалып, көөнү куунак.

Тоголок Молдо анын ыйбаа сактап үңүлгөнүн байкамаксан күлүмсүрөдү.

– Чакырткан экенсиңер уулум, жакшылык жышаанга жорудук.

Темиркул өз алаканын өзү кайчылаштыра бекем кысып, ордунан обдула бат-бат шашкалактай сүйлөдү:

– Албетте жакшылык. Жакшылык! Москвага барасызбы?

Ордунан козголо, өз алаканын кыса бажырандап, күрөң жаңы костюмунун жакасына таза үлпүлдөтө тапталган саргыч көйнөгүнүн жазы жакасын суналта кайрып, ачык көкүрөгүнөн төшүнүн башын түктүйтүп жакшы кабар угузганга жетине албай барпактаган Темиркулдун кубанганы, бейкабар өңүнөн күдүктөнгөн карыяны, ымыр-чымыр ысытып, көлкүтүп ийбеспи.

Али кызгылтым наары өчөлек тоголок бетинин оту албыра ажарланып сакал-мурут тал-талынан дирилдеп, үлүңдөгөн каректен оттук чагылып жарык балбылдай үрөлө, кубарыңкы эриндери мала кызгылттана элпек эпилдеди:

– О, балам, Маскөөгө барбагандачы? Эмнеге?.. Ким менен барамын?

Темиркул маңдайына имериле тура калып, кубанганын укмуштуудай кубулжуган дидарынан туйгузган карыяга таңдана кошо толкундай кадалды. Кыялында буларды көрмөдү.

«Карыянын ушу кубанычын жазууга сөз жетпейт. Эгерде мен сүрөтчү болсом эле, аны ушул бойдон сүрөткө тарта койбос белем да, анан баарына көрсөтөөр элем».

Тоголок Молдо эмелеки сүйүнүчтөн жашарган, кулпурган дидарынан албыра закымга ойго чырмала калган Темиркулдан жоопту чыдамсыздана күттү.

Темиркул аны байкап бакыраң көзүн ирмей, мурунку ордуна жанаша эпейди. Эми жайынча толугураак түшүндүрүүгө киришти.

– Сиз менен абдан көп киши барат. Кыргызстандын Большевиктер партиясынын Борбордук Комитети менен өкмөтү адабият жана искусствобуздун он күндүгүн Москвада салтанат, майрам катары өткөрүүгө баарыбызды камынтып жатат. Артисттер, театрлар, беленденгени эки, үч жылга айланды. Жазуучулардан дагы далайы барышат. Жакында ошо салтанаттуу декаданын катышуучулары такталып Борбордук Комитетте бекитилди. Анын ичинде сиз да барсыз. Баары чечилип бүткөндө сизди чакыртып отурабыз. Жөнөкөй гана эмес, декаданын катышуучусу катары барасыз.

Тоголок Молдо чындап санаасы тыңгылыңкы тартып, жаңы көрпө тебетейин башынан секин алып, көк ырапы топусун оңдоно чокусуна сылай Темиркулга бурулду.

– Абдан жакшы уулум. Ушу жашка чыкканча Фрунзе менен Алматыдан нары өтүп көрелек элем. Абаңды карыган кезиңде жер кыдыртып сонунга батырмак болупсуңар. Чынын айтчы уулум, Лениндин жасатын көрөмбү, же жокпу?

– Көрөсүз. Лениндин жасатын абдан жакындан көрөсүз, – деди Темиркул.

Карыя кайтадан жанагысындай дидарынан кубануу жалынын албыртты.

Каалга шарт кенен ачылып, Куйручук таамай ат койгон, арабанын четки атындай ийинин булкуп, кабинетте баарлашкан экөөнө Кубанычбек салмактуу кадамдап тике маңдайларына токтоду. Кол башчыга салам бергендей Тоголок Молдого тыгыз дагы бир кыска арым таштап, оң манжасын чыкыйына кайкалата көтөрө, шак түшүрө, баладай таңыркаган тааныш карыяга сунду. Карыянын балбыраган жумшак колун улам-улам кыса коё бербей Кубанычбек акылдуу көзүн тике кадады.

– Оп баракелде! Биздин Молдокебиз как ушундайсыз. Сизди зор майрамга, өзүңүз «Насыятта» белгилеген түп киндик Маскөөгө, апарабыз. Кыргыз-кыргыз болуп жаралганы биринчи мертебе шайырлардын өнөрү борбордун калкына, өскүлөң кесиптештерге, жетекчилерге көрсөтүлөт. Салтанат, сайран, шаңдуу майрамга катышасыз. Андан аркысын дагы көрөсүз. Дөөлөттүүсүз Молдоке. Былтыр чогуу барып, токсондогу Жамбылдын тоюна таңыркап кубандык эле. Сиздин адамдык бактыңыз, айрыкча чыгармачылык бактыңыз Жамбылдыкынан кем сокпойт. Көрө жатабыз!

Аша чаппай ушерден токто дегендей тармалыраак, кыска тегизделген капкара дудар чачын салаалай ага бурулган Темиркулду, кайра, али колун коё бербеген карыяны назик ирмеди Кубанычбек.

– Баса Молдоке сүйүнчү! Алигинде мен тандап, сиз менен кеңешип өткөргөн «Балдар жомокторун», ага куйрук улаш «Жер жана анын балдары» басмаканадан чыгып сизди күтүп

жатат. О-у бөлкөнтайы кыйла. Жүрүңүз. Кырмамбаска өзүм апарып колуңузга табыштатайын.

Кубанычбек башын булка мүрүсүн кагып, күлмүңдөгөн калыбында жана кыскан колун бошотпой карыяны чоё тартты.

Тоголок Молдо ал күткөндөй салмагын салып зорго козголбостон шар жеңил турду. Кубанычбек эми араң колун коё бере, шап колтуктады.

– Бар, бар, карыяны кубангандын үстүнө дагы бир кубант. Акынга китебинин жарыкка чыгышы, эстүү уулунун эр жеткенине барабар.

Темиркулдун бул сөзү Тоголок Молдонун кулагын ачып, жаңы жакшы түшүнүк сөз жеткирип ысытып ийди. Ал Кубанычбектин булчуңдуу күчтүү колуна, жаштык демине жылына ооруна жакын тартылып баратып кайталады.

«Акынга китебинин жарыкка чыгышы, эстүү уулунун эр жеткенине барабар». Демекчи, менин эки бирдей китебимдин жарыкка чыгышы, эки эстүү уул өстүрүп, эрезеге жеткиргеним экен да. Ошол эрезеге жеткен эки азаматыма мобу купшуңдаган сөзмөр да, ишмер да Кубанычбек башынан тааныш. Байкап, жактырып бүткөн экен. Эми түбөлүккө ал экөө менен кол кармашып, менин көзүмчө шерттенип достошкону алпаратат. Өзүлөрү жаш болгон менен жаны, кесиби курбу эргулдарым. Жазуучулардын улам бири мага жакындашууда. Келечек, күч ушулардын энчиси. Кут кылсын ошолорумду элге, журтка».

* * *

Поезд зып-зып артка чимирип алга ыкчам зымыроодо. Жумшак купенин астыңкы орунунда столчого чыканагын артып тунук терезеге кадалган Тоголок Молдо Казан вокзалынан музыка менен шаңдуу узап, шаардан алыстап жайыкка чыкканда көтөрүңкү көңүлү, көнө түшкөн жаңы түп борборду кыя албай, коштошкусу келбей кусадарлыгы артты. Москвадагы жыйырма беш күн. 1939-жылдын 14-майынан 11-июнуна чейинки убакыт өмүрүнүн алтымышын чайнаш, кармаш менен азаптуу, ажаан доордо өткөргөн, кийинки улгайган жыйырма жылда,

уйпаланган канатын эркин серпип чабыттай сексенге толоор курагында түшүндө чагылта албаган кереметке чалкытпадыбы.

Борбордогу жыйырма беш күн азаптуу алтымыш жылдын кээсин чыгарып, кегин он эселеп кайтарды белем. Туура. Он эселеп. Жамандыкка көп жабыгып солгун соккон карт жүрөгү теңчилик доор орногону чыйралып, чыңалып кадимки жигиттей демдентүүдө. А Москвадагы жыйырма беш күндүк шаң, салтанат мурдагысынан беш бетер шер байлантып күч кошкондой. Арийне жакшылык жышаан, сый, урмат дайыма адамды жагалдантып, жамыятка керектүүлүгүндү туйгузуп, өзүңө ишеним туудуруп, эл ичинде элкин жашап эмгектенүүгө дилгирлентет тура.

Мына, Тоголок Молдо көтөрмөлөөнүн зээринин таасирин өзүнөн даана байкоодо. Бошоңдогон карт муун-жүүндөрү чыңалгандай, баскан-турганы кагелес, жеңил. Ою тунукталып, дагы эле калемин тайгылтпай кармоого, колу кычышып, ыр уйкаштары чаржайыттанбай кынала акылынан кагазга куюлууга дапдаяр. Бу да жакшылыктын шарапаты. Түп киндик Маскөөнүн билбегенди билгизип, көрбөгөндү көргөзүп, туйбаганды туйгузуп, ардак даңкка тундуруп аземдеп жөнөткөндүгүнүн зээри.

Нак ошон үчүн карыя даанышман Москвадан алыстоону анча каалабай, негедир керемет, кымбат жайдан оолактаганга колтугу коңултуктап, ичи тыз-тыз ачыша коомайланууда. Маскөө. Эстен өчкүс элес, санаадан чыккыс санат калтырган ажайып жай.

Москванын элесинен ташкындап, ара-чолодо таасирлерин чие коюп жүргөн блокнотун барактай, зорго өзүн-өзү алаксытууда.

Адегенде борбор шаардын тышкы келбетине таңыркаганычы.

Асманга жакын үйлөрү
Алардын азем түрлөрү…
Кызыл аянт, Кремль
Жакшылап салган жай экен.
Алтын борбор Маскөөнү
Мактаганча бар экен.

Түп-түз кенен көчөлөрдө, дүкөндөрдө, көргөзмөлөрдө, метродо тынымсыз агылган өңү түспөлү, кийимдери, тилдери башка ар уруу элдердин, улуттардын адамдарычы.

Ата бабаң көрбөгөн
Айтып ада кылгысыз
Жандын баары Маскөөдө.

Кайсы кылымга, кайсы элге таандык экендиктерин айкын көргөзгөн тарыхый, маданий кымбат баалуу буюм, жасалгалар сакталганы өзүнчө, бүт батыш, чыгыш өлкөлөрүндөгү, Россиянын өзүндөгү ааламга даңкы чыккан не бир чебер сүрөтчүлөрдүн күнү бүгүнкүдөй тирүү элестерди ажарланткан сүрөттөрү өзүнчө коюлган. «Ажайыпкана жайларын» чыккысы келбей тоорулганычы, кунттана кумарланганычы.

Бүт совет элдеринин эркин, үмүтүн, ишенимин жактаган, өзү курган мамлекеттин башкы бийлиги, жетекчилери турган, зор салтанат майрамдар өткөрүлүүчү Кремлдин жанындагы сыймыктуу кызыл аянттагы улуу көсөм Лениндин керемет мавзолейине киргендеги, көргөндөгү толкуганычы.

Жолдош Ленин көзүмдө
Атагы дайын сөзүндө.
Жасатын көрдүм Лениндин
Жаркыган сарай өзүндө
Талыкшып уктап жаткандай
Таң кылайып аткандай
Жасатын барып бир көргөн
Терең шатка баткандай.

Музыкалуу театр апарган «Айчүрөк», «Ажал ордуна», «Алтын кыз» оюндарын, филармониянын ырчы, обончу, комузчу, бийчи, хор, оркестр артисттеринин концерттери борбордун заңгыраган театрларынын кайсынысында коюлбасын москвалыктар жык жыйма. Кол чабуу, сүрөөн, гүл сунуу менен шаттуу жактырышты. Өкмөт башчылары да катышып турушту. Тоолук кыргыздардын гүлдөгөн маданияты жогору бааланды. Музыкалуу театр Ленин, филармония Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланды. Чыгаан чеберлер карыдан Мураталы экөө, ортончудан Калык, Молдобасан, Кара Молдо,

Алымкул, кичүүлөрдөн Абдылас, Муса, Атай, Кубанычбек, Жусуп… Кыздардан Анвар, Сайра… койчу, декаданын жоон топ катышуучулары шаң шарапат астында Кремлдин өзүндө карыя Калининдин колунан төштөрүн жаркырата ордендер, медалдар тагынышканда кубанычтын зээри учуруп оолжуганын мындайча илген экен да.

Орден такты төшүмө,
Жагалданып Байымбет
Жашарып кирдим көркүмө.
Кубангандан чатырап
Жаш толкуду көзүмө.
Жугумдуу сөздү ойго алып,
Эмгекти Совет колго алып.
Көтөрдү көккө чыгарып
Көңүлүм өстү уларып.

Блокноттун кийинки актай барагына азыр муну чүргөдү:

Сексендеги Байымбет
Жигерденип жашардым
Карыдым деп турбастан
Дагы нуска жазамын.

Поезддин термелгени жазууну бузмак турсун, кайра жаңы ой булактатып, калемди токтоосуз жорго жүрүштөй бөйпөңдөтпөспү.

Сейил күттүм моминтип
Сексенге жашым барганда.
Өтүп кеткен нечендер
Өмүр бою арманда.

Бу төрт сап көңүлүнө төп келе, кыйла оёндор эскериле, токтоно албай ачык окуп ийбеспи.

Сейил күттүм моминтип
Сексенге жашым барганда.
Өтүп кеткен нечендер
Өмүр бою арманда.

Атаганат дечи. «Нечендер»… Ташка тамга баскандай терең ой ойлоп таасын сүйлөгөн чечендер, апталап, айлап күчөнүп, күүлөнүп айткан сайын күчөгөн даанышман дастанчылар,

булбулдап назик кубулжутуп, туйгундан артык кайкытып, ойкуткан обончу-ырчылар, элдин эс акылын эңшерип, эт жүрөгүн элжирете күү черткен комузчулар, кыякчылар, чоорчулар мындай барк, сыйдын четин көрбөй арманда өткөндөрү жалганбы.

Бет маңдайындагы диванда башына жаздыкты бурдай коюп тескери бурула бүкүлүсүнөн сулк жаткан Карамолдо секин козголду. Чарчаган Байымбет жамбашы жумшак жатак орунга тийгенде көшүлүп уйкуга кирди деп ойлогон. Көрсө, ал жөн гана денесин жаза, эс алып көзүн жуумп, бирок уктабай эле, карыя акынга жолтоо болбоюн деп акырын байкап жатыптыр. Качан ал «өтүп кеткен нечендер, өмүр бою арманда» дегенди ачык окуганда атайылап обдулду.

Аны дал ошол акындын ыры, ойго жетелей серпилтти. Көзү тирүүдөн Муратаалы, карыдан кийинки комузчунун пири – Карамолдо үн дебестен «Музоокенин муңдуу күүсүн» муңкантып үч кылды безелентсе болобу. Аз сүйлөп, оюн, тереңдигин күүгө чөгөргөн кара мурут, келте мурун, балбыл көз чыгаан комузчунун билеселүү жоругун аксакал жазгыч акын талый да, кубана да, кусалыгы ташый да телмирди.

– Айдат, колуңдан айланайын Кара Молдо. Арманда кеткен «нечендин» бакандай бирөө өз бабам Музооке. Көптөн бери укпаган «Муңдуу күүсүн» кайдан гана черте койдуң э. Кайран гана ыйыгым. Өнөрү ар кыл, акылы албан, бизден канча өйдө эле. Муңканып жүрүп арманда өттү. Ушу «Муңдуу күүсү» калды.

Кара Молдо даңктуу акындын пейилиндегисин таап жубатканга, алкоосун эшиткенге эргий «арманда өткөн бизден алда канча өйдө» алп талант бабасы, даңазалуу Музоокенин «Муңдуу күүсүн» ого бетер мээ, жүрөк тамырларын көшүлтө безелентти. Антпесе «Муңдуу күүнү» шаанисине жеткирмек кайда, чертип бекер.

«Молдокемдин түйшөлгөнү калетсиз. Музоокедей канча шайыр шаңшып дайынсыз гана кете берди. Маскөө турмак, Пишпекке чакырылып ардакталышпады. Таалайга бөлөнгөн биз. Карыядан чыканактап талбаган мобу Молдокем менен азыр мууну бошогондо кыягын безеген Мураталы экөө. Анан биз. Биздин өнөрүбүз жөнүндө Маскөөнүн кезиттери күндө

жамыратып жазды. Киного тирүү элесибизди тартышты. Радиого, магнит табакка ыр, күүлөрүбүздү түшүрүп калайыкка угузуп, келечекке калтырды. Бизден мурунку залкарлардын үнү, айткандары сакталбай өчтү. Азамат Молдокем куп келтире шаңшыды: «Өтүп кеткен нечендер, өмүр бою арманда».

Жеке эми эмес, такай күүгө толгонгон комуз кылындай ойго чырмалып табити тартпаган кишиге анча ийибей өзүнчө издене, түйшөлө алектенген «түнт» чыгаан комузчуну Тоголок Молдо башынан жактыра турган. «Арманда өткөндөрдүн» кайгылуу тагдырын машташкандай айттырбай түшүнгөн баамчыл чеберге эбедени эзиле, калемин блокнотуна ныктай баса, элейген калыбында эркелете күлүмсүрөдү.

– Токтомамбетим, эми биздин жыргалды элестеткен күүлөрүңдөн шаңкылдатчы.

Сыртынан кашаң, ичинен ыкчам Кара Молдонун сезимтал жүрөгү чалпоолоно, сүйүнө булкту. Аны чанда бирөө өз атынан «Токтомамбет» дешет. Бу жашы, жолу, жосуну улуу аксакалдын сүймөнчүк менен «Токтомамбетим» дегенин кара. Кетирекей мурдуна жарашкан ныл мурутунан мулуң эте, бакырaң карегинен от чагылта, кулун түк тикчийген кыска, такай кырдырчу калдагай башын эңилте, булчуңдуу шадыларын элпек эпилдете үч ичекти бармак, тырмак учтарына кандай илип, кандай кайрып, кайкытып бүгүлткөнүн көзгө илээштирбей, сыйкырдуу сыбызгытты дейсиң. Жүрөк кылдарын термелтип, сезимди экиленте кандайдыр ажайып дүйнөгө чалкыта ээрчитти. «Шайыр Камбаркан», «Ибарат», «Терим күү», «Атчандар шыңгырамасы», «Чоң кербез».

Купенин үстүңкү нарында оонап жумшак термелишкен Кара Молдого тең чамал комузчулардын дөө-шааларынан Ыбырай Туманов, Чалагыз Ыманкул уулу далдайышып, күүнүн илебине тартыла табыш билгизбей ылдый түшүшүп, комузду укмуш таңшыткан Кара Молдонун аягына оолак жайланышты.

Шайырлар кайда жүрсө шаанилүү. Бирин-бири улап, сынап, биринен бири калышкылары да келишпейт. Ар киминин жекече окшобогон өзгөчөлүктөрү бар. Ар киминин дарамети канчалык экенин билишет, баалашат, сыйлашат.

Жогортон эңилген экөө Кара Молдонун тереңдигин, түпсүз иримдигин, улам жаңы чертиминдеги кубулжуткан кылдаттыгынан байкап, ушуга дейре, мына азыр да, башталыш кайрыгы менен аргыштала, бургуйлата, буйтата соктурганынан, капысынан буктура бүтүргөнүнө чейин учу-кыйырсыз күү сырына чаңкагандары кана болкоюшууда. Даңканын алыс серпип, канат сымал жал куйругу жайылып чабышта таманы кызыган күлүктөй күүлөнгөн арышын марага жеткенде зорго токтоткон, Кара Молдо капталындагы алибеттүү доңкойгон дуңгул сакал, кара макмал топучан Ыбырайга бурула күңк этти:

– Кана сен жаңычылсың, телдөөксүң. Чертчи, жаңы чыгарган күүңдү. Молдокеме эрмек бололу.

Тоголок Молдо ондоно столдон берилей диванга чалкалай жайланды:

– Баракелде, колуңардан кубат, оюңардан илхам кетпесин! Черт Ыбырай иним. Токтомамбетим өтүнгөн жаңысын черт. Жаңычыл болуу да жакшы. Жаңы замана бакибизди ырыска бөлөдү. Анын элесин биз ырга, силер күүгө түшүрүү моюнубуздагы парзыбыз.

Баятан үндөбөгөн Кара Молдо «качан канча күүнү элеп, өзүнүн да, беркилердин да кумарын жазганда гана кесиптешине тийише курч тамаша шыкак таштаганда саал басынгансый талмоорсуй түшкөн уяттуу Ыбырайды көтөрмөлөдү, кыраа карыя.

Ыбырай жандана алп көөдөнүн дагдайта, лакыйган колтугун өйдө созуп өз комузун апчый, беш шадысынын ар бирин беркилердин билегиндей барбайтып, кылга эптей, долдурады:

– Эм-э. Кара Молдо-о а-з сүйлөйт, асыл-лып с-саз-з сүйлөйт. Жаңычылдыгымды танбайм. Молдоке сөөктү агарта айттыңыз. Кеңеш доорунун жыргалына баткан соң, анын күүсүн чертип, ыр-рын ырдаганыбыз оң. Бо каткан Кара Молдо өзү дел-ле ж-жаңычыл. Болбос-со «Колхоз Камбарканы», «Атчандар шыңгырамасы», «Терим күүсү» кимдики? Өзүнүкү. Төлчүлдүк жаатынан эгиздебес-се жалкы тууй элек.

Энөө кишинин кээде ушинтип чукугандай сөз таштаганы өтүмдүү. Карыя баштап, Кара Молдо, Чалагыз жарыша каткырышты. «Эгиздебесе жалкы тууй элек» дегенге кантип күлбөйсүң.

Аңгыча кетмен үчүн жаралгандай, комузга эч эп келбестей, коошпостой көлпөйгөн бармак, сөөмөйлөрүнүн учтарын болоор-болбос гана кыбыратып, колун эч булкуп-силкип, кайкытпастан Ыбырай жаңы күүсүн «Паравоз» дегенди, кудум вокзалда күшүлдөп сапарга камынганын, анан темир жолдо чиркелген вагондорду булка тартып, адегенде жай, анан ыкчамдай, түзөй мейкинге чыкканда сабалай термеп жөнөгөндү, жаңы станцияга чукулдаганда шаңгырата үстөккө-босток гудок жаңыртып, таскагын акырындатып токтогонду, кудум өзүлөрүндөй ичиндеги жүргүнчүлөрдүн бешиктегидей термелип жайбаракат куунап, кээси дуулдап шаан-шөкөт менен сапарчылоосун туюнтуп күрөктөй колду оор жаңсай токтоду.

Маашыркай тигилген Кара Молдо алаканын тапылдатты. Аны коштой Тоголок Молдо, Чалагыз кол чабышты.

– Бар бол, анык жаңычыл экенсиң иним.

– Молдоке, бул иниңиз сыртынан дүпүйгөн менен ичинде кайнаган арашан булак. Маскөөгө келаткандагы беш суткада түк кирпик какпай, паравоздун кыймылын тыңдап ушу күүнү чыгарды оңбогур. Бу иниңиздин дагы нысаптуу жайы бар. Алтымыш күнү суу ичпес, канча жүк көтөрсө бук этпес нар лөктөй кебетесине жараша чыдамдуулугу да күч. Көрөсүз, ушу менен токтосун. Андан көрө Чалагыз иниңиз, жеке комузчу эмес жамакчы, акындыгы да бар. Бизге караганда сабаттуураак. Сиздин жолду жолдоп чиймелей да коёт. Ушу Ыбыкеңе арнаган ыр чыгарды. Ошону уксак кантет? – деди Кара Молдо жапырыла.

Чын эле чарадай башына, калактай бетине жарашкан билинээр билинбес кычыктарын жалын чалган бадана чоң көзүн тостойтуп, Ыбырай комузунун жазы чарасын алаканына апчыткан бойдон тымтырстанды.

Кагелес Чалагыз кызылы кызыл, агы ак тамылжыган сулуу ыраңына кыр мурунун, кара, күлмүң көзүн, сыпаа тегиздеткен сакал мурутун куюлуштура элпек берилей учкай отуруп, комузунан дың-дың күү коштото, жапыз доошун калкытты.

Тумандын уулу Ыбырай
Күңгүрөнүп шыбырай.
Тегирмендей чоң колду

Тегеретип чабат ээ.
Калдактап кылын жанытып
Капилет күүнү табат ээ.
Үкүдөй көзүн тостойтуп
Кубулжутуп чалат ээ.
Кунттанып уккан адамдар,
Кумары таркап канат ээ.

Ири алды Ыбырай өзү дардайган таноосунан бышкырып, лакыйган мүрүсүн солкулдата, чын эле үкүдөй көзүн балбылдата үн чыгарбай ыкшыды. Тоголок Молдо комузчу катарында гана билген Чалагызды да көтөрө чала сакалын экчеди:

– Чалагызым, улартсаң акындыгың өткүдөй. Ыбырайдын мүнөзүн, келбетин жуурулуштура сыпаттап:

Тегирмендей чоң колду
Тегерете чабат ээ.
Калдактап кылга жанытып
Капилет күүнү табат ээ.
Үкүдөй көзүн тостойтуп
Кубулжута чалат ээ!

– дегениң оңор сөз эмес. Андайды акындар гана табат. Дагы айтам, тил ал иним, акындык, жазмалыгыңды жөндө.

Чалагыз улуу устатка башын ие кулдук урду:

– Молдоке, насаатыңызды аткарам...

Кимдин жөндөмү кайда, канчалыгын жаземдебей даана байкап, так айткан, даанышман, баарыга тегиз караган айкөл, боорукер карыяны, анын шаңкайып моминтип отурушун, чыпыйган чыканактай абышка болсо да, баарынан бийиктен көрүп, бийиктен шаңшыган, бийик аскардын чокусунда отурган көзү ачык, эркин, алгыр кушка окшоштурду Чалагыз.

Касиеттүү карыяда талыбастык, чалгынчылык, алыстан көрөгөчтүк куш сапаттары терең адамгерчиликке шайкеш. Чалагыз карт акындын ошо касиетин айкындаган бир учурду эскерди.

«6-июндун таңы. Кечээ кечте көркү, жасалгасы көз уялткан, Кремлдин Чоң ак Сарайындагы ийгиликтүү аяктаган Кыргыз искусствосунун декадасынын катышуучуларына багышталтан

сый тамак кабылдоо аземинде баарыбыз, Молдокем өзгөчө кубанганыбыздан терибизге батпайбыз. Мамлекеттин жетекчилеринен, Сталинден, Калининден көз айырбай, не дүйүм берекелүү даамдан да татып... Маңдайыбыз жарыла жаркылдай, божураша кеч жатсак да куунак көңүл менен эрте ойгондук. Жатаканада дагы ушу күпөдөгү төртөөбүз бирге элек. Мен те Октябрь революциясынан мурда орустун кызына үйлөнүп, күнү бүгүнкүчө ынтымактуу, бала-чакалуу жашагандыгыбыздан, орус сөзүн дурус эле түшүнөм. Радиодон декаданын катышуучуларын орден, медалдар менен сыйлоо жөнүндөгү СССР Жогорку Советинин Указын окуй башташты. Тааныш фамилиялар... «Ардак белгиси» ордени менен сыйлангандардын башында Абдрахманов Байымбет – манасчы дегенди укканымда карыяны карай чуркап, колумду чапкылап үнүмдүн баардыгынча бакырдым.

– Аксакал-л сүйүнчү-ү! Орден менен сыйланыпсыз.

Карыя ордунан ыргып турду:

– Оозуңа май, айланайыным! Болсун!

Ал толкундана кулачын жайды. Мен умтулганда бекем бооруна кысып, бетимден өпкүлөдү. Көзүнөн кубанычтын жашы жылтылдады. Анан карбаластап шифонерди ачып, бери келээрде жаңы тигилген кара баркут кемселин мага жапты:

– Мына сүйүнчүңө. Кийип ал.

Мен а кишинин жоомарттыгын эшитсем да уялып кеттим. Ийнимдеги кемселди өзүнө жаптым.

– Ырахмат пейилиңизге. Сиздин сүйүнүч, биздин сүйүнүч. Кут болсун орден!

Салттуу кары мени «кандай чунаксың» дегендей, кайра бооруна тартты.

– Анда ылайыктууңду айт, сатып берейин».

Ыбырай «ичинен кайырма» күүлөрүн таңшытууда. Каалга тыкылдады. Комуз басаңдады. Жооп күтпөстөн Кубанычбек менен Темиркул башбага бери суурулушту.

– Охо-о! Молдокем кантип атты экен. Зериккен жокпу билели; өткөндүн укмуш окуяларынан, санжырадан угуп, силерге жолтоо бололу деп келсек. Сиздер эриктирмек турмак, элирт-

кендей түрү бар аксакалдын – Кубанычбек моюнун булкуп, Тоголок Молдонун бош диванына, Темиркулду өткөрүп, анан өзү көчүк басты.

– Келгиле уулдарым, келгиле. Кепти укканга айт. Билем экөөң тең куйма кулаксың. А бу комузчуларым андан. Кана, жайлангыла, эмнеден баштайын... «Уруулардын бөлүнүшүнбү, же андан аркы Түп аталардын тарыхынанбы», «Кыргыз деген ат жөнүндөгү болумуштарданбы», «Манастанбы», «Жаңылданбы», «Эр Эшимденби», «Шырдакбектенби», «Асан кайгыданбы», «Жейренче чеченденби», «Ормондун өлүмүнөнбү», «Баатырканданбы» же жаш кездеги «Ашыглык» ырларданбы?

Беркилер, Кубанычбек андан, карыя жайдарылана шаймашай бадыратканда не дээрин билишпей саамга дапдаарышты.

Темиркул кыт, кыт көнүмүш каткырыгын арттырды:

– Өзүңүз баштаганды уга беребиз. Карыя, момундай жаркылдап көңүлүңүздүн көтүрүңкүсү жагат бизге.

Тоголок Молдо шайдоот күдүңдөдү:

– Албетте, көңүлүм ачык. Сен экөөбүз али жазда Фрунзедеги жазуучулардын идарасында сүйлөшкөнбүз, эсиңдеби. Самаганымдын баарын түгөл көрдүм... Партияга, өкмөткө ыраазымын. Эми өлсөм арманым жок.

Темиркул дудар башын кескин силкти.

– Эмне үчүн?! Сиз дагы узак жашайсыз. Илгерки каргашалуу, кайгылуу заманда эркиндикти эңсеп, жардап, ызакордукту тарткан учуруңузда өлбөгөн, эми ушинтип сизди урматтап, сиздин эмгегиңизди жогору баалаган кезде өлөсүзбү?

Темиркул бүтөөр замат Кубанычбек моюнун булка теминди:

– Ой, во-ой жарыктык Молдоке-е дес-се, өлүүнү коюп башкага шашылыңыз. Пикириңизге бекем түйүңүз, биз мына бакибиз уруксат бербейбиз өлүүгө. Не десеңиз, бетпак доордун тымтыракайын чыгарган, теңдикке үндөгөн зор мазмундуу поэма, тамсил, мыскыл, ырларыңыз, дастандарыңыз, тарых, санжырага байланыштуу кара сөз аралаш жазылган чыгармаларыңыздын толук тандалмалары чыккандан кийин ойлонуп көрүңүз. Эң алды тоюңузду тойлотуп, бизди, эл-журтуңузду, боордош калктардын өкүлдөрүн баш коштура чардатып... да-

ңазаңызды кезит, радио аркылуу улуу журттун учуна, кичүү журттун кыйырына жеткирип анан өлүмдү эстеңиз.

Жазуучулардын уюмун башкарган бул эки азаматтын «өлөм» дегенге чындап кызыраңдаганына, анын керектүүлүгүн айкындагандарына, кандайдыр ойдо жок, чыгармалардын толук тандамасы, той өткөрүү жаатында тамаша эмес, чындай сүйлөгөнүнө жетиналбай, кызыл бүйлөө эринин кымтый эдирейди, карыя:

– Кубанганымдан, топук тилеп ыраазылыгымдан айтып отурган сөз да. Атаңар нысап сактап дөөрүп да койбойбу. Ырахмат уулдарым. Мени силер урматтасаңар, силерди өзүңөрдөн кийинкилер сыйласын.

Кубанычбек алаканын жая, жалпак мурдунун таноосун дердеңдете өткүр көзүн купе ээлерине кыдырата кадады:

– Кыязы, сиздердин, ушу куркулдайдын уясындай жумшак купени ээлеген өнөрдүн дөөшаарларынан эч кимиң уга элек дагы бир жаңылык бар. Жардасам сүйүнөсүңөр.

Кубанычбек жайылуу алаканын кайкыта, жанакыдан беш бетер өткүр карегинен оттук чакты.

– Аалы Токомбаевдин кечээ куду биз жөнөөрдө декаданын ийгилигин, катышуучулардын баарын, анын ичинде улуу, ортончу, төрт сакалчан сиздерди куттуктоосу «Кызыл Кыргызстанга» жарыяланып келди. Сиздерден башкалар бүт билди.

Уккандар обдула күдүңдөшүп, сакалдарын сербеңдете улам кызуулай узакка бири-биринин колдорун кысышты. Аларды берки экөө да кубаттай жайдаңдашты. Тоголок Молдо купуя бул пикирди имерди. «Аманбол», «Өктөбүрдүн келген кезин» алгач «Эркин Тоо» менен безеген тоо булбулу. Жаңы маданиятыбызды уюштурушуп, жетектешкендин мыктысынансың. Тагдырга айла жок. Декадага катышалбай калдың. Элиңдин, кесиптештериңдин ийгилиги сенин ийгилигиң. Ошон үчүн кубанып куттуктапсың. Бу саам жолуң катуу болду, бирок түбөлүгүң түз. Сый, даңктын бакиси башыңа айланып келет. Али жаш сен тургай, өбөктөгөн мени өкмөт көтөрмөлөдү. Жаңы доордун жарчысы, Аалым, Совет өкмөтү төшүңдү да толтурат, даңкыңды да көкөлөтөт. Ишкердигиң күчөп, жаның бек болсун».

Жалпы курсанттыкка денеси ымыр-чымыр ысып, чекесинен чыбырчык терди шыпыра, Кубанычбек кайрадан жапырылды:

– Эми Молдоке, сунушум бар. Сиздии узун сабак уңгулуу сөзүңүздү акырында жайланып уксак. Дайым эле карыздар бойдон өтөбүзбү. Темиркул экөөбүз талкан жеп жүргөнүбүз жок. Акынбыз. Ырларыбыздан окуп берсек. Бизден соң сизди тажатышса да мобу ажаан комузчуларды ортого таскактатсак. Каалäсаңыз мен «Манастан» чай кайнам дыр койдуруп жиберүүгө да жарайм. – Жеңин түрүнө шымаланды.

Темиркул аны кубаттай шашкалактады:

– Айт, айт – анан Тоголок Молдого кайрылды:

– Молдоке, чыны менен Кубанычбек «Манастан» сабатат. Айттырыңыз.

* * *

Чырм этсе эле уйкусу тез кана, көзү умачтай ачыла канчадан бери сергек көнгөн карыя түндөгү ким кимине кызык акындык кечеден кийин кеч жатышса да, эртелеп ойгонду. «Акылмандан уйку качат» деген чындай. Күлүк поездин мамыгында термелип көшүгөнүндө дагы санаасы алданемелерге сабалап, көпкө уйкуну кубалады. Жедеп талыкшыганда көзү илинсе керек. Бирок, баары бир сергилең ойгонду. Жайдын эрте аткан таңы, парданы түрүп, терезеге умтулганда купени жарыкка толтуруп ийди. Жыргап таттуу уйкуга көшүлгөн жашыраак комузчуларды ойготпос үчүн кайра парданы жаап, өзү эпейген столдун кычыгын гана көтөрдү. Жетишет ага жарык. Көз айнегин тагына «Кубанычбектин ырлары» жыйнагын барактай аңтарды. «Кызыл атчандар», «Сен койсоң да мен койсом», «Соң-Көл жайлоо»... Жаңы доордун жаш акындары өз замандаштарын ушинтип ырдаганы жакшы, жарашыктуу. «Жапар менен Шарыйпа» поэмасындагы:

Жашыл вагон келгенде
Жандап барып караймын.
Жароокер жан жолдошум
Келсе экен деп самаймын

– дегенинен тартып, жаңылыкка шыбагалаш өскөн таалайлуу жаштардын азыркы турмушу, ашыглык арзуулары, жаңы окуялар менен шайкеш баяндалган.

Күн нуру тегиз чачырап, катар күпөдөгүлөр эшиктерин карс-карс ачып, кыжы-кужу кыймыл күчөөдө. Анын күпөлөштөрү да туруп, сүлгүлөрүн моюндарына артып жуунууга кезмет күтүшүүдө. Карыя эч ким ойгоно электе, жуунуп, таранган. Кубанычбектин поэмасын окуп бүтүп китебин жаппастан, азыр өзүлөрү зыпылдап бараткан вагон чын эле «жашыл» бекен дегендей эми парда толук түрүлгөн терезеге моюнун созо обдулду. Вагонбу, же сыдырып бараткан жерби теребел бүтүндөй жашыл.

Илимге умтулуп Маскөөдө окуган азамат Жапар айылдагы жаш жары Шарыйпа менен кат жазышып, сагынышып, жаңылыктарды баяндап турушат. Жапар акыры Шарыйпаны окууга борбор калаага чакырат. Бири-бирине кол созушкан сезими өскүлөң жаштарды даңазалоо маанилүү. Өзгөчө биринчи түрмөгү, тилине татып, жатталыптыр.

Жашыл вагон келгенде
Жандап барып караймын...

Ар акылман, ар өнөрпоз өз заманасынын келбетин жоруптайт. Ошонусу менен барктуу. «Муңдуу күү», же «Беш каман», «Кабыргама таш батты», «Жети эрдин өлүмүн» эски замандын запкысын тарткан Музооке, Токтогул, Байымбет гана келиштире айтмак. «Жашыл вагонду» жаңы доордун жалбырттаган акыны купшуңдаган Кубанычбек жана анын курбалдаштары гана жарашыгын чыгарды.

Карт акындын көзү сыртка арбалды. Маскөөдөн чыкканы жашыл майкан, тептегиз керилген орус мейкиндиги. Шибер тушардан буралат. Тегиз өндүрдө жаш балаты, түптүз шыңга карагайлар, чачпактарын сеңселткен аппак кайыңдар, күдүрөйгөн бадалдар.

– Баракелде, орустун элинин пейилинин кеңдиги, түздүгү ушу кең кесири керилген тегиз жерине жараша тура.

Жүргүнчүлөр жапырт дүргүшүп, терезеге жабышты. Радиодон да жардады:

– Волга, Волга.

Тоголок Молдо өйдө эргий карегин үрөдү. Мына, дарыя эмес, деңиздей чалкып көлпүгөн эндүү Волганын үстүнөн солк этпес таш, кумдан уютулган көпүрө менен поезд зымыраган арышын басаңдатпай чиркешип зыпылдоодо. Волга, айтылуу Ак эдил ушул. Түзөң аймакта мелт-калт күпүлдөп жай агууда. Суусунун молдугу, кенендиги жагынан Ак эдил Нарын-Сыр дарыядан зор. Агымынын катуулугу, шардыгы, кубаты жагынан Нарын дарыясы Ак эдилге таймашат. Нарын боюна канча электр станциясы курулат, – дешип болжолдоодо азыркы окумуштуулар, өкмөт ишиндегилер. Ак эдил – Волга даңазаланганыңча бар экенсиң. Чыгыш, түркү тилиндеги дастандарда, а түгүл Манаста да:

Эдил, Жайык суулары
Эңилип учат куулары.
...Эдил, Жайык дайрасы
Адамдын кечалбай куруйт айласы

– деп айтылат. «Атың барда жер тааны». Эзелки баба сөзү. Аттын аты бар. Момундай ыкчам, жайлуу поездде термелип жер тааныган бактыны кандайча өлчөсө ылайык.

Эдил – Волга шаң менен шаттуу бараткан Ала-Тоолук жүргүнчүлөрдү Европа кургактыгынан Азияга өткөрүп түндүктөн түштүк карай көлкүлдөп, агымын улай узатты.

Күүлдөп, шаалдап Калык, Молдобасан, Муса, Калмурат кирээр замат купени шатыра шатман көтөрүштү. Калык, сүлөөсүн тебетейин кулпурта, күрөң баркут кемселинин далдайган төшүнө «Эмгек Кызыл Туу» орденин жаркыта, белиндеги кере карыш, күмүш чабылган кемер куруна өткөрө тык токтоп терезеден бери имерилип ага ажарланган Тоголок Молдого тике эдирейди. Анын катарында, кийими, жасалгасы окшош Молдобасан, артында төшүндө ордени андан жаркыган жигит Муса, нооча, кара көрпө тебетей Калмурат баарыбыздын саламыбызды тыңдаңыздар» дегенди билгизе шыкалып бой тирешүүдө.

Кара жаак Калык оттуу көздөрүн албыртып, даңдануу тиштерин кашкайта эргип бийик авазын таңшытты.

Молдоке, дөөлөтүңүз артылды
Бүт союзга айтылды.
Жамгырдай жууп тазарттың
Жаш кезде тарткан дартыңды.
Эмгегиңди эске алып
Көтөрдү совет баркыңды.
Толкуган талант сизде бар
Ак Эдилдей ташкындуу.
Карыган көөнүң жашарып
Касиетиң артылды.
Шакирттериң чогулуп
Жазганы келдик жарпыңды.

Кара Молдо, Ыбырайлар меймандарды төргө өткөрө өзүлөрү четке жылды. Тоголок Молдо жанындагы бош орунга Калыкты, Мусаны жаңсай, жыбылжыта толкундай карт доошун созсо болобу.

Айланайын Калыгым
Артылып келет арымың.
Ыр, дастандан нарылап
Эми элиңдин жазгын тарыгын.

– Ба! Сөз болбосоң коё кал.

Купедегилер жапырт алакан серпе каткырык аттырышты.

Калык жалт эдирейип, жаңы түрмөктү бүрктү.

Касиеттүү устам ай
Качырдыңыз түз таамай
Мойнума тактың катырып
Катуу багыт нусканы ай.

Торколуу тойдо толкундаган казак жазуучуларын, салтанат ээси токсондогу Жамбылдын өзүн балкыттыра төгүп, алкоосун алганда Калыктын акындык даражасынын бийиктигин жактырган. Анын жаш кезинен эзилгендердин тарабында, эр жүрөк Токтогулдун таалиминде өскөн, санжыралуу тарыхты талдоого ынак, жеке комуз менен төкмөлүгү эмес, сабаттуулугу, талыбай жазып отурганы Тоголок Молдого маалим.

Дал ошондуктан анын колунан келээрине көзү жетип устаты кырааттата эринин эпилдетти.

Калк тагдырын жазбасак
Катмарлуу сырын казбасак.
Калыгым, калем кармап не керек.
Касиетин ачпасак.

Калык кадимки жаалында чагарак мурутун жаный сөз берметин жамыратты.

Касиеттүү пирим ай
Кантип албайм тилиңи ай.
Билгенимче жазамын
Ишенсин мага дилиң ай...

Санаасы тынып, пейили тоюп төрдөгү Тоголок Молдо кулачын жая, бетмаңдайга, Кара Молдодон жогору өткөн, бала кезинен таза кийинип сыпаа жүргөн, келбети да сындуу, азыр орден жараша ого бетер короздонгон шакирттеринин улуусу Молдобасанга бажырайды.

– Молдобасаным, убактыбыз көп, отурганыбыз жайлуу. Ашыкмай жок. Тамашаны улайлы. Курсак тоёт, кулак тойбойт. Карыңар менден тартып, эң кичүүбүзгө чейин бакибиздин төшүбүздө Кремлден тагынган чен-орден, медалы жаркыйт. Мынча чогулуштук. «Кур аякка бата жүрбөйт». Жаныбыздагы ресторандан каалашыңарча ысылык тамак, ичимдик алдыртсаңчы. Мына, акча деги жетет. – Коюн чөнтөгүнөн бөрсөйгөн капчыгын сууруп, стол үстүнө салмактуу таштады.

Молдобасан мулуңдай беркилерди кыдыра караса, баарынын эле көзү кымылдайт.

– Болуптур Молдоке, чардаталы буларды. Кана, кимиң эптүүсүң заказ кылганга?

Калык жанындагы март карыяны кучактай Муса менен Калмуратты беттеди:

– Кичүү эмессиңерби. Экөөң тең мобу кейпиңер менен сүлкүлдөп барсаңар тамак жеткизчү кыздар өзүлөрү чуркашат. Ортого чамодандарды коёбуз. Мынча болду, Молдокемдин жүргүнчү үйүндө күүлдөйлү. Ушерге апкелдиргиле.

Калмурат дулдуйган каралжын ирецинин ажарын ачкан аппак шаңкайган калпагын чекесинен жогору таз башына коомайланта түртө күрүлдөдү:

– Муса экөөбүз беленбиз. Эмне алдырып келели?

Тынчтык төндү. Ыйбаа сактап мемирегендерди түшүнө мейман ээси Тоголок Молдо тамшанып араң турган Калмуратка, анын жанында жөнөөгө даяр уялыңкы кызыл чийкилинен тамылжыган Мусага күлө бакты:

– Ысылыкка мага куштун эти, силерге койдун, уйдун этинен, чөп-чар, мөмө-чөмө, мага шербет суу, калганыңарга бүт аппак мөлтүлдөк арактан каалашыңарча... Өңгөнү билбейм, Калмуратым сен жарайсың, өзүң туурала. Мусам жардамдаш, кошо жөнө.

«Калмуратым сен жарайсың» дегенде отургандар сандарын апчый каткыра, шарактašты. Анын кеби бар. Баарына маалим. Калмуратың түшкүр, эр көкүрөк, ачык азамат.

Фрунзеден Москваны карай декадага шаңдуу, камдуу чыгышып, ар ким өз чөйрөсү менен күпөлөргө бөлүнгөн. Шайырлар тамаша, оюн куруп узун жолду кыскартууга өтүшпөйбү. Эришаркак меймандашып, көнүмүштөрүнчө күлкү, мыскыл-шыкак аралаштыра бири бирине тийишип жыргашпайбы. Сырдана, теңтуштардын арасында жиремейлери, өтө чапмайлары да бар эмеспи.

Чогулуп шакаба чеккен курбулардын ичинде атактуу шайыр Атай бар. Атай ашыктык ырларын өз обону менен күйүп-жанып аткарганда, комуз күүлөрүн кол ойнотуп шоктонуп черткенде келишкен сулуу дидары ого бетер ажарланып, аны угуп карап эле отургуң келет.

– Атай анык өнөрлүү жигиттин гүлү – деп тамшанышкандары канча. Атайдын обондору, күүлөрү, шаардык, айылдык жаштардын үлпөтүндө көрк ачаар, кумар жазаар зоогу. Атайдын талантын бүтүн кыргыз эли сыяктуу курбалдаштары жогору баалашат. Атай өзү да артыкчылыгын сезип теңтуштарына кээде кыр көрсөтүп келекелеп, кээде сыртын салып чыртыймасын карматат. Теңата жолдоштор чыдайт, көтөрүшөт. Кантсе да анын ызасына тийип, кичине тизгинин кагууга көптөп камынышат. Келтиралбай жүргөн ыкты поездден табышат. Атайдын башы кырма таз, жалтыр. Анысынан уялып чокусунан такай топусун түшүрбөйт. Топусунун үстүнө кулпурган

илбээсин тебетейин баса кийип, мөтүрөйүп жүргөнү жүргөн. Окус бирөө тебетейин алса, же таз десе өлгүдөй арданып мушташканга даяр.

Анын ошол ызакорлугун билген курбулары Калмуратты «эрсиң, ишке жара. Артыңа айта жүрөөрлүк сөз калтыр» дешип күүлөшөт. Анткени – Калмурат төбө таз, бирок, ал эч уялбайт. Топусуз эле калпакчан, тебетейчен, керектүү учурда жылаңбаш отурат. Үнү күн жаагандай дүрүлдөп, обону да сонун. Ак көңүл, ачкылчыл. Берендер анын ошол сапатын пайдаланышып, дурустап ичиришип, кызымталдантып, Атайга тийишүүгө, тазын козгоп чычалатууга көндүрүшөт, көкүтүшөт. Калмурат макулдайт.

Карта ойноп отурушуп, атайлап Калмурат менен Атайды бетме-бет калтырышат. Калмурат картаны будалай басып билмексен тартат. Санап, таза ойногон Атай уттурат. Ишенбейт. Басылган картаны аңтарып тигинин уурусун табат. Калмурат көшөөрүп, байгени демитет. Атай анын уурулугун далилдеп, бербейт. Экөө кызаңдашат. Дал күткөн жаңжал ырбаганда көкүткөндөр Калмуратты тымызын колдоп кайрашат. «Баштабайсыңбы». Калмурат тарс эттире калпагын столго чаап, башын чулгуй тосот:

– Эсиргениңди тый Атай! Сенин обонуңдан овонум кем эмес, тазыңдан тазым кем эмес! Кел челишели!

Атай ызаланып муш коёт. Араң турган беркилер кыраан каткы экөөнү эптеп ажыратышат. Акыры өзүлөрү бөтөлкө алдырып, жалдаганга жараша ишке жараган Калмуратты Атайдын «астына түшүрүп» жараштырышат. Бирок, бул окуяны дароо жайып жиберишет. Ошентип «ишке жараган» Калмурат, азыр Молдокесинин тапшырмасын лам дебей орундап ресторандан шаа мүйүз шагыраган шайырларга сый тамак уюштурууга шайдооттоно камынганда:

– Калмуратым ишке жарайсың – дегенде баары ошол окуяны эскерише шатыра шаңдана каткырышпадыбы.

## ДӨӨЛӨТТҮҮ КАРЫЛЫК

1940-жыл. Февралдын аягы. Быйыл Чүйгө жаз эртелеп келип күн жылуу. Жердин тоңу эриген. Кээ күнөстүү айылдарда алгачкы кош чыга баштаган маал. Былтыр Москвадагы декададан күлпөттүү кайткан тагдырына ыраазы болгондуктан:

– Эми өлсөм арман жок – дегени... Ошондо оюн тамашасы аралаш Кубанычбектин купшуңдаганы:

– Ашыкпай аялдай туруңуз Молдоке. Тоюңузду тойлотуп, өзүңүздү, бизди, элди жыргатып, анан байкап көрүңүз... дегени Тоголок Молдонун эсинде калыптыр. Анда «Кайдагы тойду» айтып жатат. Той ушул эмеспи – деп капарына анчейин илбеген.

Поезд Фрунзеге жете токтогондо шат музыка жаңырып... Вокзалдын кең перрону, айланасындагы шаарга кире бериш аянтта кызыл туулар желбиреп жыш элге кылкылдап... Кыз, келиндер декаданын жеңиштүү катышуучуларына бүт, Тоголок Молдо атанын колтугун толтура жыпар аңкыган, кызыл-тазыл назик гүлдөрдү кучактата салтанаттап тосушканда, той ушул эмеспи деген. Жакшылык жышаан бир башталса куюшкандаша күргүштөп келе бөрчүдөй.

Эртең мененки чайдан кийин, денесин чоюп, салкын абадан искеп короодо аркы-терки басып сейилдөөдө. Деги башынан үйрүлүп ынак тарткан, кыйла жакшылыгын тийгизген, Алматы, Маскөөгө сапарлаш, деле адамга жакшылыгын аябаган шар азамат Кубанычбек ачык каалгадан шып аттап, карыяны көрө кетенчиктей токтолду. Бу неси? Жо-о... Тоголок Молдонун аны беттегенин байкап, кепкасынын узун калканчын кармап башын ийип, алыстан үнсүз, сыпайы салам узатты.

Демейде бака-шака түшкөн Кубанычбектин минтиши кандай? Ал кадамын салмактуу чоё шашылбады. Сайы тамашакөй ишмер азаматтын бу турпатында сыр бардай. Ал маалката керилсе, Тоголок Молдо тыпылдап ыкчамдай утурулады.

Сүзүшчүдөй чукул оропара жетишкенде Кубанычбек кайрадан өрдөк тумшук кепкасынын калканына жанып өтүп, анан алаканын аксакалга сунду. Көпкө Тоголок Молдонун чыпыйган

муздак шадысын силкилдетип, кабак-кашын салаңдата, оозун бурбуйта көзүнүн жапкагын түшүрө өткүр карегин жашырып кыйлага үнсүз дулдуйду.

Шашма, тартынбас, шар мүнөздүү Кубанычбектин шалкысы бош тартканы неси? Тоголок Молдо анын карасур ирецине, салыңкы мурун, бурбуйган эринине тикирейди. «Калбет тартыш да сага жарашат экен. Эр азаматтын мыктысы бир сырлуу, миң кырлуу. Кылаарыңды көрсөтмөксүң. Кана, да канчага күттүрөсүң. Канчалык мурчуйганың менен нары жагыңда кубанычың катылуу».

Тикийген кыраа картка сырын окутканын, мындан ары туруштук бералбасын туюп Кубанычбек кирпигин серпип карегинен от чагылта, бурбуйткан эринин жаза, аппак тиштерин кашкайтып күлкү аттырды:

– Көрүп турам, күүлүү демдүүсүз. Антпеске чараңыз жок. Эмне менен алексиз?

Коомай кармаган жигиттин жылуу табы өткөн колун тартпастан, алиги тигилген боюнча жылмайды Тоголок Молдо.

– Институттун өтүнүчү боюнча Тарых – түпкү аталар, уруулардын бөлүнүштөрү, кыргыздардын чыгышына байланыштуу уламалар... Анан ар түрдүү ырлар...

– Жакшы-ы жакшы. Мен не үчүн келдим эртелеп? Билесизби?

– Кубанычбек уулум, с-сен жакшылык, жаңылык менен гана келесиң.

– Ха, ха! Баамдагычсыз. – Кубанычбек карыянын жылыткан колун күржүңдөй чымырата кысып баржактады.

– Молдоке, чоң чындыктын жеңиши менен куттуктаймі! Чындыкты жараткан сиз. Сиздин ак эмгегиңиздин акыбетин кайтарып чындыкты баалаган биздин теңчил замана. Сиздин зор бактыңыз ушул совет өкмөтүнүн дооруна жеткендигиңиз. Жөнөкөй гана эмес, азаттык доорду эңсеп, күрөшүп жеткениңизде. Мурда домолотуп, кайпып эскерткенсигем. Ал тилек эле. Эми тилек жүзөгө ашты. Кыргызстан К(б)ПБК менен Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Совети атактуу, ордендүү эл акыны Байымбет Абдрахмановдун – (Тоголок Молдонун) чыгармачы-

лык эмгегин айрыкча белгилеп, анын 80 жашка чыгуусуна байланыштуу чоон, олчойгоон тоюн – бизче юбилейин өткөрүүгө чечим кабылдады. Даярдык иштерин жүргүзүүгө өкмөттүк комиссия түзүлдү. Анын жооптуу катчысы мына мен. – Эми гана колун бошотуп өз төшүн таптады. Буга кандай дейсиз?

Тоголок Молдонун тикирейген көзү жайнап дапдаарыды. Кубанычбектин алыстан сермей кулачтуу сүйлөп сүйүнтөөрүн сезген. Бирок, мынчалыкты күтпөгөн. Купуя күдүктөнүүсүн Кубанычбекке угуза күбүрөдү:

– 80 жылдык той. Партия, өкмөт чечим кабылдаса, даярдоо кемиссиясы түзүлсө... Кандайча, качан, кайда, эмне болуп өтөт? Ушуну түшүнтчү уулум?

Кубанычбек али күлкү кетелек ууртунан жобурады:

– Ага кабатыр болбоңуз Молдоке. Бакисин өкмөт уюштурат. Биз түрүнүп иштейбиз. Сиз байгеден чыккан Карт күрөңдөй суутуңузду кандырып, чыкчырылып чыйрак гана туруп бересиз. Өз колуңуз менен таржымалыңызга жазыпсыз. Сабаттуу кишиге айла барбы, эскиче ажыдаар (уулу) жылында, азыркыча миң сегиз жүз алтымышынчы жылы 10-июнда дүйнөгө келипсиз. Той как ошо жадырап жайнаган 10-июнда өз жергеңиз Тянь-Шань облусунун борбору Нарын шаарында башталат. Анан мекениңиз Ак-Талаа районунда уланат. Жазуучулар союзу менен областтык, райондук аткаруу комитеттеринин кошмо салтанаттуу жыйналышы өтөт. Маскөөдөн тартып коноктор чакырылат. Борборубуз Фрунзеден жетекчи жолдоштордон, жазуучулар, артисттер, кезит кызматкерлери о далайлар көчүп барышат. Нарындагы салтанаттуу жыйындан кийин Калык, Саякбай, Алымкул, Молдобасан, Муса... сай күлүк артисттер, жергиликтүү өнөрпоздор чоң концерт беришет. Райондо улуттук оюн-тамаша курулат. Анан сый тамак төгүл-чачыл жайнайт. Ошонун баарына өкмөт каражат бөлдү. Дагынкысы дагы болоор. Убагында көрө жатасыз?

Небак короодон чыгып, учкай колтуктаган Кубанычбектин сөзүнө таңдана жай көчө кыдырган басыкты токтото:

– Кубанычбегим, оозуңан айланайын, ак жолтоюм. Өкүмөтүмө, силерге ыраазымын. Эл, журт, бала-бакырага кабарласа болобу? Ага чейин мен шаарымда тура беремби?

– Ашыкпаңыз Молдоке-е. Жээк жергеңиз, бала-бакыраңыз район аркылуу деле угаар. Өзүңүз деле алиги жазмачы шакиртиңиз, Какырдын «ханы» Абдыкалык Чоробаевге куш тилиндей кат чийип билгизсеңиз да болоор. Аны өзүңүз билиңиз. Сиз азырынча шаардан жылууга акыңыз жок. Неге десеңиз, эми даярдык иштер чуулдайт. Кезит, журнал, радио кабарчылары жаныңызды койбойт. Жазуучулардан Тоголок Молдо карыя акын жөнүндө жазууга чамынгандары көп. Кайрылгандарынын ийин кайтарбай, билгендериңизди тартынбай, суроолоруна толук жооп бересиз. Байырлаган институтуңуздан чыкпай бай казынаңызды аңтарып көшөөрүп окуганга киришкендер көбөйдү. Чыгармаларыңызды изилдеп, сизди жаңыдан ачышып таңыркап... тоюңузга карай кезиттердин беттерине мактоолор жамыратууга камынгандар: Аалы Токомбаев, Узакбай Абдыкайымов, Тазабек Саманчин, Айткулу Убукеев жана мен...

Баятан өрөпкүгөн жүрөгүн баса:

– Аалы Кавказдын дары зам-зам сууларына дарыланганы, эс алганы кетти деди эле. Деги кандай? Жаңы жазгандары барбы, качан чыгат? Ал дагы катышабы тойго? – деди Байымбет.

– Албетте. Аалыке начарлаган ден соолугун Кисловодскиде дарыланып, эс алып чыңаптыр. Азыр кадимкисиндей. Ишти ал, аны иш сагына түшкөндөй. Кара сөз менен да, ыр менен да өзүнүн жогорку саясий көркөмдүк деңгээлинде жаңы чыгармаларды жазууда. «Кандуу жылдар» дастанынын экинчи китеби «Таң алдынданы» басмага өткөргөн. Жакында чыгат. Аңгемелерин журналдан окуйсуз. «Жараланган жүрөк» повестин бүтүрүүдө. Аалыке сизди жакшы көрөөрүн билесиз. Тоюңузга сөзсүз барат.

Байымбет сакалынын учун сөөмөйү менен черткилей, көңүлү тынччылык тартканын туйгузду.

– Анда уулум, дурус... Камылгаңар бышык башталыптыр. Мен аткарчу милдеттерди айтып тур. Чамамдын жетишинче аянбайм.

Кубанычбек салыңкы барбайган мурдун жаныды:

– Сиз аткарчу милдет арбын. Азырынча экөөнү жөндөйсүз. Биринчиси – кийинки чыгармаларыңыздан азыркы турмушту

айкындаган «Ала-Тоо», «Сырым», «Нарын суу», «Конституция» сыяктуу ырыңыздан камдаңыз. Жаңы, кыска ырлар жазыңыз. Мезгилдүү басма сөздөргө таркатабыз. Экинчиси – буга да кыңк-мыңксыз куп дейсиз. Сизге суйсалган, чебердин чебери, аппак келин ашык болуп калыптыр. Анын сунушунан баш тартпайсыз.

Тоголок Молдо чочуй санын чапты.

– Э, чунак, не дейсиң?

Кубанычбек карыяны бекер түйшөлтүп, чайпалтпас үчүн, тамашаны коюп, чынын маалымдады.

– Даңазаңызды, даанышмандыгыңызды, келишкен келбетиңизди ушу даражаңызда кадимкидей сактап калтырууга, бара-бара ташка калыптап чөгөрүүгө белсенген, мыкты сүрөтчү-скульптор аял сиз менен жолуксам дейт.

– Ошондойбу? Сен кандай дейсиң, Кубанычбегим?

– Айтпадымбы. Кыңк этпей көнүү керек. Көрүнгөн кишинин эле сүрөтүн тартып, эстелигин тургуза бербейт. Аты жөнү Ольга Максимилановна Мануйлова. Бизге аралаш жүрөт. Сизди эки, үч мертебе көрүптүр, сынаптыр, жактырыптыр.

– Болуптур. Анына да көнөйүн.

Экөө ээрчишип жазуучулар союзунун мекемесине кириштi. Кубанычбек дароо телефонду бурап, алиги сүрөтчү менен көпкө сүйлөштү.

Жазуучулар акырындап чогула беришип, Байымбетти тегеректей аңгемесин өөрчүтүштү. Ошо маалда нооча бойлуу, аппак аял акырын кирип, Кубанычбек менен шыбыраша четтеги отургучка жайланышты. Бир даары отуруп, кээси тикесинен жарданган жазуучулардын ортосунда кызуу баян курган Байымбет аны байкоос алган да жок.

Ал Кубанычбек ашык болду деген, Ленинграддан буерге караманча туруктоого чакырылган скульптор О.Мануйловanын өзү эле. Ал кесип көнүмүшү боюнча дүрбүдөй бадырайган баамчыл көзүн, акын, жазуучулардын тобунун ичиндеги сүймөнчүгү, баарын өзүнө тартып баарлашууну жандандырган атактуу Тоголок Молдого далдоодо.

Ага акылман карыянын дидары дароо жакты: Тоголокгураак

жаагы, кырдач мурунy, тирүү, жыргалга чалкыган куунак көзү, жазы маңдайы, а тургай чокусунда конгон топусу, сыпаа сыйда муруту, сеңселте таралган апакай сакалы сүрөтчүнү токтоосуз чакыргандай жан дилин оштонтуп ээликтирди. Ольга Максимилановна сумкасынан альбомун сууруп, карандашы менен ашыга чиймелей күргүштөдү.

Сүрөтчүнүн сыйкыры көзүндө, күчү колунда го. Күлө, жылмая, томсоро баарын өзүнө арбап тынымсыз сүйлөгөн шайырга кайра-кайра кирпигин жаныта өйдө серпе, ылдый түшүрө андагы окшоштукту кыпындайдан улам калемине иле кагазга сүйкөөдө. Жаналекетке түшө кызыгандан кызууда. Окус баарлашуу бүтүп, туруп басып кетишсе кантет.

Маселенин башкысы акындын элесин түшүрүүгө дили берилип дилгирлиги артканында. Жанын үрөгөнүнө жараша жактырган келбеттин окшош, сомосун чиймелөөгө үлгүрдү.

* * *

Кадимки сеансты Ольга Мануйловна өзүнүн өнөрканасында жүргүзүүдө. Жардамчы, шакирт кыргыз уланы экөө терезелери чоң, жарык бөлмөгө Тоголок Молдону эски креслого жайлуу отургузушкан. Акындын алдындагы чакан тактага нан, печенье, конфета коюп чай менен коноктоо, тилмечтик милдет шакиртте.

Тоголок Молдо чай ууртамыш, терезе, тактылардагы барельеф, скульптуралык келбеттерге карамыш эткен менен маңдайындагы столго артыла жумшак малманы сөөмөй бармагынан чампалап, сүрткүлөп, өгөө, кашык, кыпчуурдай аспаптарын ала коюп, оюулап толуктай баш, бешене түспөлүн окоштуруу аракетиндеги аял сүрөтчүнү алдыртан баамдоодо.

Кырктарды кыюулаган бойлуу, өң келбеттүү, ургаачылык назиктик да, уяң жароокер кароочулук да, сустая тигилип, ишене ойлуу, кумарлуу алектенген эр мүнөздүүлүк да таандык.

Нетсе да эр азаматтарга гана ылайыктуу оор, кылдат өнөрдү өздөштүргөн эрки күчтүү, таланттуу адам экени сабырдуу, шамдагай кыймылынан маалимделүүдө.

Скульптор анда-санда сөз таштап, адегенде өзүн тааныштырды.

Мурдагы Новгород азыркы Горький шаарында туулган. Атасы аскердик врач болгон. Кызматка байланыштуу Самаркандга көчүп келишкен. Скульпторлукка 1912-жылы Германиядагы сүрөтчүнүн өнөрканасынан таалим алган. 1913-жылдан тартып Москвада сүрөтчүлүк окуу жайында, атактуу революциячыл акын Маяковский менен бирге окуган. Окууну аяктаган соң Москвада, Ленинградда, Ташкенде иштеген. Быякка Кыргызстандын өкмөтүнүн чакыруусу боюнча биротоло келген...

А чынында Мануйлова ким экендигин толук сүрүштүрүп билген маңдайындагы карыя акындын утуру жаңылана ачылып, жаңылана таанылган, сыртындагы келишимдүү келбети ичиндеги айкөлдүгүн айкындаган сапатын таап, кымылдап да, ошону жеткире берүүгө далалаттанууда.

Сөз кезеги акынга тийгенде, шакирт тилмечинин жаналекетке түшүп толук жеткиргенин тыңдап, скульптор ишин да лыпылдата илгерилетүүдө. Сүрөткө түшүрчү кишисин какыйтып кыймылдатпай отургузчу фотографтар. Живописчи, скульптор канчалык сырын тартып, мүнөзүн айкындай кызып баарлашса, ошончолук берилип, ички дарамети менен тышкы келбетин куюлуштура түбөлүктүү чыгарма жаратышат. Столунун нары далдоосундагы мис чакадагы даяр былпылдак малманы кыпындайдан уютуп, сүрткүлөп, жабыштырып «бутадагы затынын» өң түзүлүшүнүн ар белгисине окшоштура кунттанып кумарланган скульптор купуя кобуроодо.

«Акындын дидары канчалык көпкө үңүлүп тереңдете көргөн сайын, ошончолук мага көбүрөөк жагууда: таптаза, карапайым жана апачык, жылдыздуу, жайдары, ошол эле учурда сүрдүү. Кайра кайра тигиле берип бул ойго такаласың:

– Бул адамдын жан жүрөгү да бешенеси сыяктуу эле карапайым, асыл, сулуу болуу керек».

Дагы канча сырдашуу, иштөө, олтуруш кайталанбасын, акын да, сүрөтчү да ким кимисин зериктиришпеди. Анан калса Тоголок Молдо жашаган Ыбырайдын үйүнөн Мануйлованын өнөрканасы анчалык алыс деле эмес экен. Таңазандан туруп

жазмасын улантат. Чоң шашкеде чарчаган маалда, а дегенде Мануйлованын шакирт-тилмеч баласы чуркап келчү. Кийин акын өзү эле барчу болду.

Качан кудум куюп койгондой өзүнүн мүрүсүнөн тартып, баш, өзгөчө бет келбети, ойго чөмүлгөн дидары опокшош эстелик күрөң түстө койкоюп стол үстүнө коюлганда Тоголок Молдо, чебер орус жубанынын колун кысты:

– Устанын устаты экенсиз. Көзүңдүн курчу, колуңдун күчү, пейилиңдин мээрмандыгы ылайым кайтпасын. Көп жашап эмгегиңден баар тап. Жан эле киргизбесең Тоголок Молдо чалдын башынын өзүн жасадың. Башка динге ишенген мусулман абышканын бирөө болсо, тартылууга да макул болмок эмес. Эгер момого айланган өз кейпин көрсө жүрөгү жарылмак. Чалкасынан кетмек Ольгам. Мусулман дини мындай адамдын үрөйүн калыпка түшүрүүгө тыюу салат. Биз диндин жаман жагына ишенбейбиз. Эркин замана биздин кыргыздын кыздарынан да өзүңүздөй адам келбетин жаратчу сүрөтчү – узду чыгараар. Тоо элинин аялзатынан жолуңду жолдоочулар өсөөр.

Ольга Максимилановна жактырып, жарпы жазылган асыл ойлуу карт акынды алкады:

– Сизге чоң ырахмат. Сезимдүү, түшүнүктүү акылмандыгыңызга ырахмат. Бул бюсттун бирөөнү жазуучулар союзуна тартуулайм. Музей сурап жатышат, бирөөнү аякка өткөзөм. Ким билет, кийин, балким, шаардын гүл бураган аянттарынын бирине эстелик коюлуп, өзүңүз сүйгөн Ала-Тооңуздун гранит, мрамор таштарынан чегилип көрктөндүрөөр.

Тоголок Молдо кытылдап санын таянды:

– Капкайдагы керемет жомокту жобурайсыз да, Ольга устат.

Мануйлова сабырдуу агыш өңүн сурданта, жеке кейпин түшүрчү адамды гана эмес, алысты, алдыдагы чексиз мезгилди теше тиктей көрө билчүдөй акылдуу ишенимдүү бакырайтты:

– Кечиресиз. Жомок деле эместир. Республиканын борбор шаары Фрунзе дагы канчага кеңийт, курулуш өсөт, эл сейилдеп эс алчу аянттар көбөйөт. Ошондо улуттук маданияттын сыймыгын көтөргөн сиздей ишмерлердин эстелиги коюлбаганда, кимдики коюлат. Жакынкы чындык. Мына, өзүңүздөн даана

билдик. Токтогул акын кесиптешиңиз, мүдөөлөшүңүз, курбуңуз экен. Анын эстелигин жеке Фрунзе эмес, Кыргызстандагы башка шаарларга да орнотууга конкурс жарыяланды. Көп скульпторлор, сүрөтчүлөр, архитекторлор менен бирдикте өз эмгектеринин долбоорлорун даярдап, катышууда. Маселен, мына мен өзүм да, элдик улуу акын Токтогулдун эстелигинин долбоорун сунуш этүүдөмүн. Меники өтпөсө, дурус делинген башкалардыкы өтөт. Же Фрунзеге башка сүрөтчүнүкү кабылданып алдыңкы байге алып, меники Ош, Каракол, Нарын... шаарларынын бирине коюлууга, кийинки байгеге илиниши мүмкүн.

Акын жагалдана унчукту:

– Оозуңузга май! Чындап сүйүнттүңүз. Токомо – Токтогул акынга Маскөөдөгү Пушкиндикиндей заңкайтып тургузсаңар эстеликти.

Тыш кейпинен женөкөй кыргыз көрүнгөн менен көптү туюп, кыйланы түшүнгөн сезимдүү карт акындын «Токтогулга эстеликти Москвадагы Пушкиндикиндей заңкайтып курсаңар» дегени оңор сөзбү. Борборго келишээрлик, көркүн ачаарлык, даңазасын көтөрөөрлүк эстеликтер орносо деген каалоону түшүнүгү бар гана адамдар көксөйт го. Кандай жооп айтууга Мануйлова закымда буйдалды. Айныксыз чындык. Деги эстеликтин жапыз, бийиктиги, кичине, чоңдугу жеке скульптор менен архитектордун кудуретиндеги иш эмес да.

– Абдан туура ойлойт экенсиз. Биз, биз дегенибиз конкурстан байге талашкан, жергиликтүү, москвалык, башка шаарлардагы сүрөтчүлөр адегенде ар варианттагы долбоорлорубузду талкууга, сынга сунуш этебиз. Кимдики жактырылат ал башка маселе. Заказчик кандайча курууну каалайт, канча каражат бөлүнөт. Эмнеден жасалат. Кайсы аянтка коюлат. Ушуга жараша болот, урматтуу акын аксакал.

Тоголок Молдо узак түшүндүрмөгө тукулжурай колун серпти.

– Нетсеңер да Токтогулга жумурай журт ыраазы, таңыркаарлык эстелик курулса дейм да.

* * *

– Молдоке, кабарчылар караманча иштетпес болду го. Кантип сээлдетебиз? – Калбет Ыбырай жедеп жанына таш батканда кейиштүү үтүрөйдү. Ага институтта макулдашкан жаңы жазмаларды мөөнөтүндө бүтүртүү зарыл. Кечеңдеп баратыр. А тургай Тоголок Молдо өзү кандайдыр баарлашууга көнүп, келген журналист, жазуучуларды ого бетер кызыктырып убактысынын көбүн ошолор менен өткөрүүдө.

Анан калса 80 жылдык тойго карата кабар жазууга шынаарлагандар, тарых, улама, үрп-адат, маданий мурас, эл турмушунан билбегени жок тирүү казына карыядан, кабардан сырткары түшүнүктөрүн кеңитүүгө, жоромолдорун тактоого чу дегенде бирин-сериндегендер, топтошуп узакка тегеректөөгө өтүштү. Жашаган, иштеген Ыбырайдын үйү кээде мекеме, кээде базарга айланууда. Ыбырай кагаз, кечесин көтөрүп иистититутка анталаңдайт. Антпесе, кээ ыкчыл жазгычтар анын да Байымбетке байланыштуулугун айлантып сөзгө тартышат.

Байымбет анын күйпөлөктөгөнүн байкап, аяганын да, түшүндүргөнүн да айкындады:

– Ыбырайым, сен мен үчүн үч милдет аткаруудасың. Алды инилик-шакирттик, анан иституттун илим кызматчысына жетекчилик, акыры кожоюндук. Карачы, ушул үч милдетти аткаруу, ушу тапта сага оор. Сексенге агаң бир эле жолу чыгат. Партия, өкмөт, жазуучу, илим мекемелери той өткөрөлү десе калайыкка жардоого калеми курчтарды жиберсе кагажытсак осолдукка, жолобогула десек текеберчиликке жатаар. Дүңдүн аты Байымбеттики болгон менен атагы элдики, эл ичинде сеники да. Жаки, мурда биз, мен сен башка өнөрлүүлөр качан сөзгө алынып, мыктылардын ардагына бөлөнчү элек. Аз чыдайлы. Каалагандар келе беришсин. Акырындап мен Нарын тарапка жылаармын. Жеке борбордогулар эмес, аяктагыларым да дарбып аткандай… Мына, катты окучу. – Столдогу конвертти жаңдады.

Ыбырай денеси ымыр-чымыр ысып, чекесине чыбырчыктаган терди шыпыра, сыртка шашкалактады:

– Жетти, жетти Молдоке, кечиресиз. Иниңиз түркөйлүк кылды. Экинчи оозумдан кеп чыкпайт. Кабылдай бериңиз кабарчыларды. Кат уулуңуздан экен. Өзүңүз окуңуз. Кеттим институтка, аяктагылар да жалаң сиздин камда. Кечириңиз. – Башын эңилткен боюнча, чоң папкени кучактап Ыбырай босогону аттады.

Байымбет көз айнегин пу, пу үйлөп, жүз аарчысы менен тазалай, утуру көзүнө жакындатып, мөлтүрү көөнүнө толгондо, чыпыйта тагынды да, конверттен катты суура далдады.

«Кымбаттуу асыл атаке! Борбор шаарыбыз Фрунзенин таза абасынан дем алып, бак-дарактуу көчөлөрүн аралап, талыкпай иштеп жатасызбы? Быяктагы эл журтуңуз, бала-бакыраңыз аман-эсен. Инаятыңыздын тили чыкты. Чуркап жүрөт. Нарын суу, каражол жакты карап «ата кел» деп колун булгалап чакырат. Июнда 80 жылдык тоюңузду өткөрүүгө район жетекчилери дүрбөп, колхоздорго тапшырма берүүдө. Жасалгалуу боз үйлөрдү камдагыла, меймандарга тигебиз. Күлүк аттарыңарды, жорголорду таптагыла, күрөш, эңиш, көкбөрүгө балбандарыңарды камдагыла, катуу жумуштан бошотуп бордоп, машыктыргыла. Мектеп балдары, кыз-келин, уландарды ыр, бий, улуттук оюндарга маштагыла. Ынак кымыз даярдоого сабаа, чаначтарды ыштагыла, жаңырткыла. Жердешибиз ордендүү акындын тоюна түп борбордон, коңшу элдерден, Фрунзеден, Нарындан сандаган меймандар келет. Аларды дурустап куштап тосуу үчүн, эң мыкты билгич активдерден, кызматка келин, жигиттерден тандагыла. Конок күтө жүргөн, күтө алуучу элбиз. Молдоке биздин сыймыкты арттырган даңктуу жердешибиз. Элдин кишиси. А кишиден эч аянбайлы. Ушундай урмат, ишеним бизге тийгенге сүйүнөлү – деген көрсөтмөнү угуп, ар колхоздун чоңдору сеникинен меники өтөт дешип атаандашкандар арбын.

Башкалар антип атканда биз карап турабызбы. Колхоздор союшка козулар камдашса, туугандарың бээ байлоодо. Өзүбүздө бордо ирик, ноопаз бар. Былтыр орден тагынып кайтканыңызда майрамдап, тоскондогу сөз боюнча, дөңсөөдөгү өзүңүзгө арналган тамдын үстү жабылган боюнча чала бүткөн. Тойго келгендер үйүңүзгө киргендей бүтүрөбүз. Астына тактай тилинип жатат.

Күн жылымык тартаар замат тактайлатып, тамыңыздын ичи, сыртын мелтирете актатабыз. Орус мешин салдырганбыз. Кышы да жылуу болот.

Буюрса, жатып алып ысык тамыңызда иштейсиз. Ичин аңгыратпай жасалгасына чапкылоодомун. Өзүңүздүн айтууңуз боюнча, табыштаган акчаңызды коюнга катып Нарынга бардым. Жазып бергениңиздей, ага кирип, буга кирип атып, эки кызгылт булгаары жумшак кресло, стол, отургучтар, жабуу, керебет, килем, идиш аяк сатып алып биздин үйгө жайып койдук. Тамыңыз бүтөөр замат, буюрса, майды ортолоп бүтүрөбүз, эмеректериңизди коёбуз.

Ушинтип атаке, биз да чамабызча беленденүүдөбүз. Ал эле дейсизби. Чоң-Арык колхозундагы эң жасалгалуу делген өргөөнү да жашыл секиге тигип, мейман күтүүнү чечтик. Эми сизден көптөн көп суранаарым, кагаз-кече, майда-чүйдө керектүүлөрүңүздү өзүңүз тейлештириңиз да эртелеп, кур дегенде майдын 10–15-теринен калбай келиңиз. Кош көрүшкөнчө, асыл ата. Уулуң Турдалы».

* * *

Бул кат Тоголок Молдону таң калтырды. Кат алыстан келсе жөндүү. Бу Фрунзеден. Өзү жанаша жашаган жактырган кишисинен. Сыягы маданияттуулуктун, жаңы доордун өскүлөң ишмерлеринин асыл салты го. Окууга киришти.

«Ардактуу Байымбет аксакал, сиздин 80 жашка толгон өмүрүңүзгө арналган чоң кубаныч той, бүткүл кыргыз элинин кубанычы. Сиз, замандын жылас кезинде жаралдыңыз, ошо жылас доордо өмүрүңүздүн гүлдүү кезин кууратып өткөрдүңүз. Сиздин алтын сөзүңүздү канкорлор баалашкан эмес. Сиздин берметтей тизилген ширин сөздөрүңүз, татынакай кымбат жазмаларыңыз өзүңүз менен бирге кор болгон.

Сиз элден чыгып, анын алтын адабий казынасын жоготпоого кириштиңиз. Ал казынаны сактоодо сиз өлчөмсүз кызмат кылган кишинин бири болдуңуз. Сиздин өмүрүңүз кыргыз элинин өмүрү менен бекем байланышкан. Сиз ошол элди 80 жылы тыңшадыңыз. 80 жыл ал элден үйрөндүңүз.

Эгер Советтик бийлик орнобогон болсо, дүйнөгө жаралып келбегендей дүйнөдөн өтүп кетээр элеңиз. Кыргыз эли бактылуу эл, кыргыз элин, Улуу Октябрь революциясын жасаган пролетариат бактылуу кылды. Сиз кичинекей үнүңүздү улуу пролетариаттын шаңдуу, жеңиштүү үндөрүнө коштуңуз. Сиз эл менен бирге Советтик доордун соолубас гүлүнө бөлөнүп, сактаган казыналарыңыз элдин сүйкүмдүү колуна тийди. Алар сизди сүйүп окуй баштады. Партия менен өкмөт кызматыңызды, алтын эмгегиңизди баалашты. Сизди өлкөнүн алдыңкы уулдары катарында орден менен сыйлады. Сиз жаңы өлкөнүн жаңы жаралган атактуу уулусуз.

Ардактуу ага Байымбет, өмүрүңүз узун болуп, эмгегиңиздин жемиштүү болушун тилеймин.

*Сизди урматтаган*
*Аалы Токомбаев (Балка).»*

Тойдун болгонунан болоору кызык. Тоголок Молдо үстөккөбосток колуна тийген кат, кабарларды, кезит, журналдарды иреттештирип көзүнөн алыстаткысы, колунан чыгаргысы келбейт. Узун өмүрүндө мынчалык көңүл бурулуп, чыгармалары жөнүндө ачык баа укпаган карыя той чукулдаган сайын басма сөздөргө жарыяланган макалаларды кунттана окуп да, бапестеп жыйнап да күдүңдөөдө.

Бут өмүрүн элестеткен Аалынын маңыздуу жазганына удаалаш ар макаладан башта өзү сезип көрбөгөн кубат байланып тиешелүү жерлерин сызып кайта кайта карегинен нур тагылта өткөрүүдө.

## ЗАМАНЫБЫЗДЫН АКЫНЫ

Өзүм өлсөм өлбөстөн
Сөзүм калсын артымда.
*Тоголок Молдо*

«Көп жашаган билбей, көптү көргөн билет» дешет. Акыйкат сөз. Бул сөздүн эки жагы тең Тоголок Молдого туура келет.

Анткени – Тоголок Молдо көптү да көрдү. Көп да жашады. Көптү да билет. Бул кишинин өмүр баяны кыргыз элинин турмушундагы өтө зор окуялар жана бурулуштар менен тыгыз байланыштуу.

...Кат таанып алганы үчүн ырды кагазга түшүрүп, андан көчүрүп элге таратып, жыйнады. Чогулган жерде өзү да, башка жерде башка кишилер да окуп, элге таралып, эл жат ырдачу.

...Совет өкмөтү чыгаары менен булбулдай сайрап, караңгы кат билбеген эмгекчи элге баласындай үйүрүлүп түшүп, Совет өкмөтүнүн эл арасындагы агитатору, насыятчысы болду.

...Тоголок Молдонун чыгармаларындагы касиети кайсы дегенде анын чыгармасы бүт күрөш менен сугарылган. Кайсы ырын алсак да саясий сабаттуулугуна, сезүүнүн чебердигине таң каласың.

*Узакбай Абдукаимов.*
*«Кызыл Кыргызстан». Июнь, 1940-жыл.»*

## «ЭҢ СОНУН МАНАСЧЫ»

...Тоголок Молдо Манастан «Чоң Казатты», «Балалык чагын» ж. б. анан «Семетейди» бүт дээрлик жазып берди. Жазгандарын окуганда сөздөрү өтө элестүү, адамдын ой-санаасын берүү жагынан терең, жаратылышты сүрөттөөгө уста экендигин байкайбыз. Анын бир өзгөчөлүгү кайсы бир манасчылардай орду жок узарта бербей сөзү маанилүү, жыйнактуу, кыска келет. Манасчылардын ичинде Манасты өзү жазып берип жүргөн жалгыз гана Тоголок Молдо.

Кара сакал көмүрдөй
Кайраты катуу темирдей.
Бой келбети мунардай
Колу түптүү чынардай.
Алайган көзү Чолпондой
Ай чулагы калкандай.

Майдан кылса душманга
Майдалап чыккан талкандай –
деп Кошойду сүрөттөйт.

*Кубанычбек Маликов.*
*«Кызыл Кыргызстан». Июль, 1940-жыл.»*

## ОРДЕНДҮҮ КАРЫЯНЫН ЭМГЕКТЕРИ

«Байымбеттин өз чыгармалары жана ал кишинин айтымы боюнча жазылган адабияттардын жалпы көлөмү 40 басма табак. Баардыгы дээрлик ыр менен жазылган. Булардан башка Байымбеттин «Манас» жомогунан жазылган кол жазманын көлөмү 150 басма табак. Жашы сексенге таянган жылдарда элдик адабият казынасына Байымбет 190 басма табак адабияттык мүлк тапшырды.

*Айткулу Убукеев.*
*«Советтик адабият жана искусство». Июнь, 1940-жыл.»*

## АКЫНДЫН ЮБИЛЕЙИ

«Кыргыз элинин атактуу, ордендүү акыны Абдракмановдун (Тоголок Молдо) туулганына быйыл 80 жыл толот. Акындын көп жылдык чыгармачылык эмгеги кыргыз элине терең сиңген. Тоголок Молдо кыргыз элинин сүйгөн акыны, аны баардыгы билишет жана анын чыгармаларын бөтөнчө шыктануу менен окушат.

...Республикалык юбилей комиссиясынын председатели, Кыргыз ССРинин эл артисти, ордендүү эл ырчысы, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин депутаты Алымкул Үсөнбаев, республикалык юбилей комиссиясынын жооптуу секретары ордендүү акын Кубанычбек Маликов жолдоштор 1-июнда Фрунзеден Нарын шаарына келишти.

Ошол эле күнү областтык партия комитетинин секретары жолдош Гарифулиндин жетекчилиги астында республикалык жана областтык юбилей комиссиясынын заседаниеси болду.

Юбилейди өткөрүүгө каражат белгиленди. Мындан тышкары Ак-Талаа районунун коомдук уюмдары жана колхоздору юбилейге өзүлөрүнчө даярданып жатышат.

Комиссия ошону менен бирге меймандарды маданий жактан тейлөө жөнүндө ачык чараларды белгиледи. Азыр областтын баардык жерлеринде юбилейге карата кызуу даярдыктар жүрүп жатат.

Республикадан жана райондордон, колхоздордон меймандар үчүн үйлөр, орундар азыртадан даярдалды. Меймандардын суусундугу үчүн улуу акындын жалпы элдик сыймыгын күткөн жердештери жайлоолордон чанач-чанач ууз кымыздарды тынымсыз жеткирүүдө. Чынында Нарын ушул күндөрү кымыз жыттанып кетти.

10-июнда областтык колхоз, совхоз театр юбилейге арналган чоң концерт берет. Областтык жана райондук газеталар юбилейге арналып чыгарылат.

*Абдырасул Токтомушов.*
*«Ленинчил жаш». 6-июнь, 1940-жыл »*

* * *

Алыскы тоо кучагындагы, бууракандаган Нарын дарыясынын боюндагы чакан шаар областтын борбору Нарында жаңы шаң, жаңы кыймыл күргүштөдү. Атактуу, ордендүү карыя акындын 80 жылдык юбилейине, кыргыз элинин тарыхында чыгармачыл ишмердин биринчи жолу өкмөт, коомчулук тарабынан өткөрүлүп отурган салтанатына катышууга эки-үч күн мурда эле туш тараптан меймандар келе баштады. Москвадан жазуучу Соколов-Микитов, ордендүү искусствовед Виноградов, композитор В. Фере, РСФСР, Өзбекстан, Казакстан, Түркмөнстан, Тажикстандан адабияттын өкүлдөрү, Фрунзеден кыргыз элинин Аалы Токомбаев баштаган акын-жазуучулары,

Калык, Алымкул, Саякбай баштаган ырчы-манасчылары, искусствонун, газеталардын кызматкерлери, областтын баардык райондорунан эпкиндүү колхозчулар, элдик адабияттын шыктануучулары чогулууда.

Келгендер Тоголок Молдого жолугууга ашыгышты. Жазуучулардын тобун жетектеген Аалы карыяны көрөөр менен жадырай күлүп, кулачын жая, бооруна сыга кучактады.

– Биз ойлогондой күүлүү демдерсиз. Ошентиңиз. Ден соолугуңузду сактаңыз!

Калгандарынын баарысы Тоголок Молдону ортого курчашып сүйгөндүктү билгизген сүйкүмдүү сөздөрдү курашты.

Салтанатка чогулгандардын бакисинин жүзүндө куунактык, шаттуулук. Ал эми тойдун себепкери Тоголок Молдо күдүңдөп, кубаттанып, кубанычы денесине сыйбай да, топук, сабыр кылуу, сүрдүү жооптуулукту сезүү салмагы ойго чөмүлтүп да, кээ бирөөнө суздай да көрүнүүдө.

Майрамдоо алдындагы юбилярдын аралаш туйгуга буулуккан, чырмалган тоңдоосун кейпин байкап, Кубанычбек блокнотуна буларды нукуду. «Кайсы бир жеңил кишиче Молдокем өз юбилейин өткөзүү мамлекет тарабынан чечилип, кызуу даярдык күргүштөгөн учурда асмандын төбөсүн карап калды бекен деп ойлодук. Нарынга келип жолуксак иш башка... Молдокем өтө салмактуу, ойлуу, аз сүйлөп, көп ойлоп, бирдемелерди эле көзүнүн жетишинче жазмалап отурчу болуптур».

Ал эми Тоголок Молдонун өзүнө Кубанычбек адатынча тамашалап тийише күлмүңдөдү:

– Молдоке, эмне эле кабагыңызды ачпайсыз? Же юбилейиңиз өтмөк болгонуна капасызбы? Же Фрунзеликтердин, андан аркы дагы толгон меймандардын топурап келгенин жактырбай калгансыз го?..

Тоголок Молдо ошо «кабагын ачпаган» боюнча калбаат тил жаңсады:

– Жок балам, андай эмес... Кап-кайда тоо таштын ичинде жаткан бир чалды эске алып, бүткүл элге дүңкүлдөтүп жибергенине өкмөткө, партияга, анан калса силерге ырахмат. Менин ойлогонум башка... Кыргызда жакшы лакап бар. Аны сен би-

лесиңби? «Алмактын да бермеги бар» дешет. Мен силерден го атак-даңк сый алып жатам. Силерге жооп иретинде эмне бере алам?.. Балам, мен мына ошону ойлонуп жатам...

Ооздон эмес, жүрөк кагышынан жай, салмактуу, ойлуу айтылган жоопко Кубанычбек маңдайы нымшый, алаканын жая көзүнөн уялыңкы от чача баржактады:

– Кандай акылман карыясыз? Кандай маанилүү жооп! «Алмактын бермеги бар» дегениңиз укмуш! Сиздин элиңизден алганыңыздан бергениңиз көп, өтө көп!

Эртеси таңдан кары акынга сый-сыпат башталаарда Аалы, Калык, Алымкул, Саякбай, Кубанычбек бакиси тегеректешип:

– Молдоке, тоюңуз куттуу болсун – дешти биринен сала бири кубана.

– Силер менен бирге болсун! Бирок, балдар, бул той баарыбыздын тоюбуз. Атагы мага калган менен сан-салтанат, шаан шөкөт элдики. Жалпы баарыбыздын кубанычыбыз куттуу болсун!.. Тоголок Молдо ушу айткан сөздөрүнүн өзүндөй өтө жумшак, өтө элпек көлкүп кетти. Көз кычыктарынан жаш сымаптары мөлт кулап, улуу кубаныч көңүлүн эргитип, сөөгүн жумшартканын жашырбады.

* * *

10-июнь, 1940-жылдын кечки саат жетиси. Шаардык Маданият үйү меймандар менен адабиятты, талантты барктоочуларга жыкжыйма. Эмгекчилер депутаттарынын Тянь-Шань областтык советинин, Кыргызстан жазуучулар союзунун пленуму менен бирдикте эл акыны Тоголок Молдонун 80 жылдыгына арналган салтанаттуу кезексиз сессиясы ачылды.

Сессиянын ишине төрагалык кылуу үчүн депутат Рыскелди Алиев шайланды. Тоголок Молдо төрдөгү ардактуу столдон орун алууга чакырылганда залдагылар жапырт турушуп салмактуу жай баскан карыя жетип отурганга чейин дүркүрөгөн кол чабуулар менен урматташты.

Өмүр бою алгач анык бийиктигине эми жеткен карыя толкундана да, топуктана да төрдөгү ардактуу креслодо жалпыга

көрүнөө бакыйып шаанилүү жыйындын жүрүшүн жаземдебей куштарланууда. Анын чындап жаркый ажарданган дидарына жанындагылар Аалы, Соколов-Микитов, Фере, Кубанычбек... залдагылар андан кубана көз чаптырышууда. Жакшылыкка кубанбаган жан барбы.

Москвадан, союздук-республикалардан, Фрунзеден чыгармачылык, илимий, коомдук уюмдардан, областтык партиялык, советтик мекемелерден куттуктоолорду окуганда зал, төрдөгүлөр жапырт алакан чаап жаңырыктата тосууда. Тоголок Молдонун атына не деген жаркын сөздөр айтылбаган. Аларды карыя жүрөгүн балкыта тыңдоодо.

«Сиздин алтымыш жылдык эмгегиңиз, сиздин дайыма жаш жана кайраттуу чыгармаларыңыз кыргыз адабиятын өрчүтүп, анын эң сонун үлгүлөрү болуп калды жана мындан ары ошондой болмок. Биздин илим кызматкерлерибиз сиздин тил жана адабият байлыгыңыздан пайдаланып, сиздеги кажыбас таланттан, өчпөс кайраттан үлгү алып, кыргыз тилин жана адабиятын мындан ары өнүктүрүүдө сиздин ишиңизди улантышат».

*(Кыргыз тил жана адабият илим изилдөө институту).*

«Сиздин баардык чыныгы элдик акылмандыкты билдирген чыгармачылык эмгегиңиз Социалисттик Кыргызстандын маданиятында жана поэзиясында эң баалуу салым болуп эсептелет. Ал болсо партия менен өкмөт тарабынан жогору бааланды. Сиздин юбилей күнүңүздө кадырлуу Тоголок Молдо, сизге биздин социалисттик Мекенибиздин жыргалчылыгы үчүн узак чыгармачылык өмүр каалайбыз».

*(Кыргыз ССР эл комиссарлар Советинин алдындагы илим комитетинин президиуму).*

«Сиз 65 жыл бою көркөм адабияттын терең, жаркын каармандарынын образын жаратып келдиңиз. Сиз биздин күнгө элдик акылмандыктын каймагы – кыргыз элинин бай чыгармачылык мурасы «Манасты» жеткирдиңиз. Сиздин даңктуу сексен

жылдыгыңызда бүт өмүрүн Лениндин акылман жетекчилиги астында эркиндикке жеткен мекенине арнаган улуу акынды жана манасчыны чын жүрөктөн куттуктайбыз».

*(Кыргызстан Советтик жазуучулар Союзу).*

Кыргызстандын өкмөтү менен Большевиктер партиясынын Борбордук Комитетинин атынан куттуктоо окулганда салтанаттагылар кайтадан толкушту.

...«Сизди, кыргыз элинин эң карыя акынын сексен жашка чыккан күндө куттукташат. Сиз биздин заманыбыздын, биздин элибиздин, дүйнө пролетариатынын жолбашчысы Лениндин ишин даңазалоочу кыргыз акындарынын эң сонун өкүлү болуп саналасыз. Сиздин өмүрүңүздүн узун болушун жана элдик адабиятты байытуучу пайдалуу чыгармачылык ишмердигиңизди, шыктанган эмгек үчүн күч-кубат бере турган бекем саламатчылыгыңызды тилейбиз.»

*Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиуму*
*Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Совети*
*Кыргызстан К(б)ПБК.*

Республиканын жетекчилеринин өкүлү катары келген Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Председатели А. Толубаев акынга куттуктоо сөз сүйлөдү. Указ окулду.

«Кыргыз элинин акыны жана манасчысы, ордендүү жолдош Абдрахманов Байымбетти сыйлоо жөнүндө Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун

**УКАЗЫ**

Кыргыз элинин улуу эпосу «Манасты» калыбына келтирүүдө жана эл арасына жайылтууда, эл ырларын, балдарга арналган эл жомокторун жазуу жагынан көрүнүктүү иш кылгандыгы үчүн туулган күнүнө 80 жыл толушуна байланыштуу жол. Абдрахманов Байымбет (Тоголок Молдо) Кыргыз ССР Жогорку

Советинин Ардак грамотасы менен сыйлансын жана ага өмүр бою айына 250 сом өлчөмүндө пенсия берип туруу белгиленсин.

*Президиумдун председатели А. Толубаев.*
*Президиумдун секретары В. Кутарева.*
*Фрунзе шаары. 5-июнь, 1940-жыл.*

Толубаев акынга Ардак громатаны тапшырды. Зал кайрадан чалкыды.

Областтык партия, аткаруу комитетинин атынан, жол. Гарифулин жазуучулар союзунун атынан Ө.Жакишев, композпторлордун атынан В.Фере, областтык интеллигенттердин атынан ордендүү мугалим А.Аралбаевдер кызуу куттуктоолорун багышташты.

Ференин кыргыз тилинде таттуу, маңыздуу сүйлөгөн ар сөзүн чогулгандар кызуу, толкуп угушту. Анын зор кубануу, шерденүү менен тилектештигин билгизип, кучагын жайып Тоголок Молдого барып өбүшүүсү – орустун өнүккөн искусствосу менен кыргыз чеберлеринин достугун айкын далилдеди.

Сап-сап катары менен кылкылдап кызыл жагоочон пионерлер, аларга удаалаш, эр жүрөк чек арачы кызыл аскерлердин залдагыларды жапырт түрүлтө таланттуу карыя атанын кучагын гүлгө толтуруп, жалындуу сөздөрдү арнаган куттуктоолору шаңга шаң кошту бейм.

Сессия менен кошмо пленумдун экинчи маселеси боюнча, ордендүү акын Кубанычбек Маликов трибунага көтөрүлдү. Колуна учкай кармаган жазылуу кагазын жайып... Мына, мына канатын сермеп учууга камынган шумкарча, башын чулгуп, президиумдун чок ортосундагы шаан-шөкөт ээси Тоголок Молдого ормойду, дароо залдагы жайнаган оттуу көздөргө бурулду. Аны чыдамсыз күткөн угуучуларына, сыноочуларына көңүлү жайланыңкы доошун калбаат, жай баштап... бара, бара кызуулай аргыштатты. Чечендик касиети журтчулукка маалым Кубанычбек акындын өмүрү, чыгармачылык жолун терең үңүп, мазмундуу талдап, жыкжыйма элди, акындын өзүн уюта таасирдүү баян курду.

Акынга сөз берилгенде төрдөгү, залдагылар дебей дүрүлдөй алакан ысыта обдулушуп жапырт ага карек отторун чачыратышты. Адамдык, акындык кунуна жеткире, а тургай ашыра багышталган жалын сөздөргө көөнү гана эмес, сөөгү кошо эрип, өзүнүн паразатын түшүнө креслодо шаңкайган Байымбет ордунан демдүү козголду.

Аңгыча салтанаттын төрагасы, акжуумал тараза бойлуу Алиев Рыскелди элпек жетип, карыяны урматтап, колтугунан сүйөй трибунага дейре коштоду. Тоголок Молдо коюн чөнтөгүнөн бүктөлүү кагазын сууруду. Көз айнегин жаркыта алдында оттой жанган көздөрдүн табына жылына, нурдана секин башын ийди.

Жаш күнүнөн далай калың, чакан топто шаңшып, такшалган доошун эргите ыргактуу созду:

– Жамыят Журтчулуктун өкүлдөрү, сиздерге айтаарым... элден айланса болот! Томуктай башымды тоодой кылып көрсөткөн Коммунисттик партияга ырахмат! Адам кадырланчу, чыгармачыл эмгекти учаңтеңиз калктын кенчине айлантып барктоочу заманга туш келген бактыбызга тобо дейли. Ыраазымын балдар!

Алал, асыл эмгеги менен бүт элинин сыймыгын, көркүн арттырган атактуу акындын жөнөкөй, терең алкоосун көпкө дүркүрөгөн кол чабуулар кубаттады.

Аз жана саз сүйлөгөнгө тамшаныша, кантсе да сыймык конгон даанышман карыянын каргылданган жумшак доошунан көңүлдөрдү жаркыта, себилген кут сөздөрдү дагы уга түшүүгө омсоңдогон көпчүлүккө саал тыным жасап кайрадан кыраатты чойду Тоголок Молдо.

Карт акындын дилиндеги ыр уйкаштыктары кынала, бакисинин жүрөгүн ысытып ар түрмөгү сайын кол чабууларды жаңырта берди.

Бактысыз жүрдүм башында
Бай манапка тапталып.
Эми сыймык орноду,
Бактылуумун шаттанып.

Байымбет сенин зыйнатың
Байкалып калды кымбатың

Карыганда көрдүңбү
Калкыңдын кылган урматын.

Апта сайын, ай сайын
Аралап борбор шаарымды.
Маскөөгө барып өткөн жыл
Ачып келдим багымды.

Айланса болот Советтин
Кеңири чапкан жолуна
Кремлди аралап
Кезиктим далай сонунга.

Бактылуу болуп бул күндө
Жайылды элге атагым.
Карымын деп турбастан
Калкыма нуска чачамын.

Сексенге жашым жеткенче
Калемим курчуп тына элек.
Адабият жамгарып
Элиме бердим көп белек.

Сексенге чыккан кезимде
Айланып учтум асмандап.
Эркелетип сыйладың
Эли журтум кастарлап.

Ошондуктан жашарып
Солкулдап турган кезегим.
Ысык-Көлдөй, Соң-Көлдөй
Толкундап турган кезегим.

– Ура-а!

– Ырас да. Көлдөй чалкып, толкундаганы калетсиз! Карыя эргүү менен бүтүрдү.

Турмуштун жыргал көлүндө
Калемимди сугарам.
Калкым үчүн мокобой,
Кайраттанып чыңалам!

Акылмандыгын, асылдыгын торколуу тоюнун үстүндө даана айкындаган Тоголок Молдо карыяга бетме-бет кездешүүдөн, жарыктыктын заманага ыраазылыгын, журтуна өмүр антын өз оозунун ысык илебинен угуудан элдин өкүлдөрү ырахат гана табышты белем.

* * *

– Не арманың бар? Жетпегенге жеттиң, албаганды алдың. Көрбөгөндү көрдүң. Бак-дөөлөткө карксың, байлыкка тундуң – Жаркынбай дөөлөттүү карыны омуроолой жапырылганда беркилер не дээр экен кыяпатта кызыга үнсүз кылыйышты. Башынан кадырлары өткөн сырдана теңтуштугунан батынып бакылдабадыбы. Жаки, бу чөлкөмдө аны Жаркынбайдан башка «сен» деп түз качыра даачу жан жоктур.

Чокундук чолуганда, капилеттен кабыргасын күчтүү чеңгел апчыгандай Тоголок Молдо селт эдирейди. Оңбогон дүмбөкү. Талап, суроо коё качырганын көр. Жоопсуз калтырууга болбойт. Тегерегиндегилер бүт ага назар буруууда. Акын теребелге көз чаптыра, көмөк издегенсиди.

Үстүндө көгүлтүр асман ата көшүлүп, капталындагы жашыл тоолорду жумшак кучагына ороодо. Бет маңдайында мөпмөлтүр Соң-Көл көлү сыйкырлуу көлкүлдөөдө. Астында кыртыштуу жер эне жайкалып, кулун жалдай жапырылган бетегелүү жайпак дөңсөөнү жанданта маек кызыткандарды уюп тыңдагандай. Бул дөңдө илгери эсирген манап, байлар жыйын куруп, далай тагдырларга бүтүм чыгарып, шаан-шөкөт өткөрүшчү. Эми буерде Тоголок Молдонун өзү атайылап сый конокко чакырткан курбу, жакындары карыган акынды аземдешип, анын сөөлөтүнө суктанууда. Закымда кыялында ушуларды чубай, көгала дуңгул сакалын серпилте, каракочкул

бет отун тосурайта мокогон көздөрүн тунарта, түрмөгү жазы кара көрпө тебетейин калдайта челишчүдөй бетме-бет жооп күтө тигилген Жаркымбайга күрсүнө унчукту Тоголок Молдо.

– Э-эх, чокундугум. Азыр менде не арман болсун. Сырдана теңтуштардан гана жардыландым. Көбүнө шарапатымды тийгизе албадым. Аттиң, өзүң айткандай дөөлөткө карк толгондо эски курбуларымды чогуу баш коштурууну самаганым ай. Сербейип экөөбүз калыппыз. Жанындагы Кирише досуң бизден жашыраак, аны менен үчөөбүз. Алыстагы, жаш кездеги шериктер эске түшөт. Бирок аларды келтирүүгө арга жок. Арабызда бүгүн Букарбай болсо эмне? Кыйын кезенде кезит, кабар менен жабдып, каралашкан кайран Букарбайым колумдан жарытылуу сый көрбөй өттү. Карыганда пейили оңолуп, чындыкты түшүнгөн Бошкой кары да апаат тапты. Жаки бирге жайлаган бу конушта чогулуп өткөндөн бабырашып, бирге чер таркатпайт белек.

Жаркынбай маасысынын кончунан бүктөлү өрмө камчысын сууруп, абаны кесе шуу-шуу булгалап бакылдады:

– Өткөндү кой, э өскөндөн кеп салалы! Кууланба Тоголок Молдо. Сен кудайды кара. Өкүмөт айына 250 сөлкөбайды колуңа бекер табыштайт. Биздин Жаңы-Талап кыштагындагы мобу Киреше тилдирген тактайдан асты-үстүн зымылдата орус усталарына салдырган чатырлуу мектепке Тоголок Молдо эрке атың жашырылып өз ысымың Байымбет коюлду. Сүрөтүң илинди. Төшүңдө орден-чениң күлгүндөйт. Коюн, чөнтөгүңдө кызыл мандатың күчтүү. Сапарчыласаң жолуң бекер. Дүкөнгө кирсең кезметсиз адими буюмду каалаганча аласың. Ту-у, жеке Куртка-Терек эмес, Нарын облусунда, бүт кыргыз жамаатында сенчелик жыргаган, сенчелик чардаган ким бар.

Устасына берилген атак-даңкты дагы толуктап жеткирүү үчүн Абдыкалык кителинин жеңин түрө шымаланып, Жаркынбайга оро-пара көрпөчөгө чөк түшө шоңкойду:

– О, жарыктык Жаке, бир тобун али биле элек турбайсызбы. Молдокеме топтун шаңы менен дагы башка урматтар көрсөтүлгөн. Угуп туруңуз санап берейин. Нарын калаасынын как ортосундагы үч кошконду түндүгүнөн дарыя, түштүгүнөн тоо

тарапка жарып өткөн түз көчө сиз айткандай учаң теңиз калың калайыкка белгилүү эрке аты Тоголок Молдо көчөсү аталды. Бир деңиз. Так Нарындын өзүндөгү облустун чоң китепканасына досуңуз Тоголок Молдонун наамы берилди. Эки деңиз. Шашылбаңыз, этибарыңызга алуучу эң чоң маселе мына мага байланыштуу чечилди. Мен Какырдын «хандыгын» таштадым. Атка минерликтен караманча кеттим. Адабият майданына өттүм. Не десеңиз, атактуу элдик, карыя акынга чыгармаларын ireттөөгө, элге таркаткандарын жыйноого, жаңылыктарга такай кабардар кылууга, жаңы жазгандарын дароо көчүрмөлөп кезит, журналдарга бастырып, жамыятка жеткирип турууга айлык чектелген адабий катчыны бекитти өкүмөт. Тоголок Молдо акындын ошол адабий катчылыгына мына мобу «Тиркич моюн» иниси – мырза Абдыкалык Чоробай уулун кой десем болбой, Какырдын хандыгынан бошотуп, жанынан жылгыс тушатып чырмап алды. Өзүндөй болбосо жандама акын кылып, жазуучулар чөйрөсүнө кошом дейт. Мага ыйык устат, сизге дос Молдокенин арааны ушундай ачылды. Билип коюңуз, капарыңызга илип коюңуз, кадырман башыңызды ийип коюңуз, Жаке. Үч деңиз.

Жаземдебей, жаалдана тыңдаган Жаркынбай түйүлүү муштумунан эсеби менен мурда чочойткон сөөмөй, ортонуна аты жогун серпилте кошуп үчилтик айрыча арбайтып жигердене чекчейген Абдыкалыктын көзүнө зекиди.

– Бө-ө, «корком», өңгөдөн эмес өзүңдөн. Өйдөлөп соккон сөзүңдөн. Тобо, кезегинде кан чеңгел Мусакожо, Калпа манаптар күтчү эле ичкерилик Букарбайдай катчы, тилмечти. Эми май чеңгел Тоголок Молдо күтсө сендей «Какырдын ханынан» катчыны, тобо дебегенде нетебиз. Букарбайдын баркы го белгилүү эле. А сенин укугуң канчалык?

Тоголок Молдо саал түйшөлүңкү кырчаңгылана тийишкен адабий катчысына тикирейе кашын бүлк серпти. «Эми кантээр экенсиң. Жаркынбай чокундук оңор түгөт эмес. Кана, жооп берип көр». Абдыкалык үтүр белгисиндей иймейген ичке мурутун тил учу менен ууртуна шуудур жалмай саамга Жаркынбайга термеле чакырайды. «Капталдан капшыра кармасаң да, ээмди

сага төө бастыга бербейм». Шып обдулуп керегедеги асынма папкеден көгүлтүр конвертти, андан төрт бүктөлүү аппак такта кагазды калдырата сууруду. Куду чоң тебетей, дуңгул сакал бакжайган чокундуктун бет маңдайына тизесин бүгө шоңшоё, колундагы катты булактата, кыраатын аргытты катчы.

– Жарыктык Жаке, мобу момурайган бүт кыргыз журтунун улуу акыны Тоголок Молдонун адабий катчысы, мына менин укугумдун канчалыгын билгиңиз келсе, алды менен билимиңизди көтөрүңүз. Жана жакшы эле тилимди жаңшадым эле түшүнбөй калыпсыз. Эмесе дагы кунттанып кулагыңызды төшөңүз. Акын досуңуздун атак-даңкын жалгыз сизден башка кыйындын кыйындары канчалык жогору баалаарын түшүнүп коюңуз. Анын далили мына мобу кыргыздын баш акыны Аалы Токомбаев, тап күрөшүнүн таасын кырааны Балканын каты. Дың этпей тыңдаңыз Жаке. Ошондо түшүнөсүз, эмне үчүн куну жорголук кымбат баалуу кат мендей катчынын колунда гана сакталаар укукту.

Жаркынбай чындап эле катчынын сөзүнө уюй, Балканын катына моюнун созо, кулагын делдейтти. Абдыкалык бакисине даана угуза токтоо окуду.

## БАЙЫМБЕТ АГАГА КАТ

Мен сиз менеп жолугушканыма эки эле күн болсо да, жолдо келе жатып эмгек менен алпурушкан көп колхозчу агайындарга жолуктум. Алар жүрүп келе жаткан машинага колдорун көтөрүшүп токтотушту да, дароо моюндарын созушуп машинанын ичин караушты.

– Эмне карайсыңар? – дедим.

Татынакай кызыл келин:

– Тоголок Молдону көрөлү дедик эле агай. Ал киши жокко?

– Сиз мурун көргөнүңүз жок беле?

– Көргөмүн. Дайым эле көрүп жүргөнмүн. Эми кандай болуп калды экен? Ишенбегендей кайра-кайра машинага карай берди.

– Ал киши кайра жашарды. Көңүлү кадимки сиздики сыяктуу жапжаш. Барып көргүлө – дедим.

Машина ордунан козголуп узак жолго учкан куштай зыпылдап кете берди.

– Кайран Молдокем, бардык элдин сүйүү махабатын өзүнө тартты. Бир кездеги жакырчылыктан мүңкүрөгөн оор күндөрү салтанаттуу кубанычтарга айланды. Кандай бактылуулук – деп сиз тууралу көп ойлорду ойлодум.

Молдоке, сиз элдиксиз. Коштошуудагы менин айткандарымды унутпаңыз. Ал сөздөрүмдү дагы кайталап айткым келет: биринчиден – саламатыгыңызды мыкты сактаңыз! Экинчиден – саламаттыгыңызды мыкты сактаңыз! Үчүнчүдөн – саламаттыгыңызды мыкты сактаңыз!.. Анткени – сиздин саламаттыгыңыз элдин кубанычы. Саламат болсоңуз сизден күткөндүн баардыгы да болот. Сиз жакшы атка минип, жакшы жерлерге чыгып, дем алып көп жүрүңүз. Ал сизге абдан пайдалуу. Жазма жумуштарыңызды кыйналып жазбаңыз. Качан көңүлүңүз келгенде гана иштеңиз. Ал сизди кыйнабайт жана жакшы чыгат. Эрмегиңизге жаңы адабияттарды окутуп тыңшаңыз. Ал сизге адабий кубат берет.

Молдоке, ал-жаныңызды билдирип туруңуз. Бөтөнчө ден соолугуңуз жөнүндө жазыңыз. Эл-журтуңузга ысык салам айтам.

*Сизди урматтаган Аалы Токомбаев (Балка).*

Бакиси акындын өзү да, Гриша менен Жаркынбайдан беш бетер бериле катка муюгандарын көрүп Абдыкалык короздонду.

– И, Жаке, бо кандай демекчисиз. Тоголок Молдо курбуңуз сиз ойлогондой көп абышканын бири эмес-с, барктуунун барктуусу кадырлаган кадырман адам бекен. Мендей катчыны өкүмөт бекер бербептирби. Эми кичине башыңызды иесизби, же дале түркөйлүгүңүзгө салып, теңата какайып челишесизби.

Жаркынбай серпилип, боюн ыргай жол-жол кара тырайке чапанынын санына оролгон этегин далп булка мандашын жазды. А дегенде ыргыштаган Абдыкалык катчыга одурая, анап көшүлгөн Тоголок Молдого бурула, казанбактай быжыгыр тебетейин шыпырып, даңгыл көгала башын силкти.

– Башынан сыйлаарымды билесиң. Тоголонгон Молдом уш-

шуга жетмексиң. Мурдагыларым оюнум, эркелегеним. Эми бобу чекирейген тиркич моюн катчыңбы, тилмечиңби, жанымды коёр эмес. Чын, чыныма келейин. Кирешем, сен да чындыкты туй, багжайбай. Кой, кой, Тоголок Молдо бурадар. Мына ушундан тарта багындым сага. Бо-о дейре анчейин теңиме алчу эмес элем. Көрсө, касиети артык «машайыкка» айланыпсың. Кол койдум, баатыр акеси. Аман бол. Дөөлөтүңдүн убайын көр. Карылыкка жеңдирбе, акылыңдан алжыба.

Тоголок Молдо берилей жыла эңкейибирээк курбусунун балбыраган кылдуу жаагынан эркелете сылагылады:

Чокундугум,
Чорт сүйлөгөн эргулум.
Калетсиз го мунуң.
Карт буудандын
Таркаттың бугун.
Тоодогу,
Карт арчадай бургуйлап
Калк ичинде эсен тургун.
Маал-маал мага жолугуп
Эрмек зоок кургун.

– Уктуңбу. Уңгулуу сөздү алтын сыргадай уюта чапкан устанын насаатын. Токой чердин олуясы Киреше, сен неге үндөбөйсүң? – Жаркынбай карагайчы досун коомайсынтпай маекке аралаштырууга далалаттанды.

Гриша каржайыңкы сөөк-саактуу жотосун копшой, көгүш өңүрү ачык пальтосунун ичиндеги күрөң гимнастеркасынын ийинен арчындалуу жамбашындагы жалпак жол сумкасынан журналдын барактарын суналта секин сыдырып чыгарды. Тегерегирээк тегизделүү ак чалган жээрде сакалын багжайтып, сүрдүү фуражкасынын какыйган калканчынын астынан көгүлтүр көзүн күн тийген күзгү асмандай күлмүңдөттү.

– Мен силерге кошулам. Меники дос Жоранын досу аксакал акынга сыймыктанам. Мен кур кол келбедим. Акындын секретары Абдыкалыкка Ленинграддык орус жазуучусу, сексен

жылдык тойго катышкан Соколов-Микитовдун «Акын Жүрөгү» деген Балканыкынан кем сокпогон жакшы макаласын тартууласам дейм. Бу макалада кыргыз элинин кең пейил меймандостугу, биздики аксакал акындын акылмандыгы, эл урматтаганы, элдин эң сонун тойлогону, шайырлыгы жазылыптыр. Токомбаевдин катынын жанына катып койсо, жакшы документ.

Абдыкалык узун моюнун койкоң эттире элейди.

– Урматтуу Гриша дос-с, катаарын катабыз. Тапканыңызга ырахмат. Сомосун го түшүндүрдүңүз. Азыр чыпчыргасын койбой окуп бериңиз.

Карагайчы көз айнегин тагынып, түшүнсө, түшүнбөсө деле момоё дилгирленген үчөөнө, көөкөргө кымыз көтөрүп, жандарына жаңы тизе бүккөн Турдалы жигитке ормоё кыдырата карап өттү да, жатык тилин жаңсай макаланын түпөдөн түз тиешелүү жерлерине токтоло аттатып окууда.

*Соколов-Микитов*

## «СЕРДЦЕ ПЕВЦА»

В отдаленном районе Центрального Тянь-Шаня люди торжественно справляют юбилей народного акына-певца... Усталому путешественнику не приходится заботитъся о питании и ночлеге. Всюду ожидиает его гостеприимный приют. Приехавшего гостя подчуют кумысом и «бешбармаком» – обильным и жирным кушаньем киргизов. «Шампанское» горных животноводов-кочевников, приготовленное из молока кобыл, льется рекой...

Старый почтенный акын – юбиляр сидит в кругу гостей. Широкое лицо его светится добродушием загорелый лоб открыт. Мелкие морщины лучатся на висах, у переносья. В этих морщинах собрана мудрость. С любезной готовностью поворачивает он седую свою голову к гостю, обратившемуся к нему с вопросом. В глазах его бодрость и ум. Многое видел на своем долгом веку мудрец-аксакал. Он помнит величайших поэтов своей родины.

С детской беззубой улыбкой прислушивается он к словам своих собеседников. Скромность аксакала кажется величественной. Со сдержанной простотой, как должное, принимает он почет и любовь окружающих его многочисленных поклонников и друзей... Счастливая детская улыбка не сходит с лица аксакала. Сегодня он видит признание и почет. Любовь и признание будут ему наградой. Он знает, что путь поэта – великий путь. В дни печали и испытаний бодрою песнею поднимал он дух народа, в час пира и радости легкою шуткою вызывал смех. Сказки и басни учат мудрости и спокойствию. Песни его были, как мед, как целебное лекарство. Детская простота и глубокая мудрость свойственны аксакалу. Сердце его для всех открыто. Люди идут к нему, как стадо серн идет к водопою, ибо живому источнику воды в раскаленной пустные подобно сердце певца.

*Июнь, 1940 г. Дюрьбелжин-Пржевальск.*

– Турдалы кийиштирген сыр чөйчөктөрдүн улам үстүңкүсүн колуна койкойтуп, көөкөрдөгү көбүк чертип чайкалган кымыздан толтуруп, атасын мактаган орус жазуучусунун кабарына жигерденген аксакалдарга улуулаштыра ийилип сунууда:

– Суусаган чыгаарсыздар. Тартып ийиңиздер. Эт бышып калды.

Маегиңиздерди үйдөн улантсаңыздар кантээр экен. Чакырган уулун омсоңдотпой Тоголок Молдо меймандарына жол баштай жер таяна обдулду:

– Күндүзгү тамак аш болумдуу. Жүргүлө эмесе.

* * *

Уйку менен соонун, өлүм менен өмүрдүн ажырымы анча билинбей, бийик мамыкта сулк жаткан карыяны капилеттен кандайдыр кудурети күчтүү сыйкыр түпсүз караңгылык зынданынан, шилисинен апчып ачык, жарык дүйнөгө ыргыткансыды.

Сал таштай оорлоп жанчылган бүткөн бою жеңилдеп, ымырттыкка төнүп жумулган чылпактаган кирпигинен жарык

шоола электенди. Коргошун куйгандай ың-жыңсыз дүлөйлүккө төнгөн кулагына элдир-селдир шыбыш, табыштар угулду.

Тобо, бул неси? Чыныбы же жалганыбы. Талмоорсуу, жөөлүү. Көзүнө алда немелер элес-буластанып, качаңкы өткөн кеткен жыргал менен куурал тынымсыз алмаша сапырылып, канча чакмактан өтпөдү.

Кыязы акырет дүйнөнүн тозогу менен жаннаты экөө тең зыяраттатып, акыры карыя акынды кабылдабай, тирүүлүктүн бу дүйнөсүнө кайтарыштыбы? Эгерим ошондой экен, анда байкасынчы. Чыпталган көзүн чымыркана улам бардай ача берди, ача берди. О кыйлада үлүңдөгөн карегі төрт чарчы устундарды, аларга кыналган тактайды – өз тамынын шыбын чагылтты. Чалкасынан сол капталына саал кыңкайгансыды. Дубалда сайма туш кийиз... Жер тактайын жапкан шырдакта тепейген тегерек үстөлү, эки капталында кызгылтым булгаары креслосу бакаюуда.

Кирпигин кыбыңдата тааныш, төл буюмдарына саламдашкансый алсыз көзүнөн жарык үрөй күлүмсүрөдү. Үстөлү, креслолору аны сагынгандай, чакыргандай ыйманы жылуу монтоюшту. Өзү да аларын сагына түшкөн. Китеп, кагаздарын жайып отурууну, окууну, чиймелөөнү эңседи. Көөмөйдө нелер гана сокпойт. Аттиң, кур дегенде бир эле мертебе, креслосуна туурдагы куштай шоңкоюп, столуна колун артып текөөрүн жанса ээ.

Мүдөө, арман түгөнбөс немеби. Өмүргө небак тойдум дебеди беле. Акылы ордуна келе, күңүрттүк чайыттала берди. Тобо, бирде оңолуп, бирде жоголуп... эсмас талыганы качан, кандайынча башталды?..

...Баса, саясы түптүү сан журтчулук салтанаттаган сексендик тоюнун сээринен демдүү, күүлү жайкысын төр жайлоо Соң-Көлдө төрт түлүктү ыңкыта көлпүктүргөн чарбадар малчылар арасында, оштонгон ишкер шакирт-катчысы Абдыкалыгы кашында, колхоздун ферма башчысы ызаттуу уулу Турдалысы башында, эскилерди эскерип, көңүл кандырыша тамаша курууга курбуларынын өкүлү Жаркынбай чокундук, карагайчы Гриша досу аралыгы эки-үч сааттык танапташ конушта өмүрүн-

дө кеңкесири көлпүгөн, эңсегендер чар тараптан ага келишип, эч жакка чыкпай, чардабады беле. Ооба, анткени ырас.

Анан... Күзгүсүн дан жыттанган жакага түшкөн. Дыйкан дампайларынын ыргалып бышкан сулу, арпа, буудай, таруулярын оруугa, бастырууга эркек, аял дебей активдери башында жапатырмак топ-топ, звено, бригадага бөлүнүшө кыркаар түзүп шарт-шарт орок тартып, чалгы шилтегендерди кыдырган. Ошо кыркаар тарткан орокчу, чалгычылардын ичинен күчтүүлөр, эпкиндүүлөр алга озуп, социалисттик жарыштын алдыңкысы аталып, анын урматына кызыл байрак көтөрүлүп даңазасы арткандарды шерденте сүрөгөн.

Молотилке, ташмалалап кызылды тоодой үйгөн кырманчыларга бастырып барып:

– Кырманга береке толсун! Баба дыйкан жылоолосун! – айтып, батасын берип, калайыкты токчулукка, молчулукка тундурчу түшүмдүү асыл данга шакирт-катчысы экөөнүн көөнү чалкып, алардын алкышынан ого бетер күжүлдөгөн мээнеткечтерди баржактата шыктандырышкан.

Анан тээ ойдогу Кара-Гоо аталган жерде ата бабасынан бери чарбак күтүп, бу чөлкөмдө көзгө басаар не дүйүм жер жемишин өстүргөн Нуралы багбан, Нуралы табыпка айланып түшүшкөн. Баглан козунун эти, бал кымыздан кем эмес ширелүү коон, дарбыздан тамшана татышкан.

Анан... Эл тирлигине, күжүрмөн эмгегине, кең пейилине, күз берекесине карктанышкан соң Абдыкалык аны өз ысмындагы Байымбет мектебине алып барган. Мектеби. Карт жүрөгүн чымырата, көңүлүн жагалданта, кире бериштеги төл сүрөтү баштап, мугалимдери, балдар дүрбөй тосушкан. Ыйык мейман менен директор идарасында баарлашканча, сыртта кызыл жагоо пионерлер сап-сап катарга тизилишиптир. Жалын көз, кулун доош, от жүрөк, мөмө жүздүү монтогойлор кыргыздын улуу акыны, жердеши, мектепке ысымы берилген карыяны сыймыктуу чоң ата аташып, бир үндөн ыр-хор айтышып, селкилдей бийлешип урмат көрсөтүшкөн. Даанышман акын жетиналбай күдүңдөп, жеткинчектердин ар кимисин көзү менен кучактай эркелете карап, сөзү менен жакшы окууга, адептүүлүккө үндөгөн.

Анан... акырындап аяздуу кыш түшкөн. Куртка менен Нарын дарыясынын куймасындагы жаңы ысык тамында орус мешине карагай отунду лепилдете жактырып, эртели кеч эки суунун шарын тыңшап, алардан бууланып көтөрүлгөн ак түрмөккө таңыркай, жээктериндеги дүгдүйгөн токойдун илбирс ичикке оронгон куду өзү сымал бубак жамынганын жактыра курсанттанып... Кыштын кооздугуна кумарлана, каарына чыйрала ысык үйүнүн как ушу төркү бөлмөсүндө жылуу жумшак иштеп, эс алып, келгендерге, чакырткандарына баарлаша ошо кышты тынч, жыргалдуу өткөрдү.

Фрунзеден, Нарындан илим, жазуучулар мекемелеринен кабарчылар, кызматчылар үзүл-кесил катташып байланыш үзүлбөдү. Кат аркылуу да эмне жазуу, качан басмага тапшыруу, жаңыраар жылдын, жайындагы жазуучулардын жыйынына борборго чакыраарлыгынан директешип турду.

Абдыкалык экөө «Токсон суроону» улантып, такташып, оңдошуп бетмаңдай креслодо божурашмай. Басылган китептери, газета, журналдарды окушмай. Шыктуулардан эңсеп, бириндеп, чогуу келгендерге жазылган, жазылаар чыгармалардан баян курушмай, көчүрүп алууга ыкластангандардын ийин суутпастан колмо кол бермей.

Ошентип, 1941чи, жылаан жылынын кышы тынч, ишкер өттү. Жазы андан гүл бүрүн чатырата Куртка боюна жылдагыдан эртелеп март келди. Кыштан жакшы чыккан колхоз чарбасынын төрт-түлүгү эгиздеп төлдөдү. Дыйкандар кош айдоону да бат бүткөрүштү. Ишке жараша эл пейили шагдан.

Малчылардын аяңы менен серүүндөй улам тоо таяна өрдөй Абдыкалык экөө көчүштү. Буюрса жайдын толугунда жаңы жазгандарын, эскиден калгандарын иреттей топтоп куржунду төмпөйтө Фрунзеге жетүү камында чамдап жаткан учур эле... Молдо ашуусун эңкейип Соң-Көлдүн быйыл али жан аралай элек демейдегиден өзгөчө кулпура бетегеси белден оролгон Ак-Таш конушуна мал жан бирдей жаңыдан көлпүккөн маал... 1941-жылдын 21-июнунда каргашалуу кабар куттуу жерди силкинтип, уюткулуу элдин үрөйүн учуруп, жүрөгүн кансыратып чагылган чаңырыгындай өзөктөрдү сыздата алыскы тоо

сересиндеги калайыкты да сенейтти бейм.

Германиянын башындагы Гитлер каракчы канча жылдан бери Европанын улам бир мамлекетин багынтып, кутургандай күчтөнүп, куралданды. Караткан өлкөлөрдүн бүт армиясын, курал-жарагын топтоп уруш жарыялабастан капысынан биздин кең мекенибиздин батыш шаарларын асмандан, жерден ажал отун бүркүп, апаат түшүрүп, кыйратып, өрттөп, бейкүнөө адамдардын канын суудай агызып кол салды. Маскөөгө тез жетип басып алууга, андан соң бүткүл Совет элин кулга айлантууга аёосуз жырткычтык менен обору ачылган ажыдаардай оп тартууга улам бери секирип келатат.

Бүт эл, анын ичинде тоолуктар И. В. Сталиндин коркунучка капталган ата мекенди коргоого, канкор душман фашисттерге жаш, кары дебей жапырт каршы көтөрүлүүгө чакыруусуна чыңалып ыгышты.

Күнүгө батыштагы боордоштордун таланып, кыргындалганы Совинформ бюро тарабынан кабарланууда. Али тоолук Совет калкы согуш апаатын көзү менен көрбөсө да көңүлүндө сезип ичиркенип ызырынуусу күч. Душман огу жетпеген менен жүрөктөрү зилдеп, кара ниет душманга кекенип, айыгышка чыгууга, абийирин тебелетпөөгө, бактысын тарттырбоого, өч алууга кыжырлары кайнап, кайраттары ташууда.

Жыргаган калайык капилеттен жылас түшүргөн канкорго каршы жабыла дүрбүктү. Эл ичиндеги эр азаматтар, мал ичиндеги аргымак, тулпар аттар тандалып, шайланып чет четинен аскерге, батышты карай аттанышты. Ооруктагы калган журт, кыз келин, кемпир дебей жоого тирешкен кызыл кыраандарга жылуу кийим тигүүгө киришишти, кары-жаш эркек бүлөө эгин, мал баккан азаматтардын ордун толуктап, азык-түлүк камдоого күргүштөштү. Баарысы согуш камында, согуш чакырыгында.

Карыя акын жапа тырмак көтөрүлгөн журттун санаасына санаалаш, мүдөөсүнө мүдөөлөш аралай бастырып, калемин жаныта, чакырык, үндөө ырларын жазып, окуду. Район, область, республика газеталарына жарыялады. Алгач 3-июлда «Армияга арнайм» – деген үндөө жазды.

Бергиле журтум, бергиле
Биздин аскер балдарга.
Жөнөтөлү посылка
Тосуп алсын барганда.
Элибизден келди деп
Сүйүнүшсүн алганда.
Алтын, күмүш берели
Армияга жардамга,
Ат, аргымак тандайлы
Асмандатып минээрге.
Жылуу кийим камдайлы.
Кыш чилдеде киерге.
Армияга арнайлы
Жөнөтөлү ирелге[1]
Биз да курал кармайлы
Качырып жоого тиерге.

Ага улаш «Биз даярбыз» көлөмдүү ырын жаратып, жалпы элдик Ата Мекенди коргоо айыгышына өз доошун кошту. Кана... бакиси кайдан баштан аяк алсыраган мээде сакталсын. Кантсе да, акын эсинде жугу, ар кай түрмөгү жыбырады.

Бул калемим ок болот
Кадалса душман жок болот.
Чалма салып боолуктап
Чапса кайдан козголот.
Жазуучунун сыясы
Октябрдин тамчысы.
Бактысын баштан учурчу
Фашистке тийген камчысы.
...Кызыл аскер кыраандар
Кылычтап алдын торгосо.
Берлинге чейин биз барып,
Бирлик туубуз орносо.
Өлбөс Гитлер эркиби,

[1] Ирел – поезд.

Өпкөгө найза орносо.
Жек көрүмчү фашисттер
Шүмшүк болуп өлүүчү.
Ит өлүмү ушу деп
Эмгекчи элим көмүүчү.
...Кызылдарым кыраандар
Кылычы өткүр тынарлар
Кыжыры кайнап фашистке
Курчуйт күндө куралдар.
Аксакал дебей, жаш дебей
Алдыга койгон ураан бар.
Ал турмак биз да даяр дейт,
Ак элечек жубандар.
...Айдамга койбой жеңебиз
Ал өңдөнгөн жиндини.
Дүйнөдө эмгекчилердин
Жашасын темир бирдиги.

Майданда биздин аскерлер чагылгандай тез жеңебиз деп ээлигип кутурган фашисттерди кансыратып жолун бууса, ооруктагы элдердин кайраты андан чыңалып, «Баардыгы согуш үчүн!», «Жеңиш биздики», «Фашисттерге өлүм» деген ураан астында күрдөөлдүү биримдикти Тоголок Молдо тополоңдуу коңур күздө «Жетишкенбиз, жеңебиз» деп бышыкдады.

Таң кашкайып атканда
Таалайга элим батканда.
Күч жыйналып жалпыбыз
Гүлдөп өсүп жатканда.
...Белгиленип дастанга
Бирдик күчтөр ташканда!
Социализм булагы
Дайра болуп акканда!
Кайдан чыга келди экен.
Карышкырча капталга!
Түлкү болуп шимшилеп

Түн ичинде шакмарга.
Тумшугунан малынып
Түшөт бир күн капканга.
Талкаланат сөөгү
Таруудайдан чакканда.
Тартылбайбы айласыз
Таман тузак арканга.
...Ар түрдүү айла кылалы.
Азыркы Гитлер шайтанга.
Аралап кирип байлап чык
Эч нерседен жалтанба.
Кутурган ит жоголсо
Кубат го биздей картаңга.
Жетишкенбиз, жеңебиз
Жерге таалай себебиз.
Жек көрүмчү Гитлерди
Жеңебиз да келебиз!

Калк башына түшкөн калабалуу учурда мезгил да бат өтөбү. Эгешкен кандуу айкаш өлкөбүздүн батыш жагында тополоңун тоз түшүргөн менен, улам биздин катар тыкысталып, аскерлерибиздин курал-жарак, кармаш өнөрү арбып... Европадан Азияга созулган ооруктагы эмгекчи журт эң алыскы төрт миң чакырымга керилген кең мейкиндеги бизге дейре бир бүтүн аскадай чыңалып тирелишип, бирин-бири кубаттатып күчтөнтүп... фашисттер канчалык мактанбасын, жан алакетке түшүп кутургандай чамынбасын биздин бир денедеги баш, көз, кол, буттай улам кубаттуу чыңалган согуштагы жоокерлер менен ооруктагы эмгекчилерибиз Гитлерчилерди Москвага, Ленинградга жолотпой Сталинграддан бери кадам да өткөрбөөгө бел байлаганы, партиянын, Сталиндин, атактуу колбашчылардын жетекчилигине, акылман көргөзмөсүнө бир адамдай баш кошкону бүт калайыкты шыктантууда.

Жеке батыштагы кызыл кыргын майдан аймагында эмес, бияктагы тоо арасына да кыш эртелеп каардуу түштү. Ак-Талаа району боюнча согушка жөнөөчү азаматтардын жүздөгөн

калдайган тобу Нарын – Фрунзени – батышты карай чогуу аттанууга кылкылдап дал Куртканын теке маңдайындагы «Жалгыз там» аталган жайыкка чогулушту. Ошерде митинг өткөрүлүп азаматтарды шаңдуу узатууга камынган активдер менен Тоголок Молдо кошо аттанды. Анын жөнөкөй коштошуу үчүн гана эмес, кармашка жөнөөчү эргулдарды шердентчү таасирдүү шекер сөзүн шаңшууга атайлап чыгынганын угушкан район жетекчилери өмүрү өрнөк, сөзү эм сыймыктуу акынды ортого чыгарышты.

Карлуу талаада казганактаган жигиттердин баарысынын астында ойноктогон ат. Көздөрүнөн душманга кекенген от чагылып, ортого Абдыкалык шакиртинин коштоосунда бастырып чыккан карыя ата Тоголок Молдонун алкоосун тыңдоого, жапырт назар бурушту.

Декабрдин чакылдаган ызгаары карт акындын аларга ыр менен куюлуштура кайрылуусун жаңырыктата ар кимине даана жеткирүүдө.

## ӨТКӨН ЧАК, КАЙРАТТУУ КҮН

Танка менен самолет
Түрдүү курал көбөйдү.
Биздин кызыл баатырлар
Өстүрүүдө өнөрдү.
...Ошолордой силер да
Жетик кыйын кыраандар.
Канкорлорду жоготуп
Кайраттуу бол уландар.
Кан төккөнгө каканып
Кайрат кылчу күн ушу.
Ажаан өңдүү душманга
Айбат кылчу күн ушу.
...Манастан калган үлгүнү
Баары кыргыз сүйүүчү.
...Фашистти жексен кылууну
Баатыр аскер билүүчү.

Баарысын чилдей таратып
Барчын куштай тийүүчү.
...Жолойду Кошой жыккандай
Коюн колтук алуучу.
Толорсугун тайдырып
Томуктап торой чалуучу.
Чапса жерден козголтпой
Чалкасынан салуучу.
Кутурган ит акыры
Кучактап жерди кабуучу.
...Барып жеңип душманды
Өпкөсүн сууруп толгосок.
Кантип чыдап жатабыз
Канкорду кармап сойбосок.

Кайраттуу күндө балдарым
Канкордун күлүн сапыргын.
Катыгын берип колуна
Тилегин таштай катырган.
Эсендиги астында
Эр Сталин баатырдын.
Жолун тосуп сүрөлү.
Ылачындай тийели.
Танка минип туу кармап
Туш тушунан кирели.

Таалайлуу элге катылган
Таш капсын Гитлер планы.
Тарсылдатып ок атып
Талкалайлы, кыралы.
Бул ааламдан жоготуп,
Андан кийин тыналы.

– Ура-а! Ура-а!
– Айтканыңыз келсин!
– Осуятыңызды орундайбыз.
– Көрүшкөнчө!

– Жеңиш менен кайтканча!

Дуулдаган азаматтар даанышман карт атанын Манас, Кошойдун эл намысын коргогон эрдигине шерденткен чакырыгына, кан чеңгел фашисттерди сөзсүз кыйратууга ишендирген үндөгүнө кызуу кыйкырык-кубаттоо менен жооп кайтарышты. Алардын кубаттуу күүлдөгүн чакылдаган кыш каары коштой, теребелдеги апакай тоо аймагын жаңырыктатты. Калың калк арасында касиеттүү аталган Тоголок Молдонун бул толкундуу кайрылуусуна жеке кан майдан сапарына узаган эр азаматтар эмес, коштошууга, жөнөтүүгө барган ата, эне, жар, кызматкерлердин кими болбосун карыя даанышманды алкап, жүрөктөрүнө ыраазылык ынанымды түйүп кайтышты.

Жоокерлердин, элдин демине жылынган аксакал акылман, ошо күнкү чакылдаган аяздын илеби таңдайынан сызылып өтүп, карт өпкөсүн кагынга учуратаарын сезген да эмес. Астында жорго, үстүндө жакасы көл шал илбирс ичик, башында жазы көрпө тебетей, бутунда кийиз чокой, суукка алдырбас кейипте эле.

Мына азыр жылуу үй, жылуу мамыкта саал кыңкайган калыбында жогоркуларды эсине оролтуп… Кагынды эскергенде негедир ичиркене башын силкти. Денеси чыйрыгып, кайра алоолоп… Онтотуп, жөөлүтүп… Таңдайын кургатып… Райондон доктур чакырылып… Картык коюлуп, ийнеге бишкектелип канча күн алсырады. Эс учун жоготуп жөөлүгөн учурлары… Кээде минтип сергилеңдегени, жакындарын үрпөйтүп саруулатканы… Катчысы Абдыкалык менен уулу Турдалысына, тагдырга, аларга ыраазылыгын, өмүр жашына тойгонун, а түгүл кандай коюу, каякка, кимдерге кабарлоо жаатында керзээ-мурасын айтканын эскере, кайра чалкасына оонай алсыз эрининен бырс эте жылмайды.

Анын бой түзөткөн абалын абайлап керебетинин башында такай күзөттө саксактаган Абдыкалык, Турдалы үстүнө эңкейише жарыша унчугушту.

– Атаке, бүгүн жакшысыз.

– Молдоке, башыңызды көтөрөсүзбү. Столуңузга бир пас жакындаталыбы.

Оюндагысын тапкан шакиртине, анан уулуна алайды. Таноосунан илеп тартты.

– Эмне, арча жыттанабы?

– Ооба, атаке. Мурда күнү жаңы жылда арчанын бүрүн күйгүзүп үйдү балээден аластаганбыз. Тазартканбыз. Сиздин көңүлүңүз да ошондон сергиди.

– Баса, Молдоке, жаңы жыл менен табериктеймин!

Тоголок Молдо, ак шапак арыктаган манжасын жууркандан суура арбайта тыбыратты.

– Тиркич моюнум, мен миң тогуз жүз кырк экинчи, бизче жылкы жылынын үчүнчү күнүн көрүпмүн э. Тобо-о… Терезенин пардасын ачкылачы. Күн бүгүн ачык белем.

– Ачык, сиздин көңүл да ачык.

Тигилерди бекер сүйүнтпөө, алдабоо үчүн бардаштуу карыя эринен жай шыбыштады.

– Көңүлүм ачылгансыды. Бир-ак ажал менден алыс эмес. Коркпогула, алданбагыла. Өлүм менен жоодон коркуп болбойт.

– Антпеңиз Молдоке, сиз коркпогон менен биз коркобуз. Не кааласаңыз, ошонун баарын жасайбыз, айтыңыз. Фашисттер Маскөө алдында талканып, артка сүрүлө баштады. Сиздин дарт да денеңизден чыга, ажал алыстай баштады. Ишениңиз бизге.

Ноокас акын мурутун үлп үйлөмүш эте бардаштуу сүйлөөгө тырышты.

– Дурус, Дурус.

Беркилер согуш абалынбы, же өз абалынбы, же экөөнүн тең «Дурус» дегенинин боолголой кийинки сөзүн эмне дээрин тыңдашты.

– Эки иш айтам. Тиркич моюн, тилипан менен сүйлөшкөнүңдө Прунзедегилер не дешти? Жашырба!

– Жарыктык Молдоке, жашыргыдай баламынбы. Айтканыңызды түгөл айттым. Молдокенин абалы оор. Өзү киши болбойм дейт дедим.

– Туура тиркичим. Алар не деди?

– Сакаюусун тилейбиз. Салам айт дешти.

– Сакайбайт деп айт дебедим беле? Абдыкалык бырс күлдү.

– Айттым жарыктык. Алар кокус көз жумса, согуш тополоңуна карабай карыя атабызды, акылман акыныбызды өз даражасына жараша салтанаттуу узатабыз. Өкүлдөрүбүз барат. Биз гана эмес, өкмөт жетекчилери кабардар. Күндө райондон сүйлөшүп турабыз. Басыла элек чыгармаларын топтоп чыгарабыз. Өзү айткандай «Өзү өлсө, сөзүн өлтүрбөйбүз» дешти.

– А... анда санаам тынч. Эмесе, Тиркич моюн, сен жакында чыккан «Семетейдин букардан Таласка келиши» китебин, кезитке басылган бая күнкү жоокерлерге окуган «Өскөн чак, кайраттуу күндөн» тартып, тээ илгерки «Насыятка» чейинки чыккан китептеримди, журнал, кезиттерди мобу үстөлүмө жай. Сыя челек, калем учтарымды, бүтөлек дептерди орду ордуна кой. А сен, Турдалым, мени кийинт, башыма тебетейимди, үстүмө ичигимди жап, бутума чокойду коюп маасыны кийгиз да, мамык отургучума канча чыдасам ошончо отургуз.

Экөө тез чыйрала сүйлөгөнү да, кыймылы да тыңыган сыркоого таңдана, карбаласташты.

Заматта баары айткандай орундалды. Креслосунда ичигине оронуп, тангыз өмүр, кесип жолдошу калем сабын колунан түшүргүсү келбей, алсыз бармак сөөмөйүнө коомай араң кармаса да абага ойсоңдотумуш этти. Басмадан чыккан чыгармаларын бирден кармалап көрдү. Жазуусу бүтөлек дептерди сылагылап узакка көзүнөн алыстатпады.

Анын ар кыймылынан, жаңсоосунан бөтөнчө далайды көргөн Абдыкалык жакын буюмдарын кыя албай коштошуп жатканын түйдү. Үндөбөй кирпик ирмебей баамдашып, дагы эмне дээрин күтүштү. О, көпкө отурууга чыдады.

Жумшак булгаары креслосунда бөжөйгөн Тоголок Молдо ар кыймылды жаземдебей жанында үйрүлгөн уулу Турдалыга башын көтөрө алсыз көзүн алайтты:

– Тың кыздарыбыз бар ээ?

Турдалы маңдайына элпек чөк түштү:

– Бар атаке.

Атасы көпкө көөмөйүндөгү толук жоопту күтө акыркы күчүн үрөй карегин үмүттүү жалжылдатты.

Карт акылмандын ниетиндеги жаңсоосун уулунан көрөк кыйды Абдыкалык түкшүмөлдөй шыпыйган мурутунун учун ууртуна аймай тизе бүктү:

– Жарыктык Молдоке-е, сизди атакелеп сыймыктанган өзүңүздүн наамыңыздагы мектептен сабак алган, сабаттуу такыячан, бешкөкүл бийкечтер туугандарыңызда арбын.

Ал эми эрге тийген кыздарыңыздан бобу Турдалыңыз менен уялаш Сапыя менен Жээнбүбүңүз бар эмеспи.

Тоголок Молдо көңүлүндөгүсүн боолгологон шакиртине жарпы жазыла, күчү кайткан дене боюна кубат кошулгандай көкүрөгүн дагдайта шерденди:

– Тиркич моюнум, таптың. Турдалым экөөң санаамды тынчыттың. Ооба. Сапыям жана Жээнбүбүм бар. Аларым мектепте экенинде ырдашчу эле го.

Берки экөө ноокас карыянын үмүттүү демденгенин колдой удаа дуулдашты:

– Жеке да, чогуу хордо да баштап ырдашчу. Эсиңиздедир, Маскөөдөн орден тагынып келгениңизде өзүңүз бойго жетип сыланган Сапыя менен Жээнбүбү кыздарыңызды катар тургузуп ырдатып кубанбадыңыз беле.

– О, жарыктык Молдоке, ал эки бирдей шайыр кыздарыңыздын үндөрү коңгуроодой. Шаңгырап обон созушса элди айраң таң калтырат. Келин болушканы ого бетер суйсалышып өздүк көркөм чыгармачыктын көркүн ачышканын мобу чекир көзүм канча көрдү, делдең кулагым канча тыңдабады.

Чабал карыя жандана кудуңдады.

– Бүттү. Бүттү. Тиркич моюнум, Сапыям менен Жээнбүбүмө алым сабак создуруу парзы сенин моюнуңда.

Абдыкалык купшуңдай ийиле таазим этти:

– Куп. Окшошкон эки бирдей шайыр кыздарыңызга ой-тоону түрүлтө сыбызгыттырам.

Мына, мына үзүлчүдөй үлүлдөгөн сыркоо атасынын мынчалык жагалданганына чындап сүйүнө, Турдалы обдула бутун солбуду:

– А эки кыз тең чукул айылдарда эмеспи. Киши чаптырайынбы. Дуулдаган жигит күйөөлөрү менен жетип келишет.

Кыраакы карт чекесин чытыды. «Ай уулум, али балалыгың кала элек тура» – дегенди купуя ирмеди да, жумшак үн катты.

– Шашпа-а... Кийинчерээк чакырасың, карындаштарыңды. Аларым аскерлерге жылуу кийим тигип жатышпайбы...

Жанараак ичинен өзүнчө күбүрөп, авага кур ийсеңдеткен калем учун тепейген сыя челегине этиет малып алдындагы аппак барак кагазга жеңил ийкеңдетти.

Абдыкалык капысынан бөдөнө көргөн кыргыйдай чекир көзүн тикирейте моюнун созуп, мүрүсүн куушурулта, эшилте из салынган кагазга үңүлдү. Тобо өлүм алдындагы карыянын дарманы тайыган балбыраган бармактары кадимкисиндей жанданып тири укмуш жаңырык сөздөрдү илмектөөдө. Дүйнөгө, өмүргө ыраазы кош-буштешүүгө камынган даанышман эзелтен салтта бар залкар жосунду улап, өзүнө «Кошок» жазууда. Бардашыңа баракелде. Өзүнүн көзү өткөндө Сапыя менен Жээнбүбү кыздарга алым сабак жоктоо кошогун түзүп жатыр. Баракелде бардашыңа, акылмандыгыңа.

Абдыкалык саал кетенчиктей Турдалыга эринин кесе тиштей аңырайды. «Түк кыймылдабай отуралы. Сен али башың жаш. Кереметтин сырын кийин түшүнөсүң». Өзүн, беркилерди унутуп эң акыркы керезделчү ишке бериле чымыркана киришкен, коштошор акынды алаксытпоолору керек. Оо бироокумда ноокас Тоголок Молдо өбөктөгөн тегерек столунан башын көтөрө, талыган колун барбайтып калемин коюп, чийилген такта кагазды калдырт эттире өйдө серпти.

– Тиркич моюнум, ме, окучу. Сапыя менен Жээнбүбүнү алымсабак созолонтом дейсиң. Моминтип кошушсун.

Абдыкалык дароо октоло устасынын колунан акыркы жазмасын апчыды. Кыраатата окуп кирди.

## КОШОК

Сапыя: Атакем Москваны көрүүгө
Башынан кылдың далаалат.
Жээнбүбү: Сексенге жашың чыкканда
Сейилдикке аралап.

Сапыя: Баркың журтка угулуп
Барып келдиң саламат.
Жээнбүбү: Ошондо жолуң тосконбуз
Кыз бергендей сабалап.
Сапыя: Даражаңыз өскөндө
Таңшыганбыз дааналап.
Жээнбүбү: Атасын кандай кошот деп,
Аял, эркек сагалап.
Сапыя: Каламың катка суурулган
Калкыңа жетип жуурулган
Жээнбүбү: Арманың калбай жалгандан
Ааламдан көзүң жумулган
Сапыя: Ырыска ата бөлөндүң
Лениндин доорунда.
Жээнбүбү: Өзүң өлсөң, эл үчүн
Сөзүң калды соңунда.
Сапыя: Атакем көзү өттү деп,
Дилгирамм учуп тил берген.
Жээнбүбү: Бүткүл кыргыз жоктошуп,
Кадырың ашып иргелген...
Сапыя: Атакем көзү өттү деп
Алыскы жерден көп келген.
Жээнбүбү: Ариеттеп көмүүгө
Атыңды уккан төп келген.

Тоголок Молдо креслосуна чалкалай сакал, мурутун жайкалта, илбирс ичигинин жылуу жакасына жаагын, алкымын жылуулата орой «кошокту» шаңдуу тыңдады. Кулагына Абдыкалыктын чакылдаган үнү эмес эки кыздын алым сабагы заңылдап, көзүнө заңгыраган боз үйдү тегеректеген эл тыңдаганы элестелди.

Чырак күйүп, түн бироокум болгон кезде гана эмки чакырыктар согушка жөнөө камындагы Турдалы атасын баладай көтөрүп, ага дейре шейшептери шаңкайта жаңыртылган мамык төшөгүнө, башы бийик жаздалган керебетке жаткырды.

Акын дагы эле көөнү сергектей, өңү негедир тамылжый, бирок унчукпай өзү эңсегендей мемиреп уйку соосу белгисиз

чексиз дүйнөнүн кучагына тартылды. Ал 1942-жылдын январынын төртүнөн бешине караган таңкы саат алтыда үзүлдү.

Эртеси алтынчы январда Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Совети менен Жогорку Совети «Кызыл Кыргызстан», «Советская Киргизия» газеталар, радио аркылуу бүт кыргыз журтчулугуна аза күтүү, жоктоо кайрылуусун жарыялады:

«Кыргыз элдик чыгармасынын эң карыя жана көрүнүктүү ишмери, таланттуу акын, «Манас» эпосун жыйноочу жана аны айтуучу, ордендүү Тоголок Молдо Абдырахмановдун дүйнөдөн кайткандыгы жөнүндө Кыргызстандын баардык эмгекчилерине билдирет».

Ошондой эле Кыргызстан Жазуучулар, композиторлор, сүрөтчүлөр союздарынын президиумдары некролог жарыялады: «Кыргыз совет адабиятынын жана искусствосунун негиз салуучуларынын бири, эл акыны, Манасты жыйнаган жана айтып жүргөн сүйүктүү эл ырларынын автору, ордендүү Тоголок Молдо Абдыракмановдун ушул жылдын 4-январында борбордук Тянь-Шанда дүйнөдөн кайткандыгын терең кайгыруу менен билдиришет».

Маркум акындын жергесине республика, область, райондун жетекчи өкүлдөрү, чыгармачыл ишмерлер чогулушуп, жердештери менен бирдикте улуу, даанышман адамды зор аза күтүү салтанаты менен акыркы өмүр сапарына узатышты.

А чынында Тоголок Молдо түбөлүк эл кызматына, өлбөстүккө жол тартты…

# МАЗМУНУ

ШҮКҮРБЕК БЕЙШЕНАЛИЕВ .................................... 3
ДААНЫШМАН АКЫН ............................................ 6
«БӨДӨНӨНҮН ҮЙҮ ЖОК, КАЙДА
ЖҮРСӨ БЫТПЫЛДЫК»..........................................61
НАСААТЧЫ ..................................................88
АКЫНДАР АГАСЫ ............................................ 150
ЭКИНЧИ ЖАШТЫК ............................................ 182
КӨҢҮЛ ТОГУРААК ЖЫЛДАР .................................... 249
КАРЫПТЫК БАШКА ТҮШКӨНДӨ.................................. 298
ЭЛКИН ТООГО МЕН ЧЫКСАМ... ................................ 302
ЫҢКЫЛАБ ЫНТААСЫ............................................ 346
КОЛ КИТЕП ................................................ 358
КАБАР БЕРЕМ .............................................. 387
АКЫРКЫ АЙЫГЫШ ............................................ 448
КАЙРАТТАНУУ ЖАНА КАЙРАДАН ТАЛПЫНУУ ...................... 473
ЗАРЫГАМ.................................................. 497
УНУТУЛБАС УЛУУ АКЫН...................................... 512
ЖАМБЫЛДЫН ТОЮНДА.......................................... 525
ШАҢДУУ САПАР .............................................. 573
ДӨӨЛӨТТҮҮ КАРЫЛЫК ........................................ 597
ӨТКӨН ЧАК, КАЙРАТТУУ КҮН .................................. 635
КОШОК.................................................... 641

*Адабий-көркөм басылма*

«Окурмандын китеп текчеси» сериясы

35-том

**ШҮКҮРБЕК БЕЙШЕНАЛИЕВ**

# *БОЛОТ КАЛЕМ*

*Экинчи китеп*

Басмага даярдаган: *Өмүров Б.*
Тех. редактор: *Жанышбекова А.*
Корректору: *Турсуналиева А.*
Компьютердик калыпка салган: *Өмүров Б.*

Терүүгө 06.06.2018. берилди.
Басууга 17.07.2018. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84$^{1}/_{16}$.
Көлөмү 40,375 б.т. Нускасы 500. Заказ № _____.

**«Турар» басмасында басылды.**